КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРүү ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

**Закиров Акимжан**

Ψ

# ПСИХОЛОГИЯ

*Бул окуу китеби бир канча бөлүмдөр менен толукталып, оңдоп-түзөтүлүп үчүнчү жолу чыгарылышы*

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин окуу-методикалык бирикмеси тарабынан (2010-жылдын 22-июнундагы № 366 / 1 чи буйругу боюнча), жогорку окуу жайдын студенттери үчүн окуу китеби катары басмадан чыгарууга сунушталган

Бишкек – 2020

УДК 159. 9
ББК 88. З – 18

**Сын – пикир жазгандар:**
**Элчиев Ж. -** филогогия илимдеринин доктору, профессор;
**Үкүева Б.К. –** Педагогика илимдеринин доктору, профессор;
**Мурзаев М.С.** – психология илимдеринин кандидаты, профессор.

**Закиров А.**
**Психология.** *Окуу куралы.* – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2020. – 392 б.

ISBN № 99 – 03 – 178 – 9

Бул окуу китебинен жаш адистер окуучуларды, студенттерди ар тараптуу тарбиялап окутууда балдардын инсандык сапаттарына, жүрүм-турум нормаларына ээ кылуучу теориялык түшүнүктөр менен таанышып, күндөлүк турмушта өз жүрүм – турумун башкарууга мүмкүндүк берген психикалык эрежелерди окуй алышат.

Окуу китеби жогорку окуу жайынын жаш психолог окутуучуларына, студенттерине, мектеп мугалимдерине жана жалпы кызыгуучуларга багытталат.

УДК 159. 9
ББК 88. З – 18

З.43 03 000 000 – 03

ISBN № 99 – 03 – 178 – 9

© Закиров А., 2020

*Атам Закирдин, апам Забиянын,*
*жубайым Макынын жаркын*
*элестерине арнайм.*

# Киришүү

Адам баласынын жаратылышын таануу - азыркы күндө эң маанилүү фактордун бири. Алардын ичинен, психология илими адам баласынын жүрүм-турумун коомдук талапка жараша башкарууда негизги орунда тура тургандыгын эч ким талаша албас. Бирок, ошондой болгону менен кыргыз мамлекетинде жашаган, анын ичинен кыргыз тилинде сүйлөп, ал менталитетке ээ инсандар үчүн, психология предметинин мыйзам ченемдерин күндөлүк жашоосунда колдонуп, иш- аракеттерин жеңилдетүүдө жогорку деңгээлде натыйжа бербей жаткандай сезилет. Анткени психология багытындагы изилдөө жыйынтыктар, окуу китептери орус тилинде, орус маданиятында жазылып, айрым бир керек болгон учурларда кыргыз менталитетине дал келбей, жашоо-турмушта толук өз күчүн көрсөтө албай калган жагдайларга күбө болуп жүрөбүз. Мисалы, психология предметтеринде жазылган сөз тизмектеринин маани-маңызы (коннотациялык негизи) боюнча дал келгени менен, алардын маңызын жаратып турган (денетациялык формалары) предметтик көрүнүштөр орус маданиятынын менталитетинен алынгандыктан, китепти окуп жаткан кыргыз окурмандар таанып билбеген кубулуштарга, предметтерге учурап, айрым субьективдүү мазмундарды эске сактап калуу кыйынчылыкты туудуруп жатат.

Психологияны окуган инсандар (студенттер, окутуучулар) анын психикалык мыйзам ченемдерин жогорку аң-сезимдүүлүктө таанып, немец философу В. Гумбольд тарабынан негизделген «Аң-сезимдин тили» концепциясы аткарылбай жатат. Ошондуктан психология предметин жакшы түшүнүп, анын мыйзам ченемдерин практикада колдонуш үчүн биздин оюбузча, кыргыз окурмандарына кыргыз тилинде, кыргыз менталитетинин маданиятында жазыл-

ган окуу куралдарынын болушу билим алууда өтө пайдалуу деп ойлойбуз.

Психология башка илимдерге караганда жаш илимдердин катарына киргендиктен, азыркы күндө кыргыз менталитетинде кеңири колдонулбастан, биздин жошоодо өз маңызын толук кандуу таба албай жатат. Ошондуктан элдин калың катмарына сиңирип, кыргыз элинин “оорун колдон, жеңилин жерден” ала турган колдонмо предмет болсун үчүн бул китеп кыргыз маданиятына таянуу менен жазылды. Айрыкча психологияга байланышкан гуманитардык илимдердеги фолософиянын, этиканын, эстетиканын, лингвистиканын жана ушундай эле табигый илимдердеги физикалык, химиялык, биологиялык илимдердин мыйзам ченемдери менен негизделген тарыхый факторлор, кубулуштар, теориялык эрежелер колдонулду.

Бул илимди жаш дегенибиздин себеби, 1879 – жылы немец философ-психологу Вильгеним Вундт тарабынан Германиянын Гейдельберг шаарындагы Лейпциг университетинде биринчи жолу психологияны философия илиминен бөлүп, психология лабораториясын түзгөндүктөн, башка илимдер сыяктуу илимдердин бир агымы катары жашап келе жатат. Эгерде ушул тегиздиктен карай турган болсок психологиянын өзүнчө илим болуп жаралышында орус психологдору, психологиянын тарыхы менен иштеген М.Г.Ярошевский, В.А.Якунин, А.Н. Ждан, психологиялык теорияларды негиздешкен Л.С. Выготский, В.М. Бехтерев, А.Н. Леонтьев ж.б. болсо, алыскы чет өлкөлүктөр: итальиялык философ- психологдор Д.Антисери, Дж. Реале, англиялык философ-психологдор Л. Бертрана, Н. Рассела жана америкалык психологдор Ф. Александра, Ш. Селестика, Д. Шульц, Т. Лихи, Н. Смит, австриялык психиатр-психолог З.Фрейд, германиялык философ - психологдор В. Вундт, Э.Фром ж.б. окумуштуу илимпоздордун аттары менен эл арасына тарап өзүнчө предмет болуп жашап жатат. Окурмандарга сунуштalып жаткан бул окуу китеби ушул классик философ-психологдордун чыгармаларына таянып психологиянын предмети негизделди.

Эгерде психологияны кыргызстандын чегинде карай турган болсок, көп жылдар бою илим - изилдөө жаатында иштеп, элге билим берүү багытында эмгектенип, психология боюнча билимди

убагындагы СССР учурунан ушул күнгө чейин, Москва, Санкт-Петербург (Ленинград), Ташкент, Алма-ата ж.б. шаарларындагы психология багытындагы окуу жайлардан билим алышкан С.И. Гершук, Н.Н. Палагина, А.А. Брудный, К.Миңбаев, Ч.А. Шакеева, Э.С. Орозалиев, К. Кененбаева, А. Закиров, М.С. Мурзаев, Т. Коңурбаев, Камчыбек уулу Мырзабек ж.б. окумуштуу илимпоздордун илимий эмгектеринен, окуу китептеринен тандалып алынып жазылды.

Бул окуу китебин жаратууда мени менен бирге иштеп, психология багытына иштөөгө багыт берген, бул китепке чейин кыргыз тилинде жазылган К.Миңбаевдин, 1990-жылы жарык көргөн «Жалпы психологиянын кыскача курсу», 1995-жылы чыккан «Курак жана педагогикалык психология», 2000-жылы «Адам психологиясы» деген окуу китептери кеңири колдонулса, А. Закиров тарабынан кыргыз тилинде жазылган 1996-жылы «Инсандык сапаттарды изилдөөчү ыкмалар», 1996-жылы «Этнопсихологияга киришүү», 1998-жылы Психодиагностика: адамдын ички дүйнөсүн таанытуучу ыкмалар», 2005, 2015- жылдары жарык көргөн «Психология боюнча практикум», 2006, 2015 – жылдары жарык көргөн «Психология», М.С. Мурзаев менен биргеликте 2015 – жылда жарык көргөн “Этнопсихология” деген окуу китептери ушул окуу китебин жаратууда кеңири колдонулду.

Бул окуу китептин ***максаты*** – бакалавр жана магистр багытындагы студенттердин компетенттүүлүгүн калпытандыруу багытында, психология предметинин методологиялык негиздерин, ага тиешелүү проблемаларды изилдөө менен, адамдын күндөлүк жашоосундагы проблемаларды туура чечүүдө колдонуучу теориялык жана практикалык маалыматтарды үйрөнүү болуп саналат.

Китеп киришүүдөн, психология предметинин пайда болуу тарыхынан, инсан жана ишмердүүлүк, инсандардын өз – ара мамилесинин, баарлашуу, үй - бүлөнүн психологиясы, таануу процесстери, эмоционалдык абалдары, инсандык сапаттары, конфликттик абалдын психологиялык өзгөчөлүктөрү жана кортундулоодон, өздөрүнчө бөлүм- дөргө ээ болгон жыйырма бөлүмдөн турат. Студенттердин психология боюнча билим алышына негизделген тео-

риялык жана практикалык мазмунга ээ болгон маалыматтар менен кошумчаланып толукталды.

Ал эми окурмандарга коюулуучу ***талаптар:***

1. Ар бир бөлүмдөгү психикалык мыйзам ченемдүүлүк принцибиндеги теориялардын маани - маңыздарын өз улуттук аң-сезимдеги менталитетинде таануу менен, ал мыйзам ченемдерди практикада колдоно билүү;
2. Психикалык мыйзам ченемдердин практикалык оордун, фактыларын жана психикалык механизмдерин бирин экинчисинен айырмалап таанып билүүгө жетишүү;
3. Психикалык факторлорду конкреттүү ыкмалардын жардамында эксперименталдык негизде изилдеп, алынган факторлорду психодиагностикалык мазмунда анализдеп, жыйынтык чыгара алуу;
4. Окурмандардын билимин текшерүү багытындагы уюштурула турган, өзүн- өзү текшерүүгө мүмкүнчүлүк берген иш-чараларды уюштура алуу менен, усулдук ыкмаларды практикада колдонууга жетишүү;
5. Болочок жаш адистердин профессионалдык компетенттүүлүгүн калыптандыруу багытындагы жыйынтык -тоочу окууну (ЖО): билүүгө, ык – машыгууга жана үйрөнүүгө жетишүүлөр, китептин негизги мазмуну болуп саналат.

Китеп адам психологиясына негиз боло турган психикалык мыйзам ченемдерди, илим катары таанууга негиздеме бере алган материал болуп саналат. Китептеги маалыматтар, тарыхый факторлор, грек философторунан баштап, ушул күндө кеңири мазмунда окулуп жаткан гуманитардык жана табигый илимдердин теорияларына, психикалык мыйзам ченемдерге жана аларды изилдөөгө мү мкүнчүлүк берген ыкмаларга негизделип, кошумчаланып үчүнчү жолу басмадан чыгарылып жатат.

Айрыкча, психологиянын тарыхы, ишмердүүлүктүн психологиясы, инсандардын өз – ара мамлеси, үй – бүлөлүк мамиленин психологиясы, группа жана коллектив, конфликттин психологиясы кошумчаланды. Мындан сырткары ар бир бөлүмдөгү мыйзам ченемдер, психикалык факторлор жана структуралык өлчөмдөр дагы кошумчаланып, жаңыланды. Психология боюнча түшүнүктөрдүн

рамкасы кеңейтилди. Психологияга салымы бар философ - психолог окумуштуулардын сүрөттөрү, мыйзамдардын класстарынын таблицалары, темага керектүү болгон графиктер, чиймелер менен коштолуп, окуп – үйрөнүүнүн көрсөтмөлүүлүгү күчөтүлдү.

Сөзүбүздүн аягында ушул китепти басмага даярдап чыгарууга жакындан жардам көрсөткөн, ОшМУда иштеген филсофия жана психология багытындагы илимпоздорго, методисттерге, кыргыз лингвисттерине, убагында мени менен бирге иштеп, азыркы күндө Манас - Түрк университетинде иштеп жаткан, профессор М.С. Мурзаевге, ОшМУнун жалпы психология жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана психология кафедрасынын профессордук – окутуучулук курамдын мүчөлөрүнө, резцения жазган илимпоздорго чоң ыразычылыгымды билдирем.

Китептин мукабасындагы срөт, окумуштуулардын сүрөттөрү жана таблица – графиктер интернеттен алынып коюлду.

*Биринчи бөлүм*

# ПСИХОЛОГИЯНЫН ПРЕДМЕТИ

*Билим алуу кымбат турат, бирок билимсыз калуу андан кымбат.*
***Сократ** (б.з.ч. грек ойчулу).*

## § 1.1. Психологиянын пайда болуу тарыхы

Ар бир илимди үйрөнүүдө алгач: «Анын предмети эмне? Бул илим эмнени үйрөтөт. Кандай кубулуштарды өз ичине алат?» деген суроолордон турары бышык. Мындай суроолорго жооп бербей туруп, предметти үйрөнүүгө киришүү мүмкүн эмес. Себеби ар бир илим обьективдүү чындыктын чексиз касиеттеринин сферасын бөлүп алып, ошол сфераларга кирген кубулуштарды ар тараптан изилдейт. Мисалы, физиология илими организмдин жашоо аракеттерин, химия- заттардын түзүлүшүн, астрономия - асман телолорун үйрөтөт. Ушул сыяктуу эле психология илиминин да изилдей турган өз кубулуштары закон ченемдүүлүктөрү, категориялары бар.

Ушул күнгө чейин психология илиминин тарыхында анын предмети жөнүндөгү проблема бир жактуу чечиле элек. Бирок, ошондой болсо дагы коомдук формациянын жашоо деңгээлине жараша философиялык көз караштар жаралып, мезгил - мезгили менен психологиянын маңызына маани берүүгө аракеттер жасалып келген. Ошондуктан азыркы күнгө чейин ар бир замандын мезгилине жараша психологияны түшүнүүгө багытталган ар түрдүү агымдар пайда болуп, психология предметин чечмелөөгө аракеттер болуп келет. Айрыкча, материалисттик жана идеалисттик көз караштагы философ-психологдордун ортосунда кескин карама-каршы түшүнүктөр пайда болуп, психологиянын предметинин бир жактуу болушуна мүмкүндүк болгон эмес. Мындай карама – каршылык азыркы күндө да жашап келе жатат. Бирок, бул карама – каршы багыттагы ойчулдардын көздөгөнү бир, бирок психология-

нын преметин чечмелөөдө экөө эки башка жол, метод, идея менен түшүндүрүүгө ээ бол- ушкандыктан алар бир жактуу келишимге келе алышпай, бир жактуу чечим чыгара албай жатышат.

Алсак, материалисттер да, идеалисттер да психологиянын предмети катары психикага мүнөздүү келген психикалык феноменди, мыйзам ченемдерди, факторлорду жана психиканын кыймылга келүү механизмдерин изилдеп таанууга мүмкүндүк берген методдорду таануу, психологиянын предмети экендигин аңдап таанышат. Бирок анын адам затына таандык касиеттерин көрсөтүүдө эки башка жолду тандагандыктан аларды идеалистер жана материалисттер деп билебиз. Бул агымдагы ойчулдардын бири дагы танбайт, психологиянын предмети “жан дүйнөнүн” механизминен жарала тургандыгын. Бирок психологияны түшүндүрүүдө эки башка жол менен бара жаткандыгы психологияны колдонуп жаткан адамдарга психика жөнүндө эки башка көз караштарды жаткандыгы менен айырмаланып жатышат.

Эгерде психологиянын жаралуу тарыхына көз чаптырсак аны үч чоң мезгилге бөлүүгө болот. Биринчиси, психологияны түшүндүрүүдөгү философиялык өнүгүү. Мындай өнүгүүнүн биринчи мезгили адам коому жаралгандан баштап XVII - кылымга чейинки мезгил болсо, экинчи мезгил XVII - кылымдан XIX – кылымдын 70 – жылдарына чейин жашаган, үчүнчү этабы болуп 1879 – жылдан баштап ушул күнгө чейинки психологиянын изилденип чечмеленишин айтууга болот. Үчүнчү этаптын башталышы, илимде психология багыттындагы дагы бир фундаменталдуу илимдин пайда болгондугун мүнөздөйт.

Ала турган болсок, биринчи - эки этаптагы идеалист философ-психологдор аң-сезимди, духту, идеяны биринчи, ал эми материалдык дүйнөнү, жаратылышты, адамдарды, буюмдарды, аң-сезимде, ой-пикирде гана жашайт деп келишет. Мында психика обьективдүү материалдык дүйнөнүн баш мээде чагылышы болбостон, тескерисинче, анын пайда болуу булагы катары түшүндүрүлөт.

Ал эми материалисттер материяны биринчи, аң-сезимди анын туундусу катары карашат. Психика материадан сырткары жашабайт, ал жогорку деңгээлде өнүккөн баш мээнин иш-аракетинин гана натыйжасы деп эсептешет. Материалисттер мындай жыйын-

тыкка механикалык вульгардык-материалисттик агым менен кү рөшүүнүн натыйжасында келишкен. *Вульгардык* (немис сөзүнөн алынып, саясаттын, маданияттын конфиденциалдуулугун билдирген түшүнүк), материалисттер психикалык кубулуштардын өзгөчөлүктөрүн таанышып, механикалык кубулуш менен бириктирүүгө аракеттенишкен. Аң-сезимди түшүндүрүүнү ашкере жөнөкөйлөштүрүшкөн, аны материяга окшоштурушуп, «боор, өттү кандай бөлүп чыгарса, мээ ойду ошондой бөлүп чыгарат», дешкен. Алар адамдын аң-сезимдүү аракетин жокко чыгарышып, аны машина механизминен айырмалашпайт. Ушундай ар түрдүү карама-каршы көз караштар психологиянын предметин түптөөгө бир катар тоскоолдуктарды келтиргенине карабай бир катар оңдоолордун, түзөтүүлөрдүн негизинде психология өзүнчө илим болуп өсүп келе жатат.

Ошентип, психологиянын предметин түшүнүү коомдук өнүгүү нүн ар түрдүү деңгээлинде андагы илимдердин техникалык өнүгүү эволюциясына жараша түрдүүчө чечмеленип, азыркы күнгө чейин бардык окумуштууларды ынандырган бир бүтүм чыгарыла элек.

Негизинен, психологиянын предметин аныктоодо рационалдык, эмприкалык, бихиовиристтик, гуманистик, когнитивдик, психоаналитикалык, европалык, россиялык (убагындагы советтик) ж.б. психологдордун көз караштары деген агымдар жашап келе жатат.

Эгерде орус психологу А.Н. Ждандын психология боюнча тарыхый изилдөөсүнө таяна турган болсок, психология өзүнчө көз карашка ээ болгон илимдин бир тармагы. Психология түшүнүгү пайда болгондон бери, бир канча агымдарга бөлүнүп, ар бири адамдын ички дүйнөсүн түшүндүрүүгө аракет жасап келе жатат. Орус психологу А.Б.Шорокованын изилдөөсүнө таяна турган болсок, азыркы күндө психология 162 ден ашык тармакка бөлүнүп, көптөгөн илимдин предметтеринин өзүнчө психологиясы жашап келет. Мисалы, медициналык психология, юридикалык психология, инженерлик психология ж.б. Булардын ар биринин илимий концепциялары өз негизинде психологиянын өнүгүшүндөгү алдыга шилтелген кадам болуп келет. Психологиянын предметин тактап алуу, адамдардын жүрүм-турумун, иш-аракетин, коомго тийгизген таасирин, коомдо-

гу ордун аныктоого мүмкүндүк берет. Ошондуктан психологиянын илим катары жаралышын, үч мезгилге бөлүүгө болот.

Биринчи мезгил – *психология "жан дүйнөнүн" илими катары таанылышы* (философия илиминде жан дүйнө жөнүндөгү изилдөөлөрдөн баштап, илимдеги жаңы жаралуу (XVII - кылым) доорундагы психика жөнүндөгү баардык изилдөөлөрдү айта алабыз. Бул мезгилде адам баласы дүйнөнү туура таанууда жан дүйнөгө өтө активдүү киришкендиктен, изилдөөчүлөр "жан" деген түшүнүккө матералисттик, идеалисттик, кудайга ишенүүчүлүк көз караштарда карап, жанды (психиканы) жандуу жаныбарлардагы жашоо динамикасын көрсөтүүгө аракеттерди жасашкан. Булардын ойлоруна караганда *жанды* таануу, адам баласына мүнөздүү болгон адептүүлүк сапатына салыштырмалуу, дүйнөнүн көрүнүшүн туура таанууга аракеттер жасалган. Мындай өзгөчөлүктөрдү психологиялык терминдер менен айта турган болсок: акыл-эс, ааламга ой-чабыттарды жасоо, туюу сезимдерин жаратуучу (сезүү жана кабыл алуу), эс, көз алдыга келтирүү (представления), элестетүү, эмоция, аффект, эрк, мүнөз жөндөмдүүлүк аркылуу жан дүйнөнү таанууга аракеттер жасалган.

Экинчи мезгил - *психологияны аң-сезим катары таануу* (XVII - XIX кылым аралыгындагы мезгил). Алсак,

психологиянын теориясында интроспекциялык экспери – менталдык изилдөөлөрдүн жүрүшүн айтууга болот. Мындай касиеттерге рефлекс, биологиялык жана духовный керек- тиктер, аң-сезимсиз абалдар, психикалык перцепция жана апперцепция, ассоциатиптик мыйзамдар, физикалык убакыттарды таануу, сезүүнүн босоголору, психофизиология, унутуунун кыйгач сызык графиги, тукум куучулуктун психикага тийгизген таасири, адам баласындагы таланттуулук (одаренность) ж.б. жөнүндөгү изилдөөлөрдүн өнүккөндүгү менен негизделет.

Үчүнчү мезгил, жигирманчы кылымдан ушул күнгө чейинки убакыт – *психология, жүрүм-турум катары таанылышы*. Башкача айтканда америкалык психолог Дж. Уотсон тарабынан жаныбарлардын жүрүм-турумуна карата эксперменталдык изилдөөлөрдүн жүрүшү. Алардын жүрүм-турумуна карата психиканын механизминин өзгөрүү динамикасы. Мындай механизмдерге математика-

лык эрежедеги ыктымалдуулук теориясына мүнөздүү статистикалык эксперименталдык изилдөөлөр, аларды иштеп чыгуучу математикалык окшоштуктар, психикалык процесстерди, абалдарды аппараттын жардамында изилдөгө жетишүү. Ушул изилдөөлөрдүн жардамында шарттуу жана шартсыз рефлекс, керектикти канааттандыруу (подкрепление), изилденүүчүлөрдү жана изилдөөчүлөрдү үйрөнүү, жүрүм-турумдарды модификациялоо ж.б. изилденген маалыматтарды айтууга болот.

## § 1.2. Психологиянын биздин заманга чейинки философиялык көз караштары жана анын генезиси

Биздин заманга чейинки доордо дүйнөнү илимий негизде таанууда Греция мамлекети илимий өнүгүүнүн борбору болуп, көптөгөн илимий терминдер грек тилинде жаралып, илимий философия адам коомун туура таанууда адамды жана адамдын жан дүйнөсүн жаратылыштын бир бөлүгү катары кароо менен үйрөнүүнү (логосту) фантазиядан жана мифтен бөлүп алууга жетишкен. Адам баласынын өзү изилдөөгө муктаж болгон изилдөө обьектиси экендигин таанышкан (Д.Антисери, Дж.Раале. 2001).

Эгерде изилдөөнү андан ары тереңдете турган болсок дүйнө, дүйнөнүн жаралуу себептери, аларга карата жасалган обьективдүү жана субьективдүү тынчсыздануулар, аларга карата ой-чабыттардын жаралышынын негизинде адамдын жан дүйнөсүнө тереңдетилген маани берилген. Натыйжада психология илиминин предметин жаратып турган (адамды ар тараптуу кыймылга келтирген) күч катары *психиканы* (грек тилинен кыргыз тилине которгондо *жанды*) психология деп окуп үйрөнүү менен, адамдын ким экендигин таанууга боло тургандыгына маани беришкен. Ошондуктан психологияга анализ бере алган, жогорку акыл-эстүүлүктө, адам баласынын жашоосуна пайдасын тийгизе турган *рационалдык* (латын сөзүнөн алынып – акылмандуулук, ойлоно алуучулук дегенди билдирет) психологиянын агымы пайда болгон. Ал психологияны түшүндүрүү менен, адам баласынын жашоого карата болгон каалоосун, жаратылыштын ичинен издеп табылган маалыматтарды

адамдын күндөлүк керектиктерин канааттандырууга багыттоо, ишке ашыруу, алардын негизинде жаңы образдарды, идеяларды жаратууга керектеле турган -дыгын таанууга жетишкен.

Биздин заманга чейинки философиялык көз караштагы психологиялык окууну үч *мезгилге* бөлүүгө болот:

Биздин доорго чейинки 6 - кылымдан, 3-2 - кылымга чейинки мезгил. Бул мезгилдин ички шарттарына жараша дагы үч убакытка бөлүүнөт.

*Биринчи убакыт* – өзүнүн мүнөзүнө жараша *атомдук* мезгил деп аталып, психологияны материалисттик негизде таануу менен психиканы материалдуу кароого жетишкен.

Андай иш аракеттин түрүнө:

– Адамдын жашоосу космос менен байланыштуу экендигине маани берип, адамга керектеле турган космостук теорияларды жаратуу (асмандагы айдын, күндүн кыймылдарына карата күндүн, айдын, жылдын кайталануу циклине жараша жашоого керектүү болгон жердеги өзгөрүүлөр. Буларга бир сутканын убакыттарга (сааттарга), айдын жумага, жылдын айларга бөлүнүшү менен жердеги мезгилдер адам үчүн жемиштерин бере тургандыгына маани берип, алардын андан ары өркүндөлүшү;
– Жер шарында жандуу жашоонун өнүгүшү убакыттын өтүшү менен биологиялык мыйзамда өнүгө тургандыгын таануу жана ал жашоонун булагы экендигине маани берип ага ыкташуучулук;
– Ааламдын жаралышына, анын ичинде жердин жаралышына илимий гипотезалардын, болжолдуу теориялардын, ааламда биринчи болуп эмне жаралгандыгына анализдердин жаралышы (биринчи тоок жаралганбы же тукум жаралгапнбы деген сыяктуу) ой жоромолдордун пайда боло башташы.

*Экинчи убакыт* – биздин заманга чейинки психологияга маани бере турган гуманисттик - идеалисттик атомисттердин иш аракетин айтууга болот. Булардын иш аракетиндеги белгилерге:

– Адамдын жаратылыш менен өз ара мамиледе болууга кызыгуусу;

– Жогорку дүйнөнү таанууга философиялык концепцияны жаратууга аракеттердин жаралышы;
– Акыл – эсти эң жогорку акылмандуулуктун баалуулугу катары таануу;
– Адептүүлүктүк, адамгерчиликтин туу чокусу экендин таануу;
– Дене менен жан дүйнөнүн бири – бирине карата болгон өзгөрүлмөлүүлүгүн таануу, андай факторлорго: дененин жан - дүйнөгө эң жакшы субстанция боло алышы; дене жан – дүйнөүн өнүүгшүнө кокусунан өз касиеттерин тийгизиши; тело жан-дүйнөнүн түрмөсү катары каралышы.

*Үчүнчү убакыт* – эң акыркы биздин заманга чейинки психология боюнча атомисттердин доору. Ал төмөндөгүдөй мүнөздөргө ээ болгон:

– Диндик эрежелерди жаратуу, аны акыл – эсти өнүктүрүүнүн концепциясы катары таануу;
– Диндик эрежелерге карата адам баласынын жашоого карата өзүн өзгөртө башташы. Мындай факторлорго: адам буга чейин өзүн жаратылыштын бир бөлүүгү катары карап, өзүн баатыр, сулуу, берешен, сүйүү культтунун баардык элементтерине татыктуу эсептесе,
– жогорку айтылган фактордун негизинде кудайдын кулчулугун жасаган адам катары таанып,
– жашоосундагы кетирген күнөөлөрүн жоюу багытындагы иш аракет жасаган адам катары өзүн тааный башташы.

Атомист психологтордун жогорку убакыттарда айтылган психикалык факторлору боюнча аткарылган иш аракеттерине таяна турган болсок, адам баласынын инсандык сапаттарын калыптандыруу багытындагы жашоого карата тынчсызданууу, адамдардын абалын калыптандыруучу, эрктик жана эмоция - налдык абалдарын өркүндөтүү, интеллектуалдуулугун жогорулатуу багытындагы приоритеттүү багыттарды тандоо
иш аракеттери жасалгандыгын байкоого болот.

# § 1.3. Жан-дүйнөнү жаратылыштан бөлүп таанууга карата биздин заманга чейинки атомис материалисттердин философиялык концепциясы

Биздин заманга чейинки атомис философтор, ааламга анын ичинде жердин жаралышы жөнүндө ой жүгүртүп, атомго байланыштуу болгон, алгачкылардан болуп пайда болгон суу, аба, от, өз ара аракеттенишүүсүндө, жерди жарата турган атомдордун негизинде материянын пайда болгондугун айтышкан. Бул факторлорду деталдап карай турган болсок фолософ - ойчулдар ал түрдүү убакытта жашаганына карабастан биринин ой - логикасын экинчиси улап, бирдиктүү жыйынтык чыгарууга аракеттер жасалган.

Биздин заманга чейин 624-546 жыл мурда жашаган Фалес Милетско материя бул *суудан* жаралган деп белгилеп, алгачкы жолку "физикалык телонун жаралышына" негиздеме берген. 570-500 жылдары Анаксимен аалам, *абадан* жаралып, ал материяга өткөндүгүн айтат.

***Гераклит Эфесский*** материя нын биринчи элементи болуп, "*от"* болгон деген. Андан кийин материянын калган бөлүктөрүнүн жаралгандыгын айтат. Анын оюна караганда жашоо жана өлүм, ден-соолук жана оору, түш көрүү жана өзүн жакшы сезүү, материяга символикалык негизде өз таасирин бергендиктен жогорку айтылгандар жарай тургандыгын айткан. Натыйжада дүйнөдө жашоонун алгачкы жолку абалын жаратуу менен, ааламдын бир планетасы болгон жер жаралып, жогорку факторлордун өз ара аракетинин негизинде жердин бетинде тиричиликтин пайда болгондугун негиздөөгө аракеттерди жасалган.




**Гераклит** б.з.ч. 536-470-жылдарда жашаган грек ойчул-философ.

Биздин заманга чейин 500 жыл мурда ***Алкмеон*** алгачкы жолу психологиянын бир фактору болгон ойлоо процессине эп келбеген рационалдык концепция жараткан. Ал концепцияда ойлоонун жаралышы, мээ өзүнөн былжыр заттар менен кошо темирдин элементтерин кандай

чыгарса, ойлоо дагы ушул сыяктуу ойдун негизин чыгаруу менен *угуу* жана *көрүү* процесстерин жаратып, ойлоого мүмкүндүк берет деген. Ошол мээден чыгып жаткан ойлоонун начарлашы, мээден чыккан каналдар толуп калган сыяктуу ойлоонун начарлашын пайда кылат дешип, интеллектуалдулуктун жогору жана төмөн болушу менен "паам-парасат" пайда болот деген. Натыйжада *Алкмеон* биринчи болуп, мээси борборлошкон жаныбарларга изилдөө багытындагы байкоолорду жүргүзө баштаган.

Дагы бир биздин заманга чейин 490 - 430 жыл мурда жашаган окумуштуу философ *Эмпедокл* - дүйнө бул жандуу сүйүү жана жек көрүү энергия сынын өз ара аракетинин негизинде, жандуу жаныбарлардын жашоого карата болгон тиричилигин жаратат - деген.

***Демокрит*** - биздин заманга чейин 460-395 – жылдардын аралыгында жашап, атомистик философияны жаратуу менен "жан дүйнөнү – психиканы" түздөн – түз дүйнөдөгү атомдук материя менен таанууга болбой тургандыгын эскертип, муну менен дүйнөдөгү предметтердин чоңдугун, кыймылын, заттуулугун таануу жандуу сезүү аркылуу жүрүп, ал аркылуу жан - дүйнөнү таанууга боло тургандыгын негиздеген философ болгон.



**Демокрит** – б.з.ч. 460-395 – жылдарда жашаган, атомистик грек ойчул-философ.

Жыйынтыгында жан - дүйнө аркылуу, жандуу жана жансыз жаратылышты таанууга жетишүү менен, дүйнөнү бир канча категорияларга бөлүүгө жетишкен ***психологияны "панпсихизм "-*** деген түшүнүк менен илимге киргизген. Демокриттин оюна караганда адамдын "жан дүйнөсү" өзгөчөлөнгөн эң майда өзгөчө жылмакай, тегерек, өзгөчө бир кыймылга ээ болгон атомдордон турган материя – деген. Жан - дүйнөнү кыймылга келтирип турган атомдор адамдын баардык денесинде жашагандыктан адам, атом тарабынан пайда болгон энергиянын эсебинен дайыма кыймылда болуп, белгилүү жумушту аткаруу үчүн ойлоо системасын жаратып турат деген чечимге ке-


лүүгө болот. Ошондуктан *дене* менен *жан - дүйнө* эки башка атомдон турган материя болгону менен, алар бир система үчүн кызмат кыла тургандыгын негиздегендиктен *Демокритти* материалисттик философ дейбиз.

Адамдын ички энергияга ээ болуп, дем алуу процессин жаратып турушу адамдын жан - дүйнөсүнүн жашоосун кармап туруудагы атомдук иш аракеттин механизми экендигин мүнөздөйт. Ошондуктан дем алуу , дем чыгаруу адам баласы үчүн психикалык мүнөзгө ээ болгон механизм. Аба, дем, жан - дүйнө бири - бирине байланышкан психотерапия. Булар бирин - бири коштоп денени жана жан дүйнөнү азыктандырып туруучу булак (аккумулятор). Бул процесстерди психотарепиядан кеңири учуратууга болот. Ооруу, адам баласына таандык болгон атомдордун пропорциялык катыш-тагы абалдан чыгып кетүүсүн түшүндүрсө, карылык, адамдагы жылма атомдордун барган сайын кыймылы акырындап, азая башташы менен мүнөздөлөт. Демокриттин оюнда атом өлгөн адамдарда өтө аз сандагы атомдор болуп, такыр жок кетпестен кала тургандыгын айтып, адамдарда өлгөндөн кийин белгилүү убакытка дейре алсыз жашоо боло бере тургандыгы мүнөздөгөн. Чачтын, тырмактын ж.б. ушул сыяктуу мүчөлөрдүн өсүшү.

Демориттин окуусун андан ары тереңдете турган болсок, дүйнөнү таануу эки деңгээлдүү процесс катары кароого болот. Булар кабыл алуу ( туюу) жана ойлонуу. Мындан айтууга болот канчалык кабыл алуу жогорку деңгээлде жүрө турган болсо, ошончолук чындыкка жакын таануу процесси пайда болуп, жашоонун эрежесине ылайыктуу болгон теориялар жаралат. Ал эми ойлоо - жан дүйнөгө жарык берген жашоого керектүү болгон билимдердин суммасын берет. Бирок бул ката - кетүү менен алымчаланып, кошумчаланып улам түзөлүп, оңолуунун үстүнөн иш алып барат. Натыйжада чындыкты жаратуу үчүн кызмат кылат.

Мындай иш аракеттер турмушта, ачуу чындыкты, ачуу даамды, жалындаган ысыкты, муздай болгон суукту, тескерисинче жашоого карата болгон жарыктын шооласын, чындыкты жарата турган ишенимди жана кайдыгерликти пайда кылып турушат, ж.б..

## §1.4. Гиппократтын медициналык мектеби жана философиясы



**Гиппократ** б.з.ч. 460-377- жылдарда жашаган грек медициналык ойчул-окумуштуу.


Гиппократ биздин заманга чейин 460-377 жыл мурда жашаган грек медициналык окумуштусу. Азыркы күнгө чейин медицинанын атасы деп айтылып келген медик жана философ. Гиппократ биринчилерден болуп адам баласындагы психотарепиялык ооруларга маани берип, ал оорулардын пайда болуу себептерин анализге алып, аларды дарылоонун медициналык негиз- дерин жараткан ойчул. Андай невротикалык оорулууга: депрессия, ипохогдрия, истерия, психопатия, паранояальность, психоастения, шизоидность, гипомания ж.б. көптөгөн ооруларды киргизүүгө болот. Мындан сырткары адамдарды дарылоонун этикалык нормаларына чоң маани берип, адам баласындагы төрт суюктуктун пропорциялык (эмпедокалык) катышына жараша дарылоону сунуштап адамдын жашоосуна чоң өзгөрүүнү киргизе алган. Ал азыркы күндө “темперамент” грек тилиндеги термин менен берилип адам баласы кеңири пайдаланып жатат (бул түшүнүктү темперамент деген бөлүмдөн кеңири окуйбуз).

## § 1.5. Сократтын, Платондун, Аристотелдин гуманистик көз караштагы идеалисттик философиясы:

### *Психологиянын жаралышындагы Сократтын философиясы*

Сократ биздин заманга чейинки 470-399 – жылдарында жашаган афиналык философ, ойчул. Ал жөнөкөй жумушчунун үй – бүлөөсүнөн чыккан. Кээ бир булактарга караганда атасы кыш кы-

ноочу дешсе, кээ бир булактарда скульптор, апасы ашпозчу болгон делет.



**Сократ** б.з.ч. 470-399-жылдарда жашаган афиналык ойчул-философ.

Сократ жаш кезинде армияда кызмат кылып, кол менен урушу боюнча олимпиадага катышып, алдыңкы оорундарды ээлеп, эл алдында өзүн көрсөтө алган оюнчу дагы болгон. Ал атайын билимин жогорулаткан окуудан өткөн эмес.

Бирок жашынан адам баласынын тулку боюна, аны кыймылга келтирген ички субьективдүү дүйнөсүнө логикалык анализ жүргүзүү менен адам дүйнөсүн экиге бөлүп, денени табигый илимдердин негизинде таанууга боло тургандыгын, ички дүйнөсүн гуманитардык илимде таанууга боло тургандыгын негиздеп, өз мезгилинде адамдын жаратылышын түшүндүргөн өзгөчө бир теорияларда таанууга боло турганын негиздеген,

Сократ жазма илимпоз болгон эмес, өзүнүн байкоодон алган теориялык маалыматтарын көчө элдерине, керек болгон учурларда атайын аудиторияларда, элдин калың катмарына жеткиликтүү жеткирип, азыркы учурдагы көптөгөн илимдердин пай - дубалын куюуп кеткен. Сократтын девизи: “Өзүңдү – өзүң таанып, ошол абалыңа жараша экинчи бирөөгө мамиле жасоо менен ал адамга керектүү маалыматтарды, жагдайларды, ишенимдерди жарат” – деген.

Сократ алгачкылардан болуп, адам баласынын жашоосундагы этиканын эрежелерин жаратуу аркылуу адамдын жүрүм-турумун башкарууга мүмкүндүк берген поступкаларды, адептүүлүктүн баасын, ситуациялык шартка жараша, керектүү болгон жүрүм-турумдарды жаратууга болот – деген. Андай жүрүм - турум эрктүүлүктүн, ымандуулуктун, адептүүлүктүн нормативдик эрежелерин жаратат. Ошону менен андай сапаттар адамдын сырткы келбетин жана ички жан - дүйнөнүн сулуулугунун этикалык эрежелерин анализдеп, адамдын өзүн - өзү таануусу ар бир адамдын жан - дүйнөсү (психикасы) аркылуу аткарыла тургандыгын белгилеген. Б.а. адамга


мүнөздүү жан – дүйнө жандуу сезүүдөн, абстракциялоо аркылуу өркүндөлө тургандыгын айткан. Сократтын адамды таанууга карата болгон ойлоосу, азыркы күндөгү психологиянын предметине кызмат кылып жаткан таануу процесстери: сезүү, кабыл алуу, көңүл буруу, эстөө, ойлоо, элестетүү; эмоциялык абалдар: эрк, туюу сезимдер, эмоционалдык абалдар; инсандык сапаттар: темперамент, мүнөз, жөндөмдүүлүктөр аркылуу, адам өзүн – өзү таанууга жетише тургандыгын негиздеген.

Сократ адамдын денеси анын жан – дүйнөсүнөн жаралып: жан – дүйнө бул акыл-ой (разум) ал өлбөйт, кудай тааланын амирине жараша жашайт, ал эми тулку бой ( дене) жан дүйнөнүн кызматын аткаруучу инструмент деп белгилеген. Акыл – ой, кудай тааланын амири менен жашайт дегендиктен аны биз идеалистик биздин заманга чейинки ойчул – философ дейбиз.

Сократтын илимдеги ордун, эмгектерин ал өлгөндөн кийин анын окуучулары Платон, андан кийин Аристотель кагазга түшүрүп, идеясын андан ары айрым бир оңдоолор менен уланткан.

## § 1.6. Психологиянын жаралышындагы Платондун философиясы

*Платон б.з.ч.* 428-348 – жылдары жашап, ошол замандагы адамды субьективдүү таанууга аракет жасап, адамдын дүйнө таанымына терең анализдеп, дүйнөнүн маңызын сүйлөншүү (диалог) аркылуу түшүнүүгө жетишкен ойчул .



**Платон** б.з.ч. 428-348-жылдарда жашаган идеялистик агымдагы байыркы грек ойчул-философ.

Платон, Сократтын жакшы көргөн окуучусу болгондуктан, Сократтын адам таануу багытындагы икаяларын, теорияларын өздөрү жашаган замандын саясатына ылайыктап ***кабыл алуунун бүтүндүүлүк*** теориясында, айрым бир жетишпей калган боштуктарды толуктоо менен, адамдын өзүн – өзү таануудагы концепцияларын жаратып, **“*дүйнө туу-***

***расындагы идея*"** - деген концепциясын жараткан. Бул концепцияда Платон адамды активдүүлүккө алып барып жаткан ишмердүүлүк, дүйнө туурасындагы ой – жүгүртүүнү материядан жогору кармап, акыл-ойдун ( разумдун) негизинде ааламга маани берип, аны туура таанууга аракет жасаган алгачкы ойчул. Анын оюна караганда, ***"разум***" - адамды чындыкты таанууга жеткизет – деген. Ошол эле мезгилде дүйнөнүн элементин түзүп турган материя эки мазмундан туруп, алар дүйнөлүк жашоодо эки формадагы жашоону бергени менен (денетациялык жана конотациялык), разумдун деңгээлиндеги анализге жараша, адамдын аң – сезиминин иш аракетине таянуу менен чындыктын предметине жетүүгө мүмкүндүк берген. Бир гана жери ошол материянын чындыкка жетүүдөгү кыймылдаткыч күчүн аныктоодо, идеалисттик көз караште кудай тааланын амиринен жаралат- деген жыйынтыкка келиши, Платонду идеалисттик агымдагы окумуштуулардын катарына кошуп жиберген.

Платондун оюна караганда "дүйнө туурасындагы идея" өзүнөн - өзү жаралбастан, ал адам жашаган коомдун бир элементи катары пайда болуп, ал адамдын жашоосундагы дүйнө туурасындагы акыл-ойду өркүндөтсө, ошол эле мезгилде акыл-ой адамдын коомдогу жашоосун өркүндөтө тургандыгын белгилеген. Ушул учурдагы түшүнүксүз жагдай болуп, өркүндөп жаткан акыл-ойдун булгагындагы таяныч энергияларга маани берилбей, өнүктүрүү булагы диндик көз караштар менен проблеманын чечилиши, илимдеги жетишпестик кадамдардын катарына кирип азыркы күнгө дейре жашап келет.

Алсак формага ээ болбогон абстракттык түшүнүктөрдү материалдаштырууда "лингвистиканын салыштырмалуулук теориясын" түшүндүргөн этиканын, эстетиканын салыштырмалуулук түшүнүктөрү, түшүнүүгө тоскоолдуктарды келтирип жаткан проблемалар, тескерисинче оңой чыга турган шарттарды түзүп, Платон жаратып жаткан философиянын баасын көтөрүп жиберген. Мисалы, этикага, эстетикага жана маралдык эрежедеги абстрактуу областка кирген: чындык, сулуулук, байлык, баалуулук, ымандуулук, боорукердик ж.б. ушул сыяктуу дүйнөнүн өнүгүү динамикасынын кыймылдаткыч күчүн түшүндүрүп турган бул түшүнүктөр, илимде өз ордун таба алгандыгын айтууга болот.

*Платондун жан жөнүндөгү окуусу.* Платондун оюна караганда жан (психика) – адамдын жан-дүйнөсү менен кабыл алууга мүмкүндүк берген буюм – теримдердин ортосундагы мамилени түзүп туруучу дүйнөлүк идея. Жан – дүйнө, дүйнөлүк духтун бир бөлүгү болуу менен, чындыкты жаратуунун падышасы, б.а. чындыкты жаратуудагы негизги күч болуп саналат. Мында жан (адамды кыймылга келтирип турган психикалык күч, дайыма жерде калбастан, ал спирал катары асманды көздөп өнүгүп турат. Ошондуктан *жан*, жашоону кыймылга келтирүүдө циклдык тартип менен өнүгүп, чексиз жашоочу процесс. Бирок турмушта адамдын денеси менен жан - дүйнөсү эки башка түшүнүк менен каралгандыктан, жан - дүйнө дененин ар кайсы жеринде жашап, денени адамдын керектигине карата ар түрдүү кыймылга келтирип, адамдагы оң жана тескери жаралып жаткан акыл – ойдун баасын көтөрүп жана төмөндөтүп туруучу процесс.

Ошондуктан адам баласынын жан-дүйнөсүндөгү баалуулуктар сакталат жана жоголуп турат. Жан-дүйнөдөгү баалуулуктун азайышы же такыр эле жоголо башташы, адамга терс көрүнүштөрдү пайда кылып: жаныбарлардагы агрессиялык сапаттар сыяктуу жаратылышка, экинчи бир адамга кырсыктарды жаратса, коомго жат көрүнүш болгон жеке жана коомдук менчиктерге уурулук кылуу менен зыян келтиришет. Айрым учурларда адам өз денесине кол салып, экинчи адамга жамандык дагы келтириши мүмкүн. Мисалы, ушундай учурда инсанга мүнөздүү болгон агрессиялык жүрүм – турумдарды айтууга болот.

*Жан – дүйнөнүн структурасы.* Жан түшүнүгүн азыркы күндө эки жактуу карашат. Динге ишенген адамдар *жан* туруктуу жашайт -дешет. Адам өлгөндөн кийин да жашоосун улантып, жашоонун бир формасынан экинчи формасына өтөт дешкендиктен, ошол күндөн ушул күнгө чейин адамда аркы дүйнө бар экендигине ишенип келебиз. Экинчи, динге ишенбеген адамдар жанга материалисттик көз караша карап, адамдын денеси өлгөндөн кийн, жан дагы өзүнүн жашоосун токтотуп, дене сыяктуу жашоо системасын токтойт – деп келишет. Ушул карама - каршылыкты бир жактуу чечүүдө Платондун окуусуна таянып, *жан* ошол жандын денесинен кандай көз карандылыкта жашай тургандыгын билүү максатында,

жандын кандай струк -турадан тура тургандыгын билүү психиканы үйрөнүүдө мааниге ээ деп түшүнөбүз.

Платондун идеясына таянсак - *жан денеге* байланышкан үч бөлүктөн турат. Биринчи рационалдык бөлүк – акыл эс (разум) б.а. баш мээнин иш системасы;

Экинчи иррационалдык бөлүк (акыл эссиз) жашоо бөлүгү. Мында адам баласынын денесине байланыштуу болгон боор эттин *жан* дүйнөгө берген акыл – эси (керектүү учурдагы аң-сезимге көз карандысыз чечкиндүүлүктөрдүн, жакшы менен жамандын ортосундагы айырмачылыктарды таануу, чечиле турган мас елелердин баалуулуктарын билүү, коом менен учурдагы мезгилдин ортосундагы пайда менен зыяндын айырмачылыктарын тааный билүү ж.б. ушул сыяктуу психикалык факторлор, адамга мүнөздүү болгон ачык ишенимдердин (духтун) пайда болушу;

Үчүнчү жандын биологиялык керектикке жараша күч кубаттуу энергияга ээ болушу. Бул структада адам менен жаныбардын ортосундагы айырмачылык жоголуп, рационалдык акыл – эс менен ирроционалдын ортосунда конфликттер жаралып, жандуу жашоо иреттелбеген *жан*-дүйнөдө жүрүү менен, кээ бир учурларда адам баласы түшүнүүгө болбогон ситуацияларга учурап, жашоонун кырдаалына туш келген, кээде дал келбеген учур туш келет.

Мындай факторлорго – түштөрдүн болушу, олуялык мазмундагы айтылмалар, көзү ачыктык факторлор ( Ванганын иш тажрыйбасы, кыргыздардагы Асан кайгы, Толубай сынчы, ж.б.). Жандын мындай структурасы, адамды акыл – эссиз эле адамдын денесинин бир элементинин иш аракети менен керектүү оң жана тескери поступкаларды жасоого жетише алууну айтабыз. Мында адамга таандык дененин ар бир мүчөсү өзгөчө психикалык сапаттарды жаратып, ар түрдүү деңгээлдеги разумду жаратууга жетишээрин Платон ушул темадагы трактатында негиздеме берген.

*Платондун жан – дүйнөнүн активдүүлүгүнө жараша инсанга (личностько) берген типтери-* жогоруда берилген жан – дүйнөнүн структурасы инсанга ишеним көрсөткөн психиканын кызмат ордуна карата инсанды төмөндөгүдөй типтерге бөлүү концепциясы:

– акыл-ой (разум) – акылман (мудрый);
– чечкиндүү (яростный дух) – эрктүү (мужество);

– жандын күч кубаттулугу (вожделеюшя) – жан – дүйнөнү кармай алуучулук.

Жандын ушундай типтерге бөлүнүү кацепциясына карата Платон инсантын жан – дүйнөгө карата бологон типтерин төмөндөгүдөй бөлгөн. Ар бир инсанга: жан – дүйнөдөн берилген жашоодогу кесипке карата, акылмандуулук; желдеттик; акындык; кулчулук; саясатчылык ж.б. – деп, ар бир инсанды кудай - таала берген иш жөндөмдүүлүгүнө жараша инсандык типтерге бөлүнөт деген.

*Платондун жан – дүйнө аркылуу дүйнөнү таануудагы үч деңгээлдүү структурасы:* Платондун окуусуна караганда *акыл-ой*(разум) – таанып билүүдө адамдын дүйнө таанымында чоң мааниге ээ болуп, таанылa турган маалыматтар обьективдүү өзгөчөлүктөрү менен бири – биринен айырмаланып, адамдын дүйнө таанымы төмөндөгүдөй структуранын деңгээлинен турат:

– *Өздүк ойлоо* – бул дүйнөнү материалдуу таанууда
– төмөнкү деңгээлде жашап, жан дүйнөнүн сезүү органдары менен пайда болуп, дүйнөнү материалдуу таанууга багыт берүүчү психикалык иш аракет.
– *Рассудок* – мында таанылуучу маалыматтар обьективдүү жашап, алардын бири экинчисинен болгон айырмачылыктар алардын мейкиндиктеги ээлеген геометриялык абалына жараша жайгашуу орду таанылып, биринчи жолу мейкиндикти материалдуу таанууга боло тургандыгы аныкталган. Натыйжада, мейкиндик геометриялык чен бирдиктер аркылуу өлчөнө турган билим жаралып, геометриялык окуу адам баласынын практикалык турмушуна кызмат кыла баштаган.
– *Акыл-эс* (разум) – бул таанып билүүдөгү эң жогорку психикалык иш аракет. Адамдагы таанып билүүгө карата пайда болгон идеялар, ойду жаратып жаткан эркин түзүүчүлөр аркылуу көрсөтмөлүү – образдуу ойлоону жараткандыгы, ойлоонун материалдуу жашашына негиздеме берет. Ошондуктан дүйнөнү материалдуу таанууга мүмкүндүк берген диалектикалык философиянын негизи алгачкы жолу ушул Платондун окуусу менен жаралгандыгын таанууга болот. Ал деген түшүнүк адам, өзүнүн ички субьективдүү дүйнө-


сү менен сүйлөшүүгө жетишип, дүйнө туурасындагы маалыматтардын чындыгына жете тургандыгы аныкталган. Эгерде ушул айтылган эрежеге таяна турган болсок *инсанды субьектидүү* таануу менен да адамды курчаган дүйнөнү туура таанууга боло тургандыгын түшүнөбүз. Мында дүйнөнү таанууда акыл – эске, сырткы кеңешчинин кереги деле жок боло тургандыгы негизделген.

– *Метафизика (физикалык түшүнүктөн кийинки)* – адамда пайда болгон "дүйнөлүк идеянын" жаралышы менен жогорку туюу сезими пайда болуп, дүйнөдөгү физикалык жаратылышка чейинки материяны дагы таанууга боло тургандыгы пайда болгон. Илимде натуралдык философия жаралуу менен алардын пайда болуу *себептерин* аныктоого жетишкен. Себепсиз психика болбойт. Ошол себептердин системасына маани берүү акыл-эстин өнүгүшүүнө алып келет.

## § 1.7. Психологиянын жаралышындагы Арестотельдин философиялык окуусу

Бирок өз алдынча илимий изилдөөлөрдү жүргүзө башта- гандан баштап, Сократ менен Платондун окууларына критикалык маани берип, өз алдынча дүйнөнү материалдык таануу максатында окууларды жүргүзө баштаган.

Ал королдук имарат -тын ичинде иштеген врачтын баласы болгондуктан биринчи, медициналык, кийин философиялык билимдин ээси болгон. Ошондуктан Платон менен таанышканга чейин эле анын дүйнө таанымы ы калган изилдөөчү болгон. Платонго учурагандан кийин алардын окуусуна карама – каршы келген жолду тандап, дүйнөнү



**Арестотель** б.з.ч. 384-322-жылдарда жашаган грек ойчул-философ. Платондун окуучусу.

табигый илимдин негизинде таанууга жетишкен. Платон колу менен асманды көрсөтсө, Арестотел жерди көрсөтүп, дүйнө тааным жерден башталаарын негиздеген.

Арестотелдин материя туурасындагы концепция -сында, материяны материалду таануу менен, дүйнө өз ара аракеттенишкен эки материядан пайда боло тургандыгын белгилеген. Алардын материялык формасын буюм – терим катары карап, алгачкы жолу психика буюмдан жана алардын маани - маңызынан тура тургандыгын изилдеген.

## § 1.8. Арестотельдин жан – дүйнө (психика) жөнүндөгү окуусу.

Аристотельдин "*жан жөнүндө* - деген трактатында, жанды – жандуу материянын уюштуруучусу жана анын формасы катары караган. Андан сырткары *жан,* жандуу дененин функциясы же аны пайда кылуучу себепчиси катары дагы изилдеген. Мисалы, көз жанды пайда кылуучу функция, ошол эле мезгилде анын *жаны* боло алат - деген. Ошондуктан дүйнөнү максаттуу таанууда да бири - биринен ажырабаган – материя, форма, себеп жана максат аркылуу адамдын денеси менен жанын (психикасын) таанууга мүмкүндүк берген теориялык эрежелерди жараткан. Ушул концепция аркылуу адам менен жаныбардын жан – дүйнө аркылуу бири, экинчисинен айырмалана тургандыгын аныктоого жетишкен. Ошону менен эле катары ушул изилдөөлөрдүн негизинде өсүмдүктөргө, жаныбарларга, адамдарга мүнөздүү болгон жанды негиздөөгө жетише алган.

*Өсүмдүктөрдүн жаны* – Аристотель, өсүмдүктөрдүн жашоосундагы өнүгүү дүйнөсүнө маани берип, алардын пайда болуу (жаралуу) абалындагы айлана чөйрөнүн шартына жараша өзүнө керектүү минералдарды сиңирип алуу ыктымалдуулугуна жараша, өсүмдүктөрдүн таасир эткен минералга жараша өсүп – өнүгүшүндөгү реакциясы, өсүмдүк -төрдүн *жаны* катары санаган. Бирок өсүмдүктүн жаны өтө туруксуз боло тургандыгын белгилеген. Жандын ушундай өзгөчөлүктөрү бир эле өсүмдүктөрдө эле болбостон, жаныбарларда, адамдарда болуучу иш аракет деп белгилеген.

*Жаныбарлардын жаны* – өсүмдүктөргө караганда бир кыйла деңгээлде өнүккөн формада жашайт. Башкача айтканда жаныбарлар өзүн курчап турган дүйнөнү жандуу (сенсордук анализатордо) сезип, дүйнөнүн элементтеринин формаларын образдуу кабыл алуу менен алардын таасир этүү күчүнө жараша багыт ала алат. Керектүү учурларда эмоциялык абалдарга да дуушар болгону менен түшүндүрүлөт. Алсак, жаныбарларда кумарлануу, аффекти, өзүн жоготуучулук ж.б. абалдар жашайт. Мындай өзгөчөлүктөр адам баласында да аң – сезимсиз жашай тургандыгын турмуштан кездештирүүгө болот.

*Адамдагы жанды-* Арестотел таанууну жаратуучу ойлоонун формаларынын иш аракети менен негиздейт. Анткени адам, өсүмдүктөр менен жаныбарлардан айырмаланып, ойлонуу аркылуу элестетүү менен чындыкты таанууга жетише тургандыгы менен айырмаланат. Мындай айырмачылык адамдын ойлоосунун эволюциялык өнүгүсүн негиздейт. Жандын (психиканын) өнүгүшү, өнүгүүнүн тарыхтагы ордун негиздөөгө мүмкүндүк бере тургандыгы менен мүнөздөгөн.

***Таануу процессин кабыл алуу.*** Таануу процесси жандуу сезүү аркылуу дүйнөнүн элементтерин кабыл алуу менен чындыкка жетет. Айрым учурларда таанылып жаткан маалыматтар предметсиз да образдуу элестетүү менен анын параметрлери таанылат. Андай маалыматтарды таанууда негизги үч шарт аткарылышы керек. Биринчи, таанылa турган маалыматка аны курчап турган социалдык чөйрө тарабынан берилген таасирдин болушу; экинчи, таанылa турган маалымат менен жандуу органдын ортосундагы өз ара байланыш, аракеттердин болушу; үчүнчү ал маалыматтарды таанууну пайда кыла турган сигналдардын (таасир этүүлөрдүн) болушу. Мисалы, көрүү, угуу үчүн жарыктын, үндүн болушу, жандуу организмдин иш аркети менен сезүүнүн, көңүл буруунун пайда болушу, ушулардын психикалык иш аракети менен таанылa турган маалыматтарды жан дүйнөгө сиңирүү (топтоштуруунун), натыйжада баш мээде жаңы ойлорду пайда кылуу. Арестотельдин ушул концепциясына таяна турган болсок, дүйнөнү туура таануу жандуу сезүүдөн башталып аны абстракциялоо менен чындыкты таанууга жетишебиз. Ошондуктан жандуу сезүү өзү дагы бир катар туюу

сезимдерин жаратат. Андай сезимдерге: сезүү, тийишүү ( тийүү), кыймылга ээ болуу, температуранын өзгөрүшү жана түрдүү туюу (чувстваларга) сезимдерге ээ болушу менен мүнөздөлөт. Натыйжада үч өлчөмдүү мейкиндикти кабыл алуу менен дүйнөнү бир бүтүн форма катары кабыл алууга боло тургандыгын түшүнүүгө болот. Эгерде маалыматарга таяна турган болсок, ошол мезгилде Арестотелдин жан дүйнөсүндө, азыркы күндө биз колдонуп жаткан, сезүүнүн перцепция туурасындагы теориялардын айтайын дегендигин түшүнүүгө болот ( Ананьев Б.Г., 1969).

Аристотельдин ой - толгонуусун андан ары тереңдете турган болсок, таануу процессиндеги перцепциянын түрлөрүнүн жыйынтыкталышы азыркы күндө адам баласын баардык жандыктардан айырмалап, мүнөздөөгө мүмкүндүк берген локализацияланган баш мээнин психикалык фунциясын таанууга мүмкүндүк берет. Аристотель бул туюу сезимди “жалпы туюу сезим” деп белгилеген. Азыркы тил менен айта турган болсок, ал туюу сезим бир эле кабыл алып тим болуп калбастан, маалымат тарабынан жаралган түшүнүктөрдү организмдин керектүү жеринде сактап, керек болгондо кайрадан таанууга жетише тургандыгын негиздеген.

Эгерде ушул багыттагы Арестотельдик окууну тереңдете турган болсок, өз ара байланышкан, таануу процессин мүнөздөгөн жаңы багытагы ***ассоциациялык теорияга*** туш келебиз. Арестотель, ассоциацияга мүнөздүү болгон төмөдөгүдөй түрлөрдүн боло тургандыгын айткан: окшоштуктар, карама – каршылыктар; убактылуу аралаш туулук ж.б.

Мындан айтууга болот, Аристотельдин ассоциялык теориясына негизделген XVIII-XIX кылымдарда пайда болгон психологиянын предмети катары таанууга мүмкүндүк берген маалыматарды ассоциациялык принцип менен таанып, керектүү мезгилге чейин сактап, кайрадан сакталган маалыматты эске түшүрүү аркылуу чындыкты таанууга жетишүүчү психикалык механзимин жарата алгандыгын айтууга болот. Мындагы психикалык кыймылды синтездөөчү механзим “жалпы туюу (чувства) сезим” болуп саналат. Анын иш аракети менен баш мээде эс, элестетүү жана көз алдыга келтирүү (представления), перцепция (кабыл алуу) менен ойлоонун иш аракети аркылуу таануу процессинде аткарыла тур-

гандыгын Арестотель аныктап, алгачкылардан болуп, психология материалисттик негизде таанылa баштаган.

Ушул изилдөө жыйынтыктарга таяна турган болсок, эстин төмөнкү жана жогорку деңгээлдеги иштөө абалдары иштелип чыгып, айбандар менен адамдардын ортосундагы психикалык айырмачылыктар аныкталган. Эстин төмөнкү чеги айбандарда, адамдардын айрым бир учурларында кездеше турган болсо, эстин жогорку чекити адам баласында жашай тургандыгы аныкталган. Психиканын өнүгүү системасы ойлоо процессиндеги формалар менен ишке ашырылып турат. Андай ойлоонун формаларына: көрсөтмөлүү - образду ойлоо, теориялык ойлоо, теориялык - образдуу ойлоо кирет. Ойлоонун мындай формалары ойлоонуну пайда кылып жаткан маалыматтардын жалпылык белгилерине карата жыйынтыктар жаралып, ал маалыматтар туурасында билимдерди пайда кылат.

***Көз алдыга тартуунун (представлениянын) эмоционалдык процессиндеги көрүнүшү (туюу сезимдер жана аффектиктик абалдар).*** Арестотельдин оюна караганда адам баласындагы эмоцияналдык абалдын пайда болуусу, ага таасир этип жаткан сырткы чөйрөнүн таасир этүү күчүнө жана ага жүргүзүлгөн көз алдыга тартууларга жараша пайда болот. Ал эми канаатануу жана канаатанбоо – денеге жана психикага эркин же зордук менен сиңген маалыматтын абалына жараша жүрөт. Аффекти Аристотель маалыматка карата каныгуу жана каныкпай калуу учурундагы кайгыруу, өзүн – өзү жемелөө, көрө – албоочулук, көз каранды болуу, өтө ашыкча сүйүнүү ж.б. учурда пайда болуучу психикалык абал – деп түшүндүргөн (бул процесс азыр да ушундай мүнөздөлөт). Аффектикалык абал сыркы чөйрөдөн берилип, эрксиздиктен пайда болот. Аристотель, аффективдик абалдын алдын алуу, болгондон кийин, андан чыгаыруу максатында философияга ***катарсис*** - деген түшүнүктү киргизген. Бул терминди Гиппократтан алган. Катарсис - медицинада кеңири колдонулуп, адам баласынын организминдеги айрым бир ашыкча суюктуктардан тазалоо - деген мазмунду түшүндүрүп келген. Алсак, азыркы учурдагы кан суюктуктардын арам канын медициналык жол менен алып салуу. Башкача айтканда “киджап” жасоо. Ушундай эрежеде адам баласындагы төрт суюктуктун составындагы ашыкча суюктуктарын алып таштоо менен мүнөздөлөт

(Александер Ф., Селестик Ш. 1995). Илимге ушундай түшүнүктү киргизүү менен Арестотел медицинага жардамчы психотерапия деген багыттын өзүнчө бир агым болуп киришине жол ачып кеткен. Аны биз З. Фрейдин, Я.Л. Моренонун эмгектеринен билебиз.

## § 1.9. Мүнөздү көз алдыга чагылдыруу аркылуу таануу (*Мүнөздүн типтеринин Теофрастта мүнөздөлүшү*).

Аристотель мүнөз бул – жаратылышка көз карадысыз, адамдын жашоо турмуштан алган сапат деген. Бирок, ошондой болгону менен жаратылыштын жашоо тепкичтери

мүнөздү өзгөртө тургандыгына ишенген. 370-288 жылдарда жашаган Арестотельдин окуучусу Теофраст өзүнүн "Мүнөздөмө" – деген трактатында, 30 – дан ашык мүнөзгө аныктама берген. Ал, бул аныктамаларды адамдын жашоосундагы жүрүм-турумдун социалдык жана жаратылыштын шартындагы критерияларына жараша мүнөздөгөн. Эгерде, мүнөз деген терминди грек тилинен которгондо – сүрөттөлүш, өзгөчөлүк, өзгөчө сапат – деп которулат. Ал эми бул өзгөчөлүктөр, ошол мезгилдеги талаадагы таштардын беттерине чегилген издерден, үй турмуш үчүн керектүү болгон буюм – теримдеге берилген белгилерден алынган. Андай белгилер ошол учурда өзгөчө маани-маңызды түшүндүрүп тургандай, мүнөз дагы адамдарга ошолор сыяктуу инсандык сапатты түшүндүрүп турат - деген.

## § 1.10. Анти доордун аягындагы психологиялык идеялар

Илимдин борбору деп саналган Греция талкалангандан кийин, биздин заманга чейинки, II- кылымдарда саясаттын жана эконмиканын борбору катары Италия, анын ичинен дагы Рим саналгандыктан, илимий өнүгүү Римге өтө баштаган. Бирок ошол мезгилде айрыкча, биздин заманга чейинки, I- кылымдан баштап, азыркы замандын IV-чү кылымдарында мамлекетке диндик идеология өтө

күчтүү таасир эте баштагандыктан психологияны таануу жана материалисттик өнүктүрүү башкача (диндик) көз караште жүрө баштаган.

Ушул доордун 205-270 – жылдарында христиан динине сугарылган италиялык философ Плотин психологияны теологиялык мазмунда таанууга багыт берген. Анын оюна караганда жанды таануу концепциясында ал, жанды эмоция аркылуу таанууга боло тургандыгын негиздөө менен илимде “эмоционалдуу жан” – деген түшүнүктү киргизген. Анын окуусуна таяна турган болсок, өзүнүн философиясында Абсолют – деген түшүнүктү киргизип, дүйнө бул бүтүн нерсе, анда жашаган баардык жандуу жана жансыз материя өзүнүн ички дүйнөсүндөгү энергиясы аркылуу жаралат жана өнүгөт – деген.

Өнүгүүнүн себептерин сырттан издебестен, бардык жандуу жансыз материянын өзүнөн издеш керек дейт. Экинчи – дүйнөнү туура таануу жана аны өнүктүрүү - Нус (духтан) жаралат – деп өнүгүүнүн булагы катары акыл - эстүүлүктү (интеллектууалдулукту) санаган. Бирок ошол акыл-эстүүлүк кайсыл жерден келе турган себептерине маани бербестен, анын пайда болуу себептерин кудай - тааланын амири менен болот деп, проблемадан оңой чыгып кеткен.

Үчүнчү – жан, туюу сезимде иреттелген духтун иш аракети менен пайда болуучу акыл – эстин жыйындысы деп түшүндүргөн. Ошол ар бир жандуу жаныбарга мүнөздүү болгон жекелик жан (психика), денеге байланышып, өтө төмөнкү деңгээлдеги *материяны* пайда кылат деген түшүнүктү жараткан. Бул эң төмөнкү духтан пайда болгон материя кудайдын күнөкөрүү. Ал эми өзүнүн индивидуалдуулугун жоготуп, жагорку көрсөткүчтүү берген жанды, ал жаныбардын өнүкөн духу катары караган. Жалпылап айтканда жандын активдүү жана пассивдүү болушу жогорку духка (кудайдын амирине) жараша болот деген бүтүмгө келген.

Биздин замандын 354-430 – жылдарында христиан дининдеги италиялык философ Августин Блаженный психо- логияны диндик философияда таануу багытында акыл – эс (разум) жана ишеним булар бирин – бири толуктайт, аны түшүнүү ишенимди диндин сыйлыгы болот деген ( Акылыңды өстүрүп, ишенимди күчөтүү үчүн, ишен акылың өсүн). Августин ынанган жекече (индивидуальный)

чындыкты изденүү бул өнүгүүдө адашууга алып келээрине, чындыкты таанытуучу акыл – эс, качан гана кудай менен чыныгы мамиледе болгондо гана чындыкты таанууга жеткирет – деп, акыл - эсти кыймылга келтирүүчү жанды (психиканы) кудайга жасалган ишенимдин негизинде таанылат- деп идеалистик көз караштa психологиянын жаралышына аракет жасалгандыгын байкайбыз. Бирок ошондой болсо да Августин алгачкы жолу философия менен теологияны бирин - экинчисинен жанды (психиканы) түшүндүрүүдөгү иш аракети менен байкалган. Анын оюна караганда кудайга ишенүү теобордордук окуу, анткени баардык ишеним кудайдан берилет – деп ишенимди борборлоштурган.

Биринчи, Августин светтик мектепте окуп, качан Цицерондун трактатын, андан кийин Плотиндин философиясын окугандан кийин, өзүн анын окуучусу катары сезип, анын дүйнө таанымдагы философиясына түзөтүүлөрдү, оңдоолорду киргизүү менен өзү дагы Плотиндин идеясын башка тегиздикте, кудайга ишенүү менен чындыкты (жандын жүрүм-турумун) башкаруудагы абалына анализ жасаган. Ал, бирок өтө жаш (33 жашында) өлгөн. Анын сөзгө алаарлык эмгеги болуп, “кудайдын кулчулугун жасоо этикасындагы философия – психологиялык мазмунда жазылган” - трактаты саналат.

***Августиндин жанды таануу концепциясы***. Жан бул – субстанция (эч кимден, эч нерседен пайда болбойт, ал өзү жаралган), анда эч кандай материалдык эч нерсе жок, аны кудай жараткан, анын жашоосунун аягы жок, өлбөйт. Бирок анда ойлоонун, эстин жана эрктин функциясы жашайт. Жан кудайды тааныйт, бирок дене жашоосун улантуу үчүн чындыкты таанууда бир катар тоскоолдуктарга, адашууларга душар болуу менен, чындыктан алыстайт. Ошол учурда эрк, телодогу чындыкты таанытыш үчүн, өз салымын кошуу менен, жанга жакындан жардам көрсөткөн активдүү эркке айланганда гана жан чындыкты таанууга жетишип, жан телону башкарууга жетише баштайт.

*Таанууну Августиндин концепциясында таануу.* Бул дагы диндик көз караштa жашайт. Анткени чындыкты таанытуучу себептерди жана жандын инструменттерин бириктирип, кудай өзү таа-

ытат деген ишенимде жан денени башкарат - деген. Чындыкты таануудагы маңыз, бул метофизикада жашаган буюм – теримдер. Башкача айтканда бардык нерсе материалдуу – деп психологиянын негизин матералисттик негизге бурган.

*Августиндин жанды таануудагы этикасы.* Адамдын жашоодогу максаты – жандын иш аракети менен кудайды таануу аркылуу бактылуу болууга жетишүү. Кудайды таануу, алдын терең өзүнө шумгуп кирүү менен башталып, ага салыштырмалуу кудайды таануу менен адамды кыймылга келтирип жаткан жандын этикалык эрежелерин таанууга жетишет. Мисалда карай турган болсок, жанды таануунун этикасы болуп, жакшылык менен жамандыктын ортосундагы этикалык эрежелерди айтууга болот..

Мында жакшылык, бул абсалют (бүтүн бир нерсе), ал эми жамандык жакшылыктын каршысында жаткан жакшылыктын жоктугу. Жамандык бул жакшылык жок жерде жашап, эч бир иш кылбаган, өзүн кудайга теңеген, менменсинген, текеберленген, жүрүм-турумдар айтылат. Ошентип жанды таануудагы этика карама – карпшы болгон эки дүйнөгө бөлүнөт. Биринчиси, өзүнө караганда кудайды жакшы көрүү (кудайды биринчи коюу); Экинчиси, кудайга караганда, өзүн жакшы көрүү менен өзү жашаган мамлекетке, өзүнүн социалдык чөйрөсүнө кызмат кылууга ниеттенүүчү этикалык эрежелерди айтабыз.

## § 1.11. Психология жөнүндөгү жаңы жаралуу доордун алдындагы философия жана илим

Жаңы жаралуунун доору XIV-XVI кылымдардагы, биздин замандын дооруна туш келген мезгил болуп саналат. Анткени ал, жашоонун маданий жана илимдин активдешкен цивилизациясына туш келүү менен, жашоо илимдин жаңылыктарына байланышкан мезгил болот. Эгерде фактыга таяна турган болсок, ушул мезгилде батыш Европа менен Россияда илимде бир катар ачылыштар болуп, ушуга байланыштуу жашоонун нугу оң жакты көздөгөн өзгөрүүгө душар боло баштаган. Алсак, европада анти доорго мүнөздүү болгон скульптуралар, живопистер (сүрөттөр), полотналар, новеллалык темадагы чыгырмалар жашайт. Кыргыз маданиятын-

дагы манасчылык, чоң жана кичине эпостор, фольклордук чыгармалар жарала баштаган. Мисалы, Афиналык мектептерден Фрески Рафаэля, собор Св. Петра ж.б. айтууга болот. 1406-1468 - жылдары жашаган немис мастери Иогани Гуттенберг өндүрүшкө китептерди печаттап чыгара турган станокту илимий негизде жаратып, буга чейинки анти доордогу көптөгөн кудайга ишенүүчү көз караштарды, материалдаштырууга жетишкен.

Анти доордогу шедеврдик чыгармаларды печетөөгө жетишип, Сервантестин, Дантенин, Шекспирдин чыгарма- лары китеп болуп басылып чыккан. Илимдеги мындай жаңылыктар анти доордогу активдүүлүктү адам жаратпастан, кудай жаратат деген концепциялардын негизсиз экендиктерин ашкерелеген. Мындан байкого болот, демек психика обьективдүү жашай тургандыгын.

***Европадагы илимий жашоонун көрүнүшү***. Европанын илимий цивилизациясы (1473-1543 - ж. ж.) астрономиянын атасы эсептелген Николая Копериндин (италия), анын жолун улантуучулар Филип Бруно, Галллео Галилей деген полшалык изилдөөчүлөрдүн астрономиялык ачылыштарын айтууга болот. Бул изилдөөчүлөрдүн оюна караганда жер башка планеталар сыяктуу күндүн айланасында айланып, күндүн энергиясын алуу менен жер бетинде жашоо тиричилик уланып жаткандыгын астрономиялык изилдөө- лөрдүн негизинде далилдей алышкан. Натыйжада *гелиоцентристик (гелис - деген сөздү грек тилинен – кыргыз тилинде түшүнгөндө* ***күн*** *деген маанини берет)* идеянын дагы бир жолу жашай тургандыгын негиздешкен.

Айта кетүү керек, *гелиоцентристик* концепция алгачкы жолу б.з.ч. 3 кылым мурда жашаган грек аалымы Аристархом Самосским тарабынан изилденип, бирок материалисттик көз караш калыптанбай калгандыктан, илимде негизги ордун таба алган эмес. Н. Коперин 1584 - жылы “Аалам жана дүйнө бул чексиз ” деген эмгегин жаратып, илимде алгачкы жолу кыймылдуу материя жашай тургандыгына негиздеме берген. Анын оюна караганда “дүйнө чексиз кыймылда болуп турган майда материядан туруп, дүйнөдөгү жандуу жана жансыз материялар күндүн энергиясынын таасирине жараша пайда болуп турат” – деген. Жер башка планеталар сыяктуу эле күндүн айланасында айланат дегендиги үчүн, ошол

мезгилдеги динчи саясат аны алдын 8 – жылга түрмөгө камап, андан кийин, өз оюнан кайтпагандыктан, кудайга каршы чыкты деп, тирүүлөй өрттөп жиберген. Ал эми Г. Галилей 70 жашында ошол мегилдеги Римдин динчилдердин басымынан кийин өз идеясынан баш тарткандыгы үчүн тирүү калган.

Жыйынтыктап айта турган болсок, бул философ – астрономдор жандын пайда болушунун алгачкы элементин күндүн энергиясынан берилерин теорияда негиздөөгө аракет жасашкан.

***Николо Максивелдин саясий чындыгы***. Н. Максивел 1469-1527 – жылдары жашаган философ – математик. Ал алгачкы жолу *жашоонун чындыгын, идеядан* бөлүп карай алгандыгы менен илимде анын орду калган. Бул теорияны 1513 – жылы жазып, бирок өлгөндөн төрт жылдан кийин жарык көргөн. “Мамлекет” – деген эмгегинин мазмуну чындык менен идеянын ортосун ачып көрсөткөндүгүн тааный алабыз. Алсак, адам бул диндик идеологиядан алыс турган, өз жашоосу үчүн баардык жакшы – жаман иштерге барган, ачкөз, чындыктан алыс турган, айтканын дайыма эле аткара бербеген, өз максаты үчүн кайгыга баткан, акылсыз, жаны жок, кыйтыр адамдар болушат – деген.

Мындай адамдар менен мамлекеттик бирдиктүү саясатты кармап турууга болбойт. Буларды бириктирип, бир саясатты кармап туруш үчүн башкарууга тете келген күчтү таяк сыяктуу, саясаттын керектигин белгилейт. Ал саясат ошол мамлекеттин элинин жашоого карата болгон “*ойлоосунун маңызынан жаралыш керек*” – деп, ойлоо бул мамлекттик саясатты жарата тургандыгын негиздеген.

## Колдонулган адабияттар.


1. Ждан А.Н. История психологии: От античности до наших дней. М.: Изд-во Моск. ун-та, 1990.
2. Закиров А., Мурзаев М.С. Психология. Ош – 2015.
3. Карандашев В.Н. Психология введение в профессию. М.:-Мысль 2008.
4. Климов *Е.А.* Гипотеза «метелок» и развитие профессии психолога // Вестник Московского университета. Сер. 14, Психология. 1992. №3. С.З—12.
5. Майерс Д. Социальная психология. СПб.: Питер, 1997. 6. Марцинковская Т.Д., Яроше/вский М.Г. 50 выдающихся психологов мира: Учеб. пособие для студентов. М.:
6. Международная / педагогическая академия, 1995.
7. Маслова А.Г. Дальние пределы человеческой психики. М., 1997.
8. Обухов А. С. Психология : учебник и практикум для среднего профессионального образования **Y** А. С. Обухов [и др.] ; под общей редакцией А. С. Обухова. — 2-е изд., перераб. и доп. — Москва : Издательство Юрайт, 2019. — 404 с.
9. Петровский А.В., Ярошевский М.Г. История и теория психологии. Ростов-н/Д.: Феникс, 1996.
10. Психологическая наука в России XX столетия: проблемы теории и истории // Под ред. А.В. Бру шли не ко го. М.: Изд-во «Институт психологии РАН», 1997.
11. Шульц Д.П., Шульц С.Э. История современной психологии. СПб.: Евразия, 1998.
12. Ярошевский М.Г. История психологии. 2-е изд. М.: Мысль, 1976.


## Билимди текшерүүгө керектелүүчү суроолор.

1. Кайсыл жерде биринчи “жан дүйнөнү” үйрөнүүгө карата окуу башталган, анын кандай тарыхы бар ?
2. Грек окумуштуулары тарабынан негизделген жанды, психикалык кубулуш катары таануу жөнүндө окууларды кандай талкууласа болот ?

3. Психиканын дүйнөсүн биринчилерден болуп изилдеген байыркы Римдик философтордон кимдерди билесиң. Алардын кандай гипотезалары бар ?
4. Биздин заманга чейинки VIII-XII кылымдардагы жашаган араб ойчулдардын психология жөнүндөгү идеяларына кимдер жана аларга кайсыл идеялар кирет ?
5. Орто кылымдарда жанды (психиканы) түшүнүүгө негиз боло алган, кандай илимий булактар болгон ?
6. Орто кылымдардагы католиктик чиркөдө кайсыл түшүнүк аркылуу жанды түшүндүүрүгө мүмкүндүк берген философиялык идея жашаган ?
7. XVII - кылымда жашаган “жанды” предметтештирүүгө
8. аракеттенген кайсыл философторду билесиң ? Алардын кандай эмгектери бар ?
9. XVII - кылымдагы психологияны таанууга мүмкүндүк берген кандай илимий эмгектерди билесиң ?
10. XVIII – кылымда психология боюнча иштеген кайсыл белгилүү окумуштууну билесиң ? Алардын кандай эмгектери болгон ?
11. XIX – кылымда психологияны башка илимдерден кимдер бөлүп, өзүнчө илимдин бир агымы катары болууга негиздемелерди берген ?
12. Психология өзүнчө илим болушуна кандай шарттар, зарылчылыктар түрткү берген ?
13. Кайсыл окумуштуулардын жумушун бихевиористик, гуманитардык, когнитивдик, психоаналитикалык жана материалисттик агымдагы психологиянын предмети катары санайсың ?

## *Экинчи бөлүм:*

# ПСИХОЛОГИЯНЫ ТУУРА ТААНУУДАГЫ ЖАҢЫ УБАКЫТ

*Билим алуунун максаты көптү билүү эмес, көп нерсени жасап, аткаруу.*
***Г. Спенсер*** (англис ойчул жана жазуучу)

## § 2.1. Рационалдык психология.

Байыркы дордоо адамдар бири-бирине көз каранды болбой жашаган эки кубулуштун бар экендигине көңүл бурушкан. Биринчиси – зат түрүндө жашаган нерселер (жаратылыш, андагы түрдүү заттар, адамдар). Экинчиси – зат түрүндө жашабаган сыйкырдуу, түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон нерселер (адамдардын кыялдануусу, ойлоосу, түштөрдү көрүүсү ж.б.). Алар зат түрүндө жашабаган кубулуштардын пайда болушун, закон ченемдүүлүктөрүн түшү ндүрө алышкан эмес. Заттар сыяктуу эле обьективдүү, аң-сезимге көз карандысыз жашайт - деп ойлошкон. Бул түшүнүктөрдү туюндуруу үчүн **«жан»** деген терминди ойлоп табышкан. Убагында Ф.Энгельс жан жөнүндөгү көз караштын пайда болушун коомдук өнүгүштүн төмөнкү деңгээли, өндүргүч күчтөрүнүн начар өнүгүшү менен байланыштырган.

Рационалдык агым (жан жөнүндө окуу) психология деген терминди илимге биринчи алып келди. Психология эки сөздөн турат: психе – *«жан», «логос», «окуу», «илим»*. Демек, психология жан жөнүндөгү илим катары өз таржымалын баштаган. Азыркы учурда терминдин тике мааниси тарыхый мүнөзгө гана ээ, илимий негизи жок. Азыр «жан» (душа) түшүнүгүнүн ордуна «психика» деген түшүнүк колдонулууда. Бул сөздөрдүн мааниси өз ара жакын. Бирок психология илимине «жан» сөзүнө караганда «психика» термин кеңири колдонулат. «Жан» сөзү кыргыз тилинде адамдардын карым-катнашында кеңири жумшалат. Мисалы: «жансыз», «жан-

дуу», «жаныбыз бирге», «жаныбыз бир», «жан дүйнөм», «жан чыгуу», «жаныбар» ж. б.

Рационалдык психологдорду “Жан түбөлүктүүбү же түбөлү ктүү эмеспи? Жан жалаң гана адамдарга тиешелүүбү же айбандарда да болобу? Адамдардын турмушунда жандын кандай мааниси бар? деген суроолор кызыктырган. Мындай суроолорго алар атайын байкоо, тажрыйба жүргүзбөстөн эле, жалаң ой жоруп, акыл калчап, жооп берүүгө аракеттенишкен”. Рационал *«акылга ылайык»* деген маанини берет, алардын рационалисттер деп аталганы да ошондон.

Рационалисттер жанды адам туулганда бирге жаралып, анын денеси менен бирге жашаган, ал өлгөндө денени таштап, өз жашоосун түбөлүккө улантып кала берүүчү феномен катары карашкан. Жандын табиятын материалисттик негизде- дин духунда ү йрөнгөн жана бул багытты негиздеген окумуштууга Р.Демокрит кирет. Ал биздин заманга чейинки 460-370-жылдарда жашаган. Р.Демокриттин ою боюнча жан - оттун атомдорунан турган жеңил шар формасындагы өтө кыймылдуу материалдык зат. Жан сезүүнү тышкы дүйнөдөн алып, андан жандын атомдору кыймылга келет – деген идеяга таянган.

Адамдын жандык турумушунун маңызы физикалык, механикалык себептер менен байланыштуу деп түшүндүргөн. Демокриттин ой жүгүртүүсү материалисттик духта болгону менен, анын материалисттик көз карашы механикалык деңгээлден көтөрүлө алган эмес.

Жан жөнүндөгү материалисттик ойду негиздеген окумуштуулардын дагы бири - б.з.ч. 384-322-жылдарда жашаган грек окумуштуусу Аристотель. Ал - тарыхта психология илимине биринчи болуп материалисттик негизде ой жүгүрткөн окмуштуулардын бири катары каралат.

Аристотель жан түшүнүгүн Демокритке караганда башкача элестеткен. Ал жанды зат катары кароого каршы болгон. Ошол эле учурда жанды материядан обочолоп караган эмес. Жан жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон дененин табигый маңыздагы - формасы деген. Аристотель психиканын илимий негизин түзгөнү менен башка окумуштуулардан айырма -ланган.

Платон жанды өз алдынча субстанция, бардык заттардын, кубулуштардын алгачкы, негизги мазмуну катары эсептеген. Жан адам денесинде жашоо менен бирге ага көз каранды болбогон «денесиз» өзгөчө обьект деп карап, аны түбөлүктүү, кудай кебетелүү, адам колу жетпеген, акылга сыйбагандыктын башталышы сыңары элестеткен. Ал эми денени, байкоого мүмкүн болгон, чирип жок болуучу керексиз бир обьект катары караган. Жанды кудай жаратқандыктан, ал денени башкаруу, адам турмушун багыттоодо, өзгөчө кудуретке ээ экендигин көрсөтөт.

Платон – обьективдүү идеализм агымынын классикалык өкүлү. Ал идеялар дүйнөсүнүн жаралгандыгын жактап бирок материя, индивидуалдуу аң-сезимден сырткары жатат - деген. Дүйнө абстракттуу идеялдардын тобунан турарына бир жактуу ишенген. Чындыгында да, Платон жактаган идеялар дүйнөсү жашайбы деген суроо туулат? Белгилүү деңгээлде идеялар дүйнөсү жашайт (Гиппенрейттер Ю.Б.). Аны илимий, адабий эмгектерде, тил илиминде, руханий маданиятта, муундан - муунга өтүп жашаган, сакталган, маалыматтардын жыйындысы түрүндө түшүнүү керек.

Француз философу **Р.Декарт** рационалдык философиянын негиздөөчүсү болгон жана аң-сезимди психологиянын предмети деп түшүндүрүүгө аракеттенген ойчул – философ. Анын оюна караганда, аң-сезим адамды кыймылга келтирип, өзүн курчаган чөйрө менен активдүү мамиледе болуусуна шарт түзүп турат. Бирок аң-сезимге материалисттик түшүндүрмө бере албастан, аны кудай тааланын амири менен болот деп утопияга өтүп кеткен.



**Р.Декарт** б.з. 1596-1650 - жылдары жашаган француз философ жана математик, рационалисттик философиянын негиздөөчүсү.

**Эмприкалык психология - с**езим тажрыйбасын негиз туткан, таануу теориясынын философиялык багыты. Бул агымдын психология илимде алгачкы жолу оозго алынышы 18-кылымда жашаган немис философу Х.Вольфтун аты менен байланыштуу. Эмприка «эмпей-

ра» деген грек сөзү, менен дал келип, кыргызча «тажрыйба» деген-ди билдирет. Эмприкалык психологдор тигил же бул кубулуштун закон ченемдүүлүгүн аныктоо үчүн так методдорду, байкоолорду, эксперименттерди жүргүзүү зарылчылыгын белгилешкен. Аң-сезимдин обьективдүү жашарын, аны белгилүү методдор менен ү йрөнүүгө болорун айткан.

Эмприкалык психология, илиминде психиканын изилдөө обьектисин, аң-сезимден издөөдө рационалдык психологдорго караганда прогрессивдүү, алга умтулуу жумуштарды уюштурган агымдын бири болуп саналат.

Эмприкалык психологдор психикалык процесстерди байкоого, обьективдүү изилдөөгө мүмкүн эмес дешип, аларды изилдөөнүн бирден-бир жолу катары инстроспекция (*өзүн-өзү байкоо, өзүнө кунт коюу, өзүнө-өзү изилдөө жүргүзүү)* ыкмасын сунуш кылышат. Бирок аң-сезимди интроспекция ыкмасы менен үйрөнүүгө мү мкүн эмес. Себеби жеке адамдан алынган маалымат субьективдүү болуп, чындыктан алыс тура тургандыгына маани беришкен эмес.

Эмприктер дуалисттик (оома, эки чечимдүү) позицияны кармашат, б.а., алар дүйнө эки (материалдык рухтук) бири-бирине байланышпаган башталыштарга негизделип, руханий дүйнө материалдык дүйнөгө көз карандысыз, өзүнө гана тиешелүү мыйзамдарга, кубулуштарга ээ дешет. Материалисттик монизмге (бир, жалгыз), дүйнөнүн жалгыз гана жансыз материядан пайда болгондугун танып, ага карама-каршы ой жүгүртүшкөн.

Эмприктер өз көз караштарындагы туюктан чыгуу үчүн, биринчиден, психо-физикалык өз ара таасир этүүчүлүк теориясын сунуш этишкен. Анда адамдын денеси, материалдык, психикалык процесстерге, тескерисинче, психика-физиологиялык негизде таасир этүү абалында турарын жакташат. Мындай ой жүгүртүү бир жагынан туура сезилгени менен экинчи жагынан дуализм принцибине карама-каршы келет. Экинчиден, психо-физикалык жарыш теориясы менен аракеттенишет. Мында физиологиялык жана психикалык процесстер жарыш жана бири-бирине көз карандысыз жашары жөнүндөгү ой жатат. Эгер бул «далилдөөгө» ишенсек, бытиянын жаратылышына карама-каршы чыгабыз, аң-сезим материя менен катар коюлуп, психологиянын предмети боло албайт.

Эмпириктердин туруксуз, эки анжы ой жүгүртүүлөрүнөн бихевиористтик жаңы илимий агым пайда болгон. Алар психологиянын предметин идеалисттик негизден эмес, материалисттик рухтан көрү шкөн. Бирок эмприктер аң-сезимдин табиятын идеалисттик деңгээлде түшүнүшүп, рационалисттер сыяктуу эле бытиенин алгачкы негизин эки нерседен – материалдык кубулуштардан (мейкиндикте белгилүү орунду ээлеген) обьективдүү заттардан, аң-сезимдик кубулуштан (мейкиндикте белгилүү орунду ээлебеген- ойлоо, эс, сезүү, аң-сезимден ж.б.) турат деп билишкен.


## § 2.2. Бихевиористтик психология

XIX кылымдын орто чендеринде **И.М.Сеченовдун «Баш мээнин рефлекси»** деген эмгеги жарык көрөт. Эмгек ошол учурдагы жан жөнүндөгү илимге, идеалисттик багыттагы көз карашка чоң сокку урган. И.М. Сеченовдун рефлексжөнүндөгү окуусун И.П.Павлов андан ары тереңдеткен.

Бул эки улуу окумуштуунун материалисттик ой жүгүртүүлөрү, физиологиялык ачылыштары америкалык психологияда, адамдардын психикалык өнүгүшүнө түрткү берди. XIX кылымдын аягында америкалык психолог **Э. Торндайк** айбандардын жүрүм-турумун атайын түзүлгөн лабиринтте үйрөнө баштайт. Айбандардын лаби-



**И.М.Сеченов** 1829 -1905 – жылдары жашаган орустун улуу физиологу жана психологу.



**Э.Торндайк** 1956-1976 – жж. америкалык физиолог жана психолог.

ринтте жүрүүдөн пайда болгон ык машыгууларын, алардын себептерин изилдеген. Анын изилдөөсүн экинчи америкалык психолог **Дж.Уотсон** андан ары улантып, психологияда **бихевиоризм** деген жаңы багытты негиздеген. Бихевиоризм «жүрүм-турум» деген маанини берет.



**Дж.Уотсон** 1873-1958 – ж ж. америкалык психолог, бихевиоризмдин негиздөөчүсү.

Бихевиористтик агымдын өкүлдөрү психологиянын предмети жан же аң-сезим боло албастан, жүрүм-турум болуп саналат дешет. Алар адамда эч кандай аң-сезим жок, ал жөн гана ойлоп табылган түшүнүк деп келип, адамдын субьективдүү ички дүйнөсүн үйрөнүүнү толук түрдө четке кагышып, психологияны адамдын тышкы жүрүм-турум формаларын үйрөтүүчү илим катары түшүндүрүшөт.

## § 2.3. Бихевиоризм агымы

Бихевиоризм – англис сөзү, орусча — «поведение» кыргызча «жүрүм-турум» деген маанини берет. Бихевиоризм зоопсихологияда ачылган шарттуу рефлекс окуусунун негизинде пайда болгон. Бихевиористтер интерактивдүү методун таанышып, аң-сезимдин идеалисттик концепциясына каршы чыгышат, психологияда аң-сезимди анын мазмунун, функциясын үйрөнүүдөн баш тартууга чакырышат. Алар психология илими обьективдүү байкоого мүмкүн болгон гана кубулуштарды үйрөнүүгө тийиш деген талапты коюшат.

Андай кубулуш катары адамдын жүрүм-турумун эсептешкен. Психологиянын предметин аң-сезим эмес, адамдын жүрүм-турумун түшүндүргөн аң-сезим, сезүү, кабыл алуу, эрк жана башка психикалык процесстерди илимий мазмунсуз түшүнүктөр катары санашкан.

Бихевиористтердин окуусундагы негизги түшүнүктөргө стимул (**S**) - сырткы чөйрөдөн таасир эткен дүүлүктүргүч, реакция (**R**)

-дүүлүктүргүчтөргө жооп бериши жана байланыш-стимул менен реакциянын ассоциациялык байланышы кирет. Ушул үч түшүнүк аркылуу адамдын жүрүм-турумун, психикалык процесстерди түшү ндүрүүгө аракеттенишет.

Мисалы, адамдын жүрүм-турумун үйрөнүү үчүн, биринчиден адамдын жүрүм-турумун так сүрөттөөнү (**S**), экинчиден, жүрүм-турумун кайсы стимулга көз карандылыгын тактоону (**R**), үчүнчү дөн стимул менен жүрүм-турумдун ортосундагы байланышты талдоону сунуш этишет. Кыскасы, бихевиористтердин негизги илимий максаттары тигил же бул жүрүм-турумга туура келүүчү байланыштарды табуу, аны анализдөө жана ушундай аракеттердин негизинде «жүрүм-турум стимулга болгон реакция» деген тезисти далилдөө.

Бихевиоризм окуусу өзүнүн өнүгүшүнүн алгачкы этаптарында адам менен айбандардын жүрүм-турумдарынын ортосунда олуттуу айырмачылыктар жок деп эсептешип, айбандардын жүрүм-турумун изилдөөдөн алынган илимий бүтүмдөрдү толук адамга да алып көчүрүшкөн. Айырмачылыкты адамдын жүрүм-турум реакцияларынын жаныбарларга караганда татаалдыгынан жана стимулдуулугунан көрүшкөн.

Бихевиористтердин жүрүм-турум психологиясы жөнүндөгү окуусунда, туура эмес идеяларына карабай, аз болсо да прогрессивдүү жактары да бар. Алар психикалык феномендерди толук танышкан эмес, бирок аларды үйрөнүү жолдорун, көрсөткөн методологияны түзүүгө күчтөрү жетпеген.

## § 2.4. Гештальт психология.

Гештальт – немец сөзү, кыргызча «форма, бүтүндүк» деген маанини түшүндүрөт. Гештальт психология Германияда пайда болуп, Европада таанылган. Алар бихевиоризм агымы сыяктуу эле табигый так илимдердин методдоруна көп басым жасашып, алардын таасиринде өнүккөн. Көбүнчө физика, математика илимдеринин жетишкендиктерин кеңири пайдаланышкан.

Гештальтисттер жүрүм-турум рефлекстердин байланышы эмес, ал бир бүтүн, жалпы кубулуш деп, т жүрүм-турумдун бир гана сегментин талдоого алышкандыгы үчүн сындашкан.



**К. Левин** 1934-1978-жылдары жашаган американык психолог, гештальт психологиясынын негиздөөчүсү.


Бул агымдын негиздөөчүлөрүнө М.В.Келлер, К.Коффки жана К.Левин сыяктуу окумуштуулар кирет. Гештальтисттерди интро -спективдүү психологияга мүнөздүү болгон психикалык кубулуштарды атомисттик жол менен талдоо, үйрөнүү ынандыр- ган эмес. Интроспективдердин татаал кубулуштарды элемен -тардык элементтерге бөлүп, психикалык кубулуштар ал жөнөкөй элементтердин жыйын- дысынан турат жана алардын закондоруна баш иет дешип, ассоциациянын законуна таянып, психиканын жалпы структурасын түзүү гө аракеттенишкен.

Бирок чындыгында да, бүтүн обьектилердеги өзгөчөлүктөр эч качан толук түрүндө аны түзгөн бөлүктөрдөн, элементтерден келип чыкпайт. Психикалык кубулуштар өзүнүн татаал, бүтүн системага ээ болгон ички закону менен жашайт.

Гештальт психологдордун идеялары психологиянын негизги проблемаларын изилдөөгө жардам берген. Алар кабыл алууну, ойлоону, эсти, личностту жана личносттордун ортосундагы байланыштарды талдашкан. Көбүнчө кабыл алууга басым жасашкан. Кабыл алуунун, сезүүдөн айырмаланарын жана сезүүнүн бөлүктөрү нөн, кошундусунан турбастыгын негиздешип, кабыл алуудагы фигура менен фондун ролун, образдын түзүлүшүндөгү контурдун маанисин изилдешкен.

## § 2.5. Психоанализ

Ушул күнгө чейин көп илимий ачылыштарды жаратып, психологиянын предметтине негиздеме берген З. Фрейддин эмгектери, эл арасында практикалык кызыгууларды жаратып, личносттук психологиянын өнүгүшүнө өз таасирин тийгизген илимий теориялардын бирине фрейдизм кирет.



**З.Фрейд** 1858-1939 – жылдары жашаган автриялык психолог, физиолог, врач-неврапо-толог. Психоанализдин негиздөөчүсү.

Бул агымдын негиздөөчүсү катары З.Фрейд эсептелет. З.Фрейд 1856-1939-жылдарда жашаган австриялык психиатр. Венада психотерапевт болуп иштеген, андан соң Лондонго эмиграцияланып ошол жерде каза болгон.

Психоанализ дагы психология илимин кризистен чыгарууга аракеттенген агымдардан. Психоаналитиктер бихевиористтерден, гештальтист- терден айырмаланып, өздөрүнүн теорияларын табигый так илимдердин базасында өнүктүрүшкөн эмес. Алар кризистен чыгуу жолун психология илиминин өзүнөн, анын ички проблемаларынан же ага жакын илимдерден изилдешкен.

З.Фрейд атактуу француз неврологдору Шарко жана Бернгейанын клиникасында иштеп, психотерапиянын методикасы менен таанышкан. Фрейд невроз оорусу аң-сезимсиз абалдагы кайгы-капа областында сакталган аффектилердин (көңүл чөгүүнүн, кыйналуунун, ачуулануунун) натыйжасында патологиялык (ар түрдүү оорулардын натыйжасында органдардын, ткандардын түзүлүшүндө болуучу өзгөрүүлөр) аракеттерден улам пайда болот деген идеяны айтып, аны дарылоонун бирден-бир жолу катары гипноздоону сунуш эткен. Гипноз нерв ооруну пайда кылган жагдайды кайрадан «жаратканда» оорулуу адамдын айыгып кетери тууралуу бүтүмгө келген. Бирок, З.Фрейд кийин гипноздоо аркылуу дарылоо практикасынын үстүндө андан ары иштеген эмес.

З.Фрейд өмүрүнүн акырына чейин түш көрүүнү, эркин пайда болуучу ассоциацияны, калп, каралоону жана унутууну изилдеп, адамдардагы бул өзгөчөлүктөрдү түшүндүргөн. Психоанализ окуусунун борбордук түшүнүктөрү катары аң-сезим жана аң-сезимсиз абал саналат. З.Фрейд өзүнүн окуусунда аң-сезимсиз абалга өзгөчө маани берген. Күчтүү нервдик чыңалууну талап кылуучу татаал интеллектуалдык иш-аракет аң-сезимдин чөйрөсүнүн сыртында жүргөндүктөн, айрым адамдардын өзүн-өзү сындоосу, уят-намысы

аң-сезимсиз болуп, анын кылык – жоруктарынын пайда болушуна алып келери жөнүндө жазган.

3. Фрейд бейтап адам менен узак баарлашып, ооруну пайда кылуучу факторду таап, аны бейтаптын өзүнө түшүндүрүп, кантип оңолууга багыт берүү аркылуу айыктыруунун жолун иштеп чыккан. Ал адамды **катаристик** абалына алып келип айыктырган. Катарис «тазалануу» деген маанини берет, адамдын күчтүү, эмоционалдуу кайгы-кападан кийин өзүн жеңил сезип калуу абалын билдирүүчү психоаналитикалык түшүнүк.

З. Фрейд оору менен маектешкенден алган материал-дарды түшүндүрүүнү «психоанализ» деп атаган.

З. Фрейд психоанализ методунун жардамында адамдын психикалык иш - аракетин аныктоочу же личносттун өнүгүүсүндө негизги орунду ээлөөчү жыныстык кумар ага берилүү (либид) жана агрессивдүүлүк (өмүрдү сактоо, өлүмдөн коркуу) деген эки керектөөнүн үстүндө иштеген. Адам жашаган коомдук чөйрөдө, кү ндөлүк турмушта - бул эки керектөө ачыкка чыкпайт, уят катары эсептелип, аң-сезимдин талаасынан чыгып, аң-сезимсиз талаага өтөт, бирок адамдын кыймыл-аракеттерин, жүрүм-турумдарын башкара берет.

Белгисиз мындай башкаруучулук аракетке, адам анчалык маани бербейт. Цензурада турган керектөө адамга символдор катары байкалат, жүрүм-турумдарды башкарат.

З.Фрейддин психология илимине киргизген идеялары-нын бирине личносттун структурасы деп аталган «ал» (ид), «мен» (его), «ашкере мен» (супер его) түшүнүктөрү кирет.

«Ад» (ад - субьектинин инстинкттик аракетин, башкача айтканда, кумарлануусун (сексуалдуулугун), агрессивдүү-лүгүн сырткы чөйрөнүн цензурасына карабай тез арада канааттандыруу аракетин билдирет.

«Мен» (его) – бир жагынан аң-сезимсиз инстинкттин мыйзамына, экинчи жактан реалдуулуктун талабына, нормативине карап аракеттенет.

«Ашкере мен» (супер его) – коомдогу моралдык нормалардын топтомунан жана алардын талаптарынан пайда болот. Негизинен цензуранын ролун аткарат.

З.Фрейд психоанализ агымын негиздөө менен өзүнүн айланасына таланттуу жаш окумуштууларды, окуучуларын топтогон. Ал табигый чоң жөндөмдүүлүккө ээ болгондуктан жана атактуу психотерапевттердин лабораторияларында иштеп, алардын бай тажрыйбаларынын таасиринде окумуштуу катары калыптангандыктан, кээде акылга сыйбагандай жаңылыктарды жарата алган. Ошондуктан окумуштуулар анын окуусуна ишенбөөчүлүк менен карашкан. Бирок кантсе да Фрейдизм жаңы психологиялык кубулуштарды ачууга илимий жаңы агымдардын пайда болушуна алып келген. Анын бул далили – неофрейдизм илимий агымынын жаралышы.

## § 2.6. Неофрейдизм.

З.Фрейддин классикалык психоанализ агымынан бөлүнүп чыккан. Анын негизги өкүлдөрүнө А.Аддлер, К.Юнг, К.Хорни, Г.Салливендер кирет.

А.Адлер психологиянын психоаналитик багытында иштеген окумуштуулардын тобуна кирет. «Индивидуалдык психология» деген илимий мектепти түзгөн. Анын негизги эмгектери – «Невротикалык мүнөз жөнүндө», «Индивидуалдык психол- огиянын теориясы жана практикасы» деген китептери бизге белгилүү.

А.Адлер, биринчиден З.Фрейддин биологиялык теориясына каршы чыгуу менен адамдагы түпкү маанилүү олуттуулукту, өзгөчөлүктү табигый инстинктинен эмес, коомдук сезимден келген, аны «сезимдин бирдейлиги же жалпылыгы» (чувство общности) деп атаган. Сезимдин жалпылыгынын адамга туулгандан баштан берилерин жана аны социалдык жактан өнүктүрүү зарылдыгын белгилеген.



**А.Адлер** 1870-1937- жж. австриялык психолог.

Экинчиден, З.Фрейддин адам туулгандан баштап эле агрессивдүү касиеттерге ээ жана ал биологиялык керектөө менен байланышта деген тезисин сындаган. Үчүнчүдөн, А.Адлер личносттун

структурасын бирдиктүү деп, аны үч түзүүчүгө «ал», «мен», «ашкере менге» ажыратууну колдогон эмес.

Адлер личносттун өнүгүшүнүн детерминанттын «артыкчылыкка умтулуу аракети ар качан эле турмушта ишке аша бербейт, ага жаш чагында социалдык чөйрөдөн алган терс таасирлер же дене органдарындагы кемчилдик себеп болот, адам ушундай жетишпегендиги жөнүндө көп ойлонуп, аны компенсациялоонун жолдорун, каражаттарын издеп жашайт дейт. Демек, кемдик сезимин компенсациялоого умтулуудан жашоодон ордун табуунун мотивин көргөн. Адлер мындан башка да уйку, невротизм маселелерин изилдөөгө белгилүү салым кошкон.



**Г.Салливен** 1945-1976- жж. америкалык психолог.

З.Фрейд менен К.Юнгдун илимий конфликтине окутуучусунун пансексуализм идеясы себепкер.



**К. Хорни** 1885-1952- жж. америкалык психолог. З.Фрейддин ишеничтүү окуучусу.

Юнг адамда индивидуалдуу аң-сезимсиздиктен (подсознания) башка коллективдүү аң-сезим жарыш жашаарын жактаган. Коллективдүү аң-сезим дегенде байыркы ата тегибиздин бизге мурасталган акыл-эсин түшүнгөн. Ошондой эле, жалпы психология илимине кеңири тараган ойчул, эмоционалдуу, сензитивдүү деген түшүнүктөрдү негиздеп, адамдарды үч топко бөлгөн.

К. Хорни психоанализ теориясынын негизги жоболорун жактап, аң-сезимдин негизги ордуна маани берүү менен бирге жаратылыштык, социалдык факторлорду танбайт, личносттун калыптануусундагы социалдык чөйрөнүн таасирин алдыңкы катарга коет. К.Хорни адам маңызында (сущность) тубаса тынчсыздануу сезими жатат деп, бала төрөлгөндөн баштап эле өзүн адамдар чөйрөсүндө жайлуу сезбей, органикалык деңгээлде тынчсыздануу сезими,




**К.Юнг** 1875-1961 – ж ж. швейцариялык психиатр, психоанали тик, З.Фрейддин алгачкы окуучуларынын бири.

кайгы-капа кошо келерин, дүйнөнүн ага болгон каршылыгын туярын, андан кутулууга умтуларын негиздөөгө аракеттенген. Бул баланын кийинки турмушунда, психикалык иш-аракеттин касиетине айланат кылык-жоругун мотивдештирет деген тыянакка келген.

Хорни адамдын жүрүм-турумунун 4 түрүн сунуш кылат. Бирок эмгектеринде жүрүм-турумдун үч түрү адамдарга умтулуу, адамдарга көз каранды болбой четтөө жана адамга каршы агрессивдүү аракеттенүү жөнүндө гана сөз болот. Жогорудагы мамиленин үч түрү менен личносттун невротикалык үч – түрү туруктуу (устойчивый), четтөө (устраненный), агрессивдүү байланыштуу.

## § 2.7. Гуманистик психология




**К.Роджерс** 1902-1987 – ж .ж. америкалык психолог, гуманистик-психологиянын көрүнүктүү өкүлү.

Бул агым 1930-жылдарда пайда болуп, 1950-1960-жылдарда андан ары өнүгө баштаган. Гуманисттик психология социалдык психологиянын өнүгүшүнө жана личносттун ички структурасына көңүлдүн бурулушуна түрткү бер-ген.

Гуманистикалык психологиянын өкүлдөрү неофрейдист-тердин адамдын жүрүм-туруму ырахаттануута, агрессияга же коомдон коргонуу аракетинде турат деген концепцияларына каршы туруш-кан. Алар личность – коомдо жашоо менен бирге иш-аракет процессинде адам баласынын иш-тажрыйбасынын өнүгүшүнүн продуктысы, коомдук жүрү

м-турум форма- ларын өздөштүрүүдөн келип чыккан, психологиялык түзүлүш психикалык бирикме болуп саналат деп эсептешкен. Гуманисттик психологдор адам баласынын табиятында гуманоиддик, альтуристтик (өзүнүн кызыкчылыгына караганда башка адамдардын кызыкчылыгын жогору коюу) керектөө жашарын, бул касиет адамдын жүрүм-турумунун булагы болорун белгилешкен. Анын негизги өкүлдөрүнө **К.Роджерс, Г.Олпорттор** кирет.



**Г.Олпорт** 1897-1964-ж ж. америкалык психолог, личностту окуп үйрөнүү гө багытталган системалуу методду негиздеген.

К. Роджерс алгач психиатр терапевт, андан кийин психолог катары иштеген. Ал өзүнүн терапия методун «интер-активдүү», б.а., оорулууга ой топтоо деп атаган. К. Роджерстин, Г. Олпорттун ыкма сы боюнча, дарыгер оорулууга өкүм жүргүзбөй, өз ара бири-бирин сыйлоого, бирдей укукта турууга, кеңеш берүүчү мамиледе болууга тийиш. Ошентип, врачтын оорулуунун экинчи «менине» айланышы, анын ички дүйнөсүн, личносттук жеке көз карашын терең сыйлашы сыйлоо терапиясынын негизги эрежеси. К.Роджерстин индивидуалдуу терапиясы, акырындап психологиянын интерактивдүү теориясына айланган. Өзүн-өзү сыйлоо Роджерстин теориясынын негизги түшүнүгү.

## § 2.8. Советтик психология

Советтик психология бихевиоризм ж.б. агымдагы психологдор тарабынан катуу сынга алынып, четке кагылган. Советтик психологдор адамда психиканын, аң-сезимдин обьективдүү, реалдуу жашарын таанышат. Адамды курчап турган заттар кандай реалдуу жашаса, адамдын аң-сезими, психикасы, субьективдүү ички дү йнөсү, да ошондой эле реалдуу жашайт дешип, психология илиминин предмети катары адамдын аң-сезимин жана психикасын көрсөтүшөт.

Ошентип, психологияда, психикалык кубулуштар (сезүү, кабыл алуу, эс, көңүл буруу, эмоция, сезим, түшүнүк ж.б.), алардын пайда болуу процесстери, өнүгүшү, личносттун психологиялык белгилери (темперамет, мүнөз жөндөмдүүлүк, идеал, кызыгуу) жана адамдын иш-аракетинин психологиялык өзгөчөлүктөрү (мотив, машыгуу, ык жана эмгек, окуу, спорт иш-аракеттери) изилденет. Бул психикалык кубулуштар обьективдүү дүйнөнү адамдын баш мээсинде чагылдырып анын реалдуу – субьективдүү ички дү йнөсүн түзөт. Ал процесстерди адамдын ички психикасы деп да аташат.

Психология бардык психикалык кубулуштардын тобун белгилөөчү жалпы түшүнүк болгондуктан, психика жана аң-сезим түшүнүктөрүнүн мазмундарындагы жалпылыкты, айырмачылыктарды чектегени оң. Психика аң-сезимге караганда кеңири түшү нүк. Ал адамга да, айбандарга да тиешелүү. Аң-сезим психиканын өнүккөн жогорку тепкичи болгондуктан, адамдарга гана мүнөздүү. Психиканын төмөнкү чеги – аң-сезимсиз абал. Адамдын аң-сезимсиз абалына -түш, адамдардын түшүнүксүз кыймыл-аракеттери, галлюцинация, жөөлүү ж.б. кирет.

Ошентип советтик психологдордун теориясына таяна турган болсок, психология дегенибизде - психиканын закондорун, факторлорун жана механизмин үйрөтүүчү илимди айтабыз.

## § 2.9. Психологиянын тармактары

Психология илими өз өнүгүү багыттарына ээ болгон, өз изилдөө обьектилери бар бир нече тармактардан турат. Азыркы учурда психология илиминин системалары активдүү өнүгүүдө.

Психология илими изилдөөнүн практикалык мүнөзүнө карай фундаменттик жана колдонмо (прикладдык) психология болуп бөлүнөт. Ал эми изилдөө обьектисинин масштабына жараша жалпы жана атайын психология деген эки чоң группага ажырайт. Жалпы психологиянын өзү таануу процесстеринин психологиясынан же личносттук психологиядан турат. Таануу процесстерине сезүү, кабыл алуу, көңүл буруу, эс, элестетүү, ойлоо жана кеп процессте-

ри кирет. Бул процесстердин жардамы менен адам жаратылыштан маалыматтарды алат жана аларды кайтадан иштеп чыгат.

Личносттук психология адамдын жүрүм-турумун, ишин аныктоону касиеттерди, эмоция, жөндөмдүүлүк, диспозиция, установка, мотивация, темперамент, мүнөз жана эрк сыяктуу түшүнүктөрдү иликтейт.

**Парапсихология** – грек сөзү, кыргызча «психологияга жакын, жанында» деген маанини берет.

Атайын психология - окутуунун, тарбиялоонун практикасы, теориясы ж. б. тармактар менен байланыштуу болуп, генетикалык психология - (психиканын жана журум-турумдун, тукум куучулук механизмин, генотиптик негизин үйрөткөн); дифференциалдык психология – (адамдын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн айырмачылыктарын изилдеген); курак психологиясы - (балдардын түрдүү курактарын талдаган); социал психология - (адамдардын журум-турумун, иш-аркеттерин социлдык негизде талдаган); педагогикалык психологиясы - (окуу жана тарбияга тиешелүү маалыматтарды чогултуп үйрөнгөн); медициналык психология - (адамдардын психикалык процесстерининин бузулушунун түрдүү спектрлерин жана аларды эскертүүнү, коррекциялоону иликтеген); юридикалык психология – (адамдардын жүрүш-туруш – эрежесин, нормасын юридикалык жактан изилдеген) жана психотерапия, психодиагностика - (балдардын өнүгүү деңгээлдерин үйрөнгөн) деген ж.б. бөлүктөргө бөлүнөт.

Психологиянын жогорудагы келтирилген тармактары жаратылышта обьективдүү жашаган жана атайын илимий методдор менен үйрөнүүгө мүмкүн болгон психикалык кубулуштарды изилдейт. Алардын ар биринин өзүнчө изилдөө обьектилери болуп, окумуштуулардын жана элдин арасында таң калтыруу же ишенбөө сезимдерин пайда кылбайт. Бирок ушундай өзгөчөлүктөргө ээ болбогон, бир жагынан караганда жалпы психологияга жакындай сезилген, экинчи жактан анын мыйзамдарына баш ийбеген өзүнчө бир «илимий» тармак жашап келүүдө. Бул тармак илимде **парапсихология** деп аталат.

**Парапсихология** экстрасенсордук (анализатор менен маанилеш) жол менен түрдүү обьектилерди, кубулуштарды жана анын мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачууга аракет жасайт.

Парапсихологиянын обьектиси болгон кубулуштарды жалпы психологиянын мыйзамдары менен түшүндүрүүгө болбойт алар спецификалык табиятка ээ. Көбүнчө жеке адамдын жаратылыштан берилген дараметине, өзгөчө касиеттерине же көз боемочулугуна да байланыштуу.

Парапсихологиянын төмөнкүдөй негизги тармактары бар:

Телепатия – сезүү органдарынын тикелей жардамысыз адамдын аң-сезиминин аралыкка берилиши.

Проскопия (көз ачыктык) тышкы дүйнөдө болуп жаткан окуяларды сезүү органдарынын жардамысыз кабыл алуу, келечекте боло турган окуяларды алдын ала көрө билүү дегенди билдирет. Проскопиянын өзгөчө бир тармагы биофизикалык эффект же лозоискательство деген термин менен да аталат. Бул – индикатордун жардамы менен жер астындагы сууну, кен байлыктарды табууга болот.

Парадиагностика – ооруу менен байланышпай туруп диагноз коюу. Психокинез – ойлоо дараметинин жардамы менен оор заттарды, иштебеген аппараттарды иштетип жиберүү -деген түшүнүктөр аркылуу мүнөздөлөт.

## § 2.10. Психиканын түзүлүшү (структурасы)

Психика реалдуу чындыктын баш мээде чагылышынын натыйжасындагы процесс болгондуктан, психология үйрөнүүчү психологиялык кубулуштарды (ыңгайлуу болсун үчүн шарттуу түрдө) төмөндөгүдөй түрдө бөлүүгө болот:

**Психикалык процесстер; 2) Психикалык абал,**

**3) Личносттун психикалык касиеттери**.

**1) Психикалык процесстер** обьективдүү чындыкты чагылдырууну камсыз кылат. Алардын негизинде адамда турмуштук тажрыйбалар, ык-навыктар пайда болот, калыптанат. Ошондой эле

адамдын аракеттеринин пайдубалы жана курчап турган чөйрөнү таануунун башаты катары кызмат кылат.

Психикалык процесстер өзүнчө эрктик, эмоционалдык жана таануу процесстери болуп үч группага бөлүнөт.

Таануу процесстерине сезүү, кабыл алуу, эс, көңүл буруу, элестетүү жана ойлоо процесстери кирет.

Адам дүйнөнү кабыл алууда, үйрөнүүдө ал обьектилерге эч качан кайдыгерлик менен карабайт. Белгилүү эмоциялык абалдарга: сүйүнүү, козголуу, ачуулануу. кайгыруу ж.б. Булар эмоциялык процесстерди түшүндүрөт.


Личность өзүн курчап турган чөйрөнү таануу же кабыл алуу менен чектелбестен, аларга карата активдүү мамиледе болот. Мисалы, максатка жетүүгө умтулуу, кыйын абалда өзүн-өзү башкаруу, моралдык жана физикалык чечим кабыл алуу, алдында турган кыйынчылыктарды жеңүү, каршылыктарды жеңүү ж.б. Бул саналгандар адамдын эрктик процесстерин билдирет.

**2) Психикалык абал.** Адам бир эле күндүн ичинде бир канча психикалык абалды башынан кечириши мүмкүн. Өзү катышкан, туш болгон окуя канчалык көп кырдуу болсо, анын психикалык абалдары ошончолук түркүн түр менен көрүнөт.

Психиканын бул компонентине көңүл буруу, көңүл топтоо, акылдын активдүүлүгү же пассивдүүлүгү, чечкиндүүлүк же чечкиндиксиздик бир нерсени билүүгө болгон кызыгуучулук, кандайдыр бир нерсени билүүгө болгон кызыгуучулук, бир нерсени күтүү, кубануу ж.б. абалдарды кошууга болот. Психикалык абалдар сезимде - көңүл, аффект, эйфория, чочуу, фрустрация, көңүл буруу, стрес, агрессия (көңүл топтоодо, чаржайыттыктын болушунда), эркте (чечкиндүүлүк, өзүн-өзү жоготкондук ж.б.), ойлоодо, элестетүүдө (таттуу кыял, элирүү, дегдөө ж.б.) байкалат.

**3) Личносттун жекече психикалык касиеттери** – башка психикалык компоненттерге караганда туруктулуугу менен айырмаланган жана адамдык сапаттык жактан мүнөздөй турган касиеттер. Аларга личносттун багытталышы, темпераменти, мүнөзү жана жөндөмдүүлүгү кирет.

# § 2.11. Жогорку психикалык функциялар



**А.Р. Лурия** 1902-1977 - жылдары жашаган көрүнүктүү советтик психолог.

Жогорку психикалык процесстер - социалдык мүнөзгө ээ. Ал адамдын жашоо мезгилинде татаал мамилелерде калыптанган психикалык процесстердин системасы. Ага кабыл алуу, көңүл буруу, эс, ойлоо, эмоция жана кепти киргизүүгө болот.


Жогорку психикалык процесстер адамдын өмүр сүрүшүндө бирдей көрүнүп, үзгүлтүксүз өнүгөбү же куракка жараша боло тургандыгы психологдордун алдында турган негизги суроолордун бири . Бул суроолорго жооп берүүдө үч көз караш кездешет: Биринчи психикалык процесстер жашоонун бардык этаптарында бирдей өнүкпөйт (тубаса шык иш-аракетинин түрүнө жараша өнүгөт), белгилүү этапта байкалып өнүгөт (гештальт психологдор). Экинчи агымдагы окумуштуулар (Ж.Пиаже) психикалык процесстер адамдын тирүү убагында өнүгөөрүн, морфологиялык, функционалдык бышуу убагына туура келерин чектешип, өнүгүү сырткы чөйрөгө көз каранды болбой, ички организмдин бышуусуна жараша өнүгөт деген көз караште болушкан.

Үчүнчү көз караштагылар (Л.С. Выготский, А.Н. Леонтьев, А.Р. Лурия) жогорку психикалык функциялар адам- дын жашоонун бардык мезгилдеринде сырткы чөйрөнүн таасиринде тарыхый, коомдук-социалдык жана маданий шартка жараша өнүгүп отурат - деген позицияда түшүндүрүшөт.

# § 2.12. Психиканын физиологиялык негизи

Байыркы грек врачтары ооруларга байкоо жүргүзүп, баш мээнин иш-аракеттери менен психикалык кубулуштардын ортосундагы тыгыз байланышты белгилешкен. Чынында да, баш мээнин айрым участокторуна доо кете турган болсо, адамдын тийиштүү психикалык иш-аракеттери иштен чыгат. Бирок психология илиминин өнүгүшүнүн алгачкы этабында адамдагы психологиялык өзгөрүүлөрдүн себебин баш мээге көз карандысыз жашаган **жан** феноменине байланыштырып түшүндүрүшкөн. Ал эми материалисттик агымдагы окумуштуулар жана кийинки илимий фактылар адамдагы бардык психикалык процесстер эч кандай жан феноменсиз эле тикеден-тике рефлекстин натыйжасында пайда болорун далилдеди.

Бардык аракеттер түздөн-түз баш мээ менен байланышта, мээ ойлоо-органы, ойлоо болсо – өз кезегиндеги мээнин иш-аракетинин продуктысы. Бирок, психика нерв-системанын физиологиялык негизин түшүндүрүүдө организмдин чөйрө менен болгон байланышын эске албоо маселени туура чечүүгө мүмкүндүк бербейт. Себеби организм чөйрө менен туруктуу, тыгыз байланышта, өз ара таасир этүү катышында турат. Организмдин чөйрөнүн таасиринен алыссташы анын физиологиялык жана психикалык жактан калыптанышына тескери таасир берери практикада далилденген. Организм айлана – чөйрөсүз жашай албайт (И.М.Сеченов). Ал эми И.П.Павлов: Тирүү организм – татаал система, ал өзүнө мүнөздүү касиетке, ички жашоо формага ээ болуу менен сырткы чөйрөнүн таасиринде турат - деген.



**И.П. Павлов** 1849-1936 – жылдары жашаган орус физиологу, Нобель сыйлыгынын лауреаты.

Организм сырткы чөйрө менен нерв системасы аркылуу байланышат. Нерв системасы, биринчиден, организмдин иш-аракети түрдүү бөлүктөрүн иш ара-

кетин бириктирет, экинчиден, аны чөйрө менен байланыштырат. Мындай байланышты **рефлекс** ишке ашырат.

**Рефлекс -** жөнөкөй жана татаал организмдин нерв иш-аракетинин механизми. Ал ички жана сырткы чөйрөдөн пайда болгон дүүлүктүргүчтөргө организмдин жооп беришин камсыз кылат.

Нерв - дүүлүгүүнүн рецепторунан, нерв системасынын борбордук бөлүгүнөн, андан аффенттик жана эфференттик механизмдерден туруп, **реффлектордук жааны** пайда кылуу менен белгилүү жумуштарды аткарууга жетишет.

Рефлекс процесси организмдин түрдүү бөлүктөрүндө түрдүү чө аракетке келет. Арка мээнин шартсыз рефлектордук жаасынын курамына нейрондар кирет. Анда дүүлүгүү четтен (периферияда) борборго (афференттик жол) берилсе, борбордук нерв системадан (эфференттик жол аркылуу) б.а. жумушчу органдарга берилет, ал эми баш мээдеги шартсыз рефлекс татаал рефлектордук жаада өтөт. Афференттик жана эфференттик жолчолордон башка дагы үчүнчү- айкалыштыруучу борбордук нейрон ишке кирет.

Мындай материалисттик ой жүгүртүүнүн баштоочусу катары XVII кылымда жашаган француз философу Р.Декартты айтууга болот. Ал илимге рефлекс түшүнүгүн киргизип, революциялык кадам жасаган. Р.Декарт рефлекс деп тышкы дүүлүктүргүчкө адамдын организминин жооп берүүсүн түшүнгөн.

Р.Декарттын рефлекс жөнүндөгү окуусу адамдардын жана айбандардын айрым эрксиз кыймылдарынын себептерине жооп берген менен, алардын жалпы жүрүм-турумунун татаал механизмдерин ачып бере алган эмес. Анын ой жүгүртүүсү өтө жөнөкөй, механикалык мүнөзгө ээ болгон. Ал нервди түтүкчө катары элестетип, анын ичи менен мээден чыккан «турмуштук дух» агып, айланып, организмди аракетке келтирет деп болжолдогон. Адамдын бутунун тартылышын мындайча түшүндүргөн. Түтүкчөнүн (нервдин) ичинде ичке жипче жайланышкан. Жипченин учунда клапан орнотулган. Сырткы дүүлүктүргүчтүн жардамы менен жип кыймылга келгенде, баш мээдеги клапын ачылып, андагы «турмуштук духтар» түтүкчөлөр аркылуу булчуң эттерге берилип, бут кыймылдайт деп түшүндүргөн.

Бул окууну улантууда орус физиологу И.М.Сеченовдун эмгеги мааниге ээ. Ал өзүнүн «Баш мээнин рефлекси» деген эмгегинде: «Турмуштун аң-сезимдүү жана аң-сезимсиз аракетинин пайда болушу – табияты боюнча рефлекстин өзү» - деп жазган.

**Рефлекс** – деген латын сөзү, кыргызча «чагылуу» деп түшүнсө болот.

И.М.Сеченовдун рефлекс жөнүндөгү окуусунун мааниси төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт. Биринчиден, психикалык кубулуштар тышкы таасирдин негизинде пайда болоорун далилдеди. Экинчиден, психикалык кубулуштар мээде болуп өтүүчү тормоздолуу, козголуу сыяктуу физиологиялык процесстердин натыйжасы экендигин аныктады. Үчүнчүдөн, психика адамдын жүрүм-турумун толук башкара турган механизм экенин айгинелеп берди.

**Рефлектордук жаа.** Адамдын жалпы психикалык иш-аракеттеринин негизинде пайда болоруна шек жок. Бирок психологиялык процесстердин жаралышында рефлектордун үч звеносу бирдикте аракеттениш керек. Биринчи звенодо тышкы дүүлүктүргүчтүн негизинде сыртан келген механикалык энергияны нервдик энергияга айландырып берүү жумушун аткарса, экинчи звенодо баш мээдеги козголуу жана тормоздолу процесстери тийиштүү психикалык кубулуштардын пайда болушуна өбөлгө болот. Ал эми үчүнчү звенодо баш мээден берилген буйрукка ылайык адамдын тышкы кыймыл-аракеттери келип чыгат. Ушул үч звено биригип, «рефлекстик жааны» түзөт.

**Кайра байланыш.** Психология жана физиология илиминде рефлектордук жааны түзгөн үч звенодон башка төртүнчү звенонун бар экендиги да белгилүү. Адамдын баш мээси жумушчу органдарына маани бербестен маалыматтардын тийииштүү органдарда кандай аткарылышын көзөмөлгө да алат. Эгер берилген информация туура эмес аткарылса, ал маалымат баш мээге берилип, кайрадан информациянын туура жүзөгө ашышын көзөмөлдөөчү төртү нчү звено «кайра байланыш» деген термин менен белгилүү.

**Шартсыз рефлекс.** И.П.Павлов шартсыз рефлекстин пайда болушун төмөндөгүдөй түшүндүрөт: Шартту рефлекс ички жана сырткы органдарда пайда болот. Дүүлүгүү рецепторго таасир этип, рецептордогу нервдик козголууга, б.а. нерв энергиясына айланат.

Козголуу нерв жипчелери аркылуу борбордук нерв системасына берилет. Анда жаралган байланыш аркылуу дүүлүгүү тийиштүү органдарга жиберилет. Бул маалыматтар органдардын клеткаларынын өзгөчөлүк-түрүнө карай трансформацияланат.


Шартсыз рефлекстин өзүнө таандык касиеттери бар. Мисалы, берилген дүүлүгүүгө организмдин жообу (реакциясы) тубаса көрүнүш жана дүүлүгүү менен организмдин реакциясынын ортосундагы нервдик байланыш ар качан туруктуу. Бардык жаныбарлардын түрлөрүндө, шартсыз рефлекстер окшош жүрөт жана жашоонун биринчи саатынан баштап көрүнөт, сезилет. Анткени ушундай жөндөмдүүлүк менен жарык дүйнөгө келет. Кийинки жашоо мезгилинде эч кандай даярдыксыз, тажрыйбасыз эле кайталана берет. Буга инстинкт жана жыныстык аракеттер мисал болот. Рефлекс жаныбарлардын биологиялык түрүнө карай айырмаланат, өзгөчөлөнөт, жекече тажрыйбаларына көз карандысыз жана жашоо шартына керек боло турган чөйрөгө жооп бере ала турган нерв системасы менен туулат, нервдик байланыш туруктуу болот. Бирок бул шартсыз рефлекс (нерв байланышы) эч өзгөрбөйт, дегендик эмес, аз да болсо өзгөрүү абалында турат.

**Шарттуу рефлекс.** Адамдардын жана айбандардын жекече турмушунда чоң жарым шар мээнин биргелешкен аракетинде пайда болот. Ал төмөндөгүдөй касиеттерге ээ: организмдердин жообу менен тышкы дүүлүктүргүчтүн ортосундагы байланыш туруксуз; тубаса мүнөзгө ээ эмес; организимдин жашоо мезгилинде пайда болуп жана жок болуп турган көрүнүш; жаныбарлардын тигил же бул түрлөрү үчүн жалпы туруктуу эмес; бир эле түрдөгү жаныбарларда түрдүүчө жүрүшү ыктымал, сигналдык мааниге ээ; эски рефлекстин негизинде жаңы рефлекс пайда боло берет.

## § 2.13. Мээ жана психика

Табигый илимдер топтогон бай материалдар психикалык иш - аракеттин органы катары өсүүнүн жогорку чекитине жеткен борбордук нерв системасы эсептеле турганын ар тараптан илимий негизде далилдеп келген. Байыркы грек философу К.Алкмеон:

«Жандын жана аң-сезимдин ээри баш мээ болуп эсептелет»- деп жазган. К.Галлен болсо баш мээ ойлоонун жана сезүүнүн органы экендигин аныкташ үчүн айбандарга көптөгөн тажрыйбаларды жасаган. Эгер алардын баш мээси кандайдыр бир себептерден улам иштен чыга турган болсо, психикалык аракеттерине доо кетерин далилдеген. Кыскасы, баш мээ адамдын бардык органдарын башкарып, тажрыйбаларды топтоочу негизги аппарат болуп саналат.



**К. Галлен** 129- 200 – жылдары жашаган, грек окумуштуусу. Баш мээ менен ойлоонун байланышын изилдеген

Окумуштуулар баш мээ менен психиканын ортосундагы байланышты ар качан эле туура түшүндүрө алышкан эмес. Психофизиологиялык кайчы багытында турган окумуштуулар психикалык жана физиологиялык кубулуштар бири-бирине көз каранды физиологиялык процесстерге көмөкчү, пассивдүү абалда болот дешет. Ал эми экинчи агымда турган окумуштуулар физиологиялык жана психикалык кубулуштарды бири-бирине окшош көрүнүш катары карашат. Мисалы, немецтик вульгардык материалисттер Г.Бюхнер, Н.Фихт: Боор, өттү кандай бөлүп чыгарып турса, мээ аң-сезимди (ойлоону) ошол сыяктуу жаратып турат деп түшүндүрүшөт.

Психикалык процесстер менен баш мээнин ортосундагы байланышты табуу – татаал проблема. Бул маселени туура чечмелөө үчүн башка окумуштуулардын да көз караштарын, психофизиологиялык негизде билишибиз керек.

1865-жылы Одессалык бир профессор өзүнүн китеп текчелериндеги салмактуу сөздүктү кармап туралбай, шатычадан кулап түшөт. Сөздүк профессордун башына тийип, аны эстен тандырат. Ал эсине келгенде, эне тилин унутуп, башка бир бей тааныш чет тилдин бир нече сөздөрүн сүйлөп калат.

1928-жылы оор салмактагы эки боксер мелдешке чыккан. Боксердун бири Дени (Лондондук), кулагы укпаган киши болгон. Сал-

гылашуу учурунда аны атаандашы катуу муштагандан кийин, ал кадимкидей угуп, сүйлөй баштаган.

Келтирилген турмуштук фактылар «Психикалык процесстерди баш мээ кантип башкарат? Баш мээде психикалык процесстерди башкаруучу зоналар барбы? Психикалык процесс баш мээнин белгилүү гана участогунда жайланышканбы?» деген суроолорду туудурат. Илимде мындай маселелерди чечүүгө багытталган төмөнкүдөй агымдар жашайт: Чектелген (локалдык) агым, баш мээнин функционалдык иштөө системасы.



**Ф. Галль** 1758-1828- ж ж. XIX кылымдын башталышында жашаган немец-француз аалымы. Баш мээнин чектелген локалдык бөлүгүн негиздеген .

**Чектелген (логикалдык) агым.** Локализация «чектелген, белгилүү бир орунга жайгашкан» деген маанини берет. Бул агымды жактаган окумуштуулар: «Баш мээде ар бир психикалык процесстерге жооп бере турган атайын участоктор бар,»- дешкен. Алар бир гана психикалык фен омендин иштешин жетектейт деп болжолдошот. Локализациялашкан багытты XIX кылымдын башталышында жашаган француз аалымы Ф.Галль негиздеген. Ал баш мээнин нерв ткандары жайгашкан участокторунун картасын түзгөн. Анда адамдын негизги үч жөндөмдүүлүгүн- интеллектуалдык жөндөмдүүлүктү чеке областына, физикалык жөндөмдүүлүктү желкеге, нравалуулукту төбөгө жайгаштырган. О.э. баш мээдеги атайын гениалдуулук, ашыктык, досчулук, динчилдик, урушчаактык, абийирдүүлүк сыяктуу сапаттардын чектерин көрсөткөн. Жалпысынан, Ф.Галль баш мээден 35 уюлду бөлүп, аларды картага түшүргөн.

Психикалык жөндөмдүүлүктөрдү баш мээдеги атайын участокторго жайгаштыруу аракети френология илиминин калыптанышына себеп болду. Чектелген локализациялык агымдын натыйжасында жаралган илимий ачылыштарга Франгдин, Гитциндин изилдөөлөрүндө дагы далил болгон.

**Френология** – адамдын психикалык өзгөчөлүгү менен баш сөөктүн сырткы формасынын ортосундагы байланышты аныктоого

багытталган окуу. Аны Ф.Галль негиздеген. Баш мээнин кыртышы (корасы) түрдүү борборлорго бөлүнүп, аларда адамдын тигил же бул жөндөмдүүлүктөрдүн бир түрүнүн күчтүү өнүгүшү баш сөөктүн берет деп божомолдойт. 19-кылымда френология илими психодиагнос-тикалык метод катары чоң резонанс туудурган. Бирок көптөгөн илимий изилдөөлөр баш мээнин кыртышы менен баш сөөктүн ортосунда байланыштын жок экендигин далилдеген жана Ф.Галльдын френология илимине тыюу салынган. Бул анын айрым рационалдуу идеяларына көңүл бурулусуна тоскоолдук кылган. 1870-жылдары Фринч менен Гитцинг баш мээнин кыртышынын айрым бөлүктөрү адамдын чектелген жүрүм-турумун башкара тургандыгын далилдешкен.

**Френология** – грек сөзү, кыргызча «жан, акыл» деген маанилерди туюндурат.

**Антилокалдык агым.** Антилокалдык агымдын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири – К.С. Лешли. Ал баш мээде ар бир психикалык процесстерди жөнгө сала турган эч кандай участкалар жок, мээ бир бүтүн механизм катары иштейт деген идеяны жактаган. Өз оюн далилдеш үчүн атайын жасалган лабиринтте чычкандарга тажрыйба жүргүзгөн.

Эксперименттин биринчи бөлүгүндө ач чычканды лабиринттеги этке коюп жиберип, канча убакытта, кандай аракетте этти таап жээрин аныктаган. Экинчи бөлүгүндө чычканды баш мээсинин белгилүү бир бөлүгүн алып коюп, оңолгондо кийин, биринчи операцияны кайталаткан. Тажрыйбасынын үчүнчү этабында чычканга дагы бир операция жасап, мээнин дагы бир бөлүгүн алып таштап, мурунку операцияны дагы кайталайт. Ушундай эксприменттерден кийин К.С.Лешли чычкандын кыймыл-аракетери, этти изилдөөдөгү кетирилген каталар баш мээден алынган мээнин ор-



**К.С.Лешли** 1890-1958- ж ж. америкалык психолог. Антилокалдык агымдын көрүнүктүү өкүлү.

дуна эмес, алынган мээнин жалпы массасына көз каранды деген корутундуга келет.

Ошентип, аталган логикалык, антилогикалдык агымдардын теорияда жана практикада кездешкен фактыларга далилдүү жооп бере алышпагандыгы көрүнөт. Мындай илимий белгисиздиктен кутулуунун бирден-бир жолу психикалык функция жана анын баш мээде локализацияланышы деген түшүнүктү кайрадан карап чыгуудан турган. Ал баш мээнин кыртышынын функционалдык системада иштөө теориясынын пайда болушуна алып келди.

Адамдын органдары менен мээ бири-биринен ажыраган абалдан турбастан, тескерисинче, бекем биримдикте ортоктошуп, аракеттенген, функционалдык жактан бириктирилген бүтүн система. Бирок ошол эле учурда жалпы функцияны аткаруу менен кошо ар бир орган өз функциясын башкалар менен бирдикте аткарат. Мисалы, дем алуу функциясына кирген бир канча органдардын бири начарласа, анын иши менен чектеш органдар ишке ашырууга көмөктөшөт. Ушундай татаал функционалдык системада турган органдарды белгилүү жерге локализациялоого мүмкүн эмес.

## § 2.14. Аң-сезим жана анын структурасы Аң-сезимсиз абал. Күндөлүк аң-сезим

Аң-сезим – психиканын эң жогорку өнүккөн чекити. Ал адам баласына гана тиешелүү, айбандарда болбойт. Адамдык аң-сезим бир жагынан баш мээнин иштешине байланыштуу, экинчи жактан адамдар менен болгон карым-катнаштан, эмгектенүүдөн, топтогон иш-тажрыйбаларды үйрөнүүдөн калыптана турган феномен. Адам мээге ээ болуп туруп, адам коомунан ажырап калуусу ал адамдын аң-сезиминин өнбөй тургандыгын түшүндүрөт. Ошондуктан марксизм-ленинизм классиктери аң-сезимди коомдук көрүнүш катары баалашкан. Аң-сезимдин мазмуну ага берилген аныктамадан да ачык көрүнөт.

Аң-сезим – жогорку интеграциялоочу психиканын формасы, эмгек ишмердигиндеги адамдардын үзгүлтүксүз карым-катнашында (тилдин жардамы аркылуу) калыптанган тарыхый – коомдук шарттын натыйжасы.

**Аң-сезимдин структурасы.** Аң-сезим психиканын өнүккөн жогорку формасы болгондуктан, ал өзүнүн мазмунунда башка психикалык процесстерди да камтып турат, алардын өнүгүшүнө шарт түзүү менен өз жашоо талаасы болуп, ички туруктуу структурага ээ.

Аң-сезимдин биринчи структурасы – **аң-сезимдин** өзү. Адам аң-сезими аны курчап турган дүйнө жөнүндөгү маалыматтардын тобунан турат. Ал маалыматтарды таануу процесстери камсыз кылат. Таануу процесстери сезүү, кабыл алуу, эс, элестетүү жана ойлоо сыяктуу психикалык процести камтыйт.

Аң-сезимдин экинчи структурасына адамдын «**мени**» жана менине тиешелүү болбогон «**мен эмес**» касиеттерин ажыратуу, б.а., субьектини обьектиден, тескерисинче, обьектиден субьектини ажыратуу кирет. Адам башка тирүү жаныбарларга караганда өзүн-өзү таанууга, өзүн-өзү изилдөөгө, аң-сезимдүү түрдө өзүнүн жүрүм-турумун таразалоого, баалоого жөндөмдүү.

Өзүнүн «менин», «менге тиешелүү болбогондукту» ажыратуу адамдын жашоосунун биринчи күнүнөн баштап акыркы күнүнө чейин жүрөт.

Аң-сезимдин структурасынын үчүнч**ү компоненти** - адамдын максаттуу, ойлонулган иш-аракети. Адамда коюлган керектикке жараша иш-аракеттин максаты калыптанып такталат, ишке түрткү берген мотив таразаланат, эрктик чечим кабыл алынат. Аракетти аткаруу жолдору аныкталат, ага түзөтүүлөр, оңдоолор киргизилет.

Аң-сезимдин структурасынын төртүнчү элементи катары **мамиле** саналат. Аң-сезимдин мазмунунда адамдын чөйрөгө болгон сезими, эмоциясы орун алгандыктан, белгилүү бир иш-аракетке, адамга, кубулушка карата мамиле пайда болот. Ушул мамилеге жараша адамда активдүүлүк, пассивдүүлүк өкүм сүрүп, алдыда турган максатты, ага тиешелүү болгон иш-аракетти түрдүүчө аткарат.

**Күндөлүк (обыденный) аң-сезим б**ул – чектелген адам топторунун күндөлүк тажрыйбалары менен түздөн-түз байланышкан стереотиптердин, установкалардын, маалыматтардын, элестетүүлөрдүн, ой толгонуулардын негизделбеген, такталбаган жүрүм-турумдун бир формасы.

Күндөлүк аң-сезим, аң-сезимден айырмаланат. Ал дүйнөнү, коомду таанууга тоскоолдук кылуучу каталарга мол, эл арасында айың кептердин, пайдасыз салттардын сакталышына жол ачат. Кү ндөлүк аң-сезим жеке адамды гана туура жолдон бурбастан, адам топторунун иш-аракеттерине да тескери таасир берет. Ал эми кү ндөлүк аң-сезим изилдөөгө, байкоого, жаратылыштын мыйзам ченемдерине таянган такталган маалыматтардын жыйындысынан турат.

**Аң-сезимсиз абал -** психикалык процесс катары эсептелип, обьективдүү чындыкты чагылдыруунун бир формасы катары жашайт. Адам өзү жасаган аракетке эсеп бербейт, жасап жаткан жумушунун багыты толук жоголот, ал түгүл аракетти башкарган речь да бузулат. Аны психология илиминен башка медицина, нейрофизиология илимдери дагы иликтеп келе жатат.

Аң-сезимсиз абалдын табиятына, маанисине көңүлдүн бурулушунда З.Фрейдин психоаналитикалык окуусу түрткү болгон. Ал мындай абал невроздун пайда болушуна, личносттун калыптанышында жана адамдын жүрүм-турумуна чоң таасир тийгизүүчү фактор экендигин чечкиндүү жактаган. Эгерде адамдын керектиги канааттандырылбаса, бул процесс аң-сезимдин таасиринен ажырап, байкоосуз абалга өтүп, жашыруун мүнөздө личносттун жүрү м-турумун башкарып, айрым учурда адамга оору түрүндө таасир этип, нормалдуу аң-сезимдин «белгисиз» жардамчысы, каршысы, конкуренти катары жашаарын белгилеген. Советтик психологдор аң-сезимсиз абалдын обьективдүү жашашын танышпайт.

Бул багытта грузин психологу **Д.Н.Узнадзе** жана анын окутуучулары изилдөө жумуштарын алып барган. Д.Н.Узнадзе 1920-30-жылдары «Баамдалбаган психологиялык установка теориясы» деген эмгегинде бул проблеманын табиятын ачууга аракеттенген. Турмушта аң-сезимсиз установка теориясы» деген эмгегинде бул проблеманы табиятын ачууга аракеттенген. Турмушта аң-сезимсиз абалдын обьективдүү жашарын далилдей турган мисалдар көп эле кездешет.

Ленинграддык психотерапевт А.М.Свядош адамды уйку абалына (уйку – соо абалына) өткөзүп, чет тилин үйрөтүү мүмкү нчүлүгүн изилдеген. Мындай тажрыйбаны Г.В.Гершун да кайтала-

ган. Изилденүүчүлөргө үндүк босогодон төмөн дүүлүгүүлөрдөн берген Э.Э.Ф.Г. аппараты алардын үнүн кабыл алганын көрсөтүп турса да, өздөрү туйбаганын «ырасташкан», аң-сезимсиз абалдын жашашына бүтпөгөн аракеттердин эске сакталуу (запоминание незавершенных действий) феномени мисал болот. Чынында, адам бүтпөй калган информацияларды ар дайыма эсинде бекем сактайт. Айталы, көп сериялуу кинофильмдердин бир сериядан экинчи серияга өткөн окуялары эсте жакшы калат. Ата Мекендик согуш учурунда бир солдат өзүнө тааныш орус офицерлерин тамашалоо үчүн атты шашылып, катуу чаап келип: «Хайл, Гитлер!» - деп саламдашат. Офицерлердин айрымдары тамашага түшүнбөй, солдатты атып салууга аракеттенет. Ал эми экөө чын ыкласы менен солдатка: «Хайл, Гитлер!» - деп жооп беришкен. Көрсө, алар немецтик чалгынчылар экен. Эсте көптөгөн информациялардын сакталышы жана аларды керек учурда пайдалануу аң-сезимсиз абалда жүрөт. Адамдар көчөдө, тепкичтерде араткaнда керектүү аракеттерди кыйналбай эле аң-сезимсиз жасай берет. О.э., бул абалды *галлюцинация, жөөлүү* учурунан да жолуктурабыз. Дегинкиси, келтирилген мисалдардын баары аң-сезимсиз абалдын обьективдүү жашай турган бир психикалык процесс экенин көрсөтөт.



**Д.Н.Узнадзе** 1887-1950 – жылдары жашаган грузин психологу жана философу, Тибилиси университетинин алгачкы түзүүчүлөрү.

## § 2.15. Мээнин чоң жарым шар кыртышындагы нерв процесстери

Адамдардын чоң жарым шарынын кыртышында эки карама-каршы козголуу жана тормоздолуу нерв процесстери аракеттенишет. Козголуу борбору өзгөрүп, кыймылда турат, баш мээнин чоң жарым шарына таралат (иррадиацияланат).

Ушул процесске жарыш карама-каршы тормоздолуу процесси пайда болот.

Козголуу тормоздолуу процесстери бири-бири менен байланышта, өз-ара таасир этүү мүнөздө аракеттенишет. Козголуу, мээнин бир участогунда пайда болсо тормоздолуу экинчи участогунда пайда болуп, тормоздолууну пайда кылып, козголуунун иш аракетине тескери таасирин тийгизип, тескери индукция процессин жаратат. Эгер тормоздолуу процессинин айланасында козголуу пайда болсо, анда мээ кыртыштын ишине оң-таасирин тийгизип, ал оң индукция деп аталат. Эгер козголуу тормоздолуу процесстери бири-бирин күчөтсө, ал эки жактуу индукция деп аталат. Оң, тескери индукция деген түшүнүктөрдү илимге Павлов сунуш кылган.

Тормоздолуу адам көп иштеп чарчаганда, нерви начарлаганда пайда болот. Эгер тормоздолуу процесси мээ кыртышынын көптөгөн участокторунда таралса, адам активдүү иш-аракетке жарабай уйкуга же бир башка тыныгуу абалына өтөт.

Чоң жарым шардагы нерв процесстеринин аракеттеринин өз мыйзамдары бар. Козголуу, тормоздолууга караганда тез тарайт, тез борборлошот, анын кыймылдуу ылдамдыгы секунд үлүшүнөн секундга чейин созулат. Тормоздолуунун ылдамдыгы жай жүрүп, минутага чейин болушу мүмкүн.

Кыртыштагы нерв процессинин жандануусу кыймылга келиши таасир эткен дүүлүктүргүчтүн күчүнө, козголуу тормоздолуунун тең салмактуулугуна, организимдин курак жана жекече типтик өзгөчөлүгүнө жараша болот.

## § 2.16. Баш мээнин функционалдык ассиметриясы

Ассиметрия баш мээнин оң жана сол жарым шарларында психикалык функциялардын түрдүүчө абалын мүнөздөйт. Баш мээнин функционалдык өзгөчөлүктөрүн М.Дикс (1836), П.Брок (1861), С.Верникe (1874), сыяктуу окумуштуулар негиздешкен.

Азыркы изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына караганда, сол жарым шар кеп менен ага байланыштуу болгон психикалык иш аракеттерди (окуу, жазуу, эсептөө, эс, ойлоо) функцияларды ишке

ашырат. Анда вервалдуу (сөз)- белги маалыматтары менен иш жү ргүзүлөт.

Оң жарым шар болсо көргөзмөлүү, сезим абалында өтүүчү мейкиндикте багыт алуу, музыкалык үндөрдү ажыратуу, татаал обьектилерди таануу, түш көрүү сыяктуу жогорку психикалык процесстерди тескейт.

Эки жарым шар тең сөздү, образдарды кабыл алууга жана аны кайтадан иштеп чыгууга жөндөмдүү, бирок алардагы пропорциялык жүрүш спецификалуу өзгөчөлүктөргө ээ.

Сол жарым шарда ойлоо, элестеттүү, аналитикалык болгондуктан, предметтердин, кубулуштардын ички мыйзам ченемдүүлү ктөрү логикалык талдоодон өтөт. Ушул тандалган нерселер ички карама-каршылыктардан бир канча алыс туруп, логикалык тактык басымдуу болот.

Оң жарым шардагы процесстер көргөзмөлүү образдуу ой обьектилердин, кубулуштардын көптөгөн касиеттерин бир учурда кабыл алып, көп түйүндөш, бири-бирине байланыштуу касиеттерге негизделгендиктен стимулятивдүү, синтетикалуу болуп, касиеттерди так, бир жактуу чечмелөө мүмкүнчүлүгүнө жетишет.

Жарым шарлардын ассиметриясы кеп менен байланыштуу болуп, социалдык карым-катнашта калыптанып, адамга гана тиешелүү, генетикалык жактан берилет. Мисалы, 12 жашар баланын сол жарым шарына доо кеткенде, сүйлөө кеби байкаларлык бузулган эмес.

Эгерде жарым шардын бирөө иштен чыга турган болсо, анын функциясын экинчи жарым шар аткара бере тургандыгы негизделген. Эки жарым шардын мындай өзгөчөлүктөрү бир жарым шарды иштен чыгаруу үчүн, ошол ныптага уйку артериясы аркылуу уктатуучу дары берүү же болбосо электрдин жардамы менен титиретү үчү терапияны колдонуу же эки жарым шарды хирургиялык жол менен бири-биринен ажыратуу жолдору менен аныкталган. Жарым шарлардын ассиметриялык иштеши жыныстык өзгөчөлүккө, курактык белгиге жараша болору далилденүүдө жана изилденүүдө.

## **Колдонулган адабияттар**.

1. Гиппенрейтер Ю.Б Введение в общую психологию. Курс лекций. – М.; 1996 – 336 с.

2. Волчков Э.Г. автор составитель Педагогическая антропология (психология). Учебное пособие. // Под науч. ред. И.М.Юсупова. – Казань, 2013. -212 с.

3. Закиров А.,Мурзаев М.С. Этнопсихология, Ош– 2015. 264 б.

Маклаков А. Г. Общая психология. — СПб.: Питер, 2001. — 592 с.: ил. — (Серия «Учебник нового века»)

4. Миңбаев К. Закиров А. Психология. Ош – 2015. – 256 б.

5. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии М.,1999. 705 с.

6. Немов Р.С. Психология: в 3-х кн.: учеб. для студ. вузов. Кн. Общие основы психологии. 5-е изд.- М.: ВЛАДОС, 2006. – 687

7. Петровский А.В. Психология: учебник для студ. высш. учеб. заведений. 7-е изд., стер. -М.: Академия, 2007. - 512 с.

## **Билимди текшерүүчү суроолор.**

1. Адамды таанып билүүдөгү психологиянын орду ?

2. Антропологияны – адам жөнүндөгү окуу катары таануу ?

3.Турмуштук жана илимий психология бири – биринен эмнеси менен айырмаланышат ?

4. Психология илиминин предметин баш мээге жана аң – сезимге карата кантип түшүнөбүз ?

5. Психологиянын баш мээге карата түшүндүрүүчү агымдары?

6. Психологияны изилдөөдө кандай методдорду билесиң ?

7. Психиканын рефлектордук табиятын түшүндүр ?

8. Аң-сезим, аң – сезимсиз абал жана психика ?

9. Психикалык иш–аракеттин анатомия-физиологиялык негиздерин кантип түшүнөбүз ?

*Үчүнчү бөлүм:*

# ПСИХОЛОГИЯ ИЛИМИНИН АНТРОПОЛОГИЯДАГЫ ӨНҮГҮШҮ

*Кийинки муундун тагдыры,*
*мурунку муунга байланган.*
***Конфуций*** (кытай элинин
ойчул- философу)

## § 3.1. Психологиянын негизги максаттары, принциптери

Жалпы психологияны, психологиянын башка тармак- тары менен катар коюуга болбойт. Ал психологиянын тармактарында кездешүүчү, алар үчүн негиз болуучу жалпы психологиялык мыйзам ченемдерди, жалпы түшүнүктөрдү теориялык агымдарды, принциптерди фундаменталдуу илимий ачылыштарды өз ичине камтыйт. Ошондой эле, психология илиминин тарыхын, изилдөө методдорун, теорияларын, психикалык кубулуштарды үйрөнүүгө мүмкүндүк берүүчү методологиялык принциптерди иштеп чыгат.

Эгер конкреттештирип талдасак биринчиден, психологиянын предмети психика жана аң-сезим болгондуктан, психологдор аң-сезимдин маңызын пайда кылуучу мыйзам ченемдерди, алардын түрдүү иш-аракеттеги фукциялык ролун изилдөөнү максат кылып коет.

Экинчиден, психика баш мээнин иштешинин натыйжасы болгондуктан, психология психиканын рефлектордук табиятын ү йрөтөт.

Үчүнчүдөн, адамдардын, айбандардын жашоо шарттарынын, чөйрөнүн өзгөрүшүнүн психикага тийгизген таасирлерин, аң-сезимди бир тепкичтен экинчи тепкичке которулуу өзгөчөлүктөрүн изилдейт.

Төртүнчүдөн, жалпы адам баласынын тарыхый өнүгүү этаптарында аң-сезимдин структурасынын айрым формаларын аныктоону көздөйт.

## § 3.2. Психология илиминин негизги принциптери

Ар бир илим өзүнө тиешелүү болгон кубулуштарды изилдөө үчүн атайын методдорду колдонот, принциптерди жетекке алат. Психология илиминин да төмөнкүдөй принциптери: материалисттик монизм, детерменизм, иш-аракети жана аң-сезим түшүнүктөрүнүн өз ара биримдиги жана психикалык процесстердин тарыхый жактан өнүгүшү негизделет.

**Материалисттик монизм** (бирөө, жеке, жалгыз) принциби. Мында психика баш мээнин касиети, өнүгүүдөгү материянын продуктусу катары бир жактуу карашат. Бирок психикалык процесстердин жаратылышын түшүнүү үчүн алардын физиологиялык процесстер менен болгон байланышын так ажыратууну, психикалык процесстердин физиологиялык негизин: жогорку нерв иш-аракетинин мыйзам ченемдүүлүүктөрүн үйрөнүүнү унутпоо зарыл.

**Детерменизм** (аныктайм) принциби. Детерменизм-психикалык кубулуштар жогорку нерв процессинин иш-аракети жана тышкы чөйрөнүн өз ара таасири, себептүүлүгү байланышы менен шартталгандыгын жактоочу принцип. Бул – адам баласынын жашоо ыңгайынын (образынын) өзгөрүүсү менен психика да өзгөрөт, психиканы жашоо образ аныктайт дегендик.

**Иш-аракет** жана аң-сезимдин биримдик принциби. Бул принцип аң-сезимди иш-аракеттен ажыратууга мүмкүн эмес көрүнүш катары карайт жана анын иш-аракетте калыптанарын, иш-аракетте байкаларын аксиома катары кабыл алат. Психикалык процесстерди абстракттуу үйрөнбөстөн, аларды конкреттүү иш-аракеттердин бир түрү менен байланышта изилдөө керек экенин жактайт.

**Тарыхый** принцип болсо психика менен аң-сезимди адамдын тарыхый өнүгүшү менен бирдикте аткарып, өнүккөн феномен деп түшүндүрөт. Ошондуктан личносттун жана аң-сезимдин айрым элементтеринин социалдык негизин аныктоо үчүн психикалык кубулуштарды өнүгүү абалында изилдөө керек экенин жактоочу принцип болуп саналат.

## § 3.3. Психология илиминин эволюциялык өнүгүшүү

Психологиянын коомдук табигый (биологиялык) илимдер менен болгон байланышы, алардын системасында ээлеген орду негизги маселелердин биринен. Бул маселеге карата үч карама-каршы көз караш кездешет:

Биринчи топтогу окумуштуулар психикалык процесстерди морфофизиологиялык, генетиктик негизине карап, психологияны табигый (биологиялык) илимдеринин катарына кошушат,экинчи топтогу изилдөөчүлөр адамдын психикалык функциялары социалдык карым-катнашта калыптанарына таянып, психология илимин коомдук-социалдык илимдердин курамына киргизишет, үчүнчү топтогулар психологияны коомдук же табигый (табият таануу) илимине таандык деген бир жактуу чечимге каршы турушуп, психология илими үйрөнүүчү обьектилерден психикалык процесстердин табияттык жана социалдык негизди көрүшүп, компромисттик позицияны кармашат.

## § 3. 4. Филогенезде психиканын өнүгүүсү

Филогенез гректин эки сөзүнүн курамынан туруп - фило «уруу», генез «тек, пайда болуу» деп түшүндүрүлөт. Ал организмдер дүйнөсүнүн, алардын түрлөрүнүн, урууларынын, тукумдарынын, типтеринин тарыхый өрчүү процессин билдирет.

Психология, философия илиминде али терең изилденип чечиле элек татаал проблемалардын бири болгон адамдын психикасынын пайда болушун жана анын өнүгүшүн изилдеген илимдин бири болуп саналат. Проблеманын татаал дыгы керектуу информациялар онтогенездин, филогенез дин деңгээлинде жоктугу менен түшү ндүрүлөт. Ошондуктан психиканын пайда болушун изилдөөчү окумуштуулар философиядан, анатомиядан, биологиядан алынган фактыларга, маалыматтарга кыйыр түрдө таянуугa мажбур.

Психиканын өнүгүү проблемасы үч багытта изилденет:

Биринчиси – айбандардын психикасынын пайда болушу, экинчиси - адамдардын аң-сезиминин тарыхый өнүгүүсү, үчүнчүсү - адамдын аң-сезиминин курактык өзгөчөлүгүнө карата калыптануусу.

Бүгүнкү күндө «борбордук психологиялык сырды» (А.Н.Леонтьев) психиканын пайда болушун, табиятын түшүндү ргөн көп теориялар, гипотезалар бар. Алардын айрымдарын карап көрөлү:

1. Психология өзүнчө илим катары калыптанганга чейинки этапта психиканы адамдын бирден бир алгачкы касиети катары карап, аң-сезимди түздөн-түз «духовный» турмуштун көрүнүшү катары эсептешкен.


2. Дуалисттик психологдор (философтор) материя кандай тубөлүк жашаса, аң-сезим да ошондой түбөлүк жашайт деп, аң-сезим жана материя бири-бирине көз карандысыз, жарыш жашоосун ырасташкан.

3. Материалисттик агымда турган окумуштуулар психиканын пайда болушун материянын узак өнүгүшү менен түшүндүршөт. Материя өзгөрүүсүз, туруктуу, абсолюттук тынчтык абалда болбойт, ал ар качан аракетте, кыймылда турат. Материянын жашоо формасынын бир жолку кыймылы болуп саналат. Ал эми психика материянын бардык түрүн чагылдыруу касиетине ээ.


4. Психиканын жана нерв системасынын өнүгүшүн үйрөтөт.

Бул түшүнүктү үйрөнүүдө Ч.Дарвиндин эволюциялык теориясы чоң мааниге ээ. «Ч.Дарвиндин теориясы, - дейт Ф. Энгельс, - адам духунун алгачкы тарыхы үчүн негиз болду. Ал эми ой жүгү ртө билүүчү адамдын мээсинин жашоосу бул алгачкы тарыхсыз кереметтүү нерсе болуп кала берет».


Ч.Дарвиндин эмгегинде психика проблемасын үйрөнүүнүн көп грандуу жолдору белгиленген. Бирок ал адамдын пайда болуу проблемасын чечкени менен, адамдын айбан ата-тегинен ажырап, аң-сезимдүү, акыл-эстүү деңгээлге көтөрүлүшүндөгү негизги кыймылдаткыч күчүн ача алган эмес. Ч.Дарвин адам башка түрлөр сыяктуу эле биологиялык чындыкты тандоо закону менен пайда болорун божомолдогон. Социалдык законду, коомдун өнүгүшүндөгү өндүргүч күчтөрдүн маанисин түшүнгөн эмес. Натыйжада,



**Ч.Дарвин** (1809-1882) анг. табигий илимдин илимпозу.



**К. Маркс** (1818-1883) немец философу.



**Ф.Энгельс** (1820-1895) немец философу.

Ч.Дарвиндин эволюциялык теориясы аң-сезимдүү адамдын пайда болуу проблемасын чече алган эмес. Ал К.Маркс, жана Ф.Энгельс тарабынан ачылган тарыхый материализмдин законлорунун негизинде чечүүгө аракет жасалган.

Бирок Ч.Дарвиндин, К.Маркстын, Ф.Энгельстин окуулары жансыз материянын жандуу материяга өтүүсүнүн жана сезбөөчү материянын сезгич материяга өтүү чек араларын белгилей алган эмес. Бул проблема ушул күнгө чейин психологиянын алдында турган борбордук жашыруун сыр катары эсептелип келет.

5. Жансыз материянын жандуу материяга өтүүсүн түшүндүрүүдө

А.И.Опариндин гипотезасы көңүлгө аларлык. А.И.Опарин мындан 2 млрд. жыл мурун атмосферада бош кислород бөлүнүп чыгып, органикалык заттарда фотосинтездин, фотохимиялык реакциялардын пайда болуусуна алып келген деп божомолдойт. Ал алгачкы океанды органикалык заттан турган шорпого окшоштурган. Органикалык кошулмалардын өнүгүү процессинде өзгөчө татаал углероддук алп өлчөмдөгү молекулалар пайда болуп, составдык бөлүктөргө жеңил




**А.И.Оперин**
1894-1980-жылдары жашаган биолог жана биохимик орус алымы.

бөлүнүп кетип турган. Алар чөйрөдөгү жаңы заттарды сиңирип, ал эми иштетилгендерин кайра бөлүп жиберүүгө жөндөмдүү болгон. Бул гигант молекулалар ***консерваттар*** деп аталат. Консерваттар, тамчылар арасындагы керектүү тамакты бөлүштүрүү боюнча чоң кү рөш жүргүзгөн. Ыңгайлуу химиялык составда турган тамчылар тез өнүгүп, гиганттык өлчөмгө жетип, кайрадан майда бөлүкчөлөргө бөлүнүп кетишкен. Өсүү процесси кайра кайталанган. Консерваттар тышкы чөйрөдөгү өзүнө керектүү заттарга тандалма мамиле жасаган, керектүүсүнө дүүлүгүү жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, керексиз заттарга алыс (нейтралдуу) мамиледе болгон.

## § 3.5. Төмөнкү жүрүм-турум формасынын жана психиканын пайда болушу (А.Н.Леонтьевдин, К.Э.Фабринин концепциялары)

«Жаныбарлардын жүрүм-туруму жана психикасы кантип пайда болгон?» деген суроо ушул күнгө чейин жоопсуз калууда. Мындай суроого бир жактуу жооп берүүгө негиз боло турган, алгачкы калыбында сакталган жандыктар жер жүзүндө калбады. Айбандардын, адамдардын жаралганынан бери миллиондогон жылдар өткөндүктөн, алардын азыркы организминде өзгөрүү болгон жок деп айтуу кыйын, байыркы «үлгүлөрдү» өзү ндөй сактоого мүмкүн да эмес. Ушул себептен журум-турумдун, психиканын пайда болушу, өнүгүшү жөнүндө түрдүү божомолдоолорду гана айтууга мүмкү нчүлүк бар. Мындай болжолдоолордун бири - **А.Н.Леонтьев** менен **К.Фабринин** концепциясы. Бул концепциядан жаныбарлардын, психикасынын өнүгүү, пайда болуу тарыхы жөнүндө төмөндөгү дөй бир нече деңгээлдеги баскычтарды айтууга болот:



**А.Н.Леонтьев** 1903-1979-жылдары жашаган орус психологу жана теоретиги. МГУдагы психология факультетинин негиздөөчүсү.

Перцептивдик психика жана элементардуу сенсордук психика биринчи бас-

кычты түзөт. Бул баскычтын өзү төмөнкү жана жогорку баскыч болуп экиге бөлү нөт. Ал эми экинчи стадия төмөнкү, жогорку, эң жогорку деп үчкө ажыратылат.

Аталган баскычтар төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт.

**1. Элементардык сенсордук психика** - өрчүбөгөн, жөнөкөй сезгичтик элементке ээ. Ал жөнөкөй сезүүнүн чегинен чыкпайт. Бул стадияда жаныбарда атайын органдар иштейт. Организм татаал манипуляциялык кыймылдарды жасап ал аракеттер колдун кызматын аткарат.



**К.Фабринин** 1923-1990-жылдары жашаган немец психологу.

а) Элементардык сенсордук психиканын төмөнкү деңгээли. Буга көбүнчө сууда жашаган көп клеткалуу жөнөкөй жандыктар кирет. Аларда дүүлүгүүчүлүк жетишерлик деңгээлде күчтүү болсо да, сезгичтик али өнүкпөгөн даражада турат. Жашоо үчүн изденүү максаттуу болгону менен, кыймыл аракет активдүү болбойт.

б) Элементардык сенсордук психиканын жогорку деңгээли. Бул психика өнүккөн жандыктарга шакек формалдуу сөөлжандар, карындуу малюскалар ж.б. кирет. Буларда биринчи элементардык сезүү бар болуп, манипуляциялануучу жаактар болуп саналат. Жашоо шартынан шарттуу рефлектордук байланыштар көрүнөт. Кыймылдоо активдүүлүгү жогорулап, сезгичтикке өсүп чыгышат. Зыяндуу, пайдалуу биологиялык таасирлерди ажырата алат.

## § 3. 6. Перцептивдүү психика.

*а) Перцептивдүү психиканын төмөнкү деңгээли*. Мында психикалык деңгээл балыктарга, чымын-чиркейлерге, курт-кумурскаларга, омурткасыздарга мүнөздүү. Алардын кыймылдоо активдүү лүгү жогору болуп, иш аракетке максаттуу багытталуусу бар жандыктар. Шартка жараша ийкемдүү өзгөрүшөт.

б) *Перцептивдүү психиканын жогорку деңгээли*. Бул деңгээлди канаттуулардан, айрым сүт эмүүчүлөрдөн учуратабыз. Аталган

жандыктарда элементардык ойлоо формасы бар экендиги аныкталган. Үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ жандыктар. Алсак айрым элементардык маселелерди чечүү жолдорун үйрөнүүгө даяр, аларды эсине сактап, жаңы шартта аткара алышат.

в) *Перцептивдүү психиканын эң жогорку деңгээли*. Бул баскыч маймылда да өнүккөн. Тышкы дүйнөнү кабыл алуучу образдуу божомолдоосу бар жаныбарлар. Үйрөнүү, тууроо, өткөн тажрыйбаны жаңы шартта аткаруу жана маселелерди практикалык жол менен чечүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ, ориентировкалуу (багытталган изилдөө мүмкүнчүлүгү байкалат). Жаак органы менен бирдикте алдыңкы буттары манипуляциялык аракеттерди жасайт. Алдыңкы буттары али жерден ажырабаган абалда карым-катнашты белгилүү деңгээлде жүзөөгө ашырган өздөрүнүн «тилдери» пайда болгон жандыктарды айтабыз.

## § 3.7. Жаныбарлардын жүрүм-турумунун формалары

Журуш-туруштун типтери (формалары) жаныбарларга мүнөздүү болгон тышкы туруктуу жашоо шарттарга алардын жооп берүү жолдорун түшүндүрөт. Айбандардын жүрүм-турум типтерине инстинкт кирет;

1). Инстинкт тукум куучу-луктун негизинде өз керектөөсүн (жеке тажрыйбасыз, атайын үйрөнүүсүз) канааттандырууга мүмкүндүк берүүчү татаал жүрүм-турум актысы. И.П.Павловдун пикири боюнча, жаныбарларда инстинкттин төмөндөгүдөй түрлөрү бар: тамактануу, коргонуу, жыныстык көбөйүү, ата-энелик, топтук.

2). Инстинкт – биологиялык канааттануу менен байланышта болгон тубаса жүрүм-турумдун формасы. Айбандар узак эволюциянын негизинде айрым стандартуу кыймылдарды жасап, өзүн курчап турган чөйрөгө ылайыкташат. Мындай аракеттер жаныбарлардын тигил же бул түрлөрү үчүн адат болуп, тукум куучулук мүнөзгө ээ. Мисалы, момолой (бабер) чычкандар кыймылын чектей турган атайын капаска жайлаштырган учурда да, керексиз кыймылдарды жасап, тосмолорду курууга аракеттене берген. Ал эми

**гагра** канаттуусу уясынан жумурткаларын алып, ордуна таштарды алмаштырып койгондо да басып жата берген.

3). Инстинкт – өзүнүн физиологиялык негизи боюнча татаал чынжырлуу реакциялардын жыйындысы. Ал бир эмес бири-бирине байланыштуу бир канча рефлекстин тобунан турат. Мисалы, ургаачы тоңкулдак өзүнүн жумурткасын таштоо үчүн биринчи жыт сезүү сезими боюнча жыгачтын кабыгынын астынан курт-кумурскалардын тукумун издейт. Алар личинканы таап, жыгачты тешип, ал жерге жумурткасын таштайт.

**Инстинкт төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө ээ;**

а) инстинкт татаал, бүтүн жана узакка созула турган аракет болул саналат. Мисалы, чымчыктын уя салышы, чычкандардын ийин казышы.

б) инстинкт —журум-турумдун тубаса формасы. Алсак, айбандар инстинкттик аракеттерди эч кандай машыгуусуз, көнүгүүсүз жасай алышы.

в) инстинкттик аракеттер аң-сезимсиз болот. Айбандар өздөрү жасап жатканын өздөрү «түшүнүшпөйт». Мисалы, чымчыктардын күкүктүн тукумун басып чыгаруусу.

г) инстинкттик – жүрүм-турумдун түрдүү формасы, жаныбарлардын бир түрүндө бирдей кайталанып, механизм-дери бири-бирине окшош болот.

д) инстинкттик жүрүм-турум стадиясында айбандарда сезүү органдары жогорку деңгээлде өөрчүгөн болот.

Инстинктин табияты жөнүндө ар түрдүү, карама-каршы ойлор бар. Айрым изилдөөчүлөр инстинкт менен аң-сезимди салыштырып, аларды бири-бирине карама-каршы койсо, башкалары инстинкт менен шартсыз рефлексти бирдей мааниде карашат. Булардан тышкары инстинктти илимий түшүнүк катары эсептешкен эмес, анын жашоо обьектиси жок деген пикир азыркы күнгө дейре жашап келет.

**Айбандардын жүрүм-турумунун экинчи тибине машыгуу кирет.** Машыгуу көнүгүүнүн жардамы менен бекем-делген жана өз алдынчалуулукка ээ болгон жүрүм-турум катарында түшүндүрүлөт. Машыгуунун пайда болушу көбүнчө инстинктке жараша болот жана айбандарда ал үйрөнүү, көнүгүү аркылуу оңой ишке

ашат. Мисалы, ит циркте арткы бутунда туруп, бийге түшүүгө тез көнүгөт. Аттар арабаларды жана башка механизмдерди сүйрөөгө жөндөмдүү. Айбандар инстинкттик аракеттер менен өз талабын кандай канааттандырса, үйрөнгөн машыгууларынын жардамы менен ошондой эле талаптарын канааттандырат. Айталы, ит, аюу ж.б. айбандар арткы буту менен тике басып, үйрөтүүчүдөн конфет алып жейт. Айбандардын үчүнчү жүрүм-турумуна **интеллект** кирет. Турмушта айбандардын кыймыл-аракеттерине байкоо жүргүзүү менен, аларды кээде «акылдуу», «ойлоп тапкыч», «байкагыч», «куу» деп мүнөздөйбүз. «Чынында айбандар элементардуу ой жүгүртүүгө, ойлоого жөндөмдүүбү?» деген суроо туулат.

Ф.Энгельс: «Айбандардын алдын ала жасаган аракеттерин жана пландуу аракет кылууга карата жөндөмдүүлүгүн таанууга болбойт. Нерв системасынын өсүшүнө ылайык айбандардын пландуу кыймыл-аракеттерге болгон жөндөмдүүлүктөрү да өсөт. Бул касиет сүт эмүүчү жаныбарларда жогорку деңгээлге жетет», - дейт. Айбандардын баш мээ кыртышы канчалык жогору өнүккөн сайын, алардын кыймыл аракеттери да аң-сезимдүү, пландуу болот. Айтылган ойго зоопсихолог В. Келердин тажрыйбасы – айкын мисал. Экспериментте - айбандардын нерв системасы өнүккөн сайын, алардын пландуу аракеттери жогорулай баштагандыгы көрсөтүлгөн. Акыркы учурда айбандардын интеллекти адамга окшогон маймылдарда гана ар тараптан изилденген. Илимде адамга окшогон маймылдар «кол аркылуу ойлоого жөндөмдүү» деген тыянак бар. Алар обьектилерди көзү менен көрүп, колу менен кармагандан кийин гана пландуу иш-аракеттерди аткарат. Айбандардын интеллекти төмөндөгүдөй касиеттери менен айырмаланат:

1. Айбандардагы интеллект - алдында турган белгилүү тосколдукту жеңүүгө жана максатка жетүүгө карата жасаган аракеттерде пайда болот. Эгерде айбандар ннстинкттин жардамы менен тамакка жетишсе, эч кандай интеллектуалдык аракеттер жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес.

2. Интеллектуалдык аракеттер шаблондуу болбой жекелик мүнөзгө ээ. Бир эле ситуацияны ар кайсы айбандар ар түрдүү аткарат.

3. Интеллектуалдык аракеттер жөнөкөй мүнөзгө ээ, жаратылыштын закон ченемдүүлүгүн билүү аракетинен келип чыкпайт.

Нерв системасы жогору өнүккөн маймылдарда да интеллект жашоосуна зарыл болгон талаптан алыс кетпейт.

4. Айбандарда интеллектик аракеттер алардын жашо-осунда негизги ролду ойнобойт. Көп учурда айлана – чөйрөгө ылайыкташуу инстинкттин, машыгуунун жардамы менен жүрөрү төмөнкү мисалдан көрүнөт. Учуу учурунда абанын чымчыкка көрсөткөн таасирин билүү максатында аны аэродинамикалык түтүкчөнүн ичинде учурушкан. Ал конбой учсун үчүн, аэродинамикалык түтү кчөнүн ичине электр зымы тартылган жана бутуна алюминий кийгизилген. Чымчык тынбай учуудан чарчаганда эс алуунун жолун издеп, түтүкчөнүн ичине чалкасынан жатып алган. Ал мындай абал менен ток уруудан кутулган. Бул аракеттерди бардык чымчыктар жасаган.

5. Пайда болгон интеллекттик аракеттер айбандардын урук тукумунда сакталбайт жана мураска берилбейт.

Практикада жаныбарлардын кайсы түрү акылдуу деген суроого жооп катары зоопсихологдор төмөнкүдөй акылдуулук шкаласын түзүшкөн: Биринчи орунда шимпанзе, экинчи орунда маймыл, үчү нчү, төртүнчү орундарда маймылдын башка түрлөрү, бешинчи ит, алтынчы мышык, жетинчи пил, акыркы орунда жылкы.

## § 3.8. Адамдар менен айбандардын психикасынын ортосундагы айырмачылыктар

Аң-сезимдин пайда болушундагы эмгектин ролун түшүнүү дөн мурун адамдар менен айбандардын ортосундагы психиканын айырмасын билүү зарыл:

1. Адамдын аң-сезимдүү аракеттери ар качан эле биологиялык мотивге байланыштуу эмес. Алсак, адамдын жүрүш-турушун башкаруучу негизги мотивдерге жаратылышты үйрөнүү, бирөөлөр менен мамилелешүү, коомдо өз ордун табууга аракеттенүү, өзүн руханий жактан байытуу сыяктуу мотивдер кирет. Адам эң жогорку идеалды мотив кылып, өз денесин окко тоскон учурлары да кездешет.

2. Адамдын аң-сезимдүү иш-аракеттери кубулуштун, заттын ички закон ченемдүүлүктөрүн, байланыштарын ачуу аракеттери

менен ишке ашат. Адам бир нерсени чечүү үчүн заттын сырткы таасирине берилбестен, ал абстракциялоо, синтездөө жана башка методдордун жардамы менен ички закон ченемдүүлүгүн табууга умтулат. Мисалы, адам кудуктун ууланганын билсе, эч качан кудуктан суу ичпейт.

3. Адамдын аң-сезимдүү аракеттери тукум куучулук жана индивидуалдуу аракеттер менен бирдикте ата-бабасынан бери топтогон иш тажрыйбаларды колдонуу менен калыптанат. Мисалы, бала жаш кезинен баштап эле өзүнүн ата-энесинин жасагандарын кайталайт, топтолгон турмуштук тажрыйбаларды оюнчуктары менен ойноодо пайдаланууга умтулат.

## § 3.9. Аң-сезимдин пайда болушундагы эмгектин ролу

Адам сымал маймылдардын эволюциясындагы бурулуш, өзгөрүү жашоо шарттын кескин өзгөрүүсү менен түшүндүрүлөт. Чөйрөнүн, климаттын кескин өзгөрүшү, тамак табуу мүмкүнчүлү гүнүн азайышы маймылдардын күндөлүк жашоо керектөөсүн канаттандырууну татаалдатты. Мындай шартта аларга өлүү же жаңы жагдайга өзүнүн жүрүм-турумун ылайыкташтыруу зарылдыгы пайда болду. Татаал кырдаалдан кутулуу үчүн адам сымал маймылдарда биргелешип иш-аракет жасоо муктаждыгы туулду. Маймылдардын үйүрлөрүнүн ортосундагы интенсивдүү карым-катнаштар «өндүрүш» иш-аракети менен алмашылды. Үйүрлөрдүн курамындагы мамилелердин мындай өзгөрүшү биргелешип иштесе, азыктарды өз ара алмашуу үйүрдүн коомго айланышына алып келди. Ошентип, эмгектин пайда болуусу, адам коомунун түзүлүшү, адам сымал ата тектин адамга айлануусун шарттады. Коомдун жана коомдук мамилелердин өнүгүүсүнө жаңы пайда болуп келе жаткан эмгек иш-аракети таасирин тийгизди. Өз кезегинде коомдук мамиле эмгек иш-аракетин андан ары жакшыртууга көмөктөштү.

Эмгек эволюциянын эң жогорку чекитинде турган аң-сезимди жаратты. Жаңы пайда болгон коомдогу алгачкы адамдардын өздөрү жасаган куралдарын топтоо, жаңы куралдарды даярдоо аракетте-

ри табигый чөйрөнүн стихиялуу таасиринен секиндеп кутулууга жол ачты. Бабалардын эмгек куралдары тукумдан-тукумга өткөн сайын өркүндөдү, курч таштардын сыныктарын колдонуудан атайын чогулушуп зарыл куралдарды жасоого өтүштү. Курал жасоо үчүн алар ташты талкалоо, кесүү, сындыруу аракеттерин үйрөнүшөт. Керектүү буюмдарды жасоо менен бирдикте аны этияттоого да көнүшөт. Булардын баары алгачкы адамдардын айбандан ажырашына алып келет.

Айбандар өзүнө тааныш эмес заттардын арасында жашаса, ал эми адамдар өз колу менен жасаган заттардын арасында жашай башташат. Жасалган куралдарда адамдын аракеттери, мурдагы уруунун иш тажрыйбасы топтолот. Куралдарды жасоо менен адам өзүнүн тажрыйбасын кийинки муундарга иш-аракет, кыймыл түрүндө берет.

Иш-аракетте адамдын көңүлү өзү жана башкалар менен биргелешип жасаган куралга бурулат. Бир адамдын эмгектенүүсү биргелешкен иш-аракетке кошулат жана секиндеп аң-сезимдүү иш-аракетке айланат.

Адамдардын алгачкы коомдук өнүгүшүндө биргелешип иштөө практикасы жетишсиз болгондуктан, алардын ойлоосу чектелген мүнөздө эле. Өндүрүш канчалык өскөн сайын, ойлоосу, аң-сезими ошончо жогорулайт. Улам жаңы куралдарды жасоо менен чагылдыруу мүмкүнчүлүгү артат. Адамдын жаратылышты өзгөртүү, ага таасир этүү; аракеттеринин өсүшү өзүнүн жаратылышынын өзгөрүшүнө алып келди. Эмгектин таасиринен колдун жаңы функциялары келип чыгат. Ал жалаң гана кармоо кызматы менен чектелбейт, чөйрөнү үйрөнүү функциясын да аткарат. Натыйжада, адамдын жалпы организми өзгөрөт, тике басууга өтөт.

## Колдонулган адабияттар.


1. Ананьев Б.Г. О проблемах современного человекознания. М.,2007.
2. Выготский Л.С. Проблема психологии. Сб. соч. т 3. - М.,1997.
3. Ждан А.Н. История психологииот: от антитчности к совроменности: Учебник студентов. – М.: Российское педагогическое агентство, 1997.
4. Миңбаев К. Закиров А. Психология . Ош-2015.
5. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии. М.,1999.
6. Слободчиков В.И., Исаев Е.И. Психология человека. М.,1995.
7. Леонтьев А.А. Избранные психологическое произведе ние. Т.1, М., 1983
8. Общая психология. Под.ред. А.В. Петровсий, - М.,1997. стр.63-90
9. Хрестоматия по психологии. М., 2009. стр.84-133.


## Билимди текшерүүчү суроолор.

1. Психологиянын негизги максаты, принциптери ?
2. Психология илиминин башка илимдер менен болгон байланыштары.
3. Психологиянын филогенезде, онтогенезде өнүгүүсүнө карата окуунун мазмуну. (А.Н.Леонтьевдин, Ч.Дарвиндин эволюциялык теориялары.) ?
4. Психологиянын негизги тармактары ?
5. Жаныбарлардын жүрүм-турумундагы психикалык өзгөчөлүктөрү ?
6. Айбандардын тили жана карым-катнаштарынын психологиялык мыйзам ченемдери ?
7. Айбандар менен адамдардын психикасынын окшоштуктары жана айырмачылыктары ?

*Төртүнчү бөлүм:*

# ИНСАН ЖАНА АНЫН ПСИХОЛОГИЯСЫ

*Адам үчүн эң кыйыны – күн сайын адам болуу.*
***Ч. Айтматов*** (кыргыз эл жазуучусу)

## § 4.1. Инсан (личность) жөнүндө жалпы түшүнүк

Психология илиминде оор проблемалардын бири болуп личность жөнүндөгү түшүнүк саналат. Личностту психологиядан башка философия, социология ж.б. көптөгөн илимдери да окуп ү йрөтөт.

Инсан (личность) жөнүндө сөз козгогондо психология илиминен алыс адамдар конкреттүү адамды түшүнүшөт. Мындай ой жүгүртүү туура эмес. Мында «инсанга» (личностко) жакын болгон индивид, индивидуалдуулук, рольдор теориясы жана адам деген тү шүнүктөр да кездешет. Алар күндөлүк турмушта бирдей мааниде колдонулганы менен, илимий, аныктамалары, мааниси ар башка. Личносттун табиятын туура түшүнүү үчүн аны жогорку түшүнү ктөрдөн ажырата билүү зарыл.

**Индивид.** Жаңы төрөлгөн бала интеллекттин өнүгүшүнө негиз болор мээ түзүлүшүнө, эмгек куралдарын колдонууга ылайыкталган колго жана башка генетикалык мүмкүнчүлүктөргө ээ. Алар анын мындай мүмкүнчүлүктөрү келечекте жаратылыш менен күрөшүүгө психологиялык жактан жетилүүгө негиз болот. Ушул өзгөчөлүктөрү менен айбандардан айырмаланып турат.

Наристедеги жогоруда саналган тукум куучулуктун натыйжасы болгон касиеттердин суммасы индивид деген түшүнүк аркылуу белгиленет.

Индивид – кандайдыр бир социалдык группанын же биологиялык уруунун өкүлү болгон адам, сүт эмүүчүлөрдүн тобуна кирүүчү

биологиялык жандык. Биологиялык түрү катары дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат.

Окумуштуулар индивид түшүнүгү менен маанилеш, адам деген түшүнүктү бирдей карашат.

Индивид-личность, индивиду алдуулук түшүнүктөрүнүн негизи. Ал биологиялык жандык катары, аң-сезимдүү түрдө, курчап турган дүйнөнү үйрөнүү, аны өз керектөөсүнө ылайык пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу менен макулуктардан айырмаланат. Коомдук чөйрө, эмгек адамды өзгөртүп түзүп, аны адамдык касиеттерге эгедер кылуу менен активдүү жандыка айлантат.


Индивидге жаңы төрөлгөн бала, нормалдуу чоң адамдан баштап, жинди, эч нерсени түшүбөгөн кишилердин тобу дагы кирет. Бирок бул адамдардын ичинен инсандык (личносттук ) касиетке, нормалдуу адам гана ээ боло алат. Бала жарыкка индивид болуп төрөлүп, андан соң-личностко өнүгүп чыгат.

**Индивидуалдуулук** адамды личносттук жактан мүнөздөөчү негизги белгилердин бирине кирет. Индивиду-алдуулук – бир адамды экинчи адамдан айырмалай турган кайталангыс өзгөчөлү гүн өрсөтүүчү түшүнүк. Ага адамдагы мотикалык, психикалык ата тегинен мурас катары өткөн жана коомдун, таасиринде пайда болгон касиеттердин тобу кирет. Индивидуалдуулук темпераменттин, мүнөздүн касиеттеринде, кызыгууда, кабыл алууда, ишмердүүлү ктө жана интеллекте ачык көрүнөт.

**Личность** индивидге караганда тар түшүнүк. Ал адамдын калыптанышынын белгилүү этабында гана пайда болот. Личносттун калыптанышы көбүнчө социалдык чөйрөгө көз каранды болуп, индивидден коомдук ишмердиги жана коомдо ээлеген орду боюнча айырмаланат. Личносттун маани маңызы философия, психология, ал эми индивидди физиология илимдеринде үйрөнөт.

Личность – турмуштук көз карашы, жоопкерчилигин акырына чейин жеткирүү аракети бар, эркин чечим кабыл алуу мүмкү нчүлүгүнө ээ болгон активдүү адам. Личность – аң-сезимди алып жүргөн жана дүйнөнү кайра курууга субьек -тисин түзө алган конкреттүү адам. Личность болуп төрөлбөйт, ал коомдук аракеттен жаралат.


Адам, личность, индивид - үч түшүнүктүн ортосундагы окшоштук, айырмачылыктар жөнүндөгү түрдүү ойлор кездешет. «индивид», «адам» жаратылыштык, «личность» жалаң социалдык түшүнүк маанисы боюнча окшош, бирдей ал эми индивидди өзгөчө спецификалык касиетке ээ деген ойду айта алабыз.



**С.Л.Рубинштейн** 1889-1960 - жылдары жашаган – орус психологу жана философу. Психологияны материалисттик багытта негиздеген илимпоз.

С.Л. Рубинштейн, А.Г.Ковалев личностту коомдук кийимдерди кийгизе турган маникен да эмес, пассивдүү да эмес деп - коомдук өнүгүүнүн активдүү ишмер адамы катары карайт. А.Н.Леонтьевдин «Иш-аракет, аң-сезим, личность» деген эмгегинде личность түшүнүгү индивид түшүнүгүнө окшобойт. Личность-индивиддин коомдук таасирде пайда болгон өзгөчө, жогорку сезимтал касиет экенин көрсөтөт. Верникендин ою боюнча, байыркы (антик) доор личность деген түшүнүктү билген эмес. Алгач личность термини актер жамынган чумбөттү, парданы, актердун өзүн, анын ролду аткарган конкреттүү адамды туюндурган. Кийин бул термин коомдо жашоочу реалдуу адамга колдонулган. Акырында личность белгилүү бир коомдук функцияны аткарган жана коомдо өз орду бар, ал аң сезимдүү индивидди белдирет.

Ар бир коомдук формацияда личностту түрдүүчө түшүнүшкөн. Мисалы, кул ээлөөчүк коомдо личность деп коомдук турмушка катышы бар эркин адамды түшүнүп, кул личность катары эсептелген эмес. Феодалдык коомдо личность таза каңдуу, авторитеттүү кишини билдирип, ал эми дыйкан личносттук касиетке ээ болгон эмес. Капиталисттер эмгекчилерди личность деп атаган эмес. Капиталисттик доордун алгачкы этабында личность менен жеке менчик түшүнүктөрүн бирдей мааниде кароого аракеттенишкен. Карапайым элде мындай ойдун тарашы айрым психологдордун эмгегине байланыштуу. Алсак, америкалык психолог **В.Джемс** личностту адамдын өзүнө тиешелүү болгон нерселердин жалпы жыйындысы катары кең мааниде карайт. Ага адамдын өз денесин, психикасын



**В. Джемс** 1842-1910 - жылдары жашаган америкалык психолог жана философ, «аң-сезимди чөйрөгө көнүктүрүүнүн куралы» деген түшүнүктү иштеп чыккан.

гана эмес, кийимин, үйүн, аялын, балдарын, ата-тегин, ал түгүл В. Джемс даңк даражасын, чыгармачылык эмгектерин, яхтасын, малмүлкүн, жоро-жолдошторун да киргизген. В.Джемстин оюу боюнча, адамдын жеке менчигине кирүүчү буюмдардын айрымдарынан ажы -раса, личносттук касиетинен айрылган менен бирдей - деген.

Марксизм-ленинизмдин классиктери личность деп коомду өнүктүргөн жана анын эркин мүчөсү болгон конкреттүү адамды түшүнөт. К.Маркс: Адам – бардык коомдук мамилелердин жыйындысы – деп аныктама берет. К.Маркстын аныктамасында көрүнгөндөй, личность түрдүү коомдук мамилелердин социалдык, экономикалык, идеологиялык, саясий жана психологиялык сферасында турат.

К.Маркстын бул аныктамасынан кээ бир психологдор (К.К. Платонов), адамдын уруусуна туура келүүчү мазмунду көрүшөт. Чынында адам уруусунун өкүлү катары түрдүү мамилелердин алкагында турмуш кечирери шексиз. Бирок экинчи топтогу окумуштуулар К.Маркстын аныктамасын жакташат. Жогоруда келтирилген личносттун жаратылышы жөнүндө ар түрдүү пикирлерге карабай, ага психологиялык категория катары аныктама берүү зарыл. Окумуштуулардын эсептөөлөрүнө караганда (Платонов К.) личносттун 50 гө жакын аныктамасы бар. Бирок алардын бирин да так деп эсептөө кыйын. Көп учурда окумуштуулар личносттко аныктама берем деп адамга аныктама беришет: Себеби адам да, личность да конкреттүү коомдук, социалдык чөйрөнүн таасиринде, турат. Личностьу берилген аныктамадан башкача мүнөздө, татаал жана кыйын.

Психология илиминде личность термини эки мааниде түшү ндүрүлүп жүрөт. Биринчи маанисинде (К.К.Платонов) аң-сезимге ээ болгон адамдардын бардыгы эле личность эмес. Экинчи маани-

синде психикалык жактан өнүгүү дэңгээлине жетишкен адам гана личность деп эсептелет. «Өнүгүү деңгээли» деген адамдагы өзүн-өзү сындаган, өзүн-өзү кабыл алалган, өзүнүн «мени менен башка адамдан айырмаланган», жеке моралдык талабы тигил же бул нерсеге баасы бар сапаттарды камтыйт .

## § 4.2. Ролдор теориясы

Роль түшүнүгүн социалдык психологияга Ж.Г.Мид киргизген. Ролдордун социалдык (профессионалдуу, демографиялуу) личносттор аралык (лидер, коллективден четтетилген ж.б.) институционалдуу (официалдуу, конвенционалдуу) деген түрлөрү кездешет.

Личность түшүнүгүнүн эволюциясы личностту жүрүм-турумдун ролдор системасы катары элестете турган окуунун пайда болушуна алып келди. Ролдор теориясынын идеалдары советтик психологдордун (Кон И.С.) эмгектеринде көп кездешет.

И.С.Кон адамдын жүрүм-турумун, башка личносттор менен болгон өз ара мамилесин, анын аткарган ролдору катары мүнөздөйт. Роль личносттун ээлеген конкреттүү позициясына жараша алдын ала күтүлгөн, коом тарабынан макулдашылган турмушунун функциясын белгилейт. Коомдо белгилүү орунду ээлеген адам белгилүү социалдык ролду аткарат. Мисалы, Акматбек. Ал – орто жаштагы киши (биринчи роль), мугалим (экинчи роль), үй-бүлөлүү (үчүнчү роль). Ошентип, анын бир топ социалдык ролдордун системасынан турган личность экенин көрөбүз.

Адам аткарган роль личностун жүрүм-турумуна, иш-стилине, кесибине өз таасирин тийгизе турганы чындык. Айталы, көчөдөгү бейтааныш кишини сүйлөгөн сөздөрүнөн адамдарга жасаган мамилесинен, жүрүм-турумунан, кайсы кесиптин өкүлү экенин жеңил аныктоого болот.

Ролдор теориясынын өтө эле кызык экенин белгилөө менен А.Н.Леонтьев ага каршы чыгат. Бала ата-энесинен жүрүм-турум эрежелерин үйрөнүп, анан бараалына жеткенде личность катары калыптанат. Кантип эле анын кийинки ата-энесине болгон мээрими, мамилеси, жардамы ролдун деңгээлинде болсун? Же түндүк

уюлду өздөштүрүп жаткан адамдарды белгилүү ролдорду аткаруу менен гана алек деп айтуу андан да кызык деп, ал өзүнүн ролдор теориясына ишенбегендигин билдирет. Бирок мындай сыноолорго карабай, ролдун личносттун калыптандыруусуна тийгизген таасирин тануу жарабайт.

## § 4.3. Инсандын психикалык структурасы

Темага киришүүдөн мурун структура (түзүлүш) деген түшүнүктүн чоо жайын аныктап алуу зарыл. Структура – кандайдыр бүтүн нерсенин байланышта болгон составдуу бөлүктөрү, аны түзүп турган элементтери. Личностун структурасынын мазмунун индивид, индивидуалдуулук, личность түшүнүктөрү жана аларга мүнөздүү касиеттер түзөт.

Жеке адам укмуштуудай өтө көп сандагы индивидуалдык өзгөчөлүктөргө ээ. Алардын пайда болушу – татаал көрүнүш. Чексиз, ар түрдүү обьективдүү малыматтар баш мээде чагылып личносттун негизги касиеттеринин пайдубалын түзөт жана калыптандырат. Алардын айрым туруктуу касиеттери белгилүү деңгээлде адамды мүнөздөй алат.

Индивидуалдуу өзгөчөлүктөргө психикалык касиеттер, адамдын самотикалык белгилери, бойдун узундугу, фигурасы, скелеттердин өнүгүүсү, булчуң эттердин түзүлүшү кирет.

Адамдын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнүн санын орус тилинде 1,5 миңге, грузин тилинде 4 миңге, ал эми англис тилинде 17 миң 958ге жеткирип санап жүрүшөт. Бирок адамдын мындай чексиз касиеттеринин ички структурасын табуу өтө кыйын, илимде али бир жактуу чечиле элек.

Личносттун психикалык структурасын табуу дегендик бир адамды экинчи адамдан айырмалоочу личносттун индивидуалдуу структурасын табуу дегендикке барабар. Бул маселени чечүү адамдын жүрүм-турумун алдын ала көрө билүүгө жардам берет, мектептеги окуу, тарбия иштерин эффективдүү уюштурууга жол ачат. Ошондой эле личносттордун типтерин аныктоого,б.а., личностту

мүнөздөй турган жалпы касиеттерди табууга мүмкүндүк алабыз.

Бул проблема боюнча көп илимий ойлор, идеялар кездешет. Мисалы, психолог В.Вундт личносттун негизги психикалык структурасына адамдын өзүн-өзү үйрөнүүсүн (самосознаниясын), француз психологу Т.Рибо өз денесин туюуну жана эсти (чувство собственного тела и память), ал эми А. Бине эс менен мүнөздү көрсөтөт. Чет элдик психологдор личносттун эки подструктурасын келтирет: эндопсихикалык жана экзопсихикалык – деп.




**В.Вундт** 1832-1920-жылдыры жашаган. немец психологу- философу. Эксперимент-алдык психологияны негиздеген. Психоло -гияны философиядан бөлүп, илимдин бир тармагына айланткан илимпоз.

Личносттун **эндопсихикалык** подструктурасы.

Бул адамдын личносттун ички механизмин биологиялык жактан мүнөздөйт. Эндопсихикалык касиеттерге ээ болгон личносттор баамчыл, эстүү, психикасы күчтүү иштеген, ойлоо, элестетүү жөндөмү артыкча жана импулсивдүүлүк касиеттерге ээ болушат.

Личносттун **экзопсихикалык** структурасы ички психикалык элементтердин, функцияларынын өз ара көз карандылыгын көрсөтөт. Экзопсихикалык подструктура личносттун тышкы чөйрөгө болгон мамилесин мүнөздөйт. Мындай личносттордо кызыгуу, шык, идеялдар жана калыптанган маалыматтар негизги орунда турат. Личносттун психикалык структурасы жөнүндөгү проблеманын үстүндө советтик психологдор да көп изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. А.Г.Ковалев личносттун структурасына темпераментти, багытталыш касиетти (талап, кызыгуу, идеал) жана жөндөмдүүлүктү киргизет. Мындан тышкары адамды табигый касиеттерин (дененин өзгөчө конституциясын, сезүү органдарынын абалын, шыгын) да кошот.

К.К.Платонов личносттун социалдык чөйрө менен шартталган өзгөчөлүктөрүн багытталыштын түрдүү формаларын, мамилелерди, моралдык сезимдерди, интеллектуалдык- эстетикалык



**К.К. Платонов** 1906 - 1984 – жылдары жашаган советтик психолог.

жана саясий-моралдык өзгөчөлүктөрдү киргизет. Экинчи подструктурасын окуу жана практикалык иш-аракеттеринин негизинде пайда болгон маалыматтар, машыгуулар, өнөкөттөр, ыктар түзөт. Үчүнчүсү - адамдын жекече психикалык өзгөчөлүктөрү байкагычтыгы, эсинин түрлөрү, көңүл буруусу, психикалык процесстеринин аракеттери менен байланыштуу. Личносттун психикалык төртүнчү подструктурасына биологиялык негиздеги (темперамент, шык, инстинкт, жөнөкөй таланттын түрлөрү - өзгөчөлүктөрү) иш-аракет кирет. В.В.Богословскийдин редакциясы менен чыккан окуу китепте личносттун төрт компоненти көрсөтүлөт.

Личносттун багытталышы же анын чындыкка болгон тандалмалуу мамилеси; адамдын мүмкүнчүлүгү же иш-аракетти ийгиликтүү аткаруудагы жөндөмдүүлүктүн системасы; мүнөз же социалдык чөйрөдөгү адамдын жүрүм-турум стили; «мен» деген түшүнүгү. Ошондой эле личносттун структуралык курамына (составына) психикалык процесстерди, абалдарды да кошот.

Жалпы түрдө личносттун психологиялык структурасын, биологиялык, социалдык деп эки чоң топко бөлүүгө болот. Личносттун структурасындагы биологиялык-социалдык маселелер азырынча бир жактуу чечиле элек, дискуссиялык мүнөздө Марксисттик эмес психологдор адамдын личностунун структурасындагы биологиялык жана социалдык негиздерге каршы эмес.

Биогенетиктер личностунун өнүгүшү спонтандуу мүнөздө (тышкы таасирсиз өзүнө-өзү) деп, адам жаратылыштан эмоционалдык реакциясынын жүрүшүн, аракет темпин даяр түрдө аларын жана уруулук, башкаруучулук ж.б. иш-аракеттер талап кылган касиеттер менен төрөлөрүн далилдөөгө аракеттенишет. Алар адамдын ички активдүү аракеттерин таанышат, төрөлгөндөн баштап берилген касиеттердин маанисин жогору коюшат.

Социогенетиктер болсо адамдын личностунун өнүгүшүн

чөйрөнүн көчүрмөсү деп түшүнүп, чөйрөнүн түздөн-түз таасир этишин жактап, личносттун ички активдүү аракетине маани беришпейт. Чөйрөдөн личносттук касиеттерди калыптандыруучу негизги күчтү көрүшөт. Бирок алар бирдей эле чөйрөдө жашаган бир туугандардын ар түрдүү личносттук касиеттерге ээ болуп калыш себептерин түшүндүрүп бере алышпайт. Ал эми материалисттик агымдагы окумуштуулар личносттун өнүгүүсүндөгү кыймылдаткыч күч катары, адамдын иш аракетиндеги аткарууга мүмкүн болгон керектөөлөрү менен аны канаттандыруудагы мүмкүнчүлүктөрүнүн ортосундагы карама-каршылыкты эсептешкен.

Келтирилген авторлордун личносттун психикалык структуралары жөнүндөгү ойлору, ички карама-каршылыктарына карабай, проблеманы бир жактуу чечүүгө түрткү берет деген ойдобуз.

## § 4.4. Инсандын (личносттун) активдүүлүгү

Личносттун өнүгүшүнүн жана жашашынын негизги шарты болуп анын активдүүлүгү саналат. Личносттун активдүүлүгү дегенди анын өзүн курчап турган дүйнөнү түзүү, өзгөртүү жана ага таасир этүү максатындагы иш-жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз.

Активдүүлүк – тышкы, ички стимулдук дүүлүктүргүчтөрдүн таасиринде спонтандуу кыймылдарды жасоо мүмкүнчүлүгү бар, бардык түрү боюнча жаныбарлар үчүн жалпы мүнөздүү көрүнүш. Активдүүлүк – турмушта керектүү байланыштарды түзүү, же өзгөртүү, же зарыл деңгээлде кармап турууну ишке ашыруучу негизги булак. Ал адамдын жашоосунун негизги шарты болгондуктан, куракка жараша өзгөрүп, динамикалык мүнөзгө ээ болуу менен, анын жүрүш-турушун түрдүүчө башкарат, ага ар кандай түс берет. (Активдүүлүк ишмердүүлүк түшүнүгүн алмаштыра алат деген ойдо негиз бар).

Көптөн бери окумуштууларды: «Адамдын активдүүлүгүнүн булагы эмне?» - деген суроо кызыктырып келет. Бул проблеманын айланасында психолог окумуштуулар түрдүү ой-пикирлерди айтышат. Алардын алгачкыларынын бири – З.Фрейд. Ал личносттун

активдүүлүгүнүн булагын адамдын ата-тегинен мурас катары калган инстинкттик аракеттерден көрөт. Ал өз оюн теориялык жана практикалык жактан далилдөөгө аракет жасаган. Инстинкттик аракеттерге өзүн-өзү коргоо жана карама-каршы жыныстардагы бири-бирине болгон умтулуу кирет. «Эмне үчүн адамдын активдүүлүгү нүн булагы болгон бул аракеттер анын күндөлүк турмушунда байкалбайт?» деген суроого З.Фрейд мындайча жооп берген. «Коом адамдардын жүрүм-турумуна көп чектөөлөрдү, мүмкүнчүлүктөрдү берип, адамдарды башкарууга мүнөздүү болгон инсандык сапаттар адамды башкарат» деген. Мындай сапаттарга, коомдук уяты, инсандык авторитеттин түрлөрүн киргизүүгө болот. Адамдын инстинкттик өзгөчөлүктөрү (уят) личносттун аң-сезимдүү турмушунан чектелип, жашыруун абалга өтүп кетет. Бирок өзүнүн таасирин жоготпой, адамдын активдүүлүгүн башкарууга жөндөмдүү.

**Либидо** – латын сөзү, кыргызча «умтулуу, ынта».

З.Фрейд адамдын активдүүлүгү нүн булагын жыныстык умтулуудан көрүү менен, аны **либидо**, **эдип,** комплекс түшүнүктөрү аркылуу негиздеген. Либидо – индивиддин сексуалдык инстинкти менен байланыштуу ички аң-сезимсиз психикалык энергиясын билдирген фрейдизм агымынын борбордук түшүнүгү. Либидо адамдын жүрүм-турумундагы доминанттык (бийлик кылуучу) мотивдердин бири катары каралат. Ал коомдогу тескери пикирден улам ачык көрүнбөй, социалдык шартка ылайыкташат, адамдарды чочутпайт, бирок адамдын жүрүм-турумун башкарышып, активдүүлүктүн бир булагын коштоп жүрөт.

**Эдип комплекси:** эдип - грек мифологиясындагы падышанын аты, экинчи түгөйү (латын сөзү, кыргызча «байланыш, айкалыш») фрейдизмдин негизги түшүнүктөрүнөн. Эдип комплекси баланын жашоосунун эң алгачкы этабында аң- сезимсиз түрдө өзүнүн ата-энесине кушу түшүп, алардын ордун ээлеп, алардан сексуалдык канааттануу (атасынан кыз, же энесинен эркек баласы) алууга умтулган аракетин туюндурат. Эдип комплекси - падыша Эдиптин өз атасын өлтүрүп, апасын алган, ал эми **Элект комплекси** - апасын өлтүрүп өз атасына турмушка чыккан деген грек мифтеринен улам келип чыккан терминдер.

З.Фрейддин адам активдүүлүгүн ачык биологиялык закон менен түшүндүрүүгө жасаган аракетине, анын окуучуларынын айрымдары каршы чыгышкан. Натыйжада, фрейдизмге каршы неофрейдизм агымы пайда болгон. Неофрейдисттер адамдын активдүү лүгүнүн булагын чөйрөнүн таасири менен байланыштырууга аракеттенишкен. Чөйрөнү личностту калыптандыруучу, ага керектүү маалыматтарды берүүчү күч катары карашкан. Алар личностту социалдык чөйрөнүн эң пассивдүү жөнөкөй бир функциясы катары баалашкан, ал эми чөйрөнү личносттун активдүүлүгүнүн булагы болот деп далилдешкен. Мындай ой жүгүртүү ар качан туура жыйынтыктарга алып келбеши белгилүү.

Советтик психология илими личность өзүн курчап турган дү йнө менен өз ара таасир этүү процессинде роль ойнорун тааныйт. Алар личносттун активдүүлүгүнүн булагы катары кызмат кылат дешкен. Мисалы, ар бир адам кыштын келишине жараша өзүнүн жылуу кийимдерин камдай баштайт. Керектөө коомдук мүнөзгө ээ. Адам өзүнүн жөнөкөй талабын канааттандыруу үчүн кылымдан бери адамзат топтогон тажрыйбаларды пайдаланат, айбандарда мындай аракеттер кездешпейт.

Психология илиминде керектөөнүн табигый, маданий, материалдык жана «духовный» түрлөрү кездешет. Табигый талаптарга адамдын турмуш-тиричилигин жана тукумун улантуусу кирет. Тиричилик жүргүзүү үчүн карама-каршы жыныска муктаж. Маданий керектөөнү, табигый талаптарды канаттандыруу адам баласы колдонуп келген каражаттар аркылуу канааттандырылат. Мисалы: бычак, вилка, кашык ж.б. Адам буларды колдонбой жашаса деле болот, бирок мындай байлыктардан ажыроо адамдын психикасынын өнүгүүсүнө тескери таасирин тийгизет.

Материалдык керектөөгө үй-буюмдарды, кийим-кечектер, азык-оокат, ал эми духовный керектөөгө адамдардын өз ара карымкатнашы, пикир алышуусу, рухий дөөлөттөргө (китептерге, гезит-журналдарга, искусствого) муктаждыгы кирет.

## § 4.5. Личностун багытталышы

Бул кубулуш личносттун жүрүм-турумунун иш-аракетин багыттоочу жана аныктоочу туруктуу (кызыгуу, идеал, ишенич, ынтаа, кунт, шык) мотивдердин топторун өз ичине алган психологиялык түшүнүк. Личносттун багытталышынын курамдык элементтерине дүйнөгө болгон көз караш, ишенич, пикир, керектөө, кызыгуу, кунт коюу, иш-аракет мотиви жана жүрүм-турум өнөкөттөрүү кирет жана булар личносттун багытталышынын борбордук түшүнү ктөрү болуп, анын кылык жоруктарында, жүрүм-турум мотивинде эңсөөдө, сезимде ачык байкалат.

Личносттук багытталыш эки фактордун негизинде калыптанат. Биринчиси – коомдук шарт. Мында личность жашаган коомдогу, өлкөдөгү бийликтин идеологиясы негизги белги болуп саналат. Экинчи факторго үй-бүлө шарты, турмуштук тажрыйба, ишмердик процесстериндеги кайгы-капа, ой-толгоо, коомдогу окуяларга карата жооп пикирлер сыяктуу индивидуалдуу өзгөчөлүктөр .

Адамдын жүрүм-турумун түшүнүүдө анын жасаган аракеттеринин себептерин издейбиз. Айталы, окуучуу же студент сабактан эмне үчүн качып кетти? Араккеч эмне үчүн магазинди уурдады? Күнөөкөр эмне үчүн өзүнө жогорку жазаны талап кылат? Себептерди туура түшүнүү үчүн алардын мотивдерин, адамды аракеттерге мажбурлоочу күчтөрдү аныктоо зарыл. **Мотив** – адамды иш-аракетке ниеттендирген, керектөөнү канааттан -дырууга багытталган личносттун аракеттери.

**Мотив** – латын сөзү кыргызча «козгоо», «кыймылга келтирүү» деген маанини берет.

Мотивдин табиятын түшүнүү үчүн аны керектөөдөн айырмалай билүү керек. Керектөө адамдын активдүүлүгүнүн бардык түрлөрүнүн механизмин, маңызын түзөт. Мотив болсо - керектөөнүн конкреттүү көрүнүшү. Мисалы, жолоочу катуу суукта жолго чыкты. Ал үшүйт, от издейт, жол жүрүүсүн токтотот. Ошол учурда оттун жылуулугу жүргүнчү үчүн негизги мотив болуп калат.

Көп учурда мотив адамдын алдына койгон максаты менен дал келбейт. Бир эле мотивге жетүү бир канча максаттарды ишке ашы-

рууну талап кылат. Алсак, орто мектепти бүткөн окуучунун келечекте механизатор болуу аракети, анын негизги мотиви. Бул мотивди жүзөөгө ашырууда ал бир канча максаттардын тобу. Ошентип, мотив-личносттун тигил же бул иш-аракетине түрткү болгон себеп, керектөөнүн конкреттүү көрүнүшү. Бирок, анын маңызын, адамдын иш-аракетинин маанисин ар кайсы агымдагы окумуштуулар ар түрдүү түшүндүрүшөт. Мисалы, мотив - жүрүм-турумду пайда кылуучу жана активдештирүүчү, ички- сырткы стимулдардын аракети (бихевиоризм); мотив-социалдык чөйрөнүн сын-пикирлеринин натыйжасында далдаада өткөн бирок башкаруу мүмкүнчүлүгүн жоготпогон адамдын биологиялык инстинкти, умтулуусу (психоаналиктер), мотив-адамдын аң-сезиминде реалдуу чагылып, анын иш-аракетине түрткү багыт берүүчү феномен (советтик психологдор).

**Кызыгуу –** жагымдуулук, өзүнө тарта тургандык, өтө эле кызыгучулук маанисин билдирет. Кызыгууну психологиялык категория катары түшүнүп аны керектөөдөн айырмалоо керек. Керектөө личносттун эркинде, умтулуусунда, байкалып, кандай гана болбосун, адамдын затка ээ болууга болгон каалоосун көрсөтөт. Кызыгуу личносттун ойлоосунда, көңүл буруусунда жана багытталышында көрүнөт да, анын үйрөнүүчү зат менен жакыныраак таанышууга болгон аракетин туюнтат. Мындан затты жакындан таанууга, тереңирээк үйрөнүүгө карата ниети топтоштурулат. Кызыгуу адамдын маданий таануу мотиви катары кызмат кылат. Мисалы, мектепте окуган окуучу кыздагы врач болуу мотивинин бардыгы алдына койгон максатын толук ишке ашышын толук шарттай албайт. Ал үчүн анда мотив менен бирге кызыгуунун келип чыгышы зарыл. Кызыгуу түрдүү кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берет. Кызыгуу кубулушу сезимде (жеке катышуу, жоопкерчилик, жаңы маалымат алуу, таануу, керектөөсүн сезүү), ойлоодо ачык (эффективдүү логикалуу, жаңылык ачууга умтулуу) байкалат.

Личносттун кызыгуусу обьектини өздөштүрүүдөгү туруктуулугуна, максатына, мазмунуна, кеңдигине карай материалдык, коомдук таануу, эстетикалык, окурмандык, спорттук, кесиптик жана эмгектик кызыгуу болуп классификацияланат.



**Н.Ланге** 1858-1921 – жылдары жашаган орус психологу. В.Вунт менен бирге иштеген.

**Установка -** түшүнүгүн илимге немец психологдору Н.Ланге, И.Мюллер, Т.Шумандар киргизишкен. Андан ары бул кубулушту кеңири изилдеген Д.Н-.Узнадзе. Д.Н.Узнадзе установканын адамдын турмушундагы ээлеген ордун жана анын байланышын төмөндөгүдөй түшүндүрөт. Адамда кандайдыр бир турмуштук тажрыйбалардын негизинде боло турган окуяны алдын ала кабыл алууга даяр турган ички абал пайда болот. Бул абал бир жагынан аң-сезимсиз мүнөзгө ээ болгону менен, экинчи жагынан ал адамдын аң-сезиминин мазмунун аныктоочу, багыттоочу факторго айланат Д.Н.Узнадзе личност- тун ушул абалын установка деп атаган.

Установка тышкы таасирлерге карата жоопторду жана жүрүм-турумга өң берет. Мындай абалдар айрым турмуштук кырдаалдарды туура эмес чечмелөөгө да алып келет. Мисалдарга кайрылалы. Турмушта бухгалтерди көп адамдар өтө бышыксынган, майда, катуу адам катары элестетишет. Бирок мындай касиеттерге ээ болбогон бухгалтерлерди да кездештиребиз. Же окумуштууларды чаржайыт ойлуу, турмушта практикасы ашпаган адамдар катары кабылдашат. Андай мүнөзгө ээ болбогондору канча? Сатуучулар көп адамдардын көз карашында, өз максаттарына жетүү үчүн жаман жолдордон да кайра тартпаган, бир тыйындын аркасынан түшкөн, жалаң гана пайда табууну көздөгөн, дүйнөкор кишилердей туюлат. Алардын арасында, тескерисинче, идеалдуу адамдар жү



**П. И.Мюллер** 1801-1858 – жылдары жашаган немец окумуштуусу. Ал психиканын биологиялык факторлорун изилдеген

здөп-жүздөп жолугат. Мындай туура эмес кабылдоонун себеби – айрым коомдук группаларга кирген адамдар жөнүндөгү стандарттуу ой жүгүртүүнүн натыйжасы. Адамдарда мындай абалдардын боло бериши обьективдүү экендигин далилдөө үчүн Д.Н.Узнадзе төмөндөгүдөй тажрыйба жасаган. Экспериментчи тажрыйба жү ргүзүүчү кишинин эки көзүн жоолук менен таңып, алакандарын жайган абалда эки колун алдыга түз сундуртат. Оң колуна чоң, сол колуна кичине көлөмдөгү шарды карматат да, шарлардын көлөмүн кармалап аныктоо тапшырылат. Изилденүүчү катуу үн чыгарып, кайсы колунда шарды көлөмү чоң экендигин айтат. Бул аракет ушул абалынан өзгөртүлбөстөн божомолдуу 10-16 жолу кайталангандан кийин, экспериментчи изилденүүчүгө байкатпай, анын колуна көлөмдорү бирдей болгон эки шарды берет. Алгачкы жасаган операцияны дагы бир канча жолу кайталатат. Тилеке каршы, изилденүүчү колунда бирдей көлөмдөгү шарлар турса да, мурда кайталаган жоопторду айта берет. Эки колунда бирдей көлөмдөгү шарлардын бар экендиги жөнүндө ой жүгүртүүгө умтулбайт. Анда пайда болгон стереотивдүү абалдарды алып таштоого көп убакыт кетет. Ошентип, адам алгачкы алган тажрыйбасынын таасири менен кийинки, ага окшобогон иш-аракеттерди баалоого аракеттенет.

Установкага түрдүү окумуштуулар ар бир түрдүү аныктамаларды, түшүндүрмөлөрдү берип жүрүшөт. Бирок кантсе да аны башка психикалык процесстерден айырмалай турган төмөнкүдөй жалпы белгилери, касиеттери жана структуралык өзгөлүктөрү бар: Установканы пайда кыла туган обьектилер жашайт. Ал байкоо, кыялдануу сыяктуу айрым таануу процесстери менен байланышта турган абалдарды айтууга болот.

Адамдарга, заттарга, кубулуштарга карата спецификалык мамилесин көрсөтүүчү эмоционалдуу абалдарга ээ. Айрым учурларда аракеттердин мотиви катары кызмат аткарып, мотивдөө элементинде байкалат.

Установканын мүнөздүү белгиси, тиешелүү реакцияны туудурган зат менен байланыштын болушу саналат.

## § 4.6. Личносттун өзүн-өзү тaануусу жана баалоосу

Өзүн-өзү таануу деп личносттун өз мүдөөсүн, керектөөсүн, жөндөмдүүлүгүн, жүрүм-турум мотивин, ой толгоосун жана өзүнүн коомдогу, турмуштагы ордун, ролун түшүнүү аракетин айтабыз. Адамдагы аракеттер өзү жөнүндөгү элестин «Мен» касиеттеринин субьективдүү образынын пайда болушуна алып келет. Мындан өзү жөнүндөгү элести, өзүн, башкаларга салыштырып, баалоонун жүрүм-турум мотивин коомдо кабыл алынган нормалар, эрежелер аркылуу аңдоонун мааниси.

**Өзүн-өзү балоо.** Бул – личносттун өз мүмкүнчүлүгүн сапатын, коомдогу ордун баалашы. Ал личносттун жүрүш-турушун тескеп тууручу борбордук касиет. Личносттун адам менен болгон мамилеси, өзүнө койгон талабы, чынчылдыгы, ийгилиги, жол болбоо кадамы – баары өзүн-өзү балоо касиетине жараша болуп, анын өнүгүшүн, иш-аракеттин натыйжасында аныктайт. Өзүн-өзү баалоо жана личносттук умтулуу түшүнүктөрдүн ортосунда тыгыз байланыштар бар. Адамдын умтулуусу менен анын мүмкүнчүлүгүнүн ортосундагы ажырым өзүн туура же тура эмес баалоого алып келет. Адам өзүнүн касиеттерин, мүмкүнчүлүктөрүн кантип баалайт? Кантип «мен» ушундаймын, менде ушундай мүмкүнчүлүктөр бар же жок деген бүтүмгө келет?

Адам коом тарабынан берилген белгилүү иш-аракетти, карым-катнашты аткаргандан кийин тийиштүү багыттардын негизинде өзү жасаган ишти талдайт: күткөн талап аткарылдыбы, эгерде аткарса, кандай аткарды, аткарылган иш аны курчаган кишилердин купулуна толдубу ж.б.у.с. маселелерге жооп издейт. Бул учурда башка адамдардын сапаттарын үйрөнүп, аны өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү аркылуу салыштырып өзүн баалоого мүмкүндүк алат. Өзү жөнүндө бир бүтүмгө келет. Албетте, мында анын касиеттерине жолдоштору кайдыгер карабагандыгын, тигил же бул өзгөчөлүктөрү башка адамдарга керектигин аны менен чөйрөсүндөгүлөр эсептешип жатканын сезет. Ошентип, түрдүү турмуштук кырдаалдарда текшерилген маалыматтар адамга күч-кубат, энергия, чечкиндүүлүк, же тескерисинче, пассивдүүлүк абалдарын алып келип, өзү жөнүндө

бир жактуу ички бааны пайда кылат. Ал баа адамдын калыптануусуна, өсүүсүнө оң же тескери таасирин тийгизет. Эгер өзүнө-өзү жакпаса, каанаттанбаса, адам активдүүлүктөн, чечкиндүүлүктөн ажырап, коом күткөн ийгиликке жетпейт.

**Личностук умтулуу (тырышуу, аракеттенүү).** Бул түшүнүктү илимге **К. Левин** киргизген. Умтулуу личносттун кандайдыр бир ишти ийгиликтүү аткарууга өзүнүн мүмкүнчүлүгү бар экендигин аңдаган же жөн эле аткарууга ниеттенген каалоосун билдирүүчү личностук роль.



**К. Левин** 1890-1947 - жылдары жашаган, немец -америкалык психолог. Социалдык психологиянын көрүнүктүү өкүлү.

Адатта адам түрдүү татаалдыктагы көптөгөн маселелерди чечүүнү эркин тандап алуу кырдаалдарына туш келет: оорун же жеңилин тандаса да, өз эрки. Эгер эң кыйынын тандаса, аны аткаруу (чечүү) менен максималдуу ийгиликке жетип умтулуусу андан ары артып олтурат. Тескерисинче жөнөкөй маселени тандап, аны да чече албаса өзүн-өзү баалоосу төмөндөп андан жеңил чечүүнү көздөйт, умтулуу өнүкпөйт. Умтулуу жалаң гана тигил же бул маселени чечүүдө жетишкен ийгиликтен же жол болбогон ызалануудан жаралбайт. Ал адамдын турмушунда болуп өткөн жетишкендиктерге, кемчиликтерге карай да калыптанат.

Чет элдик окумуштуулардын белгилешине караганда, изилденүүчүлөрдүн айрымдарды ийгиликке жетүүгө умтулбастан, жолу болбогондуктан өзүн коргоо максатына өткөн абалдар учурайт; Буларга түрдүү татаалдыктагы маселелерди (иш-араккетерди) сунуш кылганда, алар өтө татаалын же өтө жеңилин аткарууга аракеттенишет. Адамдардын мындай көрүнүштөрү төмөнкүдөй түшүндүрүлөт. Жеңил маселени тандоодо тобокелдик минималдуу болот да, ийгиликке умтулуу жогору, оор маселени тандоо тобокелдик эң жогору, эгер аткарылбай калса, өзүн жубатуунун формасы катары түшүнүү (өтө кыйын маселеге бардыгынын күчү жете бербейт) мүмкүнчүлүгү пайда болот.

Умтулуу кубулушун үйрөнүүнүн теориялык негизден тышкары практикалык мааниси жогору. Мисалы, педагог умтулуунун, өзүн-өзү баалоонун табиятын билбей туруп, окуучулардын активдүүлүгүн көтөрө албайт. Окуучулардын умтулуусу алардын индивидуалдуу өзгөчөлүгүнө, фрустрациянын мүнөзүнө, мугалимдин педагогикалык жөндөмдүүлүгүнө да жараша болот. Айрым окуучуларга чыныгы билимин, аракетин эсепке албай, жогорулатылган бааларды коюп берүү, алардын умтулуусун, андан өзүн-өзү баалоосун жогорулатып, илимге болгон кызыгуусун төмөндөтөт. Тескерисинче, окуучулардын системалуу тырышып, окушун, өзүн көрсөтүү аракетин эсепке албоодо алардын умтулуусу төмөндөп, өзүн-өзү баалоодон коркуу абалына алып келет.

## Практикалык сабак үчүн

Азыркы мезгилде инсан проблемасы эң актуалдуу проблемалардын бири. Ошондуктан ал проблемаларды коомдун талабына жараша чечүүдө психология илими бир катар кыйынчылыкка дуушар болууда. Анткени психология

илими сыяктуу мазмуну боюнча окшош илимдер, экономика, юридика, медицина ж.б. илимдин агымдары адам баласын ар тараптуу изилдөөдө техникалык куралдарды колдонуп изилдөөгө жетишсе, психология илими андай куралдарды түз колдоно албагандыктан, кыйыр жол менен изилдөөгө мүмкүнчүлүк берген психологиялык ыкмаларды колдонуп инсандын ички субьективдүү дү йнөсүн изилдөөгө жетишүүдө.

Мындай ыкмалар инсанды (личносту) изилдөөдө азыркы кү ндө жүздөп саналат. Алардын ичинен биздин шартка ылайыкташтырылган «Инсандын ситуациялык абалдан чыгуу иш -аракетинин деңгээли». «Инсандын сапатына карата билим алуу деңгээлин изилдөө» «Тематикалык апперациялык тест» «Роршахтын тести» жана «Инсандын өзүн-өзү балоо методикалары» ж.б. жүздөгөн тестик ыкмаларды айтуга болот. Ушул ыкмалардын ичинен «Инсандын өзүн-өзү баалоо» ыкмасын алып, бул ыкманын практикадагы оордун көрсөтүүгө болот.

## Инсандын (личностун) өзүн-өзү баалоосун изилдөөчү ыкма.

**Иштин максаты:** Окуучулардын (студенттердин) өзүн-өзү баалоо коэффициентин аныктоо.

**Экспериментке катышуучулар:** Класс коллективи, коомдук уюмга кирген (спорттук, өздүк көркөм чыгармачылыкка катышкан окуучулар, окуунун мыктылары, начар окуган окуучулар, о.э., мугалим коллективдеринин мүчөлөрү ж.б.) инсандар.

**Экспериментке керек болуучу материалдар:** инсандын жүрүм-турумдук 50 инсандык сапаттардын (жакшы, жаман болуп аралашкан) тизмеси алынат. Мисалы: Тыкан, бейкам, ачуусу чукул, терең ойлоочулук, баамдуу, текебер, одоно, жайдары, көрө албас, таарынчаак, кекчил, ак ниет, көшөргөндүк, кылдат, кежир, ишенчээк, бошоң, кыялкеч, курулай шектенүүчүлүк, өч алуучулук, назиктик, кысылбоочулук, чечкиндүүлүк, жылуу жүздүүлүк, жеңилдик, сактык, боорукердик, өтө эле бышыксынгандык, сергектик, ишенбөөчүлүк, тийиштүү жолдо жүрбөөчүлүк, камкордук, жек көрүүчүлүк, ак көңүл, көйрөң, ойлонуп иш кылуучулук, чечкиндүү, сабырдуу, кайрымдуу, уялчаак, токтоо, коркоок, кызыгуучулук, тырышчаак, тил алчаак, ишке берилгендик, туруктуулук.

Андан кийин изилдене турган группанын ар бир катышуучуларына төмөндөгүдөй инструкция боюнча өзүнө-өзү эксперимент жүргүзүүнү сунуштайт .

Биринчи жолу: сизге сунуш этилген 50 инсандык сапаттардын ичинен жаман, жакшы сапаттарды аралаштырып 20 сапатты тандап төмөнкү таблицанын биринчи бөлүгүнө, колонкага жазасыз.

Экинчи жолу: ошол биринчи колонкада тандалган 20 сапаттын ичинен сиздин оюңузга эң жаман деген сапаттан баштап, ага салыштырмалуу жакшыраак, буга салыштырмалуу андан да жакшы деп 20-сапатка келгенде сиздин оюңузча эң жакшы деген сапат менен аныктайсыз (айрымдары мисалда көрсөтүлөт).

Үчүнчү жолу: Биринчи колонкадагы 20 сапаттын жакшы жаманына карабастан сизде (өзүңүздө) эң аз кездешкенинен баштап, таблицасынын үчүнчү калонкасында дайыма кездешет деген мазмунда ранжировкалай баштайсыз. Б.а., 20 сапатты сизде аз кез-

дешкенден баштап, дайыма коштоп жүргөн сапатты көздөй иретке төмөнкү таблицанын өз колонкасына жайгаштырасыз. (*Айрымдары мисалда көрсө-түлгөн.)*

**Эксперименттин жүрүшү.**

Ошентип, эксперимент аяктагандан кийин 2- жана 3-колонкадагы инсандык сапаттын жайгашуу номерине жараша инсандын баалоо коэффициентин төмөндөгү формула боюнча аныктайбыз.

$$P = 1 - \frac{6\sum d^2}{n^3 - n} (1)$$

Эгерде биринчи формулага маани бере турган болсок: **P** - инсандын өзүн-өзү баалоо коэффиценти, **n** - 50 инсандык сапаттан тандалган сапаттардын саны (биз үчүн 20 га барабар). $\mathbf{d_1}$ - деген таблицанын 2- жана 3-колонкасындагы ар бир сапаттын жайгашуу номерине жараша айырмасы б.а. «Бейгам» деген сапат 2-колонкада 3-катарда турса, ошол эле «бейгам» деген сапат 3- колонкада 2-катарда тура тургандыгын билдирет жана ал төмөндөгү көрүнүштү берет.

Мисалы: көйрөң 2-колонкада 1-тургандыктан, аны 3-колонкадан кайсыл номерде тургандыгын таап төмөндөгүдөй жазып суммасын табабыз.

$d_1^2$ =1-2=$1^2$ =1 болот ушундай эле калган сапаттарды дагы ушул эрежеде табабыз. Ачуусу чукул 2-колонкада 2-номерде турса, ушул эле сапат 3-колонкада 14-номерде турат. Булардын суммасын; $d_2^2$ =2-14=$12^2$=144 деп чыгарабыз. Ушинтип калган номердеги сапаттардын айырмасынын суммасын 20-номерге чейин таап номер биринчи (1) формуладагы d-нын ордуна коебуз. $d_3^2$=3-4=$1^2$=1, $d_4^2$=4-1=$3^2$=9, ж.б. ушу сыяктуу болуп чыгарылат.

Ошентип 2 жана 3-колонкадагы сапаттар жогорку көрсөтмөлөр сыяктуу өз ара ранжировкаланып 1 ден 20чы катарга чейинки берилген жыйынтыктар суммаланып (1) формуланын тийиштүү орундарына ордуна коюлат.

Биздин мисалыбыз боюнча:

$d^2$=1+144+1+9+ …….. 25+14+1=**359**ду берет.

Ал эми n –50 сапаттан тандалган сапаттардын саны. (Биздин шартта 20 барабар). Бул көрсөткүчтөрдү (1) формулага алып барып кое турган болсок:

| Аралаш тандалган сапаттар | Менин оюмча жамандан жакшыга карай тандаган сапаттар | Мындай сапаттар менде жоктон көп кездешкенге карай тандалган сапаттар |
|---|---|---|
| 1. Көйрөң<br>2. Ишенбө-өчүлүк<br>3. Жайдары<br>….<br>20. Боорукер | Көйрөң<br>Ачуулуу<br>Текебер<br><br>….<br>20. Ак ниет | 1. Өтө эле бышыксынуу<br>2. Көйрөң<br>3. Жеңилдик<br>….<br>20. Боорукер |

$$P = 1 - \frac{6\sum d^2}{n^3 - n} = 1 - \frac{6*359}{20^3 - 20} = 1 - \frac{2154}{8000 - 20} == \frac{5826}{7980} = 0{,}73$$

б.а. изилденип жаткан бул адамдын өзүн-өзү баалоо коэффициенти 0,73 болот. Мындай адамдар жогорку теорияга караганда өзүн-өзү жогору баалаган адамдар деп эсептелет. Эгерде мектепте мындай окуучулар кездеше турган болсо мугалим бул окуучу үчүн өзгөчө ыкмаларды колдонушу зарыл. Б.а. мындай окуучуга мугалим бир катар критикаларды жасап дайыма көңүл буруп, көңүлдүн сыртында калтырбастан бирдиктүү мамиледе болуп туруусу керек.

Ошентип эксперименттин жыйынтыгында 0,1 ден баштап 1 деген коэффициентке чейин көрсөткүчтөр алынышы мүмкүн. Биздин шартта 0,73 деген коэффицент алынды.

Биринчи баалоо коэффициенти **0,1-0,3** кө чейин боло турган болсо, мындай адамдардын өздүк баалоо коэффициентин төмөнкү адамдарга кошууга болот. Инсан өзүнө сын мамилени жогорку деңгээлде жасап, өзүн дайыма башкалардан төмөн сезип, алдындагы проблеманы чечүүдө активдүүлүк көрсотүүдөн тартынып, өзүн жөндөмү жок деп сезген адамдар болот.

Ошондуктан мугалим-тарбиячылар мындай окуучуларга (студенттерге) өзгөчө маани берип, алардын ар бир жасаган жумушун

баалап, алар аткарып жаткан жумуш так атарылып жаткандыгын белгилеп туруу максатка ылайыктуу. Ансыз ал окуучунун (студенттин) активдүүлүгү коомдо артта калгандай сезилип, жаман окуган окуучулардын катарында болуп калат. Мугалим мындай окуучуларды сындагандын ордуна мактап, аны көтөрмөлөп туруу абзел.

Экинчи баалоо коэффиценти **0,4-0,6** болуп чыккан учурлар болот, мындай изилденүүчүлөр өздөрүн орточо баалайт дегенди түшүнөбүз. Тарбия – окуу учурунда окуучуларды мактоо жана критика менен да тарбиялап билим берүүгө болот. Бул түшүнүк төмөнкүдөй түшүндүрүлөт.

Кандай гана адам (инсан) болбосун өзү туурасында билип, өзүндөгү реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнө, социалдык шартына, билимине, жынысына карабастан, ситуациялык шартка жараша өзүн ылайыктуу кармап туруу абзел. Психологиянын негизги өзгөчөлүгү болуп, ушул өздүк жана коомдук берилген инсандык сапатка жараша адамдарды (биздин шартта окуучуларды) тарбиялап, мамиле жасоого боло тургандыгы эсептелет. Анткени психологиялык теорияларга таяна турган болсок, адам баласы өзүнүн мүмкүнчүлүкторүно карабастан, түрдүүчө баалагандыгы, өзүн сезгендиги, өзүн жөндөмдүү дегендигине күбөбүз. Ошол себептен экспериментке катышкан изилденүүчүлөрдүн баалаган коэффиценттери келип чыгат.

Ал эми үчүнчү баалоодо коэффицент **0,7-1** болуп калган учурлар кездешет. Бул адамдар өздөрүн өтө жогору баалашат. Өздөрү жөнүндөгү түшүндүрүү 70-100% туура дегенди билгизет. Ошондуктан бул адамдарды тарбиялоодо, түшүндүрүүдө же бир нерсеге үйрөтүүдө өтө кыйынчылык туулат. Тарбиялык мазмунда мугалим аларга дайыма көңүл буруп туруу керек, сабак учурунда аларга дифференциялык формадагы сабакты уюштуруу максатка ылайыктуу.

Ошентип инсандык сапатты ар тараптуу изилдөө менен жумуш алып баруу, адамдар ортосундагы мамилени жакшыртып, коомдук талапты туура чечүүдө негизги кызматты аткарат.

## Колдонулган адабияттар.

1. Ананьев Б.Г. О проблемах современного человеко знания. СПб, 2001. 2. Асмолов А. Г. Психология личности. Принципы общепсихологического анализа. Учеб. - М. : Изд-во МГУ, 2009.
2. Гуревич П.С. Психология личности: учебное пособие. – Юнити-Дана, 2011.
3. Закиров А. Психология боюнча практикум. Ош- 2015.
4. Ильин Е. П. Психология индивидуальных различий : учебное пособие – СПб.: Питер, 2011. — 701 с.
5. Миңбаев К., Закиров А. Психология. Ош – 2015.
6. Столяренко, Л. Д. Психология личности : учеб. пособие для вузов / Л. Д. Столяренко, С. И. Самыгин. — Ростов нҮД : Феникс, 2011.
7. Рубинштейн С.А. Основы общей психологии. -М., 1999.
8. Шадриков В.Д. От индивида к индивидуальности: введение в психологию. – Институт психологии РАН, 2009.

## Билимди текшерүүчү суроолор.

1. Инсанды (личносту) психологиялык негизде таануу?
2. Адам, индивид, индивидуалдуулук, ролдор теориясы, инсан түшүнүктөрүнүн айырмачылыктары жана психикалык өзгөчөлүктөрүү?
3. Инсандын психикалык структурасы ?
4. Инсандын түшүндүрүүчү сапаттарды парактикадагы көрүнүштөрүү ?
5. Инсандын активдүүлүгү турмушта кайсыл жерлерде колдонулат жана кандай өзгөчөлүктөргө ээ ?
6. Керектик деп эмнени айтабыз, анын кандай түрлөрү бар?
7. Инсандык саппатардын калыптанышындагы психологиялык негиздер ?
8. Инсанды кыймылга келтирүүчү күчтөр деп эмнени айтабыз?
9. Инсандын психикалык кризиси адам баласына эмнени берет, кризисти болтурбой коюга болобу, анын кандай жолдорун билесиң ?
10. Адамды инсан катары тарбиялоодо кандай теориялык маалыматтарды сунуштайсың ?

## *Бешинчи бөлүм:*

# ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН ПСИХОЛОГИЯСЫ

*Ишмердүүлүктү жакшы уюштуруу, жумуштун жарымын аткарган менен барабар.*
***Аристотель*** (б.з.ч. грек ойчул-философу)

## § 5.1. Ишмердүүлүк жөнүндө жалпы түшүнүк

Бул теманы баштаардын алдында ишмердүүлүктүн жаратылышына, функциясына жана анын жашоодогу баалуулугуна маани бергенибиз абзел. Ошондо ишмердүүлүк башка психикалык процесстер, абалдар жана инсандык сапаттар менен айкалышып, маселенин чечилишине жакшы шарт түзүлүп, системалашкан логикалык ойлоону жаратат. Анткени ишмердүүлүк бир эле адам баласында эле жашабастан, жаныбарларда, азыркы күндө искусстволук интеллекттерде да, сыркы жана ички активдүүлүктүн пайда болушунда негиз түзүп туруучу булак болуп келет. Пайда болгон керектиктерди канааттандырууда белгилүү бир иш аракеттерди аткаруу менен, өзүн практикалык турмушта көрсөтүп келе жатат. Андай факторлор таанууга мүкүн болгон же мүмкүн эмес болгон табиятта же маданиятта, материалдык же жан - дүйнөлүк (духованый) маалыматтарда, жеке же коомдук керектиктерди каанаатандырууда кездешет. Мындай учурда адам баласынын керектиктерин канааттандыруу үчүн, белгиүү бир иш - аракеттерди аткаруу менен активдүүлүккө барып, ишмердүүлүктөрдү жаратат.

Бирок керектикти канааттандыруудагы активдүү- лүктөн жаралган ишмердүүлүк, ар бир инсанга жана жаныбарларга жекече таандык боло бербейт. Ал ишмердүүлүктөр инсанга жана жаныбарларга жекече бааны берип, инсандын жана жаныбардын аткарган жумушуна карата аларды биринен - экинчисин айырмалап турат.

Жалпысынан адам менен жаныбардын ишмердүүлүгүнүн жаралышы бирдей болгону менен, ишмердүүлүктүн өнүгүп – өсүшүнө карата алар айырмаланышат. Мисалы, америкалык изилдөөчүлөр, жарыкты пайда кылуучу иш - аракетке карата, ишмердүүлүктө пайда болучу активдүүлүккө байкоо салышканда, ал төмөнкү көрүнүштү байкашкан. Үйрөтүлгөн маймыл, кызыл жарыкты пайда кылуу үчүн велосипеддин педалын айландырып, белгилүү ишмердүүлүктү жаратмай сайын ага аны кызыктырган тамак берилген эмес. Маймыл кызыл жарыкты канча көп пайда кылган сайын, аны тамак менен камсыз кылып турушкан. Ошондуктан маймыл педалды айландырууга өтө кызыктар болгон. Маймыл тамакка жетүүнүн башка жолун издеген эмес.

Экинчи учурда, ушул мазмундагы экспериментти беш жашар балага жүргүзгөн. Мында тамактануунун маданиятын көтөрүү менен, баланын шарттуу рефлексин тамакты (эти) вилка менен сайып, бычак менен кесип жегенге үйрөтүп, белгилүү бир убакытта канчалык тез жесе, бала жакшы көргөн тамакты ошончо көп алып келип берип турушкан. Убакыт бүтүп калса, тамакты баланын алдынан алып коюшкан. Бала өзү жакшы көргөн тамакты көп жеш үчүн, будоолукту (тоскоолдукту) жаратып жаткан билка менен бычакты таштап жөн эле колу менен кармап жегенге өткөн. Мындан, байкоого болот: ишмердүүлүктү жаратып жаткан активдүүлүк дайым эле бир эрежеде боло бербестен, өнүгүүнүн динамикасына да байланыштуу боло тургандыгы байкалган. Бул мисал, аргасыздан кыргыз маданиятында колдонулуп жүргөн, "... бешиктеги баланын, бек болорун ким билет" – деген макал аркылуу түшүнсө дагы болот. Аткени, адам баласы жаңы жаралууларды пайда кылыш үчүн, өзүнүн үстүнөн иш – аракеттерди жасап турушат.

Бул мисалдан көрүнүп тургандай, адамдын ишмердүүлүгүн жаратуудагы активдүүлүк: түзүлгөн жагдайга, шартка, колдонуп жүргөн маданиятка, ык - жөндөмдүүлүккө жараша өнүгө тургандыгын айтууга болот.

Ишмердүүлүк адамдын алдында турган максатты канааттандырууга багытталган иш – аракетке, физикалык жана психикалык кыймылга келүүсүнө, кыймылга келүүгө багытталган эрктүү жана эрксиз таасир этүүлөргө, максаттын баалуулук системасына (про-

дуктивдүүлүгүнө) жараша уюштурулат. Кыймыл, адамдын организимине мүнөздүү болгон, мотордук функция. Ал, адам баласы төрөлгөндөн баштап эле пайда болуп, жашоо үчүн керектелүүчү иш - аракеттерди пайда кылып турат. Мисалы, жаңы төрөлгөн бала жарыкка келүү менен ыйлап, колу бутун кыймылдатып (арбаңдатып), шартсыз рефлекстерди жаратат. Натыйжада баланын колу, буту абага урунуу менен өзүнөн – өзү эле кармоого багытталган кыймылдарды жаратат. Мындай жагдайдын жаралышын биз, кармоо кыймылын жаратуучу стереотиптердин негизинде пайда болуп жаткандыгын билебиз. Баладагы мындай функциянын улам кайталанышы көнүгүү этабын жаратат. Ал, 2,5 тен 4 айда калыптанып, максатты канаттандырууга багытталган шартуу рефлекстин толук калыптангандыгын түшүндүрүп турат.

Ошентип адам баласынын кыймылы эки группага бөлүнөт: тубаса берилген (шартсыз рефлектордук) жана калыптанган (шарттуу рефлектордук) болуп. Изилдөөлөргө таяна турган болсок, адам баласынын кыймылы жашоонун социалдык шартында, шарттуу рефлектордун негизинде пайда болот. Айрым гана моменттер баланын ыйлашы, көздөрүн ирмеши ж.б. учурлар тубаса берилген шартсыз рефлектор аркылуу дагы пайда болот.

Адамдагы *таасир этүүнүн* жаралышы, кыймылды пайда кылып жаткан күчкө көз каранды.

***Таасир этүү дегенибизде*** *– кандайдыр бир таанылып жаткан максатка жетүү үчүн белгилүү бир убакыттын аралыгында аткарылып жаткан жумуштагы иш - аракеттин аткарылышын айтабыз.*

Эң жөнөкөй кыймыл болуп, баланын тамакты кашык менен ичиши, колун самын менен жуушу, колун сүлгү менен аарчуу учурларда пайда болот. Айрым учурларда, *таасир этүү* - предметтерге эле көз каранды болбостон, аны курчап турган чөйрөгө да жараша пайда болот. Мындай иш – аракеттен пайда болгон кыймылдар, адамдын жашоосундагы *поступкаларды, жүрүм – турумдарды* пайда кылат. Натыйжада, жүрүм – турум коомдун талабына жараша кыймыл аракеттин этикасын, моралдык нормасын, социалдык, саясаттык эрежелерин пайда кылат. Алардын аткарган иш-

мердүүлүгүнө жараша, ар бирине *баа* берилип, бири - экинчисинен айырмаланат.

Психологияда физикалык (предметтик, мотордук) таасир этүү (действия) жана акыл иш – аракетиндеги (ички психикалык) таасир этүү деп экиге бөлүнөт. Орус психологдору Л.С.Выгодский, А.Н.Леонтьев, П.Я.Гальперин ж.б. изилдөөчүлөр акыл иш – аракет менен пайда болгон таасир этүү, биринчи сырткы чөйрөдө ( предмете) пайда болуп, улам кайталануунун негизинде акырындык менен ички (психикалык) иш – аракетке өтөт дешкен. Мындай психикалык иш – аракетти ***интериоризация*** деп айтылат. Мисалы, бала эсептөөнү, колунун манжалары менен, таякчалар менен эсептеп үйрөнсө, кийин эсептегенди, тамгаларды окуганды логикасында эсептеп, окуй баштайт. Ошентип таасир этүүнүн психикалык мыйзамында балада (адамдарда) үйрөнүү пайда болот. *Таасир этүү* айрым учурларда ички психикалык иш – аракеттен, сырты (физикалык) иш – аракетке берилип, сырткы механикалык ишмердүүлүктү пайда кылуу менен кыймылды жаратат. Мындай иш – аракеттерди ***экстериоризация*** – деп айтабыз.

Адамдардагы акыл иш – аракеттин деңгээлиндеги ишмердүүлүк, адамдын индивидуалдуулугуна, эрктик сапатына, жөндөмдүүлүктүн активдүүлүгүнө жараша өнүгөт. Ошону менен бирге ишмердүүлүктүн жаралышы адамдын керектиктерин канааттандырууга багытталган *максатка* жана *мотивдин уюштурушуна* да жараша болот.

*Максат дегенибизде* – ишмердүүлүктүн жыйынтыгын көрсөтүүчү керектиктин канаатандырылышындагы психикалык иш – аракеттин бир формасын айтабыз. Максаттын аткарылышы, мотивдин уюштурулушуна, психикадагы чыгармачылыктын жаралышына жана ошондой эле адамдын чаалыгып - чарчашына (утомление) жараша аткарылат. Булар бирин – бири кубаттап, толуктап турушат. Айрым бир кемчилдиктерди коррекциялап дагы турат. Айтылган факторлордун өз – ара катышы ишмердүүлүктөгү *жетектөөчү ишмердүүлүктү* жаратат.

***Жетектөөчү ишмердүүлүк***: максатты канааттандырууга карата ишенимди, көз караштары, иш – аракеттин аларга болгон мамилесин пайда кылып, ишмердүүлүктүн активдешине шартты түзүп

турат. Мындай шарттын жаралышы иш - аракеттин чыгармачылыгын жогорулатып, адамдын чарчап – чалыгуусун төмөндөтөт. *Ошентип,* ***ишмердүүлүк*** *дегенибизде* – адамдын ички дүйнөсүндө жаралган керектикти канааттандыруу үчүн пайда болгон ички (психикалык) жана сырткы (физикалык) активдүүлүктүн иш аракети менен, керектүү максатты канааттандырууга багыталган иш аракетти айтабыз.

Эгерде ишмердүүлүктү ушул тегиздиктен карай турган болсок, ал ишмердүүлүктү пайда болушун шарттаган активдүүлүк, максаттын болушуна жараша пайда болот. Айрым учурларда таанууга мүмкүн эмес болгон обьективдүү дүйнөнү дагы таанууга шарты толук болбосо дагы, максатты жарым – жартылай канааттандырып, анын мотиви экинчи иш – аракеттин пайда болушундагы активдүүлүктү камсыздап турат. Мисалы, мектепке чейинки балдарда оюн ишмердүүлүгү, дайым эле максаттуу боло бербейт. Андай учурларда бала максатсыз ишмердүүлүктөрдү жаратып ойногон учурлар да кездешет. Бала эмне ойноп жаткандыгын өзү дагы билбейт, бирок оюун азартуу жүрөт. Ал эми кенже мектеп окуучуларында пайда болгон окуу ишмердүүлүгүнүн максаты даана болсо да, айрым бир физиологиялык, физикалык мүмкүнчүлүктүн жетишсиздиги максаттуу иш аракеттерди максатсыз оюун ишмердүүлүгүнө айландырып жиберген учурлар кездешет. Башкача айтканда, окуу ишмердүүлүгү оюн ишмердүүлүгүнө өтүп кеткен учурлар болот. Ушундай өзгөчөлүктөр өспүрүмдөрдө, жогорку класс окуучуларында дагы кездешет.

Мында иш аракеттер активдүүлүкө эле жараша боло бербестен, айрым учурларда аң – сезимсиз иш аракети менен дагы жүрүп, адатка айланып калган: басуу, сүйлөө речи, кат жазуу, музыкалык инстурменттерде ойноо, автомобилдерди башкаруу ж.б. учурда кеңири байкалат. Мындай учурларда, коомго жат көрүнүш болгон, иш - аракеттерди дагы айтууга болот: психикалык (оң, тескери) абалдар, адамдын өзүн башкара албай калган учурдагы кыймыл аракеттер, сүйлөө, аффект, эгоистик, коомго жат көрүнүш болгон иш – аракеттин жүрүшү менен мүнөздөлөт. Мындай абалдар, кыргыз маданиятында мындай деп айтылат. Коомдук норманы бузганда: “ көзүн май басып калуу”, “кудайын таанымбай калуу” ж.б. –

деп айтылат. Мындай иш - аракеттер адамдын ички (психикалык), сырткы (физикалык) ишмердүүлүгүндөгү активдүү жана пассивдүү иш аракеттери менен дагы мүнөздөлөт.

Ошентип, а*ктивдүү ишмердүүлүк дегенибизде* – бул адамдарга таандык болуп, белгилүү бир максатты канааттандыруу учурундагы жөндөмдүүлүктүн абалы жогорулап, аткарыла турган жумуш майда бөлүктөргө бөлүнүп аткарылып, ийгиликке жеткен учурду айтабыз.

Ал эми, *пассивдүү ишмердүүлүк* – жаныбарлар дүйнөсүндө (адамдын аң – сезимсиз абалында, инстинкттик жүрүм – турум учурунда) жашап, бир жактуу гана максат канаатандырылат. Мындай ишмердүүлүктүн булагы жаратылыштан жана генден берилген жөндөмдүүлүк болуп саналат. Ал эми активдүү ишмердүүлүк дайым эле генге байланыштуу боло бербестен, билимге, талантка, шыкка, жаңы жаралууларга ж.б. байланыштуу өсүп – өнүгүп турат. Ошондуктан адам баласы, коомдук керектикке карата, көп жаңы жаралууларды (иш - аракетерди) пайда кылып, жумуштун аткарылышына ынгайлуулуктарды жарата алышат.

## § 5.2. Ишмердүүлүктүн функциялык компоненттери.

Ишмердүүлүк жаралуу өзгөчөлүлүгү боюнча, жумушту аткарып жаткан адамдагы: *билимге, көндүмдөргө (умения), ык-жөндөмдүүлүккө (навыка) жана адаттарга (привычкага)* мүнөздүү болгон психиканын иштөө системасына жараша болот. Канчалык бул өзгөчөлүктөр өз – ара бирин – бири кубаттаган абалдарга ээ боло турган болсо, ишмердүүлүк ошончолук активдүү болот. Бул өзгөчөлүктөрдү өзүнчө карайлык.

**5.2.1. Билим.** Адам баласындагы билим, биринчи жолу дүйнө тарабынан адамдын сезүү жана кабыл алуу психикалык процессине таасир этип жаткан предметтердин жана маалыматтардын образдарын баш мээде жаратуу менен, ал дүйнө туурасындагы керектүү маалыматтар жөнүндө өз – ара байланышкан анализ – синтездер жүргүзүлүү менен, билимди пайда кылат. Адамдын туюу орган-

дарынын иш – аракети менен баш мээдеги иштелип чыккан маалыматтар, ал маалыматтар жөнүндөгү түшүнүктү жана таанууну пайда кылат. Ал формадагы билим эс процессинде сакталып, алар жөнүндө билимди клылптандырат. Билимдер кандай гана формаларда (жалпы көрүнүштө же абстрактуу түшүнүктөрдө) болбосун, алар адамдын ишмердүүлүгүн башкарып турат.

Билим, билимди жаратуу үчүн пайда болбойт, ал адамдын жүрүм – турумун кеңейтип туруучу жумуштун системасын пайда кылып, керектүү маалыматтын маңызын ачып көрсөтүүчү, тереңдетилген таасир этүүчү иш аракетти жаратуучу ишмердүүлүк үчүн жаралат. *Билим* менен ишмердүүлүктү жаратуучу *таасир этүү* өтө тыгыз байланышта экендигин мисалда карап көрөйлүк. Мисалы, Чоңдордо да, балдар да претметтерге таасир этүү бирдей болгону менен, бул процессти ишке ашыруудагы иш – аракет билимге салыштырмалуу эки башка убакытта, сапатта аткарылат. Билим, адамдын аткара турган жумушуна коррекцияларды киргизип, толуктоолорду жана алымчалардын эсебинен ишмердүүлүктөгү активдүүлүктү жана пассивдүүлүктү жаратуу менен жумуштун маңызын ачат. Эгерде тааныш эмес маалыматтарга туш келе турган болсок, ал жумушту аткаруу үчүн, кааласак да, каалабасак да ал маалымат жөнүндө түшүнүк алып, ал жөнүндө ойлонуу үчүн билимден жардам алабыз. Ошондуктан айтууга болот, билимсиз *ишмердүүлүктүү* жаратууга болбойт.

**5.2.2. Көндүм жөнүндө жалпы түшүнүк.** Ишмердүүлүктү жаратууда адам баласы билим менен көндүмгө муктаж болуп турат. Айрым бир изилдөө жыйынтыктарга таяна турган болсок, көндүм бул билимдин иш жыйынтыгы деп айтылса, айрым изилдөөлөрдө көндүм бул билимден мурда пайда болуучу психикалык процесс деп белгилешет. Анткени ишмердүүлүктө көндүм өтө көп кырдуу жана ишмердүүлүктүн көп түрүндө кездешүүчү процесс.

*Көндүм дегенибизде* – ишмердүүлүктүн белгилүү бир иш – аракетиндеги эң кичинекей элементерине чейин дагы аткарууда кездешүүчү көп деңгээлдүү иш – аракеттин адатка айланган формасын айтабыз.

Көндүмдүн адатка айланышы, адамдын ошол жумушту аткаруудагы чеберчиликти жаратат. Бул өзүнөн өзү эле пайда болуп

калбайт. Аны үчүн ал жумуштун үстүнөн кайталоолорду, көнүгүүлөрдү өткөзүп, көндүмдүн деңгээлине чыгаруу керек. Эгерде ушул иш – аракеттерди калыптандыра турган болсок, көндүм чеберчиликти жаратат. Мындай иш – аракееттин жаралышы адам баласынын шарттуу рефлексине мүнөздүү болгон подражаниясына жараша болот. Аны үчүн адамдын физиологиялык организими дагы мааниге ээ. Ал кесипке, жыныска, жашка, улуттук маданиятка жараша өнүгөт.

**5.2.3. Ык – жөндөшмдүүлүк (навык) жөнүндө түшүнүк.** Адам баласы коюлган максатты, жогорку кваликациялык иш – аракетте аткара турган болсо, ал ык –жөндөмдүүлүктү жаратат. Мындай аткарылган иш – аракеттер автоматташтырылган ык – жөндөмдүүлүктү пайда кылат. Ык – жөндөмдүүлүк негизинен көп элементти өзүнө камтыган, аңдап таанылган таасир этүү. Мисалы, бала биринчи класска барганда санды - саноо, тамгалап окуу сенсордук негизде жүрүп, андан аларды аңдап - таануу менен, ал элементтерди бирине экинчисин кошуу аркылуу санды санга кошот жана тамгаларды урунуштуруп сөздү жаратып берилген маалыматтын маанисин тааныйт. Бул учурда бала берилген маалыматты майда бөлүктөргө бөлгөндүн ордуна, аларды синтездөө менен баш мээсинде бүтүндүлүктүү жаратуу аркылуу ык – машыгууну калптандырат. Мындай процесстер, рефлектордук жана логикалык кайталоолордун негизинде жаралат. Таасир этүү кайталоонун негизинде ык – жөндөмдүүлүкө өтүп, аң сезимдүү мазмунга ээ болгон автоматташууну пайда кылат. Адамдын кыймылын тормоздоодогу дифференциялоо жаңы багытагы кыймылды пайда кылуучу козголууларды жаратат. Натыйжда, шартуу рефлектордук реакция жаралып, аңдап таануунун убактысын, ашыкча кыймылдарды азайтат.

**Ык – жөндөмдүүлүктүн түрлөрү.** Ык – жөндөмдүүлүк негизинен төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт: кыймылдуу ык – жөндөмдүүлүк; ойлонулган ык – жөндөмдүүлүк; сенсордук ык – жөндөмдүүлүк; жүрүм – турумдук – жөндөмдүүлүк. Ушулардын ичинен ишмердүүлүктө *кыймылдуу ык – жөндөмдүүлүк* кеңири колдонулат. Иштелип чыккан кыймылдуу ык – жөндөмдүүлүк, ишмердүүлүктүн иш - аткаруу структурасын өзгөртөт. Иш – аракет сезүү анализаторлор (көрүү, угуу, тери сезүү ж.б.) түздөн – түз башка-

рылып аткарылып жаткан жумуштун эффективдүүлүгүн жогорулатат. Адамда кинестетикалык ( сезүүнүн кыймылы) механизм так кыймылдарды жасоодогу коррекцияларды пайда кылат. Мисалы, комузда ойноодо, лаборант компьютерде жазганда, пианист ойногондо инструменттердин кылына, тамгаларга карбай ойной жаза алышат. Мындан байкоого болот, сенсордук анализаторлор бирин, бири кубаттап кыймылдын так жаралышына шарт түзүп турушат. Мисалы, угуу көрүүнү башкарса, көрүү тери сезүү анализаторду башкарууга жетишүү менен автоматташкан ык – жөндөмдүүлүк пайда болот.

Эгерде ушул тегиздиктен карай турган болсок, аналитикалык (таасир этүүнүн элементтерин майда бөлүктөргө бөлүп, ар бирине маани берүү) синтездөөгө (анализденген элементтердин жалпылык белгисине карата бүтүн бир таасир этүүнү таануу) өтүү менен кыймылдын автоматташуусун (кыймылдын жүрүшүнө маани берүү менен убакыты тездетип, оорчулукту жеңилдетүү) жаратат. Ык – жөндөмдүүлүктүн ишкиликтүү болушу, обьективдүү жана субьективдүү жашайт. Обьективдүүлүк болушу аткарыла турган жумуштун жаратылышына, ал жумуштун аткарылуу абалына (шартына), жумуштун уюштурулушуна жараша болот. Субьективдүү болушу, адамдын жумушту аткаруу учурундагы физиологиялык жана психикалык абалына жараша болот. Физиологиялык абалы: ден – соолука жана чарчашына (утомление) жараша болсо, психикалык абалы: аткарыла турган жумушка карата жасаган мамлеге, өзүнүн күчүнө ишенүүгө, учурдагы көңүлүнө жана ык – жөндөмдүүлүктүн динамикасына жараша болот.

*Ойлонулган ык – жөндөмдүүлүк*. Мында акыл иш – аракет менен аткарылган ык – жөндөмдүүлүктү түшүнүүгө болот. Практикалык турмушта чиймени окуу, китептен конспекти түзүү, лекция жазуу, үн чыгарып жатто, керектүү учурда ык – жөндөмдүүлүктү пайда кыла турган дедиктивдүү жана индиктивдүү ой кортундулоо менен ишке ашат. Мындагы негизги өзгөчөлүк болуп, иш – жөндөмдүүлүктү жаратуудагы керектүү маалыматтарга карата көңүлдүн бөлүнүүчүлүгү жана концентрациясы чоң мааниге ээ. Алар жумуштун так аткарылына коррекцияларды жүргүзүп, тактыкты камсыздайт. Ал эми байкамдык жана монологдук речь дагы ык –

жөндөмдүүлүктү башкарып, убакыттын үнөмдөлүшүн камсыздап, керектүү ушуларга байланыштуу болгон стереотиптерди жаратып маалыматтардын поропорциясы боюнча топтолушун камсыздап турат. Ушул иш – аракеттин адамдагы каптанышы, ал адамдагы инсандык сапаттарды дагы аныктоого шартты жаратат. Ушул ишмердүүлүкө карата адам бааланып, бири экинчисинен айырмаланат.

*Сенсордук ык – жөндөмдүүлүк.* Сенсордук ык – жөндөмдүүлүк дүйнөнү таанууга багытталган анализаторлордун (көрүү, угуу, даам татуу, жыт сезүү жана тери сезүү) иш – аракети менен байланышкан ички психикалык ишмердүүлүк менен өз ара аракеттенишип, максатты канааттандыруу үчүн кыймыл аракетке келген психикалык жана сырткы физикалык жактан кыймылга келүүнү айтабыз. Мисалы, угу анализатор үндүн угуп, образдуу ойлоонун иш – аракети аркылуу тамганы жаратып, тамгалардын тизмеги аркылуу сөздүн маңызын жаратат. Мында, сенсордук ык – жөндөмдүүлүк адамдын билимин жогорулатып, аткарыла турган жумушту активдештирет. Ошондуктан ишмердүүлүктүн сенсордук ык – жөндөмдүүлүгү бир канча кайталоо, көнүгүүлөр аркылуу адам дүйнөлүк чындыкты таанууга жетишет.

*Жүрүм – турумдагы ык – жөндөмдүүлүк*. Жүрүм – турумдагы ык – жөндөмдүүлүк негизинен адамды личность катары калыптандыруучу кызматты аткарат. Адам баласы жашоого карата көнүгүүлөрдү жасоо аркылуу, жүрүм – турумду коомдук талапка ылайыктуу келген этикалык нормативтерди жаратат. Натыйжада адамда бир канча жүрүм – турумдун формалары пайда болот. Мисалы, саламдашуу, социалдык шартка жараша бир кача формага ээ болот. Майрамдардагы саламдашуу; сабак учурундагы саламдашуу; кайгылуу күндөгү саламдашуу; күндөлүк турмуштагы саламдашуу ж.б., болуп адамдын жүрүм – туруму шартка жараша ар түрдүү болот. Бул ык – жөндөмдүүлүк адамдын ички психикалык абалына жаратуу менен, адамдын жүрүм – турумун башкарган билимди жаратып, жөндөмдүүлүктү пайда кылат. Мисалы, бала улам кайталоо аркылуу таза жана сулуу жазууга жетишет; тез окуй баштайт; дүйнөнү тарыхый жана географиялык жактан таанып, аалам жөнүндө маалымат алат ж. б.

Орус психологу М.Н. Шардакованын изилдөөсүндө, ык – жөндөмдүүлүктүн түрлөрү өздөрүнчө жашабастан алар бирине – бири таасир этип, өз ара аракетенишүү менен бир системадагы жумушту аткарышат. Эгерде бул түшүнүктөрдү мындан ары дагы тереңдете турган болсок, ык – жөндөмдүүлүктүн түрлөрү бири – бирине таасир этүү менен адамдын жумушчу органдары көнүгүү абалына өтүшө. Мисалы, оң колу менен жазган бала бир канча көнүгүүлөрдү жасоо менен, сол колу менен дагы жазганды үйрөнөт. Ушундай эле мисал, хирург врач бир канча көнүгүүлөрдү жасоо менен сол колу менен дагы опреация жасай баштайт. Чет тилдерин үйрөнүү деле ушундай психологиялык көнүгүүдөн кийин, өз тилине караганда чет тилин жакшы сүйлөй баштайт. Бирок мындай ык – жөндөмдүүлүк адамдын психикалык абалына жана жүрүм – турумдун ийкүемдүүлүгүнө жараша болот. Мындай оң жана тескери таасир этүүлөрдөн пайда болгон жүрүм –турумдун ык – жөндөмдүүлүгү ***интерференция*** деп аталат.

*Интерференция деп - жалпы мүнөзгө ээ болгон, бир кубулуштан экинчи кубулушка өттүүгө мүмкүндүк берген ык – жөндөмдүүлүк.*

Бул интерференциялык кубулуштар бардык улуттук маданиятта өз мыйзам ченемдеринде пайда болот. Мисалы, кыргыз маданиятындагы билим берүүнүн мыйзамында 30+2=32 деп айтылат жана ошондой деп түшүнөбүз. Ушул эле мисалды немец маданиятындагы билим берүүдө көрсөтө турган болсок 2+30=32 окулат жана алар ушундай деп түшүнүшөт. Муну бизче (кыргызча) 23 деп түшүнүп алмакбыз. Ошондук интернеттеги сөздүктөр менен иштегендиктен ушул эреженин негизинде так которулбайт. Мугалимдер дагы окуучуларга өз бет алдынча иштөөгө тапшырманы бергенде, алмаштырбай класста иштелген эреже боюнча иштөөнү сунуштайт.

***Ык – жөндөмдүүлүктөгү адат (привычек).*** *Адат дегенибизде – керектикти канааттандырууга багытталган аң – сезимсиз айрым учурларда аң – сезимди аткарылган жүрүм – турумдун элементин же иш – аракетин айтабыз.*

Кыскача айтканда, адатты – керектикти канаат- тандыруудагы таасир этүүчү кубулуш деп айтса да болот. Мисалы, балада гиге-

никлык мазмундагы адаттар: тамактануунун алдында колун самын менен жушу; уктаардын алдында тишин жуушу. Бирок, баланын инсан болуп калыптанышында бул аздык кылат. Анткени **адат,** адам баласын белгилүү бир обыраздарга калыптандырган психикалык фактор. Эгерде ык – жөндөмдүүлүк белгилүү бир көнүгүүлөр менен инсанды бир багытка көрсотмө берсе, адат эч бир тоскоолдуксуз ал адамды ошол сапатты көздөй өнүктүрөт. Ошондуктан балдарды инсан катары калыптандырууда, балдардын жүрүм – турумунда күндөлүк жашоо эрежелери, анын графиктери, жүрүм – турум маданияты, жашоого карата болгон көз караштары оң жагына өзгөрөт. Эгерде адатка тиешелүү эрежелер колдонулбай турган болсо, анда адат аткарылбай инсанды калыптандыруучу сапаттар өз таасирин бере албайт. Ушул жөнүндө байыркы индиялык макалга көңүлүңөрдү бурам: “Посеешь поступок – поможешь привычку, посеешь привычку – поженишь характер, посеешь характер – поженишь судьбу”. Муну кыргызчалай турган болсок: “ Эгерде поступканы себе турган болсоң – адатыттын пайда болушуна жардам бересиң, эгерде адаптты себе турган болсоң – мүнөздүн калыптанышына жардам бероесиң, эгерде мүнөздү себе турган болсоң – тагдырыңа жардам бересиң”.

К.Д.Ушинский: “Качан адам иштеп жаткан ишиңен бошоп, иштебей калган мезгилде, ал адамдын башында ойлонгон ою калбай, башы айланып эмне кылаарын билбейт, ошол мезгилде адамгерчилиги жоголуп, эмне кылаарын билбей калган учур болот” – деген. Эгерде ушул тегиздиктен капрай турган болсок ык – жөндөмдүүлүк жана адат, инсанга мүнөздүү болгон мүнөздү жаратат. Эгерде жакшы калыптандырган адат боло турган болсо, ал адамдын ишмердүүлүгүн өнүктүрүп, окуу материалдарды өздөштүрүүгө өз салымын кошот.

## 5. 3. Ишмердүүлүктүн түрлөрүү

Ишмердүүлүк негизинен үчкө бөлүнөт: оюн, окуу жана эмгек болуп. Алардын ортосундагы айырмачылык болуп, аларга коюлган мотивке, эмгектин уюштурулушуна жана аткарылган жумуштун жыйынтыгына жараша айырмаланышат. Мотив бардык ишмер-

дүүлүктүн түрүндө бирдей жаралган болсо, эмгектин жыйынтыгы ар башка жыйынтыкталат. Оюнда жыйынтыктын баасы эки жактуу болот. Коомдук жагдайда башка, социалдык шартта башка. Окуу ишмердүүлүгү, эмгек ишмердүүлүгүнө даярдык планындагы ишмердүүлүктүн бир түрү катары каралат.

Эмгек ишмердүүлүгү кандайдыр бир милдеттин жагдайын уюштуруу планындагы иш аракеттин формасы. Жыйынтыктап айтканда, азыркы биз карап жаткан маселенин негизи адам баласын жетектөөчү ишмердүүлүктө жатыш керек. Алсак, оюу ишмердүүлүгү мектепке чейинки балдардын ишмердүүлүгүндө жашаса, окуу ишмердүүлүгү мектеп жашындагы балдарды жетектеп, окууга карата болгон иш – аракетти активдештирет. Эмгек ишмердүүлүгү чоң адамдарды эмгекке карата багыт берип, эмгектин маңызын ачып көрсөтүүдө негизги жетектөөчү кызматты аткарып, эмгектин баасын чыгарат. Ошондуктан ишмердүүлүктүн түрлөрүн адамдын психикасындагы жашаган ордуна, аткарган функциясына, жашоо мыйзам ченемдерине карата ар бирин өзүнчө карайлы.

*Оюн ишмердүүлүгү*. Оюндун жаратылышына маани бере турган болсок ал төмөндөгүдөй анализге ээ болот. Ушул багыттагы изилдөөлөргө таяна турган болсок, оюн бул биологиялык жана социалдык факторлор катары каралат, башкача айтканда ген аркылуу берилген оюн ишмердүүлүгү социалдык фактордо өрчүндөйт. Ал жаныбарларда да, адамдарда жашайт. Мисалы, оюнга карата болгон ишмердүүлүгү биологиялык активдүүлүк аркылуу психикалык жана физикалык активдүү кыймылды жаратса, бул иш – аракеттер социалдык факторлор аркылуу өнүгөт. Мисалы, кыймылдуу оюндар (жүгүрүп, секирип, дене түзүлүштөрүн кыймылдатып белгилүү бир мазмунду көздөй кыймыл аракетке келип ойноо), сюжетик оюндарда (үй – бүлөөдөн көрүнгөн ата – эненин ролунда ойноо, бала – тарбиячынын ролундагы оюндар, жетекчи менен кызматчынын ролундагы) ойнолгон ролдук позицияларды айтууга болот. Мындагы негизги өзгөчөлүк болуп, ал оюндун ролдук позициясына карата аларга жаратылыштан, коом тарабынан берилген: статусту (кызмат орунду); кызмат тардагы жүрүм-турум эрежелерди; алардын биринен - экинчисинин айырмачылыгын көрсөтүүчү образдарды жарата алат. Мындай оюндар аркылуу жашоонун ситуация-

лык абалдарына жараша ролдук позитциядагы баланын абалынын өзгөрүү элементтерин так аткарууга аракеттенген жумуштардын жасалышы менен, оюн балдарга турмуштагы чындыкты таанууга калыптандырат. Экинчиден балдарды инсан катары өнүктүрүүнүн булагы катары кароого болот. Үчүнчүдөн оюнду уюштуруудагы каражаттардын таасирине жараша бала өзү дагы ошол буюм теримдерге карата манипуляцияланып (ыкташып), чындыктан алыс жаткан образга кирүү менен дүйнөнүн жалган көрүнүшүн чындык катары жаратып жиберүү баланы чындыктан алыстатып жиберген учурлар дагы кездешет.

Мындай оюндагы ишмердүүлүк баланын элестетүү процессиндеги психикасын өнүктүрүүдөгү логикасын калыптандырып, дүйнөнүн көрүүгө мүмкүн болбогон элементерин фантазия аркылуу таанууга жетишет. Б.а., баланын акыл ишмердүүлүгүнүн өсүшүнө негиздеме берет. Ушул сыяактуу баланын акылын өнүктүрө турган көптөгөн оюундарды айтууга болот. Аларга стол үсүндө ойнолотурган оюундар (шахмат, шашки, домино, карта, сюжеттүү сүрөттөрдү жайгаштыруу, оюнчук хоккей, футбол ж.б.); спорт багытындагы кыймылдуу оюндар, этникалык оюндар, адабияттагы жанрдагы ролдук позициядагы оюндар ж.б. айтууга болот. Мындан айтууга болот, оюн бала үчүн убакытты өткөрүү, оң эмоцияны (стеникалык) жаратуучу процесс гана болбостон, өз жаш курагына жараша алдында турган проблемаларды ийгиликтүү чечүүчү ишмердүүлүктү жаратат. Мисалы, балдардын кокустуктан чыгуу же аны болтурбоонун жолун издөө планында, баланын чыгармачылык менен ойлоосун изилдөө үчүн, орус психологу профессор В.В. Петровскийдин (А.В.Петровскийдин баласы) оюн багытындагы “кокустуктан чыгуу” (риски) экспериментине байкоо салалы. Оюндун шарты: (Оюнга беш жашар балдар алынган, оюн стол үстүндө ойнолот.) Оюнчук поезд, рельсте кетип баратса, рельс экиге бөлүнөт, поезд кетип бараткан рельс түгөнүп, аны экинчи рельске салбаса, кыйроого учурап, авария болот.

Баланын милдети: поезд аварияга учурабаш үчүн поезддин рельсин биринчи жолдон чыгарып экинчи жолго кошуу. Ал жүрүп келе жаткан поезд белгиленген жерге келгенде гана бала поезд келгиче үлгүрүп экинчи жолду камсыз кылыш керек. Эгерде үл-

гүрбөй поездди өткөрүп жиберсе, поезд кыйрап аварияга учурайт. Эксперимент үч жолу кайталанат. Эгерде тапшырманы так аткарса, балдарга бирден ошол мезгилдеги өтө таттуу, кымбат баалуу шоколад конфет берген. Айрым балдар тапшырманы так аткарып, шоколады жешсе, айрымдары тапшырманы аткара албай жебей калышкан. Экспериментти экинчи жолу кайталганда тапшырманы так аткарган балдарга бир аз гана бала кошулган. Экспериментти үчүнчү жолу кайталаганда, үлгүрүп релисти экинчи жолго кошо албаганга көзү жеткен (реакциясы төмөн болгон) балдардын айрымдары, поездди кыйроодон сактап калып ал дагы шоколад жеш үчүн поезд белгиленген жерден өтүп кетип, кыйроого учураардын алдында жөн эле бала колу менен поездди кармап туруп аварияга учурабай турган рельске коюкп коюшкан.

Мындан эмнени байкоого болот. Бала оюндун шартындагы рельсти экинчи рельске кошуу аркылуу авариядан поездди сактап калууда, дагы экинчи жолдун бар экендигин таанып, кыйроого учурабай турган рельске коюп, поездди кол менен деле сактап калса боло тургандыгын көрсөтүп, “чыгармачылык менен ойлоо”, оюн ишмердүүлүгүндөгү жетектөөчү ишмердүүлүк боло ала тургандыгын көрсөткөн. Мындан оюн ишмердүүлүгүндөгү баланын психикасын өнүктүрүүдө баланын оюнду жетектөөчү ишмердүүлүктү чыгармачылык менен ойлоо аркылуу дагы уюштура алгандыгы менен баалана тургандыгын айтууга болот. Оюн балага билимди, көндүмдү, ык – жөндөмдүүлүктү жана үйрөнүү адатты жаратуудан сырткары дагы баланы жетектөөчү ишмердүүлүктүн бир элементи болгон чыгармачылык менен ойлоо дагы оюун ишмердүүлүгүн активдештирет.

Ошентип, *оюн ишмердүүлүгү дегенибизде: - оюн жана эмгек ишмердүүлүгүнө негиз бере турган процесстерди, физикалык жана психикалык кыймылдарды жаратуучу ык – жөндөмдүүлүктүн иш – аракетин айтабыз*.

Оюн ишмердүүлүк ир эле балдарда эле жашабастан чоң адамдарда жашап, жетектөөчү ишмердүүлүк дүйнөдөгү таанууга мүмкүн эмес болгон чындыктарды жаратып келет. Мисалы, технеикалык идимде, биринчи чындыктын макети жаралып анан ал техникалык каражаттардын өзү жаралат ж.б.

Ишмердүүлүктү матералисттик негизде биринчи- лерден болуп негиздеген орус психологу А.Н.Леонтьев оюн ишмердүүлүгүнө чоң маани берип, ал адамдын ишмердүүлүгүн башкарууда бир катар функциядан тура тургандыгын белгилеген: оюн ишмердүлүүгүнүн креативдик (ачык) психологиялык (релаксациялык) функциясы, социалдык функциясы (белгилүү бир рамкадагы норма) функциясы, физикалык (физикалык потенциалын жана мелдештерди көтөрүү) функциясы.

Эгерде ушул функциялар ирети менен жумушта колдонула турган болсо, булар билим алуу планындагы ишмердүүлүктү жарат. Мындай билим социалдык фактордун негизин түзүп турган табигый керектиктин негизинде пайда болот. Б.а., бала чөйрөдөн эмнени көрсө, ошого маани берип, керектиктин баасына жараша жетектөөчү ишмердүүлүктү жаратып турат.

Орус психологу К.К.Платонов өзүнүн экспиди- циясында тынч океандын бир аралында жашаган элдердин балдарына куурчак оюнчугун ойногону берсе, ал балдар ал оюнчук менен ойногонду билген эмес. Ошондуктан ал куурчак балдарды кызыктырбаган. Окумуштуу изилдөөчү куурчак менен ойногонду балдарга үйрөткөндөн кийин балдар ойноп калган. Бирок бир аз убакыттан кийин кыздардын куурчактан кызыкчылыгы кетип, ойнобой коюшкан. Көрсө, ал жердин жашоо маданиятында аял менен эркектин социальдык функциясы алмашып калган. Башкача айтканда аялдарда азык оокатты таап келүү функциясы болсо, эркектер балдарды кароо фунциясын аткарышат экен. Мындан көрүнүп тургандай оюн ишмердүүлүк адамдардын жашоосундагы социалдык ролдук функцияга жараша активдүүлүкө ээ боло тургандыгын көрүүгө болот.

Оюндун социальдык функциясы оюндагы башка киративдик, релаксациялык, психикалык жана физикалык функциялар менен бирдикте мамиледе болуу менен, алар бирин – бири кубаттоо аркылруу белгилүү бир жумушту аткарууга жетишет. Пактикалык турмушта ишмердүүлүктү максаттуу канааттандырууда ушул эрежелер ирети менен колдонулуп жумуштун атаралышы, жумуштун эффективдүү атккарылышына өбөлгө түзүп турат.

## 5.4. Окуу ишмердүүлүгү

Окуу ишөмердүүлүгү төмөнкүдөй түшүнүктөр менен коштолуп турат: үйрөнүү (научение), окуу (обучение), окуу ишмердүүлүгү. *Үйрөнүү* - биологиялык мүчөлөрдүн система- сындагы жумушчу органдардын иш – аракети менен каалаган жумушту аткарууга карата пайда болгон ички психикалык, сырткы физикалык процессти айтабыз. Мындай ишмердүүлүк, адамдарда, жаныбарларда жашайт. Үйрөнүү кыймылдуу иш – аракетинин улам кайталануусу менен пайда болуп, айрым учурларда аңдап таанууга мүмкүн болбогон иш – аракеттерди дагы таанууга жетишет.

*Окуу* - адамдын жашоосун активдештирип, аны өнүктүрүүдө негизинен бири – бири менен байланышкан ишмердүүлүктүн билиминдеги ролду аткарышат: окуу биринчи жолу тарыхый коомдук ык – жөндөмдүүлүктөрдү кийинки муундарга өткөрүп берүүчү иш – аракетин аткарса, экинчи ролдук позицияда окуу тарыхый – коомдук иш – аракеттерди өркүндөтүү планындагы ишмердүүлүктү жаратат. Эгерде бул иш – аракеттерге маани бере турган болсок окуу, ишмердүүлүктүн максаттуу багыттарын жаратып, жумуштун маңызын таанууга көрсөтмө берип турат. Ошондуктан үйрөнү дайыма эле үйрөтүүчүгө эле көз каранды болбостон, үйрөнүп жаткан адамдын солиалдык шартына, курчаган чөйрөсүнө, коомдун деңгээлине да жараша өнүгөт. Мисалы, бала бакчанын, мектептин, колледждин, университеттин жалпы билим деңгээлине дагы жараша пайда болот. Ал эми үйрөтүүчүнүн ролуна ата – эне, чоң адамдар, окутуучу - мугалимдер, чакырылган адистер, өзүнүн басып өткөн тарыхын айтып берген коомдун алдынкы адамдары болушат. *Окуу ишмердүүлүгү* – ошол гана окуп үйрөнүп жаткан иш – аракетке таандык болуп, аткарылып жаткан жумуштун мазмунун мүнөздөп туруучу процесс. Бул учурдагы окуу ишмердүүлүгү ошол окулап жаткан маалыматтардын илимдеги ордун, терминдик көндүмдөрдүн калыптанышын, анализге алуу менен алардын жалпылык белгилерине карата синтездөө аркылуу ал маалымат туурасындагы акыл – эсти өнүктүрүү үчүн кызмат кылат.

Бул процесс адамдын баардык жашоо убактысында, жашоону активдүү уюштуруш үчүн дайыма өзү окуп үйрөнүп турса, ошол

эле мезгилде экинчи адамды дагы окутуп туруучу иш – аракеттин бир процесси болуп саналат. Буга ушул учурдагы баардык окуу ишмердүүлүгүнө байланышкан иш – аракеттерди мисал катары айтса боло берет.

## 5.5. Эмгек ишмердүүлүгү

*Эмгек – адам баласынын материалдык жана жан - дүйнөлүк (духовный) маданий керектиктерин канаат -тандырууга багытталган психикалык жана физикалык коомдогу иш – аракеттин бир формасын айтабыз.*

Адам баласы өзүнө керектүү маалыматтарды жана предметтерди канааттандыруу багытында кыймыл аракеттерди жасашат. Андай керектиктерге, маалыматтарга: азык - оокатар, буюм – теримдер жана аларга жасаган мамилелер кирет. Адам баласы тарабынан жасмалган мындай мамиле аркылуу өндүрүштүктүк мамле жаралат. Мындай иш – аракеттер ишмердүүлүктүн активдеишиндеги керектелүүчү мотивдин, кызыгуунун, жумуштун аткарылышына мүнөздүү болгон установкалардын таасир этүү күчүнө жараша жаралат. Натыйжада, ошол аткарылып жаткан жумушка карата, ык – жөндөмдүүлүк пайда болуп, жумуштун мүнөзүнө карата адам баласынын инсандык сапаттары калыптана баштайт. Кыргызда айтылып жүргөн (“... кызмат орундук стол, кызматка келген адамды тарбиялайт” – деген түшүнүк ошондон калса керек.) мүнөзүн дагы калыптандыргандыктан, азыркы учурда эмгектин түрүнө карата мүнөзгө ээ болгон адамдардын стереотиптерин учуратууга болот.

Ошондуктан кесипке карата адамдардын сырткы келбети окшошкондуктан, ошол кесиптин элементтерине карата адамдар мүнөздөлүп келет. Мисалы, мугалимдерди – өтө бышык, бир тыйындын артынан түшкөн адамдар дешет. Айрыкча базардагы сатуучулар, буюмдун баасын талашып калсаң мугалим эмессизби деп калышат. Ушундай эле ар бир кесиптин өзүнө мүнөздүү болгон, стереотиптери жашайт. Айдоочулар, сатуучулар, милиционерлер, базардагы далдалчылар ж.б.. эмгек ээлерин мүнөздөөчү элементтеринин стереотиптерине карата жазбай ал адамдын ким экендигин тааный алабыз.

Эмгек ишмердүүлүк жашоонун активдүүлүгүн көтөрүүдө негизги психикалык фактордун катарында турат. Эмгектин өндүрүмдүүлүгүн көтөрүүдө, эмгекке жасаган мамилени эмгектин талабына жараша уюштуруу негизги орунда турат. Мисалы, орус психологу Б.М. Тепловдун изилдөө жыйынтыгынан бир эпизод. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин, Сталин, Берлин шаарындагы металл чыгаруучу заводду Москвага көчүрүп келип, металл чыгаруучу заводду ишке киргизген. Бирок заводдо иштеген операторлор, берлинден жакшы окуп келгенине карабастан, метал жараксыз (брак), болуп конвиерден чыга берген. Берлинден келген операторлор иштесе нормадагы металлдар чыгып, жергиликтүү операторлор иштетсе эле жараксыз металлдар чыгып туруп алган. Ошондо, М.Б.Теплов баш болгон психологдор операторлорго изилдөө жүргүзгөндө операторлордун автоматиканы башкаруудагы психикалык реакциялары, ээлеген кызмат оорундарына дал келбегендиктен, автоматика туура эмес иштеп, жараксыз металлдар чыккандыгы байкалган.

Мындан айтууга болот, адам баласы ылайыктуу келген жумушка иштей турган болсо, жумуш эффективдүү болоорун психологдор эскертип, СССР мезгилинде баланын кесипти тандоо багытына чоң маани берилгендиги ошондон калган. Мисалы, тез кыймылдуу техникада иштей турган адамдардын психикалык реакциясы (көңүл буруусу, сезүү процесстери, эске тутуу процесстери) өтө жогору болушу керек. Тескерисинче, кылдаттыкты талап кылган (юбилярдык, изилдөөчүлүк, чыдамкайлуулукту талап кылган жумуштарда) адамдын нерв системасы тең салмактуу болуп, адам өзүн – өзү кармай алган адамдардын иштегени жакшы.

Эгерде ушундай талдоонун негизинде жумуш орундар уюштурула турган болсо, жумуштун эффективдүүлүгү сөзү жок жогору болушу камсыздаларын психологдор: А.Н.Леонтьевдун, Б.М.Тепловдун, Л.С. Рубинштейндин жана башкалардын теорияларынан, изилдөө жыйынтыктарынан учуратабыз. Ошондуктан азыркы учурдагы аралыктан башкарган техникалык каражаттын конструкциясын түзүүдө, адамдын аны башкарууга кара болгон психофизиологиясын, ошол учурдагы психикасын эсепке алынып анан жасалышын психологдор сунушташкан.

## **Колдонулган адабияттар**.


1. Айсмонтас Б.Н. Общая психология. - М.: Владос-Пресс, 2003 - 288 с
2. Волчков Э.Г. автор составитель. Педагогическая антропология (психология). / Учебное пособие под науч. ред. И.М.Юсупова. – Казань, 2013. -212 с.
3. Закиров А. Психология боюунча практикум. Ош – 2015. – 320 бет.
4. Леонтьев А.Н. Деятельность. Сознание. Личность. – М., 1976. 5. Маклаков А. Г. Общая психология. – СПб.: Питер, 2001. — 592 с.: ил. — (Серия «Учебник нового век 6. Миңбаев К., Закиров А. Психология. Ош – 2015. 256 бет.
5. Немов Р.С. Психология: в 3-х кн.: учеб. для студ. вузов. // Кн. Общие основы психологии. 5-е изд.- М.: ВЛАДОС, 2006. – 687
6. Петровский А.В. Психология: учебник для студ. высш. учеб. заведений. 7-е изд., стер. -М.: Академия, 2007. - 512 с.
7. Практикум по психологии человека: Учебное пособие для вузов . / Под ред. Профессор Н.М. Трофимовой. – Воронеж: ВГПУ, 2007. – 94 с.


## **Билимди текшерүүгө керектелүүчү суроолор.**

1. Ишмердүүлүк деп эмнени айтабыз? Адамдын ишмердүүлүгү айбандардын ишмердүүлүгүнөн эмнеси боюнча айырмаланат жана алардын кандай окшоштук берлгилери бар?
2. Кыймыл, таасир этүү, поступка жана таасир этүүнүн акцептору деп эмнелерди айтабыз? Аларды кайсы психикалык мыйзам ченемдер байланыштырат жана айырмалайт?
3. Керектик, мотив, максат жана мотивация адамдын ишмердүүлүгүндө кандай жумуштарды аткарат жана алар кандай өз – ара байланышат?
4. Ишмердүүлүктү активдештирүүчү кандай психикалык факторлор жашайт, алардын деңгээлдери канчалык?

5. Ишмердүүлүктү калыптандыруудагы билимдин, көндүмдүн, ык – жөндөмдүүлүктүн жана адаттын психологиялык элементтерине эмнелер кирет? Алардын формаларын, түрлөрүн, структураларын кантип тааныса болот?
6. Оюн ишмердүүлүктүн психологиясы?
7. Окуу ишмердүүлүктүн психологиясы?
8. Эмгек ишмердүүлүктүн психологиясын кандай түшүндүрөсүң?

# *Алтынчы бөлүм:*
# КАРЫМ-КАТНАШ

*Баалуу сөз жалгыз гана туура айтылган сөз эмес, уккандын ишине жараган сөз баалуу***.**
***Аристотель*** **(**б.з.ч. грек ойчул-философу)

## § 6.1. Карым-катнаш (общение) жөнүндө түшүнүк

Ар кандай адам топторун тереңдетип үйрөнүп олтурсак, ар бир адамдын жеке мамиледе турган кишиси сөзсүз болорун байкайбыз. Ал ымалалаш адамдар өз ара биргелешип кичинекей группаларды түзүшөт. Мындай чакан жамаатты, аларга мүнөздүү болгон кандайдыр бир жалпы касиеттер бириктирип турат. Ошону менен бирге чакан жамааттагы адамдардын ар биринин психикасынын өнүгүүсүнө, жетишкендигине, жалпы иштеринин алга жылышына өз таасирин тийгизип турат.

Демек микрогруппалар чоң коллективге караганда личность үчүн өтө маанилүү. Ушул себептен психологдор личность болуп туулбайт, башка адамдар менен карым-катнашта туруу менен личносттук касиеттерге ээ болот .

Карым-катнашка болгон муктаждык эрте жаштан башталат. Бала өзүнүн биринчи жашоо күнүнөн тартып көңүл буруугa, ак ниет мамилеге муктаж болот. Эс тарткан сайын чоң кишилер менен ортоктошууга, алардын колдонуусуна көз артат. Психологиялык изилдөөлөргө караганда, бала эрте жашта эмоционалдык контакттан ажыраса, личносттук тескерүү өзгөрүүгө туш болору далилденген. Эгер чоң кишилер бөбөк менен туулгандан баштап карым-катнашты үзсө, бул анын психикасына тескери таасирин тийгизип, бала психикалык жактан нормалдуу өнүкпөйт. О.э., эгиз балдар туулгандан баштап өздөрү менен өздөрү калса, башка балдар менен мамилешпесе, алардын кептери өнүкпөй калары практикада далилденген.

Кыскасы, адам эч качан өзү жалгыз болбостон, эл ичинде болуп, өзүнө кайдыгер эместигин психологдор экспериментте далилдешкен. Ар бир адам өзү көксөгөн, көңүлүнө төп келген, максатташ адамдарга жакындоого аракеттенет. Ал коллективде гана жашайт. Ал эми коллектив адам коомунда гана өнүгө тургандыгын коомдук илимдер далилдеп турушат.

Коллектив ичинде биринчиден, адам өзү өзгөрөт, экинчиден, анын чөйрөсүндөгү кишилерге карата реакциясы, сезими, ою жана бет мимикасы өзгөчө абалда болот, үчүнчүдөн, адамда өзгөчө психологиялык феномен жаралып, ал личносттук сапаттарды пайда кылат.Мындай феномендер коллективде гана жаралып, калыптанат.

20-кылымдын башталышында германиялык окумуштуу М.Меде 12-14 жаштагы өспүрүмгө эксперимент жүргүзгөн. Экспериментте өспүрүмдөрдүн жалгыз, жанында бейтааныш бала жана досу турган учурларда электр тогуна болгон «чыдамдуулугун» аныктоо максаты коюлган. Токтун күчү өспүрүм чыдаганга чейин көбөйтүлүп, ал чыдабай калганда өчүрүлгөн. Эксперимент үч этапта өткөрүлгөн. Биринчи этапта, эксперимент өспүрүмдүн жанына башка балдарды кошпой өзүнө жалгыз жүргүзүлүп, ар бир баланын электр тогуна болгон чыдоо чеги аныкталган. Экинчи этапта, өспүрүмдүн жанына тааныш эмес бала отурган. Мында өспүрү мдүн токко болгон «чыдамдуулугу» 13% ке жогорулаган. Үчүнчү бөлүгүндө, жанында жакын досу отурганда электр тогуна болгон чыдамдуулук 31% ке жогорулаган. Бул эксперименттен адам өзүн курчап турган тааныш же бейтааныш, жакын же жат адамдарга кайдыгер эместиги, алар менен түзгөн мамилеге муктаж экендиги далилденген.

Адам башка адамдар менен мамиледе болгондо өзүн аларга салыштырат, алардай болууга же алардан озуп кетүүгө аракет жасайт. О.э., бул байланыш адамдын өзүн-өзү түшүнүүсүн, өзүн-өзү таануусун, сындоосун же өзүнүн адамдык сапатын сактоого, коргоого мүмкүндүк берет. Адам личность катары чоң коллективде, майда группаларда калыптанат. Мындай группаларда мамилелердин түрдүү спектрлери обьективдүү жашайт. Мамиленин түрлөрү иш-аракетке, адамдардын ортосундагы жакындыкка, кырдаалга,

коом койгон талаптарга, саясатка жана башка факторлорго жараша болот. Мамилелер бир жагынан жеке адамга жана группага өз таасирин тийгизет, экинчи жагынан адам ал мамилелерди өзгөртүү гө же иш аракеттин түрү талап кылган мамилелерди түзүүгө аракеттенет.

Социалдык психология илиминде мамилелердин көптөгөн тү рлөрү белгилүү. Алардын оюна караганда, карым-катнаш мамиленин жалпы картасы болуп эсептелет.

## § 6.2. Коомдук мамиле менен карым-катнаштын ортосундагы жалпылыктар жана айырмачылыктар

Коомдук мамиле конкреттүү социалдык ролдордун, социалдык группалардын жана алардын өкүлдөрү болгон индивиддердин ортосунда пайда болот. Коомдук мамиленин негизинде материалдык, өндүрүштүк, саясий жана идеологиялык керектиктер жашайт.

Коомдук мамиле личносттордун ортосундагы мамилеге, жүрү м-турум үлгүсүнө, конкреттүү индивиддин аң сезимине анын жү рүм-турумуна көз каранды болбойт, личносттук мүнөзгө ээ эмес. Коомдук мамиленин субьектисин индивиддер эмес, коом ,анын социалдык топтору, таптары жана этникалык жалпылыктардын мамилелери түзөт.

Карым-катнаш коомдук мамилеге караганда тар, конкреттүү түшүнүк. Ал - коомдук мамиленин конкрет-түлүгүнөн, личносттук мамиленин формасынан түздөн-түз байкалып, сезилип реалдашуусу. Коомдук мамиле өз ара мамилесинин процессинин мазмунун түзсө, карым-катнаш анын индивидуалдуу формасын түшү ндүрүп турат. Коомдук жана личносттук мамилелердин мааниси карым-катнашта ачылат.

Карым-катнаш – адамдык мамилелердин чындыкка айланышын туюндурган түшүнүк. Ал адамдарды жылуулукка, тамакка, активдүүлүккө, коопсуздукка болгон умтулууларына окшобогон өзгөчө керектөө. Карым-катнаш иш - аракеттин ийгиликтүү аткарылышына, аны аткарууга катышкан субьектилердин индивидуалдуулугунун көрүнүшүнө, психикалык процесстер- инин оптимал-



**Л.С.Выготский** 1896 -1934 – жылдары жашаган орустун көрүнүктүү теоретик-психологу. Психологияга байланыштуу болгон, дефектология, этнография, тил таануунун өнүгүүсүнө өз салымын кошкон илимпоз.

дуу жүрүшү- нө шарт түзөт. Карым-катнаштын табияты Л.С. Выготскийдин, С.Л.Рубинштейндин, А.Н.Леонтьевдин, Б.Г.Ломовдун жана башка окумуштуулардын эмгектеринде изилденген. Алар карым-катнашты «билди рүү», «ой кайгы, берүү» «ички сезимди алмашуу», «өз ара арекеттенүү», «өз ара таасир этүү», «өз ара түшүнүү», «өз ара мамиле» ж.б. ушул сыяктуу кубулуштар катары мүнөздөшөт. Келтирилген пикирлерди жалпылап, карым-катнаштын маңызын личность менен личносттун, личность менен коллективдин, личность менен кандайдыр бир иш-аракеттин ортосунда пайда болгон кабарлардын мазмунун тү зөрүн байкоо кыйын эмес.

## § 6.3. Карым-катнаштын структуралары

Карым-катнаштын структурасын атоодо окмуштуулар арасында ар түрдүү терминдер колдонулган менен, маселенин маңызын түшүнүүдө, алардын ортосунда көп айырмачылыктар жок. Карым-катнаштын структурасын коммуникация, интерактивдүүлүк жана перцепция түзөт. **Коммуникация** карым-катнашта болгон индивиддердин өз ара маалымат алмашуусун, интерактивдүүлүгүн, индивиддердин бири-бирине таасир этүүсүн, идея, маалымат, иш-аракет алмашуусун түшүндүрсө, **перцепция** карым-катнашта турган адамдардын бирин-бири кабыл алуусун, өз ара түшүнүүсүн билдирет. Аталган психологиялык кубулуштардын ар бири өзүнчө ички өзгөчөлүктөргө, структурага, «жашоо талаага» ээ.

**1. Коммуникация жана анын структурасы**

Коммуникация латын сөзү, бизче (ортомчулук, байланыштырам, пикирлешем) деген маанини берет. Коммуникация тилдин жана белгинин жардамы менен маалыматтарды берүүнү, пикир

алмашууну билдирет. Субьектилердин ортосундагы коммуникация процесси негизинен вербалдык, вербалдык эмес жолдор менен ишке ашат.

**Вербалдык коммуникация.** Вербал – латын сөзү, кыргызча (кеп, сөз) дегенди билдирет. Коммуникацияда белгилик система катары көп колдонулат. Геп – коммуникациянын универсалдуу каражаты. Тил карым-катнаш жүргүзгөн адамдардын ортосундагы коммуникацяны камсыз кылган курал. Информация берүүчү адам максатка ылайык сөздөрдү, сөз тизмектерин тандап тилдик талаптарга салып чечмелеп, керектүү адамдарга багыттайт. Кабыл алган адам информацияны чечмелеп түшүнүп, ошого жараша өзүнүн жүрүм-турумун өзгөртөт. Коммуникатор (информация берүүчү адам) менен распондентин жалпы иш аракетти, максатты, жүзөөгө ашыруу үчүн экөөнө тең түшүнүктүү тилде сүйлөшүү керек. Эгер биринин берген информациясын экинчиси толук түшүнбөсө, өз ара түшүнүшүү, таасир этүү бузулат, иш максатына жетпейт.

Берилүүчү информация коммуникаторго белгилүү кепте, белгилерде гана түшүнүктөр болуп информация берилет. Ошондон баштап коммуникаторлордун ортосундагы маалымат процесси жү рөт. Вербалдык карым-катнаш диалог, монолог жана жазуу түрү ндө реалдашат.

**Диалогдук кеп.** Вербалдык коммуникациянын каражаты болуп саналат. Сөз ачык же купуя айтылат, же (ичтен) жазуу түрү ндө, Дудуктар да өзгөчө жаңсоолор менен туюнтулат. Коммуникаторлордон распонденке, тескерисинче рапондентен коммуникаторлорго берилүүчү информациялар оозеки, жазуу, диалог аркылуу монолог берилет. Кептин ар бир түрү коммуникация процессинде түрдүү салмактагы жүктү көтөрүп, карым-катнаштын калыптанышында өз салымы болот.

Кептин эң жөнөкөй жана карым-катнашта кеңири колдонулган куралы - **диалог.** Диалогдук кеп дайыма кепти реплика (каяша) какшык ж.б.у.с. маанай айрым фразалардын кайталанышы, кошумчаланышы, түшүндүрүлүшү ж.б. ыкмалар менен коштолот. Мындай мамилелерди терең байкоо коммуникаторлордун ортосундагы өз ара түшүнүүсүнө байланыштуу болот. Диалогдо адамдын эмоциялык сезими чоң мааниге ээ. Ошондуктан таң калууда, сүйүнүү

дө, ачууланууда сөздүн мааниси, сүйлөмдүн интонациясы өзгөрүп реципиентке берилүүчү информация башкача кабыл алынып, бузулуп калышы да ыктымал.

**Монологдук кеп.** Коммуникациялык процессте монологдук кеп аркылуу информация алмашуу негизги орунда турат. Монологдо бир адам сүйлөп, жалгыз индивидге же адамдар тобуна информациялар берилет. Ал диалогдуу кепке караганда татаал келет. Берилүүчү ой алдын ала такталат, грамматикалык эрежелердин толук сакталышы, ойдун ырааттуу өнүгүшү зарыл. Монологдуу кеп диалогдуу кептен кийин калыптанат. Ал үчүн баяндап берүү тажрыйбалары талап кылынат.

Вербалдык карым-катнаштагы кептин үчүнчү түрү **- жазуу** кеби. Кептин бул түрү башка түрүнө караганда кеч пайда болот.

**Вербалдык эмес карым-катнаш.** Вербалдык эмес карым-катнашта тилдин ордуна, биринчиден, оптикалык кинетикалык белги системасы колдонулат. Мында информация берүүчү аны алып жүрүүчү каражат катары мимика (бет түзүлүштөрүнүн өзгөрүүсү, потомимика-дененин кейпи) эсептелет. Дененин түрдүү бөлүктөрү ндөгү маалыматтар информациянын мазмунуна жараша өзгөрүп, ал маалыматтын маани-маңызына жараша адамдардын информацияга карата өз ара мамилелерин ачык чагылдырат. Информациялардын мындай каражаттары аркылуу берилген маалыматка карата субьектилердин ортосунда «белгисиз» өздөрү гана түшүнө турган информациялык масса пайда болот. Экинчиден вербалдык эмес карым-катнашты паралингвистикалык (үндүн сапаты, диапазону, тоналдуулугу), экстралингвистикалык (китептеги тынымдар), ыйлоо, жөтөлүү, сөздүн темпи, күлкү системалар ишке ашырат. Информациянын мындай каражаттар аркылуу берилиши менен адамдардын ортосундагы түшүнүктөр күчөйт, информациялар такталып, анын нюансстары бир канча эсе жогорулайт.

**2. Карым-катнаштын интеграциялык структурасы.** Интеграция – англис сөзү, кыргызча (өз ара таасир, бири-бирине таасир этүү). Адам өзү койгон максаттын, бирөөгө берген убадасын же бирөөнүн ишеничин аткаруу үчүн реципиенттен өтүнөт, буйрук берет, түшүндүрөт. Ушул каражаттар менен реципиентке таасир этет. Реципиент коммуникатордон алган информацияларды кабыл алып,

алардын маанилерин чечмелеп, ага жараша пайда болгон ички оюн кайрадан коммуникаторго берет. Натыйжада, интеграция процесси жүрөт.

Личносттук өз ара таасир этүүдө коом тарабынан иштелип чыккан, бир канча муундар тарабынан колдонулуп такталган социалдык нормалар (жүрүш-туруштун үлгүсү, регламенти) социалдык контролдоо жогору роль ойнойт. Социалдык көзөмөл тигил же бул адамдын, топтун жүрүм-турумун кубаттоо, жазалоо ушак - айың кылуу аркылуу социалдык норманы коом талап кылган чекте кармап турат.

Социалдык норма интеграцияга өткөн адамдардын жүрүм-турумун, аракеттерин, кылык-жоруктарын иретке салып, бирдей эрежелерди сактоого мажбурлайт. Социалдык нормалардын туура аткарылышы, жетекке алынышы интерактивтешкен адамдардын ар биринин жашына, статусуна жараша тигил же бул курагына туура келбеген ролду аткарса, анда рецепиент анын ролун аткарышына, жетекке алынышына жараша болот. Интерактивтешүү адамдардын ар биринин, статусуна, жашына социалдык нормаларды пайда кылат. Мында улгайган адам өзүнүн социалдык нормадан чыгып, туура эмес жүрүм-турумда турганын сезип, андан анча пайда жок экенин туюп, ага тескери жүрүм-турумдарды көрсөтүүгө мүмкү ндүк алат. Мындай абалдар конфликтерди төмөндөтүп туура социалдык нормада болушун камсыз кылат. Бул сыяктуу фактыларды социалдык психологияда «ролдук конфликттер» деп айтабыз. Интеракциялашкан личносттор бири-биринен ролдордун туура аткарылышын күтөт жана социалдык нормалардын жөнгө салынып турушуна негиз болот.

## § 6.4. Карым-катнаштын перцептивдүү структурасы

Перцепция латын сөзү, кыргызча «кабылдоо», «кабыл алуу» же «өз ара кабыл алуу» дегенди билдирет. Психологияда өз ара тү шүнүү же адамды адам кабыл алуу кубулушуна карата колдонулат.

Конкреттүү иш-аракеттин максатына жараша коммуникатор-

лордун информация алмашууга болгон керектөөсү карым-катнаштын башталышы болуп эсептелет. Информация- карым-катнашты башкаруунун негизги шарты, бирок ал өзүнөн-өзү башкарууга күчү жетпейт. Ал үчүн коммуникаторлордун ортосунда өз ара таасир этүүнүн болушу абзел. Карым-катнашта коммуникация, интеракция процесстеринин толук ишке кириши менен перцепция процесси өзүнөн-өзү аракетке келип, карым-катнаштын туура түзүлүшүнө жана туура аткарылышына негиз түзөт. Эгер муну конкреттүү чечмелесек: карым-катнаш жасашкан адамдар иш-аракеттин аткарылышына карата ар биринин мүмкүнчүлүгүн, табигый дараметин салмактап, натыйжанын пайда-зыянын, социалдык норманын чегинде адамдардын статусуна туура келишин таразалап, бир бүтүмгө келишет. Андан соң өз ара түшүнүшүп, личносттук мамиленин бир түрүн тандап, бири-бирине болгон активдүүлүктү, ак пейилдикти, терс мамилени көрсөтө башташат. Ошентип, комммуникатолордун ортосунда психологиялык атмосфера пайда болуп, иш-аракет эффективдүү жүрөт.

## § 6.5. Личносттор аралык жана иштиктүү мамилелер

Личносттор аралык, коомдук мамиледе жеке индивид, личность жөнүндө сөз болбогону менен анын маңызында личносттук мамилелер жатат. Коомдук мамилелер системасында личносттор аралык мамиле обьективдүү жашайт. Мамиленин бул түрүн Мясишев «Психологиялык мамиле» деп атаган.

**Феномен** - сезүү таж-рыйбасы аркылуу таануучу кубулуш.

Коомдук мамилени личносттук мамиледен айырмалоо, ажыратуу аракети окумуштуулар арасында кеңири талкууланып келе жатат. Коомдук мамиле - бардык мамилелердин көрүнүшү, болсо, личносттук мамиле анын бир көрүнүшү-адамдардын саясий, идеологиялык, диндик көз караштарынын ачыкка чыгуу, формалары. Ошондуктан личносттук мамилени коомдук мамиленин сыртында же жанында жашайт дебестен, анын

катарында туруучу өзгөчө **феномен** деп кароого болот (Г.М.Андреева).

**Аффект** – тез аранын ичинде болуп өтүүчү эмоционалдык абалдар**.**

Личносттор аралык мамилени, адатта, тигил же бул группалардын психологиялык климаты катары эсептешет. Ал дээрлик ички интуитивдик, жекече сезимдик негизинде конкретүү адам менен карым-катнаш жасаганда иш-аракет процессинде пайда болот жана **аффект**, эмоция, сезим сыяктуу психикалык абалдарды туудурат. Демек, личносттук мамиле – адамдардын бири-бирине болгон жакындыгы, биргелешип иштөөгө умтулуусу гана болбостон, тескерисинче, өз-ара жактырбоосу, алыстоосу, чочулашы, иштөөнү каалабашы ж.б.

**Субьект** – аң-сезимдүү, эрктүү, дүйнөнү активдүү таанууга аракеттенген индивид.
**Обьект** – аң-сезимден тышкаркы, андан көз карандысыз жашаган сырткы дүйнө.

**Иштиктүү мамиле. Субьект** менен **обьектин** ортосундагы карым-катнаш кандайдыр бир (окуу, идея, пикир, баалуулук, идеал ж.б.) натыйжасында пайда болот. Карым-катнаш мамиле- лердин сырткы каркасы болбостон, анын конкретүү көрүнүшүнүн жана туура жүрүп жатышын көрсөтүүчү белгиси болуп, иштиктүү мамиле эсептелет.

Иштиктүү мамиле - субьект аткаруучу иш-аракеттин активдүү лүгүнө, компонентүүлүгүнө, ык-машыгууларына жараша түзүлгөн өзгөчө маанайда келип чыккан, ички ой-толгонуулардын, мамилелердин, кызыгуулардын айкалышынан пайда болот.

Иштиктүү мамиле иш-аракет талап кылган жөндөм-касиеттер аткаруучу адам да бар-жогуна байланыштуу. Эгер аткаруучу да талап кылган касиеттер толук болсо, личносттук мамиле иштиктүү мамиленин натыйжасында пайда болгон процесс экенин көрөбүз.

## § 6.6. Мамиле, өз ара мамиле жана психологиялык батышуучулук

**Мамиле, а**дамга тигил же бул нерселер жагат же жакпайт, ошондуктан айрым фактылар, окуялар аны толкундатат, башка-

лары кайдыгер калтырат. Мындай абал спецификалык мунөзгө ээ болуп адамды белгилүү иш-аракетке багыттайт же андан качырат. Адатта, адамда обьектилерге карата бир жактуу таасир этүү негизги орунда турат, сигналдын кайра келишине анча маани берилбейт, көпчүлүк учурларда таасирдин натыйжасы анализге алынбайт. Адамдын ушул өзгөчөлүгү «мамиле» деген категория аркылуу берилет**. Мамиле –** адамдын өзүнө жана аны курчап турган обьективдүү дүйнөдөгү бардык нерселерге карата болгон ички позициясы**.**

Ал эми **- өз ара мамиле** дегенде личносттордун бири-биринин же адамдын коомго болгон позициясын түшүнөбүз. Анда адамдардын биринен экинчисине сигналдар берилип, ага жooптор алынып, кайра байланыш каналы процесси жүрүп турат. Өз ара мамиле карым-катнашты жүзөгө ашырып, анын конкретүү көрүнүшү болуп, ички мазмунун чагылдырат.

Өз ара мамиле- **иштиктүү** жана **личносттук** мамиле деген түргө бөлүнөт. Иштиктүү мамиле адамдын өз кесибин аткаруу жөндөмү менен байланыштуу. Мындан личносттордун милдеттери көрсөтмөлөрү, буйруктары, уставтары, токтомдору ж.б. расмий каражаттары менен иретке салынат.

Карым-катнаш, мамиле, өз ара мамиле түшүнүктөрүнүн ортосунда жалпылык, байланыш жана айырмачылык бар. Карым-катнаш – адамдардын байланышында байкалуучу, ачык көрүнүүчү процесс. Ал эми мамиле, өз ара мамиле – карым-катнаштын бир жагы. Булар көбүнчө байкала бербейт, жашыруун же тескерисинче белгилүү деңгээлде ачык көрүнө бербейт.

**Психологиялык батышуучулук.** Бул конкретүү иш -аракетти ийгиликтүү аткарууга шарт түзүүчү, мүмкүндүк берүүчү адамдардын касиеттеринин оптималдуу, синхрондуу дал келиши. Психологиялык батышуучулукта өз ара күнөө коюу аракеттери болбойт, субьктивдүү ички көңүл келишпөөчүлүктөр биринин жетишпегендигин экинчиси толуктайт. Психологиялык батышуучулукка карама-каршы турган батышпоочулук феномени да жашайт. Аны мүнөздөөчү факторлор батышуучулуктун касиеттерине тескери келет.

Психологиялык батышуучулуктун жана батышпо-очулуктун (күчү, салмагы, бою боюнча дал келүүсү келбөөсү), психологиялык негизи болуп өз-ара мамиледе болуп жаткан инсандардын психикалык абалдарына, аларга мүнөздүү касиеттеринин системалуу социалдык жактан дал келүүсүн айтууга болот. Карым-катнаштагы адамдардын өз ара түшүнүүсүнүн туура жүрүп жатканын билүү, аны коррекциялоо өтө татаал, бардык адамдардын колдорунан келе бербейт.

**Рефлекция** – латын сөзү бизче "артка кайрылуу, өзүн-өзү таануу" дегенди түшүндүрөт.

Өз ара түшүнүү процессинде үч негизги психологиялык кубулуш - идентификация, рефлекция, стереоптизация негизги индикаторлук милдетти аткарат.

## § 6.7. Идентификация, рефлекция жана стереотип .

**Идентификация** түшүнүгүн илимге биринчи жолу З.Фрейд киргизген, патологиялык депрессияны, түш көрүүнү түшүндүрүүдө колдонгон. Психология илиминде идентификация түшүнүгү төмөндөгү маанилерди өз ичине алат:

**Идентификация** – латын сөзү, кыргызча «окшоштуруу, бирдей деп билүү» деген маанини берет.

Түзүлгөн эмоцияналдык байланыштын негизинде субьектинин башка индивидге же группаларга биригүү, кошулуу, аракети, башкалардын ички дүйнөсүн өзүнүкүндөй эсептөө. Мындай аракет даяр жүрүш-туруш үлгүсүн тууроодо, колдонууда көрүнөт.

Өзүндөгү адамдык касиеттерди башка адамдарда бар деп кабыл алуу. Тигил же бул иш аракетке, кырдаалга кабылганда, өзүн башка адамдардын абалында сезүү. Өзүн башка адамдар менен окшоштуруу, ошолордоймун деп түшүнүгүн айтууга болот.

Идентификация аркылуу башка бирөөлөрдү кабыл алуу, аны ү йрөнүү, таануу процесси жүрөт. Ал карым-катнашты калыптандырууда, башкарууда негизги орунду ээлейт.

2. **Рефлекция** – субьектинин өз психологиялык деңгээлин өзү таануу аракети. Ал бир жагынан маалыматка ээ болуу, экинчи жагынан өзүн-өзү таануу гана абалдары болбостон, адамдын өзүнүн личносттук касиеттерин, эмоионалдык реакцияларын, когнитивдик деңгээлин башка адамдардын кандай кабыл алуусун анализдөө процессин да билдирет.

**2. Стереотипизация – б**ул илимий терминди илимге У.Липман киргизген. Адамга таасир эткен шартуу дүүлүктүргүчтөр көп күндөр бою белгилүү иреттүүлүктө бирдей убакытта бир канча жолу кайталанып чоң жарым шар мээде бири-бирин алмаштырып туруучу туруктуу козголуу, тормоздолуу борборлорун пайда кылат. Бул борборлор алгачкы берилген информацияны өзгөртпөй, мурункудай кайталанып турушуна мүмкүндүк берет б.а. динамикалык стереотипти пайда кылат.

| |
|---|
| **Стереотипизаця** – грек сөзү, кыргызча «туруктуу калган из» деген мааниде. |

**3.**Стереотип группадагы адамдардын мүмкүнчүлүктөрүн жеткиликтүү үйрөнбөй туруп, өзүнө - өнөкөт болуп калган кандайдыр бир касиетти аларга таңуулоо аракети болуп эсептелет. Стереотипте адам социалдык обьектилердин чоо жайын терең үйрөнбөстөн, элестетүүнүн негизинде гана схемалуу жөнөкөйлөтүп жалпы тү рдө көз алдыга келтирүү менен эффективдүү жасалма реалдуу эмес боекто кабыл алат. Мындай учурда информация өзүнүн чыныгы булагынан алынбай, башка булактардан текшерилбестен алынат же ойлонулбай керексиз жерлерде колдонулат. Натыйжада личносттордун ортосундагы мамиленин туура эмес калыптанышына түрткү берет, субьектинин обьектини туура таанылышына, өз ара таасир этүүгө, информация алмашууга тоскоолдук кылат. М: ЖОЖдо же мектепте көп жыл иштеген мугалим качандыр бир өз практикасында колдонгон педагогикалык тажрыйбасын өзүнө биринчи туш келген жаңы обьектиге таңуулашы.

Стереотиптик кабыл алуу көбүнчө личносттордун ортосундагы карым-катнаштагы социалдык установканын биринчи эффектисинин пайда болушуна алып келет. Карым-катнаштын мейкиндигин жана убактысын уюштуруунун нормаларын ***проксемика*** (англ. proxemics –сөзү, этологиялык жана экологиялык психология багы-

тындагы илимий көз караштагы бир багыт) изилдейт. Аны Э.Холл (америкалык психолог) негиздеген.

Азыркы кезде проксемика маселелери “экологиялык психологиянын” же “чөйрө психологиясынын” курамына кирет. Э.Холл америкалык маданияттагы сүйлөшүп жаткан адамдын бири – бирине жакындашуу нормасын таап, аларды төмөндөгүдөй бөлүштүргөн: *интимдик жакындашуу* (0-45см), *персоналдык аралык* (45-120 см), *социалдык аралык* (120-400см), *публика* (400-750см) боло тургандыгын негиздеген. Кандай жумуш болбосун, адамдардын бирдиктүү ишмердүүлүгүндө адамдардын ортосундагы мамилесин

С.И. Самыгин (орус психологу, “мамилелешүүнүн психологиясы” боюнча бир катар изилдөөлөрдү жараткан окумуштуу) төмөндөгүдөй *түрлөргө* бөлгөн:

1. *“Контакт мамилелешүү*” – бул формалдуу мамиле болуп саналат. Адамдардын жалпылык мүнөзгө ээ болгон максаттарын канаатандырууга багытталган бирдиктүү иш – аракеттерин айтабыз. Мисалы, спорт күйөрмандарынын, көчө саясатчыларынын, кумарпоздордун, саякатчылардын, мектептеги ата – эне чогулуштардын катышуучуларынын ж.б. ушул сыяктуу топтолушкан адардардын ортосундагы мамилени айтабыз.

2. “ *Жөнөкөй мамилелешүү*” (примитивное общение) – мында түрдүү социалдык статустагы адамдардын ортосундагы мамилени айтабыз. Ата менен баланын ортосундагы мамиле, жетекчи менен кызматчынын ортосундагы мамиле, мугалим менен окуучунун ортосундагы мамиле ж.б. ушул сыяктуу.

3. *“Формалдуу ролдук мамиле*” (формально-ролевое общение) – Кызматчылар (адамдар) үчүн иштеген жумушу боюнча жогорку уюмдар тарабынан берилген көрсөтмөлөр, графиктер, буйруктардын негизинде иштеген адамдардын ортосундагы мамилени айтууга болот.

4. “*Кызмат ишине байланыштуу мамиле*” (деловое общение) - мында адамдардын иштеп жаткан жумушуна ылайык келген билимине жараша топтоштурулган адамдардын тобун айтабыз. Мисалы, бригада (сварщиктер, электриктер, куруучулар, мед айымдар ж.б. ушул сыяктуу адамдардын тобу айтылат. Мында топтун мүчө-

лөрүндө бир укук, милдет, максат өз – өзүнө таандык болгондуктан мамиле өз ара баш берүүчүлүк, угуучулук шартта жашайт.

5. "*Акыл-ой байлыгы менен түзүүлүчү өз ара мамиле*" (духовное межличностное общение) – мындай топко кирген адамдардын жаштык, билимдик, кесипкөйлүк билимине жараша түзүүлүчү мамилени айтабыз. Мисалы, ата – энелердин тарбия багытындагы балдарга жасаган мамилеси, балдардын ата – энеге карата акыл суроо – кеңешүү мамилеси, мугалимдердин балдарга жасаган мамлеси, саясатчылардын – илимпоздордун элдерге жасаган мамилеси ж.б. айтабыз.

6. *Манипулятивдүү мамиле (*манипулятивное общение) – мында мамлени жаратып жаткан адамдын өзүнө керектүүлөрүнө карата, аларды өзүнүн максатын канааттандыруу багытында ишендирүү менен башкарууга жетишкен мамлени айтабыз. Мисалы, мугалимдин окуучуларга берген сабагы боюнча түзүлгөн мамиле, илимий жетекчилердин аспиранттарына берген кеңештери, группадан чыккан атайын эмес лидердин группаны башкаруудагы мамилеси ж.б.

Ушул теорияны негизге алуу менен Ишман Харди мед айымдардын ишмердүүлүгүндөгү мамилени алты типке бөлгөн:

1. *Эскичил мед айым* – ((Рутинер деген сөз эскичил же жаңылыкты сезбеген киши) Сестра-рутинер) – Пациентке эмне иш кылыш керек болсо ошолордун баардыгын аткарууга даяр болгон мамиле;

2. *Жасалма жүрүм-турумдагы мамиледеги* мед *айым, "играющая заученную роль*" – мындай медайымдар жасалма жүрүм-турумга ээ болуу менен өзүнө керектүү адамдарды башкарууга багытталган мамиледеги адамдарды киргизүүгө болот. Мисалы, өзүнө тартуу, калп эле күйүп – бышуу, жокту бар кылууга аракеттен мамилелер;

3. *Эркек сымал күчтү мамиледеги медайымдар*" –(тип сестры с мужеподобной, сильной личностью) - мындай типтеги медайымдар чечкиндүү, туруктуу жана кичине тартип бузулса чыдай албаган мүнөздүк жүрүм – турумдагы мүнөзгө ээ болуу менен аткарыла турган керектиктерди чечкиндүүлүк, кайраттуулук, эрктүүлүк иш – аракет менен уюштурулуучу мамилени айтабыз.

4. *Энелик типтеги мээримдүү мамиледеги* типтеги медайымдар (сестра материнского типа) – мында мамиле алтирустик типте болуп, мамиледе болуп жаткан адамдардын жагдайына, маанайына, сураныч - өтүнүчтөрүнө жаша уюштурулган мамилени айтууга болот. .

5. *Кесипкөйүлүк мамиледеги медайым* (тип специалиста) – мындай типтеги мамилеге, аткарып жаткан жумушуна өтө берилгендик менен мамиле жасап, кескин кыска аралыкта аткарып жаткан жумушун аткарган адистердин адамдарга жасаган мамилеси кирет. Алар жөнөкөй, жупуну мамиледе болушат. Аз сүйлөп, көп жумуш аткаргандарды айтууга болот. Мисалы, кайрып калган адамдардын бир эле айткан сөзүнө терең маани берип, алардын өтүнүчүн толук канаатандырууга жетишүүнү айтабыз.

6. *Кыжырданган мамиледеги медайымдардын тиби* – (тип “нервной” сестры) – бул типтеги адамдар өтө эмоционалдуу келип, өзүн кармай албоо абалына ээ болуу менен мамиледе болгондорго кескин жагымсыз абалдарды жаратуу менен, жөндөн жөн эле алар менен конфликттерди жараткан адамдарды айтабыз.

Медициналык кызматкерлердин ишмердүүлүгүндө пациент менен болгон мамилеси негизги ролду ойнойт.

## § 6.8. Адамды адам кабыл алуу

Бул проблема 1963-68-жылдарга чейин Ленинград университетинде иштешкен Б.Г.Ананьевдин, А.А.Бодалевдун эмгектерине байланыштуу. Кийин 1968-1975-жылдар арасында бул проблеманы изилдөөлөрдүн чеги кескин кеңейип О.Г.Кукосян, С.В.Кондратьев, А.В. Петровский,

Г.М. Андреева ж. б. окумуштуулар да бул изилдөө лөргө кайрылышкан. Бул илимий багыттардын ар бир конкреттүү аспектилерин өзүнчө карайлы: мисалы, ленинграддык окумуштуулар жалпы адам баласына тиешелүү болгон адамды адам кабыл алууну, кубандыктар (О.Г.Кукосян) кесиптин адамды адам кабыл алууга тийгизген таасирин, москвалык психологтор, С.В. Кондратьева баш болгон изилдөөчүлөр мектеп, класс коллективдериндеги личносттордун ортосундагы мамилени таанууну, А.В. Петровский өз окуу-

чулары менен социалдык перцепция проблемасын Г.М. Андреева жетектеген изилдөөчүлөр адамды адам кабыл алууга иш-аракеттин тийгизген таасирин ж.б. изилдешкен.

Тигил же бул типтеги мамилелердин пайда болушу, калыптанышы адамдардын ортосундагы өз ара таануунун деңгээлинде, оң, терс сезимдин түзүлүшүнө жараша болот. Эгер адам кабыл алуучу адамга оң сезим туудурса жолугушуу, өз ара таануу оң маанайдан интимдүү атмосферада өтөт, официалдуу маанай болбойт.

Албетте адамды адам кабыл алуу алгач конкреттүү сезим туудуруунун обьектиси болгон анатомиялык, социалдык белги элементтерге таянат. Мисалы, тааныш эмес адам жолукканда эле, «Бул ким?» деген суроо өзүнөн өзү пайда болот. Анын биринчи көзгө чалдыккан социалдык физикалык белгилерине (жашоо образына), тамактануусуна, ден соолугуна, эмгегинин түрүнө, өзүн алып жүрүү манерасына, кебинин өзгөчөлүгүнө жана сырткы кийим-кечесине, кийиниш табитине көңүл бурулат. Бирок мындай биринчи жолугуудан эле өз ара түшүнүшүү кыйын, татаал. Туура информация алуу мүмкүндүгү чектелүү келет. Ошентсе да адамды адам кабыл алуу биринчи сезим туудуруу феноменинен башталат. Бул категорияга төмөндөгүдөй эле 3-4 мүнөт аралыганда пайда болгон («Бул адам түшүнүксүз» түшүндүрмөлөр берилип келүү дө: адамды биринчи көргөндө интимдүү сезим; баян) аң сезимсиз) божомолдоодон пайда болуп, адамды өз таасирине баш ийдирген сезим; адамдын алгачкы пайда болуучу алгачкы канааттануу же канаттанбоо аракети.

Адамды адам кабыл алуу физиологиялык, психикалык жана социалдык ар түрдүү касиеттердин негизинде пайда болот. Ал обьектилерди (касиеттерди) психологдор жалпылап үч топко бөлүп жүрүшөт. Биринчи группадагы обьектилерге бою, мимикасы жаңсоолору жана тышкы кийим-кечелери, экинчи группага адамдагы көзгө оңой чалдыккан жана анын ички белгисиз моралдык касиеттери менен байланышта болгон тышкы туруктуу касиеттери, үчүнчү группага адамдын стабилдүү касиеттери (кебинин темпи, манерасы, кебинин мазмундуулугу) кирет. Мындай жалпылоо бардык изилдөө обьектилерине туура келе бербейт. Ошондуктан пси-

хологдор тарабынан адамды адам кабыл алуунун бир нече жолдору методдору, концепциялары иштелип чыгууда.

Адамды адам кабыл алууда кеңири колдонулган илимий бир методго токтолуп көрөлү. Эксперимент жеке, бир нече адамдарга жүргүзүлөт. Экспериментте изилденүүчүлөр, колдоруна кагаз калем алышып, аудиторияга топтолот. Алар отурган жерге тааныш эмес адам кирип, экспериментинин талабына ылайык ар түрдүү иш-аракеттерди аткарып чыгып кетет. Изилдөөчүлөр анын физикалык облигин (бойлуу, кодо семиз, ийиндүү ж.б.) экспрессиясына (тез, жай, тең салмактуу, тең салмаксыз), психикалык абалына (шайыр, ачуулуу, көңүлү чөгүңкү), жасаган аракеттерине (отурду, турду, жакындады, алыстады), тышкы кийимдеринин көрүнүшү нө (тыкан, тыкан эмес), божомолдуу психикалык абалына (темпераментине), жана ага карата өздөрүнүн мамилелеринин (жакты, жаккан жок дегенди) билдиришет. Алар жазган маалыматтардын жыйынтыгы чыгарылат. Бул метод коюлган максаттарга жараша түрдүү варианттарды колдонуп келүүдө. Мисалы, 14 студент менен төмөндөгүдөй жагдайда О.Б. Юрганов эксперимент өткөргөн. Биринчи ситуацияда студенттер отурган аудиторияга бей тааныш адам эшикти акырын ачып кирип, бирөөнү издегендей аудиторияны карап. «Кечиресиздер?» деп, кайра чыгып кетет. Экинчи учурда ошол эле киши 3 мүнөттөн кийин солдат салмактуу маанайда дагы кирип, столдун жанында бир мүнөт унчукпай туруп, тез чыгып кетет. Үчүнчү жагдайда ал столдорду аралай басып, бир студенттин кол жазмасын карап, сүйлөбөстөн чыгып кетет. Төртүнчү кырдаалда болсо ошол эле адам өзү даярдап келген аңгемени орфоэпиялык эрежелерге ылайык көркөм окуп берет. Акыркы учурда студенттердин каалаган суроолоруна жооп берип аңгемелешет.

Эксперименттин акырында студенттер жогоруда сөз болгон инструкцияны жетекке алып, тааныш эмес кишинин физикалык облигин экспрессиясын, психикалык абалын ж.б. касиеттерин мүнөздөшөт. Студенттерден алынган информацияларды жыйынтыктаганда төмөндөгүдөй статистикалык материалдар алынган: студенттердин 75% бейтааныш адамдардын личносттук касиеттерин, 25% эмоционалдык өзгөчөлүктөрүн, 42% эрктик касиеттерин, 50% кесибин туура эмес баалашкандыгы аныкталган.

Ошентип, жогорку информациялар бир көргөн адамдын ички субьективдүү дүйнөсүн билүү, ага баа берүү ал жөнүндө белгилүү ойго келүү татаал экендигин жана адамды адам кабыл алуу ошого жараша бири-бирине өз жүрүш-турушун өзгөртүү, иш аракетин коррекциялоо өзгөчө психологиялык феномен болорун далилдейт.

Адамды адам туура кабыл алуу үчүн бул категориянын табиятын, өздүк маңызын түшүнүүгө мүмкүндүк берүүчү айрым психологиялык феномендердин мыйзам ченемдүүлүктөрүн, пайда болуу шарттарын билүү зарыл. Мындай кубулуштарга төмөнкүлөр кирет:

**Ореол эффект.** Ореол эффект 1907-жылы У.Эллс тарабынан ачылган, андан ары тактоолор Э.Торндайдага тиешелүү. Ореол эффект индивиддин белгилүү бир касиетинин башка бир касиеттерге болгон эмоционалдуу касиеттерин билдирет. Ал обьект жөнүндө жеткиликтүү информациялар жок учурда негизги орунду ээлейт. Алсак, кабыл алуучу адам тууралуу жалпы ички сезим оң болсо, анын оң касиеттери бааланып кетет да, ал адамды туура эмес кабыл алып калабыз. Тескерисинче, индивиддин оң касиетине караганда терс касиети кабыл алуучунун аң сезиминен көп орун алган болсо, ал адам жөнүндө терс информациялар көп топтолот. Кабыл алуучу адамдын чечими туура эмес багытка бурулат.

**Ырааттуулук эффект.** Бул кубулуш кабыл алынуучу адам жөнүндө карама-каршы информациялар көп болуп, чечим, ишеним биринчи айтылган информацияга же эң акыркы маалыматка таянып, туура эмес болуп каларын билдирет.

**Жаңылык эффект.** Мунун мазмунун баалаган кабыл алынган информацияны бекемдөө же анын социалдык установкасын өзгөртүү абалдары түзөт. Жаңылык эффектиде адам жөнүндөгү ойдун калыптанышы үчүн эң акыркы информация чечүүчү ролду ойнойт. Ошондой эле, биринчи менен акыркы информациялардын аралыгындагы маалыматтар да негизги орунда турат.

**Көңүлгө кароо эффектиси.** Кабыл алуучу адам жашоо турмушунда, иш аракетинде өзү жөнүндө башка адамдардан мактоолорду, жакшы сөздөрдү көп укса, ар качан эмоционалдуу маанайда жү рсө, өзү кабыл алуучу адамдын оң жактарын көп көрөт, аны ашыра мактоо аракетинде болот. Бул кубулушту көңүлгө кароочулук эффектиси туюндурат.

**Карым-катнаш тренинги.** Карым-катнаш процесси өзүнө таандык мыйзам ченемдүүлүктөргө ээ. Анын ички табияты, пайда болуу жолдору, андагы ык - машыгуулар маалыматтар түрдүү адамдарда түрдүүчө көрүнөт, бардык адамдарда бирдей кездешкен универсалдуу жалпы жоболору жоктой сезилет. Бирок карым-катнаш процесстеринде да башка психикалык процесстердей эле жалпы жоболор типтүү белгилер бар. Ал көрүнүштөр тренинг методу аркылуу изилденет. Тигил же бул иш - аракетти аткаруучу керектүү ык - машыгууларды, маалыматтарды үйрөнүү зарылдыгы тренинг (англис сөзү кыргызча «машыгуу», «бышыгуу») методун пайда кылган. Тренинг методу социалдык психология илиминин колдонмо (прикладдык) бөлүгүндөгү группалык методдордун тобуна кирет. Ал метод өзүн-өзү үйрөнүү, карым-катнашка керектүү ык, машыгууларды калыптандыруу жана группадагы өз ара таасир этүү өзгөчөлүктөрүн үйрөтүү сыяктуу маселелерин өз ичине алат.

Тренингдин базалык элементи катары группалык дискуссия, ролдор оюнунун түрдүү модификациялары эсептелет. Тренинг адамдар менен көп иштеген кесип тармактарында карым-катнашка өтүү жолдорун, өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү, үйрөнүү максатында атайын уюштурулган дискуссиялык, ролдук оюндардын негизинде ишке ашат.

## Колдонулган адабияттар.


1. Андреева Г.М. Межличостное восприятие в группе. -М., МГУ, 1997.
2. Андреева Г.М. Социальная психология. -М., 2001.
3. Базаров, Т. Ю. Психология управления персоналом : учебник и практикум для академического бакалавриата Y Т. Ю. Базаров. — Москва : Издательство Юрайт, 2019. — 381 с.
4. Бодалев А.А. Восприятия человека человеком -М., МГУ 1996.
5. Выготский Л.С. Мышление и речь. Собр. соч. т.2. -М., Педагогика 1997 стр. 6-361.
6. Добрович А. Общение: науки и искусство. -М., Знание 1978.

7. Закиров А. Психология боюнча практикум. Ош-2005.320 б
8. Коломинский П.Л. Психология общения. -М., Знание 1979.
9. Колосова, Т. А. Психология детей с нарушением интеллекта : учебное пособие для бакалавриата и специалитета . YY Т. А. Колосова, Д. Н. Исаев ; под общей редакцией Д. Н. Исаева. — 2-е изд., перераб. и доп. — Москва : Издательство Юрайт, 2019. — 151 с.
10. Леонов, Н. И. Психология общения : учебное пособие для среднего профессионального образования Y Н. И. Леонов. — 5-е изд., перераб. и доп. — Москва : Издательство Юрайт, 2019. — 193 с.
11. Леонтьев А.А. Педагогическое общение. -М., Знание 1979.
12. Рубинштейн Л.С. Основы общей психологии. -М., 1999.
13. Маралов, В. Г. Психология саморазвития : учебник и практикум для бакалавриата и магистратуры. YY В. Г. Маралов, Н. А. Низовских, М. А. Щукина. — 2-е изд., испр. и доп. — Москва : Издательство Юрайт, 2019. — 320
14. Миңбаев К.М. Закиров А. Психологиясы. Ош-2015. 256, б.
15. Общая психология. Учебник. под ред. А.В. Петровского -М. 1987. с127-156.

**Билимди текшерүүгө керек болгон суроолор**.

1. Карым-катнаштын психологиялык негизи ?
2. Карым-катнаштын түрлөрү ?
3. Карым-катнаштын формалары ?
4. Карым-катнаштын класстары ?
5. Карым-катнаш жана кеп?
6. Карым-катнаштын инсандык сапаттарга карата уюштурулушу?
7. Карым-катнаштын эмоционалдык абалдагы мүнөздөрү?

## *Жетинчи бөлүм:*
# ГРУППАНЫН ПСИХОЛОГИЯСЫ

*Жакшы адамдын жакшылыгы*
*ылдыйлаганда, жаман адамдын*
*жамандыгы өйдөлөгөндө билинет.*
***(Кыргыз эл макалы)***

## § 7.1. Группа жөнүндө түшүнүк (группа социалдык коомдогу эл катары түшүндүрүлүшүү)

Группа дегенибизде – социальдык коомдо жашаган элддин белгилүү бир максаттын канааттандыруу үчүн топтолгон, адамдардын саны боюнча эки адамдан жогорку адамдардан турган адамдардын тобун айтабыз. Группа төмөндөгүдөй белгилери боюнча бири экинчисинен айырмаланып турат. Андай белгилерге: аткарып жаткан жумуштун мүнөзүнө, социалдык же класстарга карата берилүүчү маани – маңызына, структурасына, композициясына жана өнүгүү динамикасына жараша топтолушуп, коомдо элдин тобун түзүп турушат.

Группада өзүнүн эрежелери, нормативтери, баалуулук касиеттери жана жумушту аткаруудагы ритуалдары жашайт. Мындай өзгөчөлүктөр, алардын жалпылыгын түшүндүрүп туруучу төмөндөгүдөй белгилери менен мүнөздөлөт:

1. Группаны түзүп турган социалдык абалы жана санциясы группанын уюмдашуусун башкарат жана аларды бир бүтүн уюм катары уюштуруп турат;
2. Группанын уюмдашуу баалуулугуна жараша коомдук туюу сезимдерин жаратуу менен коллегиялык мааниге ээ болгон “биз” деген түшүнүктүн айланасында топтолушат;
3. Башка группаларга таандык принциптерден айырмалаган, өз группасына мүнөздүү принциптин негизинде өздүк мамилелерди жарата алуу;

4. Группанын керектүү мүчөлөрүнө группалык басымдарды жасай алуу, өздөрүн бир уюм катары көрсөтө алуу;
5. Ишмердүүлүк учурда жалпы максатты жана тапшырмаларды группадагы берилген милдеттерге жараша аткара алуу;
6. Группалык тапшырманы аткарууда өз – ара мамиленин биримдүүлүгүнүн негизинде туруктулукту көрсөтө алуу;
7. Группага таандык салт – санаанын, үрп – адаттын сакталышы жана турмуштук иш – аракетте колдонулушу, социалдык коомдо жашап жаткан адамдарды топ – топ болуп жашаган группаны түзүүгө шарт – наамаларды негиздейт.

Ушул белгилердин канааттандырылышы группаны түзөт жана адамдарды группанын мүчөлүгүнө кошуп турат.

## § 7.2. Группанын түрлөрү

***Группа өздөрүнүн ички психикалык өзгөчөлүктөрүү боюнча төмөндөгүдөй болуп бөлүнүшөт:***

А. Размери боюунча – чоң группа, кичине группа жана микрогруппа болуп бөлүнөт;

***Чоң группа*** *дегенибизде* – дүйнөлүк масштабда тукум куучулук белгилериндеги өңдөрүнө, диндик ишенимдерине жана жашаган географиялык жер территориясына жараша топтолушкан адамдардын тобун айтабыз. Мисалы, рассаларга карата (монголоиддер, европеоиддер, азиялыктар), диндик ишенимге карата (буддисттер, хретьяниндер, исламчылар жана иудеттер катмарлары), азыркы учурдагы географиялык жер шартына карата - мамлекеттик түзүмдөрдүн бардыгы жана кыргыз маданиятындагы айтылып жүргөн уруулар да ушул группаларга кирет.

*Ал эми* ***кичне группа*** *деп* – саны боюнча экиден жогору жүзгө чейинки, кандайдыр бир коомчулук (уюмдар, мамлекеттик мекемелер) тарабынан берилген укуктардын (буйрдтмалардын, көрсөтмөлөрдүн) негизинде топтолушкан адамдардын тобун айтабыз. Аларга, үй – бүлө, бригада, аскердик топтор, ишканадагы бөлүмдөр, студенттик группа, мектептеги класстар ж.б. кирет.

***Микро группа*** дегенде – кичине группага кирген адамдардын тобунан жекече кызыкчылыктын, ички психикалык касиеттердин өз – ара дал келүүчүлүгүнүн негизинде пайда болгон группаны айтабыз. Мындай группаларга – студенттик, аскердик бөлүмдөрдөгү, бригадалардагы, мугалимдик группалардын ичинен дагы майда группалардын пайда болушу. Аларга, жердештик, достук, кыз – жигиттик, билимге кызыгуучулардын тобу, спорттун, өздүк көркөм чыгармадагы комузчулар, аккордеонисттер, бийчилер ж.б. микро топторун айтууга болот.

Б. Коомдогу ээлеген оорду (статусу) боюнча – формалдуу эмес группа, формалдуу группа болуп бөлүнөт;

***Формалдуу эмес*** *группа дегенибизде* – группага кирген адамдардын жекече иш жөндөмдүүлүгүнө жараша топтолушкан адамдардын тобун айтабыз.

Алсак, өздүк – көркөм чыгармачылыкка катышкан инсандар (окуучулар, чоӊ адамдар), олимпияданын катышуучулары, илимий форумдардын (симпозумдардын, конференциялардын, ар түрдүү чогулуштардын) ж.б. ушул сыйяктуу жыйындарга топтолгон адамдардын тобун айтууга болот. Бул группанын негизги белгиси болуп, группага кирген адамдар жекече инсандык өзгөчөлүктөрүнө карата жогорку уюмдар тарабынан тандалып, көрсөтмө, буйруктардын негизинде белгилүү убакытка дере дайындалышат. Ал эми үй – бүлө, нике күбөлүгүн берүү же нике кыюу иш аракеттери менен бышыкталат.

***Формалдуу*** *группа дегенибизде* – бул группага кирген инсандардын жекече кызыкчылыктарынын негизинде, бири – бирине жылдыздары дал келүү аркылуу топтолушуп калган адамдардын тобун айтабыз.

Мисалы, спорт оюндарындагы күйөрмандар, кызыгуучулардын тобу, кумарпоздордун тобу, бизнеске карата базардагы базарчылардын, автомобил сүйүүчүлөрүнүн тобу, эски маданияттагы – короз уруштуруучулар, ит уруштуруучулар, күрөш оюунун көрүүчүлөрдүн күйөрмандары, улак оюндарын көрүүчүлөрдүн күйөрмандарынын группаларын ж.б. ушул сыятуу топторду айтууга болот. Алардын белгиси болуп, уюштурулуп жаткан оюн зоок, ба-

зар – учар бүткөндөн кийин ал топторду түзүп турган адамдар өз алдынча таркап кетишет.

В. Өнүгүү динамикасы боюнча – деңгээли төмөнкү группа, деңгээли жогорку группа, ассоциациялык группа, корпорациялык группа, диффузиялык группа, коллектив болуп бөлүнүшөт:

***Деңгээли төмөнкү группа*** *дегенде* – группага кирген адамдардын максатка умтулуу кызыкчылыктары анча өнүкпөстөн пайда болгон адамдардын тобу (кичине группага кирген айрым бир группалар дагы ушул группага киришет). Мисалы, жүргүнчүлөрдүн автобусдагы, о, аэрофлоттогу, аялдамадагы ж.б. ушул сыяктуу абалда түзүлгөн группаларды айтабыз. Алар дагы бирин бири жакындан тааныбаса дагы, өз – ара мамиледе болуп, сүйлөшүп, кандайдыр бир проблеманы талкуулашат,

Натыйжада алар өз ара контактка барып, таанышат. Ушул учурдагы аткарылып жаткан жумушу аяктары менен группа өзүнүн структурасын жоготот.

***Деңгээли жогорку группа*** *дегенибизде* – кандайдыр бир баалуулукка ээ болгон максаттын айланасына топтолгон, бирөңчөй адистикке ээ болгон, өтө жогорку деңгээлде тартипти сактаган, уюмдашкан адамдардын тобун айтабыз.

Мисалы, аскердик группалар, деңиз флотундагы бөлүмдөр (подразделениялар), корпорациялык группалар, спорттун коллективдик оюнду аткарган (футбол, волебол, баскетбол, хохей ж.б.) оюнчулардын тобун айтабыз. Анткени, бул группанын бир мүчөсү группанын сөзүн укпай, өз билгенин жасай турган болсо, жалпы командадагы ийгиликти жоготуп, аткарылып жаткан жумуштун маани – маңызын, баалуулугун түшүрүп жибериши мүмкүн. Аскердик ишмердүүлүктө группанын абалын кыйроого, айрым учурларда өлүмгө алып барышы да мүмкүн. Ошондуктан бул группага кирген адамдардын ортосунда ынтымактуулук жогорку деңгээлде жашайт.

***Ассоциациялык*** (*латын сөзү, кыргызча - бириктирүү дегенди билдирет*) группа дегенибизде - бул группага кирген мүчөлөр үчүн аткарылып жаткан жумуштун мазмуну бир тектүү жалпылыкка ээ болуу менен, адамдардын жаштык, жыныстык, кесиптик, улуттук маданияттык жана спецификалык жөндөмдүүлүгүнө жараша

топтоштурган адамдардын тобун айтууга болот. Мисалы, кыргыз маданиятындагы жаштык, жыныстык өзгөчөлүктөргө жараша жумушту аткаруу учурундагы адамдардын тобу. Той - тамаша учурунда чоң бодо малдарды союдагы касапчылардын тобу, тамак аштарды жасалгалоодогу топтолушкан аялдардын тобу, ошол тамак азыктарын жеп ичүүдө жаштык өзгөчөлүктөргө, жайгашуу ордуна карата түзүлгөн адамдардын тобун айтабыз. Ушундай эле дагы бир мисал, медицинадагы профессионалдык майда (узкий) адистердин тобу: хирургдар, терапевттер, урологдор ж.б. ушул сыяктуу бир катар мисалдарды келтирүүгө болот.

***Корпорациялык*** *(латын сөзү, кыргызча - коомдук биримдешүү) группа дегенибизде* – жекече кызыкчылыктын негизинде, жогорку деңгээлде уюмдашкан, башка социалдык группалар менен атаан - талашкан, авторитардык жетекчиликке ээ болгон, жабык группаны айтабыз. Мындай группаларга корпорациялык ишканаларды, урууларды группасын, рекеттин тобун, бандиттердин, браканерлердин жана жалпы эле кылмышкерлердин уюмдашкан тобун айтууга болот.

***Диффузиялык группа*** *дегенибизде* – жаштык, жыныстык, кесиптик өзгөчөлүктөрү боюнча ар башка болуп бири - биринен айырмаланган, бирок бир максатты канааттандырыш үчүн топтолгон адамдардын тобун айтабыз. Мисалы, космонавттардын тобун, мектептеги мугалимдердин тобун, спорт күйөрмандарынын тобун ж.б. группаларды айтууга болот. Булардагы негизги өзгөчөлүк болуп, жашты, жынысты, кесиптин окшоштуктарын ылгабай баардыгы бир максат үчүн иш – аракетти жасап, коюлган тапшырманы аткаргандыгы менен айырмаланышат.

***Коллектив*** *(латын сөзү) дегенибизде* – коомдук баалуулукту канаатандырыш үчүн, жогорку аң – сезимдүүлүктө болуп, алдыда турган максатты бирдиктүү иш – аракеттин гормонизациясында аткарууга багыталган адамдардын тобун айтабыз.

Мындай группаларга: мугалимдердин, медиктердин, куруучулардын, соода тармагындагы кызматчылардын, илим изилдөө мекемелеринин ж.б. ушул сыяктуу элдердин коллективин айтууга болот. Мындагы негизги өзгөчөлүк болуп, бул группага кирген адамдардын кесиптик абалы бирдей болгондугу менен өзгөчөлө-

нөт. Бардыгы ошол группанын спецификасына жараша адистикке ээ болушат.

Г. Реалдуу группа жана түздөн – түз байланышпастан туруп, түзүлгөн жагдайга карата – шарттуу эмес группа, шарттуу группа;

***Реалдуу (номиналду) группа*** (латын сөзү, кыргызча – аты аталуу менен пайда болгон группа) – бул группага кирген адамдардын тобу, коомдук керектиктерди канааттандырууга багытталып, жекече иш жөндөмдүүлүгү боюнча топтолгон адамдардын тобу кирет. Мисалы, курулуш жумушундагы – кыш кыноочулардын группасы, шыбакчылардын бргададагы, монтажниктердин бргадасы же мектептеги мугалимдердин коллективиндеги – математиктер, химиктер, биолоктор, тарыхчылар, жогорку окуу жайлардагы кафедралар (философия кафедрасы, психология кафедрасы, педагогика кафедрасы) ж.б. ушул сыяктуу ар бир предметтин окутуучуларынын группаларын айтса болот. Жашоо турмушта бул группалар өз алдынча бөлүнүү менен жашоонун ыргагын жаратып, адам баласынын турмушун улантып келет.

***Шарттуу эмес группа*** дегенибизде – бул группага кирген адамдардын жекече кызыкчылыктары бири – бирине дал келүү менен топтолгон адамдардын тобун айтабыз. Мисалы, студенттердин билимге, спорттук оюндун түрлөрүнө, өздүк көркөм чыгармачылыктарга, илим изилдөө жумуштарына ж.б. ушул сыяктуу ишмердүүлүктөргө кызыккан адамдардын тобун айтууга болот. Булардын башка группалардан болгон негизги өзгөчөлүгү болуп, ал группанын адамдарынын кызыгуусу. Ал жекече жүргөндүгү менен айырмалант. Аларды сырттан, эчким кошул деп кыйнабайт. Бул адамдар ушул группанын жалпы кызыкчылыгына дал (мас) келгенде гана ошол группага кире алышат. Булардын ишмердүүлүгү инсандык сапаттын өнүгүшүндө негизги фундаментти түзүп турат.

***Шарттуу группа*** дегенибизде – адамдын жашоосун активдештирүүдөгү субьективдүү иш – аракетте түзүлгөн шарттын негизинде топтолгон адамдардын тобун түшүнөбүз. Мындагы негизги группаны түзүп жаткан күч болуп, жашоону ***Рефренттик группа*** дегенибизде – адам баласынын улантууга керектүү ситуациялар саналат. Мисалы. акча алуу үчүн банктардагы барган адамдардын тобу. Ошол жерде өз – ара сүйлөшүп, эмнеге акча керек болуп жат-

канын, аны каякка керектей тургандыгын, банктан кийин кайсыл жакка бара тургандыгын, банктын кызматчылары кандай иштеп, өз кызматын аткарып жактандыгын айтуу менен өздөрүнүн айланасына элди топтоп группа түзө алгандыгы менен мүнөздөлөт.

Ушундай эле шарттуу эмес группалар, стадиондордо, банядагы адамдардын арасында, балыкчылардын группасында ж.б. жерлердеги топтолгон адамдардын тобун айтабыз. Бул группанын негизги белгиси болуп, качан ал топко кирген адамдардын максаты аткарылгандан кийин, ал группа бузулуп, группа болуу касиетин жоготкондугу менен түшүндүрүлөт. Мындай группалар болуш үчүн ал топко кире турган адамдардын жекече кызыкчылыгына байланыштуу болгон шарттар, себептер аларды түшүндүрүп турат. Мисалы, окутуучу начар окуган окуучуну, жакшы окуган окуучу шефке алышы үчүн, окууга байланыштуу болгон алардын ортосуна керектүү мотивдерди берип турушу керек. Ошондо гана ал балдардын ортосунда формалдуу эмес группа түзүлөт. Качан начар окууган окучу жакшы окуй баштагандан баштап ал группа жоюулат. Алар башка группаларга өтүп кетишет.

Д. Группадагы инсандардын кесиптик сапатына карата - референтик группа, группанын мүчөсүнө кирүү менен ал группаны майда микрогруппаларга бөлүү.

***Рефренттик группа*** дегенибизде – адам баласынын жашоосу үчүн баалуулкту жарата турган максатты канааттандырууга багытталган коомдук социалдык нормалардын (эрежелердин) негизинде топтолгон адамдардын тобун айтабыз.

Бул группанын жаралуу себеби болуп, коомдук баалуулуктарды таанууга кудурети жеткен, интеллектуалдуу адамдар кире тургандыгы менен башка группалардан айырмаланып турат. Мисалы, мекенге, улуттук баалуулук- тарга, жашоонун социалдык жактан өнүгүшүнө, экинчи бирөөлөргө карата бооркерликти көрсөтүүгө ж.б. карата багыталган ишмердүүлүктү жаратуучу адамдардан турган группаны айтууга болот. Бул группага кирген инсандар жашы, жынысы, билими жана адистиктери боюнча ар түрдүү болушат. Бирок алар ким болбосун алар мекендин (мамлекеттин) бүтүндүүлүгүн сактап, анын өнүгүшүнө көрсөтмө берүүгө аракеттенген группалар болушат. Алардагы психикалык өзгөчөлүк болуп, ат-

кара турган жумуштарын бири – бирин анча тааныбаса дагы, чын дилден, чоң энергияда, азарттуу активдүүлүктө аткарууга ниеттенгендиги менен айырмаланышат.

Буларды биз ар бир мамлекеттерден чыгып жаткан демонстрациялардан, баалуу сунуштарды жасап жаткан группалардан, демилгечил топтордун жумушунан жолуктурабыз. Мындай группаларды мектептерден, жогорку окуу жайлардан, ишканалардан дагы учуратабыз. Бул группа дайым эле оң жактуу боло бербестен, тескерсинче коомго жагымсыз багыттарда дагы түзүлөт. Мисалы, тоголок катчылар, материалчылар, гурппировшиктер, тымызын иш алып барган (алдыртадан, билгизбей, жамандыктарды жасаганга ниеттенген тоголок катчылар) адамдардын тобу.

***Группанын мүчөлүгүнө кирүү менен ал группаны майда микро группаларга бөлүү группасы*** дегенибизде – кандайдыр бир майда группанын же жеке өзүнүн кызыкчылыгын канааттандырыш үчүн керектүү группанын курамына кирүү менен жиберген группанын же өзүнүн максатын аткарууга багытталып топтолгон адамдардын тобун айтабыз. Мындай группалар чоң тапшырмалар, коомчулуктун абалын өзгөртүү, айрым бир группаларды жок кылуу багытында уюштурулат. Мындай топторго, диверсанттарды, шантажчыларды, башка кызыкчылыктарды көздөгөн ичи ийри адамдардын тобун киргизүүгө болот. Оң мазмундагы группаларга, саясатчыл активист десанттар (согуш учурда көп колдонулган), патриот активисттердин тобу, илимпоздордун тобуна керген окумуштуулар группасы, экспедициянын жетектөөчү тобу ж.б. мисал боло алышат. Бул группага кирген топтун мүчөлөрү, атайын даярдалган, машыккан, өз кесибине өтө мыкты, интеллектуалдуу инсандар болушат. Көрүнгөн эле адамдар бул топтун мүчөсү боло алышпайт.

## § 7.3. Группадагы мамиленин структурасы

Адам баласынын жашоосу татаал просстер менен коштолуп күндөлүк жашоону активдештирүүдөгү психикалык керектиктерди (материалдык, духовнный, табыгий жана искусстволук) канаат-

тандырууда, кааласа да каалабаса дагы экинчи бир адам менен мамиледе болбой туруп жашоону активдештире албайт. Ошондуктан бул проблеманын чечүү жолу катары группага кирген адамдардын ички субьективдүү дүйнөсүндөгү жашаган психикалык абалдарга жараша, группадагы мамиленинин структурасына маани берген жакшы. Психологияда бул мамилелер: ***позиция (жагдай), статус(элеген кызмат орун), ички установка жана роль (аткарган кызматы)*** деген түшүнүктөр аркылуу чечмеленет.

***Позиция дегенибизде –*** групага кирген адамдын белгилүү бир жагдайдын негизинде, гурппа мүчөлөрүнө карата мамиле түзө алууну айтабыз. Мындай мамлелер группаны белгилүү бир жагдай туурасында ойлондуруп, керектүү жумушту аткарууга багыт берип турат. Натыйжада группа мүчөлөрүнө потенциалдык мүнөздөгү поступкаларын (керектүү жумушту аткарууга багыт берген иш – аракет) жаратуу менен группаны керектүү жумушту аткарууга багыт берүүчү шартты жарат. Ошону менен бирге, жумуш аткарууга карата ыңгайлуулутарды, даярдыктарды, шартты, ситуациялык абалдарды жаратып турат.

***Мамиленин статусу*** дегенде – группанын калган мүчөлөрү үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон, өз – ара мамиледеги индивиддердин социалдык - психологиялык мамилени жара -туучу иш – аракеттин кызмат ордун айтабыз.

Качан группа мүчөсүнүн жанындагы адамдарга карата кайрылуусу басымдуу, баалуу болусу ал сүйлөп жаткан адамдын сөзүнүн мамиледеги орду, салмагы, баалуулугу, башка сөздөрдөн болгон айырмалуулугу мамиленинин статусун көтөрүп, таасирдүү болушуна алып келет. Эгерде сүйлөп жаткан адам сөзүнүн мазмуну, интонациясы, басымдуулугу менен группа мүчөлөрүн өзүнө карата алса, ушул иш – аракеттин аркасы менен ал адамдын инсандык статусу дагы көтөрүлүп өзүнүн артынан группаны ээрчите алат. Башкача айтканда, ал адам ошол группанын ичинде атайын эмес лидердик позицияга ээ боло алат. Натыйжада ал адамдын аброю көтөрүлөт. Кийинки убакыттарда группа мүчөлөрү менен жеңил сүйлөшүп, мамиле күчтүү сезимдерди жаратуучу психикалык курал болуп калат.

***Мамиледеги ички установка*** дегенибизде – бул жеке өзгөчө мүнөзгө ээ болуу менен ошол мамиледе болуп жаткан адамдын ички субьективдүү ойлоо системасындагы өзүнүн ошол группанын ичинде ээлеген статусу, өзүнө берген баасы, өзүндөгү мамилеге карата болгон социалдык шарты жана өзүнүн буга чейинки авторитети жөнүндө берип турган өздүк маалыматтарды айтабыз. Качан ушул жагдайдагы ички установка түзүлгөндөн баштап, ал адамдар сүйлөөгө карата активдүүлүк жаралып, жакшы мазмундуу, салмактуу сөздөр жарала баштайт. Ошондой адамдарды чечен адам деп коебуз. Ошондуктан Кыргыздарда “ ... чечен адам бирөөлөрдү жактап сүйлөйт, акмак адам өзү – өзү мактап сүйлөйт” деген накыл сөздөр калган. Натыйжада группа мүчөлөрүнүн ички установкага жараша группада оң мамилелер жаралып, группанын биримдиги жогорулайт.

***Группадагы мамиленин ролу дегенибизде*** - группанын өзүнчө стстуска ээ болуп коомчулукта бир позицияны ээлеп турушу үчүн группа мүчөлөрү каалап турган ролдук позиция эки жактуу жаралат. Биринчиси, атайын лидердик роль (бул адамдын жашына, жынысына, билимине жана кесибине жараша жогорку органдар тарабынан шайлангандар). Буларга: группанын старостасы, факультеттин деканы, университеттин ректору ж.б. мисал болушат. Экинчиси, жагдайлуу шартка жараша группадан өзүнүн жөндөмү, интеллектуалдуулугу боюна айырманын эсебинен пайда болгон ролдук лидер пайда болот. Буларга, группадагы аксакал адамдар, жөндөмдүү, акылдуу адамдар кирет. Ушул жагдайда ал адамдар группага керектүү ролдук позициядагы мамилени жасап турат. Группа, ролдогу лидердин командасына карата, коомдун талабына жараша бирдиктүү жумуштарды аткарып жаңы жаралууларды жаратып турушат.

## § 7.4. Группаны жетектөө стили

Группаны жетектөөчү, жетекчи болуп жаткан адамдын индивидуалдуу мүнөзүнө жараша: авторитардык ( жогору басым жасоо), демократиялык (коллегиялдуу), либералдык (эркин, жагдайга жараша) башкаруу болуп бөлүнүшөт. Бирок бардыгы группаны

башкаруу багытындагы мамилени уюштуруучу кызматты аткарышат. Бардыгынын башкарууга коюлган максаты бир, бирок аны аткаруудагы мамилеси, подходу, жумушту аткаруу миссиясы, реакциясы, ар түрдүү болот.

***Башкаруунун авторитардык стили дегенибизде*** – психологиялык көз караш менен караганда жагымсыз башкарууга кирет. Мындагы башкаруу автократтык кызыкчылык болгондуктан, жекече адамгерчиликтик психиха- лык сапаттар эске алынбай, инсандык аварой башкаруудан чыгып, башкаруу басымдын негизинде жашап, жетекчи менен кызматчынын ортосундагы кызматташуу алыстап, өз – ара мамиленин баасы төмөндөп калган мезгилге жете баштайт. Натыйжада коллективдин арасында жагымсыз психологиялык климат пайда болот. Мындай абал, адамдардын жашоого карата муктаждыктарынын негизинде жетекчиге карата болгон кызматчылардын арасында: подхалимдер (шванкорлор), интриганттар ( жарып бөлүүчүлөр), тоголок катчылар, групповой жазмачылар пайда болуп группаны психологиялык жана физикалык жактан ден – соолуктарына, маанайларына карата тескери таасирлерди жаратат.

Авторитардык башкаруу стили төмөнкү шарттарда көп колдонулат:

– кокусунан пайда болгон ситуацияларда – согуш учурларында, авария учурунда, жашоонун кыстал- ыш учурларында пайда болгон кырдаалдарда колдонсо боло турган башкаруу;
– жаңыдан түзүлгөн коллективди башкаруу учурунда;
– акыл иш – аракети төмөн болгон коллективде;
– күч структураларынын (ант берүү менен) коллек- тивдерин башкарууда кеңири колдонсо максатка ылайыктуу келет.

***Башкаруунун демократиялык стили дегенде*** – жетекчи кол алдындагы кызматчылардын күндөлүк керектигин, жумушка, жашоого карата болгон кызыкчылыктарына карата оң жагдайда көңүл пайда болгон башкарууну айтууга болот. Мындай башкаруу кызматчылардын жумушка болгон мамилесинен жаратып, алардын ички психикалык стимулдарын күчөтөт. Кызматчылардын жумушту аткарууга карата жаңы технологияларын жаратуу менен жетек-

чи менен кызматчынын өз – ара мамилесин жакшыртат. Жумуш аткаруунун эффективдүүлүгүн көтөрөт. Натыйжада коллективдин арасында оң психикалык жана физикалык жагдайлар жаралып, биримдүүлүктүн психологиялык климаты өнүгөт. Мындай башкарууну колдонгон жетекчилер, өзүнүн оюн эч качан кол алдындагы кызматчысына таңуулабайт. Маселенин эркин чечилишине мүмкүндүк берет.

Жетишпеген жагы болуп, айрым бир так, кыска убакытта аткарыла турган жумуштар биринчи жолкулары жогорку деңгээлде так болбой, убагында аткарылбай, кечигип аткарылат. Бирок ал аткарылган жумуштар улам – улам текшерилгендиктен сапаты жогору болот. Аткарып жаткан кызматчынын жан дүйнөсү аркылуу аткарылат. Бул стилдеги башкаруу “адам - адамга дос жана жолдош” – деген принципке дал келет. Жетекчи тарабынан кызматчыларга карата кемсинтүү, жектөө, артынан түшүү, алардан жамандыкты издөө иш – аракеттер болбойт.

***Башкаруунун либеральдык стили дегенде –*** жетекчилер тарабынан атайын талаптар коюлбай, жогорку деңгээлдеги чыдамкайлык менен күтө билген, өз кымат- чыларынын кесипкойлүгүнө ишенген, жетекчи менен кызматчыларынын ортосунда ишенимдүү мамиледе жашаган башкарууну айтууга болот. Мындай башкаруу качан оң жыйынтыкты берет, жетекчинин кол алдындагы кызматчылары өтө күчтүү квалификациядагы адистер болгон учурда аткарылат. Андай адамдардын тартиби, чыгармачылык менен иштөө принциби жогору, иш – жөндөмдүүлүгү жогору болгон кызматчылардын арасында жашайт. Мисалы, дикломотированный сварщик, машиниска, врач – хирург, автоматчик (станокто иштегендер), куруучу ж.б. айтууга болот.

Жетишпеген жагы болуп, айрым бир кызматчы коллективди башкарып, өзүнүн аброюн көтөрүү менен бир коллективке эки башаруучуну жаратуу менен, башкаруунун конкуренциясын пайда кылат. Мындай учурда кааласа – каалабаса да жетекчи менен ал адамдын ортосунда конфликт жаралат. Качан экөөнүн бирөө бийликти экинчисине бергенден баштап кайрадан мурдагыдай либералдык башкаруу өз жашоосун уланта баштайт.

## § 7.5. Лидерлер жөнүндө түшүнүк жана алардын типтери

***Лидер дегенибизде*** – группанын ичинен жекече интеллектуалдуулук, инсандык сапаты боюнча өзгөчөлөнүп, башкарууга сунушталган инсан ошол группанын лидери болот.

Лидер болгон адам – группанын жоопкерчилигин мойнуна алып, группа мүчөлөрүнө бирдей мамле жасап, группадагы болуп турган түрдүү ситуациялык абалдарды жөнгө келтирүүдө активдүү мамиледе болуп, группанын жалпы маселесин чечүүчү милдетти аткарат ( азыркы учурдагы жоролор башчысы сыяктуу). Лидер эч качан өзүн жалгыз сезип группанын сыртында болбошу керек. Ал майда группанын кыймылдаткыч күнүнө айланып, дайыма группанын локомотиви болуу менен группалык активдүү- лүктү өркүндөтүп турган кыймылдаткыч күч болуп турушу керек. Ошондо группа бир муштумдай чогулуп, коомчулук тарабынан берилген тапшырмаларды өтө азарттуулукта аткарууга жетишип турат.

***Группанын лидери*** - ишкердик лидер, эмоционалдык лидерлер - малиматтуу лидердин компонеттеринин элементтеринен жаралат.

***Ишкердик лидер дегенибизде*** – формалдык группанын ичинен пайда болуп, кандайдыр бир жекече өзгөчөлүгү боюнча айырмаланган. жогорку органдар тарабынан шайланган адамдар болушат. Буларга, группанын старостасы, биргадир, кафедранын башчысы, факультеттин деканы, университеттин ректору ж.б. кирет. Мындай адамдарда жумушка карата жогорку деңгээлдеги компетенттүүлүк, ар кандай жумушту чечүүгө жөндөмдүү, ишкердүүлүгү боюнча абройго ээ болгон, өз ишине дасыккан ишкерлер болушат. Группа мүчөлөрү тарабынан болгон суранычтар, кайрылуулар канааттандырылбай калбайт. Ошондо гана ишкердик лидер боло алат.

***Эмоциональдык лидер*** - формалду эмес группанын арасынан чыгат. Андай адамдар өзгөчө эрудицияга ээ болуу менен өзүнүн айланасына группа мүчөлөрүн топтоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болот. Ошондуктан группа жогорку органдардын көрсөтмөсү жок эле өздөрү группа башы кылып шайлап алышат. Ал адам – кайрымдуу, боорукер, тамашакөй, группанын ичинде психологиялык комforttуулукту түзө алган, баардык жумушту чечкиндүүлүк менен чече алган инсандык сапатка ээ болот.

***Маалыматтуу лидер*** *(группанын мээси деп дагы айтылат)* **-** мындай адамга группанын баардык мүчөлөрү ар кандай суроолор менен кайрылып турушат. Андай адамдар үчүн убакыкт жок, эртең, кийин келчи деген баш тартуу болбойт, баардыгына үлгүрөт. Анткени ал билимдүү, кесибин өтө жакшы билген, реакциясы жогору, кичи пейил адам болот. Мындай лидерлер формалдуу лидерден дагы формалдуу эмес лидерден дагы чыгышы мүмкүн.

***Формалдуу лидер дегенибизде*** – жогорку уюмдар тарабынан билимине, иш жөндөмдүүлүгүнө жараша шайланган айрым учурда группа тарабынан сунушталып, кээде жогорку уюмдар тандап буйруктун негизинде дайындалган адамды айтабыз. Буларга, ишкананын жетекчилери, окуу процессиндеги: староста, класском, окуу бөлүм башчысы, мектептин директору ж.б. айтса болот. Андай лидерлер атайын уюштурулган жыйындарга катышат, жыйындардын чечимдерине группанын атынан кол коет, чогулуштарда группа аткарып жаткан жумуштун жыйынтыгы, маани-маңызы боюнча сөз сүйлөйт, группанын кызыкчыл- ыгын коргойт. Мындай иштерди жасоого юридикка укук берет.

***Формалдуу эмес лидер*** – группанын ичинен группанын мүчөлөрүнүн жактыруусу аркылуу, группа жетечиси боло алат. Мындай лидерлерде юридикалык укук чектелүү болот. Бул лидер негизинен группанын гана ичиндеги маселелерди чечет, группа мүчөлөрүнө өз жөндөмдүүлүгүнө жараша жакындан жардам берип турат. Инсандык сапаты боюунча: оң эмоцияга, көркөм мүнөзгө, чыгармачылык менен ойлоого, өтө жогорку кесипкойлүүлүккө ээ болгон адамдар болушат.

***Лидерди үч типке бөлүүгө болот:***

**1. Вожак** (азыркы айыл аксакалдары, билермандары) – группа арасында авторитеттүү, таасирдүү, тилинен мөөр тамган адамдар болушат. Америкалык окумушту Р. Стогдилл вожактын төмөнкүдөй сапаттарын сунуштаган:

а) физикалык сапаты боюнча – активдүү, энергиялуу, ден-соолулугу чын, чымыр денелүү, күчтүү адамдарды киргизген;

б) инсандык сапаты боюнча – өзүнө ишенимдүү, жагдайга өтө бат көнүккөн, эл арасында кадыр баркка ээ болгон, ийгиликке жулунган, авторитеттүү адамдарды айткан;

в) интеллектуалдуу сапаты боюнча – акылдуу, туура чечимдерди чыгарууга жөндөмдүү, интуициялык чуудаларга ээ, ийгиликтерди салмактуулук менен баалай билген сапаттарды киргизген;

г) жөндөмдүүлүккө карата – бирөө менен жеңил мамиле түзө алган, жеңил мамилени жараткан, өтө элпек ошол мезгилде талапты туура кое билген, мамилеге сакыба (тактичный), дипломат адамдык касиеттерди киргизген.

**2. Лидер** (кыска мазмундагы айтылышы) –мындай адамдар анча авторитетке ээ болбосо деле өзүнүн айланасына өзү менен пикирлеш адамдарга башчылык кылган статустук ролду айтабыз. Бул адамда ишендирүүдөн, толкундатуудан сырткары “мен жасагандай жаса” – деген таасири өтө күчтүү жашайт. Мындай таасирдүү көрсөтмөлөр көпчүлүк учурда формалдуу эмес группадагы адамдардын арасында жакшы жүрөт. Мындай адамдардын ролу көпчүлүк учурда коомчулук үчүн тескери мазмунга ээ болгон иш – аракеттерде көп байкалат.

***3. Ситуациялык лидерлер*** – кандайдыр бир жашоодогу кырдаалдын негизинде, убактысынча, белгилүү абалдан чыгууда жардам көрсөткөн ролдук позицияны айтууга болот. Мындай лидерлер, коллективдик салтанаттуу жыйындарды (тойлорду, илимий жыйындарды, коллективдик чогулуш- тарды, спортук, өздүк көркөм оюндарды ж.б.) өткөрүүдө, ар түрдүү мазмундагы туристтик жүрүштөрдү башкарууда колдонулат.

Ошентип лидер ар түрдүү шартта анын мазмунуна жараша ар түрдүү көрүнүштөгү ролдук позицияда, группалык коомду башкарып турат. Жана ошондой эле группа мүчөлөрүн белгилүү багыттагы идеологиядагы саясатты канаат- тандырып турат. Группанын калган мүчөлөрү анын сөзүн угуп, анын көрсөтмөсүнө жараша белгилүү бир жумуштарды аткарышат.

## Колдонулдган адабияттар


1. Андрева Г.М. Социальная психология. – М.: 2004. 426
2. Базаров, Т. Ю. Психология управления персоналом : учебник и практикум для академического бакалавриата Y Т. Ю. Базаров. — Москва : Издательство Юрайт, 2019. 381, с. 3.
3. Бэрон Р. Социальная психология группы: процессы, решения, действия Y Р. Бэрон, Н. Керр, Н. Миллер. – СПб.: Питер, 2003. – 272 с.

4. Леонов, Н. И. Психология общения : учебное пособие для среднего профессионального образования Y Н. И. Леонов. — 5-е изд., перераб. и доп. — Москва : Издательство Юрайт, 2019. — 193 с.
5. Коломинский, Я.Л. Психология взаимоотношений в малых группах Y Я.Л. Коломинский. – Минск: Тетра Системс, 2001. – 305 с.
6. Крысько В.Г. Социальная психология Y В.Г. Крысько.– М.: Питер, 2005. – 221 с.
7. Куницына В.Н. Межличностное общение: Учебник для вузов Y В.Н. Куницына, Н.В. Казаринова, В.М. Погольша. – СПб., 2006. – 544 с.
8. Милграм, С. Эксперимент в социальной психологии Y С. Милграм. – СПб.: Питер, 2000. – 336 с.
9. Немов Р.С. Социальная психология: Краткий курс Y Р.С. Немов, И.Р. Алтунина. – СПб.: Питер, 2008. – 208с.
10. Социальная психология в современном мире Y Под ред. Г.М. Андреевой, А.И. Донцова. – М., 2002. – 335 с.
11. Социальная психология личности в вопросах и ответах Y Под ред. В.А. Лабунской. – М.: Гардарики, 2004. – 397 с.
12. 12. Шихирев П.Н. Современная социальная психология Y П.Н. Шихрев. – М., 2004. – 448 с.
13. Фомин, Ю.А. Психология делового общения Y Ю.А. Фомин. – 3 изд., перераб. И доп. – Мн.: Амалфея, 2003. – 448 с

## Билимди текшерүүчү суроолор

1. Группа деп эмнени айтабыз ?
2. Социальдык группанын негизги белгилерине кандай өзгөчөлүктөр кирет ?
3. Группанын түрлөрүү ?
4. Социальдык группа эки адамдын курамынан болбу, болсо эмне үчүн?
5. Коллективдин ички инсандар аралык мамлесине жетекчилик ролдор, өз таасирин тийгизе алабы ?
6. Группадагы лидерлер, алардын ишеничин сактап калуу эрежелерин түшүндүргүлө ?
7. Эмгек коллективиндеги группалардын арасында жагымдуу психологиялык климатын жаратуучу шарттарды тизмектеп түшүндүргүлө ?

## *Сегизинчи бөлүм:*

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК МАМИЛЕНИН ПСИХОЛОГИЯСЫ

***Үй – бүлө бул, коомдун күзгүсү.***
***В. Гюго*** *(француз философу)*

*Эң кымбат мурас, тарбиялуу үй – бүлө.*
***Наполеон I Бонапарт*** *(француз кол башчысы)*

## § 8.1. Үй – бүлөнү социальдык кичине группа катары түшүнүү

Үй – бүлө бул, бир эле мезгилде: 1) коомдук моралдык нормада, никелешүүнүн юридикалык мыйзамы боюнча туугандык мамиледе болгон кичинекей группаны айтабыз; 2) коомдук тарыхый мааниге ээ болгон салт – санаасын, үрп – адатын сактап келе жаткан, үй – бүлөдөгү ата – энелердин, балдардын ортосундагы мамиленин негизинде топтолгон адамдарды түшүндүрүп туруучу социалдык институтту түшүнүүгө болот.

**Үй – бүлөдөгү функциянын бөлүнүшүү**

Жекече инсандык пландын негизинде, биологиялык фактордун иш- аракети менен коомдогу элдерди жаратуу багытындагы аял – эркектин ортосундагы репродуктивдүү (анг. сөзү, кыргызча биологиялык жактан көбөйүү) психологиялык мамиленин иш жыйынтыгын айтабыз. Эгерде ушул айтылган түшүнүккө таяна турган болсок, адам баласы дагы жаратылыштагы башка обьектер сыяктуу жаратылштын бир болуп саналат. Ал өсүп – өнүгүп жаратылышты толуктап туруш үчүн сөз сүз, үй – бүлөлүк мамиле активдүү жүрбөй туруп адам баласынын группасы жаратылшты толуктай албайт. Ошондуктан адам затынын арасында, үй – бүлө куруунун маданияты, салты, ритуладык эрежелери жаралган. Максаты дүйнөнүн бардык элдеринде бирдей болгону менен, жердин ар түрдүү континентинде геогрфиялык жердин шарты, климаты,

атмосфералык басымдары ар башка болгондуктан үй – бүлөөлүк маданият дагы ар түрдүү жашайт. Үй – бүлөдөгү кызмат орундар артүрдүү статуска, , мамиленин эрежелерине бөлүнгөн. Дүйнөнүн бардык жеринде үй – бүлө мүчөлөрү бирдей кызматты аткарышпайт. Ар бир жердин адамдары өз жагдайларына жараша өзүнө керектүү фунцияларды аткарышат. Жалпылап алганда үй – бүлө мүчөлөрү төмөнкү функцияны аткарышат:

а) тарбиялоо – мында коомдун жаңы курамын (поколениясын) социалдаштыруу, коомдук, улуттук маданиятын калыптандырууну колдо иш аракеттери аткарылуучу иш система;

б) үй –тиричиликтиктеги жумушту аткаруу – үй – бүлө мүчөлөрүнө жардам берүү, камсыздоо, физикалык жана психикалык жактан кубаттоо планындагы иш – аракеттер жасалат;

в) экономикалык багытта – үй – бүлөнү материалдык жактан камсыздоо, эмгекке жарамсыз үй – бүлө мүчөлөрүнө (балдарга, кары – картаңдарга, оорулууларга) тамак – азык, кийим-кече, үй – жай менен камсыздоо фунциясын аткаруу;

г) үй – бүлө мүчөлөрүн социалдык жактан коргоо – мында үй – бүлө мүчөлөрүнө келтирүүчү (табигый жана искусстволук) кырсыктардын алдын алуу, учурунда болуп жаткан кырсыктардан коргоо, керектүү мүчөлөрдү социалдык жана психологиялык жагымсыз абалдардан чыгуунун шарттарын түзүү, регламенттик графиктегилерге жоопкерчиликтүү мамиле жасоо ж.б. фунциялар аткарылат;

д) үй – бүлөлүк духовный ( жан дүйнөлүк) баарлашууну түзүү – мында үй – бүлө мүчөлөрү жашоонун максатына багытталган маанайда, чыныгы сезимимталдуу мамиледеги психологиялык климатты жаратуу, эч кимге айтпай турган интимдик, эмоционалдык, сезимталдык, тарбия багытындагы тескери мүнөзгө ээ болгон сөздөр менен мамиле түзүүгө баруу;

е) солцилдык-статустагы мамиле – мында үй-бүлөнүн ар мүчөсүнүн үйдө ээлеген ордуна карата, жекече мамиле түзүү, аларга субьективдүү жоопкерчиликти уюштурууга шарттарды түзүү ж.б.;

ж) эмоционалдык же псиотерапевтикалык мамиленин функциясы – психикалык жактан жагымдуу мамилелерди жасоо, эмоциялык жардамдарды көрсөтүү, үй-бүлө мүчөлөрүнүн сөзүн, ат-

карган жумуштарын кубаттоо, аларга карата интроактивдүү мамилелерди көрсөтүү, үй ичиндеги салттык ритуалдарга сарасеп салуу ж.б. функциялар аткарылат.

Ошентип көрсөтүлгөн мамиледеги функциялар өз эрежеси менен аткарыла турган болсо, үй-бүлө бузулбайт, майда – барат конфликттер болуп жарыбайт. Ушундай үй-бүлөдө чоңойгон балдардын интелектуалдуулугу жогору болот.

## § 8.2. Үй-бүлөлүк тарбиянын психологиялык принциптери

Көпчүлүк үй-бүлөдө, бала төрөлгөндөн баштап эмнени жасаса болот, эмнени жасабаш керек деген, баланын өзүн-өзү башкарууга багыт берген тарбия берилбегендиги тарбиядагы негизги кырсыктын бири – деген. У*луу орус педагогу В. Сухомлинский.*

Үй – бүлөлүк тарбиянын психологиялык негиздерине – *максаттуу багыт алуучулук, комплекстиптүүлүк, удаалаштуулук, милдеттүүлүк* - тарбиянын элементтерине кирип, тарбиялоонун активдүүлүгүн жаратып турат. Мындай маанидеги тарбия ата – энелердин, балага карата болгон өз – ара мамилесин башкарып, балдардын инсан болуп тарбияланышына ишенимдерди жаратуучу психологиялык ички күч болуп саналат.

Үй – бүлөлүк тарбиянын жалпы принциптерине:

– үй – бүлөдөгү мамилени түшүнүү менен карап, мамиледеги адамдарды сүйөө билүү принциби;
– баладагы инсандык сапат кандай болгон болсо, ошондой мазмунда ата – эненин кабыл алышы;
– балдарды тарбиялоочу метод, баланын физикалык, психикалык өзгөчөлүктөрүнө жараша тандалышы;
– ата – эненин тарбиядагы оң таасири болуп, балдарды туура тарбиялоо принциби;
– баланы туура тарбиялоодогу тарбиянын ченеми болуп, акыл айтып ага натация окуу эмес, ал маалыматты оюн формасында жеткире билүү ж.б.

Канчалык ушул принциптер өз ирети менен тарбия жаатында уюштурула турган болс о, ата – эне менен балдардын өз - ара мами-

леси жакшырып, бирине – бири ызат –сый менен карап, тарбиянын баалуулугу жогорулайт.

Үй – бүлөдөгү тарбиянын милдеттүү аткарылуучу шарты болуп- алардын үй – бүлөсүндөгү ата – энелик, балалык укуктардын ар түрдүү деңгээлде ролдук абалдарга ээ болушунда. Ушул укуктар үй – бүлөнүн өз – ара мамилесин бузуп, бирөңчөй, туруктуу мамиленин болушун четке кагат. Үй – бүлөөлүк мамиле, үй – бүлө мүчөлөрүнүн жашоо шартына, интеллектуалдулугуна, стабилдүү психикалык абалына, үй – бүлөлүк экономикага карата саясый жактан жана инсандык сапаттары боюнча турактуу болушуна жараша жашайт. Эгерде көрсөтүлгөн принциптер бирине- бири карама – каршы коюла турган болсо, андай мамилелер башкаруудан чыгып, үй – бүлөлүк конфликттерди жарата баштайт. Үй – бүлөлүк принциптер бири – бирине карама – каршы келип, балага карата болгон мамилелердин баасы жоголот. Анда балага берилип жаткан тарбиянын күчү дагы жоголот. Мисалы, атанын балага карата берген тарбиясын эне кубаттабаса, атанын ролдук баасы жоголуп, бала атанын берген тарбиясын кабыл албайт жана укпайт. Натыйжада ата менен баланын өз – ара мамилеси алыстап, бала өз билгенин жасай баштайт. Мында кыргыз макалындагы “... атасы болушчаактын баласы ыйлаак, энеси болушчаактын кызы ыйлаак “ деген макалдын мазмуну балада жашай баштайт. Андай балдар эч качан “ Эр жигит эл четинде, жоо бетинде” – деген тарбиялык принципде жашай алышпайт.

Ушуну менен эле бирге үй – бүлөдөгү тарбияга, улуттук мазмунга ээ болгон маданияттардын, диндик принциптердин, өнүгүүнүн цивилизациясынын айрым бир элементтери тарбияга карама – каршы келип, улуттун традициялык баалуулуктары жоголуп жатат. Мисалы, кыргыз маданиятындагы гендердик саясат, аялдардын укугунун эркектерден төмөн коюлушу, үйдөгү эркек балдарга кыздарга салыштырмалуу жогору укуктардын берилиши. Кээ бир учурларда энелик ыйык сезимдерди пайдаланып энелер, балдарды өзүнө тартуу менен атаны, үй – бүлөлүк лидерликтен чыгарууда. Ошону менен энелер бийликти өзүнө алууга жасалган аракеттер азыркы учурда тарбия багытындагы көптөгөн проблемаларды жаратып жатат. Ушул багыттагы проблема үй – бүлөлүк конфликттин

эң жогорку чекити болуп саналат. Эгерде ушундай жагдай жарала турган болсо, ал үй – бүлөнүн мүчөлөрүнүн ортосунда ынтымактуу мамиле келишүүчүлүктөр болбойт. Мындай жагдайдагы мамилени жокко чыгаруу үчүн үй – бүлөөнү тарбиялоо багыттындагы методдор туура тандалышы керек.

Үй – бүлөнү башкаруудагы методдорго: - *сыйлоо, сыйлык берүү, ишендирүү жана тартипке чакыруу*, иш – аракеттер тарбиянын ыгына жараша уюштурулуп турушу кирет. Мисалы, сыйлоо, сыйлык берүү бардык учурда эле жарай бербейт. Алар, баланын эмгеги үй – бүлөөгө сиңгенде, даталуу күндөрдө, бериле турган метод. Аларга баалуу буюм – теримдерден баштап алкыш, сыйлуу тамак азыктарды киргизүүгө болот. Ишендирүү өзү дагы өзгөчө психологиялык жол жоболорго, өзгөчө мамилелерге ээ болот. Алсак, туура кеңештерди факты менен көрсөтүп ишенимге кирүү, жаман менен жакшынын айырмасын тааныттуга жетишүү, ушул багыттагы көнүгүүлөргө баланын өзүн катыштырып, ишендирүү . Мисалы, “сыйкырдуу торбо” балдар үчүн чыгарылган мульт фильимден бир көрүнүш. Тентек бала (алты-жети жаштагы), ал ар күнү айлындагы үйлөрдүн айнегин сындырып, элдин багын бүлүндүрүп, дагы башка тентектикти жасап апасынын сөзүн укпайт.

Бир күнү апасы баласын жетелеп ошол айылда бир карыяга алып барат да, суранат. Балама таасирдүү акылыдан айтып коюуңузчу деп. Анда карыя, бир кичинекей баштык берет, бар ушул башыкка ар бир элге кылган жакшылгың үчүн чүкөгө тең келе турган таштарды салып толтуруп кел, ошондон кийин сен каалагандай тентиктик кыла бересиң. Сага эч ким тоскоолдук кылбайт – деп баланы жөнөтөт.

Бала көчөдө келе жатса баягы өзү сындырып койгон айнекти, үй ээси салып жаткан экен, бала ойлонот ушуларга жардам кылып, жакшылык жасайын да баштыкты толтура баштайын деп, аларга жардам берип, баштыкка биринчи ташты салат. Андан ары бара жатса баягы өзү бүлдүрүп койгон бакта багбан, бактарды иретке келтирип жаткан болот.

Ага да жардам берип баштыкка экинчи ташты салат. Ошентип айылдагы жардамга муктаж болгон адамдарга жардам берип жүрүп, баштыкты толтуруп, баягы карыяга баштыкты толтурдум, эми

өз билгенимды кылсам болобу дейт. Анда карыя баштыкты алып калып, мейли эми өз билгениңди жаса дейт. Бала жыргап, эми мен тартип бузсам эч ким эч нерсе дебейт деп, көчөгө чуркап жөнөйт. Баратып, бир үйдүн айнегин сындырайын деп ташты жерден алса, ал үйгө бир аз убакыт мурда эле өзү жардам берип, эмгеги кеткенин ойлонуп, башка үйлөрдөгү буюм – теримдерди бүлдүргүсү келет. Бирок сындырайын, бүлүндүрөйүн десе бардыгына жардам берген, өзүнүн эмгегине өзү жамандык келтиргиси келбеген бала, тартипүү бала болуп калган экен.

Экинчи өзгөчө диалог түзө алуу. Мисалы, ангеме, жомоктогу каармандарды баланын инсандык сапатына таандык экендигин мисал менен жеткирүү ж.б. Үчүнчү тартипке чакырууда, каалаганын бербей коюу, жасатпай коюу керек болуп калса денесин ооруткан токмоктоого барууну айтабыз. Азыркы учурларда карангы бөлмөлөргө камап коюу, эшикке убактысынча коркутуп чыгарып коюу ж.б.. А.С. Макаренконун педагогикалык тарбияларын колдонсо болот. Мындай тарбияны жүргүзүүдө ата менен эненин маакулдуктары, бири – бирин колдоо болушу керек.

## § 8.3. Үй-бүлөдөгү жубайлардын ортосундагы мамиленин психологиялык өзгөчөлүктөрү

Мурунку замандан ушул күнгө чейин никелүү үй – бүлөдө, ар үү мамлекеттерде ар түрдүү адамдар жашап, өз – ара мамиледе болуп келе жатышат. Мындай үй – бүлөгө:

1) Моногамная үй-бүлөдө – эри жана аялы менен эле жашоо;

2) Полигемная үй-бүлө: а) бир аялдын көп эркек менен жашашы; б) бир эркектин көп аял менен жашашы.

**Жубайлардын инсандык типтери:**

***Рационалдык партнерлор*** – мында эркек – аялдар, үй – бүлөлүк жашоодо бирдей милдетти аткарып, укук жана милдеттер бирдей бөлүнүп, болуп жаткан окуяларга чын дилден (трезво) маани берип, анын жөнгө салынышына экө тең бирдей жоопкерчиликте карап, аны аткарууга далалат жасаган үй – бүлөнү айтабыз. Мын-

дай үй – бүлөнүн жашоо шарты үлгүлүү болуп, идеалдык үй – бүлөнүн нормативтерин жарата алган адамдар болушат.

***Ата – энелик партнерлор*** –мында ата – энелер үй – бүлөнүн уланышын камсыздап, бала – чакалуу болуу менен ошол балдардын жашоосун, тарбиясын камсыздаган адамдар болушат.

***Балалык партнерлор*** – мындай үй – бүлөлөр балдар сыяктуу болушуп экинчи бирөөлөрдүн камкордугуна муктаж болгон адамдар болушат. Көпчүлүк учурда өздөрүнүн жашоого карата болгон алсыздыгын көрсөтүү менен, өздөрүн жашоого карата жөндөмү жок экендигин билгизип турушат. Турмушта мындай үй – бүлө көп, ата – энелеринин, экинчи бир камкорчулардын кароосунда жашашат. Мындай үй – бүлөлөрдөн балдарга болгон тарбияны күтпөй дагы койсо болот.

***Көз карандысыз жашаган парнерлор*** – мында үй – бүлө мүчөлөрү, бирдей укукка, милдетке ээ болуу менен бирдей каражат таап, бири – бирине көз карандысыз жашаган адамдар айтылат. Мындай үй – бүлөлөр, көпчүлүк учурда интелегенция катмарында көп учурайт. Булар үчүн бирине дагы жашоонун бардык параметтирлерине карата артыкчылык берилбейт. Тең укукта, тең милдетти аткаруу менен жашашат. Жада калса кийим кечени айтпай эле коелу, тамак - азыктар ортодон болуп, акча керек болуп калса карызга алып, мүмкүнчүлүк болгондо кайтарып берип турушат.

***Романитикалык партерлор*** – мындагы үй – бүлө мүчөлөрү жан – дүйнөсүндөгү мамиле менен маакулдуктарда жашап, бири – бирин өтө жакындан таанып, бири – бирине берилгендиктеги мамледе болгон адамдар. Мындай үй - бүлөдө сүйүү сезимдери жогору болгон адамдарды айтууга болот. Булардагы синтименталдуулук өтө жогору болот.

***Жолдоштук партнерлор*** – мындай үй – бүлөнүн мүчөлөрү романтикалык жашоону эңсешпейт. Алар күндөлүк жашоону жолдоштук иретинде өткөрүү менен, портнерлордун ортосундагы мамилени туугандык сезимге айландырып, бири – биринин “оорун колдон, жеңилин жерден алып” жашоого ыңгайлашышат. Булар өтө ынак же өтө жагымсыз болушпай орто мамилени уюштурушат. Бул үй – бүлөлүк типтер баардык адамдар үчүн бирдей боло бербейт. Партнердук адамдардын жашоого карата субьективдүү дүй-

нөсүнө жараша уюштурулат. Үй – бүлө куруучулар ушул жагдайларды карап, анан үй – бүлө курганы жакшы деп кеңеш беребиз.

## § 8.4. Үй – бүлөнүн поколениясынын абалы, саны боюнча мүнөздөлүшү

1) Жөнөкөй (нуклеардык) үй- бүлө – мында эки эле поколения жөнүндө сөз болот (ата – эне жана балдар) ;

2) Татаал (кеңейтилген) үй – бүлө – мында үч поколениянын адамдары жашайт (чоң ата-эне, ата-эне жана балдары);

***Ушул үй-бүлөдө жашагандардын партнердук мамилеси жана алардын мамилесинин мүнөздөлүшү:***

1) Салттагы (традициядагы) үй – бүлө - мындай үй – бүлөдө, үй – бүлөнүн денастиясын сакташ үчүн, турмуш тиричиликти активдүү канаатандырып, өздөрүнө таандык инстиннттик керектиктерди канааттандырып, эч кандай эркиндикти, өнүгүүнү, жашоодогу чыгармачылыкты;

2) Жакшы жашоону каалабаган, өздөрү менен өздөрү болуп жашаган адамдардын тобун айтууга болот. Дагы бир өзгөчөлүк болуп, үй – бүлөдөгү тукум калтыруу, стабилдүүлүктү сактоо, бөлүнүп кетпөө , үйдүн мүчөлөрү менен туугандык сезимдеги мамилени түзүү жана өз – ара катнашты күчөтүү болуп саналат.

3) Көз каранды үй – бүлө – мындай үй – бүлөдөгү мүчөлөр жоопкерчиликтен качып, психологиялык керектикти өз мүмкүнчүлүгүнө жараша аткарып, кокустуктарды болтурбоонун аракетинде болуу. Мында, экинчи максатка конкретүү умтулбаган, атайын түзүлгөн мамилеге көз карандысыз жашаган, патологиялык мазмундагы тукум улооануу көздөп жашаган үй – бүлөөнү айтууга болот.

4) Партнердук үй - бүлө – бул жогоркулардан айырмаланып, атайын уюмдашкан, өнүгүнүүн жагдайларын изилдеген, үй – бүлөнүн бардык мүчөлөрү маселени ачык чечүүгө аракет кылган, өз ара мамиледе бири-бирине өтө ийкемдүү болушкан, бирин – бири колдоп турган адамдардын тобун айтабыз. Мындай үй – бүлөлөрдүн максаты ачык болуп, өнүгүүгө түз барган, өзүн – өзү өнүктүрүүгө аракет жасаган, өнүгүү учурунда үй – бүлөдөн жардам күткөн, адамдар болушат.

**Гармоникалык жактан өнүгүүнүн критериялары**

***1) Гармониялык үй – бүлө дегенибизде*** – ата - эне менен балдардын ортосунда, ачык мүнөздө жашаган, инсандык жактан өнүккөн, ар тараптуу чыгармачылыкты каалаган, эмоционалдуу мазмунда жылуулукка ээ болгон, баардык мүчөлөрү өнүгүүгө багыт алган мамиледеги адамдарды айтабыз. Башкача айтканда, интеллегенциялык үй – бүлө мисал болот.

***2) Дисгармониялык үй – бүлөнүн психологиясынын типтери:***

**а)** Сырт жагынан туруктуу көрүнгөн үй – бүлө дегенибизде – сыртынан тең салмактуу көрүнгөнү менен жоопкерчиликтен качып, биримдикке өтө муктаж, жылдап үй – бүлөнүн мамилелерине канбаган адамдардын тобунан түзүлгөн адамдарды айтабыз.

б) Булкандык үй – бүлө дегенибизде – тынч эмес, өздөрүн кармай албаган, үйдө чыр – чатак болуп, ата –энелери ажырашкан, дайыма бирин – бири күнөөлөгөн ошол эле мезгилде бирин – бири жакшы көргөн мамиледе жашашат. Өздөрүн кармай албагандыктан, өздөрүнчө эле жоопкерчиликти өз моюундарына ала берген, үй – бүлөнүн баардыгы үчүн жооп берүүгө даяр турган адамдар болушат. Мындай үй – бүлөдөгү балдар ок - дары салынган бочкага отургандай болуп дайыма коопсузданып, жарылууну күтүү менен жашайт. Ошондуктан мындай балдарда невротикалык у күчтүү болгондуктан, психикалык ооруларга оңой чалдыгышат. Аларды дарылоо оңойго турбайт.

в) Тазалоочу (санитариялык) үй – бүлө дегенибизде – кандайдыр бир кокустуктуктан коргонууга даяр туруп, кокустуктарды болтурбоонун камында жашаган үй – бүлө. Мындай үй – бүлөнү сырткы жагынан караганда өтө биримдиктүү, бирин – бири колдогон, өтө жогорку деңгээлде үй – бүлө үчүн тынчсызданышкан, мүчөлөр экинчиден өтө баалуу сезилген, ал адамдар үчүн баардыгына маакул болуп, сырткы коркунучтарды жок кылууга багытталган иш – аракеттеги адамдардын тобун айтабыз. Мындай кам көрүүчүлүк, ал үй – бүлөгө кутлту (баш ийүүчүлүктү) алып келип, физикалык жана психикалык жактан нервтик оорчулукту пайда кылып, айрым эрки бош мүчөлөргө нервтик ооруларды жаратып турат.

г) Үй-бүлөлүк – коргон (крепость) дегенибизде – сырт жагынан караганда туректуу, биримдиктүү, коркунучтардан сырткары жашаган үй – бүлө. Мындай караганда толук өздүк түшүнүк менен жашаган илюзия көрүнүп “биз барбыз” сезимди туюндурган жашоо сыяктуу көрүнөт. Бирок мындай үй – бүлөдө андай болбойт. Бул үй – бүлөдө жан – дүйнөнүн боштугу жашап, бирине – бири билгизбөөнүн аракетиндеги иш - аракеттери жүрүп, бири кетирген катачылыктарын экинчиси жаап турушат. Бул үйдүн мүчөлөрү өтө жүдөө болушат. Ошондуктан бул үй – бүлөдө регламенттик эреже жашап, ал иш – аракет белгилүү максат үчүн гана аткарылат. Мындай үй – бүлө азыркы күндө, кыргыз менталитетинде дагы кеңири тарап, жашап жатат. Ата – энелер карьера үчүн уулдарын байлардын, чоң кызматчылардын кыздарына үйлөп - жайласа, текеричинче кыздарын оюна койбой байлардын, чоң кызматчылардын балдарына турмушка берүүдө ж.б.

д) Демонстративдик (театрлашкан) үй – бүлө дегенибизде – мындай үй – бүлө мүчөлөрүндөгү мамиле аралыкта жашап, бирин – бири спектакелде ойноп жаткан сыяктуу кууланып, алдап, жашаган адамдардын тобу айтылат. Мында, тарбиялана турган бала көмүскөдө калып, тарбия багыттындагы иш – аракеттер конкретүү жашабайт. Бала кароосуз калгандыктан бала көчө балдарына айланат. Бирок үй – бүлөлүк жашоо шаңдуу өтүп, кимге болсун ичиндеги психологиялык абалдар байкалбай жакшы атмосферадагы жашоо сыяактуу өтө берет. Мындай үй – бүлөнүн алдын алуу көп кырсыктарды болтурбоонун приоритети болуп саналат.

ж) Эл кумир туткан үй – бүлө дегенибизде – идеалдык мазмунга ээ болгон үй – бүлөнү айтууга болот. Мында ата – эне үй – бүлөлүк мамилени жакшы жолго коюу менен, балдарга карата тарбияны жакшы карап, үй – бүлө үчүн болгон сыймыкты кармап турууга аракет жасаган адамдардын тобун айтабыз.

з) Чүмгөк жамынган (маскараттык) үй – бүлө дегенибизде - үй – бүлөлүк жашоодогу пландары дал келбеген, биринин сөзүн экинчиси укпаган, атандашуу өтө күчтүү өнүккөн, тарбия планы экинчи оорунда турган мамиледеги адамдардын тобун айтабыз. Мындай үй – бүлөлөрдү “сылан короз” үй-бүлөсү деп коюшат. Балдардын инсан катары өнүгүшүндө, мындай маскараттык психикалык абал-

дар чоң тоскоол- дуктарды жарататат. Балардын кызыкчылыктары бир багыттуу болуп, гармониялык өнүгүүдө жетишпестиктерди жаратып, мотивация өз баасын жоготот.

Ошентип дисгармониялык үй – бүлөнүн психологиялык типтерин анализге албай туруп, балдарды ар тараптуу тарбиялап, өнүктүрө албайбыз. Кааласак да, каалабасак да ар бир баланын социальдык шартына мүнөздүү болгон тек - жайына маани берүү менен иш алып баруу, азыркы педагогдордун номер биринчи милдети болуп саналат.

## § 8.5. Жубайлардын патологиялык типтери

***Эпилептоиддик (***грек. кыргызча – бардыгына даяр болуу) ***жубайлар –*** тартипти өтө жакшы көргөн, баш аламандыкка барбаган, үй – жайды тартиптүү кармап, жашоого өтө сергек мамиле жасаган адамдар кирет. Интимдик мамлеге консервативдик рамкада мамиле кылган, өзүнүн ыгына, шартына жараша мамиледе болгон адамдарды айтууга болот;

***Паранояллдуу*** (грек. кыргызча – акылсыздыкка баруу) ***жубайлар –*** жубайлар бири – бирине ишенбестик менен мамле жасап, бирин – бири текшерип кызганычтыктын үстүндө жашаган үй – бүлөнү айтабыз. Булардын интимдик мамилелери кайдыгерлик менен коштолуп бири – бирине өтүүчү жылуулук сезим начар уюштурулат. Мындай абалдарды билип турушса дагы, аны жакшыртуунун үстүнөн иштешпейт. Мындай психикалык абал үй – бүлөнүн өсүп өнүгүшүнө чоң зыянын тийгизип турат. Аларды көрүп турган балдар үй – бүлөлүк мамилеге кайдыгердик менен мамиле жасаганга өтүшөт. Аларда дагы үй – бүлөлүк жоопкерчилик экинчи планда жашап калат;

***Гипертимдүү (***грек. кыргызча – маанай, дегенди билдирет***) жубайлар –*** мындай жубайлар дайыма өзүнүн айланасындагылар менен оң мамиледе болуп, көңүлү ачык, өзүнүн маанайын аларга жугузууга аракеттенген жубайлар болушат. Карама – каршы жыныстарга болгон мамилеси активдүү, аларга жентелмендик мами-

лени жасаганды жакшы көргөн адамдар болушат. Интимдик мамиле дайыма алардын көңүлүн ачып турат;

***Истероиддивдүү*** ( анг. кыргызча – көңүлдүн борборунда болуу) ***жубайлар*** – өз максатына кандай гана болбосун жете билген, өзүн бактылуу сезген, интимдик мамилеге өздүк каалоо менен барган, үй – бүлөлүк турмушту дайыма жакшыртуунун аракетинде жашаган адамдарды айтабыз;

***Шизоиддивдүү*** (грек. кыргызча – бирөнүн абалын эске алоочулук) ***жубайлар*** **–** жубайынын көңүлү менен иши жок, өзү менен өзү болгон, бирөөлөр менен аз сүйлөшкөн, бирөөнүн көз карашында өтө эле муздак, эмоционалдык жактан суук көрүнгөн адамдар болушат. Мындай адамдарды үй – бүлөлүк турмуш анча деле кызыктырбаган, өзү менен өзү жашаган адамдарды айтууга болот. Мындай үй – бүлөгө психологдордун жардамы керектелет;

***Психоастеникалык*** (грек. кыргызча – жаңжалдуу, өз билгенин кое бербөөчүлүк) ***жубайлар*** **–** үй – бүлө мүчөлөрүн коркутуу – үркүтүү, аларга катуу тийүү, дайыма жаңжалды чыгарууга жакын сезимдер менен жашоо, ушундай жагдайлардын болушу менен канааттануу, энергия алууга жетишкен адамдарды айтууга болот. Мындай адам үй – бүлө мүчөлөрүнүн кароосунда болуп, жаңжалды болтурбоонун алдын алуу менен жашаш керек. Ага теңеле бергени менен үй – бүлөлүк жашоо оңолбойт;

***Гипотимдүү*** (грек. кыргызча – маанайы пас, түнт) ***жубайлар*** – үй – бүлөлүк жашоосуна ыразы эмес, жашоодо көңүлү ачылбаган, интимдик турмушка анча деле кызыкпаган, өзү менен – өзү болгон адамдар кирет. Мындай жубайларга бирөөлөрдүн кеңеши, акыл насааты, турмуштагы ситуациялык өзгөрүүлөр эч качан жакпайт. Эгерде турмуштук өзгөрү болуп калса, андай жашоолорду каалабаган адамдар болушат;

***Сензитивдүү*** (латын. кыргызча – сезимталдуулук) **жубайлар** - жубайы тарабынан сылап – сыйпоону, жагымдуу сөздөрдү укканды, эмоционалдык жайдарылыкты, жалынып – жалбарууну жакшы көргөн сезимдеги жашаган жубайларды айтууга болот. Бирок чыныгы турмушта андай жашоо, көптөгөн үй – бүлөлүк жүрүм – турумга, ийгиликтерге, тарбиялык мазмунга карама – каршы келип, ал үйдүн мүчөлөрүнүн инсандык сапаттарынын коомдук талапка

жараша калыптанышына тоскоолдуктарды жаратып турушат. Чектен ашып кетпеши керек. Ошондо гана мындай жубайларда үй – бүлөлүк жашоо улана берет.

Ошентип ушул сыяктуу көптөгөн үй – бүлөлүк мазмундагы, жубайлардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн анализдерге алууга болот. Китептин мазмуну инсандардын, үй – бүлөлөрдүн, группалардын өз – ара мамлесин түшүндүрүүгө багыталат. Калганын ушул теориялар алынган булактардан (китептерден) кеңири окууну сунуштайбыз.

## § 8.6. Ата – эне менен балдардын ортосундагы өз – ара мамиленин типтери:

***Гиперопекалык*** (грек. кыргызча - өтө жогорку) мамиледеги тип дегенибизде – ата – энелердин балдарга карата мамилеси либералдык негизде жашап, балдарга өтө эле ашыкча кам көрүп, үйдөгү балага таандык болгон милдеттерди өз мойнуна алып, баланы эч бир муктаждыктарга көз каранды кылбай, аларды ар түрдүү эмгектерден коргогон мамилени айтууга болот. Ата – эненин көз карашында бала жалгыз таянычы, ишеничи, жөлөнөр жөлөгүнүн таанылышы.

Мындай мамлени бала өтө чоң демилге менен кабыл алып, жашоонун маңызын түшүнбөй чоңоюп, ата – энеси бул дүйнөдөн кеткенден кийин аларга наалат айткандар көп болгондорун айтууга болот. Кыргыз макалында айтылган “ темирди кызуусунда сок” - деген принцип бул үй – бүлөдө көз жаздымда калып кеткенин алар байкабай дагы калышат. Ошондуктан бул үй – бүлөдөн чоңойгон балдар, өздөрүн мажирөө, коргоого мүмкүнчүлүктөрү жетпеген, жашоого инициативасы жок, бирөөнүн кайрылууларына кош көңүл маани берген, эгоисттик мүнөздө.

Мындай типтеги ата – эненин балага болгон мамилеси түп тамырынан бери жарабайт. Баланы жакшы көрүш керек, бирок аны эмгекке үйрөтүп, инсан катары ы ата – эненин милдети экендигин унутпоо керек. Христиан дининин лидери (пайгамбары) “новый завет” - деген китебинде “...кайырчы- ларга эки балык берүү сооп эмес, ошол балыкты кармаганды үйрөтүү сообап “ – деген. Демек

мындан айтууга болот, баланы эмгекке үйрөтүү бул кордогондук эмес, тескерисинче ал балага кылган жакшылык деп түшүнсө болот.

***Диктат*** (мажбурлоо, басым жасоо, түрткүлөө ж.б.) мамиледеги тип – ата – эненин тарбия багытындагы балдарга карата болгон мажбурлоосу дагы тарбияда, ашыкча жасалган иш аракет деп айтылат. Эгерде баланын каалоосуна карабастан балага басым жасай беришсе, балада өзүнө кароого карата болгон баасы төмөндөп, өз алдынчалык болуунун инициативаы төмөндөп, "манкурт" мазмундагы жүрүм – турумга ээ болгон сапаттарга карата калыптана баштайт.

Ата – энелерде баланын ушул жүрүм - турумдарды адаптациялап, эгерде бала берилген жумушту өз каалаган ыкма менен аткарып кое турган болсо, ал жумуш ата – энелерге жакпай, баланын эмгеги төмөн бааланып калат. Мындай көрүнүштөр үй – бүлөдө көп кездешет, аны билгичтик менен оңдоо максатка ылайыктуу. Ошондо гана бала үй – бүлөнүн, коомдун тиреги болуп өсүп чыгат.

***Кийлигишпөө*** (катышпоо, ортодо болуу) мамиледеги тип – мында ата – эне балага аз көңүл бөлүп, өздөрүнүн жумушу, кызыкчылыктары менен алек болгон ата – эненин тибин айтууга болот. Мында ата – энелер бир эле тарбияга, окуу процесстерине эле көңүл бөлбөстөн, айрым учурларда алардын тамак – ашына, кийим – кечесине чейин көңүл бөлбөй калган учурлар кездешет. Бала ата – эне тарабынан жылуу сөз укпай, эркелетүүнү көрбөй чоңое турган болсо, бала чоңойгондо кызуу кандуу, жини тез келген, өжөр, көк бет ( айтканынан кайтпаган) мүнөздөгү инсан болуп калыптанат. Мындай адамдар азыр коом үчүн өтө жагымсыз адамдар деп айтылат. Ошондуктан балдар менен ата – эне оң эмоцияда мамиледе болуп туруу максатка ылайыктуу. Педагогдор мектеп окуучуларынын ушул жактарына чоң көңүл буруп турушу керек.

**Кызматташуу** багытындагы мамиленин тиби – мындай үй – бүлөнүн ата – энеси балдарынын инсан катары калыптанышына кам көрүп, баланын ишмердүүлүгүнө кыйыр жолдо көз салып, алардын жасап жаткан жумушуна, үй – бүлөгө жасаган мамилесине анализ берип, алардын жүрүм – турумуна коррекция жүргүзүп турушат. Ошондо балдар өздөрүн ушул үй – бүлөнүн мүчөсү ката-

ры сезип, өзү керектүү экенине көзү жетүү менен күндөн – күнгө оңолунун аракетинде иш – аракеттерди жасай беришет.

Ата – эне баланын аткарып жаткан жумушун көңүлдүн сыртында калтырбай, жумуштун баалуулугуна жараша сыйлыктарды, белектерди берип турушат. Натыйжада балада ишеним, ички психикалык энергия пайда болуп, жашоого карата болгон акыл – эс өнүгө баштайт. Эгерде ушул айтылган иш – аракеттер ирети менен аткарылып отура турган болсо, үй – бүлө өзүнчө эле өнүккөн коллективке айланып, алардын биримдиги күчөй баштайт. Педагогдордун, психо- логдордун негизги максаты ушул, үй – бүлөнүн типтерин коомдук талапка карата жаратуу болуп саналат.

## § 8.7. Үй – бүлөдөгү өз – ара мамиленин стереотиптери жана гендердик ролу

Гендер ( ангилис - латын тилдери, кыргызча – “жыныс” - деген- ди билдирет) – коомдо адамдардын жүрүм – турумдарын социалдык жактан мүнөздөгөн стереотиптин бири болуп саналат. Ушул түшүнүккө карата адамдын жүрүм – туруму аныкталып, аларга карата болгон коомдук мамилелер жаралат. Этикалык эрежеде аял затына өзүнчө, эркектерге өзүнчө жүрүм – турумдун эрежеси жашайт. Ошого жараша азыркы күндө досторго, классташтарга, ата – энелерге, жөнөкөй элдерге карата мамиленин эрежеси жаралган. Эгерде интелектуалдуу инсан боло турган болсо, аял менен эркекке бирдей мамиле жасалбайт. Мисалы, согуш учурда дагы каршылашкан адамдар дагы интеллектуалдуу инсан болсо, аял затына өзгөчө мамиле жасашкан (муну биз азыркы көрсөтүлүп жаткан кинофилимден, жазылган адабияттардан көрүп, окуп жатабыз).

Жыныс – биологиялык айырмачылвыктын негизинде адамдардын ортосундагы айырмачылыкты мүнөздөп туруучу, биологиялык клеткаларды, детородиндик функциянын негизинде айырмачылыкты негиздеген анатомиялык – физиологиялык өзгөчөлүктү түшүнөбүз.

Ошого байланыштуу гендер, инсанды *гендердик идентивдүүлүк, гендердик роль, гендердик стереотиптер* аркылуу бизге түшүнүк берип турат. Индивидуалдуулукта аял – эркектин орто-

сундагы айырмачылыктар бир эле биологиялык фактор менен эле чечилбестен, баланы тарбиялоодо, үй – бүлөнү куруудагы аларга жасалган мамледе, алардын ички функциялык абалдарына маани берип башкарууда ар биринин жекече психикалык, физикалык айырмачылыкты таанытуучу адам затындагы айырмачылыкты айтууга болот. Анткени бирдиктүү жашоодо аял – эркектин жекече индивид- уалдуулугуна жараша өздөрүнө таандык милдеттер, аткаруу функциясы жашайт. Алсак, үй – бүлөнү материал- дык жактан камсыздоо, аларды сырткы коркунучтардан коргоо, аларды биримдикке келтирип, бир нукта тарбиялоо эркектерге таандык болсо, үй – ичин иретке келтирип жашоого ыңгайлаштыруу, күндөлүк тиричиликтеги азык оокатты даярдоо, үй – бүлөнүн кийим – кечесин тартипке келтирип, балдарды кийиндирүү, аларды бала – бакчага, окууга жөнөтүүгө камкордук көрүү, аларды тарбиянын маңызына ишендирүү, үй ичиндеги жумуштарга көнүктүрүү ж.б. жумуштарды адаптациялоо аял кишинин колунда боло тургандыгы менен алар бири – экинчисинен айырмаланып турушат. Андай иш – аракеттин так аткарышына аял – эркектин физикалык жана психикалык негиздер жашайт. Ошондуктан булар үй – бүлө курууга толук боло тургандыгы этикалык эрежеде (Сократтын теорияларында) кеңири негизделген . Аял – эркектин индивидуалдуулугун ушул өзгөчөлүктөр аркылуу бирин экиничисинен айырмалап тааный алабыз.

***Гендердик роль дегенибизде –*** ушул мезгилге дейре жашап келген коомчулук аял - эркектин үй – бүлөдөгү ролун, алардын физикалык жана психикалык жактан жумуш аткаруу жагдайына жараша бирин экинчисинен айырмалап таанып, ошого жараша ролдук позициялык ролдорду берген. Кыз балдар үчүн, урукту улантуу, үй – тиричиликтин ички иштери боюнча физикалык жактан ийкемдүү келгендиктен үйдүн ички жумуштарына мүнөздүү жумуштар берилсе, эркектер физикалык жактан кыздарга салыштырмалуу күчтүү, бирок ийилчектүү болбогондуктан үйдүн сырткы жумуштарына байланышкан, азык – окатты камдоо, үй – бүлөнү сырткы кокустукктардан коргоо, үй – жайга керектүү болгон курулуш иштерин куруу багытындагы ролдор берилген. Тарбия багытында, аялдар үй – ичине керектүү машыгууларды калыптандырса,

эркектер үйдүн сырткы жагындагы иш – аракеттерди калыптандырып, экөө тең өздөрүнө таандык болгон ролдук позициядагы иш – аракетти канаатандырышат. Ушул жагдай дагы ишмердүүлүктөргө жараша аял – эркекти бирин экинчисинен ролдук позиция боюнча да айырмалап турат.

***Гендердик стереотип дегенибизде*** – жынысына карата коомдогу аткарып жаткан жумуштарынын мазмунуна жараша аял – эркектин жүрүм – турум нормалары аныкталат. Аял – эркектин биологиялык айырмачылыктарына, психикалык өзгөчөлүктөрүнө карата аларга ар тараптуу анализдерди жүргүзбөй туруп эле, аларга таандык өзгөчөлүктөрдү айтууга болот. Мисалы, тамак жасоодо, эч качан эркектер аялдан ашып кетпейт. Чыдамкайлыгы боюнча эркектер, аялдардан сабырдуу. Ошон үчүн айтылат. Эркектер аялдардай болуп ыйлабайт, алар капаланат (грустить этет).

Ошондуктан ушул чыдамкайлык эске алынып, кыргыздарда эркектерге карата: “ Эр жигит эл четинде, жоо бетинде” деген накыл сөз калган. Бул бир стереотиптердин бири. Ушундай эле аялдардын кол ишмердүүлүгүнө карата айтылган:? “Курап – сурап тон тиксем, кулунду бээге бергис кызмын” – деп айтылган накыл сөздөрдү эл арасынан угууга болот. Мындай түшүнүктөрдүн эл арасында жаралышы гендердик стереотиптерди түшүндүрүп турат. Эч качан эркектер бала төрөшпөйт. Ошол эле мезгилде аялдар эркектерсиз балалуу болушпайт. Турмуштан эркек менен аялдын айырмачылыгын мүнөздөгөн көптөгөн стереотиптерди айтууга болот. Бул жагын окурмандын өзүнө коелу.

## Инсандын индивидуалдуулугун изилдөөчү ыкма

Суроолорго жакшы ойлонулбай берилген жооп силердин инсандык сапатыңардын картинасын бузуп коюшу мүмкүн экенин эсиңерден чыгарбагыла. Ал эми атайлап эле туура эмес жооп берүү ого бетер бузушу мүмкүн.

Төмөнкү суроолордон өзүңөрдүн жүрүм - турумуңарга ылайык келген жоопторду тандап алгыла да, упайыңарды эсептеп көргүлө:

1. Адамдар менен тез жакындаша аласыңарбы?

а) ооба; б) анчалык эмес; в) жок.

2. Тамеки чегесиңерби?

а) ооба; б) кээде; в) жок.

3. Эгерде жаман жорук жосун жасасаңар, же жалган сөз айтсаңар, анда:

а) муну эч качан мойнума албаймын;

б) кээде мойнума аламын; в) мойнума аламын.

4. Эгер досторуңар сунуш кылса, банги заттарды колдонуп көрөт белеңер?

а) ооба; б) билбеймин; в) жок.

5. Ичкилик ичпегендерди мастардын арасындагы «өз эмес, жат» деп эсептейсиңерби?

а) ооба; б) көзүм жетпейт; в) жок.

6. Эгерде үй-жайы өрттөнгөндөр жардам сурап кайрылса, аларга акыркы акчаңарды берет белеңер?

а) ооба; б) бардыгын эмес; в) жок.

7. Өзүңөрдүн, досуңардын кичинекей бөбөктү же башка бирөөнү кемсинтип жатканын көрсөңөр, ага болушат белеңер?

а) ооба; б) көзүм жетпейт; в) жок.

8. Эгерде сокур адамга көчөдөн өтүү үчүн жардамыңар талап кылынса, жардам берет белеңер?

а) ооба; б) шашылыш ишим болбосо; в) жок.

9. Эгер ата-энеңер бир нерсеге үйрөтүүгө аракеттенишсе:

а) үйрөнөсүңөр;бү б) таарынтпаш үчүн үйрөнүмүш болосуңарбы; в) шылтоо таап кутулууга аракет кыласыңарбы?

10. Ата-энеңер үй тиричилигине жардам бергиле деп сураныша, жардам бересиңерби?

а) ооба; б) кээде; в) мажбурлаганда.

Изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу үчүн керектелүүчү “ачкыч».

| Жооп | Суроолордун номери | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **10** |
| **А** | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 5 | 5 | 5 | 5 | 5 |
| **Б** | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 | 3 |
| **В** | 5 | 5 | 5 | 5 | 5 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |

Мисалы, окуучу Шамшиев Т. ар бир суроого жооп берип ушундай жыйынтык алды 1 – а; 2 – а; 3 – б; 4 – в; 5 – в; 6 – а; 7

– а; 8 – а; 9 – б; 10 – а. Изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу үчүн керектелүүчү таблицадагы ачкычты колдонуп бардык жооптун суммасын чыгарабыз:

$$\sum = 1 + 1 + 3 + 5 + 5 + 5 + 5 + 3 + 5 = 3 \text{ упай}$$

Демек, окуучу Шамшиев Т. 33 упай алып төмөнкү аныктамага ээ болот:

**23 төн 38 упайга чейин.** Эгер кыйналып-кысталбай эле өзү ңөргө «үч» жана «беш» койгон болсоңор, анда индивидуалдуулугуңардын ойгоноюн деп калганы. Силер жаман таасирлерге каршы туруштук бере аласыңар жана мектепте окуган жылдар - бул турмуштун босогосу экенин түшүнүп, келечегиңерге көз жүгү ртө аласыңар. Турмуш жана анын сапаты азыр эмне иштеп жана кантип иштеп жатканыңарга жараша болот. Башка адамдар жөнү ндө ойлойсуңар. Бирок ойлогон менен көпчүлүк учурда эч нерсе иштебейсиңер. Башкаларга жардам берип, камкордук көргөн адам келечекте байкалбай, баркталбай калбай турган бир катар жакшы сапаттарга ээ боло турганын али түшүнө элексиңер.

Сунуш: Индивидуалдуулук башка адамдардын жыргалчылыгы үчүн жасалган жорук-жосундардан көрүнө тургандыгын унутпагыла. Жакшылык кылууга шашылгыла, ал өзүңөргө үч эселеп кайтып келет.

Ошондой эле окуучу Болотов М. 19 упай алып төмөнкү аныктамага ээ болот:

**10 дон 22 упайга чейин.** Силердин индивидуалдуу-лугуңар эч качан көрүнбөй калышы мүмкүн. Келечеке көз чаптырбай, тү ркөйлүктү норма катарында кабыл алып, көрпенделик турмушта жашайсыңар. Бүт бойдон бирөөнүн  көзүн караган жансыңар. Анын үстүнө, көбүнчө өзүңөргө, андан да көбүрөөк силерге жан тарткан адамдар «дос сөрөйлөр» деп аташкан досторуңарга көз карандысыңар.

| № | Аты жөнү | 10-22 | 23-38 | 39-50 |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Шамшиев Т. | | 33 | |
| 2 | Болотов М. | 19 | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Паратов И. | | | 47 |
| … | | | | |
| N | | | | |
| Ариф. орточо | | 19 | 33 | 47 |

Өзүңөрдү өзүңөр коргой албайсыңар. Анткен менен өзүңөрдү жакшы дос деп эсептеп, «досторубузду» коргой алабыз деп ойлойсуңар. Кеп уруш-мушташ жөнүндө гана эмес, «өзүңөрдө алгылыктуу ой-пикирлер барбы жана аны коргой аласыңарбы?» деген мааниде болуп жатат. Мүмкүн силер өз ой-пикириңерди коргой аласыңар. Бирок бул процесс силердин акыл-чабытыңар аркылуу эмес, өжөрдүгүңөр менен гана коргоого умтулууңар аркылуу болуп өтөт. Ал эми «өжөрдүк - бул алсыздыктын белгиси» деп айтылат.

Сунуш: Жакшы жана жаман жорук-жосунуңар «дос сөрөйлөрдүн» алдында кадыр-баркымды түшүрөт деп ойлогонду токтоткула. Түркөйлүккө ыктабай, жарыкка карай умтулгула!

Окуучу Паратов И. 47 упай алып төмөнкү аныктамага ээ болот:

**39дан 50 упайга чейин.** Силердин индивидуалдуулугуңар бир кыйла даражада ачык көрүнүп калган. Чындыгында, эмненин пайдалуу экенин жана өзүңдү өзүң өркүндөтүүң үчүн бошко кеткен убакыттын баасын билесиңер. Өзүңөрдү өзүңөр башкарууга эркиңер жетет, ошондуктан иштегенден коркпойсуңар. Билеги күчтүүлөргө эмес, «баары эле ушинтишет» деп ар кандай жийиркеничтүү нерселерди жыттап, чегип, жутуп жана ичип жүргөндөн качып, кызыктуу жана пайдалуу боло турган адамдар менен жакындашууну каалайсыңар. Силер менен алакада болуу жеңил. Башкаларды өзүңөргө тартып турасыңар, ал эми өзүңөр болсо муктаж болгон адамдарга жардам көрсөтүүдөн ырахат аласыңар.

Ушундай эле анализ класс коллективине жүргүзүлүп талдоо жасаса болот. Группалык өзгөчөлүктү аныктоо билиш үчүн изилдөнүүчүлөр тарабынан алынган жоопторду төмөндөгү таблицага толтуруу керек.

### **Сиз мамилечил адамсызбы ?** (экинчи ыкма)

Адамдар арасындагы карым-катнаштын эффективдүүлүгү, мазмундуулугу ар дайым эле обьективдүү шарттардан көз каранды

эмес. Көпчүлүк мезгилдерде субьективдүү шарттардан, б.а., адамдын инсандык касиеттерине дагы көз каранды. Адамдын карым-катнашка болгон жакындыгын мүнөздөөчү инсандык сапаттарга мамилечилдикти, сөзмөрлүктү, чечендикти ж.б. киргизүүгө болот.

Ушундай сапаттардын бири мамилечилдикти аныктоо үчүн ушул ыкманы сунуш кылабыз:

**1**. Сизге жакпаган адам конокко чакырса, барат белеңиз?

а) ооба; б) өзгөчө майрам учурларында гана; в) жок.

**2.** Эгерде конокко барган мезгилиңизде жаныңызда душманым деп эсептеген адамыңыз олтуруп калса, эмне кылат элеңиз?

а) ага көңүл бурбайм; б) суроо берсе жооп берип коемун;

в) аны сүйлөшүп олтурууга өзүм мажбурлаймын.

**3.** Эгерде жолдошуңуздун үйүнүн босогосуна барганда, үй-бүлөлүк чатактын жүрүп жаткандыгын угуп калсаңыз, эмне кылат элеңиз?

а) такылдатып кирип барамын;

б) чатак бүткүчөктү күтүп турамын;

в) кирбей кетип каламын.

**4.** Эгерде конокко барганда жакпаган тамакты дасторконго алып келишсе эмне кыласыз?

а) жакпаганына карабай жеймин;

б) үй ээсине жей албасымды айтамын;

в) аппетитимдин жок экендигине шылтаймын.

**5.** Нандын кандайын тандайсыз?

а) эң коозун; б) эң таттуусун;

в) колума тийгенин алып кете беремин.

**6.** Эгер компанияда сөз токтоп калса, эмне кыласыз?

а) кимдир бирөө жаңы тема баштамайынча унчукпаймын;

б) сөздү улантышка өзүм аракеттенемин.

**7.** Эгерде сизде кандайдыр бир ыңгайсыздыктар пайда болсо, тааныштарыңызга айтасызбы?

а) сөзсүз; б) досторума гана; в) эч кимге айтпаймын.

**8.** Бирөөдөн уккан окуяларды кошумчалап айта аласызбы?

а) ооба; б) болор-болбос; в) жок.

**9.** Жакшы көргөн адамыңыздын сүрөтүн өзүңүз менен дайыма алып жүрөсүзбү?

а) ооба; б) кээде; в) эч качан.

**10.**Компанияда олтурганда айтылган анекдотко түшүнбөй калсаңыз эмне кыласыз?

а) башкаларга кошулуп каткыра беремин;

б) унчукпаймын;

в) жанымдагылардан кайталап айтып беришин өтүнөм.

**11.** Компанияда олтурганда башыңыз кокустан катуу ооруп кетсе, эмне кыласыз?

а) эптеп чыдап отурамын;

б) баш оорунун дарысын сураймын; в) үйгө жөнөймүн.

**12.** Эгерде конокто олтурганыңызда телевизордон жаккан берүүнүн башталып калгандыгын билсеңиз эмне кыласыз?

а) үй ээсинен телевизор коюшун суранамын;

б) башкаларга жолтоо болбос үчүн коңушу комнатадан көрөмүн;

в) көрбөй кала беремин.

**13.** Конокто олтурганда сизге кандай кырдаал жагымдуу?

а) башкалардын көңүлүн ачып олтурган;

б) башкалар менин көңүлүмдү ачып олтурса;

в) мага баары бир.

**14.** Конокто канча убакыт олтурушуңузду алдын-ала аныктап коймо адатыңыз барбы?

а) жок; б) кээде; в) ооба.

**15.** Газетанын кабарчысы интервью сураса эмне кыласыз?

а) аны сөзсүз жарыкка чыгарышын суранамын;

б) жооп берүүдөн баш тартамын; в) мага баары бир.

**16.** Жаман көргөн адамыңыз менен сырдашып көрүүгө кызыгасызбы?

а) албетте; б) айрым учурларда; в) жок.

**17**. Сиз үчүн жагымсыз болгон чындыкты сүйлөп жаткан адамдын оюна кошуласызбы?

а) дайыма эмес; б) эгерде менин оюма ылайык келсе;

в) жок.

**18**. Эгерде бирөө менен талаш жүргүзүп калсаңыз, аны качан токтотосуз?

а) канча эрте болсо, ошончо жакшы; б) талаш эч кандай мааниге ээ болбой калса; в) каршылашымды ишендирмейинче.

**19.** Элдин алдына чыгып ырдай аласызбы?

а) жан дилим менен; б) эгерде суранышса; в) эч качан;

**20.** Жаңы жылды шаардын борбордук аянтында тосмой адатыңыз барбы?

а) ооба; б) жок; в) туш келген жеримде тосом.

Изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу үчүн төмөнк**ү «ачкычты»** пайдаланасыз.

| **Жооп** | **Суроолордунномери** | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **10** |
| **А** | 20 | 0 | 5 | 10 | 0 | 5 | 30 | 15 | 0 | 0 |
| **Б** | 5 | 5 | 10 | 0 | 5 | 15 | 5 | 5 | 5 | 5 |
| **В** | 0 | 25 | 0 | 5 | 10 | - | 0 | 0 | 10 | 10 |
| | **11** | **12** | **13** | **14** | **15** | **16** | **17** | **18** | **19** | **20** |
| **А** | 5 | 0 | 20 | 0 | 10 | 15 | 25 | 0 | 0 | 20 |
| **Б** | 10 | 5 | 5 | 5 | 0 | 5 | 5 | 5 | 5 | 5 |
| **В** | 0 | 10 | 2 | 15 | 5 | 0 | 0 | 10 | 10 | 0 |

Мисалы, окуучу Гапаров Н. ар бир суроого жооп берип ушундай жыйынтык алды 1 – б; 2 – в; 3 – б; 4 – а; 5 – б; 6 – б; 7 – а; 8 – а; 9 – в; 10 – в; 11 – б; 12 – а; 13 – а; 14 – а; 15 – а; 16 – б; 17 – б; 18 – а; 19 – в; 20 – б.

Изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу үчүн керектелүүчү таблицадагы ачкычты колдонуп бардык жооптун суммасын чыгарабыз:

Демек окуучу Гапаров Н. 200 упай алып төмөнкү аныктамага ээ болду:

**101-200 балл.** Сиздин коомдук турмушка болгон мамилеңизди аныктоо жеңил эмес. Бир жагынан сиз адамдар арасында болуу менен ырахат алсаңыз, экинчи жагынан адамдар арасына көнө албай кыйналып дагы чыгасыз. Бирок, чакыруу болгон жерлерге барбай кое албайсыз. Сиз жакшы көргөн адамдарыңыздын арасында оту-

руп гана өзүңүздү эркин сезесиз жана жагымдуу убактыңыздын көпчүлүгүн дагы ушул адамдар менен өткөрөсүз.

Ошентип, ар бир окуучу өзү жооп берген суроолордон алган упайга карап төмөнкү аныктамаларга ээ болот.

**280-300 балл.** Сиз берилген суроолорго көңүл койбой жооп бердиңиз же чын ниетиңиз менен жооп бербедиңиз. Мүмкүн болсо, кайрадан жооп берип чыгыңыз. Себеби, мындай көрсөткүчкө ээ болгон адамдын турмушта болушу мүмкүн эмес.

**201-280 балл.** Сиз бош убактыңызды адамдардын арасында гана өткөрүүнү каалайсыз. О.э., ар кандай адам топторунун эңсеген коногу жана маектеши боло аласыз. Сиздин сөздөрүңүз таасирдүү болуп, эң сонун уга билгич жана сүйлөп бергич сапаттарына ээсиз. Мындай сапаттар сизди каалагандай эле компаниянын жандандыруучу адамына айлантат. Сизге кеңеш: сөзмөр, шайыр десе эле бардык нерсени тамашага айландыра бербей, сүйлөгөн сөздөрүңүзгө жоопкерчиликтүү мамиле дагы жасаңыз. Себеби турмушта тамаша канчалык керек болсо, токтоолук, сыпайылык дагы ошондой эле керек болот.

**51-100 балл.** Сиз жалгыздыкты сүйөсүз. Бош убактыңыздын көпчүлүгүн дагы чоң компанияларда эмес, үй-бүлөлүк тар чөйрөдө өткөрөсүз. Мазмунсуз сүйлөгөн адамдарды аябай жаман көрөсүз. Атактуу адамдардын көпчүлүгүнүн ушул категорияга киргендиги тарыхтан белгилүү.

**0-50 балл.** Сиз өтө эле түнтсүз жана коомчулукка мүмкүн болушунча аралашпай жашоого аракеттенесиз. Ошондуктан көпчү лүк адамдар сизди тамашанын обьектисине айландырып алышкан. Сизге берер кеңеш: адамдар менен көбүрөөк аралашууга, сүйлөшүп турууга аракеттениңиз. Себеби биринчиден, айланаңыздагылар мү мкүнчүлүгүңүздү, жөндөмүңүздү билишпегендиктен сизди төмөн баалашат, экинчиден, адамдар арасында болуу сизге көп нерселерди үйрөтөт. Бул өзүңүз үчүн эле керек.

Ошентип, ар бир изилденүүчү изилденип бүткөндөн кийин, группалык өзгөчөлүктү аныктоого болот.

## Колдонулган адабияттар


1. Андреева, Т.В. Семейная психология: Учеб.пос. / Т.В. Андреева. – СПб.: Речь, 2005.
2. Ильин В. Психология взросления. Развитие индивидуаль -ности в семье и обществе / Валерий Ильин. - М.: терна, **2011.** - 336 с.
3. Калинина Р. Р. Введение в психологию семейных отношений: моногр. / Р.Р. Калинина. - М.: Речь, **2011.** - 352 с. 4. Протоиерей, Александр Ильяшенко Кризис в семье. Что угрожает семейному счастью / Протоиерей Александр Ильяшенко. - М.: Издательство Московской Патриархии, 2011. - 144 с.
4. Психология и психотерапия семейных конфликтов. - М.: Бахрах-М, **2014.** - 736 с.
5. Психология семейных отношений с основами семейного консультирования. - М.: Academia, 2011. - 192 с.
6. Овчарова, Р.В. психология родительства: учеб.пос. / Р.В. Овчарова. – М.,. Академия, 2005.
7. Целуйко, В.М. Психология современной семьи / В.М. Целуйко. – М.: Владос, 2004.
8. Шнейдер, Л. Б. Основы семейной психологии/ Л.Б. Шнейдер. - М.: МПСИ, МОДЭК, **2015.** - 928 с.
9. Эйдемиллер, Э. Психология и психотерапия семьи / Э. Эйдемиллер, В. Юстицкис. - М.: Питер, **2017.** - 672 с.


## Билимин текшерүүгө керектү суроолор

1. Үй-бүлөлүк психология качантан бери өзүнчө психологиянын тармагы болуп келе жатат?
2. Үй-бүлөүк психология азыркы учурдагы социальдык институттун кандай проблемаларын чече алат?
3. Үй-бүлөнүн кандай түрдөрү жашайт ?
4. Азыркы учурдагы үй – бүлөлөргө психологиялык жактан кандай мүнөздөмө бере аласың?.
5. Ата-эне үй-бүлөдө кандай функцияны аткарат, аларды катары менен тизмектеп түшүндүр?
6. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз – ара мамилесиндеги психология- лык өзгөчөлүктөр ?
7. Ата-энелердин индивидуалдуулугун психологиялык жактан кандай мүнөздөсө болот?
8. Үй-бүлөдө тарбиянын нормадан четтөөсүндөгү психикалык өзгөчөлүктөргө кайсыларды киргизсе болот?
9. Үй-бүлөлүк психологиянын типтери жана психикалык касиеттери?
10. Жубайлардын патологиялык типтери ?
11. Келечектеги менин үй – бүлөм: деген темада эссе жазуу?

# *Тогузунчу бөлүм:*
# СЕЗҮҮ

*Көптү билген эмес, көптү үйрөткөн чыныгы мугалим.*
***(Кытай эл макалы)***

## § 9.1. Сезүү жөнүндө жалпы түшүнүк

Сезүү материалдык дүүлүктүргүчтөрдүн сезүү органдарына түздөн-түз таасир этишинен пайда болгон организмдин ички абалын жана тышкы заттардын айрым касиеттерин чагылдыруучу жөнөкөй психикалык процесс.Сезүү жөнүндөгү окуу алгач таануу теориясынын бир бөлүгү катары философия илиминин тутумунда пайда болгон жана өнүккөн. Философиялык көз караштa сезүүнү кең мааниде кабыл алуу, чагылуу сыяктуу кубулуштардын курамында каралган. Биздин эрага чейин V кылымда, Гераклит, Протогорлор сезүүнү адам таануунун булагы катары эсептешкен. 18-кылымда болсо ал эмприкалык психологдордун негизги дискуссиялык темасына айланган.

Сезүү механикалык мааниде элементардык психикалык «кышчалар» катары эсептелип, ассоциациялык психологияда өзгөчө орунда турган. В.Вунд сезүү менен кабыл алууну бири-биринен айырмалап түшүнүп, кабыл алууну сезүү менен ассоциациялык байланышта караган. Сезүүнү субьективдүү идеалисттик мүнөздө талкуулоо И.Мюллердин «сезүү органдарынын спецификалык энергиясы» деген теориясында борбордук орунду ээлеген. Мындай көз караш өз кезегинде В.И.Лениндин «Материализм жана эмприокритизм» деген эмгегинде сынга алынган. Адамдын жаратылышты таануусу жөнөкөй жандуу байкоодон абстрактуу ой жүгүртүүгө, андан практикага өтүү жолу менен жүрөрүн В.И. Ленин өзүнүн «Материализм жана эмприокритизм» деген эмгегинде негизделген. Лениндик формула боюнча, жаратылышты жандуу байкоонун биринчи этабы сезүү, кабыл алуу, көңүл буруу менен

тыгыз байланышта болгондугун мүнөздөйт. Сезүүсүз заттардын жана кыймылдардын ар түрдүү формаларын үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк болбойт.

Бирок сезүүнүн таануу процессине киргендигине жана баш мээде анын физиологиялык табиятынын аныкталганына карабай, окумуштуулар ал кубулушка ишенбөөчүлүк менен карашкан. Сезүүдө ар качан кандайдыр бир белгисиздик, бүтпөгөндүк өкүм сүргөндүктөн, сезүү аркылуу жаратылыштын мыйзам ченемдерин аныктоого мүмкүн деген эмес дешкен. Анын себеби, биринчиден, сезүү заттардын элементардуу айрым элементи менен иш жүргүзгөндүгү, экинчиден, сезүүнү илимий теориялык абстракциялоонун бир жолу гана катары эсептегендикте.

Адамдын таануу процесси ар дайым сезүүдөн башталат. Ал адамдын эсин, кабыл алуусун, кыялдануусун курулуш материалдары менен камсыз кылат. Алсак, оператор локатордун экранынан ак такты көрөт (сезет). Ал так-асмандагы белгисиз обьектилердин бир касиети. Оператор көргөн (сезген) ак так аркылуу асмандагы обьектиге толук мүнөздөмө берүүгө мүмкүндүк алат.

Заттардын айрым касиеттеринен адамдын тийиштүү сезүү анализаторлоруна таасир этип, чагылышынын натыйжасында сезүү пайда болот. Мисалы, адам бир секунданын 1/100 үлүшүндө тартылган нерсенин өзүн көрө албайт, бирок аны кандайдыр бир так, шоола түрүндө көрүү сезими менен туюуга үлгүрөт. Же адам өзүнө тааныш эмес бир тилди укканда, аны түшүнбөсө да, ал тилдин тыбыштык айрым касиеттерин (тембрин, интонациясын ж.б.) угуу органы аркылуу сезет.

Эгерде немис психофизиологу Г.Фехнердин изилдөөсүнө таяна турган болсок, сезүү процессинин ишмердүүлүгү менен пайда болгон жандуу сезүү, төмөнкү схема аркылуу ишке ашырылат:


***Дүүлүгүө -- козголуу -- сезүү -- ой жүгүртүү***
(физика) (физиология) (психика) (логика)

Бул схемадан көрүнүп тургандай жандуу сезүүнүн пайда болушунда биричи физикалык күч, сезүү анализатторлорго таасир этип, дүүлүгүөнү пайда кылат, ал маалыматтар нерв системага

берилип, козголууну жаратат. Анын иш – аракети психиканы жаратып, таасир этип жаткан маалыматтын образын жаратуу үчүн, ойлоо процессине мүнөздүү ой – жүгүртүүнү пайда кылат. Мындай схемадагы иш – аракет таасир этип жаткан маалымат туурасындагы образды жаратуу менен алгачкы жолу адам баласында дүйнө тааным жаралат. Ошондуктан сезүү алгачкы жолу, эң жөнөкөй таануу процессине кирүү менен адам баласын психикалык жактан калыптануусуна чоң таасирин тийгизет. Окумуштуулар жаш балдардын жана айбандардын дүйнө таануу аракеттерин изилдеп, сезүү алардын курчаган чөйрөгө карата багыт алышынын эң алгачкы формасы экендигин далилдешкен. Жаңы төрөлгөн бала өзүнүн жашоосунун алгачкы күндөрүндө дүүлүктүргүчтөрдүн айрым гана касиеттерине жооп берет. Ошондой эле жаныбарлар предметтердин, кубулуштардын кээ бир касиеттерин чагылдыруу менен жашайт. Сезүү про цессинде предметтердин тигил же бул жеке касиеттери кабыл алынат. Алсак, затардын катуулугун, жумшактыгын, сыйдамдыгын, одур-бодурдугун, салмагын, температурасын, жытын, үнүн, түсүн, адам өзүндөгү ооруну, ач калууну ж.б.

Сезүү өзүнөн татаалыраак кабыл алуу, эс, ойлоо сыяктуу психикалык процесстердин пайда болушуна түрткү берет.

Адам тийиштүү органдарынын жардамы менен сезүү формасында ички жана сырткы чөйрөдөгү ар түрдүү информацияны алып турат. Сезүү органдары адамдын, жаныбарлардын айлана - чөйрөгө багыт алышына мүмкүндүк түзөт. Эгерде адам ал органдарынан ажырай турган болсо, сырткы дүйнөдө жана ички организминде



эмне болуп жатканын сезбейт. Орус врачы С.П.Боткин, оң колунда гана сезүүсү калган бир ооруга байкоо жүргүзгөн. Ал кечке чейин уктаган, ач калуу жана башка дүүлүгөүлөр болгон эмес. Врачтар оорулуунун оң колу аркылуу тамактандырышкан.

Азыркы учурда космосту жана океандарды өздөштүрүү күчтүү темп менен өнүгүп жаткандыгына байланыштуу адамдын денесин сенсордук жактан айлана-чөйрөдөн толук ажыраткандан кийинки психикалык өзгөрүүлөрдү изилдөө боюнча тажрыйбалар жүргүзүлүүдө. Сенсордук ажыроо социалдык, географиялык, аргасыз, чыныгы, эксперимент деп бөлүнөт. Мындай жагдайлар адамдын психикасына түрдүүчө таасир этет. Ошентип, сезүү материалдык дүүлүктүргүчтөрдүн сезүү органдарына түздөн-түз таасир этишинен пайда болгон организмдин ички абалын жана тышкы заттардын айрым касиеттерин чагылдырган жөнөкөй психикалык процесстен турат .

## § 9.2. Сезүүнүн физиологиялык негизи

Сезүүнүн физиологиялык негизи болуп анализатордун иш системасы саналат. Анализатор – адамдарды курчап турган чөйрөнүн айрым касиеттерин үйрөнүүгө мүмкүндүк берүүчү аппарат. Ал сырткы жана ички чөйрөдөгү татаал кубулуштарды майда элементтерге ажыратат. Анализатор төмөндөгүдөй үч бөлүктөн турат:

**Рецепторлор -** адамдын денесинде ар түрдүү жыштыкта жайланышкан. Бүткүл денесинде тери аркылуу басымдарды, таасирлерди кабыл алуучу 500000 рецептор бар. Бул ар бир $см^2$ аянтка 25 рецепторлор туура келет. Алардын дене бөлүктөрүндөгү жыштыгы ар башка: шыйрактын $1см^2$ да 9-10, баштын $1см^2$ да 165-300 рецептор орун алган. Колдун алаканы рецепторлорго айрыкча бай. Жылуулукту, суукту кабыл алуучу рецепторлордун саны - 280000. Булардын 30000-и жылуулукту, 250000-и суукту кабыл алат. Теринин сырткы бетинин $1см^2$ -ында орто эсеп менен 6-23 рецептор бар. Алардын божомолдуу түрдө 2-23

**Рецептор** - кабыл алуучу тышкы аппарат - реципио деген латын сөзү, кыргызча «кабыл алуу».

суктук, 3ү жылуулук рецептору. Ооруну кабыл алуучу рецепторлор 1см$^2$ - та 100 рецепторго чейин жетет.

Рецепторлор таасир этүүчү дүүлүктүргүчтөрдү алгачкы талдоо операцияларынан өткөрөт. Ар бир рецептор өзү төмөндөгүдөй жөндөмдүүлүктөргө ээ.

А) Белгилүү өлчөмдөгү гана энергияны жутат.

Б) Өзүнүн физика-химиялык составын өзгөртөт.

В) Пайда болгон химиялык энергияны электрдик потенциалга айландырууга аракеттенет. Бир эле анализаторлордун өзүндө бир нече рецептор болот. Көрүү анализаторлорундагы көздүн торчосунда колбочка, таякча (палочка) сыяктуу рецепторлор бар.

Анализатордун экинчи бөлүгү - борборго умтулуучу жол. Бул жол рецептордо пайда болгон нервдик дүүлүгүүнү баш мээнин жарым шарындагы керектүү участогуна жеткизет.

Келтирген анализатордук үч бөлүк, өз ара аракеттенгенде гана сезүү эффективдүү жүрөт. Эгер алардын бир звеносу иштен чыкса, адам майып болуп калат. Ошентип, анализатордун бөлү ктөрүнүн аракеттерине таянып, сезүү процессинин пайда болушун төмөндөгүдөй элестетсе болот. Адамды курчап турган заттар, кубулуштар түздөн-түз же обочо аралыктан химиялык, физикалык жолдор менен кайсы бир рецепторго таасир этет. Дүүлүктүргүч нервдик дүүлүгүүгө айланып, борборго умтулуу өзүнчө нервдик жолдор аркылуу баш мээдеги борбордук аппаратка берилет. Анда информация кайра иштелип, обьективдүү тышкы дүүлүктүргүчтүн субьективдүү образы жаралат. Демек, сезүүнүн натыйжасы болгон аң-сезимдеги субьективдүү образ реалдуу нерсенин өзү, аны таанууга толук мүмкүнчүлүгү жетет.

## § 9.3. Сезүү жана чагылуу теориясы.

Көп кылымдардан бери таануу процесси материалисттер менен идеалисттердин ортосундагы талаш-тартыштын обьектиси болуп келген. Ага таануунун алгачкы баскычы болгон сезүүнүн табиятын түшүнүү да кирет. В.И.Лениндин чагылуу теориясы сезү үнүн маңызын түшүнүүгө жана жалпы эле психология илимине методологиялык негиз болуп саналат.


Материалисттер адамдагы сырткы дүйнө жөнүндөгү маалыматтардын, заттардын аң-сезимде чагылуусу алардын чыныгы копиясы (көчүрмөсү) катары карашкан.

Идеалисттер болсо: «Адам өзүн курчап турган заттардын, кубулуштардын чыныгы касиеттерин таанууга кудурети жетпейт, анткени адамдагы зат жөнүндөгү маалыматтар алардын символдору, белгилери, үрүл-бурул элестери гана боло алышат»,- дешкен.

Чынында, сезүү адамды тышкы дүйнө менен байланыштырып, тийиштүү информацияларды баш мээге кийирип туруучу «эшик» болуп саналат. Ал эми идеалисттер сезүү менен тышкы дүйнөнүн ортосун ажыратып турган дубал дешкен. Дүүлүктүргүчтөр сезүү органдарына таасир эткенде, адам реалдуу заттардын өзүн эмес, сезүү органдарында жүрүүчү абалды гана байкоого күчү жетет деп, сезүүнүн тааныткыч кызматын, адамдын таануу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарышат.

Мындай идеалисттик ойду биринчи жолу философ Д.Ж.Беркли негиздеген. Ал «мен заттарды караганымда, сезүү органдарымда жүрүүчү өзгөрүүлөрдү гана байкоого мүмкүнчүлүгүм болот» дейт. Анын көз карашын немец философу **И.Кант** да уланткан. Кыскасы, идеалист философ тордун ойлоруна ишенсек, адам иллюзиялардын дүйнөсүндө жашап жаткандай туюлат.

Идеалисттик философиялык ой жалаң гана теориялык деңгээлде жашабастан, аны физиология илиминде фактылар менен далилдөөгө аракеттенген физиологдор да болгон. Алардын бири - И.Мюллер. Ал төмөкүдөй фактыларды келтирет. Көзгө түрдүү дүүлүктүргүчтөр менен таасир эткенде, алардын түрүнө көз каранды болбогон сезүү пайда болгон.



**И. Кант** 1724-1804- жылдары жашаган немец философу. Немецтик классикалык идеализмдин негиздөөчүсү.

Тескерисинче, бир эле дүүлүктүргүч бир нече сезүү органдарына таасир этсе, анда ошол сезүү органына туура келген сезүү процесстери пайда болгон. Ошентип, сезүү органдарынын иштөөсү дүүлү

ктүргүч түрүнө көз каранды болбогон. И.Мюллер ушул физиологиялык далилге таянып, өзүнүн «Сезүү органдарынын спецификалык энергиясы» деген жобосун илимге тартуулаган. Анын оюнча, адамда пайда болгон сезүү - таасир этүүчү дүүлүктүргүчтөргө көз каранды болбогон сезүү органдарынын спецификалык энергиясы.

Ал эми В.И.Ленин мындай туура эмес пикирди төгүнгө чыгарып адамдагы информация тышкы дүйнөнүн аң-сезимдеги чыныгы копиясы экендигин, тышкы дүйнөнү так чагылдыруу сезүү органдарынын туура иштешине жараша болорун, аларды туура танууга мүмкүн экендигин далилдеген.

## § 9.4. Сезүүнү классификациялоо

Сезүүнүн пайда болушундагы анализаторлорго жана алардын иш-аракетинен карай сезүүнүн беш түрү кездешет.

**Көрүп сезүү**. Көрүп - сезүү рецептордун кызматын аткарган жарык толкунунун карек аркылуу көздүн торчосуна таасир этишинен пайда болот. Анын жардамында заттын түрү, формасы, өлчөмү, аралыгы кыймылы жана мейкиндик жөнүндө маалымат алынат. Көз торчонун борбордук бөлүгү болгон өзгөчө нерв клетка колбочка жарык толкунунун таасиринде дүүлүккөндө түс спектрлерин сезет. Көз торчосунун четтеринде жайланышкан таякча нерв клеткасы ак, кара, боз түстөрдү чагылдырат.

**Угуп сезүү.** Кулак сырткы, ортоңку жана ички кулак деп аталган бөлүктөрдөн турат. Ички кулактын ичинде болжолдуу 24000 туурасынан жаткан булалардан турган мембрана жайланышкан. Курлакка таасир эткен үн толкуну бул алардын бирин термелтип, үн сезүүсүн пайда кылат. Адам баласынын кулагы секундасына жыштыгы 16дан 20000 герцке барабар болгон толкунду туюуга жөндөмдүү.

**Тери сезүү.** Териде жана ооздун, мурундун былжыр челдеринде туюндургуч рецепторлор бар. Алар аркылуу адам жылуулукту, суукtукту, ооруну сезет. Тери сезүүнүн рецептору болуп теринин түрдүү жеринде жана былжыр челдерде жайланышкан нервдик акыркы учтары сезүүчү чекиттер кызмат аткарат.

**Даам сезүү.** Даам таттыргыч рецепторлордун жыйындысы даам таттыргыч бүчүрлөрдө жатат. Бул бүчүрлөр тилдин былжыр челинин бышырларында – даам таттыргыч бүдүрлөрдө жайгашкан. Булар айрыкча тилдин учунда, капталдарында жана түп жагында, кулкундун жана көмөкөйдүн керегесинде көп. Тилдин алды жагы таттууну, түп жагы ачууну, каптал жактары кычкылды, тилдин учу менен каптал жактары туздууну кабыл ала тургандыгы аныкталган. Даам таттыргыч рецепторлор суда же шилекейде ээриген заттардын таасири менен дүүлүгөт.

**Жыт сезүү.** Мурун көңдөйүнүн былжыр челинде көптөгөн жыт сезүүчү рецепторлору жайгашкан. Булар газ түрүндөгү жыттуу заттар менен дүүлүгөт. Аба аркылуу мурун көңдөйүнүн былжырлуу челдерге өткөн жыт нерв клеткаларына таасир берип таанылa баштайт. Кээ бир жыттар абанын 30 млрд, бөлүгүнүн бир бөлүгүндө болсо да, жыт алдыргыч рецепторлор кабыл алышат.

Адамдын жүрүм-турумун башкарууга, дүйнө образдарын түзүүсүнө карай сезүү төмөндөгүдөй бөлүнөт:

**Экстероцептивдүү** (латын сөзү, экстеро, рецептор деген эки латын сөзүнөн турат, кыргызча «сырткы», «кабыл алуучу» маанилерин берет) сезүү. Англиялык физиолог Ч.Шерингтон психология илимине сезүүнүн үч түрүн киргизген. Алардын бири – экстероцептивдүү сезүү. Мында адамдын денесинин сыртында жаткан рецепторлорго тышкы дүүлүктүргүчтөр таасир этип, сезүү пайда болот. Өз кезегинде сезүүнүн бул түрү жанашадан (контрактуу) сезүү жана обочодон (дисттактуу) сезүү болуп экиге бөлүнөт. Жанашадан (контакттуу) сезүүдө таанылуучу, үйрөнүүлүчү обьектилер рецепторлорго түздөн-түз таасир этет, аны менен жанаша турат. Буга даам татуу, тери сезүүлөрү мисал боло алат. Обочодон (дистанттуу) сезүүдө дүүлүктүргүчтү пайда кылуучу обьектилер сездиргич анализаторлордон обочо, белгилүү бир аралыкта турат, жанашкан түрдө келбейт. Буга көрүү, угуу ж.б. сезүүлөр кирет.

**Интероцептивдүү** (ички) **сезүү - б**ул адам организминин абалы жөнүндө маалымат берет.

**Проприоцептивдүү сезүү** - адамдын организминин жайгашкан ордун жана кыймылдатуучу аппараттардын абалдарын (тең

салмактуулукту, чыңалуу, деңгээлин, булчуңдардын тартылуу абалдарын ж.б.) анализдейт.

**Органикалык сезүү** - адамдын ички органдарынын абалын (ачкалыкты, суусагандыкты, бир жеринин ооругандыгын көңүл айлануусу, абанын жетишпей калышын) чагылдырат.

## § 5. Сезүүнүн психо-физиологиялык закон ченемдүүлүктөрү

Сезүү көп түрдүүлүгүнө карабай, белгилүү ички закон ченемдүүлүктөргө ээ.

Алар: Сезгичтик жана сезүү босоголорунун (чектеринин) ортосундагы байланыш.

Адаптация жана контрастуулук кубулуштары.

Сезүүнүн өз ара таасир этиши.

Сезүүнүн төмөнкү чеги.

Бардык дүүлүктүргүчтөр сезүүнү пайда кыла бербейт. Адамдын денесине чексиз майда чандар конот, бирок сезүүнү пайда кылбайт, анткени алардын дүүлүктүргүч күчү чектен төмөн. Ар бир анализатор белгилүү чектеги дүүлүктүргүч күчтү талап кылат. Эгер таасир этүүчү күч чектен ашып кетсе, нормалдуу сезүүнүн ордуна ал органда оору сезими пайда болот.

**Сезүүнүн төмөнкү чеги** деп адамда алгачкы сезүү пайда кылууга себепкер болуучу эң кичине дүүлүктүргүчтүн күчүнүн негизинде пайда болгон сезүү процессин айтабыз. Ал анализаторлордун абсолюттук сезгичтигин көрсөтөт. Сезүүнүн төмөнкү чеги канчалык кичине болсо, адамдын сезгичтиги ошончолук жогору болот.

Сезгичтикти аныктоо үчүн практикада эки метод колдонулат. Биринчиси – табигый жагдайда аныктоо. Мисалы, изилденүүчүнүн колуна сезүүнү пайда кылбай турган эң кичине жүк берилет. Аны акырындап көбөйтүп отуруп, салмак сезилгенде, токтотобуз. Ушул жүк тери анализаторунун төмөнкү чегин аныктоо үчүн кол сааттын үнү угулганга чейин жакындата беребиз. Сааттын кагышы угулгандан кулакка чейинки аралык угуу анализаторунун төмөнкү чегин мүнөздөйт.

Сезгичтикти аныктоонун экинчи усулунда атайын жасалган куралдар пайдаланылат. Угуу анализаторунун сезгичтигин үн генератору, тери анализаторунун сезгичтигин эстезиометр менен өлчөйт.

Абсолюттук сезгичтик менен босогонун ортосунда тескери көз карандылык бар. Ал формула түрүндө төмөндөгүдөй туюнтулат:

$$E=1/ P$$

Е - абсолюттук сезгичтик, Р - дүүлүктүргүчтүн чегинин чоңдугу.

Турмушта ар бир анализатордун абсолюттук сезгичтиги аныкталат. Адамдын көзү түндө 45,7 км аралыкта күйүп турган шамдын жарыгын көрүүгө жөндөмдүү. Бул аралык – көздүн абсолюттук чеги. Бирок көрүү анализаторунун абсолюттук сезгичтиги ар кандай чоңдуктагы заттарга катары түрдүүчө болот. Завод турбасын 15-20 км, көп кабаттуу үйдү, 8-10 км бир кабаттуу үйдү 5-8км жалгыз адамды 4км адамдын жалпы карaанын 2км, адамдын колу, бутунун кыймылын 700 метрден, баш кийимин 400м, бети баштын түзүлүшүн, кийимдин түсүн 300 м, адамдын бетин, колдун манжаларын 200м, дубалдагы кирпичтин формасын, жыгачтын жалбырагынын түсүн 100м, көздүн, мурундун, манжаларды 60м, ээкти 20м аралыктан көрөт.

Угуу анализатору кол сааттын кагышын 6,1м аралыктан угат. Даам татуу анализатору 1136, 5л сууга аралашкан, 28,3гр, гуанина сульфатынын аралашмасын сезет. Жыт сезүү органы алты бөлмөлүү үйгө чачылган 0,001гр, жыттуу затты сезет.

Ошентип, дүүлүктүргүчтүн күчү белгиленген чекке жетпесе, адамда сезүү пайда болбойт, баш мээге жетпейт. Бирок мындай аз таасирге ээ болгон дүүлүктүргүчтөр адамдын турмушунда белгилүү роль ойнойт. Көп учурда начар таасирдүү дүүлүктүргү чтөр адамдын турмушунда белгилүү болот. Ал эми кандайдыр бир себептерден улам баш мээде кабыл алынып, анда таяныч борборлор түзүлөт. Ал борборлор адамдын иш- аракетин башкарууга жөндөмдүү. Адамда галлюцинацияларды же туура эмес кабыл

алууларды иллюзияларды пайда кылат. Айрым адамдар чектен төмөн дүүлүктүргүчтөрдү кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ал **дегустатордук** жөндөмдүүлүк деп аталат.

**Сезүүнүн жогорку чеги** болуп адамдын сезүү жөндөмдүүлүгүн жок кылуучу максималдуу күчү аталат. Эгер дүүлүктүргүчтүн күчү чектен ашып кетсе, адамдын сезүү органдарына доо келтирет. Күчтүү жарыктан көз, жогорку күчтөгү үндөн кулак майып болуп калат.

Салыштырмалуу сезгичтик (чектин айырмасы). Сезүү органдарынын төмөнкү, жогорку жана абсолюттук сезгичтиктери жеңил аныкталат. Ал эми салыштырмалуу сезгичтикти өлчөө турмушта бир топ кыйынчылыкты туудурат. Мисалы, үй бир шам менен жанып турган учурда, экинчи шамды дагы жаксак, жарыктын өзгөрүш айырмасы оңой байкалат. Тескерисинче, бир канча лампочкалар жагылган үйгө кошумча дагы бир лампочканы жандырсак, жарыктануунун айырмасын билүү өтө кыйын. Ошондуктан салыштырмалуу сезгичтин айырмасын өлчөө жолун билүү зарыл. Босогонун айырмасы сезүүнү пайда кылуучу эки дүүлүктүргүстүн минималдуу айырмасын билдирет. Аны практикада мындайча аныктоого болот. Адамдын көзүн таңып, колуна тараза табагын байлап, ага бир килограммга жакын жүк салынат. Салмакты туйдуруп алып, алгачкы жүктүн үстүнө акырындап 5, 10, 20, 30, 40 граммдык жү ктөр салына берет. Жүк кошуу изилденүүчү салмактын оорлошконун сезгенге чейин улантылат, анан токтотулат ж.б.

## Колдонулган адабияттар.


1. Ананьев Б.Г. Теория ощущений. – СПб, Питер, 2004.
2. Гусев А.Н. Ощущение и восприятие. Общая психология. Под ред. Братуся Б.С. Т.4. - М.: Академия, 2007.
3. Данилова Н.Н. Психофизиология. –М.: 2006.
4. Ждан А.Н. История психологии: от античности до наших дней. – М.: 2008 г.
5. Закиров А. Психология боюнча пратикум. Ош- 2015.
6. Лурия А.Р.Ощущение и восприятие. - М., 1978.

7. Общая психология. Уч. под ред. А.В. Петровского
8. - М., 1987 стр. 247-265.
9. Миңбаев К., Закиров А. Психология. Ош – 2015.
10. Психология ощущений и восприятия. Тексты **Y** Под ред. Ю.Б. Гиппенрейтер, В.В. Любимова, М.Б. Михалевской. М., 2002
11. Психология индивидуальных различий. Тексты **Y** Под ред. Ю.Б.Гиппенрейтер, В.Я. Романова. М: АСТ, 2008.
12. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии
13. - СПб, Питер, 2002
14. Хрестоматия по ощущению и восприятие. - М., 1975.

## Билимди текшерүүчү суроолор.

1. Адам баласы өзүн курчаган дүйнөнү толук сезбей калса дагы, дүйнөнү уйкунун деңгээлинде сезишет. Ушуну кантип түшүндүрсө болот?
2. Адам мээсин иштетпей туруп эле сезүүнүн жардамы менен дүйнөнү сезсе болобу, түшүндүр ?
3. Адамдын угуу сезүүсү бузулганда, ал адамдын калган анализаторлорунун ишмердүүлүгү дагы начарлайт, эмне үчүн ?
4. Таанылып жаткан буюмдар жана маалыматтар обьективдүү болушат, анда сезүү кандай таанылат ?
5. Сезүү учурунда жарыктардын элементтери образдарды, электромагниттик толкундарды баш мээде копиялап сезишет, эмне себептен ?
6. Гүл жытанат бирок адам аны жыттабаса дагы жыттанган- 244
7. ын сезет эмне үчүн, түшүндүр ?
8. “Жарыкта жана даамда жолдошчулук жок” деген макалда сезүүнүнүн кайсыл касиети жөнүндө сөз болуп жатат, түшүндүр ?
9. Адам көңүл коюп укканда, тиктегенде, жыттаганда кандай жогорку деңгээлдеги сезүүнүн пайда болушуна туш болот, мында кандай мыйзамдуу себептер бар ?
10. Сезүүнүн психикалык теориялары, физиологиялык негиздери, класстары бири – биринен кантип айырмаланышат. Ар бирин өзүнчө түшүндүр ?
11. Сезүү, чагылуу теориясынын философиялык, психологиялык негиздери экендигин түшүндүр ?

## *Онунчу бөлүм:*
# КАБЫЛ АЛУУ

*Акылдуу болуу мааниге ээ эмес, акылды убагында пайдалана билүү маанилүү.*
***Рене Декарт*** (*англис ойчул-философу)*

## § 10.1. Кабыл алуу жөнүндө жалпы түшүнүк

Адам өзүн курчап турган дүйнө жөнүндөгү алгачкы маалыматтарды жалаң гана сезүү процесси аркылуу үйрөнбөстөн, кабыл алуу аркылуу да үйрөнөт. Эгер сезүү менен адамзаттын айрым касиеттерин, өзгөчөлүктөрүн гана билүүгө мүмкүндүк алса, кабыл алууда ошол зат жөнүндө жалпы түшүнүккө ээ болот. Мисалы, адам күндү кабыл алат, ал ами анын жарыгын көрүү анализатору менен сезет. Канттын өзүн кабыл алат, даамын сезет.

Адам обьективдүү чындыктагы заттардын айрым касиеттери менен аз мамиледе болгону менен, алардын бардык белгилерин бөлүктөрүн бирдикте кабыл алат, бүтүн катары тааныйт. Ошондунган Ф.Энгельс заттын сапаттары өзүнчө жашабастан, чексиз сапатка ээ болгон зат гана жашарын белгилеген. Предметтер, кубулуштар өздөрүнүн чексиз касиеттери менен баш мээде чагылып, нерсенин бүтүн бир образын берет. Адамдын мындай жөндөмдүү лүгү кабыл алуу деген психологиялык категория аркылуу туюнтулат.

Кабыл алуу сезүүсүз ишке ашпайт. Генетикалык жактан сезүү биринчи, кабыл алуу экинчи. Кабыл алуу болбогон жерде сезүү пайда боло берет. Алсак, катуу уйкуда жаткан адам будильниктин унун угуу анализаторунун жардамы менен угат. Кийин көрүү сезүүсү аркылуу сааттын жебесин көрөт. Акырында пайда болгон бардык дүүлүктүргүчтөр баш мээге берилип, заттын субьективдүү образын пайда кылат.

Сезүү менен кабыл алуу бири-биринен айырмаланат. Сезүү адамдын өзүндө жатат. Ал эми кабыл алуу кабыл алынуучу заттын

касиети, анын образы мейкиндикте чектелген. Сезүүнүн пайда болушунун жыйынтыгы айрым-айрым касиет түрүндө сезимде (үндү жарыкты) байкалат, ал эми кабыл алуунун жыйынтыгы бири-бири менен байланышкан үчүн образдарды жаратат. Сезүү өзүнчө спецификалуу анализаторлор менен байланышта болуп, алардын айрымдарына берилген дүүлүгүүнүн натыйжасында пайда болот. Кабыл алуу болсо бир нече анализатор менен байланышып, алардын биргеленген аракеттеринин жыйынтыгы катары көрүнөт. Кабыл алуу менен сезүү (философиялык жактан) таануу аспектисинен караганда бирдей өз ара айырмаланбайт. Ал эми психология илиминде бул түшүнүктөрдүн айырмасы принципиалдуу мааниге ээ.

Гештальт психологдор кабыл алууну таануунун алгачкы формасы, ал эми сезүүнү абстракттуу кабыл алууга керектүү модель катары карашат. Материалисттер сезүүнү таануунун алгачкы формасы деп кабыл алууну сезүү менен маанилеш түшүнүшөт.

Ошентип, кабыл алуу – бул заттардын, кубулуштардын сезүү органдарына түздөн-түз таасир этишинин натыйжасында алардын касиеттеринин, бөлүктөрүнүн баш мээде бирдиктүү, жалпы чагылышы, же айрым анализаторлорго, анализаторлордун системасына түздөн-түз таасир этүүдөн пайда болгон заттардын кубулуштардын процесстердин субьективдүү образы.

Кабыл алууну сезүүнүн жөнөкөй гана суммасы жана адамды курчап турган затты пассивдүү чагылдыруучу процесс катары кароо жаңылыштык. Ал реалдуу дүйнөнүн адамдын аң-сезиминде татаал, активдүү, ойлонулган мүнөздөгү чагылышы болуп эсептелет. Ошондой эле аны адамдын акыл иш-аракетинин бир түрү катары караган оң. Курчап турган дүйнөнү терең таануу, кабылдоо адамдын жалпы психикалык турмушунун мазмунуна, анын иш-тажрыйбасына, маалыматтардын камына көз каранды. Кабыл алуунун мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүнү социалдык-психологияда **апперцепция** аркылуу түшүндүрөт.

Бул түшүнүк илимге немец окумуштуусу Г.Лейбниц тарабынан киргизилген. Курчап турган дүйнөнү терең таануу, кабылдоо адамдын жалпы психикалык турмушунун мазмунуна, анын иш-тажрыйбасына, маалыматтардын маңызына көз каранды. Кабыл

**Апперцепция** – латын сөзү, кыргызча «кабыл алууга кошумча» деп айтылат.

алуунун мүмкүнчүлүгүн кеңейте турган мындай социалдык - психологиялык түшүнүк психологияда **апперцепция** деп аталат.

Апперцепция убактылуу жана туруктуу апперцепция болуп экиге бөлүнөт. Туруктуу апперцепция адамдын индивидуалдуу, туруктуу өзгчөлүктөрүнө байланыштуу. Мындай өзгөчөлүктөргө, биринчиден, личносттун көз карашы, ишеними, асылдык табити (коoздук сезими), шыгы кирет. Экинчиден, адам жашаган өлкөдөгү социалдык саясий түзүлүш, кишинин коомдук турмушта ээлеген орду, кесиби жана саясий-маданий деңгээли да туруктуу апперцепцияга таасир этет. Мисалы, гезитке чыккан бир эле макаланын мазмунун ар башка өлкөдө жашаган адамдар ар башка кабыл алат, ар башка чечмелейт. Же тажрыйбалуу токой кыюучунун бир кароо менен дарактын түрүн, кай жакты көздөй жыгыларын аныктай тургандыгын эстейли.

Туруктуу апперцепция окуянын мазмунуна жараша өзгөрүп турушу да мүмкүн. Алсак, бир учурдагы ынак достор катуу араздашуудан кийин бири-бирин начар кабыл алып апперациялар өзгөрүп кетет.

Убактылуу апперцепция кабыл алууну пайда кылуучу конкреттүү кырдаалга, керектөөгө талапка, каалоого жана сезимге көз каранды. Эгер адамды коркуу сезими бийлеп турса, коркунучсуз нерселер да коркунучтуу көрүнөт.

## § 10.2. Кабыл алуунун табияты

Кабыл алуунун табиятын аныктоодо, негизинен, карама каршы эки көз караш белгилүү. Биринчиси -метафизикалык, экинчиси - эмприкалык көз караш.

Метафизиктер адам төрөлгөндөн баштап эле дүйнө жөнүндөгү айрым маалыматтарга ээ дешет. Реалдуу зат менен эч мамиледе болбой туруп эле анын закон ченемдүүлүктөрүн билөө, дүйнөлүк ачылыштарды жасоо мүмкүнчүлүгүн айтышат. Чынында, кээ бир геометриялык теориялар, гипотезалар андай жолдор менен ишке ашат. Айрым жаныбарлар керектүү тажрыйбага ээ болбой туруп

туулгандан аз убакыттан кийин коркунучтан коргонууну жана макулуктарга кол салууну билет, бул жөндөмдүүлүктү үйрөнүүгө убакыт талап кылынбайт. Куштар болсо бир континенттен экинчи континентке учуп өтүүдө жолдогу тоскоолдуктарга биринчи туш келгенине карабай, учуу жолунан адашпайт. Жаныбарларда, канаттууларда мындай жөндөмдүүлүктөр, жашоого керектүү тажрыйбалар мурас катары тукум куучулук механизмдери аркылуу өтөт.

Эмпириктер адамга керектүү бардык маалыматтар сенсордук тажрыйбага таянат, кабыл алуу тубаса мүнөзгө ээ болбостон, окутуунун, тарбиялоонун негизинде пайда болот деген идеяны жакташат. Албетте, бул ойду далилдей турган фактылар да турмушта көп кездешет.

С. Б. аттуу киши 52 жашка чейин көзү азиз жашаган. Ал велосипед тебүүнү билген, таяксыз көчөлөрдө сейилдеген, ордунда турган машиналарды эркин аралап баскан, куралдары менен айрым нерселерди жасаган, машиналарды кыйналбай алардын, түрлөрүн так ажырата алган. Көзүнө операция ийгиликтүү жасалгандан кийин, ал алгач врачтын үнүн угуп, өзүн көрө алган эмес, күңүрт нерселерди гана байкаган. Белгилүү убакыт өткөн соң, көздүн кызматы калыбына келе баштайт. Бирок шашып кеткенде өз көзүнө ишенбей, аны жумуп, азиз учурундагы ориентирлер менен аракеттенген. Соо адамдар окуган китептерди окууга көнгөн эмес. Акыры абалы күндөн-күнгө начарлап, отуруп, үч жылдан кийин каза табат. Ошентип, адам ык-машыгуулардын, окуунун, тарбиянын, тү рдүү мамиленин негизинде өз чөйрөсүндө кенен, эркин жашоого жетишет. Ушундай фактыларга таянуу менен Р.Л.Грегори «Көз жана мээ» деген эмгегинде адамга туулгандан баштап эмне берилерин жана окуунун жардамы менен эмнеге ээ болорун аныктоо кыйын экендигин белгилеген.

## § 10.3. Кабыл алуунун физиологиялык негизи

Кабыл алуунун физиологиялык негизи болуп анализаторлордун комплекстүү иш аракети саналат, тактап айтканда, сезүү процесси сыяктуу рефлектордук процесс. Белгилүү окумуштуу

И.П.Павлов кабыл алуунун физиологиялык негизин обьективдүү дүйнөдөгү кубулуштардын, заттардын рецепторлорго таасир этишинен баш мээнин жарым шарында пайда болуучу убактылуу нервдик байланыштар, шарттуу рефлекстер түзө турганын негиздеген.

Кабыл алуунун негизинде эки убактылуу нервдик байланыш жатат. Биринчисине бир анализатордун деңгээлиндеги нервдик байланыш, экинчисине бир нече анализаторлордун деңгээлиндеги убактылуу байланыш кирет.

Биринчиси организмди модалдуу (модальность) комплекстүү дүүлүктүрүүлөрдөн келип чыгат. Ага угуу анализаторуна таасир эткен айрым үндөрдөн турган музыкалык күүлөрдү кошууга болот. Мында бир татаал дүүлүктүргүч аракеттенет. Ал эми бир канча анализаторлордун ортосундагы нервдик байланышта комплекстүү дүүлүктүргүчтөр түрдүү анализаторлорго таасирин тийгизе алат, дүүлүктүрөт.

## § 10.4. Кабыл алуунун негизги өзгөчөлүктөрү



Кабыл алуунун негизги өзгөчөлүктөрүнө предметтүүлүк, бүтүндүк, туруктуулук жана, ойлонуучулук касиеттер кирет.

Кабыл алуунун предметтүүлүгү нерсени кабыл алуудан пайда болгон ойдун, элестин, издин ошол реалдуу заттын касиеттерине дал келүүсүн чагылдыра алган адамдын жөндөмдүүлүгүн билдирет.

**Кабыл алуунун предметтүүлүгү** - нерсенин фондон ажырап турушунан ачык байкалат. Кабыл алуучу нерсе бирдей мааниге ээ болгон эки түзүүчүдөн турат. Биринчиси – кабылдануучу нерсе (зат) ал алдыңкы планда бардык касиеттери менен өзгөчөлөнгөн абалда болот. Экинчиси – фон, кабыл алынуучу нерсенин артындагы касиеттери

толук белгисиз, ачык байкалбаган бир канча обьектилердин суммасы.

Нерселер (китеп, танка, адам) адамдын аң-сезиминде анын субьективдүү ой жүгүртүүсү катары чагылбастан, обьективдүү, аң-сезимге көз карандысыз жашаган зат катары кабыл алынат. Ансыз кабыл алуу адамдын практикалык турмушунда ага багыт берүүчү кызматты аткара албайт.

«Көрүү нервине таасир эткен жарыктык» - дейт

Ф.Энгельс, көрүү нервинин субьективдүү үлгүсү катары эмес көздөн сырткары жашаган заттын обьективдүү формасы катары кабыл алынат».

Кабыл алуунун предметтүүлүгү тубаса мүнөзгө ээ эмес. Заттын предметтүүлүгүн кабыл алууда негизги ролду кыймыл жана тери сезгичтиги ойнойт. Жаш баланын психикалык жактан өнүгүүсү ндө кабыл алуунун предметтүүлүгү чоң маанире ээ. Бала айлана - чөйрөсүндөгү нерселердин, заттардын бар экендигин тааныйт. Өзү нө керектүү заттарды башкалардан айырмалап, ага ээ болуу үчүн аракеттенет. Балдардагы мындай аракеттер алардын психикалык жактан өнүгүшүнө түрткү берет.

**Кабыл алуунун бүтүндүк касиети.** Бул кабыл алуу учурунда сезүү органдарга таасир этпеген кубулуштардын, предметтердин жана алардын касиеттеринин жетишпеген элементтерин элестетү үнүн, алгачкы маалыматтын, тажрыйбанын жардамы менен толуктоого жумшалган адамдын психикалык иш аракетин түшүндүрөт.

Адатта адам нерсени бүтүн, бирдиктүү кабыл алат. Анан айрым элементтерин, касиеттерин, териштирет, кем белгилерин толуктайт. Кабыл алуунун бүтүндүгүн мейкиндиктеги бир нече чегиттерди сызыктар менен бир бүтүн фигурага бириктирген мү нөздө элестетсе болот. Же айталы, адам телефон менен сүйлөшүп жатканда, айрым сөздөр угулбай калышы мүмкүн. Бирок угулбаган сөздөрдү угулгандары менен байланыштырып, эмне жөнүндө сөз болуп жатканын толук түшүнөт.

Адам таануунун концепция -ларына өз салымын кошкон. Онтопсихология, курак жана дифференциялык психологиянын жалпы биригүүсүн изилдеген авторлор.



**Б.Г.Ананьев** 1907-1972-жылдары жашаган орус элинин психологу. Бехтеревдин окуусун улантуучулардын бири.

**Б.Г.Ананьев** - кабыл алуунун бүтүндүк касиети акырындык менен пайда болорун далилдешкен окмуштулар Предмет туура образга ээ болуу үчүн, адам аны, биринчиден, изилдейт, экинчиден, көзү менен көрүп колу менен кармап туят. Бул аракеттер затты туура кабыл алууга түрткү берет. Адам мурда кабылданган затты кайрадан кабыл алганда, анын изилдөөчү аракеттери кескин түрдө азаят, зат жөнүндө түшүнүк тездейт. Мисалы, азиз төрөлгөн адам көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондо, ага тааныш заттын чоңдугу, формасы, көлөмү, жөнүндө биринчи эле көргөндө туура түшүнүк бере албайт. Аны кармап көрүп, изилдөөдөн өткөрүүгө тийиш.

**Кабыл алуунун туруктуулугу** кабыл алуу шартын кескин түрдө өзгөрткөн учурда нерсенин касиеттеринин салыштырмалуу туруктуулукта калуу өзгөчөлүгүн түшүндүрөт. Заттардын образдарынын кабыл алуу шартына салыштырмалуу көз каранды эместиги кабыл алуунун туруктуулугун мүнөздөйт.

Туруктуулук касиети заттын формасын, түсүн жана чоңдугун көрүү анализатору аркылуу кабыл алууда ачык байкалат.

1. Түстү кабыл алуу жарыктын түшүү мүнөзүнө көз каранды болбостон, заттын алгачкы түсүнүн туруктуу калышын белгилейт. Мисалы, ак кагаз күчтүү жарыкта да, караңгылыкта да, кара булганыч нерсени сүртүп салганда да ак боюнча, көмүрдүн кичинекей сыныгын кандай шартта болсо да, көмүр катары кара түстө кабыл алабыз.

2. Чоңдукту кабыл алуу обьект кандай аралыкта жайланышына карабай, анын чыныгы чоңдугу салыштырмалуу туруктуу болот. Адам 3,5 метр же 10 метр аралыкта турса да, көз торчосуна түшкөн кичине элесине карабай, анын чыныгы чоңдугу туура кабылдана берет.

Чоңдукту кабыл алуу көздүн торчосуна түшкөн сүрөттөлүшүнө гана көз каранды болбостон, көз булчуңдарынын чыңалуусуна

жана башка заттар менен болгон салыштырма катышка да байланыштуу.

3. Заттын формасын кабыл алуу анын мейкиндиктеги абалынын өзгөрүшүнө карабай, формасынын алгачкы абалда калуу өзгөчөлүгүн билдирет. Айталы, тарелка мейкиндикте жайланышына карай бирде эллипс, бирде айлана формасында көрүнсө да, анын тегерек экенин тана албайбыз.

Кабыл алуунун туруктуулугу тубаса мүнөзгө ээ эмес. Тарбияга, көнүгүүгө байланыштуу. Психологдор калың токойдо жашашкан кишилерди тегиз талаага алып келип, же жалгыз жерде жашаган адамдарды көп кабаттуу үйдүн 16-17 кабатына чыгарып, алыста турган нерселерди көрсөткөндө, алар предметтердин чыныгы өлчөмдөрүн айта алышкан эмес. Улгайып калган азиз адам көрүү сезимине ээ болгондо үйдүн 10-12 кабатынан секирүүгө аракеттенген. Ал үчүн 10-12 кабаттан жерге чейинки аралык кичине жер сыяктуу сезилген.

## § 10.5. Кабыл алууну классификациялоо

Кабыл алуу төмөнкүдөй эки багытта классификация-ланат:

**1. Кабыл алууда** негизги роль ойногон анализаторго карай көрүү, жыт сезүү, угуу, даам татуу, тери сезими жана кинестезикалык кабыл алуулар болуп, алтыга бөлүнөт.

**2. Материянын жашоо формасына карай** мейкиндикти, убакытты, кыймылды кабыл алуу деп үчкө бөлүнөт.

**Мейкиндик кабыл алуу.** Марксизм-ленинизм классиктериринин пикири боюнча, мейкиндик – материянын жашоо формасынын бир түрү. Материалдык дүйнөнүн предметтери мейкиндикте белгилүү орунду ээлеп, адамга жана башка заттарга карай белгилүү аралыкта жайланышат. Алар тийиштүү чоңдукка, көлөмгө, формага ээ. Адамдын аң-сезиминде заттардын мейкиндик касиеттеринин (чоңдук, көлөм, форма) чагылуусу мейкиндикти кабыл алуу деп аталат. Мейкиндикти, убакытты кабыл алуунун физиологиялык негизи болуп

> **Конвергенция** – көздүн көрүү шоолаларынын - затка карай багыт алуу аракеттери.

бир канча сезүү органдарынын биргелешкен иш-аракети жана баш мээнин чоң жарым шары саналат.

**Чоңдукту кабыл алуу.** Мейкиндикте жайланышкан заттардын өлчөмүн кабыл алуунун өзгөчө закон ченемдүүлүктөрү бар. Биринчиден, заттын өлчөмүн көрүү көздүн торчосуна түшкөн сүрөттөлүштүн чоңдугуна жаш зат менен көрүүнүн ортосундагы аралыкка байланыштуу. Ар башка чоңдуктагы зат бирдей аралыкта жайланышса, көзгө чоң заттан, чоң, кичине заттан кичине сүрөттөлүш түшөт. Түрдүү аралыктан орун алса, көрүү анализаторуна жакын турган кичине өлчөмдөгү заттын көздүн торчосунда чоң сүрөттөлүш чоң өлчөмдөгү заттан жерден алыс турса, кичине сүрөттөлүш чагылат. Экинчиден, заттын өлчөмүн кабыл алуу аккомодация жана конвергенция мыйзамы менен жүрөт.

| |
|---|
| **Аккомодация** – латын сөзү, кыргызча «ылайыкташуу, ыңгайлашуу». |

**Аккомодация** - түрдүү аралыкта жайгашкан заттарды так ажыратуудагы көздүн ылайыкташуусу. Тактап айтканда, көз торчосуна түшкөн сүрөттөлүштү так фокустоо максатында көздүн чечекейинин ийрилигинин өзгөрүшү. Башкача айтканда, аккомодация чечекейдин (көз хрусталигинин) ийрилигинин (кривизна) түрдүү аралыктагы заттарды кабыл алгандагы өзгөрүшүн түшүндүрөт.

Адамга жакын жайланышкан заттарды караганда, чечекейдин ийрилиги кеңейет, алыскы заттарды караганда, тескерисинче, кичиреет. Аккомодация – заттар адамдан 5-6 метр аралыкта турганда аракетке кире турган кубулуш.

**Конвергенция** 450 – м. аралыкка чейин багыт ала алуучу психикалык процесс. Үчүнчүдөн, аккомодация жана конвергенция чегинен алыс турган обьектилердин өлчөмүн адам өзүнө белгилүү заттар менен салыштыруу аркылуу аныктоого аракеттенет.

**Дүрбүлүү (бинокулдуу) көрүү**. Бул затка тиешелүү болгон касиеттерди толугу менен чагылдырууну билдирет. Адатта көздүн торчосунда көрүлүп жаткан обьектинин эки түрдүү сүрөттөшү чагылат: оң кезде оң жагы (ныптасы), сол кезде сол жагы (ныптасы). Адамдын аң-сезиминде бул эки сүрөттөлүш кошулуп, бир сү

рөттөлүштү заттын бүтүн образын пайда кылат. Дүрбүлүү (бинокулдуу) сезүү аралыкты аныктоодо да кызмат кылат.

**Контур** – эки реалдуу обьектинин грандарын бири-биринен бөлүп алуу дегендик.

Төртүнчүдөн, заттын чыныгы өлчөмүн аныктоо адамдын иш тажрыйбасына да көз каранды. Заттын формасын кабыл алуу кинестезикалык көрүү, тери сезимдеринин жардамы менен жүзөөгө ашат. Заттын формасын кабыл алуу анын **контурун** болүп алуудан башталат. Заттын контурун көздүн микрокыймылдары ажыратат, башкача айтканда, көздүн микрокыймылдары аркылуу формасы аныкталуучу заттын образын түзөт, андан керектүү информацияларды алат.

Заттын формасын тери сезим менен кабыл алууда адам обьектини колуна кармап, аны өз огунда айландыруу менен анын контурун табууга аракеттенет. Контурду ажыратуу заттын жалпы формасы жана башка түзүлүштөрү жөнүндө информация алуу дегендикти билдирет.

**Убакытты кабыл алуу.** Убакытты кабыл алуу обьективдүү чындыкты алып жүрүүчү кубулуштардын иреттүүлүгүн, ылдамдыгын белгилейт. Убакытты кабыл алуунун негизин баш мээнин чоң жарым шарындагы козголуу менен тормоздолуунун ыргактуу (ритмикалык) алмашуусу түзөт. Көп кылымдардан бери убакытты кабыл алуу боюнча түрдүү философиялык теориялар жаралды. Идеалисттер: «Убакыт -жандын касиети, адамдын аң-сезиминин бир өзгөчөлүгү, аны кабыл алуу предметсиз ой жүгүртүүгө алып келет,»- дешкен.

Ал эми материалисттик багыттагы окумуштуулар убакыттын обьективдүү жашоосунан шек санабайт. Ф.Энгельс: «Бытиенин мейкиндиктен тышкары жашоосу кандай маанисиздик болсо, бытиенин убакыттан тышкары жашоосу да ошондой эле өтө чоң маанисиздик болот,» - деп жазат. Көрүнүктүү физиологдор И.М.Сеченов, И.П.Павловдор да убакыттын обьективдүү жашаарын көптөгөн тажрыйбалар менен илимий негизде далилдешкен.

**Иллюзия** - латын сөзү, кыргызча - «ката, адашуу, алдоо».

И.П.Павлов, убакытты кабыл алууну шарттуу рефлекс катары карайт. «Жыт, үн, жарык, түс шарттуу рефлекстин пайда болушуна кандай өбөлгө түзсө, кубулуштардын узактыгы, биринин артынан экинчисинин келиши ошондой эле роль ойнойт,» -дейт. Окумуштуу лабораториясында итке ар бир 30 мүнөттө тамак берип турган.

Мындай режимди бир канча жолу кайталагандан кийин, ар бир 30 мүнөттөн кийин тамак бербесе деле, иттин шилекей бездери иштелген. Демек, убакыттын жардамы менен итте шарттуу рефлекс түзүлгөн.

И.П.Павловдун окуучусу Никифоровский таш бакандын башы аркылуу ар бир 4 мүнөттө электр тогун өткөзүп турган. Кийин электр тогун өткөзбөсө да, ташбака ар бир 4 мунөттө башын өзү нүн калканына бекитe калууга өнөкөттөнгөн.

Ошондой эле убакыттын обьективдүү жашоосун күндөлүк турмуштан да жеңил байкайбыз. Эгерде, адамдын көңүлү көтөрү ңкү болсо, убакыттын кандай өткөнү сезилбей калат, тез өткөндөй болот. Тескерисинче, көңүлү чөгүнкү, оор шарттарды, коркунучтуу кырдаалдарды күтүү абалында турганда, убакыт өтпөй калгандай туюлат. Демек, убакытты, кабыл алуу, адамдын жалпы психикалык абалына, иш -аракетине көз каранды.

Жыйынтыктап айтканда, үн, жарык, түс кандай обьективдүү жашаса, убакыт да ошондой эле обьективдүү жашайт.

## § 10.6. Кабыл алуудагы иллюзия кубулушуу

**Иллюзия** реалдуу заттын жана анын касиеттеринин туура эмес бурмаланып кабыл алынышын туюндурат. Анын пайда болуш себептери өтө көп, бир жактуу теориялык негизде чечүү кыйын. Айрым изилдөөчүлөр иллюзиянын пайда болушун тери, перипериялык факторлор менен башкача айтканда иррадация, аккомодация, көздүн кыймылы аркылуу түшүндүрүшөт. Окумуштуулардын башка бир топтору борбордук нерв системасы менен байланыштырат. Кээде иллюзиянын өзгөчө шартта (мисалы, бир көз менен кароодо, көздүн оптикалык сапатынын начарлашында) келип чыгарын да белгилешет.

Иллюзиянын өзгөчөлүктөрү көбүнчө көрүү анализаторунун айланасында изилденген. Көрүү иллюзиясы заттын узундугу, чоңдугун ж. б. мейкиндик касиеттерин жана кыймылды кабыл алууда пайда болот.

Иллюзиянын келип чыгышында фондун ролун эске алуу керек. Фонго карай иллюзия эки түрдө байкалат:

Фондун алкагында кабыл алынган заттардын бузулушу. Мисалы, Герингдин сүрөтү. Фонсуз нерсенин өзүнүн фигурасынын бузулушу.

Сүрөттөргө караганда дүйнөнү кабыл алууга карата айрым учурларда жалган көрүнүштөр да болот. Алсак, бул сүрөттөрдө геометриялык сызыктар узундуктары боюнча бирдей өлчөмдө болгонуна карабастан, үстүнкү сызыкка караганда алдынкысы




Рис. 19








Рис. 20









Сүрөт № 1.

узун көрүнгөнсүйт. Ушундай иллюзиялык кабыл алуу калган сү рөттөрдө да байкалат.

Анткени рельстердин паралельдүүлүгүн улам байкоо узап алыстаган сайын, алар жакындагансыйт. Турмушта алар андай эмес. Рельстер жакындабайт. Бул жөн гана иллюзиялык кубулуш. Бул- кубулуштарды анализдеп, байкап көргүлө.

## Инсандын өзүн-өзү жана экинчи бирөөнү кабыл алышы (Т.Лиринин ыкмасы колдонуу аркылуу)

Инсандык сапат тубаса берилбестен көпчүлүк учурда, инсан жашаган социалдык чөйрөнүн таасир этүү күчүнө жараша калыптанат. Ошондуктан изилдөөчүгө керек болгон инсандык сапаттын психикалык өзгөчөлүгүн аныктоодо Т.Лири тарабынын түзүлгөн ыкманы керектүү шартка жараша көнүктүрүү инсанды ар тараптан изилдеп чечмелөөгө мүмкүндүк берери шексиз. Анткени бул ыкма карама-каршы мүнөзгө ээ болгон 8 фактор боюнча изилдеп жаткан инсандын 16 параметрин аныктап көрсөтөт.

**Бийликке жетүүгө, чоңду**кка, башкарууга умтулуу.

**Өзүнө-өзү ишенүүчүлүк** – бирөөнүн сөзүнө макул болбоо, катуу мүнөзгө ээ болуучулук фактору каршысында жаткан сапаттарга карата аныкталат. (Мындан кийинки фокторлордун карама-каршысындагы параметрлерди өзүңөр аныктагыла).

**Өзүн-өзү билүүчүлүк, ишенүүчүлүк,** өзүн-өзү жактыру-учулук фактору анын каршысындагы сапатка карата изилденет.

**Өжөрдүк, көктүк, кежирдик** сапаттар анын каршы-сындагы сапатка карата изилденет.

**Бирөөгө жол коюучулук, коркоктук**, бирөөгө баш ийүүчү лүк факторлор алардын каршысы аркылуу изилденет.

**Ишенчээктик** – тил алчаактык фактору дагы өзүнүн каршысында жаткан сапатка карата изилденет.

**Ак көңүлдүк** – өзүн биле албоочулук – жакшы жашоону каалоочулук (конформизм) фактору да каршысындагы сапатка карата изилденет.

**Боорукерди**к – өзүмчүл эмес, кайрымдуулук фактору да каршысындагы сапатка жараша изилденет.

Урматуу изилденүүчүлөр, силерге берилген суроолорго беш баллдык система боюнча жооп бересиңер. (0,1,2,3,4,5). «0» деген балл берилген суроодогу сунуш этилген сапаттар изилденип жаткан адамда таптакыр жок деп эсептеген учурда коюлат. Ал эми «5» деген баллды сунуш этилген сапат изилденип жаткан адамда 100% бар деген учурда коесуз. Ушул сыяктуу башка баллдар дагы өз деңгээлине жараша коюла берет.

**Изилденүүчүгө берилүүчү суроолор.**

1. Бирөө менен кызматташ болуп, ага жардам берүү.
2. Өзүнө-өзү ишенүү.
3. Бирөөнүн кадыр баркын өз жумушу үчүн колдонуу.
4. Бирөөнүн башкарганына жини келүү.
5. Мүнөзү ачык.
6. Арызчыл.
7. Дайыма бирөөдөн жардам сурайт.
8. Бирөөлөрдөн кубаттоону күтөт.
9. Өтө ишенчээк жана бирөөгө жардам берип аны сүйүндүрөт.
10. Ачык болгонду жакшы көрөт.
11. Бирөөгө өзүнүн кадырлуу экенин көрсөтүү.
12. Өзүнүн туруктуу экенин көрсөтө алуу.
13. Жайдары мүнөз.
14. Кайрымдуу.
15. Өтө ачуулуу, жини тез
16. Мактанчаак.
17. Өзүмчүлдүк.
18. Өз кемчилдигин сезе алуу.
19. Урматтуу болууну каалоо.
20. Өз билгенин кое бербөө.
21. Өтө боорукер жана кемчилдигин сезе алуу.
22. Башкарганды жакшы көрүү.
23. Бирөөгө болушууга умтулуу.
24. Таң калтыруу.
25. Бирөөнүн чечим чыгаруусуна мүмкүндүк берүү.

26. Бардыгын кечирүү.
27. Түз, туура адам болуу.
28. Эч нерсе менен иши жоктук.
29. Өзүмчүл эместик.
30. Бирөөгө кенеш берүүнү жакшы көрүү.
31. Бирөөгө көз каранды болуучулук.
32. Өзүнө-өзү ишене албоочулук.
33. Дайыма капалуу.
34. Бирөөгө көңүлүн жибитпөө.
35. Сөзмөр ким менен болсо да мамилелешип кете алуучулук.
36. Өз билгенин кое бербөөчүлүк, бирок ачыктык.
37. Жамандык ойлоо, кара ниеттик.
38. Бирөөгө баш ийип кете берүүчүлүк.
39. Өзүнө сын көз караште боло алуучулук.
40. Өз буюмун аябоочулук.
41. Кичипейилдик.
42. Бирөөгө жол берүүчүлүк.
43. Тарынчаак, уялчаак.
44. Бирөөгө жардам берүүгө умутулуучулук.
45. Өзү жөнүндө гана ойлоочулук.
46. Ийкемдүүлүк ызат көрсөтүүчүлүк.
47. Бирөөнүн сунушун чын дилден кабыл алуу.
48. Дайыма таң калуучулук, аңкоолук.
49. Колунан эч нерсе келбөөчүлүк.
50. Эрки бош, эзилме былжыраган.
51. Бирөөлөргө сын мамиледе болуучулук.
52. Ынтымакчылык.
53. Бийлигине, даражасына карап мамиле кылуу.
54. Ишенбестик.
55. Авторитетке ээ болууга умтулуу.
56. Кызганчаактык.
57. Коркоктук.
58. Бирөө менен достошо албоо.
59. Демилгесиз, сунушу жок.
60. Бардыгына тегиз мамиле жасоо.
61. Колунан ар нерсе келүү, эптүү.

62. Өтө сыпайы, дилгир, кичи пейил.
63. Элдин сөзүн баалай алуучулук.
64. Ишенчээктик.


## Эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыкталышы

Мында ар бир суроонун жообуна коюлган баллдарды төмөнкү «ачкычка» таянуу менен изилденүүчүнүн инсандык сапаттарын жогорку же төмөн экенин факторлорду пайдаланып чечмелейбиз. Ошону менен бирге, группалык өзгөчөлүктү билсе да болот.

Изилдөөнү чечмелөөчү **«ачкыч»**

| **Факт. номери** | **Суроолордун немери** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** |
| **I** | 3 | 10 | 11 | 19 | 20 | 22 | 24 | 30 |
| **II** | 2 | 12 | 16 | 28 | 32 | 45 | 53 | 59 |
| **III** | 5 | 15 | 17 | 36 | 49 | 50 | 51 | 58 |
| **IV** | 4 | 6 | 33 | 34 | 37 | 48 | 54 | 56 |
| **V** | 18 | 27 | 39 | 42 | 43 | 46 | 57 | 61 |
| **VI** | 9 | 7 | 8 | 14 | 25 | 31 | 38 | 55 |
| **VII** | 1 | 36 | 41 | 52 | 60 | 62 | 63 | 64 |
| **VIII** | 13 | 21 | 23 | 26 | 29 | 40 | 44 | 47 |

Ачкычка таянуу менен изилденип жаткан инсандык сапатты дискограммага карата аныктоого болот. Дискограмманын борборундагы нөлгө жакындаган сайын изилденип жаткан сапаттын аз экендигин билдирет. Тескерисинче нөлдөн алыстаган сайын изилденип жаткан инсанда тиешелүү сапаттын күчтүү мүнөзгө ээлиги түшүндүрүлөт.



Ушул сыяктуу Ф-3 менен Ф-4 тургузса болот; Ф-5 менен Ф6; Ф-7 менен Ф8.

Мисалы, группанын орточо жыйынтыгын да графикте берсе болот.

Ж. б. ушул сыяктуу Ф-3 тон Ф-8ге чейинки факторлорду тургузса болот.

Мында рим цифрасы - инсандын сапатын мүнөздөгөн фактор. Ал эми ар бир айлана нөлдөн алыстаган сайын инсандык сапаттын жогорулагандыгын факторго жараша түшүндүрөт.

Ошентип, изилденүүчүлөрдүн жекелик жана группалык мү нөзгө ээ болгон сапаттарын дагы аныктоого болот. Ал үчүн төмөнкүдөй группалык таблица түзүлүп, ага карата дискограмма тургузулат.

| ФИО | **I** | **II** | **III** | **IV** | **V** | **VI** | **VII** | **VIII** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.А.<br>2.Б.<br>…<br>25.Н. | | | | | | | | |
| **О р . балл** | | | | | | | | |

Изилдөөнүн аягында группалык дискограммага салыштырмалуу ар бир изилденүүчүнүн инсандык сапатынын факторлоруна психологиялык чечмелөө (интерпретация) жүргүзүп, ал адамдын кандай сапаттык өзгөчөлүктөргө ээ экендиги айтылат.

## Колдонулган адабияттар.


1. Бодальев А.А. Восприятие человека человеком. – СПб, Питер, 2004.
2. Восприятие и деятельность (Под.ред А.Н.Леонтьев. -М., 1976.
3. Гусев А.Н. Ощущение и восприятие. Общая психология. В т. Под ред. Братуся Б.С. - М.: Академия, 2007.
4. Данилова Н.Н. Психофизиология. М., 2004., 2008.

5. Ждан А.Н. История психологии: от античности до наших дней. 2008 г.
6. Закиров А. Психология боюнча пратикум. Ош-2015.
7. Миңбаев К., Закиров А. Психология. Ош-2015.
8. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии. СПб, Питер, 2002.
9. Е.Е.Соколова, М., 1999. Психология ощущений и восприятия. Тексты Y Под ред. Ю.Б. Гиппенрейтер, В.В. Любимова, М.Б. Михалевской. М., 2002

## Кабыл алуу темасын текшерүүчү суроолор.

1. Адамдын керектигине, кызыкчылыгына, билимине, ишенимине кабыл алуу кайсыл мыйзамдын негизинде өз таасирин тийгизет ?
2. Кабыл алуу үйрөнүүнүн жыйынтыгыбы же ген аркылуу төрөлгөндө кошо келүүчү психикалык процессби теорияда негиздегиле ?
3. Кабыл алынып жаткан предметтин образы менен ошол предметтин ортосундагы байланышты аныктагыла?
4. Кандай кабыл алынып жаткан обьектини күзгүдөй чагылуу катары кабыл алууга болбойт. Мыйзамдуу түшүндүр ?
5. Кабыл алуунун мыйзамын түшүндүрүүчү теориялар жана мыйзамдарды билесиң ?.
6. Кабыл алуунун физиологиялык негизин кайсыл окумуштуу кантип түшүндүргөн ?.
7. Кабыл алуунун негизги өзгөчөлүктөрү?.
8. Кабыл алуунун класстары.?
9. Кабыл алуунун инсандар аралык мамилелердеги орду (Бодалевдун теориясы жана изилдөө жыйынтыктары)?
10. Кабыл алуунун маалымат алмашуудагы маңызы?
11. Кабыл алуунун психо-физиологиялык формалары?

## *Он биринчи бөлүм:*

# КӨҢҮЛ БУРУУ

*Майда нерселерге керегинен ашыкча маани бергендер, колунан чоң иш келбегендер болушат.*
***Платон*** *(грек ойчул- философу)*

## § 9.1. Көңүл буруу жөнүндө түшүнүк

Адамдын уюштурулган ар кандай иш-аракеттери белгилүү деңгээлде тандалмалуу мүнөзгө ээ. Мисалы, көптөгөн дүүлүктү ргүчтөрдүн ичинен адам өз кызыкчылыгына туура келгенин, өзгөчөлөнгөнүн кабыл алат. Же түрдүү кыймылдардын ичинен талабына жооп бере турган кыймылды тандайт. Интеллектуалдык операцияларды аткарууда баш мээде сакталган чексиз көп сандагы издердин ичинен айрымдарын гана бөлүп, өз керектөөсүнө колдонот. Дегинкиси, адамдын аң-сезиминде издер, элестер, кыймылдар, сезүүлөр улам тандалып алынгадары гана анын баш мээсинде, аң-сезиминен орун табат. Психикалык процесстин мындай тандоочулук, ылгоочулук касиеттери психология илиминде көңүл буруу деген түшүнүк аркылуу туюндурулат.



**Ж. Кювье** 1769-1832-жылдары жашаган Француз биологу, салыш -тырмалуу анатомияны реформалаган илимпоз.

Ж.Кювье көңүл буруунун илимий иштеги маанисин белгилеп келип: «Гений – талбаган, чарчабаган көңүл буруу», - деген. Көңүл буруу личность үчүн туруктуу же убактылуу мааниге ээ болгон обьектиге карата анын психикалык иш-аракеттеринин багытталышын жана көңүлүнүн топтолушун билдирет. Келтирилген аныктамадагы «иш-аракеттин

багытталышы» жана «көңүлдүн топтолушу» деген түшүнүктөрдүн маанисин ачууну талап кылат.

Көңүлдүн багытталышы иш-аракеттин тандалмалуу-лугу, башкача айтканда, личность үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон обьектилер, дүүлүктүргүчтөр тандалат. Тандоо эрктүү жана эрксиз мүнөздө жүрөт. Мисалы, студент лекциянын мазмунун угууну аң-сезимдүү, мажбурсуз тандап алат. Көңүл буруусу аң-сезимдүү коюлган максат менен байланышта болуп, лекция аны өзүнө тартып турат.

Психикалык иш-аракеттин багытталышы дегенде жалаң гана ишкердикти, тандап алууну түшүнбөстөн, ошол тандалган обьектини көңүлдүн борборунда кармап турууну да түшүнөбүз. Практик мугалимдердин алгач окуучулардын көңүлүн бир обьектиге буруугa караганда, ошол обьектини чордонунда кармоо уюштуруу кыйын экендигин айтып жүрүшкөндүгү буга айкын далил. Психикалык иш-аракеттердин багытталышы, биринчиден, дүүлүктүргү чтүн мүнөзүнө, экинчиден дүүлүктүргүчкө болгон керектөөгө, үчү нчүдөн иш-аракеттин структурасына жараша болот.

**Дүүлүктүргүчтүн мүнөзү.** Окшош дүүлүктүргүчтөргө көңүл бирдей же адашкан мүнөздө бурулат, аны дүүлүктүргүчтөрдүн бирине топтоо мүмкүн эмес. Шахмат доскасын же окшош чекиттер менен толтурулган торчону карап, көңүлдү бир жерге топтоо аракети кыйын.

Эгер доскага бир канча сызыкчаларды сызып, алардын бирөөнү жоонураак сызсак, көңүл ага өзүнөн-өзү бурулат. Обьектиге көңү лдү топтоодо физикалык өзгөчөлүгүнөн башка «жаңылык» да чоң мааниге ээ. Мисалы, доскага бир канча тамгаларды жазып, бирөөсүн башкача элемент менен жазып койсо көңүл ага дароо бурулат. Көңүл буруудагы дүүлүктүргүчтүн бул өзгөчөлүгүн мугалим жаңы теманы өтүүдө окуучуларга тааныш фактылардын ичинен жаңы инфор- мацияны бөлүп берүүдө чыгармачылык менен пайдаланса, ийгилик алып келет.

**Дүүлүктүргүчтүн структуралык уюштурулушу.** Көңүлдүн обьектиге бурулушун активдештирүүнүн дагы бири дүүлүктүргү чтөрдү алдын ала уюштуруу, саналат. Айталы, кабылдануучунун иш-аракетинде, зат структуралуу, элементтерге бөлүнгөн түрдө на-

зарга коюлса, көңүл буруу кескин түрдө жогорулайт. Эгер алдын ала андай атайы уюштурулбаса, обьектинин аз элементи эсте калат.

Обьектилерди структуралык кабыл алуу инженердик психологияда кеңири колдонулат. Машинанын башкаруу пульттарынын элементтерин көз сферасына ыңгайлуу жайгаштырса, аң-сезим чарчабайт.

**Дүүлүктүргүчтүн керектик мүнөзү.** Дүүлүктүргүчтөр адамга таасир этип, көңүлдү өзүнө буруу үчүн аны керектөө мүнөзүүнө ээ болушу зарыл. Практикада адамдар жана айбандар өз чөйрөсү ндөгү көптөгөн дүүлүүтүргүчтөрдүн ичинен керектөөсүнө же жашоосуна мүмкүндүк түзүүчү обьектилерге биринчи иретте көңүл бурушат. Чымын-чиркейлер бардык гүлдөрдүн ичинен тамактана турган ачык заты бар хроматикалык түскө ээ болгон гүлдөрдү көп тандайт, ал эми ахроматикалык түстөгү гүлдөргө бейтарап мамиле жасайт.


**Көңүлдүн топтолушу.** Психикалык иш-аракетке көңүлдүн топтолушу дегенде кабыл алуучу обьектиге өтө берилгендикти, керексиз, тоскоолдук кылуучу дүүлүктүргүч-төрдү атайын ажыратууну, терең үйрөнүүгө жардам берүүчү дүүлүктүргүчтөрдүн көңү лдүн борборунда кармап турууну түшүнөбүз. Ал адамдын аткара турган ишке кызыгуусу пайда болгондо, оң эмоционалдык абалда турганда обьект менен активдүү жүргүзгөндө жана жоопкерчилигин туура түшүнгөн учурда пайда болот.

## § 11.2. Көңүл буруунун табияты

Көңүл буруу башка психикалык процесстерге көз карандысыз өз алдынча болбогондуктан, анын табиятын түшүндүрүүдө эки карама-каршы көз-караш жашап келүүдө. Ар биринин өз ойлорун бекемдей турган илимий, практикалык далилдери бар. Ошондуктан ал окумуштуулардын ойлоруна токтолуп көрөлү.

Биринчи топтогу изилдөөчүлөр көңүл бурууну өз алдынча жашабайт, ал кандайдыр бир психикалык процесстердин натыйжасы, көрүнүшү деген ойду айтышат. Көңүл буруу эмоцияда, кызыгууда, апперцепцияда, эркте, аң-сезимди уюштурууда, жалпы психика-

лык активдүүлүктө байкалат. Кээ бир советтик психологдор көңүл бурууну установка кубулушу менен байланыштырат.



**П.Я.Галперин**
1901-1986-жылдары жашаган советтик окумуштуу, акыл иш-аракетинин этаптуу өнүгүү теориясын жараткан.

Экинчи топтогу окмуштуулар көңүл бурууну ички спецификалык өзгөчөлүккө ээ, башка психикалык процесстерге окшобогон, аларга көз каранды болбогон ал абалы катары карашат. Мындай окумуштуулар: «Баш мээде көңүл бурууну башкара турган органдар бар»- дешип, ага регулярдык формацияны жана багыттоочу рефлексти киргизип, А.Ухтомскийдин изилдөөлөрүнө таянышат. Көңүл бурууну физиологиялык табиятын түшүндүрүүдө Т.Рибовдун (көңүл буруу начар, күчөтүлгөн абалда болушуна карабай, ал эмоция менен байланышта анын негизинде келип чыгат). Д.Н.Узнадзе; (установка түздөн-түз көңүл буруу менен байланыштуу).

П.Я.Галпериндин (көңүл буруу ориентиров-калык изилдөө иш аракетинин бир моменти) теорияларынан кездештирүүгө болот.

## § 11.3. Көңүл бурууну физиологиялык негизи

Жөнөкөй учурда көңүл бурууну физиологиялык негизи болуп божомолдоочу рефлекс (ориентировочный рефлекс) саналат. Бул феномен илимде рефлекс «бул эмне» деген ат менен белгилүү. Бул тубаса рефлекстердин тобуна кирет. Мисалы, диванда мышыктын баласы бутун же бетин жууп отурган учурда, гезитти шуудуратып жиберсек, кулагын тикчийтип өзүн бир нерсеге даярдап, комдоно калат. Анын бардык аракеттеринде «Бул эмне?» деген суроонун пайда болгону сезилет. Мышыктын баласындагы мындай абалдын пайда болушу — тубаса рефлекстин натыйжасы, себеби ал өзүнүн кыска өмүрүндө али чычканды же итти көрө элек болушу ыкты-

мал «Бул эмне?» рефлексинин негизинде ал өзүн душмандардан коргоого же тамактанууга умтулат. Бул рефлекс жалаң гана айбандарга тиешелүү болбостон, аң-сезимдүү адамдарга да тиешелүү. Адамдар жана айбандар чөйрөдө эң кичинекей өзгөрүүлөр боло түшсө, керектүү рецепторлорду ошол жакка багыттап, бардык жагдайга даяр абалда турушат. Эгер айбандар «Бул эмне?» рефлексинен ажыраса, анда алардын турмушу минут сайын коркунучта турарын физиологдор белгилешкен.

Болжолдоочу рефлекс эки фазадан турат: Биринчи фазасында, дүүлүгүү алгач таасир эткенде, адамдарда да, айбандарда да биологиялык коргонуучулук, кылдаттык пайда болот. Экинчи фазасына талдоо, изилдөө аракеттери кирет.

Көңүл буруунун физиологиялык негизин түшүндүрүүдө А.Ухтомскийдин доминанттар жөнүндө окуусу чоң мааниге ээ. Анын далилдөөсү боюнча, таасир этүүчү дүүлүктүргүчтөр баш мээде бир канча козголуу борборлорун пайда кылат. Бул борборлор өз ара чынжыр сыяктуу байланышта туруп, биринин таасири экинчисине берилип, анын иш жөндөмдүүлүгүн жогорулатат. Дүүлүгүү борборлорунун ортосунда жетекчилик «жетекчилик ролду» ээлөө үчүн өздөрүнө мүнөздүү болгон күрөш жүрөт. Козголуу борборлорунун бирөө башкаларынын таасирин жоюп, жетекчилик ролду өзүнө алууга тырышат. Академик А.А.Ухтомский ушул жетекчиликке умтулган борборду **доминанттык** борбор деп атаган.



**А.Ухтомский** 1875-1942-ж ж. орус окумуштуусу, физиолог, нерв системасындагы доминантын пихофизологиясын негиздеген.

Кээ бир учурда доминант **субдоминанттык** кызматты аткарып калышы мүмкүн А.А.Ухтомский аны далилдөө үчүн күндөлүк турмуштан кеңири байкалуучу мисал келтирет. Итке тамакты берүүнү белгилүү учурга чейин азайтып, аны жип менен казыкка байлап коет. Анан иттен алыс жерге эт таштайт. Ач ит этти көргөндө ага жулкунуп, умтула баштайт. Демек анын чоң жарым шарында тамак доминант пайда болду. Бул борборду ан-

дан ары күчөтүү үчүн иттин башынан сылап коет. Доминанттык борборду субдоминанттык борборго айландыруу үчүн, итке эттен да күчтүү болгон дүүлүктүргүч менен таасир этүү керек. Итти келтек менен катуу жазаласа, мурунку доминантты пайда кылган эт бул учурда субдоминаттык борборго айланат.

Доминанттык окуунун мазмунун туура түшүнүп, аны окуу тарбия иштерине пайдалануу оң эффект берет. Мисалы, студенттердин алдында: «мугалимдердин лекциясынын мазмунун жазуу керекпи же жокпу?» деген суроо ар качан турат. А.А.Ухтомскийдин доминанттык окуусу боюнча, лектордун лекциясынын мазмунун жазуу, биринчиден студенттердин доминанттык борборун күчөтөт. Экинчиден доминанттык борборго тескери таасирин тийгизүүчү керексиз дүүлүктүргүчтөрдүн күчүн жоет. Субдоминанттын таасирин кескин түрдө азайтат. Бирок субдоминанттын кескин түрдө азайышы окуу тарбия ишинде тескери таасирин тийгизет. Айталы, чет элдик бир архитектор жаңы университеттин долбоорун түздү. Архитектор имараттагы доминаттык борборго тескери таасирин тийгизүүчү субдоминанттарды жоюу үчүн окуу аудиторияларын бурчсуз курат. Керексиз буюмдардын санын азайтат. Тилекке каршы, тажрыйбада мындай аудиторияларда лекция уккан студенттердин уктап калгандары көп кездешкен. Демек субдоминанттык борборлор адамдын активдүүлүгүн кармоого, көңүл көтөрүүгө өз салымын кошот. Класстарды, окуу аудиторияларын керектүү куралдар менен чегине жараша жасалгалоо, музыка пайдалануу угуучулардын көңүл буруусуна тескери таасирин көп тийгизбейт.

## § 11.4. Көңүл буруунун түрлөрү

Ар бир адамда көңүл буруунун 3 түрү кездешет.

1. Эрктүү көңүл буруу
2. Эрксиз көңүл буруу
3. Эрктүү көңүл буруудан кийинки көңүл буруу.

**Эрксиз көңүл буруу**. Эрктик аракетти талап кылбай, аң сезимсиз, коюлган максаттын жардамы менен пайда болгон көңүл бурууну эрксиз көңүл баруу деп айтабыз. Мисалы, студенттер лекция угуп жаткан учурда, эшикти белигисиз адам тыкылдатса, алар

лекциянын мазмунунан аргасыз алаксып, эшикти тиктөөгө мажбур болушат. Бул эрксиз көңүл буруу. Эрксиз көңүл буруунун окуу тарбия ишинде чоң мааниси бар. Ал үчүн эрксиз көңүл бурууну пайда кылуучу себептерди билиш, ажыратыш керек. Эрксиз көңүл буруу обьективдүү жана субьективдүү факторлордун жардамы менен пайда болот. Обьективдүү факторлорго:

1. Дүүлүктүргүчтүн күтүлбөгөн учурда пайда болушу (эшиктин кокустан ачылышы).

2. Дүүлүктүргүчтүн таасиринин интенсивдүүлүгү (катуу үн, күчтүү жарык).

3. Дүүлүктүргүчтүн контрасттуулугу (адам абсолюттук тынчтыкта отурганда өтө пас угулаар-угулбас үндөр көңүлдү өзүнө кескин бурат.

4. Заттын мейкиндиги чоңдугу. а) чоң өлчөмдөгү заттар кичине заттарга караганда салыштырмалуу көңүлдү өзүнө тез оодарат; б) кыска, үзгүлтүксүз, тынымсыз берилүүчү дүүлүктүргүчтөрдүн ичинен узагыраак, үзгүлтүктүү мүнөздөгүлөрү көңүлгө тез таасир этет; в) мезгил мезгили менен өчүп жанып туруучу дүүлүктүргүчтөр ж.б.

Субьективдү факторлорду адамдын керектөөсүнө туура келген дүүлүктүргүчтөр (курсагы ач учурдагы тамактын жытына көңүлдүн бурулушу), эмоционалдуу таасир этүүчү дүүлүктүргүчтөр (адамдын таң калтыруучу обьектилерге көңүлдүн бурулушу) пайда кылат.

**Эрктүү көңүл буруу.** Эрктүү көңүл буруда адам алдына аңсезимдүү максат коет, аны ишке ашыруу үчүн аракеттерди жумшайт. Ал эмгек процессинин натыйжасында пайда болот.

Эрктүү көңүл бурууну пайда кылуу менен жарыш аны кармап туруу проблемасы келип чыгат. Көңүл буруунун бул түрүнүн пайда болушунда адамга күчтүү дүүлүктүргүчтөр таасир этпей турган тынч, ишкер шарт, чөйрө керек. Башкача айтканда, күндөлүк көнүмүш шарт, көнүмүш аракеттер көңүлдү топтоого мүмкүндүк берет. Мисалы, окуучу үй тапшырмасын иштерде жумушчу столдун даярдашы, эс алуу мөөнөттөрүн алдын ала даярданган белгиленген болуш керек. Анын акыл аракетине көңүл топтолбойт, аткарылуучу иш мазмундуу чыкпайт.

**Эрктүү көңүл буруудан кийинки көңүл буруу**. Көңүл буруунун бул түрүндө адам алгач аң-сезимдүү максат койгону менен туруктуу аракеттерди жумшабайт. Алсак окуучудан татаал маселени чыгаруу талап кылынса, маселенин максатын терең түшүнгөнгө чейин анын көңүлү алагды болуп тура берет. Маселенин шартын, маанисин түшүнгөндөн кийин гана ага өзүнөн-өзү тартылып кетет. Демек, окуучуда эрктүү көңүл буруудан кийинки көңүл буруу пайда болот. Айрым авторлор (Р.С.Немов) көңүл буруунун жогорку тү рлөрүнөн башка жаратылыштык (адамга тубаса берилген), социалдык (тарбиянын, окуутуунун негизинде пайда болгон) түздөн-түз (адамдын керектөөсүнө, кызыгуусу менен байланышкан обьектилерден пайда болгон) кыйыр атайын колдонулуп жүргөн каражаттарга сөздөргө жаңсоолорго көрсөтүүчү багыттоочу белгилерге негизделген көңүл буруунун түзүлүшү.

## § 11. 5. Көңүл буруунун түзүлүшү (структурасы)

Көңүл буруу төмөнкүдөй түзүлүшкө ээ:

1.Көңүл буруунун туруктуулугу

2.Көңүл буруунун термелүүсү.

3.Көңүл буруунун бөлүнүүчүлүгү.

4.Көңүл буруунун алмашуучулугу.

5 Көңүл буруунун көлөмү.

6.Көңүл буруунун элегейлиги.

Окуу, тарбия иштеринде көңүл буруунун келтирилген структураларынын закон ченемдүүлүктөрүн билүү зарыл.




График. көңүл буруунун турактуулугуна мисал (мунда S – процент, T – убакыт).


**Көңүл буруунун туруктуулугу**. Бул адамдын көңүлүнүн бир обьектиге узак убакытка чейин топтолушун мүнөздөйт. Көңүл буруунун туруктуулугу нервдик процесстердин күчүнө, иш - аракеттин мүнөзүнө, ишке болгон мамилеге жана пайда болгон өнөкөттөргө жараша болот.

Турмушта көңүл буруунун туруктуулугун көрсөткөн мисалдар көп. Душмандар Архимеддин Сиракуза шаарын басып алып, үйү нө кирип келишкенде, матиматикалык маселе чыгарып жатыптыр. Душмандардан коргонуунун ордуна:

«Менин айланама тийбегиле!» - деп күйпөлөктөйт. Солдаттар аны өлтүрүп коюшат. Экинчи дагы бир мисал: Фарадей электромагниттик индукция законун ачканга чейин 10 жылдап чөнтөгүндө электромагниттин моделин салып абалга келтирген. Бул мисалдардан көрүнүп тургандай, көңүл

буруунун туруктуулугу 2-3 секунддан ашпайт, аны жогорулатуу үчүн адамдын ишке болгон кызыгуусун, активдүүлүгүн арттыруу зарыл. Көңүл буруунун туруктуулугун окуу тарбия иштеринде да эске алуу маанилүү. Ал окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө көз каранды, 7-8 жаштагы балдарда 10-15 минутка, жогорку мектеп окуучуларында 40-45 минутка барабар. Демек муну көңүлгө албоо оң натыйжа бербейт. Көңүл буруунун туруктуулугунун физиологиялык негизи болуп иш-аракет процессиндеги козголуунун оптималдык туруктуу,үзгүлтүксүз алмашып туруусу эсептелет.

**Көңүл буруунун термелүүсү** негизги обьектиге көңүлдүн бирде бурулуп, бирде алаксып туруусун мүнөздөйт. Көңүл буруу өтө кыймылдуу, динамикалуу. Кандайдыр бир обьектиге көңүл өтө бурулуп кеткенине карабай, башка предметтерге алаксый турганы



да байкалат. (Бул фактыны көрсөтүлгөн сү рөттөн байкасаңар болот. Ящиктин ортоңку бөлүгү бирде алыстап, бирде жакындап турат.)

Көңүл буруунун термелүүсүн атайы тажрыйбанын негизинде карап көрөлү. Кесилген пирамиданы алып, анын борборунан

көздү албай тиктеген учурда, ал бир чоң коридорду түзүп, байкоочудан алыстайт, бирде байкоочуга карай домпойуп чыга келгендей туюлат. Же саатын кагышын алалы. Кагышы кулакка угула турган аралыкта тыңшасак, үнү бирде угулуп бирде жоголуп турат.

**Көңүл буруунун көлөмү -** деп, белгилүү убакыттын ичинде көрсөтүлгөн обьектилердин айрым элементтерин адамдын эсте сактап калуу мүмкүнчүлүгүн айтабыз. Көңүл буруунун көлөмүн практикада тахсистакор деген куралдын жардамы менен аныкташат. Тахистоскопту кыргызча «тез кароо» деп которсо болот. Тахистоскоп түрдүү варианттарда (механикалык, лампалык) кездешет. Лампалык тахистоскоп квадрат формасында жасалат. Лампа менен экранды жарыктандырсак, андан түрдүү фигуралар (үч бурчтук, эллипс, төрт бурчтук) көрүнөт. Изилденүүчү кыска убакыттын ичинде (0,07 сек) экранда кандай фигуралар, кайсы клеткаларда жайланышканын айтат.

Көңүл буруунун көлөмү ар бир адамга ар башка. Улгайган кишилер бири-бири менен байланышпаган (мааниси боюнча) обьектилердин ичинен орто эсеп менен 4-6га чейинки обьектилерди эстеринде сактап калууга үлгүрүшөт. Эгер тахистоскоп аркылуу ар башка маанидеги 3-4 тамгадан турган сөздү түрдүү жаштардагы адамдарга көрсөткөндө, билимдүү адам 3-4 (9-16 тамга) сөздү, тамганы жаңы тааныган бала 1-2 гана белгини эсинде кармары аныкталган.

Турмушта тар жана кең көңүл бурууга ээ болгон адамдар кездешет. Педагогдор кең көңүл бурууга эгедер болуусу зарыл. Себеби бир эле учурда окуучуларга жаңы сабактын мазмунун түшүндүрүү менен класста болуп жаткан жагдайларды да көрүп анализдөөгө тиийш. Көңүл буруунун көлөмүнүн физиологиялык негизи дегенде козголуунун опти- малдуу борборунун кеңдигин түшүнөбүз. Ал козголуунун оптималдуу борборунун кеңешине көз каранды.

**Көңүл буруунун бөлүнүүсү.** Адам белгилүү бир иш -аракетти жасаганда бир эле учурда көңүлүнүн борборунда бир нече обьектилерди кармап турушу ыктымал. Көңүл буруунун учкучтарда, шоферлордо, телефониссттерде, радиоттерде жана педагогдордо болушу зарыл.

**Көңүл буруунун алмашуучулугу** адамдын аң-сезимдүү түрдө өзүнүн көңүл буруусун бир обьектиден экинчи обьектиге которо билүү жөндөмдүүлүгүндө байкалат. Көңүл буруунун алмашуучулугун окуу процессинде орундуу колдонуу оң эффект берет. Айталы, сабактардын жадыбалын түзүүдө көңүл алмашуучулугу негиз кылынат.


Көңүл буруунун алмашуучулугунун эффективдүү жүрүшү төмөнкү шартка байланыштуу.

а) Эгер алгачкы аткарылган иш-аракет кызыктуу же көп нервдик ишти талап кылса, анда көңүлдүн алмашуучулугу жай өтөт.

б) Жаны аткарыла турган иш-аракет кызыктуу болсо, көңүл жеңил алмашат. Тескерисинче, жаңы иш оор болсо, алмашуу кыйынчылык менен жүрөт.

в) көңүл буруунун алмашуучулугу адамдын эркине, адатка, машыгууга, көнүгүүгө жана адамдын жогорку нерв системасынын иш-аракетине да жараша болот.

**Көңүл буруунун элегейлиги (бузулушу).** Бул адамдын белгилүү обьектиге көңүлүн көп убакытка чейин топтой албоо өзгөчөлүгүн түшүндүрөт. Көңүл буруунун элегейлиги жалган жана чын элегейлик болуп экиге бөлүнөт.



Бул сүрөт, көңүл бурунун бузулушуна мисалы

Көңүл буруунун жалган элегейлиги- адамдын бир ишке өтө берилип кетүүсүнүн натыйжасында экинчи иш-аракетке болгон кызыгуусунун жоголгон абалы. Буга көрүнүк- түү окумуштуулар Ампер менен Ньютондун өз иштерине чексиз берилгендиги мисал. Ампер күнүгө ишке кетерде эшигине «Мырза А.Ампер үйүндө жок», - деп жазып кеткен. Кечинде иштен келгенде, өз жазуусун өзү ажырата албай Ампердин үйүндө жоктугуна «ишенип», үйүнө кирбей кете берчү экен. Жалган көңүл буруунун физиологиялык негизи терс индукция закону боюнча мээнин кыртышындагы кубаттуу козголуу борбору менен байланыштуу.

И.Ньютон күндөрдүн биринде түшкү тамак үчүн үйүнөн жумуртка ала келет. Адатынча от жагып, казанга суу куюп, казанга жумуртканын ордуна саатын салып кайната баштаган.

Көңүл буруунун чыныгы элегейлиги мүнөздүү болгон адам белгилүү бир обьектиге көңүл топтоодо эркти көп жумшайт же өзүн башкара албайт. Мындай окуучулар бир ишти аткарууда катаны көп кетирет, эффективдүү аракеттене алышпайт.

## Көңүл буруунун туруктуулугу жана бөлүнүүчүлүгүн изилдөөчү ыкма

Мектеп окуучуларына мазмундуу билим берүүдө психология илимин-деги таануу процесстери негизги орунда

турат. Таануу процесстеринин ичинде «көңүл буруу» -үйрөнүү процесстеринин эң алгачкысы. Ал теорияда кандай мазмунга ээ болуп, адам баласынын турмушуна кандай өз таасирин тийгизе тургандыгын теорияда байкаган чыгарсыздар. Ал эми керектүү (изилдене турган) инсандардын көңүл буруусун керектүү маалыматтарга багытоодо, окутуучулар көңүл буруунун структурасына кирген психикалык өзгөчөлүктөрүнө карата изилдөөлөрдү жүргүзүп, инсандын көңүл буруу деңгээлине жараша өзгөчө подходдорду жана изилденип жаткан инсан кандай өзгөчөлүккө ээ болбосун, көңүл буруунун багытталуусу күчтүү боло тургандыгына ишенүүгө болот.

Лекциядан көрүнүп тургандай, көңүл буруу структурасы негизинен 6 топко бөлүнөт (көңүл буруунун - көлөмү, термелүүсү, туруктуулугу, бөлүнүүчүлүгү, алмашуучулугу жана бузулушу).

Эгерде окутуучу ушул көңүл буруунун структурасына маани берүү менен сабакты (тарбияны) баштай турган болсо окутуучу түшүндүрүп жаткан маалыматты түшүнбөй турган окуучулар болбойт. Турмушта окуучулардын өңү мугалимдерди караганы менен алардын ойлоосу, элестетүүлөрү башка маалыматтарга бурулуп жаткандыгы көп кездешет.

Экинчиден психологиянын закондоруна маани бере турган болсок, кандай гана адам болбосун көңүл буруу термелип, бөлүнүп, бузулуп турат ж.б. Ушул сыяктуу психикалык өзгөчөлүктөрдү азайтып үйрөтүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн бир катар изилдөөлөрдү жүргүзүү менен окуп жаткан балдардын ким экендигин билип, ар бир окуучуга жекече мамиле жасоого болот. Ушундай факторлорду изилдеген ыкмалардын бири болуп «көңүл буруунун туруктуулугу жана бөлүнүүчүлүгү» деген ыкма аркылуу окуучуларды изилдейбиз.

**Изилдөөнүн максаты:** изилденип жаткан окуучулардын көңүл буруусунун туруктуулугун жана бөлүнүүчүлүгүн аныктоо.

**Изилдөө обьектиси:** Мектеп окуучуларынын сабакка көңүл буруу деңгээлдери.

**Экспериментте колдонулуучу материалдар:** туурасынан жана тигинен 30 дан машинкада түрдүү иретте жазылган тамгалардын бланкасы. Эгерде ошондой бланка болбой турган болсо, бир номердеги газета, журналдагы статьяларды же эски китептердеги тамгаларды да пайдаланса болот. Мындан сыркары убакытты өлчөгөнгө мүмкүндүк берген секундомер колдонулат.

Экспериментти жүргүзүүнүн инструкциясы:

Экспериментти класс группаларына, же ар бир окуучуга жекече жүргүзүүгө да болот (биздин шартта дистанттык студент өзү нө жүргүзүп, үйрөнүп алып, андан кийин жумушунда колдонсо болот).

Экспериментти жүргүзүүнүн алдында экспериментатор изилденүүчүлөргө төмөнкүдөй түшүндүрүү жумушун жүргүзөт.

«Азыр сиздерге бардыгы бирдей болгон Бурданонун таблицасын таратып берем (ушул методиканы жараткан англиялык психолог). Эгерде ал таблица болбосо бирдей номердеги газетаны же журналды» – деп, жазылган материалдын адресин айтат.

Менин командам боюнча сиздер тараптан берилген таблицадагы эки тамганы, окуп баратканда учурай турган болсо, сызып кете бересиздер. Качан «мен» минута дегенде ошол жерди өзгөчө сызык менен белгилеп жумуш аткарууну уланта бериңиздер. Z ошентип эксперименталдык жумуш 10 минутка созулат. М: К жана Т тамгаларын сыз десек К, Т деп сызышат. Экперимент аяктагандан кийин 10 минут эс алып, окуучулардан чогултуп алынган Бурзонун таблицаларгын текшерүүгө өтөбүз. Бул учурда окуучулар өтө көңүл буруу менен иштесе да айтылган тамгаларды сызбай, ката кетирген учурларды байкайбыз. Б.а., ошол кетирген каталарга карата ал окуучулардын көңүл буруусунун туруктуу жана туруктуу эмес экендигин аныктайбыз.

**Эксперименттин жыйынтыктары.** Эгерде класс окуучуларын толук ала турган болсок, экспериментке катышкан бардык окуучулардын-фамилиясы жазылган, 10 минутанын ар бир минутасында кетирген каталардын санын жаза турган төмөндөгүдөй таблица түзүлөт.

| № | Окуучулардын фамилиясы | 1 мин | 2 мин | 3 мин | 4 мин | 5 мин | 6 мин | 7 мин | 8 мин | 9 мин | 10 мин |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Асанов Ф. | 4 | 3 | 3 | 2 | 0 | 3 | 2 | 3 | 3 | 4 |
| 2 | Үсөнөва Г. | 0 | 2 | 1 | 0 | 4 | 2 | 1 | 0 | 2 | 2 |
| 3 | Чыңгызов А. | 1 | 2 | 1 | 0 | 2 | 1 | 0 | 2 | 3 | 1 |
| | . . . | | | | | | | | | | |
| n | | | | | | | | | | | |
| | Ариф.орточо | 1,7 | 2,3 | 1,7 | 0,7 | 2 | 2 | 1 | 1,7 | 2,7 | 2,3 |

Бул таблицадагы көрсөткүчкө маани бере турган болсок, таблицадагы Асанов Фархат биринчи минутада 4 ката. Экинчи мин. 3 үчүнчү мин. 3 ж.б. Ушул сыяктуу болуп 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10-чу минутадагы кетирген каталарын билүүгө болот. Ушундай эле эрежеде Үсөнова Гүлзаттын, Чынгызов Алмаздын кетирген каталарына жараша көңүл бурууларынын туруктуулугун аныктоого жетише алабыз.

Ал эми класстын (группанын) көңүл буруусун, туруктуулугун ар бир минутасындагы экспериментке катышкан окуучуларынын кетирген каталарынын сандарын тигинен (вертикалдуу) суммалап жалпы окуучунун санына бөлүү менен класс коллективинин ар бир минутага карата көңүл буруунун туруктуулугун аныктай алабыз жана графикалык диаграммада төмөндөгүдөй көрсөтүүгө болот.

Эгерде жогорку таблицадагы 3 окуучуга карата арифметикалык орточону таап графикти тургуза турган болсок ал төмөндөгү көрүнүштү алат. Бул класс коллективинин орточо көңүл буруусунун туруктуулугун жоон сызык менен белгилеп, андан кийин ар бир окуучунун графигин таап үзүк сызык менен белгилеп, бирин экинчисинен айырмалайбыз. Ушул тургузган графиктерге жараша, ар бир окуучуга жана класс коллективине анализ жүргүзөбүз.

**Анализ:** Изилденүүчүлөр канчалык катанын санын аз кетирип, нольго жакындаган сайын, ошол окуучунун класстын, көңүл буруусунун туруктуу экендигин билүүгө болот. Мындай окуучулардын сабагына маани бере турган болсок, сабакты жакшы өздөштүрө алат деп түшүнсөк болот. Эгерде катаны көп кетирип, өздүк графиги класс коллективинин орто графигинен айырмалана турган болсо, окутуу алардын көңүлүн өзүнө буруу үчүн плакаттарды, чийме таблицаларды, слайддарды, компьютердик технологияларды колдонуп сабак уюштурууну сунуш этебиз.

Ушул эле эксперименттин жыйынтыгы менен изилденүүчү лөрдүн (окуучулардын) сабакка карата көңүл буруусунун көлөмүн да аныктоого болот. Жогоруда алынган эксперименттеги Бурдононун таблицасындагы, изилдену-үчүлөрдүн аткарган жумушунун ылдамдыгына жараша б.а. 10 минутанын ичинде таблицадагы канча строканы сызган-дыгына жараша. Анткени лекциядагы түшүнүккө таяна турган болсок, көңүл буруунун көлөмү дегенибизде, эки же андан көп маалыматтарга бир эле убакытта жооп бере алуучу психикалык процессти айтабыз. Бул аныктамалардан көрүнүп тургандай, көңүл буруунун көлөмү айрым учурларда убакытка жараша болот. Эгерде башка изилдөөлөргө салыштырмалуу таблицадагы көп строканы окуп, ал строкадагы сыз деген темаларды катасыз сыза турган болсо, анда окуучулардын, көңүл буруусунун туруктуулугу жана көлөмү жакшы иштеген окуучулар деп айтууга

болот. Бирок мындай учурдагы окуучулар аз кездешет. Көп строканы окуганы менен, ал ошончолук катаны көп кетирет. Мындай окуучулардын жумушту сапатсыз аткарышы педагогикалык жумуштун максатына туура келбейт. Ошондуктан андай окуучуларга шашпай, катасыз аткарууну сунуш этебиз. Айрым окуучулар аз строканы иштөө менен катаны аз кетирет. Мындай окуучуларга убакыт берип, алардын сабак аткаруу мүмкүнчүлүгүн эске алуу керек.

| № | Изилденүүчүлөр | 1 мин | 2 мин | 3 мин | 10 мин |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Асанова Ф. | 4 / 7 | 3 / 9 | 5/4 ................ | 4/ 6 |
| 2. | Үсөнөв Т. | 0/ 2 | 2/ 6 | 1/3 .................... | 2/ 1 |
| 3. | Чалов А. | 1/ 5 | 2/ 6 | 1/**3** .................. | 1/ 3 |
| N | | | | | |
| | Ариф. орточо | 1,7/ 4,7 | 2,3/ 7 | 2,3/3 .................. | 2,3 / 3,3 |

**Үчүнчү этапта:** Жогорку экспериментти улантып, «**Көңүл буруунун алмашуу»** деңгээлин аныктоого болот. Бул учурда эксперимент мурункуга караганда татаалдаштырылат.

**Экспериментке керектүү каражаттар: -** Баштагыдай эле Бурдонунун таблицасы же эски журнал, газеталар колдонулат. Мындан сырткары бир эле мезгилде керектүү тамгаларды сызуу менен угуу аркылуу магнитофонго жазылган сөздөрдүн тизмесине же ар түрдүү строкадан топтолгон ырлардын мазмунуна, эң жөнөкөй экспериментатор ireттүү системада такылдаткан үндүн санына маани берип, эки жумушту бирдей алып баруу милдеттендирилет.

**Инструкция:** Бул учурда да 10 минутада бир эле мезгилде керектүү тамгаларды сызып, чыккан үндүн санына жараша ар бир минутасын өзүнчө аткаруу керек. М.:экспериментатор минута дегенде иштеп жаткан стракалардын келген жерин белгилеп, анын жанына такылдагандын санын жазып туруу керек.

**Изилденүүчүлөр** ошол эле окуучулар болот. эксперимент аяктагандан кийин таблицаны чогултуп, класс окуучуларына карата төмөнкүдөй таблица толтурулуп, график түзүлөт.

Таблицада ар бир окуучунун тушундагы минуталар менен кесилишкен жерге кетирген катанын сандары тамгаларга жана такылдаткан үндүн сандары бир кавадратка бөлөк-бөлөк жазылат. Мисалы, 4/7 мында 4 деген сан 1 минутада сызбай кеткен тамгалардын саны, 7-такылдаган туура сан менен жетпей калган сандардын айырмасы ошол таблицада:

Ал эми график, убакыт (минута) менен каталардын ортосундагы катыштарга жараша тургузулат. Тамганын каталары башка түстөгү сызык менен, үндүн санынын каталары башка түстөгү сызык менен тургузулушу керек. Ошондой эле ушул график керектүү окуучулардын көрсөткүчтөрү тургузулуп, аларга анализ берилет. Класстын орточо көрсөткүчүнө жараша.

**Анализ:** Мында көңүл буруунун туруктуулугу көңүл буруунун алмашуучулугуна жараша боло тургандыгы анализге алынат. Изилденип жаткан окуучулардын бардыгы эле бирдей боло бербейт.

Көңүл буруунун алмашуучулугун күчтүү иштеген окуучуларда тамгалык каталар менен үндүк каталарында айырма аз болот.

Көңүл буруунун алмашуучулугу начар иштеген окуучуларда тамгалык ката менен үндүк каталардын айырмасы чоң болот.

Мунун негизги фактору болуп теориядагы маалыматтарга маани бере турган болсок, адам баласы да калган жаныбарлар сыяктуу эле дүйнөнү 5 анализаторлор менен аңдап тааный алат (көрүү, угуу, жыт билүү, даам татуу жана тери сезүү).

Биздин шартта көрүү аркылуу тамганы таанып атсак, угуу аркылуу үндү тааныйбыз. Бирок көптөгөн адамдарда булар айрым учурларда анализаторлор ирети менен иштейт. Ошондуктан мугалимдер эксперименттин көрсөткүчтөрүнө жараша ар бир окуучуга жекече подходдорду жасоону сунуш кылабыз.

## Колдонулган адабияттар.


1. Выготский Л.С. Психология развития человека. М.: ЭКСМО, 2003.
2. Гальперин П.Я. Психология как обьективная наука. М.; Воронеж: МПСИ, 1998.
3. Данилова Н.Н. Психофизиология. М., 2004.

4. Данилова Н.Н. Психофизиология. М., 2004.
5. Дормашев Ю.Б., Романов В.Я. Психология внимания. М.: Тривола, 1995 (или более поздние издания).
6. Закиров А., Психология боюнча практикум. Ош – 2015.
7. Кабаченко Т.С. Психология управления человеческими ресурсами. СПБ, 2003.
8. Леонтьев А.Н. Лекции по общей психологии. М.: Смысл, 2002.
9. Психология внимания. Тексты **Ү** Под ред. Ю.Б. Гиппенрейтер, В.Я. Романова. М.: АСТ, 2008.
10. Психология индивидуальных различий. Тексты **Ү** Под ред. Ю.Б.Гиппенрейтер, В.Я. Романова. М: АСТ, 2008.
11. Миңбаев К., Закиров А. Психология. Ош – 2015.
12. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии. СПб, Питер, 2002
13. Управление персоналом. Учебник для ВУЗа. Под ред. Базарова Т.Ю., Б.Л.Еремина. М., 2006.
14. Фаликман М.В. Внимание. Общая психология. В 7 т. Под ред. Братуся Б.С. Т.2. М.: Академия, 2006.
15. Хрестоматия по вниманию. М., МГУ, 2009**.** **Ү** Под. Ред. Ю.Б. Гиппенрейтер и др. М.: 2008.

## Билимди текшерүүчү суроолор.

1. Эмне үчүн көңүл буруну предмети жок психикалык процесс дейбиз ?
2. Эрктүү көңүл буруунун социалдык табиятын түшүндүр ?
3. Көңүл буруунун сапаттары, эмне үчүн нерв системага көз каранды болот?
4. Дүйнөнү таанууда эрксиз көңүл буруу канчалык деңгээлде өз таасирин тийгизет ?
5. Ишмердүүлүктө, максатты коюуда көңүл буруу канчалык өз таасирин тийгизет, аны көңүл буруунун теориясында түшүндүр ?
6. Тиктөө – көрүү, угуу – уга билүү экөө тең бирдей түшүнүк, буларды көңүл буруу теориясында кандай айырмалап тааныса болот?
7. Көңүл буруунун табиятына, физиологиялык негизине кандай окумуштуулар изилдөөлөрдү жүргүзгөн жана теориялык негиздемелерди берген ?
8. Көңүл буруунун түрлөрү, структурасы окуу жана тарбия жумушунда кандай ролду аткарышат ?

## *Он экинчи бөлүм:*

# ЭС

*Билим – баштын ичин толтуруу эмес,*
*эстин жардамында аң – сезимди өнүктүрүү*
***Марк Твен (**англис жазуучу-философу)*

## § 12.1. Эс жөнүндө жалпы түшүнүк

Белгилүү учурда сезилген, кабыл алынган заттар, кубулуштар изсиз жоголбойт. Алар тигил же бул деңгээлде эсте калат. Керектүү учурда кайрадан эске түшөт. Эс – бардык психикалык процесстерди мүнөздөөчү негизги процесс болуу менен адамды личность катары аныктоочу башкы белги. Эгер адам эсинен ажыраса, анда ал личносттук касиеттерин да жоготот, личность болуудан калат.

Психолог К.К.Платонов төмөндөгүдөй мисалды келтирет: Фелида коркунчаак, оорукчан, маанайы пас, жеке жүрүүнү жакшы көргөн жаш француз кызы болгон. Бул анын нормалдуу абалы эле. Ал бир нече мүнөт аң- сезимин жоготкондон кийин кыймылдуу, шайыр, жеңил ойлуу болуп, таптакыр башкача мүнөзго өткөн. Кайрадан аң сезимин жоготуп, мурунку, нормалдуу абалына келген. Психиаторлор XX кылымдын башында мындай эки личносттук абалдагы 20 га жакын адамды катташкан. Ал эми бир бала 10 личносттук абалды башынан кечирген.

Эс (И.М.Сеченов) – психикалык турмуштун негизги шарты, психикалык өнүгүүнүн пайдубалы. Эссиз пайда болгон сезүү, кабыл алуу жаңыдан жаралгандай изсиз жоголуу, адамды ар качан жаңы төрөлгөн баланын деңгээлинде кармап турат.

Психолог Т.Рибо «Эстин нормалдуу жана оорулуу абалы» деген төмөнкүдөй амнезия оорусунун баянын келтирет. Күйөөсүн өтө сүйгөн бир жаш келин толгоо учурунда эсин жоготуп, көп жатып калат. Ал эсине келгенде өзүнүн үй-бүлөлүү экендигин, күйөө, төрөлгөн баласы баардыгын эч эстей албайт. Күйөөсүн, жаңы төрөлгөн баласын чоочун кишидей көрүп, өзүнөн алыстатат. Туу-

гандары ага үй-булөсү жөнүндө кан какшап айтса да, таң калып эстей алган эмес.

Эс бардык психикалык өнүгүүнүн негизин түзүүчү кыймылдатуучу күч. Эссиз, өткөн тажрыйбанын жардамысыз келечекте боло турган ишти пландаштырууга мүмкүндүк болбойт. Ал адамдын иш-аракетинде негизги, багыттоочу ролду ойнойт, адамдын мүмкүнчүлүгүн кеңейтип, жогорку тепкичтерге көтөрөт.



**Ю. Цезарь** – б.з.ч. жашаган Римдик полководец, саясатчы, диктатор

Атактуу кол башчылар Ю.Цезарь жана А.Македонский өздөрүнүн 30 миңге жеткен солдатынын аттарын гана билбестен, ар бирин жекече тааныган. Көрүнүктүү шахматчы А.А. Алехин атаандаш -тары менен ойногон партияларынын баарын эсинде сактаган.



**А.Македонский** (Искендер Зулкарнайн) б.з.ч. жашаган полководец, саясатчы, диктатор. Ал 11 жыл ичинде дүйнөнү өзгөрткөнгө үлгүргөн.

Бул инсандарда эстин сапаттарына эстин көлөмү (чектелген убакытта көргөн заттардын, анын элементтеринин саны), тактыгы, тездиги, узактыгы жана даярдыгы кирет. Бирок бардык эле адамдардын эси саналган критерияларга 100% ээ боло бербейт. Айрым сапаттары жакшы, айрымдары начар өнүгүшү мү мкүн.

Эс адамдын өзүнчө автономдуу өзгөчөлүгүнө кирбейт. Ал личносттун өзгөчөлүктөрү, кабыл алуу, элестетүү ж.б. бардык процесстер менен тыгыз байланышта.

Эс башка психикалык процесстер сыяктуу эле обьективдүү чындыкты чагылдырат. Бирок кабыл алуу, сезүү процесстери учурдагы реалдуу дүйнөнү анализаторлордун жардамы менен чагылдырса, эс - анализаторлорсуз эле адамга өткөн чакта таасир этип, баш мээде калтырылган издердин, ар түрдүү обьектилердин адам-


зат кылымдар бою топтоп кеткен тажрыйбалардын кайрадан баш мээде жанданышы.

Ошентип, эс – индивиддин өз тажрыйбасын эсте калтыруу, сактоо жана керектүү учурда кайрадан эске түшүрүү функциясын аткарган психикалык процесс.

## § 12.2. Эстин физиологиялык негизи.

Эстин физиологиялык негизги али илимде такталган теорияларга ээ боло элек. Бул маселеге байланыштуу ассоциациялык, физиологиялык, химиялык, (молекулалык, биохимиялык) нейрондук, физикалык гипотезалар бар.

1. Эстин ассоциациялык табияты. Ассоциациялык теориянын мазмунун ачуудан мурун айрым түшүнүктөр ортосундагы ажыратууларды жүргүзүү зарылчылыгы келип турат. И.П.Павлов негиздеген «убактылуу нервдик байланыш» нагыз физиологиялык түшүнүк болуу менен психологиялык мазмунга да ээ. Ошондуктан психологдор аны кээде ассоциация деген термин менен атап жүрүшөт. Демек, эстин ассоциациялык табияты менен эстин физиологиялык негизги деген терминдерди бири-биринен так чектеп кароо зарыл.



**Дж. Локк** 1632-1704 -жылдары жашаган Англиялык философ, педагог, либералдык жана эмприкалык илимдин өкүлү.

Эстин физиологиялык негизин түшүндүрүүдөгү алгачкы теориялардын бири – ассоциациялык агым. Ассоцация түшүнүгүн илимге Джон Локк киргизген.

Ассоциация деп аң-сезимде чагылган, эске бекемделген айрым кубулуштардын, фактылардын, окуялардын ортосундагы байланыштарды түшүнөбүз. Тактаганда адамды курчап турган обьективдүү чындык бири-биринен ажыраган түрдө эсте сакталып же кайрадан эске түшпөйт, алар өз ара тыгыз байланышта, «топ-тобу», «катар-катары» (Сеченов И.М.) менен эске түшөт. Бир нер-

сени эстесек, анын артынан ага окшош, үндөш обьектилер чубап чыга келет. Мисалы, 1941-жылдын 22-июнь күнүн эстесек, аны менен катар Улуу Ата Мекендик согуш, канча кейиштүү алаамат көз алдыбызга тартылат. Адамдын атын же тааныштары- быздын атын эстесек, анын толук тулку-бою пайда болот. Адамдын мындай өзгөчөлүктөрү ассоциация кубулушу аркылуу түшүндүрүлөт. Ошентип, бул теория жөнөкөй изилдөө менен так экспериментти талап кылбай эле эске сактоонун негизин аныктагандай таасир калтырат. Ал эми эс баш мээ менен тыгыз байланышта болгондуктан, аны ассоциациянын деңгээлинде түшүндүрө салууга болбойт. Бирок мындай жол менен информацияларды эске сактоону жокко чыгарууга да мүмкүн эмес.

Аристотель ассоциянын үч түрүн ажыраткан:

а) Жакындык ассоциациясы: отун-балта, марка-конверт, көз-көз айнек.

б) Окшоштук ассоциациясы: Кабыл алуучу жана эсте кармалуучу заттар башка предметтер менен болгон окшоштук белгилери боюнча жалпыланат: самолет менен канаттуу куштар; кант менен кар, ай менен топ ж.б..

в) Карама-каршылык ассоциациясы. Жаңы кабыл алуучу зат өзүнө карама-каршы касиеттерге ээ болгон заттарды элестетет: жарык караңгыны, тирүүлүк – өлгөндүк, дени соо- ооруну, кең пейилдик- тардык ж.б.

Ассоциацияны И.П.Павлов эки же андан ашык дүүлүктүргүчтөрдүн бирдей учурда же биринин артынан экинчиси таасир этүүдөн келип чыккан убактылуу нервдик байланыш деп атаган. Убактылуу нервдик байланыш ассоциациясынын материалдык негизи болуп саналат.

**Эстин физиологиялык теориясы.** Эстин физиологиялык механизимин И.П.Павловдун жогорку нерв иш-аракетинин мыйзам ченеми менен байланыштырышат. Шарттуу убактылуу нервдик байланыш эске тутуунун физиологиялык механизми болуп саналат. Жаңы менен алгачкы эсте сакталган байланыш, шарттуу рефлекс катары эсептелгендиктен, бул эсте сактоо актысынын физиологиялык негизин түзөт.

**Эстин химиялык (молекулалык, биохимиялык) негизи.**

1950-жылы Кац жана Хальстед биринчи жолу эс нерв клеткаларынын молекулаларында сакталышы мүмкүн деген идеяны сунуш кылышкан. Бул божомолдон белгилүү биологиялык макромолекулалардын ичинен белок жана нуклеиндик кислоталары көп информацияларды сактап турууга жөндөмдүү деген тыянак келип чыккан.

Жүргүзүлгөн көптөгөн эксперименттер химиялык зат деп эсептелген ДНК (дизоксирибонуклейин) кислотасынын тукум куучулук белгилерин берүүдө, ал эми РНК (рибонукулейин) кислотасынын эс процессинде негизги орунду ээлей тургандыгы далилдеген. РНК нерв клеткаларына түшкөн информацияларды сактоо механизмин аткарат. Бул процесс төмөнкүдөй жүрөт: тийиштүү информациялар нерв клеткасындагы белоктук малекулалардын структурасына таасир этип, анын өзгөрүшүнө алып келет. Бул өзгөрүү нерв клеткаларда чектелген убакытта болсо, анда кыска убакыттагы эске, нерв импульсу нерв клеткаларында узак-узак (30-45мм) болсо, узак убакыттагы эске негиз түзүлөт. Ошентип, окумуштуулардын ойлоруна караганда, биотоктун жардамы менен нейрондун протоплазмасында өзгөчө белоктук молекула пайда болот. Ушул молекулаларда информация сакталат деп божомолдошот. Мындай молекулаларды мээнин составынан бөлүп алуу аракеттери эксперименттик деңгээлде жүргүзүлүүдө. Экспериментке узундугу бир канча миллиметр келген жалпак куртту (планарияны) алышкан. Бул курттун бир өзгөчөлүгү аны операциянын негизинде экиге бөлсөк, куйругунан баш, ал эми башынан куйрук өсүп чыккан. **Планариянын** нерв системасы өтө жөнөкөй. Негизги органы болуп ганглий саналат. Анда жүздөгөн нерв клеткалары жайланышкан. Окумуштуулар планарияга жүрүш-туруштун кандайдыр бир түрүн үйрөтүп, аны толук өздөштүргөн деңгээлге жеткирген, шарттуу рефлексти пайда кылган. Анан аны өлтүрүп, кургатып, порошокко айландырып, башка планарияга жедиришкен. Ал порошокту жегенден кийин, эч кандай көнүктүрүүсүз эле биринчи планарияга атайын ү йрөтүлгөн кыймыл-аракетти кайталоого жөндөмдүү болуп калган. Демек, өлгөн планариянын тажрыйбасы молекулаларда топтолуп, экинчисине өткөн деген жыйынтыкка келүүгө болот. Мындай экс-

периментер чычкандарга ж.б. жаныбарларга да жүргүзүлүүдө.

Информациянын молекулаларда сакталуу теориясы окумуштуулардын арасында түрдүү карама-каршы пикирлерди пайда кылып жатат. Айрым учурда акылга сыйбаган, антигумандык ойлорго түртөт. Мисалы, өлгөн акылдуу кишилердин башынан керектүү заттарды алып, алардан «эс таблеткаларын» жасоого болбойбу? Мындай препараттрадын жардамы менен эч кандай окутуусуз, тарбиясыз, эле адам зат тарабынан иштелип чыккан тажрыйбаларды, акыл-эсти жаш муундарга өткөрүүгө мүмкүнбү? Бирок мындай антигумандуу жүрөк титиреткен нерселерге, албетте, адамзаттын адеп-ахлахтык, ыймандык маңызы жол койбойт.

**Нейрондук теория.** Окумуштуулар молекулалык теорияга каршы чыгышып, эстин нейрондук теориясын сунуш кылышат. Бул гипотезага караганда адамдын баш мээсинде биотоктун жардамы менен синапсда өзгөрүү жүрөт. Бул өзгөрүү улам кийинки биотоктун өтүшүнө түрткү берип турат да, нейрондук чынжырларды түзөт. Ошол биоток айлана турган нейрондук чынжырда адамга таасир эткен информация сакталат.

**Эстин физикалык теориясы**. Бул теориянын авторлорунун ойлоруна караганда, нервдик импульстар конреттүү нейрондор группасы аркылуу өткөндө, нейрондо (физикалык) магнитафондун лентасындагыдай из калтырат. Издин физикалык материалдашуусу синиста электрдик механикалык өзгөрүүнү пайда кылат, бул өзгөрүү импульстардын «тааныш жол» менен экинчи жолу өтүшүнө шарт түзөт да, мурунку издер, «жанданат», ошол издерде информациялар сакталат.

## § 12.3. Эстин негизги процесстери

Адамдын психикалык иш-аракетиндеги, турмушундагы, эстин аткарган кызматына карай эстин: эсте калтыруу (запоминание), эсте сактоо (сохранение), эске түшүрүү (восприозведение) деген түрлөрүн кездештиребиз.

Эстин бул процесстери бири-бири менен тыгыз байланышта турат. Эгер үчөө тең бирдикте натыйжалуу иштесе, адамдын мүмкүнчүлүгү жогорулары бышык. Бирок кандайдыр бир себеп-

терден улам алардын бирөөнүн кызматы башкаларына зыян келтирбестен бузулушу да ыктымал. Мисалы, аракечтер ичкиликке ууланып, эсте калтыруу жөндөмдүүлүгүнөн ажырайт. Ал эми эсте сактоо эске түшүрүү процесстери зыянга учурабайт. Ошондуктан мындай оорулар бир саат мурун көргөн дарылоочу докторлору менен кайрадан саламдаша берет.

Көп эле адамдар бири-бири менен аңгемелешкенде, керектүү маалыматтарды учурунда эске түшүрө албай кыйналып, «баягыжанагы, сен да билесиң го» деген жардамчы өбөлгөлөргө кайрылып, эске түшүрүүгө аракеттенишери белгилүү. Кантсе да, белгилүү убакыттан кийин ал информациялар өзүнөн-өзү эсте калат. Мындан эстин кайрадан эске түшүрүү процесси бузулгандыгын билүүгө болот. Калган эки процесс нормалдуу аракетте болот.

**Эсте калтыруу**. Алдыга коюлган максаттын түрүнө карай эсте калтыруу экиге бөлүнөт:

а) Эрктүү эсте калтыруу.

б) Эрксиз эсте калтыруу.

Эрксиз эсте калтырууда адам бир нерсени эстейин деп атайын умтулбайт. Материалдар өзүнөн-өзү эсте калат. Сабак учурунда студенттердин негизги максаты лекциянын мазмунун түшүнүп, эсте сактап калуу дейли. Мындан тышкары алардын эсинде ар бир студенттин кийими, сүйлөгөн сөздөрү, келбей калган студенттердин аттары жана башка маалыматтар өзүнөн-өзү сакталат. Эрксиз эсте калуучу обьектилерге бизди курчап турган предметтер, кубулуштар, окуялар, кишилер менен болгон мамилелер, күтүүсүз окуялар ушул сыяктуулар кирет.

Психологдор (А.А.Смирнов ж.б.) үйрөнүлүүчү обьект адамдын иш-аракети менен дал келсе, эрксиз эсте калаарын белгилешет. Бул тезисти далилдөө үчүн үч этаптан турган атайын эксперимент жүргүзүлгөн. Биринчи этапта окуучулар өздөрү тандап, башка керектүү көрсөткүчтөрдү экспериментчи берген шарт менен чыгарышкан. Өздөрү эч нерсе кошкон эмес. Экинчи этабында чыгарылуучу маселенин шартын окуучулар өздөрү тандап, башка керектүү көрсөткүчтөрдү экспериментчи берген. Үчүнчү этапта окуучулар маселени эч кандай жардамсыз өздөрү чыгарышкан. Эксперименттин соңунда маселелерди чыгаруунун бардык этабын-

да колдонулган сандарды сураганда, окуучулардын эсинде үчүнчү этапта чыгарылган маселелердеги сандар көп калганы аныкталганы. Эрктүү эсте калтырууда материалды эсте калтыруу үчүн адам атайын максат коет. Уюштурулган эрктик аракеттер жумшалат. Ал механикалык жана ойнолгон эрктүү эсте калтыруу болуп экиге бөлүнөт.

Механикалык эсте калтырууда адам материалдын ички закон ченемдүүлүгүн табууга, түшүнүүгө аракет жасабай, аны сырткы байланыштары аркылуу эстейт. Ойлонулган эсте калтырууда болсо адам обьектинин мазмунун аңтарып, закон ченемдүүлүктөрүн аңдап, ошол элементтери боюнча эсте сактайт.

Эгер жаттай турган материал ички байланыштарга ээ болсо, аны эсте калтыруу жеңил болот. Буга Г. Эббингауздун төмөндөгү дөй эксперименти – далил. Окуучулар ички байланышы болбогон 12 муундуу сөздү жаттоо үчүн 16,5 жолу, 36 муундуу сөздү 54 жолу кайталашкан. Ал эми «Дон-Жуан» китебинен алынган, ички байланышка ээ болгон 280 муундуу сөздү 8 жолу гана кайталап, эсте калтырган.

О.э. материалдарды эффективдүү эсте калтыруу:

а) аны түшүнүү,

б) ага богон адамдын жекече кызыкчылыгы,

в) аны угуу менен бирге керектүү жерлерин конспектилөө,

г) аны кайталоо,

д) үйрөнүү үчүн коюлган максат сыяктуу шарттарга да байланыштуу.

**Эсте сактоо.** Адамдын баш мээси эсте калган маалыматтарды чектелген же узак убакытка чейин кармап турууга жөндөмдүү. Баш мээнин кабыл алынган информацияны сактап туруу жөндөмдүүлүгү эсте сактоо деп аталат.

Эсте сактоонун динамикалык жана статистикалык эсте сактоо деген түрлөрү бар. Динамикалыгы оперативдүү эсте ачык байкалат. Статикалык эс узакка сакталган эсте көрүнөт. Динамикалык эске сактоодо баш мээде сакталуучу материалдар кайрадан түзүлөт.

Эс процесстеринин иш аракетине тескери болуп унутуу саналат.

**Унутуу -** обьектилердин, заттардын, кубулуштардын бардык элементтеринин эсте калышы адамга жаратылыштан берилген маалыматтар менен эле чектелбестен, керектүү обьектиге карата кызыгууга, анын ички түзүлүшүндөгү байланыштарга, сезимге, түшүнүүгө коюлган максатка, тажрыйбага да көз каранды. Эске сактоо унутуу процесси менен тыгыз байланышта. Унутуу адамдын жакынкы же качандыр бир убакта билген, жаттаган маалыматын эстей албоосун же толук түрдө унутуусун белгилейт. Унутуунун себебин аныктоодо эки көз караш кездешет. Биринчиси немец психологдору Г.Э.Мюллер менен А.Пильцекердин аттары менен байланыштуу. Алар мурда эсте сакталган материалдар менен жаңы материалдардын өз ара таасири информацияны эске сактоого тоскоолдук кылат деп божомолдошкон. Экинчиси З.Фрейддин психоанализ теориясына таандык. З.Фрейд унутуу механизмин адамдын өзүн-өзү коргоо өзгөчөлүгү менен байланыштырат, тактап айтканда адам өзүн коргой албагандан, травмалык, эффективдүү сезим туудуруучу кырдаалдарга дуушар болуп турат. Бул абалдар эсте сактай турган же сакталган материалдарды аң-сезимден сүрүп салат да информация унутулат. Маалыматтар жөндөн-жөн эле унутула бербейт. Материал унутулуш үчүн төмөнкүдөй түрдүү факторлор таасир этет.

1) Адамдын жеке турмушунда негизги орунду ээлебей калат;

2) Адамдын керектөөсүнө туура келбеши мүмкүн;




**Г.Эббингауз** 1880-1909-жылдары жашаган немец


3) Иш-аракетинде негизги орундан сүрүлүп кетет.

XIX кылымдагы англиялык физиолог-психолог Карпентер мындай бир кызык окуяны жазган. Бир актер оюн болордон бир күн мурун ооруп калат. Анын ролу досуна тапшырылат. Ал бир күндүн ичинде аткара турган каармандардын текстин толук жаттап, эртеси ролду эң жогорку деңгээлде аткарат. Тилекке каршы, сахнанын көшөгөсү жабуулар менен, ойногон ролунун сөздөрүн толук унутууга үлгүргөн.

Унутуу менен күрөшүү үчүн анын ички закон ченемдүүлүгүн билүү зарыл. Бул маселени биринчилерден болуп изилдеген психолог Г.Эббингауз (1880-1909) немец психологу. Психофизик Фехнердин таасир- инде жөнөкөй психикалык (сезүү) процесстер менен бирдикте эсти да изилдеген. Ал 2300 муундан турган маани бербеген сөз тизмектерин алып, өзүнө эксперимент жү ргүзүп, унутууну изилдеген. Унутуунун «ийри сызыгын» ачкан. О.э. окуучуларга маани жактан байланышпаган 13 сөздү жаттоону сунуш кылган. Окуучулар материалды 100% жаттаганына көзү жеткен соң, эс алууга убакыт берет. Бир саатан кийин кайталатканда сөздөрдүн 44% ти, эки суткадан кийин кайталатканда 28% ти эсте калган. Мында өздөштүрүлгөн материалдын мазмуну, убакыт өткөн сайын, жоголгону байкалган.



**Г.Т.Фехнер** 1801-1887- ж ж. немец психофизиолог, эксперименттик психоло гиянын негиздөөчүсү.



Г.Эббингауз эксперименттин жыйынтыгынын негизинде унутуунун законун ачкан. Унутуу материалды үйрөнгөндөн кийин өтө тез жүрүп, андан ары бир калыпта же туруктуу уланган. Бул мыйзам ченемдүүлүк башка изилдөөчүлөрдүн эксперименттеринде да такталган. Бирок угуудан, сөз жүзүндө алган информациялар жай унутулат. Унутуу убакытка жараша өзгөрүп тураары – чындык. Ал көп учурда материалдардын мазмунуна көз каранды. Өз ара маанилик байланышы бар маалыматтарды унутуу алгачкы этаптан тарта эле жай жүрүш ыктымал. Мисалы, англиялык психолог У.Джемс студенттерге лекция окуунун алдында мазмунун акырында сурарын эскертүү менен баштаган. Натыйжада, төмөндөгүдөй статистикалык көрсөткүчтөрдү алган. Лекция окулуп, бүткөндөн кийин, анын мазмуну 65% ти, 3-4 күндөн кийин 45,3и, 6 күндөн кийин 43,6% ти, эки айдан соң 30,6% ти, 8 жумадан соң 24,1% ти студенттердин эсинде калган.

Материалды унутуу мындан башка да бир катар психологиялык кубулуштарга да жараша болот. Андай психологиялык кубулуштарга **реминисценция, ретро-активдүү, проактивдүү тормоздолуу** сыяктуулар кирет.

Реминисценция кыргызча «элес-булас эске түшүрүү» деп которулат. Реминисценция түшүнүгүн илимге Сербиялык окумуштуу В.Урбанчин 1907-жылдары киргизген. Бул кубулушту түшүндүрүү дө төмөндөгүдөй пикирлер бар. «Адамдагы материалды жаттоо учурундагы чарчоо жатталган материалдарды эске түшүрүүгө тоскоолдук кылат», «адамдагы жаттоо аракеттери токтогондон кийин да байкалбай жүрүп турган жаттоо аракеттери материалды эске сактоого тоскоолдук кылат». Бирок бул божомолдорду унутуунун табиятын ачып бере албайт. Реминисценция практикадан материалдын мазмунун окуучу: «Терең, ар тараптан түшүндүрөм», деген сезимди кабылдаган учурда же ага зор кызыгуусу пайда болгондо көрүнөт. Кызыгуунун күчтүү илеби кайталоого кедерги болуп, баш мээдеги убактылуу тескери индукция законунун негизинде тормоздолуу кубулушу келип чыгат жана үйрөнүлгөн материалды эффективдүү эске түшүрүү кыйындайт. Үйрөнгөн материалдын негизги мазмунун окуучу мугалимге толук айтып бере албайт. Бирок ал материалдын мазмунун эч кайталоосуз эле 2-3 күндөн кийин эсине

толук түшөт. Бул учурда баш мээдеги тормоздолуу механизми өзү нөн-өзү  жоюлган болот. Адамдагы мындай өзгөчөлүктү психологияда реминисценция дейбиз.

Реминисценция кубулушунун закон ченемдүүлүгүн Красильников изилдеген. Бул кубулуштун мектепке чейинки балдарда 74%, 5-8 класстын окуучуларында 35,5% кездешээрин, кеңири тараганын жана көбүнчө адамда ашкере кызыкчылыкты туудурган материалды үйрөнүүдө келип чыгарын аныктаган.

Ретроактивдүү тормоздолуу (кайрадан таасир этүүчү тормоздолуу) материалдарды өздөштүрүү жана жаттоо жалаң ган алардын мазмунуна жараша болбостон, ички окшоштуктарында да байланыштуу. Эгер обьектилердин мазмуну бири-бирине өтө окшош болсо, эстөөдө бири-бирине тоскоолдук кылат, аларды окуучулар натыйжалуу өздөштүрө алышпайт. Практикада мындай кубулуштардын бар экендигин психологдор эксперименттик деңгээлде далилдешкен. Экспериментчи окуучуларга 53, 21, 82, 36, 48, 61, 26, 94, 89, 95 деген сан катарын бир канча жолу кайталатып, толук жаттаткан. Кошумча текшерүүдөн соң аларга төмөнкү сөздөрдү жаттатат: гүл, дары, доска, саат, булут, стол, китеп, көз айнек, үй, температура. Анан биринчи жатталган сандарды кайталатканда, окуучулар, эч жаңылган эмес. Дагы 25, 56, 38, 65, 84, 26, 62, 29, 96, 52 сыяктуу сан катарын жаттатып, биринчи жаттаган сандарды кайра сураганда, көп ката кетиришкен. Ошентип, мазмуну бирдей материалдардын ички структурасына жараша болорун аныктаган.

Эске түшүрүү - эс процессинин бир түрү, кайсы мезгилде тажрыйбада белгилүү болгон ойлордун, образдардын, сезүүлөрдүн, кыймылдардын кайрадан жанданышы, калыбына келтириши эске түшүрүү деп аталат. Эске түшүрүү эрктүү жана эрксиз эске түшүрүү болуп экиге бөлүнөт. Эрктүү эске түшүрүү аң-сезимдүү установканын  негизинде эстин издеринин жандануусу, эрксиз эске түшүрүүдө эч кандай максатсыз өзүнөн-өзү эле маалыматтар калыбына келе берет. Эске түшүрүү тандалмалуу келет, б.а., адамдын керектөөсүнө, максатына, убактысына жараша тийиштүү материалдар эске түшүрүлөт.

Эске түшүрүү - татаал процесс. Айрым материалдар эч кыйынчылыксыз эле өзүнөн-өзү эске түшсө, кээлерин эстөө үчүн көп этап

талап кылынат. Биринчи этабы таануу процесси деп аталат. Экинчиси – эстөө.

Таануу – кайра кабыл алуунун шартындагы обьектини эске түшүрүү. Ал адамдардын жашоо турмушунда, психикалык жактан өнүгүшүндө чоң мааниге ээ. Эгер адам качандыр бир учурда кабыл алган обьектини кайра жаңы обьект катары таанып отурса, анда адамзаттын тажрыйбасы байыбас эле. Таануу такталуу, толукталуу мүнөзүндө жүрөт. Таануу эрктүү, эрксиз эске түшүрүү болуп экиге бөлүнөт. Эрксиз эске түшүрүүдө максатсыз ассоциация законунун негизинде нерселердин образдары өзүнөн-өзү пайда болот, атайын максат коюлбайт эрктүү эске түшүрүү босо, адамдын аң-сезимдүү умтулуусунан, багытталган аракетинин жардамынан өнөт.

Эстөө белгилүү мейкиндикте, убакытта өткөн локалдашкан образдарды эске түшүрүүнү билдирет. Мында жалаң гана обьект кайталанбастан, анын жашаган, убактысы, кайсы жерде, кандай шартта өткөндүгү такталат. Мисалы «Бул окуя Октябрдын 50 жылдыгында болгон», - деген маалыматты угуу менен түрдүү ассоциациялык абалдар пайда болот.

**Элес.** Бул кубулуш мурда же берилген учурда кабыл алынган информациялардын образдарын, элестерин кайрадан эске түшүрүп туюндурат. Көз алдынан убактылуу кетпөө көз алдына тартылуу дегендик.

Элестин физиологиялык негизин, кубулуштарды, заттарды кабыл алууда пайда болгон чоң жарым шардагы козголуунун жанданышы убактылуу жандануунун ордуна келиши түзөт. Элес кабыл алууга окшош келет, бирок ага караганда элестетүүгө туура келген заттардын чыныгы касиеттери күңүртүрөөк, жеткиликсиз, ачык кабыл алынбаган процесс. Элестин төмөндөгүдөй түрлөрү бар:

1. Көрүү элеси. Бул адамдагы качандан бир көргөн заттарды көрүп тургандай көз алдына келтирүү сезими.

2. Угуу элеси. Мында тааныш музыканын же адамдын үнү угулуп тургандай ички сезим пайда болот.

3. Жыт сезүү элеси. Адамдын алдында жок заттын жытын кадимкидей туюу жөндөмдүүлүгү.

4. Тери сезүү элеси. Бул кубулуш ой жүзүндө жумшак, катуу заттарды адам ж.б. касиеттерин дене аркылуу туюу сезиминин пайда болушунун билдирет.

## § 12.4. Эстин түрлөрү.

Эс төмөкүдөй үч негизги критерийдин негизинде классификацияланат:

1). Иш-аракеттеги Психикалык иш – аракеттин активдүүлүгүнө карата - мотордуу, эмоционалдык, образдык, сөздүк-логикалык эс болуп бөлүнөт.

2). Иш-аракеттин максатынын мүнөзүнө карай эрксиз эрктүү эс болот.

3). Материалды баш мээде сактоонун узактыгына карай кыска, узак эс болуп бөлүнөт.

**Мотордук эс** – ар түрдүү кыймылдарды, алардын системаларын эске тутуу жана эске түшүрүү аракетин көрсөтөт. Ал өзүнүн пайда болуу мүнөзүнө карай эмчекти бир-эки жолу эмгенден кийин эле ага толук үйрөнүп кетет.

Адамдын чексиз автоматташкан машыгууларынын негизин мотордук эс түзөт. Демек, ал бардык жумуштук машыгуулардын негизги. Мисалы, тишти тазалоо, көчөгө чыгаарда жарыкты өчүрүү, бийге түшүү эрежелери ж.б.

Академик И.С.Беташвили мотордук эсти шарттуу рефлекс менен окшоштурат. Мотордук эс бардык адамдар үчүн мүнөздүү экенине карабастан, аларды түрдүүчө көрүнөт. Мотордук эс айбандарда өтө күчтүү өнүккөн. Айрыкча жылкыда жогорку чекитке жеткен.

Эмоционалдуу эс адамдын өткөн турмушунда болгон эмоционалдуу кырдаалдарды мүнөздөйт, адамда эмоциялуу абалды козгойт. Ал адамдардын ишмердигинде чоң мааниге ээ. Анткени адамдын башынан өткөзгөн оң, терс мазмундагы бардык окуялар анын иш-аракетине, жүрүш-турушуна өз таасирин дайыма тийгизет.

К.С.Станиславский: «Эгер кайсы бир убакытта башыңыздан өткөн нерсе оюңузга келгенде, кызарып, же бозоруп кетсеңиз, анда сизде эмоционалдык эс бар», - деп белгиленген.

**Образдуу эс**. Образдуу эс адамдын сезиминин эси десе да болот. Мында мурда кабыл алган заттардын, кубулуштардын касиеттери толук ийне жибине чейин эмес алардын жалпы образдары эсте сакталат.

Образдуу эс өзүнчө угуу, көрүү, жыт сезүү, даам татуу эстери болуп 4 кө бөлүнөт.

Күчтүү көрүү эсине сүрөтчүлөр ээ. Мисалы, сүрөтчү И.Левитан кыштын пейзажын жазда, жаздын пейзажын кышта тарта алган.

Образдуу көрүү эсинин өзгөчө түрүнө эйдерикалык эс кирет. Ал эске эгедер адам кабылданган обьект көз алдында турбаса да, көрүү мүмкүнчүлүгүнөн толук ажырыганда да, анын элементтерин жаңылбастан кайталап берүүгө күчү жетет. Эйдетикалык эс чоң адамдарга караганда, жаш балдарда көп учурайт. Ошондуктан алар материалды механикалык жаттоого жөндөмдүү.

Эйдетикалык эсти XX кылымдын башталышында В.Урбанич изилдөөнү угуу эсин жоготкон адамдардан баштаган. Алар эйдетикалык эстин кенже мектеп жашындагы балдарда жакшы өнүккөнүн далилдешкен жана эстин бул түрү аркылуу личносттун типтерин аныктоого аркет жасашкан. Бирок эйдетикалык эсти аны менен байланыштуу кубулуштарды жалпы адамзатка эмес, немец улутуна гана энчилеп, улуттук идеяда болушкан.

**Угуу эси**. Угуу эси белгилүү сөз топторун, сөз айкаштарын, текстти же музыкалык информацияларды бир угуу менен аны алгач мазмунун бузбай толук кайталоо, эске сактоо жөндөмдүүлүгүн билгизет.

Угуу эси көбүнчө композиторлорго, музыканттарга тиешелүү. Улуу композитор Моцарттын феноменалдуу эси далил. Ал Рим папасы тарабынан бекитилип, жылына бир жолу ойнолуучу симфониялык музыканы бир угуу менен нотага түшүргөн, жана эл арасына таратып жиберген. Даам татуу, жыт сезүү эстери адамдарда сейрек кездешет. Адамдын табияттагы жыттарды даамдарды бирибиринен так ажыратуу, аныктоо жөндөмдүүлүгүн мүнөздөйт.

**Логикалык эс.** Үйрөтүлгөн материалды механикалык түрдө сөзмө-сөз эмес, анын негизин, керектүү жерлерин эсте кармап, кайрадан керек болгон учурда эске түшүрүүнү туюндурат.

**Бүтпөгөн аракет эффектиси. (**Зейгарниктин эффектиси)

Күчтүү таасир калтырган зор мотивациялык кудуретке ээ болгон иш-аракеттин же окуянын аягына чыкпай үзгүлтүккө учурап, адамдын эсинде жакшы калышын бүтпөгөн аракет эффектиси дей-

биз. Окуянын үзүлгөн жери эсте көп калат. Бул эффек адамдын жашына, маселенин кыйындыгына, окуянын таасиринин деңгээлине да байланыштуу болот.

**Феноменалдуу эс.** Бул эске ээ болгон адам мааниси жагынан байланышкан же байланышпаган ар түрдүү маалы-маттарды эч өзгөртпөй толук эсине сактап, зарыл учурда айтып берет жана пайдалана алат.

**Импринтинг** (англис сөзү бизче «тутуп калуу, эстеп калуу» дегенди билдирет). Бул жогорку омурткалуу жаныбар-ларда жашоосунун алачкы этабында же туулгандан кийинки обьектилердин өзгөчө белгилерин эсинде калтыруу; кээ бир тубаса жүрүм-турум актыларына үйрөнүүнүн спецификалык формасы, көбүрөөк изилденген формасы «ээрчүү реакция-сы» - жетилип туулган балапандар же сүт эмүүчүлөрдүн ата-энесин жана бири-бирин ээрчиши.

Импринтинг феномени же эси канаттуулардын балапандар-ында 12 сааттан, маймылчаларда 20 же 40 күндөн кийин, бөбөктөрдө 6 айлык курсакта байкалат.

Жогоруда белгиленгендей, эс материалды сактоо узактыгына карай кыска жана узак эс деп экиге бөлүнөт.

**Көз ирмемдиктеги эс.** Көз ирмемдеги эстеги маалыматтар башка эске сактоо формасына өтпөсө бир нече секундадан кийин унутулат. Маалыматты эрктүү башкарууга, эсте кармап калууга ачык, так формага келтирүүгө болбойт. Угуу, көрүү, даам татуу анализаторлору өздөрүнө мүнөздүү бири-бирине окшобогон көз ирмемдиктеги эске ээ. Бул эс модулдуу келет.

**Кыска убакыттагы эс**. Материалдын али баш мээге изи кала элек, ички байланыштары түзүлө элек, анын элеси адамдын көз алдынан кетпей, үнү кулакта угулуп турган моменттин, эсте тутуусунун баштапкы этабын мүнөздөйт. Кыска убакыттагы эс ар тү рдүү тажырыйбаларды топтоодо, аларды колдонууда чоң мааниге ээ. Анын убактысынын узактыгы бир канча секундадан минутага чейин созулат. Ушул убакыттын ичинде жаңы кабыл алынган обьектилерди таанып, тигил же бул операцияларды жүргүзүүгө мүмкү ндүк болот. Анан ал обьектилер эстен чыгат. Кыска убакыттагы эс механикалык мүнөзгө ээ. Бул эс көбүнчө адамдын алдына койгон

установкасына жараша болуп, котормочуларда, машинисткаларда, стенографисттерде, операторлордо учурайт.

Эстин бул түрү көз ирмемдеги эстен кийин пайда болот. Көз ирмемде калган маалыматтардын айрымдары өчпөй, кыска убакыттагы эс модалдуу эмес, б.а. көрүү, угуу анализаторлорунун ар бири өзүнчө тиешелүү кыска убакыттагы эсти тейлебейт.

Узак убакыттагы эс болсо кабыл алынган маалыматтардын узак убакытка же түбөлүк калышын мүнөздөйт.

**Эске тутуунун типтерин изилдөөчү ыкма.**

Теориялык түшүнүккө караганда эстин типтери адам баласынын дүйнөнү таануу процессиндеги анализаторлорго жараша 4кө бөлүнөт. Алар көрүү эси, угуу эси, мотордук угуу эси, бириктирилген эс. Анткени адам баласы дүйнөнү аңдап билүүдө башка анализаторлор өтө көп колдонулат. Айрым бир адамдарда мындай эстин типтери тубаса да берилет. Эгерде окутуучу балдардан тубаса эсти байкай турган болсо, аны ишке киргизип өркүндөтүүсү зарыл. Ал эми ал балдарда тубаса эс болбосо, бир катар көнүгүүлөрдү жасоо менен балдардын эс процесстерин өркүндөтүүгө болот. Мындай жумушту аткаруу үчүн алдын класс коллективиндеги балдарга эксперимент жасоо менен ар бир окуучунун эске тутуу типтерин аныктоого жетишет. Андан кийин ар бир балага жекече мамиле жасоо менен эстин типтерин пайдалануу аркылуу окуу жана тарбия жумуштарын өркүндөтө алышат.

1. Бул эксперменталдык жумуштун негизги максаты: Окуучулардын эстик типтерине жараша сырттан келген маалыматтарды сактап, калуу мүмкүнчүлүгүн аныктоо.

2. Экспериментти уюштурууга керектөөчү каражаттар: эстин типтерин аныктоого керектүү болгон сөздөр тандалат, ар бир эстин тибине 10 дон 40 сөздүн тизмектери кирет.

| I**. Көрүү эсинин тибине**. | II. **Угуу эстин тибине** |
|---|---|
| 1. Самолет | 1. Дирижабль |
| 2. Чайнек | 2. Чырак |
| 3. Көпөлөк | 3. Алма |
| 4. Казан | 4. Кружка |
| 5. Булут | 5. Чагылган |

| | |
|---|---|
| 6. Дөңгөч | 6. Отун |
| 7. Шам | 7. Лампочка |
| 8. Жүзүм | 8. Алма |
| 9. Оюн | 9. Жумуш |
| 10. Газета | 10. Кагаз. |

III. **Мотордук угуу тибине**. IV. **Бириктирилген тибине**.

| | |
|---|---|
| 1. Пароход | 1. Машина |
| 2. Бочка | 2. Тарелка |
| 3. Карга | 3. Өрдөк |
| 4.Чайнек | 4. Тарелка |
| 5. Жамгыр | 5. Кар |
| 6. Балта | 6. Араа |
| 7. Айнек | 7. Жарык |
| 8. Карагат | 8. Козу карын |
| 9. Эс алуу | 9. Тамаша |
| 10. Китеп | 10. Журнал |

Мындан сырткары убакытты өлчөө үчүн керектелүүчү секундомер керектелет:

3) Изилдөө обьектиси болуп изилденип жаткан окуучулардын эске тутуу жөндөмдүүлүгүнүн типтери (көрүү, угуу, мотордуу кыймыл, бириктирилген эстин типтери) саналат.

4) Экспериментти жүргүзүүнүн инструкциясы:

Экспериментти жекече жана группада жүргүзсө болот. Ал үчүн жогорудагы сунуш этилген ар бир эстин типтерине колдонуучу сөздөрдүн тизмектери өз-өз багыттарына 4 бөлөк картинага ар бир изилдөөчүгө жетишкендей машинкада (компьютерде) жазылып атайын конверттерге салып даярдалат. Эгерде «көрүү эстин тибинен» баштай турган болсок, экспериментатор алдын изилдөөчүлөргө (окуучуларга) төмөндөгүдөй түшүндүрмө берет.

Балдар азыр ушул эксперименттин негизинде силердин көрүү эсиңерди аныктайбыз.

Ал үчүн силер төмөндөгү мен айткан инструкцияны иреттүү, так аткарышыңар керек. Эгерде инструкция так аткарылбаса, башка эстин тибин өлчөп алышыбыз мүмкүн. Демек, силерге таратып берген каточкада 10 сөздүн тизмеси жазылган. Ар бир сөздү 5 се-

кунтан токтолуп окуш керек (кайталаш керек) ошондо 10 сөздү окуп жатташ үчүн 50 секунд берилет. Бул убакытты менин командам менен аткарасыңар. Качан мен баштагыла дегенде алдыңарда тескерисинен жаткан карточканы колуңарга алып жогорку инструкция боюнча жаттай баштайсыңар. Качан, бүттү жапкыла дегенде карточканы ошол момент буйталбастан, тескерисинен столдун бирине коюп, андан кийин 10 секундда ичиңерден кайталап турасыңар. Качан команда жазгыла деп берилгенде, алдын ала даярдалган дептерге (барака) эсиңерде калган карточкадагы сөздөрдүн тизмесин жаза баштайсыңар.

Жазып бүткөндөн кийин экспериментатордун уруксаты менен жазылган сөздөр менен карточкадагы сөздөрдү салыштырып, текшерип, ашыкча башка сөздөрдү жазып алсаңар аларды сызып таштап өзүңөр жазган карточкадагы сөздөрдү гана калтырасыңар. Унутуп калган сөздөрдү текшерип жаткан мезгилде кошуп жазып алуу болбойт. Анда эксперимент жарабай калат.

Ошентип, маалыматтар төмөнкү формула аркылуу аныкталып, группалык түзүлгөн таблицадагы ар бир окуучунун фамилиясынын тушундагы «көрүү эси» деген колонка менен кесилишкен жерге жазылат. Мисалы: изилдөнүүчү көрүү эси аркылуу 10 сөздүн ичинен 7-ни туура жазасың. Анда анын коэффициентин төмөндөгү фамилияда аныктайбыз:

$K = \frac{a}{b}$; (1) мында K – көрүү эсинин коэффициенти

a – карточкадагы 10 сөздүн ичинен
эсте каалаган сөздүн саны (7 болсо)

b - карточкадагы жалпы сөздүн
саны (биздин шартта 10 го барабар)

Ошентип жогорку изилденүүчү үчүн көрүү коэффициенти:

$K = \frac{a}{b} = \frac{7}{10} = 0{,}7$ ге барабар болот б.а.

Бул изилденүүчүнүн көрүү эси 70% иштей тургандыгын тү шөнөбүз. Мындай коэффициент бардык изилденүүчүлөрдө бирдей боло бербейт. Ал коэффициент 0,1- ден баштап 1 ге чейин болушу мүмкүн. Коэффициенттин көрсөткүчү канчалык төмөн болсо,

ал адамда ошол эстин тибинин төмөн экендигин түшүнүүгө болот. Улам коэффициент жогорулаган сайын эстин тибинин жогору экендигин түшөнөбүз.

Ал коэффициенттин көрсөткүчтөрү башка эстин типтеринде да жогорку инструкцияда жүргүзүлөт.

2) Угуу эсинде: Карточкадагы 10 сөздү экспериментатор ар бир сөздү 5 секунтадан 50 секундада окуп берет. Андан кийин 10 секунда өткөндөн кийин жогоркудай эле эсте калаган сөздөрдү тетрадга жазып, текшерип, жогорку көрсөтүлгөн (і) формулага салып чыккан коэффициенти өзүнүн фамилиясын тушунда угуу эси деген колонкага жазат.

Эскертүү: Эксперимент учурунда колу, буту, эриндери кыймылдабашы керек.

3) Моторду угуу эси дегенде эксперимент дагы башкача жүрөт. Б.а. сөздү 5 сек. токтолуп окуйт. Ушул учурда изилденүүчү уккан ар бир сөздү сөөмөйү же ручканын аркасы менен тамгаларды абага жазат. Мисалы: п–л – а – н – е – т – а деп. Эгерде жазбай кое турган болсо, эксперимент жүрбөй, угуу эсинин эксперименти болуп калат. Булардын коэффициенти жогоркулардай табылып группалык таблицага жазылат.

4) Бириктирилген эстин тибинде да карточкалардын 10 сөз жогорку 3 этаптагы эрежелер бир мезгилде колдонуп эксперимент жүргүзүлөт. Б.а. экспериментатор 10 сөз жазылган карточкаларды бардык окуучуларга алдын ала тескерисинен коюлган шартта таратып, экспериментатордун командасы менен балдар карточканы колуна алып, көздөрү менен ал сөздөрдү абага жазып, ошол эле моментте экспериментатор окуп берип жаткан сөздөрдү, колундагы сөздөр менен салыштырып эстерине тута башташат. 50 секунд бүткөндөн кийин, жогорку эрежелер боюнча коэффициент табылып группалык таблицага өзүнүн фамилиясынын тушундагы биргелешкен эстин тибинин калонкасына жазылат.

Группалык таблица төмөндөгү көрүнүштө болот:

| № | Изил. фамилиясы | Көрүү эси | Угуу эс | Мот. кый..эси | Бирик-кен эси |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Аскаров Т | 0,7 | 0,9 | 0,6 | 0,5 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Камалова Р | 0,9 | 0,4 | 0,4 | 0,7 |
| 3 | Мамырова Ч | 0,3 | 0,8 | 0,7 | 0,5 |
| n | | | | | |
| | Арифмет. орточо | 0,62 | 0,7 | 0,58 | 0,58 |

**Анализ:** Кандай гана окутуучу болбосун, өз предметин окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүп, мазмунун ачууда окуучулардын эске тутуу тибине жараша сабакты уюштуруусу билимдин эффективдүүлүгүн жогорулатат. Ал ишти жасаш үчүн экспериментте алынган таблицага таянып, класстагы окуган окуучулардын ар биринин жакшы жана начар деңгээлдеги эске тутуу тибин аныктап, андан кийин класстын группага түзүлгөн таблицадагы арифметикалык орточо салыштырмалуу ар бир типтеги калонкага катары менен окуучуларды үч группага бөлүнөт. Б.а. 0,1-0,3 коэффициенттерди эске тутуусу начар окуучуларга, 0,4-0,6 коэффициенттеги окуучуларды орточо типтеги окуучуларга, ал эми 0,7-1ге чейинки коэффициентттеги окуучуларды эске тутуусу жогорку типтеги балдар деп, ар бир (көрүү, угуу, мотордук-кыймылдуу жана биргелешкен) типтерге бөлүштүрүлөт.

Бул учурда группага бөлүү менен, аларга сабак жана тарбия учурунда дифференцияланган подход керек. Мисалы, сабак учурунда көзү жакшы көргөн (0,7-1 коэффициенттеги) окуучулар, класстын арткы парталарында, (0,4-0,6 коэффициентиндеги) көзү орточо көргөндөрдү ортоңку столгө же партага, ал эми көзү начар көргөн (0.1-0,3 коэффициентиндеги) балдарды алдыга олтургузуп сабактын мазмунун түшүндүргөнү жакшы. Ушундай эле иш-аракеттер угууга да жараша уюштурулса жакшы болмок.

Мындан сырткары анализдөөнүн мазмунун башкача да уюштурса болот. Көрүү эси жакшы иштеген окуучуларга көбүрөөк өз бет алдынча окууну сунуш эте турган болсок, уугу эси жакшы балдарга көп түшүндүрүп, айтып берүү ыкмасын колдонгон жакшы болот. Ал эми «мотордуу угуу» эси жакшы иштеген мазмунун түшүнүүнү сунуш этүү керек.

Ал эми «бириктирилген эси» жакшы иштеген балдар жогорку үч этапты колдонуу менен сабакка даярданууну сунуш кылыш керек.

Ошентип, бул эксперименттин жыйынтыгын ар бир экспериментттер өз түшүнүгүнө жараша кеңейтип анализдөө менен, өз жумушунда кеңири колдонууну сунуш кылабыз.

**Ретроактивдүү тормоздолууну изилдөөчү ыкма**

Алынган эксперименттин жыйынтыгы төмөнкү таблицага толтурулуп, экспериментке катышкан окуучулардын ретроактивдүү тормоздолуу процесси аныкталат.

Эксперимент эки жолу жүргүзүлөт.

| № | Э к с п е р и м . катышкан. аты-жөнү | Кетирилген катааын саны (санга карата) | Кетирилген катаанын саны (сөздүн мазмун. карата) |
|---|---|---|---|
| 1. | Аскаров Т. | | |
| 2. | Камалова Ф. | | |
| 3. | Мамырова З. | | |

Биринчи учурда 10 катарда эки сандан турган сандар 100% жатталгандан кийин, дагы ушул сыяктуу 10 катар, эки сандан турган сандар жатталып 5 минута өткөндөн кийин биринчи катардагы сандар текшерилгенден көп ката кетет (теория боюнча).

Экинчи учурда мурункудан башка 10 катар эки сандуу сандарды 100% жаттап, андан соң 10 сөздү жаттап, кайра биринчи 10 катар сандарды 5 минутадан кийин суранганда, биринчи учурга караганда аз ката кетет (теория боюнча).

Ушул теориянын негизинде окуучулардын жекече ретроактивдүү тормоздолуусун текшериш үчүн ушул эксперимент жү ргүзүлөт.

Ошондой эле мектеп окуучуларындагы ретроактивдүү тормоздолууну төмөндөтүү үчүн предметтер аралык жазылбагандардын (расписаниянын) түзүлүшүн корректировка жүргүзсө, ошол эле мезгилде окуучулардын сабакты өтүү чеберчилигиндеги технологияга дагы маани берүүнү эскертип турат.

Мисалы, математикадан мазмунду жалаң сандар менен түшү ндүрүүгө балдар ретроактивдүү тормоздолууга учурай тургандыгын айтууга болот.

О.э. гуманитардык сабактарды (адабият, философияны ж.б.) жалаң сөздүн мазмуну менен да түшүндүрүү баланы ретроактивдүү тормоздолууга алып келе тургандыгын эскертебиз.

Ошондуктан сабактын мазмунун жакшыртууда сөзсүз ушул жагдайдагы психологиялык технологияны эске алуу азыркы мазмундан коомдун бирден-бир талабы деп эсептелет. Ушундай эле эс проблемасын өлчөгөн, изилдеген бир канча материалдарды, төмөнкү сунуш этилген адабияттардан таап, практикада колдонсо болот деген сунуштарды айтабыз.

## Колдонулган адабияттар:


1. Зининко П.И. Не произвольное запонинание. -М.,1998
2. Закиров А. Психология боюнча практикум. Ош-2005
3. Леонтьев А.Н. Логическая и мехагическая память (Психология памяти: Хрестоматия) - М.: 2000.
4. Практические занятия по психологии. Учеб. пособие. Под ред. Петровского, -М., 1972, 84-104 стр.
5. Психические нарушения ҮВ. А. Жмуров.-М.: МЕДпресс-информ, 2008 - 1015 с.
6. Петрова В.Г. Психология умственно отсталых школьников: Учебное пособие для вузов ҮВ.Г. Петрова.- М.: Академия,2004.-160с.
7. Петрова В.Г. Психология умственно отсталых школьников: Учебное пособие для вузов Ү В.Г. Петрова.- М.: Академия,2004.-160с.
8. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии. СПб.: 2002.
9. Смирнов А.А. Проблемы психологии памяти. -М., 2006.
10. Соколов Е.Н. Механизмы памяти. -М., МГУ 1999.
11. Лурия А.Р. Нейропсихология памяти. -М.,1974.
12. Миңбаев К.М., Закиров А. Психология. Ош – 2015..
13. Психология аномального развития ребенка: Хрестоматия: [Учеб. пособие по направлению и специальностям психологии]: В 2 т. Ү Под ред. В.В. Лебединского, М.К. Бардышевской. -М.: ЧеРо, 2002

## Билимди текшерүүгө керек болгон суроолор

1. Эс процессинин тарыхый-коомдук маңызы эмнеде жатат ?
2. Баш мээнин патологиялык оорусу эмне үчүн эс процес- синин бузулушуна жараша болот, түшүндүр ?
3. Эмне үчүн эс процессинин бузулушу менен инсандык сапат дагы бузулат ?
4. Адамдын, жаныбарлардын жана электроникалык эстер- инин окшоштуктарын жана айырмачылыктарын түшүн -дүргүлө ?
5. Эсти психология предметтеринде аныктоочу теорияларды, физиологиялык негиздерди жана психикалык процесс- терди аныктагыла ?
6. Эстин индивидуалдуу айырмачылыктары, түрлөрү жөнүндөгү өзгөчөлүктөрдү анализге алуу ?.
7. Унутуу жана аны жакшыртуунун жолдорун, психология- лык технологиясын түшүндүргүлө?.
8. Эс процессинин окуу жана тарбия жумушундагы ролу?

## *Он үчүнчү бөлүм:*
# ОЙЛОО

*Акылдуу адам оюндагыны айта бербейт,*
*бирок айтканын ойлонуп анан айтат.*
***Аристотель*** (грек ойчул- философу)

## § 13.1. Ойлоо жөнүндө жалпы түшүнүк

Ойлоо психологиядан башка бир катар илимдин изилдөө обьектиси болуп ар кандай аспектилерде талданат. Мисалы; философия ойлоо менен материянын ортосундагы байланышты, ойлоо аркылуу дүйнөнү таануунун жолдорун, социология болсо коомдун социалдык структурасына жараша ойлоонунун тарыхый жактан өнүгүш жолдорун изилдейт. Ал эми физиология ойлоонун мээлик механизмин, мээнин тигил же бул бөлүктөрүнүн ойлоого тийгизген таасирин, ролун үйрөтөт ж.б.

Ойлоо жөнүндөгү окуу б.з.ч. доордо эле башталып, бирок башка илимдердин арасында жашап так фундаменталдуу психологиялык илим катары ойлонуу жөнүндө активдүү изилдөө 17-кылымда башталган. Ошондуктан узак убакытка чейин ойлоо логикада каралып, бирдей түшүнүк катары эсептелип келген.

Психология ойлоону таануу иш-аракети катары, анын адам ишмердигиндеги маанисин, жүрүү механизмин башка психикалык процесстерден айырмасын, личносттун калыптануусундагы ролун үйрөнөт.

Обьективдүү чындыкты үйрөнүү сезүүдөн, кабыл алуудан башталып, ойлоо процессине өтүү жолу менен жүрөт. Сезүүдөн жаратылышты үйрөнүүгө нук чабылса, ойлоо аны терендетет, улантат. Ошондуктан В.И.Ленин обьективдүү чындыкты үйрөнүү жандуу сезүүдөн абстрактуу ой жүгүртүүгө, андан практикага өтүү жолу менен жүрөрүн белгилеген.

Дүйнөнү таанууда сезүү, кабыл алуу процесстери зарыл, бирок жетишсиз. Сезүү менен заттардын, окуялардын, кубулуштардын өз

ара мамилелерин, анын себебин, натыйжасын биле албайбыз. Мисалы, адамдын колу заттардын жылуулук деңгээлин так аныктай албайт, анткени ал адамдын жалпы ден соолугуна жана заттын жылуулук даражасына жараша болот. Ал эми ойлоо саналган факторлорсуз эле абстракттуу мүнөздө заттын температурасын аныктайт.

Кабыл алууда болсо обьектилердин составдык бөлүктөрү аң-сезимде жеке-жеке чагылат. Айталы, адам дарактын бутактарын, жалбырактарын, сөңгөгүн бири-бирине көз карандысыз формасы түсү ж.б. касиеттери боюнча аныктайт. Ойлоодо дарактын ички мазмунун, бөлүктөрүн, (күндүн, абанын, топурактын химиялык составынан) бирдикте карайт.

Ойлоо качан адам баласы алдында турган обьектини сезүүнүн, кабыл алуунун жардамы менен таанууга мүмкүн болбогон учурда пайда болот.

Ойлоо башка психикалык процесстерге караганда татаал, кандайдыр бир зат жөнүндө ой жүгүртүү дегендик алгач анын башка заттар менен болгон байланышын, касиеттерин тактоо, анын ал зат жөнүндө жалпы жыйынтыкка келүүнү түшүндүрөт. Ал кабыл алуу, сезүү процесстери аркылуу тышкы дүйнө менен түздөн-түз байланышта болуп, алардын чагылуусу катары көрүнөт.

Ойлоо сезүүдөн, кабыл алуудан алынган маалыматты колдонот, керек болгон учурда анын чегинен чыгат. Алсак, көп кылымдар бою кабыл алуунун натыйжасында жерди кыймылсыз, күн аны айланып турат деп далилдешкен.

Чындык бурмаланып кабылданган. Кийин ойлоо процессинин жардамы менен күндүн айланасында жер айланып турганы аныкталды. Ал эми ойлоо аркылуу адам сезүүгө, кабыл алууга мүмкүн болбогон тышкы дүйнөнүн касиеттеринин, ички байланыштарын ү йрөнө алат. Мисалы, майда элементардуу бөлүкчөлөрдү эң күчтүү микроскоптор менен да көрүү кыйын. Алар жөнүндө ой жүгүртү үнүн гана маалыматынан бөлүкчөлөр теориясы түзүлүп олтурат.

Ойлоо иш-аракеттери личносттун эмоциялык абалына байланыштуу. Алар бири-бирине өздөрүнүн оң-терс таасирлерин тийгизет. Адам терс эмоциялык абалда турганда анын эркине баш ийгенде, алдындагы проблеманын реалдуу ички закондорун түшүнүүдөн алыстайт. Чындыкты аныктоого күчү жетпей калат. Тескерисинче,

оң эмоциялык абал үйрөнүлүүчү обьектиге болгон сүйүү адамдын ички энергиясын толук тутантып, проблеманы туура чечүүгө жол ачат.

Обьективдүү чындыкты таануудагы адамдын ойлоосу тикеден-тике же кыйыр түрдө жүрөт. Тикеден-тике ойлоодо адам өзүнүн кабыл алуу, сезүү жөндөмдүүлүктөрүн колдонот. Мисалы, эшиктеги абанын температурасын сыртка чыгып, тери сезимдеринин жардамы менен болжолдуу аныктоого мүмкүн. Бул жерде ойлоо процессине кабыл алуу, сезүү катышкандыктан, ойлоо конкреттүү категория деп айтуу тура эмес. Ошондуктан ассоцианисттер чыга албайт дешет.

Кыйыр түрдө ойлоодо кабыл алууга мүмкүн болбогон кубулуштардын маңызын анализатордун жардамсыз эле башка обьектилер менен салыштырып, татаал математикалык эсептөөлөрдү жү ргүзүп, тааный алабыз. Же көздүн жардамы менен жарыкты көрүү гө болот, анын негизинде жаткан электромагниттик толкунду көрүүгө мүмкүн эмес. Аны логикалык түрдө ойлоо керек.

Адамдын курчап турган обьективдүү дүйнө иретсиз, байланышсыз баш-аламан кубулуштардын, нерселердин жыйындысы эмес, тыгыз байланышта, өз ара мамиледе, алар белгилүү тартипте, системада жайгашкан, бирин-бири шарттап турат. Дүйнөнүн мындай бүтүндүгү, биримдиги, ички байланышы адамдын сезүү органдарына көз карандысыз, обьективдүү жашайт. Адам өзүнүн аң-сезиминде ойлоонун кудурети менен ал ички байланыштарды чагылдыра алат. Бир караганда бул чагылдырылган байланыштар ойлоонун иш-аракетиндей туюлушу мүмкүн. Бирок алардын обьективдүү жашары талашсыз. Мисалга И.П.Павловдун рефлекс жөнү ндөгү окуусун алалы. Байкоо жүргүзүүдө иттин этти көргөн сайын шилекей бездери бөлүнүп чыга берет. Эт менен шилекей безинин ортосундагы байланыш И.П.Павловсуз эле обьективдүү жашаган И.П.Павловдун улуулугу ошол байланышты биринчи көрүп, аны чечмелегендигинде.

Заттардагы байланыштар, таасир этүүлөр маанилүү (чыныгы) маанисиз (чыныгы эмес) мүнөздө болот. Алар ойлоо процессинин эффективдүү жүрүшүнө түрткү берет. Эгер кылдат карасак, конкреттүү аудиториядагы студенттердин чуулдашы менен коридордо-

гу чуунун ортосунда эч кандай байланыш жок. Бул – чыныгы эмес байланыш. Ал эми аудиториянын ичиндеги студенттердин муюп угуп отуруусу менен лекциянын мазмунунун ортосундагы байланыш чыныгы байланыш. Термометрдеги сымаптын көтөрүлүшү менен температуранын ортосундагы байланыш да чыныгы байланышты чагылдырат.

Ошентип, **ойлоо** – обьективдүү чындыктагы заттарды, кубулуштардын ортосундагы жана алардын өздөрүндөгү байланыштарды ачып көрсөткөн психикалык процесс.

## § 13.2. Ойлоону изилдөөнүн теориялык жана эмпиркалывк негиздери

Бир катар америкалык, германиялык илимпоздор ойлоону философиялык түшүнүктөн бөлүп алып ага психологиялык негиздеме бериш үчүн ойлоодогу жалпы механикалык ишмердүүлүгүн эске алуу менен бир катар изилдөөлөрдү жүргүзүп, ойлоо таануу процессиндеги эң жогорку психикалык процесс экендигине теориялык жактан негиздеме беришкен. Андай окумуштуулардын катарына (нем.) Г. Мюллерди, (анг.) Э. Торндайкты, (анг.) А. Ньюэллди, (анг.) Г. Саймонду ж.б. киргизүүгө болот.

Булардын изилдөөсүнө таяна турган болсок, ойлоону түшүндүрүүчү механикалык багыты өзү дагы төмөндөгүдөй теориялардан турат: а) ойлоонун ассоциялык теориясы; б) бихевиористтик теориясы; в) маалыматтык ойлоонун теориясы.

Ойлоонун бул теориялары негизинен адам баласына мүнөздүү туюу - сезиминин катышы, үйрөнүүнүн катышы жана маалыматты кайра иштетүү процесстери аркылуу ишке ашырылат.

***Ойлоонун туюу сезим менен болгон байланышындагы көрүнүшү***. Ойлоонун мындай мазмундагы элементтери болуп, буюм – теримдерди сенсордук – перцептивдүү ойлоо, мнемикалык (кыймыл аракет) аркылуу ойлоо менен дүйнөнү туура таанууга жетишүү. Мында негизинен ойлоону жаратып жаткан элементтердин өз – ара байланыштары болгон (ассоциация) аркылуу, окшоштуктары аркылуу, өз – ара дал келип калуу аркылуу, убакыт аркылуу дал

келүү менен ойлоону жаратууну айтууга болот. Ойлоонун ассоциациялык багыты толук иштеп бүтө элек, бирок азыркы учурда сөз байланыштарына, алардын түзүлүшү боюнча системаларына карата психологдор ойлоонун логикалык байланыштарына жараша дүйнөнү таанууну сунуштап жатышат. Ушул иш – аракеттин негизинде дүйнөнү түшүнүү ассоциациянын негизинде элестетсе, ой – жүгүртүү ассоциациялык түшүнүктө жаралат, ал эми ой – корутундулоо (силлогизм) – ой – жүгүртүүнүн ассоциациянын негизинде жаралат.

Бул багыттагы изилдөөнүн бири катары Г. Мюллер тарабынан жаралган “диффузиялык репродукция (аралашып чыгарылган жыйынтык)”деген теориясын айтууга болот. Бул теорияда эки же андан көп туюу сезимдерин пайда кылган маалыматтардын ассоциациясына карата ойлоонун жаңы формасынын кабыл алынышын айтабыз. Мындагы ассоциациянын белгилери болуп, байланышты түзүп турган маалыматтардын маани маңызы эсептелет. Б.а. ассоциацияны жаратып жаткан маалыматтардын санынын, белгилеринин, баалуулуктарынын, сын-сыпаттардын өз – ара байланыштары саналат.

***Ойлоону үйрөнүү (научение) катары көрүнүшү.*** Ойлоонун пайда болуу механизими – кыймылдуу реакция жана ойлоонун мыйзам ченемдери адамды кыймылга келтире турган психикалык күчтөр, ойлоону жарата турган реакциянын – стимулуна жараша жаңы механизимдерди жаратат. Ушул моментте практикалык тапшырмаларды аткарууда акыл интеллектууалдулукту жаратуу багыттында ойлоо үйрөнүү процесси аркылуу ойлоонун жаңы механизимдерин жаратып турат. Ойлоонун бихевиоризмдик багытагы стимулдун пайда болуу механизмине жараша кыймылдуу реакция интеллектуалдуу жүрүм- турумду жаратат. Мындай иш – аракеттер Э.Торндайк жүргүзгөн эксперименттин жыйынтыгындагы “жасап көрүү жана ката кетирүү же жасап көрүү жана кубаттоо (подкрепление) теориялары мисал болот.

Эгерде ушул теорияларга таяна турган болсок: а) ойлоо, ойлоону пайда кылуучу субьективдүү психикалык активдүүлүк (ассоциативдүү же жүрүм – турумдук) иш аракеттин негизинде пайда болсо; б) айрым учурларда тапшырманы аткарууда кокустуктан

дал келип калуучулуктун негизинде дагы пайда болот, б.а. ык – жөндөмдүүлүктүн маңызында түшүнүктүн пайда болушу менен билимге ээ болушу аркылуу дагы жаралат.

Ошондуктан ойлоону активдештирүүдө *үйрөнүү* өзгөчө мааниге ээ. Анткени адам баласы жашоодо ойлосуз эч кандай активдүүлүккө ээ боло албайт. Ойлоо адамдарды башка жандуу жаныбарлардан айырмалап туруучу эч жогорку психикалык процесс.

***Ойлоону маалыматты иштеп чыгаруучу процесс катары таануу.*** А. Ньюэлл, Г. Саймон ж.б. изилдечүлөр бир катар изилдөөлөрдү жүргүзүү менен маалыматты пайда кыла турган символикалык белгилер, көзгө тартылган элестер, өз ара кошулуулардын иш жыйнынтыктары менен дагы ойлоо процессин таанууга болот. Ушундай маалыматтардын маани – маңызы бул процессти ойлоонун теориясы катары таанууга үндөйт. Мындай теориялар маалыматтарды кайрадан иштетүүдө тапшырмалардын иреттелишине ылайыктуу боло турган *алгоритмалардын* түзүлүшүн жаратат. Натыйжада маалыматтарды иштеп чыгунун максаты материалдарды электен өткөрүү болсо, жыйынтыгы ойлоо процессинде логиканы жаратуу менен келечектеги, жүрүм – турумга, ой – чабыттарга перспективалык ойлоонун өнүгүшү туурасындагы алгоритмдерди түзүү болуп саналат. Ушул жагдай калыптана турган болсо, ойлоо акыл системасынын алгачкы иш - аракеттин психикалык элементи болуп кала берет.

Ойлоо процессине таандык бардык иш – аракетти карай турган болсок, ойлоо адам коому жаралгандан бери, изилдөөнүн негизги өзгөчөлүгү болуп келе жатат. Биздин заманга чейин жашаган философтор, социологдор, ойчулдар бардыгы ойлоонун жаратышына маани берип, өздөрү кызыккан илимдердин деңгээлине жараша бир катар ой жүгүртүүлөрдү жаратып, аларга маани берип келген. Алсак, б.з.ч. жашаган (469-399) байыркы грек философу *Демокрит* сезүү менен кабыл алууга салыштырмалуу ойлоо экинчи турат деген. Анткени, бул дүйнөдөгү материалдардын сырты гана көрүнүшүнө маани бере алуучу психикалык процесс. Ойлоо ошол материяга же маалыматтарга чуңкуп кирүүчү психикалык механизм деген.

*Сократ (б.з.ч. 469-399), Платон (427-347)* жылдары жашаган грек философтору, алардын оюна караганда ойлоо кудайдан берилүүчү психикалык механизм, ал идеалдуу жашайт деген. Сезүү жана кабыл алуу ойлоно турган материалдын жана маалыматтын сырткы жаратылышына маани бере турган болсо, аларды жакындан тааный турган "түшүнүктөр" адамга кудай тарабынан берилген жандын билимине жараша изилденет жана өнүгөт дешкен. Ошондуктан ойлоо тааныла турган обьектилердин сыртына карата багыт албастан, алардын ичине карата багытталышы керек. Ошондуктан азыркы учурда дагы "Өзүңдү өзүң тааны" деген принңип жашап, убагында Платонов тарабынан айтылган ойлоо бул "каршылашкан идеяны жандандыруучу изилдөөнү жаратат" деген идеясына ишенүүгө болот. Башкача айтканда жаңы психика карама – каршылыктын негизинде пайда боло тургандыгын ошол мезгилде эле айтышкан (психиканын кыймылдаткыч күчү болуп карама – каршылык санала тургандыгын).

*Аристотель* (б.з.ч. 384-324) жылдары жашаган грек

философу алгачкы жолу сырткы дүйнөнү биринчилерден болуп материалдык формада таанууга боло тургандыгын негиздеп, сезүү жана кабыл алууну өз ордуна у менен алардын психикалык иш аракеттери аркылуу дүйнөнү таанууга боло тургандыгын айткан. Арестотельдин оюна караганда сезүүнүн түрлөрү аркылуу ( көрүү, угуу, даам татуу, жыт сезүү жана тери сезүүлөрдүн негизинде)

## § 13.3. Адамдын ойлоосунун индивидуалдуу өзгөчөлүгү, аутизм

Ойлоо бардык психикалык прцесстердин ичинде өзгөчө абалда турат. Адамдын жогорку аң-сезимге ээ болушунда ойлоо бирденбир негизги фактор болуп эсептелген.

Адамдын аң-сезими кандай жекелик менен мүнөздөлсө, ойлоо да ошондой жекеликке ээ. Адамдардын ойлоосунун жекелик өзгөчөлүктөрүн аныктоочу негизги белгилерге ойлоонун өз алдынчалыгы (жаңы проблемаларды коюу, аны чечүү өз алдынча жолдорун табуу), кенендиги, көп нерселерди билүү аракети, таануу

дараметтин бакубаттыгы, ийкемдүүлүгү маселени чечүүнүн ыктарын шартка жараша өзгөртө билиши, тереңдиги (татаал маселенин ички маңызын аңдашы), сындуулугу (өзүн жана башкаларды баалай билүү) жана проблемаларды чечүү тездиги кирет.

Адамды курчап турган реалдуу дүйнөдөгү чындыкка шайкеш, ага жакын маалыматтарды башка адамдардын ишмердигинде ишенимдүү колдонулат, адаштырбайт, ал жогорку таблицадагы схема боюнча ишке ашырылат.

Адам баласынын акыл ишмердүүлүгү, ойлоонун төмөнкү тартиби боюнча жүрөт:

| Ойлоонун жаралышы | Ойлоонун формалары | Ойлоонун операциясы |
|---|---|---|
| - жалпылоо;<br>-ойлоону<br>-чагылдыруучу каражаттар;<br>- чыныгы таануу;<br>-тапшырманы аткаруу;<br>- ойлоонун сөз менен болгон байланышы. | - түшүнүк;<br><br>- ой жүгүртүү;<br><br>- ой кортундулоо. | - анализ;<br>- синтез;<br>- салыштыруу;<br>- абстракциялоо;<br>- жалпылоо;<br>- конкрет -тештирүү. |

(таблицадагы терминдик түшүнүктөрдү кийинки параграф -тардан окуйбуз)

Бирок айрым адамдар реалдуу чындык жөнүндө туура эмес маалыматтарды галлюцинация, жөөлүү, гипноз абалында же норма менен патологиянын чегинде турган деген түшүнүк аркылуу берилет. Андай ойлоонун бирине аутизм кирет.

**Аутизм** – грек сөзү, кыргызча «өзүм» деген мааниде.

**Аутизмдик** ойлоо бир жактуу, көпчүлүк учурда мазмунду түшүндүрүп турган белгилери так болбогондуктан реалдуу ойлоодон алыс турат. Анда ой жүгүртүү тигил же бул кырдаалдарды талдоодо логикалык мыйзам ченемдерге баш ийбейт.

## § 13.4. Ойлоонун физиологиялык негизи

Ойлоонун физиологиялык негизин баш мээнин кыртышында пайда болгон убактылуу нервдик байланыш же мээнин рефлектордук иш-аракети түзөт. Бул байланыштар реалдуу чындыкты чагылдыруучу экинчи сигналдык системанын жардамы менен ишке ашат. Бирок биринчи-сигналдык системага (сезүүгө, кабыл алууга, элестетүүгө) түздөн-түз таянат. Экинчи сигналдык система - биричи сигналдык системага байланыштарды чагылдыруучу система. Кантсе да, ойлоо процессинде эки маалымат бири-бири менен тыгыз байланышта болот. Экинчи сигналдык система маалыматтарды кабыл алууда уюшулган, жогорку чекте өнүккөн инструмент болуу менен, личносттун айлана-чөйрөгө кеңири багыт жасашына мүмкүндүк берет.

## § 13.5. Ойлоо жана кеп

Ойлоо, тил жана кеп өз ара тыгыз байланышта. Ойлоонун негизи болгон экинчи сигналдык система сөздөн жана кептен түзүлөт. Ойлоо – түшүнүктөр аркылуу ишке ашуучу операция. Өз кезегинде түшүнүктөрдү сөздөр туюндурат. Ойлоо – тормоздолгон кеп, кеп болсо - үн чыгарып айтылган ой.

Ойлоо менен кепти бирдей кароого болбойт, өз бөтөнчөлүктөрү бар. Ойлоо кеп сыяктуу сөз менен толук жасалбагандай, көп учурда кыскартылган мүнөзгө ээ болуу менен, стили телеграфтык тилге окшош. Ал автордун карамагындагы, аң-сезимдеги чагылуу процесси адамдар ортосундагы карым-катнаш кызматын аткарбайт. Ал эми-кеп карым-катнаш процессин жүргүзөт. Кеп активдүү (сүйлөгөн учурда), пассивдүү (эгер сөздү укканда) түрүндө болот.

Кеп менен ойлоонун өз ара мамилеси психологиядагы эң татаал маселелерден. Бул маселе жөнүндө Дж.Уотсон: «Менин оюм боюнча, ойлонуу процесси көмөкөйдүн мотордук машыгуусу болуп саналат»,- деп жазат. Мындан кептин ойлоого көз каранды эместиги сезилет.

Тескерисинче, И.М.Сеченовдун, И.П.Павловдун эмгек-теринен ойлоо менен речтин ортосунда тыгыз байланыш бар экендигин

далилдеген пикирлерди кездештиребиз. Чынында, жаш бала купуя ойлонгондо, көп учурда шыбыроо, эриндердин, тилдин кыймылдашы байкалат. Мындай абалды чоң кишилер ойлогон учурда да көрөбүз. Бирок чоң кишилерде ойлоо өнүккөн сайын тилден алыстай баштайт.

## § 13.6. Ойлоо жана маселе чечүү

Адам тигил же бул иш-аракетти аткарууда түрдүү белгисиз проблемага туш келет. Алсак, 11-класстын бүтүрүүчүсү болочок кесибин тандоо түйшүгүнө батат. Бул маселени чечүүдө анын каалаган кесиби менен мүмкүнчүлүгүнүн, каалоосу, коомдун, ата-эненин каалоолорунун ортосунда карама-каршылык келип чыгат. Мындай карама-каршылыктарды чечүүдө проблемалык кырдаал түзүлөт. Проблемалык кырдаалды чечүү мсаселени чечүүнүн биринчи этабы болуп саналат.

Ойлоодогу маселе чечүүнүн экинчи этабында личность туура чечимге келиш үчүн алдына бир нече гипотезаларды коюп, болжолдуу, түрдүү жолдорду караштырат.

Гипотезаларды, анализдөө маселени чечүүнүн үчүнчү этабына алып келет. Мында шарттар такталып, туура жол тандалып, маселе чечилет. Мисалы, окуучу математикалык маселени чыгарууда маселе чечүүнүн үчүнчү этабында алгач сыноо ката деңгээлинде иштейт. Маселени чыгаруунун жолун так элестете албагандыктан бардык божомолдоолорду бирден текшерип чыгат. Эгер бул сыноо – ката жолу менен да чыгара албаса, пассивдүү алгоритмдик ыкманы колдонот. Аталган жол да натыйжа бербесе, активдүү алгоритмге өтөт: алдында турган маселени бир канча майда түзүүчүлөргө бөлүп, схемаларын, моделин, сызмаларын түзөт. Ошентип, маселени чыгаруунун бирден-бир чечүүчү жолун табат, окуучу өзүнүн ойлоосунун инерттүүлүгүн, жеңил маселе чыгаруунун жаңы стратегиясын жаратат. Маселени чечүүдөгү жаңы стратегияга жетишүү личносттун өзү жасаган иштерин анализдөө - өзүнүн алгачкы тажрыйбасын колдонуу дегендик. Кээде маселени чечүүдө адамдын талбаган эмгеги натыйжа бербей, туңгуюкка камалышы ыктымал. Мындай жагдай адамдын ойлоосун активдештирет, ички

түрткүнү ойготот. Белгилүү бир убакытта маселенин чечилишинин бирден-бир жолу өзүнөн-өзү жарк этүү түрүндө (озарение) көрүнө калат. Адамда жарк этүү пайда болот. Мындайда маселе интуиция ыкмасы менен чечилет.

Алдыга коюлган маселени чечүүнүн төртүнчү этабы – натыйжаны практикада текшерүү этабы. Ошентип, ойлоо процесси аркылуу маселени чечүү төмөнкү төрт этаптан турат:

1. Маселенин пайда болушу жана аны фомулировкалоо.
2. Маселени чечүүдө пайда болгон гипотезаларды тактоо, анализдөө.
3. Маселени чечүү.
4. Маселенин туура чечилегенин практикада текшерүү.

## § 13.7. Ойлоонун социалдык табияты

Ойлоо башка психикалык процесстер сыяктуу эле баш мээнин продуктусы болуп саналат. Эгер баш мээге доо кетсе, анда ойлоо процесси бузулат. Ойлонуу учурунда мээнин кыртышынын керектүү жерлеринде электр толкундары пайда болот. Алар атайын электроэнцефалограмманын жардамы менен катталат. Демек ойлоо - баш мээнин каражаты.

Бирок ойлоону жалаң гана биологиялык көрүнүш катары кароо туура эмес. Адам өзүнүн тарыхий өнүгүүсүндө башка адамдар менен карым-катнашта, мамиледе болот, тарбияланат, башкача айтканда социалдык шарт ойлоонун өнүгүшүнө өз таасирин тийгизет. Азыркы учурда жалаң гана эксперимент эмес турмуштук фактылар да далилдөөдө. Эгер жаш бала төрөлгөн чагынан баштап айбандардын чөйрөсүндө жашаса, ал психикалык жактан өнүкпөйт, анда ойлоо пайда болбойт. Айбандардын деңгээлинде кала берет. Же өтө төмөн экономикалык, маданий-социалдык чөйрөдө төрөлгөн баланы өнүккөн өлкөдө тарбияласак, ал психикалык жактан ошол балдардан айырмаланбайт. М; Парагвайдагы гуайкуру уруусунда жашаган адамдардын маданий деңгээли общиналык коомду элестеткен. Француз этнографтары гуайкурулардын журтунда калган кызды Парижге алып келип тарбиялашкан. Кыз кийин илимдин доктордук даражасын ийгиликтүү коргогон.

## § 13.8. Ойлоо процесстери

Ойлоо процесстери өзгөчө акыл операциялары аркылуу ишке ашат. Аларга салыштыруу, анализдөө, синтездөө, абстракциялоо конкреттештирүү жана системалаштыруу кирет.

**Анализдөө** кандайдыр бир бүтүн нерсени ой жүзүндө бөлүктөргө ажыратууну же анын деталдарын, аракеттерин, мамилелерин бөлүп алууну билдирет. Мисалы, окуучу кандайдыр бир аппараттын деталдарын өздөштүрүү үчүн, аны бөлүктөргө ажыратып, ар бир тетигин өзүнчө үйрөнөт. Анализ практикалык жана теориялык мүнөздө жүрөт. Практикалык анализдөө үйрөнүлүүчү реалдуу затты колго кармап, көздөн өткөрүп, анын ички закон ченемдүүлүктөрүн ачууда колдонулат. Ал эми теориялык анализдөө обьектини кыялда элестетүү, ал жөнүндө ой жүгүртүү менен ишке ашат. Буга адамдын өткөн тарыхый окуяны талдашы, көз алдына келтирип, себептерин, закондорун, этаптарын үйрөнүшү айкын мисал боло алат.

**Синтездөө** – анализдөөгө тескери операция. Бүтүн заттын деталдары, касиеттери кайрадан жыйналып үйрөн-үлөт. Ал – анализ процессинин натыйжасы. Бул дагы теориялык жана практикалык синтез болуп экиге бөлүнөт.

**Салыштыруу** – кубулуштарды, заттарды бири-биринен айырмалоо жана алардын окшоштуктарын табуу дегендик. Анда анализдөө операциясы колдонулат. Салыштыруу натыйжалуу болсун үчүн, салыштырыла турган обьектилер жөнүндөгү маалыматтар так болууга тийиш. Салыштыруу бир жактуу, көп жактуу толук эмес деңгээлде өтөт.

**Абстракциялоо** – кандайдыр бир конкреттүү нерсени үйрөнүүдө анын айрым белгилеринен, жактарынан ой түрүндө алыстоону түшүндүргөн татаал процесс. Ал обьектиге (зат, тирүү организм, жаратылыштын кубулуштары, коомдук окуялар, адамдын жүрүш-туруштары), анын үйрөнүлүү деңгээлине, максатына, үйрөнүүнүн тактыгына, жараша болот. бул операциянын жардамы менен адам нерсени бир жактуу, конкреттүү таануудан алыстап, ойлоонун жогорку чеги болгон теориялык жалпылоого жетет.

## § 13.9. Ойлоонун формалары

Ойлоонун формаларына ой жүгүртүү, түшүнүк, ой корутундулоо кирет.

**Ой жүгүртүү** үйрөнүлүүчү обьектини, анын касиеттерин жокко чыгарууну же чыгарбоону, тактоону билдирет. Анын предметине, мазмунуна түздөн-түз кабыл алынуучу, элестетилүүчү, ойлонулуучу жалгыз обьект же обьектилердин тобу жана бир класска кирген обьектилер, алардын касиеттери тартылат.

Эгер ой жүгүртүү конкреттүү бир зат жөнүндө болсо, жекелик ой жүгүртүү деп аталат. Мисалы; Бишкек – Кыргызстандын борбору. Эгер ой жүгүртүү бир канча заттар тууралуу жүрсө, ал жалпы ой жүгүртүү болот. Мисалы, кээ бир заттар электр тогун өткөрөт. Ой жүгүртүү чыныгы, жалган болушу ыктымал.

**Ой корутундулоо** – эки же бир канча корутундунун натыйжасында жалпы корутундуга келүү. Анын индуктивдүү жана дедуктивдүү ой корутундулоо деген түрлөрү бар.

Индуктивдүү ой корутундулоодо адам жеке ой жүгүртүүдөн жалпы ой корутундулоого өтөт. Суунун кайноо чеги 100 градуска барабар деген чындыкты далилдөө үчүн бир канча идиштерге сууну куюп, кайноо температурасын аныктап жалпы корутундуга келебиз.

**Дедукциялык ой** корутундулоо жалпы жоболордун негизинде жеке ой корутундулоого өтүп түшүндүрүлөт.

**Түшүнүк** – бул предметтин, кубулуштун жалпы жана негизги касиеттери жөнүндөгү маалымат. Аны сезүүдөн, кабыл алуудан айырмалоо керек. Сезүү кабыл алуу процесстери сезүү органдарынын натыйжасы болсо түшүнүк эстин, элестетүүнүн негизинде жаралган ойлоонун бир формасы ойлоо пайда болгондо келип чыгат.

Ойлоо түшүнүктөр менен операция жүргүзөт. Түшүнүк анын алгачкы элементи, кубулуштардын, заттардын негизги жалпы белгилеринин суммасы.

Түшүнүк -көлөмүнө карай жеке жана жалпы болуп экиге бөлүнөт. Жеке түшүнүк конкретүү бир обьект жөнүндө болот. Жалпы түшүнүк предметтердин кубулуштардын тобун, классын өз ичине алат: мал, адам, чөп ж.б.

## § 13.10. Ойлоонун түрлөрү

**Ойлоо** – заттын маңызын ачуучу идеялардын кыймылы. Анын жыйынтыгы катары образ эмес идея эсептелет. Ойлоонун специфкалык жыйынтыгын заттардын кубулуштардын жалпы өзгөчөлүктөрүн өз ичине камтыган түшүнүктөн көрөбүз. Ойлоо өзгөчө теориялык жана практикалык иш - аракеттин түрү болгондуктан, ал теориялык жана практикалык деп эки чоң топко бөлүнөт.

**Теориялык ойлоо.** Ойлоонун бул түрү тигил же бул маселени түшүнүктөр аркылуу чечүүдө колдонулат. Мында

операция тажрыйба жүргүзүлбөй, сезүү органдарынын жардамына кайрылбайт, даяр маалыматтарды башка адамдардан алынган информацияларды колдонуу менен акылдын деңгээлинде жүзөөгө ашат. Ойлоонун бул түрүн илимий кызматкерлер кеңири пайдаланышат.

**Теориялык образдуу ойлоо.** Ойлоонун бул түрүндө аалам түшүнүгүн ой жүгүртүүнү, ой корутундулоону колдонбостон образдарга таянат. Керектүү образды эске түшүрүү же чыгармачыл жол менен максатка ылайык кайра түзүү аркылуу пайда кылат. Ойлоонун мындай түрүн искусство, адабият тармагында же образ менен көп иштеген илимий кызматкерлер колдонушат. Теориялык ойлоонун аталган эки түрү бири-бирин толуктап турат. Адам теориялык түшүнүктүү ойлоодо так, текшерилген абстрактуу материалдарды жаратса, ал эми теориялык образдуу ойлоодо заттын обьективдүү образын түзөт. Практикалык ойлоо да көргөзмө-образдуу, көргөзмө-аракеттүү ойлоо деп экиге бөлүнөт.

**Көргөзмөлүү образдуу ойлоо**. Ойлоо процесси ойлоого жөндөмдүү адамдын кабыл алуусу менен түздөн-түз байланышып, аны курчап турган чөйрөдөгү заттар менен бирдикте жүзөөгө ашат. Көргөзмө образдуу ойлоодо адам чындыкты көрүп, аны менен тыгыз байланышта турат. Ойлоонун бул түрү практикалык иш менен иштеген адамдардын иш - аракетинде негизги орунду ээлейт.

## § 13.11. Чыгармачыл ойлоонун өзгөчөлүктөрү

Чыгармачыл ойлоо деп эмнени айтабыз? Кандай адамды чыгармачыл адам дейбиз? Анын башка адамдардан кандай өзгөчөлү ктөрү бар? Мындай суроолорго биринчи Г. Гильфорд жооп берүү гө аракет жасаган. Чыгармачыл адамдын мүнөздүү белгилери төмөнкүлөр: биринчиден, ойлоонун чыгармачыл мүнөзгө ээлиги, б.а., коюлган идеянын өзгөчөлүгү, терең интеллектуалдуу жаңылыгы менен айырмаланат.

Экинчиден, үйрөнүүчү обьектинин жаңы, башкача нукта көрө билүү жөндөмдүүлүгү, анын практикада колдонулуш чөйрөлөрүн ачып бериши.

Үчүнчүдөн, кабыл алынуучу обьектини өзгөртө билүү башка бирөөлөрдүн көзү түшпөгөн, өзгөчө касиеттерин табуу аракеттеринин бардыгы.

Төртүнчүдөн, изилденүүчү обьектиге туура келген же туура келбеген идеяларга бай экендиги, көптөгөн проблемаларды чечүү нүн жолдорун көрсөтүү мүмкүндүгү.

Практикада чыгармачыл ойлоо дараметине тоскоолдук кылуучу субьективдүү факторлор көп кездешет. Аларга жаңы маселени чечүүдө мурда ийгилик алып келген эски жолду, ыкманы, колдонуу аракети кирет.

### Ойлоонун стереотиптүүлүгү.

Мурда татаал маселелерди чечүүдө жолу болбой, адамдын жалкып, ички бай дараметин толук колдоно албай калуу абалы. Тигил же бул идеяларды жаратуу адамдын индивидуалдуу өзгөчөлүгүнө, эмоционалдуу абалына байланыштуу болгондуктан, эмоционалдык макро чыгармачыл ойлоого тоскоолдук кылат. Ошондой эле чыгармачыл

адамдын табигый бай мүмкүнчүлүгүн толук эффективдүү колдонууга тоскоолдук кылуучу обьективдүү факторлор кездешет.

1. Конформизм механизминин таасири тактап айтканда башка адамдардан бөлүнбөө, аларга окшошуу өзүнүн идеясын алардын идеясына жакындатуу аракети.

2. Башка адамдардан (башка адамга окшобогон, өзгөчө, бирөө гана) өзгөчөлөнүп, сөзгө калбоо, кеп болбоо аракети.

3. Экстраваганттуу болуп, сындалуудан чочуу. Башка адамдарды сындоо менен бирге алардын өч алуусунан коркуу. Өзүнүн идеясынын пайдалуу экендигин баалоо менен башка идеяларга көңүл бурбоо. Жеке тынчсыздануу абалына туш келүүсү.

**Окуучулардын моралдык ой-жүгүртүү процессин изилдөөчү ыкма.**

Эксперименттин максаты: Экспериментке катышкан окуучулардын моралдык ой-жүгүртүүсүн аныктап, изилдөө көрсөткүчкө карата окуу жана тарбия жүргүзүү.

Экспериментти жүргүзүүдөгү обьектилер: Экспериментке катышкан окуучулардын ой-жүгүртүүчү психикалык процесси. Экспериментке ар бир окуучуну жекече катыштырса да, же экспериментти класс коллективине бир мезгилде жүргүзсө да болот.

**Экспериментти жүргүзүүнүн инструкциясы:** Экспериментти жүргүзүү үчүн окуучуларга, ар бири өзүнчө мазмунга ээ болгон, моралдык ой- жүгүртүүнү мүнөздөгөн төмөнкүдөй суроолор берилет.

Сабакта окуучулар контролдук ишти аткарышууда. Сен контролдук ишти туура түшүнүп, чыгарып жатасың, ал эми сенин досуң кантип чыгарышты билбейт. Эгерде сенден көчүрүп алууну суранса, анда сен эмне кыласың? Жолдошуңа жардам beresinби? Жолдошуңдун көчүрүп алуусуна макулсуңбу? Эмне үчүн мындай чечимге келдиң?

Тескерисинче, сен контролдук ишти чыгаруунун жолун билбейсиң. Ал эми досуң сага даяр ишти көчүрүп алууну сунуш кылса, сен кандай жолду тандайт элең? Маселени өзүң чыгарууга аракет кыласыңбы же көчүрүп аласыңбы? Эмне үчүн анттиң?

Тыныгуу учурунда досуңдун кокусунан терезени сындырып койгонун көрүп калдың. Ал эми досуң мугалимдин алдында күнөөсүн мойнуна албай, жашырууга аракет кылса, сен ак көңүлдүк кылып, досуңдун терезени сындырганын мугалимге айтар белең? Эмне үчүн ?

Иштин жыйынтыгы төмөнкү таблицаны толтуруу менен аяктайт.

| № | Изил.катышдын. аты-жөнү. | 1- суроо | | 2- суроо | | | | 3-суроо | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | көчүртөм | көчүртпөйм | Эмне үчүн мындай чечим ге келдиң | өзүң чыгарасыңбы? | көчүрүп аласыңбы | эмне үчүн? | мугалимге айтам | айт паймын | эмне үчүн? |
| 1 | Б. Т. | ж | О | | о | о | | о | ж | |
| 2 | К. Н. | ж | О | | Ж | о | | о | ж | |
| 3 | А. Б. | о | ж | | о | о | | ж | о | |
| | | | | | | | | | | |
| n | Ариф. сумма | | | | | | | | | |

Таблицага таянып, экспериментке катышкан окуучулардын «ооба», «жок» деген жоопторунун суммасын чыгаруу менен төмөнкү маселелерди чечүүгө аракеттенгиле:

Класстагы жалпы окуучулардын моралдык ой жүгүртүүлөрү нүн деңгээлин аныктоо.

Туура моралдык принциптеги окуучулардын тобун табуу. Алардын сабакты өздөштүрүүсү.

Туура эмес принциптеги окуучулардын тобун табуу.

Алардын сабакты өздөштүрүүсү жана жүрүш-туруш өзгөчөлү ктөрү.

Экспериментти анализдөөдө берилген таблицаны аягына чейин бүтүрүп «ооба» деген макул болгон маалыматтарды «+» белгиси, себептерди бир сөз менен жооп берүүгө аракет жасалат. Мисалы, биринчи суроодогу «көчүрөм» же «көчүрбөйм» деген маалыматтын санын эсептөө менен жыйынтык чыгара турган болсок, экинчи суроону «эмне үчүн мындай чечимге келди?- деген суроону» кыска бир же эки сөз менен берүүсүн изилденүүчүлөрдөн суранУУ керек. Алар өз оюн жазып бүткөндөн кийин жалпы мазмунга карата окуучулардын моралдык ой-жүгүртүүлөрүн анализге алабыз. Ушундай эле ыкмалар үчүнчү суроодо да колдонулат жана ал окуучулардан

алынган проценттин көрсөткүчүнө карата жалпы окуучулар үч группага бөлүнөт. Ошондо экспериментке 25 окуучу катышса ал 100% ди түзөт. Ал эми моралдык ой жүгүртүүсү төмөнкү, орточо жогорку балдар х% ди түзүшөт. Ушул катышкан жалпы класска карата класстык (элдик) моралдык ой жүгүртүүнү аныктап, ошого жараша саясий-идеялогиялык тарбия жана окуу процессин жү ргүзүүнү мугалимдерге сунуш кылабыз.

Мисалы, 25 окуучунун ичинен 14 окуучу көчүртпөймүн, 5 окуучу «билбейм», 6 окуучу «көчүртөм» деп жооп бере турган болсо, ал төмөнкүдөй иштелип чыгат.

а) көчүртпөйм. 25-100% анда 14-х математикалык ереже боюнча 25х=14*100 болот. Эгерде х-ти таба турган болсок:

$$x = \frac{1400}{25} = 56\%$$

чыгат. Башкача айтканда жалпы класстагы балдардын ичинен 56% ди көчүртпөйм классташтарына жардам бербейм деген ойдо экенин билебиз. Эмне себептен экендигин экинчи суроонун жообуна жараша анализден себебин табабыз. Эгерде алар өз ойлорун обьективдүү түшүндүрө алса, ушул байланыштагы саясатты кармоо керек. Эгерде өзүмчүлдүк менен коомдук, маданияттык, конституциялык закон ченемдүүлүккө тескери мазмунда боло турган болсо, ал балдарга жекелик жана класстык негизде туура мазмунга ээ болгон саясий-идеялогиялык тарбияны сунуш этүү керек.

Ушундай эле ереже менен нормалдуу 5 окуучу 20% ди көчү рөм деген 6 окуучу 24%ди түзөт, ушул проценттик масштапды эске алып, класстын моралдык саясий нормасын, ошондой эле ал классты окутуп жаткан мугалимдердин билим деңгээлин саясий моралдык жүрүм-турум ыкмаларында аныктоого жетише алабыз.

Ойлоо процессин аныктоо үчүн атайын түзүлгөн методикалар бар. Эгерде кызыккан студенттер боло турган болсо төмөндөгү биз сунуш эткен адабияттардан, методикаларды таап , биз жүргүзгөн эксперимент сыяктуу, ар кандай эксперименттерди жүргүзүп, аны күндөлүк турмушта колдонсо болот.

## Колдонулуучу адабияттар:


1. Брушлинский А. Психология мышления и проблемное обучение. -М., 1983.
2. Выготский Л.С. «Мышление и речь», Астрель, М., 2011.
3. Выготский Л.С.. «Психология развития ребенка», М., Смысл; Эксмо, 2003.
4. Давыдов В.В. «Проблемы развивающегося обучения: Опыт практического и экспериментального психологического исследования», М., Педагогика, 1986.
5. Закиров А. Психология боюнча практикум Ош – 2015.
6. Леоньтев А.Н. Лекции по общей психологии (лекции 15-52), Academia, Смысл, М., 2010.
7. Лук А.Н. Мышления и творчества. -М., 1983.
8. Мышление: процесс, деятельность, общение. Под ред. А.Б.Брушлинского -М.,1982.
9. Миңбаев К., Закиров Психология. Ош -2015.
10. Тихомиров О.К. Психология мышления. -М., МГУ, 1984. Общая психология. Под ред. А.В. Петровского, - М., 1987. 9. Рубинштейн Л.С.. «Основы общей психологии», итер, СПб, 2005 (главы 6-20).
11. В.Д.Шадриков. «Ментальное развитие человека», М., Аспект-Пресс, 2007.
12. Цзинь Ли «Культурные основы обучения. Восток и Запад», М.: Издательский дом Высшей школы экономики, 2015 г


## Билимди текшерүүчү суроолор

1. Эмне үчүн ойлоо процессин аң – сезимдин деңгээлинде жашайт деп айтышат, буга кандай теориялык фактыларды келтире аласын ?
2. Ойлоо процессиндеги кубулуш менен заттардын ортосундагы өз – ара катнашты кайсы мыйзамдын негизинде чечс е болот ?
3. Ойлоо процессин психологиялык мыйзамда таануу үчүн кайсыл окумуштуунун теориясына таянасың ?.
4. Ойлоо башка психикалык процесстер менен кандай байланышта болот, болсо кайсылар менен түшүндүрүлөт ?
5. Ойлоонун эмоционалдык абалдардан болгон айырмачылыктары жана окшоштуктарын түшүндүр ?.
6. Ойлоону аң – сезимдин активдүү процесси деп айтууга болобу, болсо эмне үчүн ?

7. Ойлоо жана речьтин сөздү жаратуудагы психикалык механизими кандай болот ? .
8. Эмне үчүн ойлоону маалыматты кайрадан талдоо
9. кызматтын аткарат деп айтышат ?
10. Эмне үчүн ойлоону (мысль) баш мээнинин биотогу деп айтышат, анын физиологиялык негизин түшүндүр ?
11. Эмне үчүн ойлоонунун тарыхын – улуттук тилдин - тарыхы катары карайбыз ?
12. Ойлоонун кандай түрлөрү жана формалары жашайт, алар кимдерге, кайсыл учурда колдонулат ?
13. Ойлоо жана акыл (интеллект) адам баласын кандай мыйзамдардын негизинде башка жан – жаныбарлардан айырмалап турат ?
14. Ойлоо жана информация (маалымат) азыркы искусстволук интеллектен кандай айырмасы жана окшоштуктары бар ?
15. Ойлоо жана маселе чыгарууда: балдарды менталдык ыкма менен окутканда кандай өз пайдасын тийгизет ?.
16.

## *Он төртүнчү бөлүм:*

# КЫЯЛДАНУУ (Воображение)

*Бирөөнүн ички дүйнөсүн көргүңүз келсе,*
*анын кыялын, эмоциясын байкаңыз.*
***Уильям Джеймс*** *(американалык психолог*
*жана философ)*

## § 14.1. Кыялдануу жөнүндө жаллы түшүнүк

Адам ар түрдүү заттардын образдарынын мазмунун талдаганда, кабыл алынган заттардын касиеттерин толук эске түшүрүү менен чектелбестен, жаңы, ойлоого мүмкүн болбогон элементтер менен кошумчалап, кайра элестетет. Элестегилген образ кабыл алынган реалдуу заттын бардык касисттери менен толук кайталанышы эмес анын болжолдуу модели болуп саналат. Адам кабыл алынган затты элестеткенде жалаң гана кыялга батуу менен чектелбестен, аны өзү каалагандай кайра жаратат, өзгөртөт. Бул – анын айбандардан айырмаланган бир касиети. Ошол үчүн М.Горький: «Кыялдануу, ойлонуу жана ой-пикир гана адамды айбандардан жогору көрсөтөт», - деп жазган.

Кыялдануу процесси адамдардын күндөлүк турмушунда кеңири колдонулуп, практикалык жардам берет. 1890-жылы Петербургда гезитке адамды кейиткен бир окуя жарыяланган. Анда белгисиз адамдын бой жеткен бир кызды чатырга алып чыгып, кордоп өлтү ргөнү баяндалган, трагедияга таасирленген бир сүрөтчү кыздын табытын, өлтүрүлгөн жерин көрүп, чыгарма жаратат. Кийин кылмышкер көргөзгөндөгү ал сүрөттөн өзүн таанып, кайгырып турган жеринде колго түшөт. Кылмышкер сүрөтчү менен бирге сурак берип, ал күнөөсүн толук мойнуна алган. Сүрөтчү киши өлтүргүчтү элестетүү менен тартканын айткан. Ошондуктан В.И.Ленин: «Материализм жана эмпирокритизм» деген эмгегинде «Фантазия - бул эки улуу дөөлөттүн сапаты» - деген.

Кыялданууда конкреттүү окуянын образы толук кайталанып эле коюлбастан, кабылданбаган, жаңы кыялынын, белгисиз элементтерин да ойлоп табылат. Кыялдануунун табиятын терең билүү үчүн аны башка психикалык процесс-тер (эс, эмоция, ойлоо) менен салыштырып кароо зарыл.

Кыялдануунун негизин эске түшүрүү жана кайта жаратуу деген эки процесс тейлейт, бирок алар бири биринен аткарган кызматы боюнча айырмаланат. Эске түшүрүүдө кабыл алынган заттардын образдары өзгөрүлбөй кайталанат. Мындай процесс эске таандык, ансыз эс кубулушу жашабайт. Кайра жаратуу да заттын образынын мазмунун каалагандай өзгөртөлөт. Бул – элестетүү үнүн негизги кызматы. Кыялдануу менен адамдын өткөн тажрыйбасы башка нукка бурулат, бийиктикке көтөрүлөт, эски образдардын негизинде жаңы образдар жаралат.

Кыялданууда эмоция процесси негизги орунду ээлейт. Эмоция адамды чыгармачылык деңгээлге көтөрүп, кабыл алган зат менен болгон байланышын активдештирет. Оң эмоционалдуу абалда турган адам ойлоо мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонуп, жаңы чектерди, шөкөттөрдү табат. Мисалы, адам конкреттүү сүйгөн адамдын өзү каалаган касиеттер менен аруулап, өзүнүн идеалын жакындатып, реалдуулуктан алыстаган образды түзөт. Байыркы грек санатында: «Нерселердин өзү эмес, алар жөнүндө кыялда жаралган элес кыйнайт», - деп бекер айтылбаган. Адамдын бул өзгөчөлүгүн Оноре де Бальзак «Унутулган кыялдар» деген чыгармала-рында айкын сүрөттөйт. «Бул атактуу аялдын бетинин түсү көздү уялтат. Анын сурмалуу кой көздөрү жанып турат. Ал эми куюлуп тү шкөн мурду чап-жаак келбетине жарашып, өзгөчө мээрим төгөт. Аппак көйнөктөн кеңири жакасынан акыреги, көкүрөкө карай тү шкөн кооз сөйкө ачык байкалат». Ушул эле каарман, аялды экион айдан кийин Парижде театрда жолуктурганда анын реалдуу портретин жазуучу төмөндөгүдөй берет. «Бою өтө узун, өңү сепкилдүү, сапсары, катыңкы тартып турат. Эпсиз мен менсип кылыктанат. Элеттик манерада сүйлөйт жана эң негизгиси жарашыксыз кийинген». Ойлоо менен элестетүүнүн жалпылыгы, биринчи-ден, бул эки процесстин жардамы менен адам келечекти көрө билгендигинде. Экинчиден, экөө тең көбүнчө проблемалык кырдаалдарда

пайда болуп, личносттун талабы менен мотивдешет. Бирок проблемалык кырдаалдардын ар түрдүү аныктыкта, тактыкта болору маалым. Эгер илимий проблеманын алгачкы материалдары белгилүү болсо, анда маселени чечүү үчүн ойлоо закондору ишке чегерилет. Тескерисинче, проблеманын алгачкы материалдарында белгисиз, анык эмес жактар арбын учураса, элестетүү закондорун колдонгон оң. Ошентип, алдыга койгон проблемалык жагдайларга жана алардын андалуу тактыгына, даражасына жараша бирде ойлоо, бирде элестетүү процесстери алгоолошуп урунула берет. Бирок кантсе да элестетүү алдыга коюлган проблемада так эместиктер үстөм учурда чечүүчү роль ойнойт.

Кыялдануу башка психикалык процесстерден негизги чечимди кабыл алууда, ойлоо үчүн керектүү материалдар жетишсиз учурда проблемалык кырдаалды туура чечип, ага оптималдуу жол көрсөтүш жагы менен айырмаланат жана баалуу. Ал- адамда болгон маалыматтардын негизинде жаңы идеяларды, элестерди пайда кылуучу чындыкты чагылдыруунун өзгөчө формасы.

Ц.П.Короленко, Г.В.Фролова өздөрүнүн «Кыялдануунун кереметі» деген китебинде кыялдануу боюнча жазылган окумуштуулардын, жазуучулардын ар түрдүү ойлорун иреттеп берген. Анда төмөндөгүдөй кызыктуу материалдар бар.

Гарвард университетинин профессору Ричард кыялдануу түшүнүгүнүн беш маанисин келтирет:

- адамдын өз оюн ачык, метафорлошуп же салыштырып билдирүү жөндөмдүүлүгү;
- адамдагы башка адамдардын акыл-эсин, абалын күчөтүү жөндөмдүүлүгү;
- адамдын чыгармачылыкка, тапкычтыкка карата ийкемдүү лүгү, жанаша коюлбаган, жакындашпаган нерселерди бир бүтүнгө бириктирүү касиети;
- нерселердин кандайдыр эффективдүү, адаттан тышкаркы байланыш жолдору;
- кыялдануу - адамдагы синтетикалык жана логикалык күч.

Советтик психолог А.В.Брушлинский жаңы нерсени жаратуу элестетүүнүн функциясына карабастан, ойлоону бири-бири менен

өтө тыгыз, ажыратууга мүмкүн болбой турган процесстер катары караган.

Ошентип, кыялдануу - адамда болгон маалыматтарга таянып, жаңы идеяларды, элестерди пайда кылган чындыкты чагылдыруунун өзгөчө формасы.

## § 14.2. Кыялдануунун физиологиялык негизи

Кыялдануу процесси баш мээнин иш-аракеттеринин натыйжасы экендигине эч ким шек санабайт. Башка психикалык процесстердей эле мээнин кыртышынын ишмердигинен келип чыгат.

Бирок элестетүүнүн эмоция менен болгон байланышын эске алсак, жалаң гана кыртыш эмес, баш мээнин тереңинде жайгашкан участкалар да катышат. Бул божомолду акыркы илимий фактылар да далилдейт. Кыялданууну (элестетүүнү) пайда кылуучу мээнин тереңинде жайланышкан бөлүктөргө гипоталомолимбикалык система кирет. Кокус бул системага доо кете турган болсо, адамдын иш-аракеттери пландашпаган үзгүлтүктүү мүнөзгө өтөт, берилген жумушту инструкциянын жардамы менен гана аткарып, өз алдынча аракеттенүүгө жөндөмсүз болуп калат.

Бирок азырга чейин психологияда кыялдануунун механизми, физиологиялык негизи жөнүндөгү маселелер аныктала элек. Ал мээнин кайсы бөлүгүнөн орун алган, обьективдүү жашайбы, нерв структурасынын кайсыл звеносу менен байланышкан? деген суроолор жоопсуз калууда. Биз да мындай суроолорго жооп бере албайбыз. Кыялдануунун физиологиялык негизи жөнүндө психикалык процесстердей (сезүү, эс, кабыл алуу, көңүл буруу) белгилүү денгээлде ишенимдүү сөз айтууга мүмкүнчүлүк жок.

## § 14.3. Кыялдануунун түрлөрү

Кыялдануу активдүү жана пассивдүү болуп экиге бөлүнөт:

**1. Пассивдүү кыялдануу**. Адам кетирген катасынын натыйжасында, же жашоо шартынын оордугунан, же өз күчүнө ишене бербегенден ишти аткарууда реалдуу ой жүгүртүүдөн алыстап,

фантазияга - кыялда аткарыла турган жеңил жолдорду издөөгө өтөт. Адамдын мындай абалы пассивдүү элестетүү деп аталат. Ага Н.В.Гоголдун чыгармасындагы Маниловдун образын мисал келтирсе болот. Манилов өзүнүн короосунда эски креслосунда отуруп алып, жанындагы кичинекей көлчөсүнө көз чаптырып, жер алдына заңгыраган туннел каздыруу, көлдүн үстү менен чоң көпүрө салдыруу, көпүрөнүн эки жагына дыйкандарга керектүү түрдүү буюмдар сатыла турган чакан магазиндерди ачуу жөнүндө ойго чөмүлөр эле. Ал бул ойду ойлогондо, жүзү тамылжып, өзүнчө магдырап кетчү. Бирок мындай ойлор ар дайым кыял деңгээлинде гана калчу.

Пассивдүү кыялдануу **ниеттелген** жана **ниеттелбеген** элестетүү болуп экиге бөлүнөт. Ниеттелген кыялданууга таттуу кыял (грезы) ачык мисал. Таттуу кыял образдын артынан экинчи образдын иретсиз удаалаш келүүсү менен мүнөздөлөт. Анда образдар системага, багытка ээ болбойт, ойлоо аркылуу иретке салынбайт. Көп учурда пайда болгон образдар адамга жагымдуу туюлат. Таттуу кыял дем алууда, өтө чарчаганда, катуу уйкуга киргенде, өлүк уйкудан ойгонордо, нерв системасы начарлаганда пайда болот. Француз психологу Т.Рибо бир кызык мисал келтирет. Кичинекей дарыкананын сатуучусу иш маалында креслосунда отуруп, таттуу кыялга берилип кетет, өзүн чексиз байлыкка ээ болгон, малайларды жумшаган, атактуу меймандарды күткөн чоң мырза катары сезип магдырап, мурутунан жылмайып отурганда, сырттан кардар: «сатуучу кирүүгө мүмкүнбү?», - деп сурап калат. Кыял сүрүп отурган дарыканачы: «Сизди бүгүн мырза кабыл албайт!» - деп жооп берип жибериптир. Бирок өзүнүн абалын тез түшүнө коюп, кечирим сурайт. Таттуу кыялда адам реалдуу дүйнөдө болбогон, өзүнө жагымдуу образдарды, дүйнөнү түзөт, анын кучагында убактылуу жашайт.

Пассивдүү кыялдануу ниеттелбеген түрдө да учурайт. Бирок ал аң-сезимдин иш-аракетинин начарлашынан, адамдын убактылуу ишсиз отурушунан, эффективдүү абалда, патологиялык өзгөрүүдө пайда болот.

**2. Активдүү кыялдануу** дагы чыгармачылык жана кайра түзүүчү кыялдануу болуп экиге бөлүнөт.

Кайра түзүүчү кыялдануу – адам баласынын иш тажрыйбалары топтолгон схемаларды, сызмаларды, ноталык белгилерди, белгисиз обьектинин бир элементин үйрөнүүдөн пайда болгон образ. Бул элестетүүдө үйрөнүлүүчү нерсе обьективдүү жашайт. Башка кишилердин тажрыйбасында учураса да, конкреттүү үйрөнүүгө адамдын иш-аракеттеринде биринчи кездешет. Мисалы, курула элек машинанын схемасы менен таанышып, аны пайдаланып жүргөндөрдүн артыкчылыгын байкоо кыйын эмес. Шаардын келечектеги өнүгүш картасын кароо менен керектүү маалыматтарга ээ болобуз.




**Ж. Кюве** 1769-1832 - жылдары жашаган француз окумуштусу

Биолог Ж.Кювье бир канча миндеген жыл мурун жашаган белгисиз жаныбардын бир элементин таап, анын толук облигин кайта түзө алган. Советтик антрополог. Герасимов байыркы адамдын баш сөөгүн изилдеп, анын толук тулку боюн кайра жараткан. Чыгармачылык кыялдануу личносттун обьективдүү түрдө жашабаган жана анын иш-аракетинде кездешпеген нерселердин образдарын түзүү жөндөмдүүлүгүн түшүндүрөт. Чыгармачылык кыялдануу-да адам



№1 сүрөт



№2 сүрөт

өзгөчө жаңылыкты же оригиналдуу нерселердин образын кайрадан түзө алат. Чыгармачылык кыялданууда, анын натыйжалуу жүрүшүндө эңсөөнүн, эргүүнүн ролу чоң.

№ 1 сүрөттө элестетүүнүн сан жагынан көбөйтүү турасындагы образдар берилген, б.а., ажыдаардын башы жети болуп кеткен. Мындай элестетүү аркылуу «күч», «мүмкүнчүлүк» факторлорун билебиз. №2 сүрөттө элестетүүнү мазмунуна жараша да «баалоо» факторуна карата адам экинчи адамды жаман көргөндүктөн аң-сезимде ал адамдын айрым белгилери сан жагынан күчөп жана азайып кеткен. Бул учурда күчөп кеткендиги көрсөтүлгөн. Алсак, чачы көбөйүп, көзү бакырайып, мурду узарып, муруттары да узаргандыгын көрүүгө болот. Чындыгында, ал адам андай эмес. Чыныгы көрүнүшү сүрөттүн сол жагындагысы.

**Эңсөө** обьективдүү чындыкты кайрадан өзгөртүп түзүүгө карата адамдын чыгармачылык күчүнүн багытталышы, Ал илимий алдын ала көрүүнүн негизги элементи болуп саналат. «Мен, - деп жазган К.Э.Циалковский физикалык күч жөнүндө - салмактын толук түрдө жоголушун элестетип жана угуу үчүн дарактарга, үйдүн чатырына чыгып, жиптерге аркандарды байлап учурар элем. Менин ушундай маанисиз ойлорумду угушу үчүн кичинекей иниме акча төлөгөн күндөрүм болгон».

Ал эми англиялык улуу фантазичы Г.Ж.Уэллс «Караң-гылыктагы Россия» деген китебинде большевиктердин алдына койгон планын элестете албай, «В.И.Ленин –Кремлди эңсеген кыялкеч» деп жазган.

Эңсөө кандайдыр бир себептер менен аткарылбай калган ишти аягына чыгарууда, адамдын иш-аракетинин мотиви жана кыймылдаткыч күчү катары кызмат кылат.

**Эргүү** (илхам) деп личносттун аң-сезими өтө ачык болушун, образдардын, ойлордун агым-агымы менен жүрүшүн, ойлоонун эң жогорку тездикте, түшүмдүү өтүшүн айтабыз.

Көңүл эргүү өзүнөн-өзү пайда болбойт. Ал адамдын алдыдагы кыйын проблеманы чечүүдөгү активдүү аракет менен байланышкан. Эргүү келгенде, маселеге тиешеси жок жагдайлар көңүлдүн сыртында калат, аракет жемиштүү жүрөт. Ага психикалык процесстер ыңгайлуу өтө турган өзгөчө шарттар талап кылынат.

## § 14.4. Кыялданууда образдарды түзүү процесстери

Адам өзү ойлогон обьектини түрдүү чоңдукта, түрдүү түстө, түрдүү абалда, жагдайда элестете алат. Анын мындай мүмкүнчүлүктөрү чексиз. Бирок образдарды жаратуунун белгилүү жолдору бар.

1.Реалдуу нерселердин образдарын сан, көлөм жагынан өзгөртүү (кичирейтүү, көбөйтүү, азайтуу ж.б.) аркылуу. Буга жомоктогу алптардын, гиганттардын, эргежээлдердин образдары мисал боло алат.


2. Клейлөө (желимдөө) жолу менен жаңы образдарды түзүү. Бири-бирине окшобогон эки обьектинин айрым элементтери бириктирилип, клейленип элестейт. Мисалы, Русалканын,

Кентаврдын образдары биригиши мүмкүн.

3. Комбинациялоонун жардамы менен жаңы образдарды түзүү. Буга көркөм чыгармалардагы типтүү образдар айкын мисал. Жазуучулар реалдуу адамдарга жакшы, жаман сапаттарды топтоштуруп келип, оң, терс типтештирилген адабий образдарды жаратат ж.б.

## § 14.5. Кыялдануу жана органикалык процесстер

Кыялдануу процесси менен физиологиялык процесстердин ортосунда байланыштын бар экендиги практикада аныкталган. Тигил же бул иш-аракеттин натыйжасында пайда болгон элестетүүлөр организмдин түрдүү системаларына өз таасирин тийгизет, изсиз өтпөйт. Психикалык ооруларга, нервдик бузулууга, ысытманын көтөрүлүшүнө, кан басымынын жогорулашына алып келери белгилүү. Орто кылымдардагы теңсиз социалдык шарт, оор эмгек адамдарды нервдик ооруларга, колдорунда, тамандарында, кандып топтолушуна, жара пайда болушуна алып келген. Мисалы, жазуучу Вольтер (1694-1778) Ворволомей түнүн (1572-жылдын 24-августка караган түнү Парижде Екатерина Медичи жана Гиздер уюштуруп, католик гувернанкаларды массалык түрдө кыргандыгын) эстегенде, ысытмасы көтөрүлүп, кан тамырдын кагуусу жогорулап,



**А.Р.Лурия** 1902-1977 - жылдары жашаган советтик психолог.

иштөөсү жоголгон. Москвада Психология институтунда феноменалдуу, күчтүү, образдуу элестетүүгө ээ болгон С.Шерешевский аттуу кишини көп жылдар бою психолог А.Р.Лурия изилдеген. Ал киши кандайдыр бир нерсени көрүү менен денесинде укмуштуудай өзгөрүүлөр жүргөн. Оң колун ысык плитада турат деп элестетип, колунун температурасын 2 градус жогору көрсөткөн, сол колун муздак сууда турат деп, анын температурасын, 1,5 градуска төмөндөткөн. С.Шерешевский өзүн катуу жүрүп бараткан вагондун алдында калдым деп элестетип жүрөгүнүн кагуусун бир канча эсеге көтөргөн, тескерисинче, жылуу-жумшак төшөктө жатамын деп, жүрөгүнүн кагышын нормалдаштырууга жетишкен.

Кыялдануу айрым кесиптик ооруларга себепчи болушу да мүмкүн. Медицинада ***ястроген*** деген оору кездешет. Ал сыркоо адамга авторитеттүү дарыгердин же врачтын туура эмес айтылган сөздөрүнөн пайда болот. Ошондой эле мугалимдин окуучуларга туура эмес мамилесинен, туура эмес сөзүнөн окуучулар арасында кеңири тараган ***дидаскоген*** оорусу бар.

Психолог К.К.Платонов «Сөз дарылайт» деген китебинде дидастогендик ооруга учураган кызды мисалга келтирет. 4-класста окуган Людмила бир мектептен экинчи мектепке которулат. Жаңы мектептеги орус тил, адабияты мугалими кызды жылуу кабыл алган эмес Ал өзүнүн алгачкы сабагында: «Тилиң буудай кууруйт, сочинениени кантип жазар экенсиң! - деп кекетет. Кыз класска: «Эгер сочинение жаза албай калсам, эмне болот? Мугалимдин айтканы чын болобу? Башым иштебеген болобу?» - деген ой менен отуруп, сочинение жазат. Мугалим сочинениенин баасын угузганда: «Көрдүңбү, менин айтканым чын экен, сочинениенин баасын угузганда: «экиге» жазыпсың» - дейт. Ушул күндөн баштап адабият сабагы болордон бир күн мурда кыздын иштөөсү (аппетити)

жоголуп, кан басымы жогорулап, ысытма чыгып, кадимки ооруу кишиге айланат.

Ошентип, түрдүү таасирдин натыйжасында пайда болгон кыялдануу адамдын денесиндеги физиологиялык өзгөрүүлөргө гана алып келбестен, психикалык ооруларды да пайда кылат.

## § 14.6. Сезим туудуруу жана идеомотордук акт

Сезим туудуруу (внушение) - обьект субьект тарабынан сын көз менен кабыл алынбаган учурда пайда болуучу өзгөчө психикалык абал. Көп учурда алсыз аркылуу жүрөт. Сөздүн адамга тийгизген таасирин грек софисттери төмөндөгүдөй мүнөздөйт. Сөз өтө кичине, көзгө чалынбаган телого ээ. бирок укмуштай иштерди жүзөөгө ашыруучу, улуу бийлик кылуучу феномен. Ал, бир жагы, кайгыны, коркууну жок кылып, адамга кубаныч туудурса, экинчиден, капалантат, үчүнчүдөн, журөгүн түшүрүп, коркутуп салат.


Сезим туудуруу сөздүн гана мааниси менен байланышпайт, таасир этүүчү кишинин аброюна, кабыл алуучу субьектинин сөзгө сын көз сала албаганына, психикалык жактан али өнүкпөгөндүгүнө да көз каранды. Айрыкча сезим туудуруу таасирленүүчүнүн берилген көрсөтмөлөргө, кеңештерге жеңил багынып берүүсүнөн келип чыгат. Адам өзүн курчап турган кишилердин таасирине сын көз менен карабастан, ага берилип, анын буйругун аткаруу аракети. Таасирге берилүү, албетте аргументтүү, жүйөлүү айтылган ойдун, кептин негизинде пайда болот. Мында адам өзүнүн көз карашынын туура экендигине ишенсе да, андан кечип, таасирленген кишинин сөзүнө кирип кетет. Мисалы: өлүм жазасына тартылган бир адамга көзүн таңып: «Кан жүрүүчү венаңыз кесилди, кан жүрөккө барбай, жерге тамчылоодо», деген жалган ннформацияны берип колуна кандын температурасына барабар келген сууну тамчылатканда, ал бир канча мүнөттөн кийин жан берген.

Академик В.Ф.Зеленин оорулардын ысытмасын көтөрүү үчүн аларды терморегулин бердим деп ишендирип, шприц менен терисине таза сууну тамчылаткан. Натыйжада оорулардын ысытмасы кескин түрдө жогорулаган.

Врач-гинеколог П.И.Буль сезимге тез берилип кетүүчү оорулуну кароодон өткөрүп болуп, керектүү маалыматтарды оору тарыхына жазып жатканда, сырттан бирөө чакырып калат. Врач: «Көк боор жок», - деген сүйлөмдү жазууга үлгүргөн. Сыркоо киши абалдан пайдаланып, ачык калган китепчедеги жазууну окуп алат. Врач келип, оорунун акыбалы жакшы экенин айтып үйүнө жиберет. Ал үйүнө келип, аялына «Менин көк боорум жок, экен, мен өлөм» - деп, кейип-кепчип ысытмасы кескин жогорулаган. Үйгө врач П.И.Буль чакыртылат. Врач жагдайды баамдап, көк боордун жоктугу дени сактыкты түшүндүрөрүн баяндагандан кийин оорунун абалы жакшырат.

Сезим туудуруунун физиологиялык негизин И.П.Павлов түшү ндүрүүгө аракеттенген. Анын ою боюнча, сезим туудуруучу дүүлү ктүргүчтөр таасир эткенде, адамдын баш мээсинин кыртышы тормоздолуу абалына өтөт, бирок айрым участокторү термелүү абалында болуп, тышкы чөйрө менен байланыштуу функциясын жү ргүзө берет.

Сезим туудуруу **суггестия** деген ат менен илимге белгилүү. Ал эми сезим туудуруунун жардамы менен окутуу суггестопедия деп аталат. Бул ыкманын авторлорунун бири - болгар психотерапевти Георгий Лазонов.



**М. Фарадей** 1791-1867 - жылдары жашаган англис физиги.

Суггестопедия чет тилин үйрөнүүдө кеңири колдонулат. Мында мугалим окуучуларды сөздүн жардамы менен өзгөчө абалга өткөрөт, аларга тоскоол болуучу дүүлүк түргүчтөрдү жоготот. Балдар уйку-соо абалына жеткенде, программалык материалдарды бере баштайт. Мугалим өзүн кадимки артисттей кармайт.

**Идеомотордук акт**. Ал атайын элестетүүнүн натый-жасында кандайдыр бир заттын өзүнөн-өзү кыймылга келип кетүүсүн билдирет. Бул кубулушту 1850-жылы Англияда химик М.Э.Шев-

рель, физик М.Фарадей ачкан. Практикада аны пайда кылуу үчүн, узундугу бир метрге барабар болгон ичке жиптин бир учуна салмагы 5-15 грамм жүктү бекитип, экинчи учу адамдын оң колунун сөөмөйүнө байланат. Адам көзүн жумуп, (таңып) маятник байланган колун горизон-талдык абалда түз кармап, бардык оюн маятникке топтогон. «Маятник оңго, солго, өз огунда термелүүдө», деген сөздөрдү ичинен кайталаганда, маятник өзүнөн-өзү» кыймылга келип кетет.

Идеомотордук акт турмушта кеңири кездешет жана практикалык мааниси бар. Мисалы, спортсмендер аренага чыгардын алдында өзү жасай турган мотордук кыймылдарды ой жүзүндө кайталайт.

Идеомотордук актынын физиологиялык негизин И.П.Павлов негиздеп: «Идеомотордук акт баш мээнин кыртышындагы белгилүү клеткалардан келген эффектордук импульстардан пайда болот»,- деген. Бул кубулуш жаңы үйрөнчүк шоферлордун керектөө аракеттерди кыялында кайталоосунан ачык байкалат.

## Колдонулган адабияттар.


1. Абрамова, Г.С. Возрастная психология: Учебное пособие для студентов вузов Y Г.С.Абрамова. - М.:Просвещение, 2003.- С.123.
2. Альтшуллер Г.С. Краски для фантазии: Прелюдия к теории развития творческого воображения // Шанс на приключение Y Сост. А. Селюцкий.- Петрозаводск: Карелия, 1991.- С. 237-303.
3. Божович, Л.И. Личность и ее формирование в детском возрасте. - М.:Просвещение, 2005. - С.56.
4. Боровик О.В. Развиваем воображение / Л.И.Божович Дошкольное образование. -2001. - №1. - С.23.
5. Выготский, Л.С. Лекции по психологии / Л.С.Выготский.- СПб.: Питер, 2003.- 123 с.
6. Дудецкий, А.Я. Теоретические основы воображения и творчества / А.Я.Дудецкий.- Смоленск, 2004. - С.214.
7. Закиров А. Психология боюнча пратикум. Ош-2005. 8. Коршунова Л. С., Воображение и рациональность. Опыт методологи- ческого анализа познавательной функции воображения. / Коршунова Л.С., Пружинин Б.И. - М. 1989.

8. Кравцова, Е.Е. Психологические проблемы готовности детей к обучению в школе / Е.Е.Кравцова. - М.:Просвещение, 2001. - С.66.
9. Кудрявцев В.Т. Воображение ребенка: природа и развитие // Психологический журнал. - 2001. - №5.
10. Миңбаев К., Закиров А. Психология Ош – 2015.
11. Мухина, В.С. Возрастная психология: феноменология развития, детство, отрочество / В.С.Мухина. - М.:Просвещение, 2002. - С.314.
12. Найссер У. Познание и реальность. - М. 1981. (Воображение и память: 141 – 165).
13. Немов, Р.С. Психология: Учеб. Для студентов высш. пед. учеб. Заведений: В 3 кн. Кн.1. Общие основы психологии / Р.С.Немов. - М.:Просвещение, 2005. - С.342.
14. Общая психология: Курс лекций для первой ступени педагогического образования // Сост. Е.И. Рогов. - М.:Просвещение, 2006. - С.123.
15. Палагина, Н.Н. Развитие воображения в русской народной педагогике Y Н.Н.Палагина / / Вопросы психологии.- 2007.-№6. - С.13.
16. Пороцкая, Е. Ребенок: слово и его роль в развитии воображения Y Е.Пороцкая // Дошкольное воспитание. -2004.- №9. - С.66.
17. Психология: Учебник / Под ред. А.А. Крылова. - М.:Просвещение, 2000. - С.62.

## Билимди текшерүүчү суроолор.

1. Кыялданууну түшүндүрүүчү кандай теорияларды билесиң?
2. Боло элек (жок) маалыматтарды, предметтерди кантип баш мээде чагылдырса болот, анын кандай психикалык механизми жашайт?
3. Сезүү процессин кайсы учурларда элестетүүгө колдонсо болот?
4. Адам фантазиясынын булактарына жана материалдарына эмнелер кирет?
5. Кыялдануунун психо-физиологиялык негиздерин кантип түшүндүрөсүң?
6. Кыялдануунун формасына, түрүнө кайсылар кирет?
7. Тезистик мазмунда түшүндүр, адам ишмердүүлүгүндө элестетүү кандай колдонулат?

8. Элестетүү чындыкта канчалык деңгээлде жашайт, теорияда түшүндүр?
9. Эмне үчүн адамдын таануу процессинде элестетүү чексиз жашайт, түшүндүр?
10. Кыялдануунун органикалык процесстерге тийгизген таасирин түшүндүр?
11. Кыялдануу жана гипноз, ишенимдердин өз ара байланыштарын түшүндүр?
12. 12. Интуиция менен элестетүүнүн кандай байланыштары бар, ал адамдын өнүгүшүнө кандай таасирин тийгизет?

## *Он бешинчи бөлүм:*
# СЕЗИМ ЖАНА ЭМОЦИЯ

*Жакшы жашоону кааласаң, жаман сезимден, ойдон алыс бол.*
***Демокрнит** (грек ойчул- философу)*

## § 15.1. Сезим жана эмоция жөнүндө түшүнүк

Адам реалдуу дүйнөнү таанууда ага пассивдүү мамиледе болбойт, активдүү аракеттенет. Ошол эле учурда өзү курчап турган ал заттын таасирине да кабылат. Ушундай кайчылаш мамиленин негизинде таасир эткен дүүлүктүргүч жана өзүнүн аракети жөнүндө адамда ички субьективдүү ой толгоо пайда болот. Жасаган ишинин натыйжасына, таасир эткен дүүлүктүргүчтүн мүнөзүнө карата сүйүүнү, өкүнүү, канаатанбоо, жек көрүү сезимдери калыптанат. Бир обьект адамды кубантат, сыймыктантат, экинчиси кайгыртат, үчүнчүсү кайдыгер абалда калтырат.

Адамды өзүн курчап турган обьектилерге болгон өкүнүчү, кубанычы жана башка мамилеси психология илиминде эмоция жана сезим деген категориялар аркылуу белгиленет.

Эмоция, сезим процесстери адамдын өзүн курчап турган чындыктагы кубулуштарга, заттарга болгон субьективдүү мамилесин көрсөтөт. Дүйнөнү таануу, өзгөртүү аракетинде личностто жекече мамиленин пайда болушуна алып келет. Алар субьективдик, жекелик гана мүнөзгө ээ болуп, адамдын түрдүү жактары менен сырдуу байланышта турат.

Эмоция менен сезимдин (чувство) табиятын ачык түшүнүү үчүн аларды сезүү (ощущение) процесси менен салыштырган оң. Сезүүдө личность заттардын айрым касиеттери менен мамиледе болуп, ошол касиеттер аркылуу зат жөнүндө маалымат алат. Сезүү сезим процесстери бири-бири менен тыгыз байланышта турат. Сезүү - эмоция

> **Эмоция** – латын сөзү «толкундоо, козголуу» дегенди түшүндүрөт.

процессин пайда кылуучу булак. Ошол эле мезгилде өзү эмоциянын негизинде пайда болуучу өзгөрүүгө дуушар болот.

Адамды курчап турган обьективдүү чындык эмоцияны козгойт жана эмоциянын жардамы менен дүйнө таанылат. Адам баласынын эмоциясыз чындыкты изилдөө эч качан болбогон жана болбойт. Жазуучулардын акындардын улуу эмгектери да дайым эмоциянын таасиринде жаралган. Анткени тигил же бул иш - аракетин аткарууда эмоциялык абал адамдын өзүндөгү ички жашыруун энергиясын колдонууга мүмкүндүк берет. Буга мисалдар көп. Катуу ылдамдыкта бара жаткан автобустун дөңгөлөгүнөн эне баласын куткарып калууга үлгүрө алат. Же Ата Мекендик согуш учурунда солдаттардын оор согуш куралдарын татаал жерлерге көтөрүп чыгышын элестетели.

Эмоция өзүнүн тар маанисинде адамдын алгачкы органикалык керектөөсү менен байланышкан (канааттануу, канааттанбоо) жөнөкөй органикалык талаптарда (тамак-аш, үй-жай, кийим-кече) пайда болот. Сезим болсо - адам баласынын тарыхый өнүгүүсүндө керектөө менен өзөктөшкөн татаал психологиялык мамиле, өзгөчө процесс. И.П.Павлов да эмоция менен сезимди бир, мазмундаш кубулуш деп караган эмес. Эмоцияны инстинкт, сезимди социалдык турмуш менен байланыштырган. Кыскача айтканда, эмоция менен сезим процесстеринин ортосундагы айырмачылыктар төмөнкүдөй.

- Сезим адамга гана тиешелүү, эмоция адамга да макулуктарга да таандык.
- Сезим социалдык турмушка көз каранды.

Адамдагы сүйүү, жек көрүү, жолдоштук ымала, түрдүү умтулуулар коомдук ыөнүгүүнүн негизинде келип чыккан. Эмоция мындай мүнөзгө ээ болбойт. Эволюциялык өнүгүүдөн, органикалык керектөөлөрдү канааттандыруу зарылдыгынан пайда болгон жана сезимге караганда алгачкы. Көп учурда адам менен айбандын эмоциясынын пайда болуусу окшош келет. Аны ачынуудан, жыныстык канааттануудан ачык байкайбыз. Бирок сезим социалдык таасирдин жардамы менен иретке салынып турат. Дегинкиси, сезим кишинин социалдык муктаждыктарына негизделген. Эмоция - анын дифференцияланган бир түрү. Демек, эмоция жана сезим турмушундагы же таануу аракетиндеги, иш процессиндеги же

башка ар түрдүү кырдаалдагы адамдын ички мамилесинин түрдүү формаларын чагылдыруучу психологиялык түшүнүктөр.

**Стеникалык, астеникалык жана амбиваленттүү сезимдер**

**Стеникалык** (грек сөзү - бизче «күч») сезим.

Астеникалык сезим көңүлдүн туруксуз-дугу, уйкунун бузулушун, сезгичтиктин чектен төмөндөшүн, тез чарчагандыкты жана начарлоону туюндуруучу процесс. Бул сезимде ишке болгон аракет төмөндөйт, энергия төмөндөйт.

Стеникалык сезим индивиддин жогорулаган иш жөндөмдүүлүгүн, түрдүү тоскоолдуктарга болгон туруктуулугун, узак убакытка чейин иштөө жөндөмдүүлүгүн мүнөздөйт. Бул сезимде жүрөк кубаттуу иштеп, кан басымы жогорулайт, энергия күчөйт.

**Астеникалык** (грек сөзү - астения «алсыз, начар») сезим.

Амбиваленттик сезим (амбивалент – латын сөзүнөн бизче «эки», «күч»). Бул амбиваленттик сезим түшүнүгүн швейцария-лык психиатр Э.Блейлер сунуш кылган. Бул сезим бир эле мезгилде, бир эле кубулушка, бир эле затка адамдын эки башка көз караштa болуусун билдирет. Мисалы, Сүйүү менен жек көрүү, ыраазычылык менен нараазычылык ж.б. Бул сезимдердин бирөөсү четтетилет, экинчиси далдаасында калат.

## § 15.2. Эмоция менен сезимдин физиологиялык негиздери

Физиологдор, психологдор - невроз, инфаркт, миокард, гипертония, аш казан ооруусу, он эки эли ичегинин жараты, кант диабети сыяктуу оорулар терс эмоциянын натыйжасы экенин танышпайт. Саналган оорулар акыркы жылдары 20 эсе жогорулаганы байкалган. Мындан тышкары азыркы учурда дене гигиенасы менен өз ара мамиле «гигиенасы» актуалдуу мамилелердин бирине айланууда. Ушундай кырдаал эмоция менен сезимдин физиологиялык негизин билүү зарылчылыгын туудурат.

Эмоция адамдын денесиндеги түрдүү өзгөрүүлөргө: жүрөктүн иштешине, кандын жүрүшүнө, дем алуу органдарынын, булчуң эттердин аракетине таасирин тийгизип, бардык организмдин кызматын башкарып тургандай элес калтырат. Жүрөк нормалдуу абалда мүнөтүнө 70 жолу кагат, ал эми эмоционалдуу абалда 150 гө чейин жетет. Дюмо ар кандай эмоцияналдык абалда бир мүнөттөгү дем алуунун төмөнкүдөй сандык көрсөткүчүн келтирет: кубанганда 17 жолу, пассивдүү капалануууда 9 жолу, активдүү капалануууда 20 жолу, коркκондо 64 жолу, ачуулануууда 40 жолу. Күчтүү эмоциялык абалда тургандан ашказандын иштөөсү начарлайт. Тамак сиңирүүчү ширелердин бөлүнүшү азаят.

Адамдын эмоциялык сезимдерин башкаруучу орган баш мээ болуп саналат. Негизги милдет чоң жарым шардын кыртышына таандык. И.П.Павлов өзүнүн изилдөөсүндө эмоциянын, сезимдин, денедеги өзгөрүүлөрдүн жүрүшүн чоң жарым шардын кыртышы башкарбастан, «вицералдык мээнин» таламус, гипоталамус, лимбикалык системанын иш аракеттери да көмөктөшөөрүн далилдешкен. Бул борборлордо рахаттануу, кайгыруу, жыныстык канааттануу борборлору жайланышканын билебиз. Эмоцияны, сезимди башкаруучу борборлордун баш мээде обьективдүү жашай турганын далилдей турган так эксперименттер жүргүзүлгөн.

1953-жылы Д.Олдс чычкандын баш мээсинен «канаат-тануу» борборду тапкан. Чычканды атайын жасалган клеткага камап, анын башы аркылуу электр тогу бар чынжыр өткөрөт да токту туташтыруучу кнопканы клетканын ичине жайлаштырат. Электр тогу чычкандын башы аркылуу өтүп турган учурда, чычкан клеткадагы клетканы бир канча миң жолу, токту ажыратып койгондо бар болгону 10-15 жолу баскан.

Дж.Ингрем менен Л. Ренсон маймылдын гипоталамусун иштен чыгарып, ал аркылуу электр тогун өткөргөндө анда эч кандай эмоционалдык реакция пайда болгон эмес.



**Дж.Андерсен** - 1739-1808- жылдары жашаган англис окумуштуусу.

Тескерисинче, гипоталамусу иштеп турганда, ток жиберилсе, коркуу ачуулануу сыяктуу эмоциялары козголгон. Швед Дж.Андерсен эчкинин баш мээсинин белгилүү бөлүгүнө ийне менен хлористый-натрийди куйганда эчкиде сууга болгон ач көздүк келип чыккан. Сууну ичи жарылганга чейин иче берген. Дүүлүгүүнү токтоткон соң эчкинин суу ичкени калган сууга чаңкоо гипоталамуста жатканы ачык.

## § 15.3. Эмоциялык абалдар

Адамда күчтүү, күчсүз дүүлүктүргүчтөрдүн таасиринен пайда болгон абал кыска узак убакытка созулушу ыктымал мындай абалдар спецификалык мүнөзгө ээ жана түрдүү формада кырдаалда кездешет.

**Көңүл -** жагымдуу, жагымсыз, пайдалуу, пайдасыз ж.б. ар түрдүү дүүлүктөргүчтөрдүн жалпы организмге таасир этишинин натыйжасына адамдын жакшы, жаман сезүү абалы психология илиминде көңүл деген түшүнүк аркылуу туюнтулат. Көңүлдүн пайда болуу себептерине төмөнкүлөр кирет: Начар интенсивдүүлүккө ээ. Мисалы, кайгыруу, чочулоо сыяктуу касиеттер адамдык толкундоо абалына кирет. Белгилүү убакытка созулат. Бир саатка, бир күнгө же андан ашык. Белгисиздик мүнөзгө ээ. Көңүлдүн тигил же бул түрүн пайда кылуучу себептер адамга алдын ала белгисиз болот.

Организмдин физикалык абалы, сырткы шарт адамдар менен болгон мамиле ар дайым көңүлдүн пайда болушуна түрткү берет. Көңүлдүн туруктуу болушу адамдын жашына мүнөзүнө, жеке өзгөчөлүктөрүнө темпераментине, эркине байланыштуу болот. Иш - аракетке анын түрдүүчө натый-жасына көңүл сөзсүз таасир этет. Көңүлү куунак абалда адам өзүн чыйрак сезет, ишке жөндөмдүүлүгү кескин түрдө жогорулайт.

**Аффект** (келесоолонуу, жиндөө). Адамдагы эффективдүү абалдын төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү бар. Эң чоң интенсивдүүлүктө жүрөт, ачык байкалат. Адам эффективдүү абалда турганда, колдору түйүлүп, үнү катуу чыгып, дем алуусу начарлап, бети канга толгондой кызарып кабагы бүркөлөт. Адам эффективдүү абалда өзүн-өзү

жоготуп, бир орунда катып калышы мүмкүн же эффектиге себепчи болгон шарттан качууга аракет кылат. Кыска убакытка созулат.

**Отчетсуз мүнөзгө ээ болуу абалы**. Аффективдүү абалда адам өзү жасап жаткан ишке маани бербейт, аракетин өзү башкара албай калат. Мисалы 22 жаштагы Н аттуу келиндин сулуу, сымбатуу күйөөсү болгон. Күндөрдүн биринде келин ишке баратып, жолдош кызынын үйүнөн күйөөсүнүн үнүн угуп калат. Үйгө кирсе, күйөөсү жолдош кызы менен турат. Күйөөсү уялуунун ордуна аялын шылдыңдагандай карайт. Үйүнө келип эч нерсе болбогондой кир жууйт, келген милиционерлерге, алардын суроолоруна таң калуу менен карайт.


Диффузиялык мүнөзгө ээ аффектини пайда кылуучу дүүлүктүргүч адамдын бүткүл денесине бийлик кылып, аң-сезимди иштен чыгарат. Мындай абалда адам чектелген гана обьектилерге көңүл бурат.

Ошентип аффект – адамдын аң сезимин толук, тез ээлеп, дуулдап өтүүчү эмоционалдык процесс.

**Стресс** (чыңалуу). Бул татаал психикалык процесс. Стресс адамдын кыймыл-аракеттеринин, ойлоосунун жогорку чыңалуу абалында өтүүсүн мүнөздөйт. Ал коркунучтуу абалда аракет кылганда, иш аткаруу убактысынын чукулдугунда, иште көп белгисиздиктер орун алганда пайда болот. Стресстик абал жогорку өкмөттүк дэңгээлдеги адамдардын сөздөрүн которгон котормочуларда ачык байкалат. Алар кыска убакыттын ичинде айтылып жаткан маалыматтарды мазмунун бузбай, так которуп, угуучуга жеткизүүгө тийиш. Которуу учурунда котормочулардын кан тамыры бир минутада 160 жолу соккон, электракордиограмма кескин түрдө бузулган.

Адамдын иш аракетине, жүрүш-турушуна стресстик таасир этиши нерв системасынын түрүнө жараша болот. Козголуу тибиндеги адамдар стресстик абалда көп сөздүү болуп, колу менен керексиз кыймылдарды жасайт. Көңүлү, ойлоосу тез алмашат. Ал эми тормоздолуу нерв системасына ээ болгон адамдар өзүн эркин кармай албай, кыймылдары жайлайт. Стресстик абалда пайда кылган дүүлүктүргүчтөрдү көп эстей берет, ойлоо аракети начарлайт.

Стресстин табиятын биринчи болуп Г.Силье изилдеген. Адам стресстик абалда турганда үч стресстик абалды башынан кечирерин аныктаган. Биринчи фаза - «коркунуч реакциясы». Мында



**Г.Силье** 1907-1982- жылдары жашаган канадалык окумуш- туу, психолог.

адам стресстик абалды жеңүү үчүн бүткүл абалын жумшайт. Кан коюлуп, хлордун сосставындагы иондор азаят, нерв ткандарынын начарлашы байкалат. Экинчи фазасында организм таасир эткен дүүлүктүргүчтөргө көнө баштайт. Кан, салмак, хлордун составы калыбына келет. Эгер адамга таасир эткен күчтүү дүүлүктүргүчтүн таасири алынып салынбаса, анда стресстин үчүнчү фазасы пайда болот. Ал көтөрүмдүк же арыктоо фазасы болот. Анда адам физиологиялык жактан өзгөрөт же өлүм коркунучу туулат. Ошентип - стресс күтүлбөгөн, ыңгайсыз абалда пайда болуу менен бирге чоң нервтик чыңалууну жумшап, белгилүү иш-аракетти аткарууда пайда болгон эмоционалдык процесс.

Стресске окшогон кубулуштардын бири - фрустрация. Бул англис сөзүнөн которгондо «пландын бузулушу, жолу болбогондук» деген маанини берет.

**Фрустрация** – кайгыны баштан кечирүүнү, канааттан-баган, көздөгөн максатка жетпеген абалды көрсөтүүчү терс эмоционалдык процесс. Анын ачык көрүнүшү болуп депрессия, агрессия саналат.

Бул жооптуу ишти аткара албагандан, жолдошторунун туугандарынын алдында өзүнүн жоопкерчилигин, күнөөлүүлүгүн сезип, ал абалдан чыга албагандан пайда болот. Кыскасы депрессия терс эмоциялык фондо пайда болуп, адамдын мотивациялык сферасын өзгөртөт, таануу мүмкүнчүлүгүн, жүрүш-турушун жалпы абалын начарлатат.

## § 15.4. Эмоциянын сигналдык жана башкаруучулук функциясы

Эмоция жана сезим обьективдүү дүйнөнү Адам жана, жаратылыштын ортосундагы мамилени чагылдыруу менен бирдикте конкреттүү функцияны аткарат.

Сезимдин эки кызматы бар: биринчиси билдирүү (мимика) бет булчуңдарынын өзгөрүшү: понтомимика - жаңсоо жана дене булчуңдарынын абалдары, экинчи башкаруучулук адамдын жүрүш-турушундагы өзгөрүлүүчү функция. Адам алынган сигналдардын жардамы менен өзүнүн иш-аракетин, жүрүш-турушун башкарат. Демек, эмоциянын башкаруучу-лук функциясы пайда болот. Бул функция адамдагы толкундоолорду, жүрүш-турушту багыттайт, ара-кетти активдештирет.

Эмоция жана сезим сезүү (ощущение) башка психикалык процесстер сыяктуу эле обьективдүү чындыкты үйрөнүүгө көмөктөшүү менен бирге айлана-чөйрөнүн терс таасиринен алыстоого, пайдалуу жагын көздөй адамды багыттап турат. Сезимдин сигналдык кызматы адамдын организминен же аны курчап турган чөйрөнүн өзгөрүшүнөн пайда болот.

## § 15.5. Жогорку сезимдер

Жогорку сезимдер моралдык, интеллектуалдык, эстетикалык болуп бөлүнөт. Алар адамдын рухий дүйнөсүн, личность катары потенциалдык деңгээлин мүнөздөйт.

**Моралдык сезим,** коом тарабынан иштелип чыккан моралдык категориялардын негизинде адам өзүн курчап турган обьектилерге карата мамилесин билдирет. Анда личносттун адамдар ортосундагы мамилеге, өзү жашаган коомго болгон жекече көз-карашы чагылат. Моралдык сезим этикалык нормалардын, адамдык мамилелердин системасында пайда болот. Ар бир коом, эл өзүнүн жашоо чөйрөсүнө жараша белгилүү моралдык нормаларды иштеп чыгат. Адамдын моралдык сезими жакшы көрүүдө, сыйлоодо жек көрүү дө, сүйүүдө, ыраазылык билдирүүдө байкалат. Моралдык сезим социалдык мүнөзгө ээ болуу менен бирге өтө татаал, көп кырдуу көрүнүш. Психологияда ойлоо менен эмоциялык сезимдердин ортосунда тыгыз байланыштын бар экендиги маалым. Эмоция ойлоо аракетин башкарууга жөндөмдүү. Адам таануу процессинде ар кандай жаңы гипотезаларды жаратат. Алардын реалдуулугун, тактоо, далилдөө же жокко чыгарууда адамда ишенбөө, таң калуу, кызыгуу жана кубануу сыяктуу эмоциялык абалдар пайда болот.

Бул абалдар адамдын алдында турган гипотезаларды кунт коюп, анализдөөгө, баалоого мажбур кылат. Натыйжада жаратылыштын закондору ачылат.

**Интелектуалдуулук сезим.** Адам баласынын акыл иш-аракетине байланыштуу пайда болгон сезимди айтабыз. Ушул сезимдин адам баласында жашашы менен адам айбандардан айырмаланып турат. Анын калпытанышы социалдык табиятка жараша болот.ж.б.


**Эстетикалык сезим**. Адам баласынын өз колунда жасаган же жаратылыштагы кооздукту кабыл алуудан пайда болот. Бул сезимди кооз предметтер, табияттын көркү, искусствонун шедеври туудурат. Сулуулук адамды өзүнө тартып, анын ички дүйнөсүндөгү тү рдүү өзгөрүүлөргө алып келет. Эстетикалык сезимди жалаң гана сулуу предметтер эмес, өтө интеллектуалдуу личность да, өз эмгеги менен элди таң калтырган инсан да козгой алат.

**Мамиле келишпөөчүлүк абалдан чыгуунун жолун изилдөө ыкмасы (**К.Н.Томастын ыкмасы боюнча**)**

Америкалык психолог К.Н.Томас жаңжалдын пайда болуу себептерин төмөнкү факторлорго карата негиздеген:

**Теңтайлашуу** мында индивид экинчи бирөөнүн укугун бузуу менен ага зыян келтирүү аркылуу ийгиликке жетүүгө умтулат.

**Ыкташуучулукта.** Мында индивид өз кызыкчылыгын канааттандырыш үчүн керек болгон адамга жакындашат.



**К.Н.Томас** 1766-1834-жылдары жаш- аган англис окумуштуу психолог.

**Компромисс.** Бул учурда мамилелешүү үчүн өз ара макул-дашууга барат.

**Качуу.** Мында өз ара мамилени сактоо үчүн жаңжал болтурбоо.

**Кызматташуу.** Бул экинчи бирөөнү толук кубаттап, альтернативалык жолду издейт.

Бул көрсөтүлгөн ыкманы колдонуп, керектүү проблеманы чечүүдө изилденүүчүлөр төмөндөгүдөй инструкция боюнча иш жүргүзүүлөрү керек. Тесттеги ар бир суроонун мазмунуна жараша беш же үч баллдык системада баа коюу менен жооп бериш керек. (-2, -1, 0, 1, 2

же «-», «+» жана «0»). Мында: «-» белги андай жумушка таптакыр барбайм деген учурда коюлса, «+» белги суроодогу жумуштарды аткарууга даяр экендигин билдиргенде, ал эми «0» калыс болгон учурда коюлат.

**Бул ыкманы ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй суроолорго жооп берүү талап кылынат**

1. Айрым учурларда талаш маселени чечүүнү башка бир адамдардын мойнуна алышына мүмкүндүк түзөмүн.
2. Талашканга караганда адам менен жакындаштыра турган жактарыбызды издеймин.
3. Компромисстик чечимдерди табууну издеймин.
4. Мени менен сүйлөшүп жаткан адамдын кызыкчылыгына жараша, өз кызыкчылыгымды жокко чыгарамын.
5. Дайыма өз кызыкчылыгымды канааттандырышка умтулам.
6. Айрым учурларда кээ бирөөлөрдүн кызыкчылыгы үчүн өз кызыкчылыгымды курмандык кыламын.
7. Бирөөгө өз оюмду таңуулабаймын.
8. Талаш маселени чечүүдө кимдир бирөөлөрдөн кубаттоону күтөмүн.
9. Пайдасыз ойдон алыс болууга аракеттенемин.
10. Өзүмө жагымсыз болгон абалдан алыс болгум келет.
11. Талаш маселелерди дароо чечпестен, аны акырындык менен өзү чечилүүсүн күтөмүн.
12. Бирөөнү өзүмө кошуп алыш үчүн, ал талап кылган кээ бир кемсинтүүлөрүнө барамын.
13. Талаш маселени чечиш үчүн алдын ала себептерин издейм.
14. Менин каалоомо дал келбеген чечимдерге тынчсыздан-башка аракет кыламын.
15. Жалпы мамилени сактап тынчсызданган адамды сооротууга аракеттенемин.
16. Жаңжалдашып жаткан адамдарга кошулуп кетемби деп коркомун.
17. Талашып жаткан адамдын өз оюнда калышына мүмкүндүк түзүп берем.

18. Чечим чыгарып жатканда мен орточо позицияны сунуш кылам.
19. Бардык иштин оюмдагыдай болушу үчүн бардыгын мажбурлаймын.
20. Мен өз оюмду айтып, ушул иш туурасындагы анын оюн сураймын.
21. Бир ишти аткарыш үчүн өз оюмдун логикасынын мүмкүнчүлүгүнүн жогору экендигин таңуулаймын.
22. Эгерде талаш маселе аны бактылуу кыла турган болсо, анда ошонун оюндагыдай чечилишине макул боломун.
23. Эгерде анын оюу мени кубаттай турган болсо, мен анын өз оюнда калышына шарт түзөмүн.
24. Алдын ала биздин көз карашыбыздын эмнеден айырмалана турганды-гын билип, андан кийин гана сөз баштаймын.
25. Экөөбүзгө тең ылайыктуу болгон жолдорду издеймин.
26. Келишим түзүп жатып, калган жактарга да көңүл буруп турамын.
27. Чечиле турган маселеге түз мамиле жасагым келет.
28. Ишимдин оң болбой тургандыгын билсем да, өз оюмдан эч качан кайтпаймын.
29. Мен өзүмдүн туура экендигимди далилдеп түшүндүрүүгө жан талашып аракеттенемин.
30. Бирөөнүн алдында бечара болуп көрүунгүм келбейт.

Суроолорго жооп берилип бүткөндөн кийин, аны чечмелөө үчүн төмөндөгү **ачкыч** колдонулат.

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Тең тайлашуу | 5, 19, 21, 28, 29, 30 |
| 2 | Ыкташуучулук | 2, 6, 7, 15, 22, 26, |
| 3 | Компромисс | 3, 12, 17, 18, 23, 25 |
| 4 | Качуу | 1, 9, 10, 11, 14, 16 |
| 5 | Кызматташуу | 4, 8, 13, 20, 24, 27 |

Ар бир изилденүүчүнү изилдегенден кийин, группалык өзгөчөлүктү табуу үчүн төмөнкү таблица менен иш жүргүзүлөт. Мында ар бир изилденүүчүнүн көрсөтүлгөн факторлор боюнча

баллдары таблицага толтурулуп, арифметикалык орточосу чыгарылат.

Изилдөө жумушу толук бүткөндөн кийин төмөнкү таблицаны толтуруу менен изилдөөгө анализ жүргүзүлөт.

| № | Ф.И.О. | 1-ф. | 2-ф. | 3-ф. | 4-ф. | 5-ф. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Асанов А. | | | | | |
| 25 | Эргешов З. | | | | | |
| | Орточо: | | | | | |

Психологиялык теорияларга жана таблицадагы изилдөөнүн жыйынтыгына таянып, тең тайлашуу, ыкташуучулук, компромисстиктен качуу жана кызматташуу деген факторлордун ар бирине салыштырмалуу ар бир изилденүүчүгө жана класс коллективине конкреттүү анализдер берилет.

## Инсандын агрессиялык сапатын изилдөөчү ыкмасы
**(**Баса-Даркиндин ыкмасы боюнча **)**

Агрессия психология илиминде инсанды жүрүм-турум нормасын бузуучу мотивдин бир формасы катары түшүндүрүлөт. Агрессиялык журум-турум жалпы коомдун жүрүм-турум нормасына карама-каршы келгендиктен инсандар аралык мамилени бузуп,өз ара конфликтти пайда кылат. Ушул проблеманы чечүү максатында бул ыкманын жардамы менен агрессиянын төмөнкүдөй формаларын изилдөөгө болот:

**Физикалык агрессия,** мында экинчи бир адам менен кол күчү аркылуу карама-каршылыкка барууга ниеттенген форма.

**Кыйыр жол аркылуу агрессияга өтүү,** мында адам тамаша, ушак, көз артуучулук максатында жамандык келтирүүгө аракеттенет.

**Жинденүү агрессиясы.** Бул болор болбос дүүлүктүргүчкө кыжырланып себепсиз эле бирөлөргө катуу сөз айтып өзүн токто албай калган абалда болуу.

**Белгисиз агрессия,** мында өзүнөн чоңдорго жетекчилерге жана өзүн авторитеттүү сезген адамдарга карата оппозициялык формадагы жүрүм-турумду айтууга болот.

**Таарынуу агрессиясында** адам чөйрөнү жек көрүү менен көңүлү чөгөт.

**Шектенүүчүлүк агрессия.** Мында бирөөгө ишенбөө, өзүнөн-өзү эле бирөөлөрдөн сактанып, бирөөлөр жөнүндө туура эмес пикирде болот.

**Тил аркылуу аткарылуучу агрессия.** Бул тил аркылуу бирөөлөргө жамандык издөө, ушак таратуу ж.б.

**Өзүн күнөөлүү сезүү агрессиясы**. Өзүн коомчулуктан төмөн сезип өзүн-өзү жектөө, жаман көрүү сыяктуулар ж.б.

Ошентип, бул сунуш этилген агрессия формаларын изилдөө менен изилденүүчү күндөлүк турмуштагы бирөө менен болгон жумушун мамилесин коомдук талапка жараша канаатандыра алат. Ал үчүн изилденүүчүлөргө төмөнкү инструкция берилет.

Урматуу изилденүүчүлөр сиздерге берилген суроону мазмунуна жараша беш (-2, -1, 0, 1, 2) же үч балл (+, 0, -) берүү менен жооп беришиңиздерди суранабыз.

Мында «-» балл белгилер андай сапат жок деген учурда коюлса «0» орточо болуп калган учурда, ал эми «+» белги берилген сапат бар деген учурда коюлат. -2,+2 лер өтө так жүргүзүү керек болгон учурда колдонулат.

**Изилдөөгө керек болгон суроолор.**

1. Айрым учурда бирөөлөрдүн жинин тарата албаймын.
2. Кээде өзүм жаман көргөн киши менен деле ушак айтып олтура беремин.
3. Менин жиним тез келгени менен, бат эле тарап кетет.
4. Эгерде менден жакшылыкча суранбаса, мен анын өтүнүчүн орундатпаймын.
5. Мен өзүмдүн милдетимди дайым эле сезе бербеймин.
6. Менин артыман кимдин кандай сөз айтарын билемин.
7. Мен өз досторума аларды жактырганымды билдиргим келет.
8. Бирөөнү алдап койсом, артынан кыжаалат боло беремин.
9. Бирөөнү муштап жиберүүгө колум барбайт.
10. Жиним келгенде колумдагы нерсени ыргытып жиберем.
11. Мен бирөөлөрдүн жетишпеген жагына дайым эле көңүл

бура бербеймин.

12. Эгерде талап кылынган эреже мага жакпай калса, аны бузуп кете беремин.
13. Башкалар жагымдуу кырдаалды пайдалана билишет.
14. Мен өзүм күткөндөн да жакшы достук мамиледе болгон адамга кылдат мамиле жасаймын.
15. Мен адамдар менен бат эле тил табыша албай каламын.
16. Мени арданткан ойлор кээде пайда болот.
17. Эгерде кимдир бирөө мени муштап жиберсе деле, унчукпай кала беремин.
18. Мен жиним келгенде эшикти тарс жаап чыгып кетемин.
19. Мен өзүм ойлогондон да ачуулуу болуп кетемин.
20. Кимдир бирөөлөрдүн бой көтөргөнүнө чыдай албай кетем.
21. Мен тагдырыма анча ыраазы эмесмин.
22. Мени көпчүлүк жактырбайт деп ойлоймун.
23. Эгерде талаш маселе учурунда көпчүлүк мени колдобосо, мен өзүмдү токтото албай кетемин.
24. Кызматынан четтетилген адам өз күнөөсүн сезиш керек.
25. Эгерде бирөөлөр мени же менин үй-бүлөөмдү шылдыңдаса алар менен мушташып кетемин.
26. Мен одоно айтылган тамашаны көтөрбөймүн.
27. Менин үстүмөн күлгөндө ызаланып кетемин.
28. Мен адамдардын көөп кетпеши үчүн баарын жасаймын.
29. Мен өзүмө жакпаган адамдарды ар жума сайын көрөмүн.
30. Мени көрө албагандар көп.
31. Мен адамдардан укугумду урматтоосун талап кыламын.
32. Мени ата-энеме берген жардамдарымдын жетишсиздиги кыжаалат кыла берет.
33. Өз оордун билбей бирөөгө тийишкен адамдар менин жинимди келтирет.
34. Каардуу мамиледен көп азап тартамын.
35. Мен өзүмө жасаган каардуу мамилеге капа болбоймун.
36. Бирөөнүн астында өзүмдү жоготуп койсом, ага көңүл бурбаймын.
37. Мен кээде бирөөнүн жетишкен жагына ичим тарыса да, ага билдирбеймин.

38. Кээде мени бирөөлөр шылдыңдап жаткандай сезиле берет.
39. Мен ачуум келсе дагы өзүмдү ачуулуу көрсөтпөйм.
40. Мен өзүмдүн туура эмес аракеттеримдин кечирилишин каалаймын.
41. Мен бирөөнүн кол көтөргөнүнө дайым эле жооп бербейм.
42. Эгерде мен каалагандай болбой калса, кээде тарынып калам.
43. Адамдар кээде менин көз алдымда туруп деле ачуумду келтире беришет.
44. Мен көрө элек адам жок.
45. Менин принцибим-эч качан бирөөгө ишенбөө.
46. Эгер бирөө менин ачуумду келтирсе, мен ал жөнүндө оюмдун баарын айтып саламын.
47. Мен кийин өкүнүп калбашка көп аракеттенемин.
48. Бирөөгө жиним келгенде ага кол көтөрө албаймын.
49. Мен 10 жашымдан бери бирөөгө каарымды чача элекмин.
50. Мен өзүмдү тез-тез эле жарылып кетчүдөй сезе беремин.
51. Менин сезимимди башкалар билсе, мени оңой менен ыкка көнбөйт деп эсептешмек.
52. Мен ар дайым башкаларды мен үчүн жагымдуу бир нерселерди кылууга мажбурлаган себептер жөнүндө ойлой беремин.
53. Эгерде мага бирөө кыйкырып сүйлөсө, мен да ага кыйкырып жооп беремин.
54. Ишим оңунан чыкпай калса, капалана беремин.
55. Менин чатакташып кетүүм башкалар сыяктуу өтө тез-тез же өтө сейрек эмес.
56. Аябай ачуум келген учурларда, колума келген нерсени сындырып жиберген учурларым кимде бар.
57. Кээде мен урушту биринчи баштап жиберчүдөй сеземин.
58. Кээде каталык менден кеткендей сезиле берет.
59. Мен мурда көпчүлүк адамдар чындыкты гана сүйлөйт деп ойлойт элем, азыр буга ишенбеймин.
60. Мен ачуумду токтото албай гана урушуп кетишим мүмкүн.
61. Мен туура эмес иш кылгандан кийин уялганымдан кыйнала беремин.

62. Эгерде менин укугумду коргогонго кол күчү керек болсо, аны колдономун.
63. Мен кээде ачуум келгенде столду тарс муштап жиберемин.
64. Мен өзүмө жакпаганга орой мамиле жасаймын.
65. Мага зыян келтириши мүмкүн деген душмандарым жок.
66. Адамдардыкы жетиштүү болуп турса да, адебин колуна бере албаймын.
67. Мен туура эмес эле иштерди кылып жашап жатам деп ойлоймун.
68. Мен сөзсүз урушуп кете турган адамдарымды билемин.
69. Мен майда чүйдө нерселерге капа болбоймун.
70. Мага кээде адамдар мени шылдыңдоого аракет жасап жатат деген ойлор келе берет.
71. Мен кээде бирөөлөрдү максатсыз эле коркута беремин.
72. Акыркы убакта мен өзгөрүп кеттим.
73. Талаш учурунда мен үнүмдү бийиктетип жиберемин.
74. Мен жаман мамилемди жашырууга аракет кыламын.
75. Мен үчүн талашкандан көрө макул болуп эле койгон жакшы.
76. Изилдөөнү иштеп чыгуу үчүн төмөнкү жумуш аткарылат. Алынган маалыматтардын негизинде «ачкыч» боюнча агрессиянын формалары жана деңгээлдери аныкталат.

**Физикалык агрессия «+» белгиге карата:**
1,25,41.48,55,62,. «-» белгиге карата: 9,17

**Кыйыр жол аркылуу агрессия «+» ка карата:** 2,10,18,34,56,63, «-» белгиге карата: 6,26,49.

**Жинденүү агрессиясы** «+» ка карата: 3,19,27,43,50,57,64,72, «-» га карата: 11,35,69,.

**Белгисиз агрессиясы «+»** ка карата: 4,12,20,28, «-»га карата:36.

**Таарынуу агрессия «+»** ка карата:5,13,21,29,37,44,51,58.

**Шектенүүчүлүк агрессия** «+»га карата: 6,14,22,33,45,52,59. «-» белгиге карата: 65,70.

**Тил аркылуу аткарылуучу агрессия** «+»ка карата: 7,15,23,31,46,53,60,71,73. «-» га карата: 36,66,74,75..

**Өзүн күөөлүү сезүү агрессиясы** «+» белгиге карата: 8,16,24,32,40,47,54,61,67,

Мындагы 1,2,3, формаларындагы агрессиялар жалпы агрессияны түшүндүрсө, 5,6, душмандык кылуу агрессиясын түшүндү рөт.

Ошентип, ар бир изилденүүчү суроолорго жооп берип бү ткөндөн кийин, группалык агрессияны билиш үчүн төмөнкүдөй таблица түзүлөт да изилдөө улантылат.

| **№** | **Ф.А.** | **I** | **II** | **III** | **IV** | **V** | **VI** | **VII** | **VIII** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | А. | | | | | | | | |
| 2 | Б. | | | | | | | | |
| …п | К. | | | | | | | | |
| | Арорт. | | | | | | | | |

0Бул таблица группалык агрессияны тактоо үчүн колдонулат.

## Колдонулган адабияттар.


1. Вилюнас В. К. Психология эмоциональных явлений. -- М.: Изд-во Моск. ун-та, 2003
2. Выготский Л.С. Эмоции и их развитие в детском возрате Собр. соч. В 6 т. -М., 1982. Т. 2 стр. 416-436.
3. Закиров А. Психология боюнча практикум Ош – 2015.
4. Изард К.Э. Психология эмоций. - СПб: Издательство «Питер» – 2008
5. Миңбаев К., Закиров А. Психология. Ош – 2015.
6. Психологический процесс [http:Y Ywww.psy chologist.ru Ydictionary_of_terms Y index.htm?id=28
7. Рейковский Я. Экспериментальная психология эмоций. - М. : АYО «Издат. группа «Прогресс» – 2009
8. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии. СПб: Издательство «Питер», 2000
9. Рудик П. А. Психология: Учебник. - М. - 2006

## Билимди текшерүүчү суроолор.

1. Эмоция жана сезимди түшүндүрүүчү адам баласында кандай касиеттер жашайт?
2. Эмоция жана сезимдин физиологиялык механизимин кандай түшүндүрөсүң?
3. Эмоционалдык абалды түшүндүрүүчү теорияларга кайсылар кирет?
4. Жогорку туюу сезимдер деп эмнени айтабыз?
5. Аң-сезимсиз абалдын психологиялык негиздери.
6. Эмоциянын сигналдык жана башкаруучулук фунциясы психика менен кандай байланышат?
7. Эмоция жана сезимдин коомдогу ордуна эмнелерди айта аласың?
8. Жогорку сезимдердин окуу жана тарбия жумушундагы оордуна карата мисалдарды келтир?

# *Он алтынчы бөлүм:*

# ЭРК

*Адам кечиримдүү болбосо, жамандык улана берет.*

***Роза Айтматова*** *(коомдук ишмер)*

## § 16.1. Эркти түшүндүрүүчү психологиялык негиздер

Адам өзүн курчап турган дүйнөнү пассивдүү кабыл алып, анын таасирине дуушар болуу менен чектелип калбайт. Ал-активдүү инсан. Реалдуу дүйнө менен белгилүү мамиле түзүп, ага таасир этет, аны өзүнүн керектөө максатына ылайыкташтырат. Адамдын мындай аракеттери эрктүү жана эрксиз аракет түрүндө көрүнөт.

Адамдын эрксиз аракеттери аң-сезимсиз, автоматташкан тү рдө жүрөт. Күндөлүк турмушта алар чоң орунду ээлейт. Көнүмү шкө айланган аракеттер эч ойлонууну талап кылбай, эркин аткарылып, адамдын күндөлүк керектөөсүн канаттандырууга мүмкүндүк берет. Мисалы, адам үстү-башын кийүүдө, эшикти ачууда, зарыл аракеттерди ойлонуп олтурбайт, өзүнөн-өзү аткарылат. Мындан тышкары жазып жаткандыгы, тепкич менен басып бараткандагы аракеттерди кошууга болот.

Адамдын эрксиз кыймылдарына эмоциялык абалдар, мисалы, жөтөлүү, кирпик, ирмөө, ысыктан колду тартып алуу да кирет. Бул автоматтык кыймылдар личностту андан ары калыптандырууга, алдына койгон оор максаттарды ишке ашырууга өбөлгө түзөт. Жогоруда келтирилген адамдын кыймыл-аракеттери аң-сезимсиз, көзөмөлдөөсүз ишке ашкандыктан эрксиз кыймылдар деп аталат.

Ал эми айрым жүрүш-туруш, иш-аракет, психикалык процесстер адамдын атайын чымыркануусу, нервдик аракет жумшоону талап кылып, анын керектөөсүн канааттандырууга мүмкүндүк берет. Психологдор адамдардагы ушундай өзгөчө абалды «эрк» деген түшүнүк аркылуу туюндурушат.

Эрк адамдын жүрүш-турушун, аң-сезимдүүлүк менен башкара билүү жана активдештирүү жөндөмдүүлүгүн билдирет.

Адамдын турмушунда конкреттүү ишти аткарууда андан өзгөчө жөндөмдүүлүктү талап кыла турган кырдаалдар көп эле кездешет. 1961- жылы Арктиканын «Новолазеревка» станциясында кыштоочулардан врач Леонид Рогозов сокур ичеги менен ооруп калат. Врачтын алдында өлүм же өзүнө-өзү операция жасоо маселеси туулат. Станцияда жашоочулардын эч бири ага жардам бере албайт эле. Рогозов оор абалды түшүнүп, аң-сезимдүү түрдө өзүн мажбурлап, өзүнө-өзү операция жасоо чечимине келет. Жолдошторунун жардамы менен операция ийгиликтүү аяктайт. Дагы бир мисал. Биздин эранын 508-жылы Этрус ханы Порино Римди көпкө чейин курчап турган. Шаар калкы оор кыйынчылыкка туш келет. Өз элин азап-тозоктон куткаруу үчүн Муций деген жаш жигит Порино ханды өлтүрмөк болот, бирок колго түшүп калат. Порино жигиттен керектүү маалымат алуу үчүн өтө кыйнайт, суракка алат. Отту жактырып Муцийдин колун кара көк болгонго чейин күйгүзсө да, эсинен танбай, кандын көзүнө тик карап эч сыр ачпайт. Баланын чыдамдуулугуна таң калган хан аны бошотуп, шаарды курчоону токтоткон экен. Мындай кыйын кырдаалдарды жеңүү үчүн адамдан өзгөчө эрк талап кылынат.

Эрк адамдын активдүүлүгүнүн - бир формасы. Эрк - бул керек болгон учурда өзүнөн-өзү бийлик жасоо, өзүнүн эрксиз импульстарына көзөмөл кылуу, тоскоолдуктарды толук жеңүү. Чоң эрк кызыктыруучу башка нерселерден адамды баш тарттырат.

***Эрк жана ойлоо.*** Адамда жогорку касиеттерди калыптандыруунун негизги шарттарынын бири эрк менен ойлоонун жарыш, бирдикте жашашына аракеттенишине бай- ланыштуу. Тигил же бул эрктик аракеттерди жүргүзүү үчүн алгач аны аткаруунун оптималдуу жолунун ойлонулуп тандалганы оң. Бирок практикада көбүнчө, иш-аракетти аткарууга керек болуучу эрктин, ойлоонун мыйзам ченемдери жарыш, эриш-аркак иштебейт. Мисалы, адамдар көп энергия жумшап, тырышып, өзүн-өзү, канчалык мажбурлабасын, максатына жетпейт. Мында аткарылуучу иштин натыйжалуу жолдору алдын-ала ойлоо мыйзамдары толукталган эмес. Тескерисинче, кээ бир кишилер белгилүү жумуштун ийне-жибине

чейин ойлоп тактайт, бирок ийгилик чыкпайт. Демек, ички мүмкү нчүлүктөрү сарпталган эмес.

## § 16.2. Эрк инсандын активдүүлүгү катары түшүндүрүлүшү

Эрктин табияты ушул күнгө чейин окумуштуулардын арасында түрдүү карама-каршы ойлорду пайда кылып келе жатат. Айрым окумуштуулар эркти өзүнчө категория катары эсептешпейт. Аны кандайдыр бир башка психикалык процесстердин–эмоциянын, темпераменттин, жөндөмдүүлүк-түн жана башкалардын, көрү нүшү дешет.

Эрктик табиятты түшүндүрүүдө төмөнкүдөй көз караштар бар:

1) Индетерминиттик көз караш. Бул пикир боюнча, эрк - баш мээнин иш-аракетине, айлана-чөйрөгө көз карандысыз жашаган, абсолюттуу эркин кубулуш. Аны үйрөнүүгө, башкарууга мүмкүн эмес. Адам эч нерсеге көз каранды болбогон, эркин эрк менен байланышта турган шарттардын, түрдүү тартиптердин чегинде жашайт, аларды эч качан өзгөртүп түзө албайт.

2) Механикалык детерменисттик багыт. Алар эрктин баш мээге, обьективдүү дүйнөгө көз карандысыз экени белгиленет. Бирок адам эркинин кырдаалга, айлана-чөйрөгө көз карандылыгына өзгөчө басым жасашып, анын эркиндигин таанышат.

3) Диалектикалык детерминизмди жактаган окумушту-улар: Адам күчтүү, күчсүз, эрксиз болуп төрөлбөйт, эрк адамдын «коомдук эмгеги менен тыгыз байланышта болуп, күндөлүк жашоо турмушунда өнүгүүчү процесс»-дешет.

Эрк башка психикалык процесстер менен ар дайым карым-катнашта турат жана өзүнүн спецификалык бөтөнчөлүктөрү бар. Эрк менен ойлоонун байланышын карап көрөлү. Тигил же бул эрктик аракетти жүргүзүү үчүн алгач аны аткаруунун оптималдуу жолу ойлонулат, тандалат. Эрк ойлоосуз жүрбөйт. Бирок бул процесстер бири-биринен айырмаланат. Адамда эрк, ойлоо жеткиликтүү иштелбесе же тескерисинче, кээ бир адамдарга керектүү пландар максаттар эң тыкан ойлонулганы менен бирок эрк жетишпесе,

максаты орундалбайт. Эрк менен сезимди алалы. Сезим эки функция аткарат. Биринчиси – иш-аракетти аткаруудагы негизи мотив. Экинчиси, адамда пайда болуучу тескери эмоциялык абалды кармап турууга аракеттенет. Бирок сезим ар качан эрктин көзөмөлү ндө турат. Адам эркти топтош үчүн көп учурда сезимге каршы кү рөшөт. Мисалы, бийиктен сууга секирүүдө коркуу сезимин жеңүү гө туура келет.

Эрктик аракеттердин ийгиликтүү өтүшүндө көңүлдүн багытталышы, топтолушу да зарыл. Бул жөнүндө К.Маркс мындайча жазат: «Эмгектенүүнүн бүткүл мезгилинде аны аткаруудагы органдардын чыңа-луусунан тышкары көңүл бурулуучу максатка ылайыктуу эрк да зарыл».

## § 16.3. Эрктик акт жана анын структурасы

Адамдын тигил же бул эрктик аракеттер алдында турган ситуациялардын түрдүү оордукта, татаалдыкта

болушуна карай бир нече этаптар аркылуу өтөт.

В.И.Саливанов эрктик актыларды үч звеного бөлөт:

1. Жөнөкөй эрктик акт
2. Татаал эрктик акт
3. Өзгөчө маанилүү эрктик акт

Жөнөкөй эрктик актыда алдыда турган максат ойлонуусуз аткарылат, аны кантип, кандай жол менен аткаруу автоматташып калган.

Мисалы, окуучуга конспект түзүү үчүн калың дептер керек. Ал аны кандай сатып алууну билет:

1. Жөнөкөй эрктик акт төмөнкүдөй этаптардан турат:

а) Максатты түшүнүү, ага жетүүгө умтулуу.

б) Максатка жетүүчү мүмкүнчүлүктөрдү так билүү.

в) Чечим кабыл алуу.

г) Чечимди ишке ашыруу.

«а», «б», «в» этаптар биригип даярдоочу звено, «г» этап аткаруучу звено деп аталат.

2. Татаал эрктик актыда:

а) максатка жетүүчү мүмкүнчүлүктөрдү түшүнүү,

б) максатты түшүнүү, ага умтулуу.

в) мүмкүнчүлүктөрдү негиздөөчү же жокко чыгаруучу мотивдердин пайда болушу.

г) ишти аткаруучу мотивди тандап алуу.

д) бир чечимге келүү,

е) кабыл алган чечимди ишке ашыруу.

сыяктуу этаптар бар. Булардын а, б, в, этаптары эрктин шарттарын даярдоочу «г», «д» этаптар негизги, азыркы «е» этабы жыйынтыктоочу звено деп аталат.

Даярдоочу этаптарда проблема, максат адамды өзүнө тартып, анын керектөө сферасына киргенде, личность аны түшүнүүгө аракеттенет. Максатты түшүнүү - киши өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө керектөөсүнө жараша аны талдоо, кароо дегендик. Максатты аткаруу эмнеге алып келет? Кандай кыйынчылыктар туулат? Кантип ишке ашат? деген суроолор акылдан өтөт, жооптору элестейт. Анан максатты адамдын алдында ишке ашыруу керекпи же жокпу деген маселенин айланасында түрдүү мотивдер пайда болот. чечим кабыл алуу - адамда бир багыт, бир максат, такталган бир мотив бар дегендик. Бир жактуу чечим кабыл алынган соң, адамды аны аткаруу этабы башталат. Личность өзүнө команда берип, өзүн-өзү мажбурлап, тоскоолдук кылуучу тескери факторлор менен күрөшкө чыгат. Кабыл алынган чечимди кандай гана болбосун аткарууга умтулат.

Эрктүү иш-аракеттерди жүзөөгө ашырууда обьективдүү, субьективдүү каршылыктарды жеңип чыгууга туура келет. Обьективдүү каршылыктарга иштеги кыйынчылыктар, башка кишилердин каршылыгы, түркүн терс абалдар, (жалкоолук, коркуу, чарчоо, эмоция, оору ж.б.) кирет. Ал эми субьективдүү каршылыктар адамдын ички физикалык психикалык абал-дарынан турат. Мисалы, тажрыйбанын, маалыматтардын жетишсиздиги, эски, жаңы өнөкөттөрдүн ортосундагы күрөш, уялуу, каалоо ж.б.у.с.

Өзгөчө маанилүү эрктик акт личносттун физикалык, психикалык ички энергиясын толук жумшоо менен өтө кыска убакытта өтөт. Ал айрыкча коркунучтуу кескин аракеттерди талап кылган абалдарда пайда болот. Айталы, согушка даярдануу учурунда, адамдын жекече өмүрүн сактап калууда, чоң стхиялуу шарттарда.

## § 16.4. Личносттун эрктик касиеттери

Тигил же бул эрктик аракеттерди жасоодо личносттон өзгөчө эрктик касиеттер талап кылынат. Ал адамдын активдүүлүгүн жогорулатып, ишке оң же терс таасирлерди тийгизет. Натыйжада, оң таасир этүүчү эрктик касиеттерге кайраттуулукту, тырышчаактыкты, өз алдынчалыкты о.э. пайда болуучу керексиз каршылыктарды жоюуда жардам берүүчү чыдамкайлыкты, сабырдуулукту, токтоолукту, тартиптүүлүктү кошобуз.

**Кайраттуулук** дегенде алдыдагы, турган татаалдыкты, коркунучту рационалдуу ойлоп, пайдасын, зыянын таразалап, акыркы жыйынтыгын көрүп, күрөшкө чыгууну түшүнөбүз.

**Тырышчаактык** - личносттун бетиндеги ишти аткарган оор, кыйын, узак убакытка созулаарын билсе да, аны таштабайт, акырына чыгууга мүмкүнчүлүгү бар.

**Өз алдынчалык** - өз күчүнө ишенүү, жоопкерчиликти өзүнө алуу, иштин көзүн билүү менен тоскоолдуктардан кутулуунун жолун издөө.

**Чыдамкайлык** - ишти жүзөгө ашыруудагы адамдын физикалык психикалык күчтөрүнүн жеткиликтүүлүгү.

**Сабырдуулук** - максатка жетүү үчүн ага тоскоолдук, кылуучу тескери фактолорлорго чыдоо, аларды жеңүү. Ошентип, саналган эрктик касиеттер личносттун өз максатына жетишинде зор роль ойнойт.

### Эрктик сапаттарды изилдөөчү ыкма

Эрк инсанды түшүндүрүүдө өзгөчө психикалык абал болуп саналат. Анткени эрк процесси колдонулган иш аракетте жумушчу органдар дайыма аң-сезимдүү башкарылып, максатка жетүү үчүн өзгөчө нервдик энергия сарпталат. Ошондуктан инсандын эрктик сапатынын жогору же төмөн болушу анын иш аткаруу процессиндеги спецификалык өзгөчөлүгүн мүнөздөйт.

Сиздерге сунуш этилип жаткан бул ыкма инсандын эрктүүлүк жана чечкиндүүлүк сапаттарынын жогору же төмөн экендигин изилдөөгө мүмкүндүк берет.

**Инструкция**: Сиздерге сунуш кылынган суроолордун мазмунуна тереӊ маани берүү менен, ар бирине 4 баллдык (0,1,2,3) системада жооп берүү керек. Алсак, 3 деген балл ошол суроонун мазмуну сизге толук дал келишин көрсөтөт. 1 деген баллды толук бир чечимге келе албай, орто абалда калганда, ал эми 0 деген баллды мындай сапат менде таптакыр жок деген мезгилде коесуз.

Изилдөөнү уюштуруу үчүн алдын-ала даярдалган бланкага же лабораториялык дептерге суроолордун номери жазылып, анын аркасынан ал суроонун жообуна коюлган баллдар коюлат. Изилдөөнү ар бир изилденүүчү үчүн жана «коомдун идеалы» үчүн да жүргүзсө болот.

**Изилдөө үчүн суроолор.**

1. Сиз убактыӊыздын тардыгына же шартыӊыздын жоктугуна карабай, өзүӊүзгө кызыксыз да болгон жумушту аягына чейин иштей аласызбы?
2. Кыйын шарттарга кыйналбай, оӊой көнүгө аласызбы?
3. Көӊүлүӊүзгө туура келбеген жумуштарды жасайсызбы?
4. Эгер сиз катышып жаткан кече көӊүлсүз өтүп жатса, сыналгы көрүп отуруп алат белеӊиз?
5. Эгер үйүӊүздө же жумушта жаӊжалдуу абал пайда болсо, сиз аны туура чечүү үчүн жаӊжалды башкарат белеӊиз?
6. Жакшы көргөн жумушуӊуз үчүн калган бардык жумуштарыӊызды таштап кое аласызбы?
7. Эгер врач сизге диета жазып берсе, алдыӊызда турган
8. тамактардан да баш тарта аласызбы?
9. Эгер сиз иштеген жерден, башка жактан маянасы көп жумуш чыкса, ойлонбой эле которулуп кетет белеӊиз?
10. Кечинде пландаштыргандай, эртеси күндөгүдөн эрте туруп кете аласызбы?
11. Ойлонбой туруп айыбыӊызды мойнуӊузга алат белеӊиз?
12. Күбө болуш үчүн, керектүү адамдар келгиче жаӊжал болгон жерден кетпей турат белеӊиз?
13. Күтүлбөгөн жерден мейманчылыкка барасызбы?
14. Сизге келген катка ошол замат жооп жазасызбы?

15. Жооптуу сүйлөшүүлөрдө өз оюңузду алмаштырасызбы?
16. Врачка тишиңизди коркпой эле барып жулдуруп келе аласызбы?
17. Кереги жок буюмду деле сатып алдыңыз беле?
18. Сизге врач жазып берген өтө ачуу даарыны үзгүлтүксүз иче аласызбы?
19. Эгер бирөө сизден өтө катуу суранса, өмүрүңүздө жасап көрбөгөн жумушту аткарууга макул болот белеңиз?
20. Бирөөнүн өтүнүчүн аткаргандан кийин өзүңүзгө иш үйүп алаарыңызды билип турсаңыз да, өз сөзүңүзгө туруш үчүн, анын өтүнүчүн аткарат белеңиз?
21. Жекшемби экендигин билип туруп деле, ишиңизди уланта бересизби?
22. Тааныш эмес шаарга ойлонбостон эле командировкага кете бересизби?
23. Убадаңызды дайыма аткарасызбы?

Изилдөө аяктагандан кийин ар бир жооптун баллдары төмөнкү ачкыч боюнча такталып, суммаланат.

Ачкыч:

Эрктүүлүк – 1, 3, 5, 7, 9, 11, 13, 15, 17, 19, 21

Чечкиндүүлүк –2, 4, 6, 8, 10, 12, 14, 16, 18, 20, 22

Изилдөөнү тереңдетүү максатында өздүк баллдын суммалары группалык таблицага толтурулуп, эрктүүлүк жана чечкиндүүлүк сапаттарга карай топторго бөлөбүз.

## Колдонулган адабияттар


1. Большой психологический словарь. / Под ред. Б. Г.Мещерякова, В.П. Зинченко. - 2-е изд., 2012. - с. 72 - 73.
2. Выготский Л.С. Проблемы воли и ее развитие в детском возрасте. Собр.соч. т. 2 -М., Педагогика 1982, стр. 454-465.
3. Григорович Л. А., Марцинковская Т. Д. Педагогика и психология: Учеб. пособие. - М.: Гардарики, 2013. - с. 359 - 362.
4. Гоноблин Ф.Н. Психология. Учебное пособие.-М., 2009.
5. Закиров А. Психология боюнча практикум. Ош – 2015.
6. Ильин Е.П. Психология воли.-СПб, 2009. 213. с.

7. Маклаков А. Г. Общая психология. - СПб.: Питер, 2011. - с. 373.
8. Никандров В.В. Систематизация волевых свойств человека.- / Весник СпбУ-1995.-№3
9. Общая психология: Учебник. / Под ред. Р. Х. Тугушева Р. Х. и Е. И. Гарбера. - М.: Изд-во Эксмо, 2006. с- 312 - 315.
10. Психология и педагогика: Учебное пособие для вузов. /Составитель и ответственный редактор А. А. Радугин; научный редактор Е. А. Кротков. - М.: Центр, 2012. - с. 95 - 97.
11. Рубинштейн С. Л. Основы общей психологии. - СПб.: Питер Ком, 2009. - с. 620 - 646.

## Билимди текшерүүчү суроолор.

1. Эрктин психология илиминдеги мүнөздөлүшү?
2. Эркти инсандын активдүүлүгү катары таануу?
3. Эрктик эркиндик жана детерменизм?
4. Эркти кокустук аркылуу таануу?
5. Эрктин жекелик мүнөздөлүшү?
6. Тарбия жана эрктин өзүнөн-өзү тарбияланышы?
7. Эрк жана демократия?

## *Он жетинчи бөлүм:*
# ТЕМПЕРАМЕНТ

***Чөйрөңө жарык бериш үчүн өзүң от болуп күйүп турушуң керек.***
*(Француз эл макалы)*

## § 17.1. Темперамент жөнүндө жалпы түшүнүк.

Адамдар окшош, бирдей турмуштук шарттарда өздөрүн түрдүү чө кармай тургандыгы белгилүү. Ошондой эле монотондуу (бирдей ыргактыгы) дүүлүктүргүч ар бир адамдын психикалык процесстерине ар түрдүү таасир тийгизет. Бир адамда эмоция ачык, экинчисинде жеңил көрүнсө, үчүнчү адамда эмоция пайда болуу үчүн атайын убакыт, кошумча шарт талап кылынат.ошол эле монотондуу дүүлүктүргүч личносттордун мотордук кыймылдарына, көңүлдөрүнүн түрдүү темпте жүрүшүнө таасир тийгизет. Мындай абал студенттик аудиторияда ачык байкалат. Окутуучунун бир ыргакта берип жаткан интеллектуалдык маалыматына студенттердин бир тобу көңүлдөрү көтөрүңкү, жайдары, экинчи тобу салмактуу, сабырдуу, ал эми үчүнчү тобу көңүлсүз, кайдыгер мамиледе отурушканын байкоо кыйын эмес. Адамдардын топторунда иш-аракетти аткаруу, ага карата мамиле жасоодогу өзгөчөлөктөр менен катар алар үчүн туруктуу, окшош жалпы касиеттер да бар. Адамдардын ушундай өзгөчөлүктөрү темперамент деген психологиялык категория аркылуу туюнтулат.

«Темперамент ар бир жеке адамдын жалпы мүнөздөмөсү болуу менен нерв системасынын да эң негизги мүнөздөмөсүнө айланат. Нерв системасы индивиддин бардык иш-аракетине өз мөөрүн басат», - деп белгилейт И.П.Павлов.

Темперамент индивиддин бардык психикалык аракеттерине (эмоцияга, ойлоого, элестетүүгө, кеп ыргагына ж.б.) өз таасирин тийгизет. Демек, темперамент адамдын жүрүш-турушунун жана психикалык прцесстердин жүрүү динамикасын мүнөздөөчү жекече

өзгөчөлүк болуп саналат. Жүрүү динамикасы психикалык процесстердин темпин, ритмин, узактыгын, интенсивдүүлүгүн жана адамдын жүрүш-турушундагы сырткы өзгөчөлүктөрүн, активдүүлүгүн, кыймылдуулугун, реакциясын, анын темпин билдирет.

Темперамент личносттун динамикалык өзгөчөлүгүн, мүнөздөйт, бирок анын ишеничин, көз карашын, кызыкчылыгын, мүмкүнчүлүк деңгээлин аныктабайт.

Иш-аракеттин психикалык динамикасы, жалаң гана темпераментке эмес, мотивге, адамдын психикалык абалына да көз каранды. Адамда конкреттүү ишке карата мотив күчтүү болсо, ал темпераментине карабай көп эле мээнет кылып, ишти сапаттуу аткара берет. Алсак, адам жакын, сүйүктүү жолдошунан ажыраганда кайсы темпераментте болбосун, анын кайгыруусу, туталануусу, өзгөчө абалда өтөт. Ошондуктан темпераментти мотивден айырмалай турган өзгөчөлүктөрдү билүү зарыл:

1. Темпераменттин айрым туруктуу касиеттери адамдын иш-аракетинин түрдүү шарттарында пайда болот: эмгекте, оюн учурунда, окуу иш – аракеттеринде, ж.б., учурларда.

2. Темпераменттин айрым касиеттери адамдын турмушунда узак убакытка чейин туруктуу калат.

Адамдын темпераментинин тигил же бул касиеттери кокустан гана жаралып, топтолбостон мурдатан бери болуп, бири-бири менен тыгыз органикалык байланышта турат.

## § 17.2. Темпераменттин табиятын түшүндүрүүчү негизги теориялар

Темпераменттин табиятын, тейлөө сферасын, башка психикалык процесстер менен болгон карым - катнашын түшүндүрүүдө ар түрдүү теориялар, пикирлер бар. Алгач темперамент түшүнүгүн башка психикалык процесстерден айырмалап кароодогу пикирлерге токтолуп көрөлү:

1. Личность жана темперамент түшүнүктөрүн маанилеш, бир көрүнүш катары карашат.

2. Темпераменттин негизги өзгөчөлүүгү катары, личносттун калыптанышын ага көз каранды деңгээлде койгон пикир бар.

3. Темперамент өзүнчө, өзгөчө психикалык процесс катары жашабасын тааныган багыт да кездешет.

Темперамент категориясын түшүнүүдө, анын башка психикалык түшүнүктөр менен болгон карым-катышы жөнүндөгү мындай карама-каршы пикирлердин болушу, албетте, бул маселенин али терең изилдене электиги менен түшүндүрүлөт. Темпераменттин табиятын аныктоого аракеттенген бир катар теориялар белгилүү. Темперамент физиологиялык жана психикалык багытта изилденип келүүдө. Анын табиятын физиологиялык багытта түшүндүрүүдө кандын химиялык составы, кан тамырлардын жоондугу, туурасы, нерв тонусу, булчуң ткандары жана нерв системасынын касиеттери менен байланыштырып тандаган гипотезалар кездешет.

Жогорку божомолдордун ичинен окуу китептеринен кеңири орун алып жүргөн эки (гуморалдык, неврологиялык) көз карашка токтолобуз.

Гуморалдык теория, латын сөзү «суюктук» деген маанини берет. Гуморалдык теориянын автору – биздин заманга чейин жашаган грек дарыгери Гиппократ. Ал адамдын бири-биринен айырмасы же жалпы окшош касиеттери алардын денесиндеги ар түрдүү суюктуктун-былжыр суюктуктун, кандын, өттүн өз ара катышына жараша болот
деп түшүндүргөн.

Гиппократ жана анын окуучулары өздөрүнүн ушундай идеяларына таянып, темпераменттин төрт түрүн бөлүп карашкан.

**Сангвиник** (кан - латынча сангвис) темперамент. Денеде кандын, абалынын көбөйүп кетишинен адамдар өздөрүн шайыр, жаркын маанайда алып жүрүшөт.

**Флегматик** (былжыр суюктук - флегма) темперамент. Денеде баш мээ бөлүп чыгарган былжыр суюктун, суунун басымдуу болушу адамдын өз чөйрөсүнө кайдыгер, бейтарап болушуна алып келет.

**Холерик** (өт - грекче холе) темперамент. Денеде боор бөлүп чыгарган сары өт көбөйүп, адамды конфликттүү, энергиялуу болууга түртөт.

**Меланхолик** (кара өт - грекче майан холе) темперамент. Денеде кара өт арбын болуп, адамда кысынуу, тарынчаактык касиеттерди пайда кылат.

Гуморалдык окуу өз учурунда материалисттик мүнөздө болуп, зор тарыхый роль ойногону менен, азыркы кезде ал илимий негизге ээ эмес. Бирок «Гиппократтын бир генийлиги, - дейт И.П.Павлов,- адамдын чексиз касиеттеринин ичинен «капиталдуу белгилерди тапкандыгында»

Гуморалдык окууга жакын теориялардын бири - XX кылымдын башында пайда болгон П.Ф.Лесгафттын теориясы. Ал темпераменттин негизин кандын тамырлар боюнча айлануу касиеттери түзөрүн аныктады.

Психология илиминде Э.Кречмер менен У.Шелдондун теориясы бир топ кызыгууну туудурат. Алар темперамент нерв системасынын жалпы тибинин физиологиялык өзгөчөлүгүнө эмес, организмдин жалпы конституциясына, башкача айтканда, дененин физиологиялык түзүлүшүнө, анын ткандарынын, бөлүктөрүнүн ортосундагы катнашка байланышына жараша болот деген идеяны сунуш кылышат.

Личносттун төмөндөгүдөй үч тибин белгилешет:

Эндоморф – флегматик. Эктоморф - сангвиник жана меланхолик. Мезоморф - холерик.

И.Кант темпераменттик айырмачылыктарды кандын химиялык составы менен байланыштырат.

**Неврологиялык теория**. Темпераменттин физиология-лык негизин аныктоодо И.П.Павловдун жогорку нерв системасы жөнү ндөгү окуусунун мааниси чоң. Ал темпераменттин табиятын илимий негизде түшүндүрүү үчүн иттердеги шарттуу рефлекстин пайда болуу закон ченемдүүлүгүн изилдеген. Иттер бирдей жашоо шартта турганына карабай, алардын биринен кысынуучулук, экинчисинен тынчсыздангандык, үчүнчүсүнөн тең салмактуулук абал байкалат. Иттерде шарттуу рефлекс да түрдүү пайда болгон: биринде тез, экинчисинде жай, ал эми үчүнчүсүндө өтө кыйынчылык менен түзүлгөн. И.П.Павлов иттердеги мындай өзгөчөлөнгөн абалдарды алардын жогорку нерв системасы менен байланыштырат. Жогорку нерв системасы (ЖНС.) тубаса мүнөзгө ээ. Ошондуктан айбандардын нервдик иш-аракеттерин бири-биринен айырмалап туруучу эки нервдик процессти-козголуу жана тормоздолуу процесстерин, алардын төмөнкүдөй касиеттерин үйрөнүү зарыл.

Козголуу жана тормоздолуу процесстеринин күчүү болушу.

Козголуу, тормоздолуу процесстеринин тең салмактуу болушу.

Козголуу жана тормоздолуу процесстеринин кыймылдуу болушу.

Аталган касиеттер баш мээнин чоң жарым шарынын иш-аракетин мүнөздөйт жана ЖНСтин типтерин аныктоого мүмкүндүк берет.

Нерв процесстеринин күчү нерв клеткаларынын жана нерв системасынын жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт. Обьективдүү дүйнө адамдын, айбандардын нерв системасына түрдүү күчтө, интенсивдүүлүктө таасир этет. Нерв системасы ал таасирге жооп берет, анын маанисин жоюу үчүн күрөшкө чыгат. Бул адамдардын да, айбандардын да жашоо үчүн күрөшүүнүн маңызын чагылдырат.

Жогорку түзүлүштөгү жандуу дүйнөнүн жашоосунда зарыл болгон нерв системасынын экинчи касиети салмактуулук. Сырткы дүүлүктүргүчтөргө карата нервдик козголуунун, тормоздолуунун күчү ар дайым тең салмактуу абалдарда турууга тийиш. Ансыз тирүү жандардын жашоосу кыйын.

Турмуш кечирүү процессинде нерв системасынын кыймылдуулук касиетинин мааниси да чоң. Ансыз адам өзгөрүп туруучу дүйнө менен мамиле, карым-катнаш түзө албайт. Кыймылдуулуктун жардамы менен адамдар чексиз таасир этүүчү пайдалуу, пайдасыз түркүн-түмөн дүүлүктүргүчтөрдүн арасынан өздөрүнө ылайыктуу зарыл жүрүш-туруштун типтерин тандап алат.

И.П.Павлов жана анын окуучулары нерв системасынын күчү, тең салмактуулугу, кыймылдуулугу түрдүү комбинацияларда өзгөрүп тураарын, жогорку нерв иш-аракетинин типтерин түзөрүн аныкташкан. Нерв системасында мындай комбинациялар көп санда. И.П.Павлов ЖНСтин иш-аракетинин төрт түрүн бөлүп көрсөтөт.

Күчтүү, тең салмактуу, кыймылдуу тип.

Күчтүү, тең салмактуу эмес (кармап токтоткус), кыймылдуу тип.

Күчтүү, тең салмактуу, инерттүү тип.

Күчсүз тип.

И.П.Павловдун ЖНСсынын төрт түрү эскиргендигине карабай бардык окуу китептеринде берилет. Бирок өзү ачкан ЖНСтин типтерине карата, Павловдун олку-солку мамилеси көзүнүн тирүүсүндө изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында да байкалган. Мисалы, ал генотип (нерв системасынын тубаса тиби), фенотип (жогорку нерв иш-аракетинин чөйрөгө жараша түзүлүшү) түшүнүктөрүн киргизип, темпераменттин маанисин жана табиятын башкача түшүндүрүүгө дагы аракеттенген. Павлов генотипти темперамент менен, фенотипти мүнөз менен байланыштырган. Павлов өзүнүн эксперименттеринде жогорку нерв системасынын касиет-теринин ар түрдүү комбинациялары 24-кө жакын типтерди берерин аныктаган. Кийинчерээк ЖНСтин типтерин изилдегенде нерв системасынын негизги туруктуу катыштары 4төн көп экендигин айткан. Павлов өзүнүн жогоркудай илимий изилдөөлөрүнө маани бербей, ЖНСтин 4түрү бар деген жыйынтыкка келген. «Мындай корутунду Гиппократтын окуусунун таасиринен болсо керек»,-дейт психолог Б. Теплов.

Улуу физиолог өз экспериментин иттерге жүргүз-гөндүктөн, иттерде көрүнгөн системасынын аталган типтерин адамга ыйгарууда көп ыңгайсызданган. Кийин: «Эгер адамды мүнөздөөчү нерв система иттин нерв системасы менен окшош болсо, адамдар капа болбойт деп ойлойм», - деп жазган. Мындай ой жүгүртүүгө каршы чыгууга эч кандай негиз жок. Адам дагы биологиялык жандыктардын бир түрү. Ошондуктан иттерге эксперимент жүргүзүү менен табылган нерв системасынын типтерин толук түрдө адамдагы алып өтүүгө илимий негиз бар.

Сыягы, келтирилген жогорку типтер мазмуну боюнча темперамент түшүнүгүнө туура келчүүдөй. Бул И.П.Павлов ЖНСтин типтерин Гиппократтын темпераментине салыш-тыруудан да ачык көрүнөт.

Күчтүү, тең салмактуу, кыймылдуу тип сангвинник темпераментке туура келет.

Күчтүү тең салмактуу инертүү типти флегматиктик темперамент деп караса болот.

Күчтүү, тең салмактуу эмес, кыймылдуу тип холериктик темпераментке дал келет.

Күчсүз типти меланхолик темперамент менен теӊ койсо болот.

И.П.Павлов булардан дагы тереӊдетип экинчи сигналдык системанын негизинде, негизги орунду ээлеген тип жана орто тип ж.б. деген жетиге чейинки ЖНСтин типтерин аныктаган.

## § 17.3. Темпераменттин касиеттерине жалпы мүнөздөмө

Темпераменттин түрлөрүн мүнөздөө үчүн психо-физиологдор тарабынан ачылган темпераменттин негизги касиеттерин билүү зарыл. Алар нерв системасынын касиеттери менен тыгыз байланышта туруп, адамдын иш-аракеттеринин бардык түрлөрүнө бирдей, туруктуу кездешип, темперамент-терди бири-биринен ажыратып, ар бирин жалпы мүнөздөөгө мүмкүндүк берет. В.С.Мерлин темпераменттин төмөнкүдөй психикалык касиеттерин белгилеген:

**Сензитивдүүлүгү** (психиканын сезгичтиги). Бул-адамда кандайдыр бир психикалык реакциянын пайда болушун шарттаган тыштан таасир этүүчү эӊ кичине күч, психиканын пайда болуу ылдамдыгы.

**Реактивдүүлүк -** бирдей күчкө ээ болгон тышкы жана ички дүүлүктүргүчтөргө адамдын кандай эмоционалдык күч менен жооп бере тургандыгын билдирет.

**Реакциянын темпи -** мында ар кандай кырдаалдардагы адамдын психикалык процесстеринин кыймылынын ылдамдыгы, кеп темпи, акылынын тездиги, тапкычтуулугу түшүнүдүрүлөт.

**Активдүүлүк –** алдыда турган проблемаларды аткарууда эӊ кичинекей күч жумшоо менен аткарылуучу темпераменттик касиетти айтабыз.

**Ийилчээктик** - адамдын тышкы таасирге, өзгөрүүлөргө карата жеӊил, тез ыӊгайлашуу өзгөчөлүгү.

**Ригиддүүлүк** - жүрүм-турумдун инерттүүлүк деӊгээли башкача айтканда сырткы шартка ыӊгайлашпоочулук касиети.

**Экстраверттүүлүк -** адамдын реакциясынын, иш-аракетинин көп учурда тышкы таасирге көз каранды болуп, өзгөрүп турушун билдирет.

**Интроверттүүлүк** - адамдын жүрүш-турушунун, келечек-теги кыялдардын жана өткөнкү элестердин таасиринде болушун мүнөздөйт.

## § 4. Темпераменттин иш-аракетке жараша ыңгайланышы

Темпераменттин кайсы түрү мыкты, баалуу дагы, кайсынысы начар деген суроолор турмушта көп эле коюлуп жүрөт. Мындай суроолорго бир жактуу жооп берүү туура эмес. Белгилүү окумуштуулар өздөрүнүн темпераменттеринин таасирине берилип, темпераментти жакшы, жаман деп экиге бөлүшкөн. Мисалы, Аристотель меланхоликти жогору баалап, анын терең ойчулдугуна артыкчылык бериптир. Философ И.Кант болсо флегматиктик темпераментти баалап, анын ишке жай кызыкканы менен, майын чыгарып, көшөрө иштерине таң берген экен.

Бирок мындай ой жүгүртүү туура эмес. Ар бир темпераменттин оң-терс касиеттери жарыш кездешет. Алсак, холерик – таарынчаак, өзүн-өзү кармай албаган ачуулуу, бирөөнүн тилин албаган кежир болгону менен өтө тырышчаак, ишти талбай, ак ниети менен берилип аткарат.

Меланхолик – коркунчаак, өзүнө-өзү ишенбеген бирөөлөр менен мамиле түзө албаган, өтө эмоциялуу адам. Ошол эле учурда ал өтө кылдат, өтө сезгич, боорукер сапаты менен баалуу. Сангвиник темпераментиндеги адам баштаган ишти ар качан арабөк калтырган шашма экени белгилүү. Бирок күчтүү дипломат, бир канча жумушту жарыш аткара алуучулук сыяктуу мыкты, жөндөмгө да ээ. Флегматик үчүн өзүн курчап турган кишилерге кайдыгерлик, көңүлү суздук өңдүү кемчил касиеттер менен бирге токтоолук, баштаган ишин аягына жеткизген өжөрлүк да мүнөздүү.

Турмушта туруктуу темпераменттин түрүнө ээ болгон адам кантип тигил же бул кесиптин талабына жооп берет деген практикалык суроо келип чыгары чын. Бул проблеманы чечүүнүн бир канча жолдору бар:

Биринчи - кесипти туура тандоо, келечекке багыттоо иштерди тыкандык менен жүргүзүү.

Экинчи - адамдарга коюлуучу талаптарды дифферен-циялоо. Алсак, адамдар менен мамиледе болгондо алардын темпераментинин оң-терс жактарын бирдей эске алуу, көңүлдүү кармоо зарыл. Айталы, флегматиктин көңүл коштугун, кайдыгерлигин жое тургандай холериктен өзүн токтоо кармап, улууларды, жолдошторун сыйлагандай, меланхолик-тен коомдук эмгекке активдүүлүктү, коллективде болууну талап кылып, мамиле жасоо оң натыйжа берет.

Үчүнчү - тандап алган кесипке темпераменттин касиеттерин ылайыкташтыруу же иш-аракетте кызыктуу мотивдерди көбөйтүү. Эгерде бул принцип ишке ашса, анда тигил же бул иште адамдардын темпераменттик каситтери анча мааниге ээ болбой калат.

## § 17.5. Темпераменттин, тукум куучулук жана чөйрө түшүнүктөрүнүн ортосундагы байланыштары

Окумуштуулар тарабынан жүргүзүлгөн эксперименттер байкоолор темпераменттин каситтери тубаса эмес экендигин негиздейт. Бирок эгиз балдардын өз ара жакындык касиеттери 85%ке чейин жетери аныкталган И.В.Рабия-Щербо бирдей жана түрдүү урuktагы эгиздердин нерв системасынын (тү гөйлөр ортосунда) типтеринин окшош касиеттерин атайын салыштырганда, тукум куучулуктун маанилүү ролу аныкталган. И.В.Рабия-Щербонун оюн белгилүү деңгээлде В.С.Мерлин да тактап, нерв системасынын ар кандай касиети темпераменттин түрдүү жактарына таасир этээрин, активдүүлүктүн ар бир динамикалык, эмоционалдык жана мотордук өзгөчөлүгү нерв системасынын тиги же бул касиетине гана жараша болбостон, Бирок, И.П.Павлов аларга кошулган эмес. Ал адамдардын жана айбандардын



**Рабия-Шербо** - кытайлык окумуштуу (улуту уйгур, төрөлгөн, өлгөн жылы белгисиз).

жүрүш-туруш образдары жалаң гана нерв системасынын касиеттерине байланыштуу болбостон, организмге тынымсыз таасир эткен дүүлүктүргүчтөргө, тагыраак айтканда, тарбияга, окутууга да жараша болорун айтат. Жалпысынан алганда, темпераменттин касиеттеринин тубаса экендигин бир да окумуштуу танбаганы менен, темпераменттик касиеттер чөйрөгө, тарбияга, окууга эч кандай көз каранды эмес дегендик туура эмес. Ал адамдын жашоо шартына, жаш өзгөчөлүгүнө, билим деңгээлине, коомдо ээлеген ордуна карай, өзүнүн касиеттерин өзгөртөт, ылайыкташтырат. Мисалы, холериктик касиеттер менен төрөлүп калыптанган балдар турмуштун белгилүү этабында жогорку маданияттуу, адамгерчиликтүү үй-бүлөөгө туш келсе, ошол шартка ылайык өз касиеттерин ыңгайлаштырат.

И.П.Павлов өзүнүн лабораториясында бирдей каситтерге ээ болгон иттерди тең эки группага бөлүп, бир тобун эркин, ачык чөйрөдө, экинчи тобун клеткада кармаган. Эксперимент клеткада багылган иттердин көбүнүн нерв системасынын начар өнүккөнүн көрсөткөн. Мындан чөйрөнүн таасиринен темпераменттин айрым касиеттери начарлашы, же күчөшү мүмкүн экендиги аныкталат.

Практикада адам катуу оорудан травмалык таасирден темпераменттик касиеттеринин айрымдарынан ажырашы мүмкүн. Чынында да, катуу ооруудан турган адамдарда кескин өзгөрүүлөр байкалары белгилүү. Мисалы, шизофрения менен ооруган адамдын темпераменти жөнүндө сөз кылууга болбойт.

**Темпераменттин типтерин изилдөөчү ыкма**





**Экинчи тестик ыкма.** Адам баласы белгилүү бир иш системасын аткарууда бирдей типте кыймыл жасабастан, берилген темпераменттин типтерине жараша кыймылда болуп, аткарыла тургандыгын жогорудагы теориялардан билебиз. Ошол темпераменттин типтерин окутуп жаткан балдарда кандай деңгээлде экенин билүү үчүн төмөнкү ыкманын варианттын сунуш кылабыз.

**Иштин максаты:** Изилденип жаткан балдардын темпераментинин типтерин аныктоо.

**Изилдөө обьектиси:** Балдардын психологиясына жараша жогорку нерв системасынын иштөө принциптери.

Эксперименталдык изилдөөнүн инструкциясы: Изилдөөгө катышкан окуучуларды (студенттерди), алдын ала даярдалган, тем-

пераменттин типтерин аыктоого багытталган 40 тестик суроолорго. «ооба», «жок», «билбейм» деп жооп берүүнү «+» ооба, «-» жок, «0» билбейм деген символикалык белги менен жооп берүүнү түшүндүрүп төмөнкү бланканы толтуруп берүүнү сунуш кылабыз.

| № | Тестик суроолор | Баллдар |
|---|---|---|
| 1 | Сиз тынчы жок адамсызбы? | |
| 2 | Сиз шайыр, ачык көңүлсүзбү? | |
| 3 | Сиз жөнөкөй, жоошсузбу? | |
| 4 | Сиз уялчааксызбы? | |
| 5 | Сиз түз бетке айтар адамсызбы? | |
| 6 | Ишти аягына жеткизбейсиз? | |
| 7 | Жумушту иреттүү аткарасызбы? | |
| 8 | Жаңы чөйрөгө кеч көнөсүзбү? | |
| 9 | Кеп талаштан оңой чыгасызбы? | |
| 10 | Өзүңүздү нормадан жогору көрөсүзбү? | |
| 11 | Аз, ашыкча сүйлөбөйсүзбү? | |
| 12 | Бейтааныш менен байланышуу кыйынчылык алып келет. | |
| 13 | Таарынычыңыз тез келет. | |
| 14 | Кыйынчылык болсо, оңой чыгасыз. | |
| 15 | Ишти аягына жеткиресизби? | |
| 16 | Кыйынчылыкта көңүлүңүз чөгөбү? | |
| 17 | Ачууңуз тез келеби? | |
| 18 | Жасап жаткан жумуш сизди кызыктыр- баса, андан көңүлүңүз тез калабы? | |
| 19 | Жөндөн-жөн күч коротпойсуз. | |
| 20 | Үнүңүз алсыз, кээде шыбыраган адамсызбы? | |
| 21 | Тобокелдикке көп басасызбы? | |
| 22 | Жаңы жумушту тез өздөштүрөсүзбү? | |
| 23 | Катуу пландашкан жашоону каалаган адамсызбы? | |
| 24 | Күмөн санай бересизби? | |
| 25 | Көркөм кыймылдуу адамсыз. | |
| 26 | Боорукер жаңы чөйрөдө ыңгай- сыздыкты сезбеген адамсызбы? | |
| 27 | Мактоону көңүлгө аласызбы? | |

| | | |
|---|---|---|
| 28 | Кыялкеч адамсызбы? | |
| 29 | Чарчабастан жаңыга умтулган адамсызбы? | |
| 30 | Үнүңүз катуу тез, так сүйлөйсүзбү? | |
| 31 | Өтө эле тарынчаак адамсызбы? | |
| 32 | Кызыкчыңызды, байлаңызды тез – тез алмаштыра бересизби? | |
| 33 | Максатыңызга кыйындыка карабай жетесизби? | |
| 34 | Оор кырдаалда өзүн кармаган адамсызбы? | |
| 35 | Чөйрө менен байланышта болуп, ага оюңуз тү збү? | |
| 36 | Өтө эле аз сүйлөйсүзбү? | |
| 37 | Көңүлүңүз тез алмашабы? | |
| 38 | Дайыма чечим чыгарганга шашасызбы | |
| 39 | Баардыгынан иреттүүлүктү жакшы көргөн адамсызбы? | |
| 40 | Бечара болуп жардам суроону жакшы көрөсүзбү? | |

Изилденүүчүлөр тесстик суроого жооп берип бүткөн соң экспериментке катышкан балдардын темпераментинин типтерин аныктоодо төмөнкү формула колдонулат:; (1)

$$P_i = \frac{A_i}{A} \bullet 100\%$$

| № | Ф.И. | Темпераменттик типтер | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Сангвиник | Холерик | Флегматик | Меланхолик |
| 1<br>2<br>3<br>n | Ч. Т.<br>А. кызы Ф.<br>Ж.Г.<br>… | 70<br>35<br>10 | 15<br>60<br>15 | 10<br>5<br>65 | 5<br>0<br>10 |
| | Ариф. орточо | 38,3 | 30 | 26,6 | 5 |

Мында P - ар бир темпераменттин типтери.

$A_1$ – ар бир темпераменттин типтери үчүн берилген жоопторрдун жыйынтыгы.

А – ар бир темпераменттин тибине карата берилген ачкычтын жалпы жоопторунун саны.

Ал эми темпераментти аныктоо үчүн жогорку 40 тестик суроолорду төмөнкү ачкыч менен аныктоого жетишебиз.

**Ачкыч:**

А. хол. – 1, 5, 9, 13, 17, 21, 25, 29, 33, 37

А. сан. - 2, 6, 10, 14, 18, 22, 26, 30, 34, 38

А. флег. - 3,7, 11, 15, 19, 23, 27, 31, 35, 39

А. мелен. – 4, 8, 12, 16, 20, 24, 28, 3 2, 36, 40

мында $A_i$ - №1 таблицадагы жооптордун суроого макулдугун берген + тардын суммасы. Ал жерден «-» жана «0» белгилери эсепке алынбайт. Ал эми А №1 таблицанын биринчи катардагы жалпы суроонун суммасы. Биздин шартта 10 деген санга барабыз. Эгерде $A_i$=7 барабар боло турган болсо, ал төмөндөгүдөй чыгарылат.

$$P_i = \frac{A_i}{A} \bullet 100\% = \frac{7}{10} \bullet 100\% = 70\%$$

б.а. бул жоопторду берген

P - окуучу 70% деңгээлде холериктик типке кире турганын билебиз. Ушул сыяктуу калган типтерди таба алабыз. Ошентип , экспериментке катышкан окуучулардын ар бир бланкасы өзүнчө иштелип чыккандан кийин, класстын темпераменттик типтерин аныктоо үчүн, ар бир бланкадан алынган темпераменттик көрсөткү чтөрдү төмөнкү таблицага жайгаштырабыз.

Эксперименттин аягында №1 жана №2 таблицаларга таянуу менен төмөнкүдөй анализ кылабыз. Жогорку таблицадагы темпераменттик типтеринин көрсөткүчтөрү 100% ке жакындаган сайын, ал окуучунун же класстын (группанын) ошол типтеги темпераментке кире турганын билүүгө болот. Ал адамдардын кандай личносттук сапатка ээ экендигин төмөнкү теориялык түшүнүктөр аркылуу анализдей алабыз.

**Сангвиник** - деген сөздү латын тилинен кыргызчага которгондо кан суюктугу деп которулат. Бирок илимий мааниге ээ эмес. Термин гана ошондой аталат. Кан суюктугу басымдуу адам дегенди психологияда түшүнө турган болсок, ал төмөнкүнү туюндурат.

Инсандык сапаты боюнча: жандуу, кыймылы тез, шайыр, көп сүйлөшө алган, бирөөнүн тамырын сезе билген, сүйлөшүүгө мүмкү нчүлүк түзө алган, чыгармачыл, бирөө менен жайдары сүйлөшкөн, кыйынчылыктардан оңой чыккан, жаңы чөйрөгө тез көнүккөн сапаттар кирет.

Ишмердик сапаттары: кызыктуу иштерде жаңы ойлорду таба алган, коллективдердин арасында бирөөнү кубаттоо, өзүнө тартуу жөндөмдүүлүгү аркылуу өзүн көрсөтө билет, көп сүйлөйт, бирок мактанбайт.

Жетишпеген жактары: максатка умтулуусу жетишпейт, айрым учурларда баштаган ишин аягына чыгарбайт.

Бул типтеги адамдардын инсандык сапаттарын жогорулатуу үчүн эгерде коюлган максатын аягына чыгарып, иштеп жаткан жумушун маңызын чыгара иштөөгө үйрөнсө, бул типтеги адамдардын инсандык сапаттары жогору болот.

**Холериктик тип:** - латын сөзүнөн кыргызчага которгондо өт суюктугу басымдуу адамдар дегенди билдирет. Бирок бул түшүнүк дагы илимий мааниге ээ эмес. Жөн гана ушул типтеги адамдарды, бөлүп билүү үчүн колдонулган термин.

Инсандык сапаты боюнча: - физикалык жактан өтө күчтүү, ачуусу тез келип, өзүн көпкө токтото албайт. Бир нерсеге тез реакция берген адам. Өзүн көп учурда башкара албайт. Айтылган сөздү түз түшүнгөн адамдар болушат.

Ишмердүүлүк сапаты: - ишти эң жогорку энергия менен демилгелүү кызыгуу менен аткарат. Физикалык жактан күчтүү, кыйынчылыктан тез чыккан адам.

Бул типтеги адамдардын инсандык сапаттарын жогорулатуу үчүн өзүнүн жасап жаткан иштерине сын көз менен кароого ү йрөтүү максатка ылайыктуу.

**Флегматик тип:** - латын сөзүнөн алынган бизче «былжыр» суюктук дегенди түшүндүрөт. Бул термин дагы илимий мааниге ээ эмес, термин гана ошондой аталат.

Ошол типтеги адам дегенди гана түшүнсө болот.

Буга инсандык сапаты боюнча өзүнүн жүрүм-турумун жай башкарган, жөнөкөй, чыдамкай, түз жүргөн, кээ бир нерсеге анча маани бере бербеген, жаңы чөйрөнү анча сүйбөгөн жана кыйынчылык менен көнүккөн сапаттагы адамдар кирет.

Ишмердүүлүк сапаты: койгон максатын аягына чыгарууга умтулган, талбаган, чарчабаган адам. жасаган ишине жоопкерчилик менен карап, майын чыгара иштейт.

Жетишпеген жактары: Жашоого активдүү мамиле жасабаган, ишине кайдыгер караган, активдүүлүгү төмөн адам.

Бул типтеги адамдардын инсандык сапаттарынын активдүүлү гүн максаттуу жогорулатуу керек.

**Меланхолик:** - бул дагы латын сөзүнөн «кара кан» дегенди түшүндүрөт. Бирок бул түшүнүк дагы илимий мааниге ээ эмес. Жөн гана ушул типтеги адамдарды, бөлүп билүү үчүн колдонулган термин.

Инсандык сапаттары: - Жалгыздыкты жакшы көргөн, бирөө менен сүйлөшкөндү сүйбөгөн. Өзү менен өзү болгон, жаңы маалыматтарды билүүгө көңүлү чаппаган, өзүнө анча ишенбеген, коркок, демилгелүү болуудан айбыккан саппаттагы адам кирет.

Ишмердүүлүк сапаттары: - Эгерде жумушчу орун түзүлүп бирөөлөр жолтоо болбосо, иштеп жаткан жумушунун ийне жибине чейин маани берип жумуштун майын чыгара иштей алган адам.

Жетишпеген жактары: - өтө тарынчаак, кылдан кыйкым тапкан адам. Көпчүлүктү жактырбайт.

Бул типтеги адамдардын инсандык сапаттарын жогорулатууда өзүнө сын көз карашта болуудан чыгып, тартынганды унутуу керек. Бирөө менен иштөөгө көнүгүп, иштеп жаткан жумушка активдүү мамиле жасоого үйрөнүүгө көнүгүү зарыл.

Ушундай ыкмаларды биз сунуш эткен адабияттардан таап, мындан башка методикалардын жардамында изилдесе болот.

## Колдонулган адабияттар


1. Белоус В.В. Темперамент и деятельность. Учебное пособие. -- Пятигорск, 1990. (Место темперамента в структуре личности: 20--25. Типы темперамента: 26--52. Темперамент и деятельность: 102-112.)
2. Гиппенрейтер Ю.Б. Введение в общую психологию. Курс лекций. -- М., 1988. (Темперамент: 234--256.)
3. Закиров А. Психология боюнча практикум. Ош- 2015.
4. Мерлин В.С. Очерк интегрального исследования индивидуальности. -- М., 1986.
5. Миңбаев К., Закиров А. Психология. Ош – 2015
6. Стреляу Я. Роль темперамента в психическом развитии. -- М., 1982. (Основные концепции темперамента: 19--66. Темперамент и факторы его формирования: 67--109. Связь темперамента со способностями и личностью: 109--141. Значение свойств темперамента для деятельности: 162--227.)
7. Общая психология. -- М., 1986. (Темперамент: 401—4
8. Русалов В.М. Биологические свойства индивидуально-психологических различий. -- М., 1979. (Основные положения теории человеческой индивидуальности: 6--22. Психодинамические свойства человека: 163—2
9. Рубинштейин Л.С. Основы обөей психологии. - СПб.1999. 10. Чудновский В.Э. Воспитание способностей и формирование личности. -- М., 1986. (Индивидуальный стиль деятельности и способности: 55--69.)


## Билимди текшерүүгө керектүү суроолор .

1. Темперамент жөнүндө жалпы түшүнүк.
2. Темпераменттин типтерин гуморалдык, ассоциациялык жана неврологиялык теорияларда таануу.
3. Темпераментти жогорку нерв системада түшүнүү.
4. Темпераменттин типтери.
5. Темпераменттин мүнөздөн айырмачылыгы жана окшоштуктары.
6. Темпераментти түшүндүрүүчү сапаттар.
7. Темперамент жана жөндөмдүүлүк.
8. Темпераменттин окуу жана эмгек ишмердүүлүгүндөгү ролу.
9. Темпераменттин тарбия проблемасындагы ролу.

## *Он сегизинчи бөлүм:*
# МҮНӨЗ

*Адамды* ***жүрүм*** *– турумунан эмес,*
*мүнөзүнөн тааны.*
***(Кыргыз эл макалы)***

## § 18.1. Мүнөз жөнүндө жалпы түшүнүк

Мүнөз жөнүндөгү түшүнүктү илимге биздин доорго чейин 4-3 кылымда грек философу Теофраст киргизген. Грекче «характер» деген сөз «белги, өзгөчөлүк» деген берет. Орусча «характер», кыргызча мүнөз терминдерине дал келет.

Мүнөз башка психикалык процесстерге караганда бир катар чектелген психикалык сфераны тейлебегендиги менен өзгөчөлөнгөн, көрүнүш катары каралат. Дээрлик окумуштуулардын көбү мүнөзгө төмөнкүдөй аныктама берип жүрүшөт.

*Адамдын эрктик, адептүүлүк сапаттарында негизги орунду ээлеп, анын коомго, коллективге (башка кишилерге), эмгекке жана өзүнө личность катары жасаган мамилесинде байкалуучу жекече психикалык өзгөчөлүк - мүнөз деп аталат*.

Аныктамада көрүнгөндөй, мүнөз личносттук нравалык (патриоттуулук, эмгекчилдик, чынчылдык, ак ниеттүүлүк) эрктик, (чечкиндүүлүк, тырышчаактык, өзүн-өзү кармай билүүчүлүк, эр жүрөктүүлүк) касиеттеринен, эмгекке, башка адамдарга, өзүнө болгон мамилесинен ачык байкалат.

Мүнөз жалаң гана айлана-чөйрөнүн таасиринен калыптанат деп бир бүтүм чыгаруу - илимий негизден алыстагандык. Мүнөз эч качан баш мээсиз, дене түзүлүш физиологиялык обочолонгон боштукта пайда болот. Мээ башка бардык психикалык процесстердин негизги элементи болгондой эле, мүнөздүн калыптанышында да базалык элемент болуп кала берет. Мындай көз караштты көпчү лүк окумуштуулар (Э.Кречмер, У.Шелдон, И.П.Павлов, А.Е.Личко) колдошот. Кречмердин, Шелдондун, Личконун ж.б. окумуш-

туулардын изилдөөлөрүнө мүнөздүн генетикалык негизине ашкере бир берилет. Бирок бир түйүлдүктөн төрөлүп, бири-биринен ажыратылып, ар түрдүү чөйрөдө жана бири-биринен ажыратылбай бирге тарбияланган эгиз балдарга жүргүзүлгөн (таблицадагы) эксперименттердин жыйынты -гынан мүнөздүн табияты тууралуу генетикалык көз карашты төгүндөйт.

Мүнөз – личностун туруктуу, бекем касиети. Бирок анын сферасын түзүүчү личностук касиеттер өзгөрбөй, стериотиптик деңгээлде турат деген ой эмес. Мүнөз муундан-муунга, тукумдан-тукумга мураска өтпөйт, адамды курчап турган чөйрөнүн таасиринде өзгөрүп турат. Ал айлана-чөйрөнүн таасиринде калыптанат, түзүлөт. Мүнөздүн калыптанышында чөйрөнүн таасиринин ролу да чоң, кыскасы, мүнөздүн табиятын түшүнүү үчүн калыптаныш механизмин тандаган оң.

Мүнөздүн калыптаныш механизмин байкап көрөлү. Личносттун индивидуалдык өзгөчөлүктөрүнүн калыптанышы өтө жаш чагынан башталып, аң-сезимдүү турмушунда стериотиптик, системалуу касиет-тердин тобу болуп чыга келет. Мүнөздү көрсөтүүчү касиеттердин пайда болушу адамга билинбей, төрөлгөндөн тарта берилгендей сезилет. Чынында, андай эмес. Наристе жаңы төрөлгөндөн баштап туруктуу дүүлүктүргүчтөрдүн таасирине кабылып, ар дайым аларга жооп берүүгө келет. Дүүлүктүргүчтөрдүн айрымдары баланын иш-тажрыйбасында негизги орунду ээлеп, бекемделип, күн өткөн сайын, стериотиптик абалга өтө баштайт. Мындай каситеттер улам такталып, анын жүрүш-турушун башкаруучу кудуретке айланып отурат. Натыйжада, өзүн курчап турган дүйнөгө карата туруктуу мамиле, көз караш, жүрүш-туруштун, типтери, ой жүгүртүүнүн аракеттери акырындап калыптана берет. Коомго, коллективге, эмгекке анын маанисине карата мамиледе психологиялык өзгөчөлүктөр түзүлөт. Ушундай өзгөчөлүктөрдүн туруктуу букети ар бир личносттун мүнөзүн белгилейт.

Мүнөз чөйрөнүн таасиринде өзгөрүшү жана кайрадан тарбияланышы толук мүмкүн. Буга орус жазуучу А.П.Чеховдун эмгектеринен мисалдарды кездештиребиз. «Сен менин мүнөзүмө суктанганың жөнүндө жазыпсың. Айтып коюуга тийишмин, мурда мүнөзүм орой кескин, чогоол болчу», - деп жазыптыр ал өзү жөнүндө.

Адамдын жашаган чөйрөсүнүн байлыгы, көп кырдылуугу, мазмундуулугу анын мүнөзүндө сөзсүз чагылат.

Жогоруда белгиленгендей, мүнөздө тукум куучулук касиет болбойт. Мисалга эгиз балдарды алсак, темпераменттеринин өтө жакын экендигине карабастан, эки башка чөйрөдө тарбияланса, мүнөздөрүнүн окшобой калышы белгилүү. Адам чынчыл, жалганчы, арамза, алдамчы, ак көңүл касиеттери менен төрөлбөйт. Булардын жашаган, тарбия -ланган чөйрөсүнүн издери. Бирок мүнөздүн калыптануусунда личносттун жаратылышынан өткөн белгилерди такыр жокко чыгарууга жарабайт. Биринчи кезекте нерв системасынын тең салмактуулугу, күчү, кыймылдуулугу сыяктуу өзгөчөлүктөрү мүнөздөн байкалат. Чындыктагы бир эле көрүнүшкө эки адамдын мамилеси эки башка. Нерв системасынын өзгөчөлүгүнөн улам бири ага активдүү, ачык темпераментүү мамиледе болсо, экинчиси ойчул, токтоо карайт.

Мүнөздүн калыптанышында адамдын ден соолугунун да орду бар. Мүнөздүк касиеттердин жаңыдан түптөлүшүндө, андан ары калыптанышында жүрөктүн, тамырларынын, ашказандын, эндокриндик системанын иштеринин ролу чоң. Бул системалардын бузулушу мүнөзгө таасирин тийгизет.

Калыптанган, стереотиптик абалга өткөн мүнөздүк касиеттер адамга жаратылыштан берилген өзгөчөлүктөрдүн көрүнүшүнө, байкалышына тоскоолдук кылышы да этимал. Темпераменттин мүнөздүк белгилерди тез калыптоого өбөлгө болгонун көрөбүз.

Айталы, холерикте, өз алдынчалык, уюштуруучулук сымал сапаттар оңой тарбияланат, ал эми өзүн-өзү кармоо, өзүн-өзү сындоо касиеттерин тарбиялоо кыйын, жай жүрөт. Сангвиникте болсо демилгелүүлүк, мамилеге ийкемдүүлүк, кызыгуучулук өңдүү касиеттер жеңил пайда болот. Ошол эле убакта анда баштаган ишти аягына чыгаруу, өзүн кармоо сыяктуу касиеттерди жаратуу өтө ыкшоо жүрөт.

Мүнөздүн табиятын терең түшүнүү анын личность, темперамент сыяктуу категориялар менен болгон карым-катышын билүүгө байланыштуу. Көпчүлүк учурда мүнөздү окумуштуулар темперамент менен бирдикте же анын негизинде пайда болуучу процесс катары карашат. Андай көз караштар төмөнкүлөр:

Темпераментти мүнөзгө карама-каршы койгон окмуш-туулар. (П.Викторов, А.С.Варениус, Н.Д.Левитов).

Темперамент менен мүнөздү бир процесс катары карагандар (Русжицкий, Э.Кречмер).

Темпераментти мүнөздүн бир элементи деп түшүндүргөндөр (Ф.Кейре, Н.П.Гундобин, И.Городецкий, М.М.Рубинштейн К.К.Платонов).

Темпераментти мүнөздүн негизи катары санагандар (Л.С.Выготский,С.Л.Рубинштейн, Б.Г.Ананьев, Н.Корнилов).

Ошентип мүнөз менен личносттун ортосундагы байланышты түшүнүү боюнча да бирдиктүү пикир азырынча жок.

## § 18.2. Мүнөздүн структурасы

Мүнөз көп түрдүү касиеттердин тобунан түзүлөт. Түрдүү топтордогу касиеттер өз ара механикалык байланышта болбостон, бүтүн органикалык системада турат. И.П.Павлов айткандай: «Эгерде сиз адамдын айрым белгилерин гана өзгөчө орунга койсоңуз, анын мүнөзүн аныктай албайсыз, ал үчүн белгилердин кайсынысы жетектөөчү экендигин, биринчи планга коюларын, ал эми кайсынысы анча байкалбагандыгын, көмүскөдө калгандыгын аныктоо керек»!

Мүнөздү түзүүчү касиеттер окшоштугуна карабай эки чоң топко бөлүнөт.

1. Личносттун багытталышын мүнөздөөчү касиеттер.

2. Эрктик, интеллектуалдык, нравалык касиеттер.

Мүнөздүн интеллектуалдык белгилерине теориялык жана практикалык акыл, илимий байкагычтык, чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдү андай турган ийкемдүү акыл, жаратылышты үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуучу касиеттер кирет. Мүнөздүн эмоционалдык белгилерине кубулуш чындык-тарына болгон мамиленин ойчулдугун, супсактыгын, кызыгуусун, обьектини сүйүү же сүйбөө, сезимдерин, үстөмдүк кылуучу көңүлдү кошууга болот.

Мүнөздүн эрктик белгилерин чечкиндүүлүк, эр жүрөктүүлүк демилгелүүлүк, чечкинсиздик, коркоктук, жупунулук сыяктуу касиеттер түзөт. Ал эми личносттун багытталышын мүнөздөөчү ка-

сиеттерге дүйнөгө көз караш, идеал, ынтаа, кунт, кызыгуу, каалоо киреt.

Психологиялык илимий багыттагы адабияттарда мүнөз гармониялык жана дисгармониялык мүнөз деп эки типке бөлүнүп жүрөт. Биринчи типке кирген адамдар жашоо чөйрөлөрү өтө ыңгайлуу болуп табиятынан бай натурага ээ. Алар – атактуу окумуштуулар, сүрөтчүлөр, музыканттар жана башкалар.

Дисгармониялык типтеги адамдарда бардык белгилер бирдей өнүкпөйт. Иш-аракетке керектүү касиеттердин бир бөлүгү күчтүү өөрчүп, экинчи бөлүгүнүн өнүгүүсү токтотуп калат. Адамдарын мүнөздүк касиеттер турмуштун бардык кырдаалдарында бирдей оң эффективдүү манилүүлүккө ээ боло бербейт. Айрымдагы коомдо жашаган белгилүү группаларга жагымсыз көрүнүп, терс кабыл алышы мүмкүн. Ал адам ар дайым ошол чектелген касиети менен коомдон өзгөчөлөнүп, өзүн курчаган адамдардан бөлүнүп турат. Мындай өзгөчө касиеттер илимде акцентуралык касиеттер деп аталат.

Мүнөздүн акцентуациясы. Акцентуация-латын сөзү, кыргызча «басым». Психологияда адамдын бир касиетине өзгөчө маани берүүнү туюндурат. Акцентуралык касиет деген личностту мүнөздөөчү касиеттердин ичинен өзгөчө бөлүнүп, анын жүрүш турушун башкаруучу, башка адамдардан айырмалоодо доминанттык ролду аткарган касиеттердин тобу. Дисгармоникалык тип ээ болгон касиеттерге карап окумуштуулар мүнөздүн түрдүү типтерин сунуш кылышууда.

Адамдын мүнөзү анын төрөлүшүнүн биринчи күнүнөн калыптангандыктан, жашоонун бардык мезгилинде тигил же бул деңгээлде туруктуулук байкалат. Личностту мүнөздөөчү белгилердин айрымдары мүнөздүн негизги касиеттерине айланып, адамды бири-биринен айырмалай турган касиеттердин топторун түзөт. Ошондуктан айрым окумуштуулар (У.Шелдон, Э.Кречмер, Э.Фромм, К.Леонгард, А.Е.Личко) мүнөздүн типтерин табууга аракеттенишкен.

Кречмер адамдын денесинин түзүлүшүнө карап мүнөздүн үч астеник, атлетик, пикник түрүн келтирет. Бул Кречмердин идеясын А.Е.Личко өнүктүрүп, өспүрүмдөргө байкоо жүргүзүү менен

мүнөздүн 11 (гипертимдик, циклоиддик, лабирдик, астеноневротикалык, сензитивдик психостеникалык, шизоидик, эплептоиддик, туруксуздук, конформдук) тибин сунуш эткен. Анын ойлорунун негизинде немец окумуштуусу К.Леонгард мүнөздүн 12 түрүн (гипертимдик, дистимдик, циклоиддик, козголуучулук, пед- анттык тынчсыздык, капалануучулук, эмативдүү, демонс -тративдүү, экзальтивдик, экстравер- түүлүк, интравертүүлүк) көрсөтөт. Ал эми дарыгер-психиатр фрейдист Э. Фромм адамдын социалдык жүрүш-турушуна байкоо жү ргүзүп, мүнөздүн 3 тибин (мазихит, садист, разрушитель, конформист-автомат) белгилейт Жогоруда келтирилген мүнөздүн типтеринин бир вариантын талдап көрөлү.



**К. Леонгард** 1904-1988 - жылдары жашаган немец окумуштуусу.



**Э.Фромм** 1900-1980 - жылдары жашаган немец окумуштуусу.

Дисгармониялык (эксентуралык) касиеттерге ээ болгон адамдар негизинен 9 группага бөлүнөт.

**Гипертимдүү** мүнөзгө ээ болгон тип. Алар шартка көз каранды болбой, көңүлү көтөрүңкү жашаган, активдүүлүктү, иш-аракети, турм- ушту сүйгөн адамдар. Тескери касиеттерине көңүлүнүн өзгөрү -лмөлүүлүгүн, өзүн-өзү көзөмөл -дөөсүнүн начардыгы туругунун жоктугу кирет.

Мүнөздүн **гипотипдүү** тибине ээ личносттордо ак ниеттүүлүк, туруктуулук сыяктуу оң жана пессимисттик, пассивдүүлүк, өз күчүнө ишене бербегендик өңдөнгөн терс сапаттар бар.

Мүнөздүн **циклоиддик** тиби. Мындай типтеги адамдын көңүлү ички жана тышкы себептерден улам өзгөрүп турат.

Мүнөздүн **шекчил** – «ташмишчил» тиби. Бул типтеги адамдар ар кандай нерсеге чочугандык, коркоктук, ишенбөөчүлүк, шекчил-

дик менен мамиле жасайт. Оң жактары – кылдаттык, тыкандык, тактык.

Мүнөздүн **демонстративдүү** тиби. Өзүнө керектүү ролду тез ойноп кетет, ийкемдүү, өзүн өзү таанытууга көп умтулат.

Мүнөздүн **козголгуч** тиби. Эмоциясы күчтүү, кызыгуусу жогору. Кыймылы тез адам.

Мүнөздүн **туруктуу эмес** тиби. Бул типтеги адамдар бала кыялдуу туруксуз болот, ырахаттануунy жакшы көрөт.

Мүнөздүн (застревающий) **токтоп калуучу** тили: Адатта коом, социалдык чөйрө менен личносттун кызыкчылыктарында жалпылыктар болбой калат. Аталган мүнөздөгү адамдардын максаты коомдун максатына дал келсе, алар коомго чоң пайда келтиришет.

Мүнөздүн **өздүк-касиеттик** тиби. Ойлоосунун оригиналдуулугу, өзгөчөлүгү менен адамдардан, дүйнөлүк окуялардан өзүн ажыратууга аракеттенген жагы аркылуу инсандар айырмаланып турат. Кемчилдик жагы, өзүн ар кандай кырдаалдарда обочо кармагандыгында өздүк сезимде жүргөндүгүндө.

## § 18.3. Тулку бой жана мүнөз

Мүнөздү тулку бойго карап аныктоо системасы адамдардын ортосундагы мамиленин, карым-катнаштын негизинде пайда болгон. Байыркы Грециядагы кулчулук доор – буга айкын мисал. Кул ээлөөчү кулду сатып алууда анын физикалык күчүн, жашын, пайда келтирүү мүмкүнчүлүгүн сырткы боюна карап, ошол учурда топтолгон адам жөнүндө информацияга таянып аныктаган.

Тулку бойго карап мүнөздү аныктоо Аристотельдин, Платондун эмгектеринде да учурайт. Аристотель мындай деп жазыптыр: «Мурду буканыкындай жоон арамзалыкты, чочконукуна окшош чоң тешиктүү кенен мурун дөөпөрөстүктү, арстан мурундуу текирейүүчүлүктү, ичке, уяң чачтуу, коркоктукту, кара чачтуу - эр жү рөктүүлүктү билдирет».

XVII кылымда тулку бойго карап мүнөздү аныктоо аракеттери өтө күчөгөн. Бул багыттын негизги өкүлдөрүнүн бири – Иогани Каспар Лафатер. Ал адамды башына, дене түзүлүшүнө, конфигурациясына байкоо жүргүзүү менен үйрөнүүнү сунуш кылган. Өз

доорунда Лафатер чоң ийгиликтерге жетишет. Бир жолу жаңы үйлөнгөн граф аялын алып келип, анын келечегин айтып берүүнү өтүнөт. Лафатерге бир топ кыйыктанып жатып, аялы жакынкы күндөрдө таштап, сойку болуп кетерин графка айткан. Кийин Лафатердин оюу чын болуп чыккан. Немец врачы Ф.Галльда адамдын баш сөөгүн үйрөнүү менен анын келечеги жөнүндө ой жүгүрткөн. Албетте, метод илимий негизге ээ эмес. Тулку бой менен мүнөздүн ортосунда эч кандай байланыш жок. Бирок мүнөз адамдын тышкы облигине таасир тийгизери шексиз. Адамдын бетиндеги бырыштар өнөкөт болуп калган булчуң эттердин аракетинин натыйжасы. Мүнөз айрыкча позадан байкалат. Боюн көтөргөн адам тулкусун артка таштап, көкүрөгүн алдына чыгарып, чалкалап басат. Жупуну, жөнөкөй адам бүкүрөйүп, башын жерге салып, ийнин бираз көтөрүп жүрөт. Кошоматчы бүткүл денесин алдыга таштап, көзү башка адамдардан өтүп турат.

**Хиромантия.** Бул гректин «хир», «мантия» деген сөздөрүнүн айкашынан түзүлгөн, кыргызча «кол», «жору». Жаратылыштан чоң кудуретке ээ болгон көр тириликтин айынан алдамчылык кылган адамдардын алаканга карап тагдырды аныктоо аракети хиромантия окуусун пайда кылган. Хиромантия адамдын алаканында жайланышкан тарамдарга жана сайчаларга карап, адамдын тагдырын алдын ала айтып берүү мүнөзүн аныктоого аракет жасаган окуу ишеним. Ал Пифагор, Гален, Ибн-Сина жашаган доорлордо пайда болуп, ушул күнгө чейин карапайым калктын арасында кызыгууларды туудуруп келүүдө. Хиромантиянын маңызында адамдын тагдыры мүнөзү төрөлгөндөн баштап, берилип, ал чөйрөгө жана башка факторлорго карай өзгөрбөйт деген пикир жатат.

## § 18.4. Мүнөз жана кол жазма

Кол жазма менен мүнөздүн ортосундагы байланышка азырынча илимий негиздүү жооп алына элек. Бул мүнөз түшүнүгүнүн өзүнүн жашоо чөйрөсү табияты али такталбагандыгы менен байланыштуу.

Бирок кол жазма менен кээ бир эмоционалдык жогорку нерв системасынын типологиялык касиеттеринин ортосунда байланыш

бар. Мисалы, шизоврения оорусу кол жазманын өзгөрүшүнө тасир берет. Криминалисттер кол жазма аркылуу кылмышкерлерди таба алышат. Кол жазмада адамдын тигил же иш-аракети ийгиликтүү, ийгиликсиз аткарышы чагыла тургандыгы чындык. Ошондуктан кол жазма менен мүнөздүн ортосунда түз байланыш бар деген

пикир айрым изилдөө-чүлөрдүн арасында жашап жатат. Чындыгында, кол жазма менен адамдын мүнөзүнүн айрым элементтеринин ортосунда түз байланыш бар. Ал физиологиялык жактан да жеңил далилденет. Алсак, адамга түрдүү мазмундагы дүүлүктүргүч-төр таасир этип, алар анализатордук жаада иштелип, тийиштүү малыматтар жумушчу органдарга берилет. Жумушчу органдар дүүлүктүргүчтүн мазмунуна жараша жооп берет. Адамдын организминде болуп жаткан өзгөрүүлөр кол жазмада катталып турат.

Мүнөз менен кол жазманын ортосундагы байланышты аныктоо аракеттери графология («графо», «логия» деген грек сөздөрү нөн турат, кыргызча «жазам», «окуу») окуусунун пайда болушуна алып келди. Бул окуу байыркы философтор Аристотельден, Теофрастан башталган.

Мүнөз менен кол жазманын ортосундагы байланышты аныктоо аракеттери графология илиминин пайда болушуна алып келди. Аны илимге биринчи 1622-жылы италиялык окумуштуу К.Бальдо киргизген. Кийин графология жөнүндөгү илимий пикирлер Мишонанын, Хрост Громандын эмгектеринде кездешет. Бул илимдин өнүгүшүнө алгач байкоолор негиз болгон. Мисалы, Кытайда жаңы үйлөнүп жаткан кыз менен жигиттин келечектеги мамилесин, тагдырын алардын кол жазмасы аркылуу аныкташкан. Америкада заводдордун кожоюндары өздөрүнө керектүү жумушчулардын кол жазмаларын текшерип, алардын ишкердүүлүгүн, жалпы ден соолугун билишкен. Кол жазма аркылуу оорулууларга диагноз коюуга да мүмкүн.

## Мүнөздүн типтерин изилдөөчү ыкма

Жогорку теориялардан көрүнгөндөй, мүнөз 3 типке бөлүнөт: ойлонулган тип, орточо тип, көркөм образдуу тип.

Ар бир тип адам баласын өз кыймылдаткычтарына жараша кыймыл аракетке келтирип, алардын жүрүм – турум нормаларын

башкарып турат. Бирок адам баласындагы мүнөздүн типтерин бирин экинчисинен ажыратып, окуу тарбия жумуштарында аларга өзгөчө дифференцияланган мамилени жасаш үчүн психологияда көнүктүрүлгөн төмөнкү методиканы сунуш кылабыз.

Иштин максаты: Экспериментке катышкан окуучулардын мү нөзүнүн типтерин аныктоо.

**Эксперименттин изилдөө обьектиси: Мүнөздүн типтери**


Экспериментти жүргүзүүнүн инструкциясы: Экспериментке 4 группа бөлүнгөн «кыймыл», «сабырдуулук», «өзүнө ишенүү», «өзү нө ишенбөө» 16 символго көңүл коюп караңыз. Ар бир бөлүмдөн өзүңүздүн абалыңызга келген бир символду тандаңыз. Төмөндөгү сунуш кылынган «кыймылга», «тынчтыка», «тең салмактуулукка» жана «тең салмаксыздык абалга» карата мүнөздүн типтерин аныктоого багытталган сүрөттөрдүн ар бири төрттөн вариантка ээ болгон «ТАТтын» (тематикалык оперцепциялык тест) сунуш кылынат. Ушул сүрөттөрдүн ар бир тобунан сиздин көңүлүңүзгө вариантын тандайсыз, бир топтон тандап жазуу керек.

**Ачкыч.**

А=4, б=8, а=10, б=8, а=10, б=8, а=10, б=8,

в=2, г=10 в=2, г=4 в=6, г=2 в= 2, г=6

Берилген ачкычтын баллдарына карата мүнөздүн типтеринин деңгээлдери аныкталат. Мисалы, 1-г, 2-а, 3-б жана 4-6 тандала турган болсо, варианттар тесттин ачкычтарына салыштырылып, төмөндөгү формула боюнча ар бир изилденүүчүлөрдүн жалпы алган балынын суммасы табылат.




«Кыймыл» «Тынчтык» «Ишенүмдүүлүк» «Ишенбөчүлүк»

$M=\Sigma d_1$ = К+Т+ТС+ТСЭ мында М – мүнөздүн типтери; $d_1$ – изилденип жаткан мүнөздүн типтеринин элементтери; К – мүнөздүн тең салмактуулукка карата мүнөздөлүшү; Т-мүнөздүн тынчтыкка карата мүнөздөлүшү; ТС-мүнөздүн ишенимдүлүгүнө карата мү нөздөлсө; ТСЭ - мүнөздүн тең салмактуу эместигине карата мү нөздөлүшөт.

Ал эми ар бир топтун варианттары (а,б,в,г) өзүнчө баллдарга ээ. Алсак а=4; б-8; б-2; г-10. Ошондой эле тынчтык тобу а=10; б-8; в-2; г=4; барабар. ТС – а=10; б-8; в-4; г-2; о.э. (ТСЭ) тең салмактуу эместигине карата а-10; б-8; в-2; г-6; барабар болушат.

Ошентип жогорку мисалды төмөнкүдөй чыгарууга болот:

$M=\Sigma\ d_1$ = 10+10+8+2=30 барабар болот.

**Анализ:** Бул изилденүүчүнүн кандай мүнөздөгү адам экендигин алдын ала экспериментке берилген мүнөздүн типтерине жараша мүнөздөй алабыз. Бул изилденүүчү 28-34 балл алган мүнөздүн тиби менен мүнөздөлөт, б.а., мындай адам мүнөздүн «ойлонуучулугунун» тибине кирет. Андай адамдар – айтканынынан кайтпаган бир мүнөздүү, принципти бекем кармаган, бирөөгө анчалык сырын ачпаган, кыйынчылык ситуациялардан алыс болууга аракеттенген мүнөздөгү типке кирет. Мындай факторлорду төмөнкү шаблондук түшүндүрмөлөр аркылуу ишке ашырууга болот.

Чогулган баллдарды суммалайбыз:

**0 дон 13 кө чейин**. Сиздин жүрүм-турумуңуз биринчиден, чөйрөгө көз каранды. Көңүлүңүз тез чөгөт, сизге чөйрө өтө басымдуулук кылат, сиз эмес, чөйрө сиздин ордуңузга ойлонот. Сиз өтө эле эмоционалдуу адамсыз.

**14 төн 20га чейин.** Өз нугуңузда жүргөнүңүз менен ордуңузду табууга аракет кыласыз. Сиз өзүңүзгө сын көз менен карагандыктан, чөйрө сизге таасир бере албайт. Эгер коргоп жүргөн оюңуз, эмес экени билинсе, оюңуздан кайтып кетесиз.

**21ден 27ге чейин** өзүңүздү күнөөсүз адам деп ойлойсуз. Бирок сиз сырткы таасирге чалдыккансыз. Жашоо проблемаларынан өзүңүздүн көз карашыңызды өйдө көрөсүз. Жашоодо, өз алдынча алдын ала айтууңуз жардам берет.

**28ден 34 кө чейин.** Сизге өз көз карашыңыздан, оюңуздан кайтуу кыйынга түшөт. Канчалык кимдир бирөө басымдуулук көрсөтсө, ошончолук каршылыгыңыз күчөйт. Бирок чынында сиз-

дин «ишенүүңүздө» кандайдыр бир, оор ситуацияга түшүп корку-нучу бар.

**35тен 40 ка чейин.** Эгер бир нерсени ойлосоңуз, ал оюуңуздан эч ким кайтара албайт. Бирок сизди жакшы билген адам билгизбей оюңузду буруп коюшу мүмкүн.

Ушундай эле анализ класс коллективине жүргүзүлсө да болот. Андай иштерди аткаруу үчүн изилденүүчүлөр тарабынан алынган жоопторду төмөндөгү таблицага толтуруу керек.

| № | Изилден. Аты-жөнү | Кый мыл | тынчтык | Ишенимдүлүк | Ишенбө чүлүк |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Асанов А | Г/10 | Б/10 | Б/8 | В /2 |
| 2 | Үсөнов Ч | БҮ8 | БҮ8 | ВҮ6 | ГҮ6 |
| n | … | | | | |
| | Сумма | 20 | 22 | 16 | 16 |
| | А р и ф . орт-очо | 6,6 | 7,3 | 5,3 | 5,3 |

Эгерде таблицага анализ кыла турган болсок, орточо балл 24,7 алып жогорку шаблонго жараша 21-17 баллдын мазмунундагы мү нөздү түшүнүүгө болот. Б.а., жалпы класс коллективи орточо алганда өзүн күнөөлүү деп сезбеген, сырткы таасирлерди жеңил кабыл алган, орточо болуп жүрүүнү каалаган адамдар экенин билүү гө болот. Ошондуктан окутуучу окуучуларга коомдук талапка жараша окуу-тарбия иштерин уюштуруу үчүн, ушул өзгөчөлүктөрдү эске алуу аракеттерин уюштура турган болсо окуучулар менен тез жалпы сөз таап, жеңил мамиле боло турганын эскертебиз. Мүнөздү ар тараптуу изилдей турган ушундай ыкмаларды төмөнкү адабияттардан алууга болот.

## Тема: Мүнөздү изилдөөчү ыкма

(экини тестик ыкмасы)

Сунуш этилген ыкма личносттун мүнөзүнүн бир факторун изилдөөчү ыкма болуп саналат. Изилдөө жыйынтыгындагы мү нөздүн маанисине карата ал адам туурасында психологиялык мү нөз туурасындагы маалыматтарды алууга болот.

Бул максатта төмөндөгү инструкцияны колдонуп, изилдөө жумушун уюштуруу керек.

**Инструкция:** Сизге сунуш этилген ар бир суроонун мазмунуна тереӊ берип, оюӊузга келген жоопторду пайдала- нуу менен убакытты кетирбестен, керектүү жооптун вариантын тегеректеп коесуз. Студенттердин шартында китепти белгилөөгө болбойт, дептерге суроонун номерин жазып, тушуна жооптун вариантын (а,б,в,г) коюп коесуз. М: 1-в, 2-б, 3-а ж.б.

### Изилдөөдөгү суроолор .

1. Өзүӊүздүн иш – аракетиӊиз курчаган чөйрөӊүзгө өз таасирин тийгизет деп ойлойсузбу?

а) өтө эле аз; б) аз ; в) көп эле.

г) өтө күчтүү таасирин тийгизет

2. Көктүктү же бой көтөргөндүктү кокустан болгон процесс деп ойлойсузбу? а)ооба; б) жок.

3. Бул сапаттардын ичинен элдер кайсынысын баалайт деп ойлойсуз?

а) туруктуулук; б) ойлоонун кеӊдиги;

в) өзүн эффективдүү көрсөтө алуу.

4. Сизде педантиздик сапат барбы? а) ооба; б) жок.

5. Сиз учураткан кокустукту тез унутуп кое аласызбы?

а) ооба; б) жок.

6. Өзүӊүздүн жүрүм-турумуӊузду анализдегенди жакшы көрөсүзбү? А) ооба; б) жок.

7. Өзүӊүзгө жакшы тааныш болгон адамдардын арасында:

а) өзүӊүз каалаган нерсени тандап сүйлөгүӊүз келеби?

б) өзүӊүз менен өзүӊүз болгуӊуз келеби?

8. Татаал жумушту аткарып жатып, келечектеги андан да татаал нерселер жөнүндө ойлонуудан алыс болгуӊуз келеби?

а) ооба ; б) жок.

9. Бул сапаттардын кайсынысы сизге дал келет?

а) кыялкечтик ; б) «көйнөктө төрөлгөн балалык»;

в) эмгекке жанын берүүчүлүк; г) тыкандык;

д) өзүнүн башына өзү чөп үйүп алуучулук.

10. Талкууланып жаткан маселеде:

а) көпчүлүктүн оюна дал келбеген мазмунда сүйлөйт белеңиз?

б) талкууланган маселе боюнча айкын чечимиңиз болсо да, унчукпай олтура бересизби?

в) өз оюңузда менен көпчүлүктү ээрчип кетесизби?

г) өз оюңузду удургутпаш үчүн, сизди муктаж кылган талапты кабыл аласызбы?

11. Жетекчинин күтүлбөгөн кайрылуусу:

а) ачууңузду келтиреби? б) тынчсыздандырабы?

в) камкордук көрсөтөбү?

12. Эгерде оппонентиңиз сизге каршы иш уюштурса:

а) ошол эле тондо жооп берем; б) изилдеп көрөмүн.

в) ошол эле мезгилде шылдыңдаймын;

13. Эгерде сиздин жасаган ишиңизди жараксыз деп чыгарышса:

а) көңүлүм чөгөт; б) уят боломун;

в) өзүмдү айыптабаймын.

14. Эгерде сизди иштен четтетип койсо, анда кимди күнөөлөйсүз?

а) өзүмдү б) тагдырымды жоктугун в) обьективдүү шартты

15. Сиздин оюңузча кесаиптешиңиз, жетекчиңиз, кызматчыларыңыз сиздин жөндөмдүүлүгүңүздү баалашпайбы?

а)ооба; б) жок.

15. Эгерде сиздин кесиптешиңиз же досторуңуз кыйынчылык туудурса, анда: а) аларга ачуум келет; б) акырындык менен көнүүгө аракеттенем; в) жинимди келтирбестен аларды акырындык менен (ойноткум) шылдыңдагым келет; г) эч бир көңүл бурбай мыскылдып күлөмүн.

16. Шашылып жатканыңызда койгон жериңизден сумкаңызды, кол чатырыңызды таппай калсаңыз:

а) унчукпай издей беремин;

б) үйүмдүн тартипсиз экенине нараазы болуп издеймин.

в) издебей кете беремин.

17. Мен өзүмдү кармай албай каламын, эгерде:

а) узун кезекте туруп калсам б) коомдук транспорттордо

в) бир эле жерге бир канча жолу кирсем.

18. Өтө баалуу жумушту аткаруу үчүн кандай жардамчыны тандайт элеңиз?

а) демилгеси жок болсо да айтканды аткарып туруучу адамды.

б) ишин жакшы билген, бирок айтканын бербеген адамды

в) өтө шалаакы, бирок бир корпогон адамды.

Ошентип, ыкманы чечмелеп, сүйлөтүү үчүн төмөндөгү ачкычты колдонуп изилдеген жеке адамга жана группага анализ берүү.

**Ачкыч:**

| | | |
|---|---|---|
| 1. а=0, б=1, в=2 | 8. А=0, б=2 | 14. А=2, б,в=0 |
| 2. а=0, б=1 | 9. А=0, б=1, в=3, г=2 | 15. А=0,б=2 |
| 3. а=1, б=1, в=0 | | 16. А,г=0, б=1, в=2 |
| 4. а=2, б=0 | 10. А=2, б=2 | 17. А=2, б=0, в=1 |
| 5. а=0, б=2 | 11. А=0, б=1, в=2 | 18. А=1, б=0, в=2 |
| 6. а=2, б=0 | 12. А=0, б=2, в=1 | 19. А=0, б=2 |
| 7, а=2, б=0 | 13. А=2, б=1, в=0 | 20. А=0, б=1, в=2 |

Группалык мүнөздү аныктоо үчүн төмөнкү таблицаны толтуруу керек.

| № | Ф. А. | 0-15 | 15-25 | 26-38 | 38көп |
|---|---|---|---|---|---|
| 1.<br>2.<br>n | Акматов Т.<br>Үсөнова Ч.<br>….. | | | | |
| Ариф. Орточо | | | | | |

Изилдөөнүн көрсөткүчтөрүн чечмелеп сүйлөтүүдө төмөнкү колдонмо пайдаланылат.

**15 баллдан төмөнкүлөр:** Мүнөзү туруксуз, өзүн-өзү кармай албаган, келечекке ой жүгүртпөгөн адамдар. Эгерде кокустук болсо, өзүнөн башканын бардыгын күнөөлөшөт. Достукта же коомдук жумуштарда мындай адамдарга ишенүүгө болбойт.

**15-25 баллга чейин**: булар толук мүнөздөгү адамдар. Булар турмуш чындыгына берет, бирок бардык эле ойлогону иш жүзү нө аша бербейт. Себеби катачылыктар да көп болот. Коллектив-

де өздөрүн түз, чыдамкайлык менен кармашат. Ошондой болсо да, ишин максатка жеткирүү үчүн өздөрү туурасында да ойлонуулары керек.

**26-38 баллга чейин алгандар:** булар жоопкерчиликти толук сезген адамдар. Өзүңүздүн оюңузду да баалай билишиңиз керек жана зарыл оюңузду өзүңүз сактай билгениңизди чектей билишиңиз. Бирөөнүн да оюн баалай билиңиз. Катуу мүнөз дегендиктин варианттарын тандай билүүнү сунуш кылабыз.

**38 ден жогору балл.** Булар жөнүндө эч нерсе айтууга мүмкүн эмес. Анткени – өтө эле идеялдуу мүнөз. Мындай мүнөздөгү адамдар турмушта дээрлик кездешпейт, же изилдөө туура эмес жүргүзүлүп калган.

## Колдонулган адабияттар:


1. Закиров А. Психология боюнча практикум. Ош-2015.
2. Ковалев А.Г. Мясищев В.Н. Психологические особенности человека. Т.1, Характер. –ЛГУ. 1998 .
3. Левитов А.Д. Психология характера. –М., 2003.
4. Леонгаз К. Аксентуация личности. Киев – 2007
5. Психология индвидуальных различий тексты. –М.,МГУ 1982, с 172-318
6. Рубинштейн Л.С. Основы общей психологии. М., 1999
7. Стр. 662-664
8. Миңбаев К., Закиров А. Психология. Ош-20015


## Билимди текшерүүгө керек болгон суроолор.

1. Мүнөздү психикалык жактан аныктоо?
2. Мүнөздүн психикалык структурасы?
3. Мүнөздүн формалары?.
4. Мүнөздүн жүрүм-турумдун программасы катары
5. катары түшүндүрүлүшү?
6. Мүнөз жана кол жазма?
7. Мүнөздүн типтери?
8. Мүнөз жана темперамент?

## *Он тогузунчу бөлүм:*
# ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК

*Жакшы ой менен жөндөмдүү адамдар*
*бириккенде укмуштар жаралат.*
***И.В. фон Гете** (немец философу)*


## § 19.1. Жөндөмдүүлүк жөнүндө жалпы түшүнүк

Адамдардын жөндөмдүүлүгү - психология илиминдеги негизги татаал маселелердин бири. Бул проблеманы туура чечүү-жалаң гана окуу тарбия ишине жардам бербестен, көптөгөн татаал экономикалык, саясий проблемаларга жооп берүү дегендик.

Адамдардын психикалык прцесстеринин аракеттеринин темпине конкреттүү жумушту аткаруусуна байкоо жүргүзүүдө, ар дайым учурай турган мындай бир психикалык кубулуштарда дуушар болобуз. Ар бир адам тигил же бул иш-аракеттерди аткарууда минималдуу ык-навыктарга, маалыматтарга ээ болууга кудурети жетет. Мисалы, окууга, жазууга, элементардуу маселелерди чыгарууга, укканын кайра айтып берүүгө ж.б. Бирок адамдар бирдей шартта тургандыгына карабастан, мындай ык, машыгуу, маалыматтарды алуу темптери бирдей эмес. Айталы, бир окуучу маалымат мугалимдин оозунан чыга электе эле билип алат, тез түшүнөт. Экинчилери маалыматтарды жай кабылдайт. Айрым адамдар чеберчиликтин жогорку чекитине аз убакыт аз нервдик аракеттерин жумшап жетсе, башкалары өз үстүндө тынымсыз иштеп, көп мээнеттенип, орточо ийгиликке араң жетет. Андан калса, айрым иш-аракеттердин түрлөрүн, мисалы, искусствону, же спортту, же математиканы бардык адамдар бирдей өздөштүрө албасын билебиз. Адамдардагы белгилүү кесиптик касиеттер өзү менен кошо төрөлөт. Мындай адамдар жаш чагынан эле топтон бөлүнүп чыгып, коомчулуктун көңүлүн өздөрүнө бурат. Алсак, 9 жашар афгандык Саид Жалил – МГУнун механика-математика факультетинин студенти. Үч жа-

шар Вадим Репин Паганининин чыгармаларын өз оригиналында ойногон. 16 жаштагы ирандык Мухаммед Кошеневисен – илимдин доктору, кафедра башчысы. Адамдарда туруктуу учурай турган ушундай өзгөчөлүк, айырмачылык жөндөмдүүлүк деген түшүнүк аркылуу белгиленет.

Жөндөмдүүлүк деп личносттун ык, машыгуу, маалыматтарга жеңил, тез ээ болуп, белгилүү бир иш аракетти ийгиликтүү аткара алган психикалык касиеттеринин синтезин айтабыз. Бул аныктаманы жөндөм-дүүлүктүн бирден-бир, талашсыз аныктамасы деп айтууга болбойт. К.К.Платонов: «Психологияда жөндөмдүүлүк маселесин чечүүдөгүдөй каталар, чаташуулар башка бир дагы проблемада учурабайт», - деп жазат да, аныктамадагы «ык маалыматтарга жеңил, тез ээ болот» деген далилдөөгө каршы чыгат. Эгер жөндөмдүүлүк «тез ээ болуу» белгиси аркылуу мүнөздөлсө, анда Ф.И.Шаляпин чоң ырчы болбос эле (хорго кабыл алынган эмес). Эйнштейн мектепте математиканы орто өздөштүргөн окуучулардын тобуна кирген К.Линней, П.Кюре, Т.Эдисон, А.И.Герцен, Н.В.Гоголь, Н.Ньютон, Н.И.Лобачевский жана башка окумуштуулар, жазуучулар мектепте орто жөндөмдүүлүктөгү окуучулар болгон, таң калтырарлык кудурет ачык байкалган эмес. Бирок ар биринде мугалимдер түшүнбөй турган илимге, чыгармачылыкка болгон белгисиз өзгөчөлүктөр катылып жаткан чоң жөндөмдүүлүк.



**Б.Теплов** 1896-1965-жылдары жашаган советтик окумуштуу психолог.

Жөндөмдүүлүктүн табиятын түшүнүү үчүн Б.М.Тепловдун төмөнкүдөй ойлорун келтирүү негиздүү:

Жөндөмдүүлүк-бир адамды башка бир адамдан айырмалоочу жекече психологиялык өзгөчөлүк.

Белгилүү бир иш-аракетти аткарууга керек болгон адамдын мүмкүнчүлүгү.

Жөндөмдүүлүк - адамдагы пайда болгон ык, навык, маалыматтар- дын жыйындысы эмес, ошолорго жетишүү дөгү алгачкы, баштапкы генетикалык күл азык.

Жөндөмдүүлүк башка психика- лык процесстерден айырмаланат. Мисалы, мүнөз бардык иш-аракеттердин түрүндө кездешсе, жөндөмдүүлүк иш-аракеттин түрү, өзгөчөлүгүнө жараша түрдүүчө байкалат.

## § 19. 2. Жөндөмдүүлүктүн деңгээлдери

Өтө жөндөмдүүлүк (одаренность). Өтө жөндөмдүүлүктүн табиятын билүү үчүн жөндөмдүүлүк түшүнүгүнөн ажыратуу зарыл. Өтө жөндөмдүүлүк - личносттун жөндөмдүүлүгүнүн эң жогорку деңгээлде өнүгүшү.

Жөндөмдүүлүк – белгилүү иш-аракетти ийгиликтүү аткарууга керек болгон индивидуалдуу өзгөчөлүк. Адам даяр жөндөмдүүлүк менен төрөлбөйт. Бирок тигил же бул иш-аракети ийгиликтүү аткарууга керек боло турган, жетилбеген, төрөлгөндө кошо берилген шыкка ээ. Эгер шык болбосо, жөндөмдүүлүк өнүкпөйт.

Өтө жөндөмдүүлүк жөндөмдүүлүктүн негизинде пайда болот. Жөндөмдүүлүксүз өтө жөндөмдүүлүк жок. Өтө жөндөмдүүлүк белгилүү – иш-аракетти ийгиликтүү аткарууну камсыз кылуучу бир канча жөндөмдүүлүктөрдүн кошулмасы, айкалышы. Мисалы, жакшы скрипачтар көп. Бирок өтө жөндөмдүүлүккө ээ болгон скрипачтар саналуу гана. Эң жакшы скрипач болуу үчүн музыканттка керек боло турган бир канча жөндөмдүүлүктөрдүн тобуна ээ болуу зарыл. Алсак, скрипач музыкалык үнгө, ритмди туюуга, музыкалык эске, кинестзикалык эске, эмоционалдык өзгөчөлүктөргө ж.б. Айрым адамдар өтө жөндөмдүү касиеттер менен төрөлөт. Буга музыкадан В.Моцартты, сүрөттөн С.Рафаэлди, поэзиядан А.С.Пушкиндин, математикадан К.Ф.Гауссту атоо жетишер.

Кунт же ынтаа. Тигил же бул иш-аракетти аткарууда шыктын бар экендиги, байкалышы кунту көрүнөт. Кунт жөндөмдүүлүктүн жаралышынын биринчи, эң алгачкы белгисинин бири болуп саналат. Кунт-ынтаа адамдын бир иш-аракетке берилиши же өмүр бою аны коштоп жүргөн умтулуусу. Ал адамда жөндөмдүүлүк бар экендигин толук аныктай албайт, себеби анын чыныгы жана жалган түрлөрү кездешет. Чыныгы ынтада-кунтта адам иш-аракетке берилип кирип, аны усталык менен аткарып зор ийгиликке жетет.

Жалган кунтта, ынтаада иш-аракеттин аткарылышы өтө жай, көп убакытты талап кылат да орточо ийгилик жаралат.

Шык (задатки). Психология илиминен алыс адамдарда жөндөмдүүлүк категориясын тубаса түшүнүгү менен бирдей мааниде кароо кездешет. Жөндөмдүүлүктү эч өзгөрүүсүз ген аркылуу берилет деп болжолдошот. Бирок анын калыптанышындагы социалдык чөйрөнүн, тукум куучулуктун ролун, таасирин эсепке алышпайт. Мисалы, И.С.Бухтардын үй-бүлөсүнөн өтө жөндөмдүү 18 музыкант чыккан экен. Бул жерде тубаса шыктан башка социалдык шартты тукум куучулукта да эске түшүнгөн оң.

Жөндөмдүүлүк – кеңири түшүнүк. Адам өнүгүшүнө, калыптанышына өбөлгө түзүүчү феномен болуп **шык** саналат. Ал адамдагы укум - тукумга берүүлүчү анатомо-физиологиялык өзгөчөлүк. Адамдын иш-аракетти алгач аткара баштагандагы өзүнүн эмнеге жөндөмдүү экендигинен белги бере турган, зээндүүлүктүн өсүп-өнүгүп жетише элек тубаса негизи. Зээндүүлүктүн андан ары өнүгүшү үчүн шыктын болушу өтө зарыл. Айталы, сүрөтчү болуу үчүн, көрүү анализатору көргөндөрдү эсте калтыруу керек. Шык (задатки) - жөндөмдүүлүктүн өнүгүшүнөн өбөлгөсү оңтойлуу шарты. Ага тубаса же төрөлгөндөн кийин ээ болушу ыктымал.

**Гениалдуулук –** бул латын сөзү. Гениалдуулук – коомдун турмушунда тарыхый мааниге ээ болгон личносттун жогорку чыгармачылыгы. Генийге жогорку чыгармачылык өзгөчөлүк тиешелүү. Адам баласы топтоп кеткен тажрыйбаларды өздөштүрөт, аны жаңы ачылыштар менен толуктайт.

**Талант** – жөндөмдүүлүктүн обьективдүү жашашы белгилөөчү деңгээл белгилүү иш-аракетте кездешүүчү көптөгөн багыттардын бирин өтө жогору деңгээлде аткаруу мүмкүнчүлүк. Таланттка эгедер адам гений сыяктуу эле жаңылыкты жаратат, өзүнүн көз карашын коркпой таңуулайт, аны жактоого кудурет- дарамети жетет.

## § 19.3. Жөндөмдүүлүк түрлөрү

Жаратылышта мазмуну боюнча бири-биринен айрмаланган көп сандагы заттар, кубулуштар, иш-аракеттер бар. Алар менен мамиледе болуу, аларды таануу личносттон түрдүү жөндөмдүүлүгү жалпы жана атайын жөндөмдүүлүк болуп эки группага бөлүнөт.

Жалпы жөндөмдүүлүк өзүнчө дагы эки түрдөн турат:

Элементардык жөндөмдүүлүк (сезүү, кабыл алуу, эсте сактоо, ойлоо, сүйлөө, элестетүү, бирөөлөр үчүн кыйналуу мүмкүнчүлүктөрү.

Татаал жөндөмдүүлүк (окуудагы) эмгектенүүдөгү, оюндагы, мамиледеги жөндөмдүүлүк.

Атайын жөндөмдүүлүк. Бул дагы элементардык жана татаал жөндөмдүүлүк болуп экиге бөлүнөт. Элементардык жөндөмдүүлүк мүнөздүү адамдар көз өлчөмүнө, музыкалык табитке (үн), ойлоонун сынчылдыгына, сөздүн - логикалык эске, жогорку жыт сезгичтикке ээ. Ал эми татаал жөндөмдүүлүгү бар личносттор математикада, музыкада, сүрөттө, уюштуруучулукта жана техникалык конструкторлук иште өздөрүн көрсөтө алат.

## § 19.4. Жөндөмдүүлүктү сан жагынан мүнөздөө

Адамдын жөндөмдүүлүгүн сан жагынан мүнөздөөгө мүмкүнбү же жокпу деген суроонун узак тарыхы бар. Бул маселеге биринчи кайрылган француз окумуштуусу- А.Бине. Ал жөндөмдүүлүктү өлчөй турган тест методун иштеп чыгат. Анын методун андан ары өркүндөткөн жана практикада колдонгон окумуштууларга Г.Айзенко, Ф.Гальтондор кирет.

Тест методу эл арасына тез тарап кеткен. Мындай популярдуулук, биринчиден, завод-фабрикаларга, ишканаларга жогорку квалификациялуу жумушчуларды тандоо, экономикалык мүдөө, экинчиден, окуучуларды жөндөмдүү-лүктөрүнө карап керектүү мектептерде жиктеп окутуу зарылчылыгы менен байланыштуу.

Учурундагы саясий-акимчилдик көз караштан улам 1936-жылы советтик психологияда тест методун колдонууга толук тыюу салынган токтом алигиче өз күчүндө. Бирок бул токтомго карабай, азыркы учурда тест методу турмуштун бардык сферасында активдүү пайдаланууда. Илимий кызматкерлер кеңири колдонууда.

Советтик психологиядагы бул методго карата позитивдүү жана айрым негативдүү мамилеге карабай, жөндөмдүүлүктү сан жагынан мүнөздөө идеясы менен таанышуунун зыяны жок.

Жөндөмдүүлүктү сан жагынан мүнөздөө үчүн алгач конкреттүү жаштагы балдар үчүн атайын тесттердин батареясы иштелип чыгат жана көп сандагы балдар текшерүүдөн өтөт. Ар бир баланын тесттеги суроолорго берген жоопторуна упай ыйгарылып, алардын ортодо арифметикалык саны чыгарылат. Орточо упай белгилүү курак үчүн туруктуу орточо сан катары кабыл алынат. Өнүгүүнүн нормалдуу темпин шарттуу түрдө 100 деп алып, акыл жашын паспорттук жашка бөлүп, аны 100гө көбөйтөбүз. Мисалы, 4 жашар баланын акыл жашы болсо, анда анын интеллект коэффициенти (И.К) 5:4ү100=125ди түзөт. Паспорттук жашы 7 болгон баланын акыл жашы 6 болсо, анда анын иксы 86 ны түзөт.



**Бине-Симон** 1857-1911- жылдары жаш аган француз окумуштуу психологу.

Акыл жашы Бине-Симондун шкаласы боюнча төмөндөгүдөй аныкталат: Эгер баланын нормалдуу балдарга ылайыкталган тесттердин бардык түрүн чечүүгө күчү жетсе, анда ага өзүнөн бир башка улуу балдарга ылайыкталган тест берилет. Аны да ийгиликтүү чечип, бирок өзүнөн эки жаш улуу балага эсептелген тестти чыгара албаса, анда анын акыл жашы паспорттук жаштан бир жашка жогору болот.

Алынган упайга карап, адамдарды төмөнкүдөй классификациялап жүрүшөт: Иксы 130дан жогорку эң жогорку интеллектеги, 120-129 жогорку интеллектеги, 110-119 нормалдуу, 90-109 орточо, 80-89 төмөнкү нормадагы, 70-79 чек аралык нормадагы, 69дан төмөн акыл жактан өспөй калган адам.

Советтик психологдор бул методдун жардамы менен баланын акыл деңгээлин эмес, анын ык, маалыматтарынын деңгээлин гана аныктоого мүмкүн деген ойду жакташат. Акылды сандык жактан аныктоо методунун курч грандарын жок кылуу ниетинде советтик психолог Л.Выгодский «Өнүгүүнүн жакынкы зонасы» деген идеяны сунуш кылган. Окуучунун жөндөмдүүлүгү жөнүндө так мааламат алуу үчүн, өлчөөнү эки ирет кайталоо керектигин негиздейт.

Биринчи учурда маселени окуучулардын эч жардамысыз иштөө мүмкүнчүлүгү өлчөнөт. Экинчи жолу чоң кишилердин жардамы менен чыгаруу деңгээли өлчөнөт. Алынган эки көрсөткүчтүн айырмасы окуучунун жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин толук аныктай алат.

## § 19.5. Жөндөмдүүлүктүн табияты

Психология илиминде жөндөмдүүлүктүн табиятын түшүндүрүүдө төмөнкүдөй теориялар бар. Жөндөмдүүлүктүн тукум куучулук теориясы. Жөндөмдүүлүктүн чөйрөгө көз карандылык теориясы. Жөндөмдүүлүктүн тукум куучулук менен чөйрөнүн ортосундагы диалектикалык байланыш теориясы.

Бул теориянын өзөгүн адамдын жөндөмдүүлүгү, анын байкалышы, калыптанышы, ишмердүүлүктөгү көрүнүшү, баланын акылдуу, акылсыз төрөлүп калышы ата тегиндеги күл азыкка (генге) жараша болот деген ой түзөт. Агымды илимий жактан далилдөөгө аракет жасагандардын бири – Ф.Гальтон. Ал 300 атактуу үй бүлөнүн тарыхын изилдеген. 300 үй-бүлөнүн 1000ге жакын илимде, искусстводо, адабиятта из калтырган, атагы таш жарган адамдар чыкканын далилдеген. Америкада 35 жыл ичинде жогорку интеллекттик коэффициенттке ээ болгон 875 эркек балага, 671 кызга байкоо жүргүзүлгөн. Байкоо мезгилинде алардын балдарынын жогорку интеллектик көрсөткүчтөрү туруктуу калганы аныкталган. 1528 жогорку интеллектуалдуу балдардын 85%ти университетке өтүшүп, 70%ти илимий даражага ээ болгон. Алар көп сандагы илимий изилдөөлөрдү, адабий китептерди жазышкан. Ал эми Г.Айзенк интеллектуалдуулуктун 85%ти баланын ата тегине (генге), 20%ти чөйрөнүн таасиринен боло турганын көрсөткөн.

К.Маркс өзүнүн бир катында: «Баарынан жакшысы – кудай берген үн менен ырдоо», – деп жазат. Ал мындай ойду кандай кырдаалда жазганы, кандай коомдук кубулуштар менен байланыштырганы белгисиз.

Чындыгында, музыкант, математик, акын болуп төрөлүү керек деген учкул сөзгө айланган ойду далилдей турган фактылар турмушта көп кездешет. В.Моцартта музыкалык жөндөмдүүлүк 3 жашта, И.Гайнда 4 жашта, С.Рафаэлде сүрөтчүлүк жөндөм 8 жаш-

та, К.Ф.Гауста метематик талант 4 жашта байкалган экен. Психолог С.Л.Рубинштейн жөндөмдүүлүктүн тукум куучулук мүнөзү нө төмөнкүдөй фактыларды келтирет. Эгер баланын ата-энесинин экөөндө тең музыкалык жөндөмдүүлүгү 85%-ге барабар болсо, алардын балдарынын музыкага жөндөмсүздүгү 7%-ди гана түзөт. Эгер ата-энесинин музыкалык жөндөмдүүлүгү 25% болсо балдарында музыкага жөндөмсүздүк 58% болот.

Чычкандарга, жүргүзүлгөн эксперимент да көңүлдү өзүнө бурат. Бир топ чычкандардын лабиринттен чыгуу жөндөмдүүлүгү изилденип «акылсыз» жана «акылдуу» чычкандардын тобу бөлүнүп алынган. Кийин алты муунга чейин ал топторду бири-бирине аралаштырбай көбөйүшүнө мүмкүндүк түзүлгөн. Муундан муунга өткөн сайын «акылдуу» чычкандар лабиринтте өтө аз ката кетирген. Ал эми «акылсыз» чычкандарда муундан муунга ката кетирүү улам көбөйүп отурган.

Психолог Ю.П.Гиппенрейтер бир үй-бүлөдө тарбияланган балдардын сензитивдүү өнүгүүсүн изилдөө менен жөндөмдүүлөктүн пайда болушуна кызыктуу түшүндүрмө берет. Ал бирдей чөйрөдө жашаган эки бир туугандардын бири музыкага жөндөмдүү, экинчиси жөндөмсүз болушунун себеби жөнүндө ой жүгүртөт.

Биринчи бала музыканы угууга өзгөчө даяр турган учурда угуп, ага өтө таң калышы мүмкүн. Экинчи бала музыканы кабыл алууга даяр эмес, ооруган же көңүлү чөккөн учурда угушу ыктымал.

***Жөндөмдүүлүктүн чөйрөгө көз карандылык теориясы.***

Мындан 200 жыл мурун кулчулукту жана башка теңсиздиктерди жек көргөн француз философтору Д.Дидро жана К.А.Гельвеций адамдардын жөндөмдүүлүгү жөнүндө эки башка - пикирде болушкан. К.А.Гельвеций: «Эгер бала физиологиялык жактан нормалдуу төрөлсө аны психикалык жактан каалагандай калыптоого мүмкүн»,- деп, айлана-чөйрөгө башкы ролду ыйгарган. Ал эми Д.Дидро болсо баланын түйүлдүгүнүн жаратылышындагы гана болгон деп, чөйрөнүн психикалык өнүгүүгө тийгизген таасирин экинчи орунга койгон.

Жөндөмдүүлүк менен чөйрөнүн ортосундагы байланышты бир жактуу чечүүгө болбойт. Адамдын калыптанышындагы чөйрөнүн тийгизген таасирин аныктоо үчүн советтик психолог А.А.Венгер



**Н.Н.Ладыгина-Кост**
1889-1963 - жылдары жашаган советтик окумуштуу, зоопсихолог.

төмөнкүдөй суроолорду коюп, аларга далилдүү жооп берүүгө аракеттенген.

Биринчи суроо. Адамдык мээге ээ болбой туруп, адам коомунда жашап, адамдык касиеттер пайда болобу? Ал бул суроону чечүү үчүн, зоопсихологдордун иш-тажрыйбаларына кайрылган. Зоопсихолог Н.Н.Ладыгина-Кост шимпанзенин баласын 1,5 жаштан 4 жашка чейин адам баласы жашаган чөйрөдө баккан. 10 жылдан кийин өзү балалуу болуп, ага да туруктуу байкоо жүргүзгөн. Айбан менен адамдын балдарынын ортосунда оюн процессиндеги, эмоционалдык аракеттердеги айрым окшоштуктарды байкаган. Бирок айбандын баласынын эч качан тике басууга, акылдуу кыймыл-аракеттерди жасоого жөндөмсүз экендигине көзү жетет. Н.Н.Ладыгина-Котс менен А.Л.Венгер адам мээсине ээ болбой, адам чөйрөсүнө жашаганы менен адамдык касиеттер пайда болбой тургандыгын далилдешкен.

Экинчи суроо. Адамдык мээге ээ болуп, адам коомунан ажырап жашаган адамда адамдык касиеттер барбы? Илимде адам коомунан ажырап, айбандар чөйрөсүндө жашаган 23төн ашык фактылар белгилүү. 1920-жылы идеялистик психолог Рид Сингх карышкырлар үйүрүндө жашаган эки кызды кармаган. Аларга Амала, Камала деген ат берет. Кыздардын бири 17 жашка чейин жашап, карышкырларга тиешелүү адаттардан ажыроо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Бирок шашып кеткенде төрт буттап жүгүрүүнү, караңгы үйдө отурууну унута алган эмес. Болгону 40 гана сөздү үйрөнүүгө кудурети жеткен. Жаратылыштын бул эксперименти адам коомунан ажырап калса, чөйрөнүн таасиринде адамдык касс -иеттер калыптанбай турганын көрсөтөт.

Үчүнчү суроо. Мээ өзүндө эмнени алып жүрөт? Адамга чөйрө, тарбия кандай таасир тийгизет? Адамдардын жөндөмдүүлүгүнө керектүү болгон жүрүм-турум белгилери тукум куучулуктун закону менен даяр түрдө берилбейт. Алар тарбиянын, окуунун негизинде

гана жаралат. Бала жаңы төрөлгөндө, анын мээси таптаза тактайга окшош болот. Аны адамга керектүү касиеттер менен «толтуруу» чөйрөнүн таасиринде жүрөт. Мээ чексиз мүмкүнчүлүктөргө ээ.

Төртүнчү суроо. Бир эле иш-аракетти аткаруудагы балдарда учураган айырмачылыктарды кантип түшүндүрсө болот? Мындай айырмачылык обьективдүү жашайт. Миллиондогон балдар математикадан, физикадан эсеп чыгарууга, же сүрөт тартууга жөндөмдүү. Бирок бул иш-аракеттердин түрлөрүн аткарууда аларда түрдүү айырмачылыктар ар дайым байкалат. Кээлери таң калар-лыктай жөндөмгө ээ. Мындай бири-биринен кескин айырмачылыктын өзгөчөлүктүн сыры адам баласына али белгисиз. Психологдор бул өзгөчө белгисиз касиетти шык (задатки) деген феномен аркылуу түшүндүрүшөт. Шык - жөндөмдүүлүктү өстүрүүгө мүмкүндүк берүүчү нерв системасы, сезүү органдары ээ болгон өзгөчө касиет.

Жөндөмдүүлүктүн тукум куучулук менен чөйрөнүн ортосундагы диалектикалык байланыш теориясы. Айрым окумуштуулар: «Тукум куучулук негизгиби?». «Чөйрө негизгиби?» деген түрдө суроолордун ачык коюшуна каршы. Алардын ойлору боюнча, психикалык өнүгүүдө эки фактор бирдикте, жарыш таасир этет. Личносттун айрым касиеттеринин калыптанышына тукум куучулук өз таасирин тийгизсе, башка топтогу касиеттеринин калыптанышына чөйрөнүн таасири басымдуу. Демек, бул эки фактор адамдын психикалык өнүгүүсүндө диалектикалык байланышта аракеттенет.

Жөндөмдүүлүктүн физиологиялык негизи болуп жаратылыштан берилген шык эсептелет. Жаратылыш шык нерв системасынын, мээнин, анализаторлордун, жалпы органдардын анатомиялык-физиологиялык өзгөчөлүгү болуп саналат.Ал тукум куучулук белгилери аркылуу байланышкан дене «уясында» жана баланын кийинки турмушунда өнүгөт.

**Инсандын жөндөмдүүлүгүн метафордук ыкмада изилдөө**

Ушундай ыкмаларды төмөнкү адабияттардан таап инсандын жөндөмдүүлүгүн ар тараптуу изилдөөгө болот.

Сунуш этилген ыкма инсандын жекече жөндөмдүүлүгүнүн калыптануусунун маалымат алуунун функциналдык системасынан болгон көз карандылыгын изилдейт, б.а., төмөнкүдөй факторлордун деңгээлин изилдейт.

**Метафордук** түшүнүккө карата жүрүм-турумун башкаруу, мында кабыл алып жаткан адам сөз, ыр, образ, көркөм адабиятта берилген метафорлорго туура маани бере алуучулук жөндөмдүүлүктү түшүнөбүз.

**Маалыматты образдуу кабылдоо** жөндөмдүүлүгү, мында фантазиялык, образдуу элестете алуу, сүрөт, чийме менен өз оюн башка бирөөгө түшүндүрө алуу жөндөмдүүлүгүнүнүн жогору же төмөн экендигин айтууга болот.

**Символикалык белгиле**рге туура маани бере алуу жөндөмдүүлүгү. Мында предметтин же маалыматтын мазмунун белги, формула, график жана чийме аркылуу түшүндүрө алуу жөндөмдүүлүгү жөнүндө айтууга болот.

**Маалыматтарды тил аркылуу бирөөлөргө** түшүндүрө алуу жана өзү түшүнө алуу. Мында кыйналбастан эле толук түшүнүктүү сөз сүйлөп, керектүү маалыматтарды сүйлөө жөндөмдүүлүгү аныкталат.

**Маалыматтарды абстракциялоо** аркылуу түшүндүрө алуу, мында абстрактуу ойлоонун негизинде жалпы чечимдерди, жыйынтыктарды чыгара алуу жөндөмдүүлүгү аныкталат.

**Рефлексиялоо**: (өзүнүн ички дүйнөсүнө маани бере алуу) Мында кабыл алынган маалыматты өзүнүн субьективдүү ой-толгоосуна салыштырмалуу башкарууну түшүнөбүз.

**Кол эмгегинин** жардамы менен аткарылуучу жумуштарды так аткара алуучулук. Мында кол эмгегинин жардамында керектүү буюмдарды жасап, тетиктерди оңдоп, жаңы моделдерди түзө алуу жөндөмдүүлүгү жөнүндө сөз кылынат.

Изилденүүчү ушул көрсөтүлгөн факторлордун кайсынысы боюнча жогору балл топтой турган болсо, ал ошол фактор боюнча жөндөмдүү деп эсептелет.

**Инструкция:** Урматтуу изилденүүчү сиздин жөндөмдүүлүгүңүздүн деңгээлин изилдөө максатында берилген суроолордун ар бирине өзүңүздүн иш аткаруу формаңызга жараша алты (0,1,2,3,4,5) баллдык системада жооп беришиңизди суранабыз.

**Изилдөөгө керек болгон суроолор.**

1. Кандайдыр бир нерсени түшүнүү үчүн ал нерсенин образын элестетебизби?
2. Сүрөт тартууга кызыгасызбы?
3. Сиз формула, графиктер аркылуу маалыматтарды толук түшүнө аласызбы?
4. Досторуң менен аңгемелешкиң келеби?
5. Сизге берилип жаткан маалыматтарды абстракттуу элестетүү аркылуу түшүнүп, жыйынтык чыгаргың келеби?
6. Өзүңүздүн айлананыздагы маалыматтарды туура түшүнүү үчүн көп убакыт кетсе да, алар тууралында ойлоносузбу?
7. Кандайдыр бир нерселерди кыйналбай эле оңдой аласызбы?
8. Кимдир бирөөлөр менен метафордук сөздөрдү пайдаланып сүйлөшүү үчүн, билимиңизди жогорулаткыңыз келеби?
9. Клейлөө, сүрөт тартуу, макеттерди жасоо сиздин сүйүктүү ишиңизби?
10. Кимдир бирөөлөргө бир маалыматты сүрөттөп берүү үчүн чиймелерди, формулаларды пайдалангыңыз келеби?
11. Сизде адабияттык жөндөмдүүлүк бар деп ойлойсузбу?
12. Сизге абстракттуу түшүнүктөгү сүрөттөр (живопись) жагабы?
13. Сиз абстрактуу сүрөттөөлөрдү кыйналбай түшүнө аласызбы?
14. Сиз кандайдыр бир аппараттарды, техниканы өз колуңуз менен ондогонсузбу?
15. Сөздүн метафоролоп, образдап сүйлөө кургак болот деп эсептейсизби?
16. Китепти окуп жатканыңызда сизди ошондогу каарамандар менен аралашып кеткендей сезим пайда болуп беле?
17. Сиз кандайдыр бир символдорду, белгилерди, цифраларды эсиңизге жакшы сактай аласызбы?
18. Сизди «жакшы жомокчу» дешет, ушул чынбы?
19. Сиз бирөө менен сүйлөшүп жатканда керектүү сөздөрдү оңой эле колдоносузбу?

20. Көркөм адабияттагы белгилердин символикалык маанилерине оңой эле түшүнөсүзбү?
21. Кандайдыр бир жасалгалоо учурундагы кол жумуштары сизди өзүнө тартабы?
22. Сизге макалдап сүйлөгөн адамдардын сөздөрү жагабы?
23. Искусствого байланышкан китептерди, сүрөттөрдү чогултасызбы?
24. Сиз формула, белги кошулуп коюлган сөздөрдү эркин түшүнө аласызбы ?
25. Ыр жазып көрдүңүз беле?
26. Сизди тааныштарыңыз абстракттуу сүйлөйт дешет, ушул чынбы?
27. Бир эле күнөөнү ар түрдүү ой жүгүртүү менен бир канча жолу көрөсүзбү?
28. Сизди колунан «көөрү төгүлгөн уста» дешет, ушул канчалык деңгээлде чын?
29. Сиз мурун жазылган өзгөчө поэзияга кызыгасызбы?
30. Белги, формула түрүндөгү маалыматтарга караганда көркөм адабий тилдеги маалыматтар сизге түшүнүктүүбү?
31. Бирөөгө кат жазганыңызда экөөңүздөргө гана белгилүү болгон сөздөрдү колдонуп жазуу сизге жагабы?
32. Чогулуштарда чыгып сүйлөгүңүз келеби?
33. Сиздин ишиңиздеги белгилердин системасынын машинанын тили менен байланыштуу болушун каалайсызбы?
34. Жатаканада оюңузга келген кыялыңызды системалаш-тырууга аракеттенесизби?
35. Техника менен иштөө сизди канааттандырабы?
36. Көркөм адабияттан өзүңүзгө жаккан образдарды, макалаларды тандагыңыз келеби?
37. Сиз бай фантазияга ээмин деп ойлойсузбу?
38. ЭВМге программаны кыйналбай эле түзө аласызбы?
39. Чет тилдерин билесизби?
40. Айрым учурларда сүйлөшүп жаткандагы түшүнүксүз фразаларга кайрыласызбы?
41. Аткара турган жумушуңузду ойлонуп туруп анан жасоого аракет кыласызбы?

42. Техникалык жаңылыктарга түшүнүүгө дараметим жетет деп ойлойсузбу?
43. Өзүңүз метафордук сөздөрдү тапкыңыз келеби?
44. Сиздин сүрөт тартканыңызды дайыма көрүүгө мүмкүнбү?
45. Түшүндүрүүнү жеңилдетүү үчүн формуланы, чиймени колдоносузбу?
46. Ыр жазууга көп убакыт кетиресизби?
47. Керектүү маалыматтарды эске узакка сактоо үчүн өзүңүзгө гана түшүнүктүү болгон белгилөөлөрдү колдоносузбу?
48. Сизди өтө акылдуу адам дешет, чынбы?
49. Сиз өтө кылдаттыкты, чыдамкайлыкты талап кылган кол өнөрчүлүк жумуштарын аткарууну каалайсызбы?
50. Алынган эксперименталдык изилдөөлөрдү чечмелеш үчүн эки этаптан турган жумуш уюштурулат.
51. Биринчи этапта изилдеген ар бир инсанга «ачкычты» пайдалануу менен жекече жыйынтыктар чыгарылат.

Изилдөөнүн жыйынтыгы төмөнкү **ачкыч** аркылуу чечмеленет.


| № | Факторлор | Суроолордун номери |
|---|---|---|
| 1. | Метафорлоштуруу | 1, 8, 15, 22, 29, 36, 43 |
| 2. | Образдуу кабыл алуу | 2, 9, 16, 23, 30, 37, 44 |
| 3. | Символдоштуруу | 3, 10, 17, 24,31, 38, 45 |
| 4. | Тил аркылуу сүйлөшүү | 4, 11, 18, 25, 32, 39, 46 |
| 5 | Абстракциялоо | 5, 12, 19, 26, 33, 40, 47 |
| 6. | Рефлексивдүүлүк | 6, 13, 20, 27, 34, 41. 48 |
| 7. | Кол ишмердүүлүгү | 7, 14, 21, 28, 35 42, 49 |

Группалык факторду аныкташ үчүн төмөндөгү таблица толтурулат.

| № | Ф.И.О. | Ф1 | Ф2 | Ф3 | Ф4 | Ф5 | Ф6 | Ф7 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.<br>…<br>25. | Акматова С.<br>……..<br>Чоюунов К. | | | | | | | |
| | Ариф. орт. | | | | | | | |

Сунуш этилген жумуштар аткарылгандан кийин маалымат көрсөтмөлүү болуш үчүн ар бир изилденүүчү жана жалпы группа

үчүн изилдөө көрсөткүчтөрүнө таянуу менен төмөнкүдөй графикти тургузууга болот.




Графиктен көрүнүп тургандай, жөндөмдүлүк биз изилдеген балдарда аркыл кесипке ээ болушу мүмкүн. Демек, бул изилденип жаткан белгилүү кесиптик багытка карата иш жөндөмдүүлүктү эске алып, окуу жана тарбия жумушун уюштуру максатка ылайыктуу.

## Колдонулган адабияттар


1. Акимова М.К., Козлова В.Т. Диагностика умственного развития детей. СПб., 2006.
2. Выготский Л.С. История развития высших психических функций Собр. соч. М., 1983. Т.
3. Гальперин П.Я. Развитие исследований по формированию умственных действий ҮҮ Психологическая наука в СССР. М., 1959.
4. Закиров А. Психология боюнча практикум. Ош – 2015.
5. Миңбаев К., Закиров А. Психология . Ош – 2015.
6. 6. Селье Г. От мечты к открытию. Как стать ученым. М., 1987. 7. Рубинштейн С.Л. Основы общей психологии. - М., 2003


## Билимди текшерүүгө керек болгон суроолор

1. Жөндөмдүүлүк жөнүндө түшүнүк ?
2. Жөндөмдүүлүктүн сандык жана сапаттык жактан мүнөздөлүшү?
3. Жөндөмдүүлүктүн структурасы?
4. Жөндөмдүүлүк жана ишмердүүлүк?
5. Талаптын пайда болуу структурасы?
6. Жөндөмдүүлүктүн түрлөрү?
7. Жөндөмдүүлүктү калыптандыруучу факторлордун психикалык негиздери?

## *Жыйырманчы бөлүм:*

# КОНФЛИКТТИН ПСИХОЛОГИЯСЫ

*Конфликт бул боло турган абалдын бири, аны түшүнгөн акылман адам ал абаландан чыгуунун жолун изденет, акылсыз ага кирип кетет.*
***В.Г. Губарев** (орус окумуштуусу)*

## § 20.1. Конфликтти психологияда түшүнүү

Мамилелер чөйрөсү карама - каршылыктарга, кагылышууларга жана назик ички психикалык процесстерге толгон дүйнө. Адамдар ортосундагы мамилелер дайыма эле таза боло бербейт. Бул болсо мамилелердин татаалдашуусуна өбөлгө түзөт жана мамилелешүүнүн кризистик абалдарын пайда кылат. Ошондой элек кагылышууларга, пикирлердин өз – ара келишпөөчүлүгүнө түртөт. Мамилелешүүдөгү конфликттердин пайда болушуна алып келет. Ошондуктан биз талкуубузду конфликт деген эмне, анын пайда болуу табияты жана турткү берүүчү факторлор жөнүндө сөз кылуу менен баштайбыз.

*Конфликт* - (лат. сөзү konflikt – каршылыкка дуушар болуу) — бул карама-каршылыкты түшүндүргөн психикалык форма. Конфликт жөнүндө социалдик психологдор, каршылашка карата нейтралдуу максаттагы күрөш деп Л. Козер (америкалык психолог) айтса, психикалык чыңалуу жана антогонисттик душмандык кылуу аракет деп В.Оберт (немец психологу) айткан. Ал эми өз ара максатына жетүүдөгү каршылаштардын күрөшү П.Коэн (1828 – 1897 – жылдары жашаган кытай философу) жана, П.Э.Кандель (немец психологу) деген аныктамаларды берип келишен.

*Конфликт* - бул баалуулуктардын, кызыгуулардын жана мамилелердин дал келбестигинен пайда болгон чыр-чатак (Дж. Бернал

англиялык психолог), атаандашуучулук ( Н В Гришин орус окумуштуусу) деп белгилешкен.

*Конфликт* — бул каршылаштардын мамилелерине чекит коюучу же улантып кетүүгө түрткү берүүчү күч (Г.Спенсер анг. Философ). Көпчүлүк психологдордун көз караштарына таянсак, конфликт – бул адамдардын кызык- чылыктарынын, пикирлеринин, идеалдарынын, каалоо- лорунун ж.б. карама-каршылыгынан пайда болуучу жана өз арамамиледен көрүнүүчү социалдык-психологиялык терс кубулуш болуп эсептелет.

Психология - конфликтти коомдогу жагымсыз көрүнүштөрдүн бири катары эсептеп, өз ара аракеттенүүнүн өзгөчө формасы жана субьектилердин карама-каршы тенденцияга ээ болгон аракеттеринин көрүнүшү катары карайт. Конфликттерди психологиялык жактан изилдөө өзгөчөлүгү бир эле учурда чыр-чатак кырдаалын жана анын чыр чатактын катышуучуларынын ан-сезиминде чагылышын талдоого алат. Ушунун негизинде конфликттердин жалпы теориялык маселелерин талдоого, анын табиятын психологиялык феномен катары түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Чындыгында конфликт психологиялык карама-каршылыктардын формасы (карама-каршылыктардын аң-сезимде көрүнүшү) же бул сөзсүз түрдө чыр-чатактуу аракеттердин да болушун көрсөтөт. Ар кандай конфликттердин татаалдыгын жана көп кырдуулгуун сыпаттоо конфликтин ажырагыс белгилери болуп саналат деген жыйынтыкка алып келет.

Мамилелер чөйрөсүндө конфликттердин жана карама каршылыктардын пайда болуп туруусу бул табигый көрүнүш. Бул учурда он жыйынтыкка жетүү үчүн кырдаалды сезе билүү жана карымкатнашты башкара билүү талап кылынат.

Конфликттин түзүмү ар башка авторлор тарабынан ар кандайча аныкталганы менен, андагы чыр-чатак кырдаалы, катышуучулардын позициясы, обьект, «инцидент», чыр-чатактын өнүгүшү жана чечилиши негизги элементтер катары каралып бул проблема менен иштеген бардык авторлордун бөлүштүрүүсүндө камтылган. Конфликтин тибине жараша бул элементтер өзүн ар башкача көрсөтүшөт. Ар кандай конфликт терс мааниге ээ болот деген көз караш атайын жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө жокко чыгарылган.

Конфликт боюнча көрүнүктүү теориячы М.Дойчтун (1920-2017 жылдары жашаган англис окумуштуусу) эмгектеринде конфликт деструктивдик жана продуктивдик болуп эки түргө бөлгөн.

*Деструктивдик конфликт (чыр – чатактын* турмушта колдонулган аныктамасына туура келет). Конфликттин бул түрү өз ара мамилени бузат: көбүнчө конфликт аны жараткан себепке көз каранды болбой өнүгүп кетет, инсандын жүрүм – турумун өзгөртөт. Адамдарда конфликтке мүнөздүү болгон стресстерди жаратат. Катышуучулардын санын көбөйтөт, жаман сөз айттырат ж.б. карама – каршылыкты алып келет. Башкы белгиси (эсколациясы – англис сөзү, кыргызча – шаты тепкичтер аркылуу бийликке жетүү), каршылашуунун күчөшү, каршылаштын сапаттарын, касиеттерин жана өз ара аракеттенүү кырдаалдары, алдын-ала эле өнөктөшүнө каршы ынанымда болуу, каршылаш адамдан туура эмес (жалган) сапаттарды кабыл алуу күчөйт. Андай конфликтти чечүү, жоюу, басууда – өзгөчөлөнгөн психологиялык, психотарепиялык ыкмаларды колдонуу максатка ылайыктуу.

*Продуктивдүү конфликт* инсандардын шайкешсиздигинен (тоңдугунан), батышпоочулугунан эмес, адамдардын бир маселеге, нерсеге ар башка көз - караштa карагандыгынан, аны ар башкача чечүү жолун тандагандан келип чыгат. Мындай учурда конфликт маселени ар тараптан түшүнүү башка көзкарашты коргогон өнөктөштүн мотивацияларынын калыптанышына алып келет. Ал «легитимдүү» мазмунда кабыл алынат. Башка аргументтердин бар экендигин моюнга алуу конфликт ичинде биригүүнүн, өз ара аракеттенүүнүн элементтерин жаратат, достук маанайды пайда кылат. Конфликтти жөнгө салууга, жаңыча чечүүгө жол ачылат.

Льнис Козер (америкалык окумуштуу) конфликттин жалпы көрүнүшүн төмөндөгүдөй сүрөттөйт:

1. Конфликттин себеби;
2. Конфликттин курчтугу;
3. Конфликттин узактыгы;
4. Конфликттин функциясы.

Инсандар ортосунда, дегеле коомдук мамилелерде өз ара мамиленин йгиликтүү жүрүшүнө үч фактор түздөн-түз таасирин тийгизет:

• Түшүнүшүү;
• Эмоцияга алдырбоо;
• Маалымат алмашууга жетишүү.

Конфликттик кырдаалдарда булар оңой эле унутулуп калат да, пикиркелишпөөчүлүктөрдүн натыйжасында мамилелерге чекит коюлганга чейин барат. Ошондуктан өз ара мамилелешүүдө эң алгач конфликттин келип чыгуу себептеринин психологиялык жагын карап көргөнүбүз жакшы.

Азыркы мезгилде бул проблеманын үстүнөн иштеген бир катар окумуштуулардын изилдөө жыйынтыктарына таяна турган болсок, конфликт төмөнкүдөй элементердин өз – ара мамиледе жашашы менен мүнөздөлөт:

- Ой-пикирлердин, көз караштардын дал келбестиги б.а. сиздин жана экинчи тараптын көз карашындагы чоң айырмачылыктар;
- Түшүнүшүүнүн өзгөчөлүгү, б.а. адамдар мамилелешүү учурунда бирин-бири түшүнүшө алышпайт;
- Өзүнүн мүмкүнчүлүгүн жана жөндөмдүүлүктөрүн туура эмес баалоо;
- Кандай гана болбосун үстөмдүк кылууга умтулуу;
- Түшүнүктөрдөгү жана көз караштардагы консерватизм, эскирген салтка таянуучулук;
- Артыкча принципиалдуулук;
- Сындоого жакындык;
- Личносттун эмоционалдык сапаттарынын кээ бир жыйындылары.

Эгерде ушул элементтерге маани бере ала турган болсок, конфликттерди азайтып, адамдардын бирдиктүү жашоосуна салымыбызды кошо алабыз.

## § 20.2. Конфликттин структурасы

Конфликтин структурасын россиялык психолог А.В. Аграшенков (орус окумуштуусу) анын түзүүчүлөрүнө карата төмөндөгүдөй структураны көрсөтүүгө болот:

*1. Конфликтти, анын түзүүчүлөрүнө (компоне- нттерине) карата таануу.* Конфликтти түзүү элементтерине: конфликтте бо-

луп жаткандардын бирин – бири астыртадан кабыл алуусу; чечим чыгарууда акыл калчап, конфликттердин себептерин өз - өзүнчө талдоого жете албоо; коммуникациялык мамиледе каршылашып жаткан адамдарга компетенттүү мамиле жасаганга жетише албоо; өзүнүн билимине, аң – сезимине обьективдүү баа бере албоо менен өз мүмкүнчүлүгүн тааный албай калуу; конфлиткке кирип кетүү учурундагы шартка, өзүнүн психикалык абалына маани бере албоо менен, өз мүмкүнчүлүгүн тааный албай калуу абалы.

*2. Эмоционалдык компетенттүүлүк* – конфликт көп сандаган тынсызданууну негизинде пайда болуп, нормалдуу психикалык абалдан четтеп кетүү учурун айтабыз. Үнүнүн тонунун өзгөрүшү, өңүнүн бозорушу, булчуңдарынын чыңалышы, кыймылдарынын өзгөрүшүн айтабыз.

*3. Конфликттин эрктүү компоненттери-* адамдардын максатка жетүүгө карата эрктүү иш – аракеттеринин уюштуруудагы сырткы жана ички (психикалык) абалдарындагы тоскоолдуктарга туруштук бере албоо менен өзүн кармай албай калуу абалын айтабыз. Мында адамдар ашыкча энергияларга ээ болуп, өзүндөгү баардык энергияны колдонуу, айткандарынан кайтпай калган учурларды айтууга болот.

*4. Конфликттин мотивациялык компоненттери* - мында адам карама – каршылыкты өтө жогорку мативацияда кабыл алып, конфликтин курчушуна шарттарды түзгөн, ошол учурдагы кырдаалга маани бербей калган учурду айтабыз. Мында адам көзүнө эч нерсе көрүнбөй, бир гана соперникти гана көрүп, анын таш талканын чыгаруу ниеттеги психикалык энергиядагы абал. Мындай абал оң жана тескери болушу мүмкүн. Оң жагы булар - спорт оюнундагы иш аракеттер. Тескериси - жаза кодексине мүнөздүү иштердин болушу.

## § 20.3. Конфликттик абалдар

***Конфликтик абалдар (ситуациялар)*** – мында конфликтке барып жаткан адамдар бирөө же бир канча болуу менен каршылашып жаткан жакты кандай болсо жеңип өз максаттарын канааттандырууга жетишүү. Бул абалда адамдарда алдын ала түзүлгөн кызыкчылыгы, каалоосу, көз карашы, өз жагдайы, максаты, колодоно

турган мотиви, конфликт учурда колдоно турган каражаты жана максатына жетүүгө багытталган иш жөндөмдүүлүктөрдүн өзгөчө- лүү- лүктөрү менен айырмаланып турат.

Конфликттик абал учурунда пайда болуп жаткан ***карама – каршылыктын предмети*** эмне тууралуу болуп жаткандыгын билүү мааниге ээ. Конфликттин предмети обьективдүү же субьективдүү болушу мүмкүн. Анын өнүгүшү же тескерисинче анын төмөндөп жоюулушу конфликтке катышып жаткан адамдардын же группанын жүрүм – турумундагы мамилеге жараша болот. Конфликттик абал – жаңжалдашуунун диагнозун аныктоочусу аныктоочу иш процесс. Эгерде диагноз туура коюла турган болсо ал жаңжалды башкаруу жана жоюу жеңил болот. Андай диагноз: адамдардын жашына, жынсына, кесиптик билимине, конфликт болуп жаткан жердин социалдык шартына жана конфликттик предметтердин баалуулугуна жараша жыйынтык чыгарылат. Турмуштун баардык жагдайында боло берүүчү психикалык процесс. Баардык конфликттин башталышы конфликтти жаратып жаткан предметтин ар түрдүү образдуулугунан жаралат. Андай абалдар конфликтти инциденттик (кокусттукка, түшүнбөстүккө, кагылышууга) абалга алып келет. Мындай абал конфликтин оппоненттерин конфликтогендик шартын жаратат.

Конфликтогендик абал – конфликтте болуп жаткан адамдардын өз ара жагымсыз сүйлөшүүсүнүн негизинде жаңжалды жаратуучу мамиле болуп саналат. Эгерде партнерлор конфликт учурунда, конфликтогендик абалда мамиле түзө турган болсо анда конфликт сөз – сүз болот. Ошондуктан, конфликттин алдын алып аны болтурбаш үчүн партнерлор конфликтогендик абалдан чыгууга аракет жасаш керек.

## § 20.4. Инсандын ички абалына жараша пайда болуучу конфликт

*Инсандын ички абалына жараша пайда болуучу конфликт* - дегенибизде адам баласынын ички туюу сезиминде бир эле мезгилдин ичинде тең күчтү карама – каршы абалга ээ болгон абалдын жаралышын айтабыз.

Алардын субьективдүү себептери болуп, төмөндөгүлөр саналат:

1. Инсандын жекече коркунуч абалын пайда кылуучу тынчсыздануулар;
2. Айлана чөйрөгө критикалык мамиле жасай албай калуу жана өзүнө критикалык мамиле жасай албай калуу;
3. Жагымсыз психологиялык абалдардын болушу (таарынуу, тынчсыздануу, жинденүү, канааттанбоо ж.б.);
4. Бири – бирине тартылууда жогорку жана төмөнкү деңгээлде өзүн – өзү баалап калуусу;
5. Өзүн – өзү өтө жогору же өтө төмөн баалоонун комплексине айланып калуусу;
6. Инсандын өздүнк керектиктерин канааттандырбай калуусу.

Булардын пайда болушундагы психикалык өзгөчөлүктөр: партнерлордун бири – бирине карата болгон көз караштардын дал келбештери;

мамиленин формаларынын спецификалык жактан психикалык абалдарга ээ болушу (коркуу, депресияга – стресске учуроо, айрым учурларда невроз болуп калышы).

инсандын латентүүлүккө ээ болуп калышы ( инсандын ички конфликттерин жеңил таанууга болбой калган учурдагы психикалык абалдар).

Эгерде конфликттин ушул факторлоруна таяна турган болсок конфликт дайыма инсандын ички психикалык абалы менен байланыштуу процесс экендигин түшүнүүгө болот.

## § 20.5. Конфликтин (обьективдүү жана субьективдүү) себептери

### *Личносттор аралык конфликттик себептер төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт:*

1. Маалымат факторуна карата пайда болгон конфл- икттин себепттери;
2. Мамилеге карата конфликттик фактор;
3. Инсандын жекече психикалык факторуна карата конфликт;

4. Инсандын жүрүм – турумуна карата болгон конфликтик факторлор;
5. Инсандар аралык мамиленин структурасына карата болгон конфликтик факторлор.

***Маалымат факторуна карата пайда болгонконфликттин себептерине:***

- толук жана туура эмес фактылардан пайда болгон конфликттер;
- эрксизден пайда болгон ушактын негизиндеги конфликт;
- маалыматтардын кечигип же алдын ала айтылган маалыматтын негизинде пайда болгон конфликт;
- туруксуз булактардагы маалыматтардын негизинде пайда болгон конфликт;
- психосемантиканын мыйзамындагы терминдердин көп мааниге ээ болучулук менен пайда болгон конфликт ж.б. кирет.

***Мамилеге карата конфликттик факторлорго:*** – мамилелешүү учурунда инсандардын кызыкчылыктарынын, сүйлөшүү дөгү сөздүн мазмунун баалуулуектарынын, жүрүм-турум манераларынын өз ара дал келбөөчүлүгү;

- кесиптик жана жекече максаттарынын өз ара дал келбей калуусу;
- конфликтке барып жаткан адамдарынын социалдык мамилелеринин өз ара дал келбей калуусу;
-мурунку таарынычтарын кечирүүнү билбей калуудагы коммуникатиптик установка;
- конфликтте болуп жаткан инсандын группанын баалуулугуна карата басымга дуушар болушу.

***Инсандын жекече психикалык факторуна карата конфликтке карата*:**

- конфликтте болуп жаткан инсандардын психикалык мүнөзүнө жараша болушу;
- инсандык карманган жалпы маданиятына карата болгон конфликт;
- инсандын гендердик (тукум куучулук) шартына карата болгон конфлик;

- жаштык жана жынстык өзгөчөлүкетөрүнө карата болгон конфликт;

- инсандын адамдык сапатына карата болгон конфликт.

***Инсандын жүрүм – турумуна карата болгон факторго :***

- мында инсан жогорку даражага ээ болууга карата умтулуудан келип чыккан конфликт;

- агрессиялык сапаттын көрсөтүүгө карата болгон конфлик;

- өзүмчүлдүгүн көрсөтүү конфликти:

- жагымсыз сапаттарды көрсөтүү, өз ордун билбөчүлүк;

- оппонентердин жашоосуна карата коркутуу абалдарын жаратуу (физикалык, финансылык, эмоциялык же социалдык);

- жашоо үчүн конфорттулукту төмөндөтүү, убадасын аткарбоо, күткөн жүрүм – турумга ээ болбоо, алдамчылык менен алектенүү);

- конфликт учурунда туура эмес жолду, стратегияны тандап алуу ж.б..

***Инсандар аралык мамиленин структурасынын факторуна:***

- башкаруунун системасына, бийликке таянуу;

- социалдык каражаттарга ишенүү;

- өзүнө таандык мамилелерди колдонуу;

- салтка, динге, укук системасына, өзүнүн статусуна (коомдогу ээлеген ордуна), социалдык ээлеген оордуна ишенүү;

- мамлекеттен сырткаркы уюмдарга, геграфиялык жердин шартына, өзүн курчаган тааныштарына жана туугандарына ишенүү менен конфликтке баруу.

## § 20.6. Конфликти төмөндөтүүнүн же жок кылуунун медиациясы

***Медиация –*** конфликтти болтурбоо үчүн эки жакка тең бирдей мамиле кыла турган ортомчулук жагдайдагы иш аракетти айтабыз. Айрыкча алтуристик абал тумушта көп кездешет.

***Медиациянын принциптери жана эрежелери:***

- конфликттке көз карандысыз болуу менен ортомчулук кылуу;

- медиация болууга өз каалоосу менен баруу;

- эл аралык (инсандар, группалар, улуттар) деңгээлдеги ортомчулук кылуу (конфиденциалдык);

- жаңжалдашууларга бирдей мамиле жасоо;

- конфликке өзгөчө көңүл буруу;

- дайыма жаңжалдашып жаткан адамдардын жекече инсандык өзгөчөлүктөрүнө көңүл бөлүү ж.б..

## § 20.7. Конфликте болуп жаткан адамдардын критикага карата мамилеси

1. Оңолууга көзү жеткен гана адамды критикалоо;

2. Сени критикалап жатабы, демек сенин тартиптүүлүгүңдү билет, критиканын артынан ээрчип албашыңды;

3. Сен инсан катары күчтүү адамсын, өзүңдү кармай аласың, өзүңдү башкарууга күчүң жетет ошондуктан оңоло тургандыгыңды билип туруп критикалайт.

**Конфликттен чыгып, оңолуунун динамикасы.**

Биринчи кадам – критиканы туура түшүнүп, анын маанисин жан дүйнөгө сактап калуу;

Экинчи кадам – оңолуунун түпкү (оң жана тескери) мазмунуна маани берүү;

Үчүнчү кадам – ошол критиканын таасирине карата кетирилген катааларды экинчи жолу болтурбоо максатында оңолуу;

Төртүнчү кадам – конфликтти болтурбоо максатында чыр-чатак учурунда конфликтке барбоонун алдын алуу, күнөм саноолордон алыс болууга аракеттенүү.

Бешинчи кадам – критиканы оңолуунун, тарбиялоонуунун жолуу катары түшүнүү.

Анткени алар:

- бул өзүңдү – өзүң туура алып жүрүүнүн резерв энергияны пайда кылып турат (критика, ишмердүүлүк учурда сен билбей, көз жаздымда калган баалуулуктарды эскертип, кайрадан эсиңе салып турат);

- кандай гана критика болбосун, төмөнкү деңгээлде кетирген кемчилдигиң жөнүндө ойлондурса, жогорку деңгээлде критиканын негизиндеги проблеманы чечүүнүн жолдорун издөө жөнүндө ой чабыттарды жаратат;

- критикалап жаткан адамдын ким экендигин таанытып, аны менен жакын болууга багыт берет.

Эгерде ушул жагдайларды тарбияланып жаткан жаштарга жеткире ала турган болсок, инсандардын ортосундагы мамле өз баасына жетти деп айтууга болот.

**Конфликтке жакын сапатты аныктоочу ыкма**

Коомдогу жагымсыз көрүнүштөрдүн булактарынын бири катары социалдык психологияда конфликт эсептелет.

**Конфликт** – бул адамдардын кызыкчылыктарынын, пикирлеринин, идеалдарынын, каалоолорунун ж.б. карама-каршылыгынан пайда болуучу жана өз ара мамиледен көрүнүүчү социалдык психологиялык терс кубулуш. Эгерде конфликттин пайда болуу себептерине ой жүгүртө турган болсок, ал дайыма эле түзүлгөн кырдаалга же шартка эмес инсандын өзүнө дагы жараша болот. Мисалы: Айрым адамдар болбогон нерселер үчүн деле конфликт жарата беришет.

Адамдын конфликтке жакын же алыс экендигин аныктоо үчүн ушул тестти сунуш кылууга болот. Ар бир суроонун мазмунун түшүнүү менен өзүңүзгө ылайык келген 3 жооптун бирин тандайсыз.

**Изилдөө жүргүзүүгө керектүү суроолор.**

1. Коомдук транспортто бейтааныш адамдар ызы-чуулу
 талаш жүргүзүп жатса, эмне кылат элеңиз?

а) унчукпай кете беремин;

б) талаш маселе жөнүндөгү оюмду кыскача билдиремин;

в) жан дилим менен талашка кошуламын.

2. Жыйналыштарда жетекчилерди сындап сүйлөйсүзбү?

а) жок; б) ишенимдүү фактылар жетиштүү болсо гана;

в) жетекчилерди гана эмес, аларды жактап сүйлөгөндөрдү да кошуп сындаймын.

3. Жолдошторуңуз менен талаш-тартыш жүргүзөсүзбү?

а) эгерде таарынбай турган болушса;

б) маанилүү суроолор боюнча гана;

в) сөзсүз, талаш-тартыш менин жакшы көргөн нерсем.

4. Үйүңүздө тузу кем тамак жасашса, сиз эмне кыласыз?

а) жок нерседен чуу көтөрбөймүн;

б) унчукпай туздун идишин колго аламын;

в) жок дегенде күнөөлөрүн эскертип коемун.

**5.** Көчөдө баратканда бутуңузду бирөө тепселеп алса, эмне кылат элеңиз?

а) унчукпай башты чайкап кете беремин;

б) акырын жүрүңүз деп эскертемин;

в) оозума кирген сөз менен урушамын.

6**.** Эгерде жакындарыңыздын бирөөсү сизге жакпаган буюм сатып алса, сиз эмне демексиз?

а) унчукпаймын;

б) мага жакпагандыгын маданиятту билдиремин;

в) жаңжалга чейин барамын.

7**.** Лотереядан жолуңуз болбосо, эмне кыласыз?

а) экинчи катышпаймын деп өзүмө сөз берүү менен унчукпай каламын;

б) капаланбаймын, бирок кийинки сапар утам деп эсептеймин; в) көпкө чейин көңүлүмдү чөгөрөт.

8**.** Эгерде үйүңүздөгүлөр музыканы каттуу чыгарып коюшса, эмне кыласыз?

а) унчукпай угуп отурамын;

б) мага тынчтык беришин өтүнөмүн;

в) сүйлөнүп барып өчүрөмүн.

9**.** Телефонду бошотпой узакка чейин сүйлөшө беришсе, эмне кыласыз?

а) унчукпай сүйлөшүп бүтүшүн күтөмүн;

б) мен дагы сүйлөшүүнү күтүп жаткандыгымды эскертемин; в) колунан трубканы алып коемун.

10. Узун кезекте турганда, алдыңыздагылардын бирөөсү таанышын катарга (өз жанына) кошуп алса, сиз эмне кыласыз?

а) эч нерсе дебеймин;

б) кезектин акырына барып күтүп турушун эскертемин;

в) экөөнө тең эскертемин.

**Ар бир: а) жооп 4 балл; б) жооп 2 балл; в) жооп 0 балл менен бааланат**.

Андан кийин бардык баллдар суммаланат.

Мисалы, окуучу Кадыров Д. ар бир суроого жооп берип ушун-

дай жыйынтык алды: 1 – б; 2 – в; 3 – б; 4 – а; 5 – б; 6 – б; 7 – а; 8 – а; 9 – в; 10 – в.

**Изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу үчүн керектелүүчү таблицадагы ачкычты колдонуп бардык**

$$\sum = 2+0+2+4+2+2+4+4+0+4=2\,\textit{упай}$$

**жооптун суммасын чыгарабыз:**

Демек окуучу Кадыров Д. 24 упай алып, төмөнкү аныктамага ээ болду:

**18-30 балл.** Сизди конфликтке барбайт деп айтууга болбойт. Бирок аргасыздан, башка жол калбаганда гана конфликтке барууга мажбур болосуз. Мис.: жалпы тартипти сактоо, өз көз карашыңызды коргоо үчүн же укугуңузду тебелетпөө үчүн ж.б. Мындай сапат айлана-чөйрөдөгүлөрдү сиз менен эсептешүүгө жана сизге урматтоо менен мамиле жасоого аргасыз кылат.

Ошентип ар бир окуучу өзү алган упайга карап төмөнкү аныктамаларга ээ болот.

**31-40 балл** - сиз ортодогу тынчтыкты, достукту сактоого умтулган адамсыз. Ошондуктан сиз үйүңүздө болсун, жумушта болсун талаш-тартыштан, бирөөлөргө сын айтуудан качасыз. Айлана-чөйрөңүздөгүлөр мындай сапаттарды байкашса, сизди көңүлчөөк, ар нерсеге макул боло берме адам катары эсептеши да мүмкүн.

**0-17 ге чейин балл** алсаңыз анда, конфликт жана талаш-тартыш сиздин сүйгөн адатыңыз. Бирөөлөрдү сындаганды жаныңыздай сүйөсүз, ал эми өзүңүздүн дарегиңизге чаң жугузгуңуз келбейт. Сиздин оройлугуңуз жана ачууңузду кармай албагандыгыңыз адамдардан гана алыстатат, башка эч кандай пайдасы жок. Ошондуктан айрым мезгилдерде үйүңүздөн да, жумушуңуздан да сизге орун жоктой сезилиши мүмкүн. Айланаңызга жасаган мамилеңиздин мүнөзүн өзгөртүүгө аракеттенбесеңиз болбойт.

Ошентип, ар бир изилденүүчү изилденип бүткөндөн кийин, группалык өзгөчөлүктү аныктап билиш үчүн төмөнкүдөй таблица түзүлүп арифметикалык орточо чыгарылат да, изилдөө улантылат.

## Колдонулган адабияттар

1. Алиева Б.М., Жообасарова Д.Ж. Жалпы жана медициналык психология. Ош – 2019. – 152 б.
2. Вишнякова, Н.Ф. Конфликтология: Учеб. пособие. 3-е изд. / Н.Ф.Вишнякова. – Мн.: Университетское, 2002. – 318 с.
3. Гришина, Н. В. Психология конфликта. 2-е изд. / Н.В.Гришина –СПб.: Питер, 2008. – 544 с.
4. Емельянов, С.М. Практикум по конфликтологии. – 2-е изд.,доп. и перераб. / С.М.Емельянов. – СПб.: Питер, 2004. – 400с.
5. Закиров А., Психология боюунча практикум. Ош – 2015. 320 б.
6. Миңбаев К., Закиров А. Психология. Ош – 2015. 256 б.
7. Платонов, Ю. Психология конфликтного поведения. / Ю. Платонов. – СПб.: Речь, 2009. – 544 с.

## Билимин текшерүүчү суроолор

1. Конфликт деп кандай психикалык мыйзам ченемдерди айтабыз?
2. Конфликт М. Дойчтун эмгегинде кандай түрлөргө бөлүнөт?
3. Конфликтти Л. Козер кандай түшүндүрөт ?
4. Конфликти кандай психикалык компоненттерге бөлүүгө болот?
5. Конфликттик абал деп эмнени айтабыз, ал эмнени түшүндүрөт?
6. Конфликтоген деген эмнени билгизет, анын кандай жагдайлары бар?
7. Инсандар аралык конфликттин кандай фактордук себептери жана структурасын билесиң?
8. Критиканын кандай формалары жана түрлөрү болот?
9. Медитация деп эмнени айтабыз, ал конфликти кандай жолдору менен чечилет?
10. Критика, конфликтти болтурбоонун кандай жолудорун көрсөтөт?

# Мазмуну

Киришүү.......................................................................................3

**Биринчи бөлүм: ПСИХОЛОГИЯНЫН ПРЕДМЕТИ............8**
§ 1.1. Психологиянын пайда болуу тарыхы ................................8
§ 1.2. Психологиянын биздин заманга чейинки философиялык көз караштары жана анын генезиси..................................................12
§ 1.3. Жан-дүйнөнү жаратылыштан бөлүп таанууга карата биздин заманга чейинки атомис материалисттердин философиялык концепциясы .................................................................................15
§1.4. Гиппократтын медициналык мектеби жана философиясы 18
§ 1.5. Сократтын, Платондун, Аристотелдин гуманистик көз караштагы идеалисттик философиясы: Психологиянын жаралышындагы Сократтын философиясы ................................18
§ 1.6. Психологиянын жаралышындагы Платондун философиясы ............................................................20
§ 1.7. Психологиянын жаралышындагы Арестотельдин философиялык окуусу ..............................................................25
§ 1.8. Арестотельдин жан – дүйнө (психика) жөнүндөгү окуусу.........................................................................................26
§ 1.9. Мүнөздү көз алдыга чагылдыруу аркылуу таануу (Мүнөздүн типтеринин Теофрастта мүнөздөлүшү). .....................................30
§ 1.10. Анти доордун аягындагы психологиялык идеялар ..........30
§ 1.11. Психология жөнүндөгү жаңы жаралуу доордун алдындагы философия жана илим ..............................................................33

**Экинчи бөлүм: ПСИХОЛОГИЯНЫ ТУУРА ТААНУУДАГЫ ЖАҢЫ УБАКЫТ.........................................................................38**
§ 2.1. Рационалдык психология. ..................................................38
§ 2.2. Бихевиористтик психология ...............................................42
§ 2.3. Бихевиоризм агымы..............................................................43
§ 2.4. Гештальт психология. ........................................................44
§ 2.5. Психоанализ .........................................................................45
§ 2.6. Неофрейдизм. .......................................................................48
§ 2.7. Гуманистик психология ......................................................50

§ 2.8. Советтик психология .......................................................51
§ 2.9. Психологиянын тармактары ...............................................52
§ 2.10. Психиканын түзүлүшү (структурасы) .............................54
§ 2.11. Жогорку психикалык функциялар ....................................56
§ 2.12. Психиканын физиологиялык негизи.................................57
§ 2.13. Мээ жана психика .............................................................60
§ 2.14. Аң-сезим жана анын структурасы. Аң-сезимсиз абал. Кү ндөлүк аң-сезим ..............................................................................64
§ 2.15. Мээнин чоң жарым шар кыртышындагы
нерв процесстери .........................................................................67
§ 2.16. Баш мээнин функционалдык ассиметриясы ....................68

**Үчүнчү бөлүм: ПСИХОЛОГИЯ ИЛИМИНИН АНТРОПОЛОГИЯДАГЫ ӨНҮГҮШҮ.....................................71**
§ 3.1. Психологиянын негизги максаттары, принциптери...........71
§ 3.2. Психология илиминин негизги принциптери ....................72
§ 3.3. Психология илиминин эволюциялык өнүгүшүү................73
§ 3. 4. Филогенезде психиканын өнүгүүсү ..................................73
§ 3.5. Төмөнкү жүрүм-турум формасынын жана психиканын пайда болушу (А.Н.Леонтьевдин, К.Э.Фабринин концепциялары) ......76
§ 3. 6. Перцептивдүү психика. .....................................................77
§ 3.7. Жаныбарлардын жүрүм-турумунун формалары ................78
§ 3.8. Адамдар менен айбандардын психикасынын ортосундагы айырмачылыктар...........................................................................81
§ 3.9. Аң-сезимдин пайда болушундагы эмгектин ролу .............82

**Төртүнчү бөлүм: ИНСАН ЖАНА АНЫН ПСИХОЛОГИЯСЫ..............................................................85**
§ 4.1. Инсан (личность) жөнүндө жалпы түшүнүк ......................85
§ 4.2. Ролдор теориясы ..................................................................89
§ 4.3. Инсандын психикалык структурасы ..................................90
§ 4.4. Инсандын (личносттун) активдүүлүгү ...............................93
§ 4.5. Личностун багытталышы....................................................96
§ 4.6. Личносттун өзүн-өзү таануусу жана баалоосу ..................100
Практикалык сабак үчүн ...............................................................102
Инсандын (личностун) өзүн-өзү баалоосун изилдөөчү ыкма. ...103

**Бешинчи бөлүм: ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН ПСИХОЛОГИЯСЫ.......................................................................108**
§ 5.1. Ишмердүүлүк жөнүндө жалпы түшүнүк...........................108
§ 5.2. Ишмердүүлүктүн функциялык компоненттери..................113
5. 3. Ишмердүүлүктүн түрлөрүү..................................................119
5.4. Окуу ишмердүүлүгү...............................................................124
5.5. Эмгек ишмердүүлүгү.............................................................125

**Алтынчы бөлүм: КАРЫМ-КАТНАШ ....................................129**
§ 6.1. Карым-катнаш (общение) жөнүндө түшүнүк ....................129
§ 6.2. Коомдук мамиле менен карым-катнаштын ортосундагы жалпылыктар жана айырмачылыктар..........................................131
§ 6.3. Карым-катнаштын структуралары......................................132
§ 6.4. Карым-катнаштын перцептивдүү структурасы ................135
§ 6.5. Личносттор аралык жана иштиктүү мамилелер ................136
§ 6.6. Мамиле, өз ара мамиле жана психологиялык батышуучулук ...........................................................................137
§ 6.7. Идентификация, рефлекция жана стереотип . ....................139
§ 6.8. Адамды адам кабыл алуу ....................................................143

**Жетинчи бөлүм: ГРУППАНЫН ПСИХОЛОГИЯСЫ..........149**
§ 7.1. Группа жөнүндө түшүнүк (группа социалдык коомдогу эл катары түшүндүрүлүшүү) ........................................................149
§ 7.2. Группанын түрлөрү ..............................................................150
§ 7.3. Группадагы мамиленин структурасы ................................156
§ 7.4. Группаны жетектөө стили....................................................158
§ 7.5. Лидерлер жөнүндө түшүнүк жана алардын типтери.........161

**Сегизинчи бөлүм: ҮЙ-БҮЛӨЛҮК МАМИЛЕНИН ПСИХОЛОГИЯСЫ.......................................................................165**
§ 8.1. Үй – бүлөнү социальдык кичине группа катары түшүнүү ..................................................................................................165
§ 8.2. Үй-бүлөлүк тарбиянын психологиялык принциптери.......167
§ 8.3. Үй-бүлөдөгү жубайлардын ортосундагы мамиленин психологиялык өзгөчөлүктөрү ......................................................170

§ 8.4. Үй – бүлөнүн поколениясынын абалы, саны боюнча мүнөздөлүшү ....................172
§ 8.5. Жубайлардын патологиялык типтери....................175
§ 8.6. Ата – эне менен балдардын ортосундагы өз – ара мамиленин типтери:....................177
§ 8.7. Үй – бүлөдөгү өз – ара мамиленин стереотиптери жана гендердик ролу ....................179

**Тогузунчу бөлүм: СЕЗҮҮ ....................190**
§ 9.1. Сезүү жөнүндө жалпы түшүнүк ....................190
§ 9.2. Сезүүнүн физиологиялык негизи ....................193
§ 9.3. Сезүү жана чагылуу теориясы. ....................194
§ 9.4. Сезүүнү классификациялоо ....................196
§ 5. Сезүүнүн психо-физиологиялык закон ченемдүүлүктөрү....198

**Онунчу бөлүм: КАБЫЛ АЛУУ ....................202**
§ 10.1. Кабыл алуу жөнүндө жалпы түшүнүк ....................202
§ 10.2. Кабыл алуунун табияты ....................204
§ 10.3. Кабыл алуунун физиологиялык негизи ....................205
§ 10.4. Кабыл алуунун негизги өзгөчөлүктөрү ....................206
§ 10.5. Кабыл алууну классификациялоо ....................209
§ 10.6. Кабыл алуудагы иллюзия кубулушуу....................212

**Он биринчи бөлүм: КӨҢҮЛ БУРУУ ....................220**
§ 9.1. Көңүл буруу жөнүндө түшүнүк....................220
§ 11.2. Көңүл буруунун табияты....................222
§ 11.3. Көңүл буруунун физиологиялык негизи ....................223
§ 11.4. Көңүл буруунун түрлөрү....................225
§ 11. 5. Көңүл буруунун түзүлүшү (структурасы) ....................227

**Он экинчи бөлүм: ЭС ....................238**
§ 12.1. Эс жөнүндө жалпы түшүнүк....................238
§ 12.2. Эстин физиологиялык негизи. ....................240
§ 12.3. Эстин негизги процесстери....................243
§ 12.4. Эстин түрлөрү. ....................251

**Он үчүнчү бөлүм: ОЙЛОО......................................................262**
§ 13.1. Ойлоо жөнүндө жалпы түшүнүк ....................................262
§ 13.2. Ойлоону изилдөөнүн теориялык жана эмпиркалывк негиздери ........................................................................................265
§ 13.3. Адамдын ойлоосунун индивидуалдуу өзгөчөлүгү, аутизм..............................................................................................268
§ 13.4. Ойлоонун физиологиялык негизи ..................................270
§ 13.5. Ойлоо жана кеп ..............................................................270
§ 13.6. Ойлоо жана маселе чечүү...............................................271
§ 13.7. Ойлоонун социалдык табияты ......................................272
§ 13.8. Ойлоо процесстери .........................................................273
§ 13.9. Ойлоонун формалары.....................................................274
§ 13.10. Ойлоонун түрлөрү .........................................................275
§ 13.11. Чыгармачыл ойлоонун өзгөчөлүктөрү...........................276

**Он төртүнчү бөлүм: КЫЯЛДАНУУ (Воображение) ..............282**
§ 14.1. Кыялдануу жөнүндө жаллы түшүнүк ............................282
§ 14.2. Кыялдануунун физиологиялык негизи ............................285
§ 14.3. Кыялдануунун түрлөрү ....................................................285
§ 14.4. Кыялданууда образдарды түзүү процесстери .................289
§ 14.5. Кыялдануу жана органикалык процесстер......................289
§ 14.6. Сезим туудуруу жана идеомотордук акт ........................291

**Он бешинчи бөлүм: СЕЗИМ ЖАНА ЭМОЦИЯ .....................296**
§ 15.1. Сезим жана эмоция жөнүндө түшүнүк ............................296
§ 15.2. Эмоция менен сезимдин физиологиялык негиздери........298
§ 15.3. Эмоциялык абалдар .........................................................300
§ 15.4. Эмоциянын сигналдык жана башкаруучулук функциясы ......................................................................................302
§ 15.5. Жогорку сезимдер............................................................303

**Он алтынчы бөлүм: ЭРК..........................................................314**
§ 16.1. Эркти түшүндүрүүчү психологиялык негиздер...............314
§ 16.2. Эрк инсандын активдүүлүгү катары түшүндүрүлүшү .....316
§ 16.3. Эрктик акт жана анын структурасы ................................317
§ 16.4. Личносттун эрктик касиеттери.........................................319

**Он жетинчи бөлүм: ТЕМПЕРАМЕНТ......................................323**
§ 17.1. Темперамент жөнүндө жалпы түшүнүк............................323
§ 17.2. Темпераменттин табиятын түшүндүрүүчү негизги теориялар ........................................................................324
§ 17.3. Темпераменттин касиеттерине жалпы мүнөздөмө ..........329
§ 17.5. Темпераменттин, тукум куучулук жана чөйрө түшүнү ктөрүнүн ортосундагы байланыштары ........................................331

**Он сегизинчи бөлүм: МҮНӨЗ ....................................................340**
§ 18.1. Мүнөз жөнүндө жалпы түшүнүк ......................................340
§ 18.2. Мүнөздүн структурасы.....................................................343
§ 18.3. Тулку бой жана мүнөз ......................................................346
§ 18.4. Мүнөз жана кол жазма .....................................................347

**Он тогузунчу бөлүм: ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК................................356**
§ 19.1. Жөндөмдүүлүк жөнүндө жалпы түшүнүк .........................356
§ 19. 2. Жөндөмдүүлүктүн деңгээлдери .....................................358
§ 19.3. Жөндөмдүүлүк түрлөрү.....................................................359
§ 19.4. Жөндөмдүүлүктү сан жагынан мүнөздөө.........................360
§ 19.5. Жөндөмдүүлүктүн табияты ..............................................362

**Жыйырманчы бөлүм: КОНФЛИКТТИН ПСИХОЛОГИЯСЫ.......................................................................371**
§ 20.1. Конфликтти психологияда түшүнүү ................................371
§ 20.2. Конфликттин структурасы ...............................................374
§ 20.3. Конфликттик абалдар .......................................................375
§ 20.4. Инсандын ички абалына жараша пайда болуучу конфликт ...........................................................................376
§ 20.5. Конфликтин (обьективдүү жана субьективдүү) себептери Личносттор аралык конфликттик себептер төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт:.........................................................................................377
§ 20.6. Конфликти төмөндөтүүнүн же жок кылуунун медиациясы...................................................................................379
§ 20.7. Конфликте болуп жаткан адамдардын критикага карата мамилеси.............................................................................380

Закиров Акимжан

# ПСИХОЛОГИЯ

*Окуу куралы*

Редактору *Закиров А*
Корректору *Айдаралиева К.*
Калыпка салган *Кадыров М.*

Терүүгө 02.03.2015 - ж. берилди.
Басууга 16.03.2020-ж. кол коюлду. Формасы 60x84 $^{1}/_{16}$
Офсеттик кагаз. Офсеттик ыкма менен басылды.
Нускасы 1000 даана. 24,25 басма табак.
Заказ № 025.

«Полиграфбумресурсы» жоопкерчилиги
чектелген коомунун басмаканасында басылды
720011, Бишкек ш., Сүйүмбаев көчөсү, 144-23
Тел.: 43-20-75, 43-19-51